

Шүкүрбек Бейшеналиев

Тандалмалар





ПОВЕСТТЕР

АМАНАТ

Жайкы сейил

Аманат ымыркайынан көңүлүнө төтө жыбылжыган үндү кыйладан бери эшите элек. Ошол унуткарылган сырдуу добуш эми кандайдыр элдир-селдир эсине түшүп... Кулагына дыңылдап кусадар. Неге аны көңүлүнө жаттап, акылына түйбөдү экен. Анда уюлдай буктурулган оор сөздөр, ботосунан ажыраган ингендей боздогон апанын доошу бала эркелетээр көнүмүш эрмектей туюлчу. Аманат энеси жумшак тизесине олтургузуп, желкесинен жыттап коюп дайым эле ошентип ырдап берет деп жүрбөйбү. Эмнеликтен бала эс киргенде энеси ырын унутту? Балким, картайганынандыр? Же чоңойгон небересин ыр менен алаксытуунун кажети не деген ойдобу? Ырас, экинчини бүтүп, бой тартканда бир гана жолу угууга, жүрөк канын туйлаткан өткүр сөздү өмүр бою унуткус жаттоого Аманаттын ак эткенде так эткени ай. Чоң энеси Батма, небересинин эки-үч жылдан бери канчалык үзүлүп түшкөнүнө карабай, алдап-соолап жооткотууда:

— Карыган энесин тамтандатып ырда деген уят, жытым. Кымындайындагыны эсинен чыгар, жытым. Бармактай сен түгүл, балкайган мына мен небак унуткам. Кыйнаба, жытым.

Аманат буга кылайып ишенсечи. Айласыздан чыдап келди. Эми окуштан кол-жолу бош жайлоодогу бала көз жашын булактатып, өпкө-өпкөсүнө батпай бышактап, энени карыш жылдырбай:

— Баякыны ы-ырда-п-п б-бер... б-бол-бо-бо-со с-суу-га т-түшүп, же-же ас-с-кадан уч-чуп өл-өм,— деп азыр аны укпаса жарылып кетчүдөй эт бышым басылбай өжөрлөнгөн соң... Батма ээрдин кесе тиштеп олтурган жеринен заманасы куурула зорго козголду:

— Төх, жытым ай! Жүрү эми, болбостур... Деги көксөөндү суутайынчы.— Эне Аманатты колунан ачуулана апчый жетелеп элден окчун ээрчитип жөнөдү. Өзөндү жакалай өскөн жалгыз түп балатынын түбүнө пааналашты.

— Жытым, киши укпасын. Саа эс киргени атандын кой дегенинен улам мен да жалгыз сабак ырымды айтууну таштагамын. Анын маанисин кичинеңде аңдоочу эмессиң. Бирок көшүлүп тыңдоочусуң. Оюңа бирдеме түшсө керек жытым. Сен ыңаа деп мына бу алаканыма тийгенинде көкүрөгүмө түшкөн. Бешикте экенинде алдейлегеним, бутуң басканда сооротконум, тилиң чыкканда зоогум жалгыз ушул ыр. Мына эми ат жалын тартып мингенге жараган чагында зоңкулдап берейин.— Батма болпойгон тизесине таяна тээ жалама зооканы түнөрө карай, о далайда араң конур үнүн калкытты:

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Барчындын керээз камчысы аа...
Тамчыдан дайра куралаар аа...
Тал чыбык бүрдөп буралаар аа...
Саябан кылып чал-кемпир аа...
Санжырга күтүп кубанаар аа...

Буралган шибер үстүндө тыпыйып мандаш токунган бала кулагын делдейтип, кош эринин чормоңдотуп, маңдайындагы чоң эненин доошуна термелди. Эне канча ирет экени белгисиз, ушуну эле кайрадан кайталап, улам ыргагын, сөз маанисин тереңдете сыбызгыта берди.

Бала түрмөк-түрмөк жаңы дастанды эшиткендей кумары кансачы. Качан гана эне каргылданып басаңдаган маалда, Аманат атылып турду да, аял-буялга келбей чымылдады. Батма чымчык көз бир байлам чыт жоолугун башынан сыйрып булгалай, көк ала чачын саксаңдата:

— Оо жытым! Аманат! ...Не болду кагылайыным... оо өпкөмдү чабайыным, кылчайсаң бери! Оо катүгүн, курткумурскасы чагып алдыбы. Мындай эмес элең го караддым. Кайдан таптың бу кыялды. Эненин сөзүн эки дебеген ботом, токто! Токто-оо!..

Караган-бутаны көзгө илбей түтүндөй булаган небересинин артынан мүдүрүлүп тура энтигип чуркаган эттүү эне кара көк болуп күйүгүп да бүттү..Анын үзүлүп-үзүлүп чыккан кейиштүү чакырыгын коктунун таманында атырылган кашка суу жула качып, буркан-шаркан... Көбүктөп жанчылган мөлтүр берметтери кемпирдин жүзүнө чачырап, а түгүл ачылган оозуна да тама түшөт.

* * *

Аманат эшиги түшүрүлгөн боз үйдүн төрүндө жападан жалгыз. Коломочтонуп оң жеңин каруусуна дейре түргөн. Бытыйган кол учу комуздун кылдарына илинер-илинбес чимирик ата ойноктогон сайын, күү сыбызгыды дейсиң...

Кайгы-муңга баткан кары адамдын коңур доошу боздогондой болсо, сайсөөк сыздайт... Муң бара-бара мемиреп солгун созулуңку тарта житип жоголот да, үмүт, шаң, кубаныч, сайран сезимди калкытат. Нечен ирет кайрып комуздун тилин безетип бала көңүлүн уютту окшойт.

Үйдүн бет маңдайындагы капкара сал таштын үстүнө чыкты. Удаа-удаа солуктаганы менен, балапан кыялы оштонуп колундагы комузу сайрап турган соң, бадал арасында күйүгүп калган энесинин дарегин кайдан билсин. «Малды сак сактаган атама кеткендир, же коңшу-колондордун бирөөнүкүнө кирип калгандыр». Ага алты жашында чоң атасы Нурак:

Чыктым тоонун башына,
Жаздым кара ташына.
Нелер келип, нелер кетпейт,
Эр жигиттин башына —

деген кайруусу кыска күүнү үйрөткөн. Мына ошондон бери, комузчунун жанында шынаарлап, күн-түн тепеңдетип колун сеп алдырбайт, ал тургай үч кыл аспабын башына коюп жатып, түшүндө чертип, эртең менен эле укмуштуу сайратып калууну энсөөчү. Ушинтип учуп-күйүп делөөрүгөн бөбөктүн чемирчек манчалары жатыгып, жанды термеген күүлөр, овондор кулагына сиңип, сөөмөй, бармагынын учунда эрүүдө. Балапанынын кылдат кесипти таасын үйрөнө баштаганын баамдаган карыя ата:

— Өнөрүм саа оосун балам. Оомийин — деп ак батасы менен кошо комузун табыштаган.

Балпактаган чоң эненин сүйүнчү койнуна сыйбай, комуздун башындагы кичинекей күмүш чагаракка чок тагып, ага катары менен үч көз мончок өткөзгөн:

— Көзү жамандын көзүнө, сөзү жамандын сөзүнө... Атакең тактан түштү ошол, уулун медер күттү ошол, өнөрүм өссүн десең, эл алдында уялбай эрмек бол, жытым...

Ата-эненин алкоосу, баарыдан бейчеки адамдын колуна карматпай, керегеде кыңгырап күүгө келип илинүү туруучу карыянын өрүк комузу тартуу этилгенде Аманат мурдагыдан беш бетер делөөрүбөдүбү.

— Бет ачаарың болсун, жытым. А дегенде мындан башта:

Мен кичине жаш бала,
Комуз чертем аз гана.
Даңгыр жолго түшкөнчө,
Далыга чаап мактаба.

Үйүнө айлындагыларды чакырып меймандап, Батма эне алгачкы ирет эл алдында бойтойтуп, мына ушул бир са-

бак ырды күүгө коштото ырдатып, бата алган. Энени акылы боюнча Аманат ыр, күү баштаарында «Мен кичи не жаш баланы» элей таштап, кимдин да болбосун жаң пын жазып, өзүнө сүйгүнчүк туудура турган. Мектеп бс согосун аттагандан бери көркөм кружоктун «аксакал» ар тисти Нураков Аманат аталган.

Качантан бери козголбой түнөрүп жерге матыган са таш жандангандай, үстүндөгү комузду безеленткен бала ны көтөрүп, теребелдеги тоо чокусун кырка, карагай чер дин башынан калкып күүлөнүп учкан сымал. Көптөн бери көксөгөнүн бүгүн араң кулагы чалган Аманаттын муштуу му кээде таштай түйүлүп, алакандай жыгач бетинде чи мирик атса, кээде манчалары ачылып-жумула канаттуу куштай кайып учуп:

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Барчындын керээз камчысы а...а...
Тамчыдан дайра куралаар а...а...
Тал чыбык бүрдөп буралаар а...а...
Саябан кылып чал-кемпир а...а...
Санжырга күтүп кубанар а...а...

Күңгүрөнүп ырдап да, ар кай сабында буккан маңыз ды тере, жаак ылдый салаа-салаа жаш куюлтуп да, жаандуу булуттан чыккан күндөн бетер күлө бага да, эне сөзү анын келечек ак жолуна өмүр нуска катары айтылганын, ага оңой-олтоң кутула албай турган ыйык карыз артылганын кайра-кайра көңүлгө түйө да, рахат менен мушакат кучагында. Мынчалык эт жүрөгү элжиреп жагалданган да, мынчалык муңканып сабылган да эместир. Ыр, күү Аманаттын жан дүйнөсүн толкутуп, сөзү менен жеткире албаган туйгуну козгоду. Арийне, анчалык сөздү али өзү тапмак да эмес. Комуздун тили өзүнүн тилинен алда канча байыраак. Аманат дал ошон үчүн аспабына дилгирленип, анын сыйкырдуу сырына чөмүлүп, ал аркылуу дилиндегисин баяндап отурбайбы? Аманат азыркыдай элирип, баки жоктун баарысын эсинен чыгарып, күлкүсү да, ыйы да аралашып, күү менен кошо эрий букулдаган эместир. Жамаатташ конгон үйлөрдөн бирин-эки кары кичинекей өнөрпостун кызыгына батып, сал таштын далдоосуна жапшырылышты. Тээ жалбырактуу беттен жылкыны эңиштеткен Нурак карыя укурукка сүйөнүп, күндө бул маалдан кыйла эрте астынан тосуп чыгуучу уулун карады. Карагай-бута, жалбырак чөп арасынан эрбең эткен караан чалдыкпайт. Карыя жылкычынын санаасы чыдабай үйүн карай атын жапырылтты. Бута атым жерден учуп конууга машыгып жаткан темир канат балапанча желип-жорткон

уулуп сал таштын үстүнөн көрдү. Үч кылга сырдашып узун өмүр сүрсө да, кулагына эшитпеген мукам күүнү кайрып таңшыган өз комузунун доошун тыңшап, атынан топ ыргып, үйүнүн капталына барып сүйөндү. Күйүп-жанып кызыган уулу айланасында ага машыркап чогулуп жаткандар менен иши не? Ал азыр кээде, дүйнөдө жалгыз гана чалкып жаткан тоо суусу, кээде созолонуп күйгөн жалын. Алты сап эне ырын кайрадан башынан түшүп комузга безеленткени менен оюнда «Манас» сыяктуу бүтпөгөн дастанды жомоктоп жаткан сыяктуу. Анысы да ырас. Ал адамзаттын үч муунунун өмүр дастанын ошол эле алты сап өлөңдө баяндап атпайбы.

Турмуштун азап-тозогун да, ырыс-таалайын да көргөн чоң эненин коңур үнү ымыркай небересин терметип, өпкөжүрөгү сабылып, өлгөн уулун жоктоп ботосунан айрылган ингендей боздойт. Анан бешиктеги кол башындай наристеге капшет, бел байлап көңүлү чалкыйт. Бат эле ымыркай бакыйып күчкө толуп, мөгдөгөн эне-атасын бапестеп багып, эл-журтун кубантып, салтанат сайран турмуш курат. Бирок буралып өскөн жигиттин көөдөнү какшып, кандайдыр бир жөлөктү, өмөктү издейт... Угуп олтургандар көз жашын ааарчышып өзүлөрүнчө шыбышшубуш. Аягына так кайрып, жалгыз кылды кың-зың сыздаткан коңултуктоо, жалгызсыроо баянын эшитип, чоң ата чыдап тура албады. Күмүш сакалы тал-талынан шүүдүрүм. Шуулдата үшкүрүнө, энтиге аттап-буттап жетип баласын бооруна тартты:

— Кой ээ, бокчум. Ким үйрөттү сага. Безеленткен колуңдан. Акырет кеткен уулумдун, ата жытын, эне жытын эңседиби ия. Каңылжаарымды жарып, качанкы кайгымды козгодуң. Каргадай болгон боюңдан. Сени саябан кылып, санжырганды көрөөр күн гана. Оозуңдан, колуңдан... Абышка өөп-жыттагылап небересинин бети-башынан чоло жер калтырбады. Аманат болсо көп нерсе сезимин козгоп көөдөнү ачыштыбы, же чимирилген кызуу оюнун жандырып жолтоо кылганга атасына таарындыбы, дегеле мурчуюп суз. Бала кыялы менен жооткото гана:

— Апэ-эй билчү эмес белең. Бул энекемдин ыры эмеспи. Аягын аз-аз кошумчаласамбы дейм. Антпесе өтө муңдуу...

Дал ушул учурда үйдүн нары капталынан небересине жетпей небак алда кайда калган, күйүккөн Батма көрүндү. Ал небересинин эмелеки сөзүн даана эшитип, таштай качкан эмени тилдемек тургай эбедени эзиле балпаң кучагын жайып бооруна тартты.

— Энекең сага садага чабылсын жытым! Ырас, ыр мени-ки. Сен сыбызгытып уккулуктуу ырдадың. Сыягы, жытым, сенин көөдөнүндөгү кенч мендегиден толтура тура.

* * *

Сыбызгыган күү тилине тап-так түшүнгөн карт комузчу туталанып, кемпирине муштум түйүп үтүрөндөдү:

— О оңбогон арам, эсине кап-кайдагыны салып баланын. Карыганча какчандап ырынды койбодун. Деги кыйын экенсиң, эми баки-жогун айт балага өзүң.

Балпайган Батма эне көз кычыгынан жаш кылгырган менен бажырая күлүмсүрөп абышкасынын чокчо сакалын жумшак сылады:

— Мен ырчы болсом, сен комузчу элең кезегинде. Сен комузуңду карматсаң, мен ырымды бербейминби уулума. Калыстыгың кайда кеткен ыя, туйгунум.

Нурак ата түйүлгөн муштумун жасып, кемпирине акырая тигиле кетенчиктеди:

— Же бармактайынан кулагына жат кылбай. Оңбогур өрттөп олтурганыңды билесиңби ия?!

— Акылы талтөөндөй балаңа качанкыга жашырмак элең. Же чочулагандай бөлөк бөтөн беле. Окус оозуна алы жетпеген келжиректен укса кантебиз. Жүрү туйгунум, каргадай жалгызга баки-жогун баяндайлы.

Тоодогу айсыз түндүн капкараңгы кучагы теребелдеги карагай черди, ой-чуңкур, аска тоону мемиретип соруп кеткендей.

Жылкычылардын боз үйлөрүнүн бирөөнөн гана үлүңбүлүң билик жарыгы жылт-жулт. Жадегенде сак кулак короочу иттердин да арс эткен үнү жок, тумшугун капталына катып уйкуда. Он жылдык көңүл жүгүнөн бошонгон карт ата-эне менен көксөөсү сууп, бугу жазылган баланын кобур-күбүрү. Караган бутанын арасынан анда-санда элик бакырса, өндүрдүн таманында түнү да көзү умачтай ачык тоо суусу шар-күр...

* * *

Алиги сырдашуудан кийин карт жылкычы небересин кошо аттантып чыгууну өнөкөткө айлантты. Кунанчыкмасына жайдак секирип минип чымын-куюн түшүрүп, чоң атасына тизгин кагыштыра ой-кырды чалуу Аманат үчүн да рахат. Мындай учурда комузу кыңгырап керегеде илинүү боюнча калат. Абышкасынын бул жоругуна Батма

эненин азоолак ичи тартылып, бирок да ачыкка чыгарууга батынбады.

— Жытымдын үйдөгүсүнө жетеби,— байбичеси Нуракты ынандырууга ниеттенди,— ысык тамак ичип... жанын да сеп алдырсынчы... Ансыз деле кыштын алтай ынтырнатта куруду го.

— Кой э, жарабаган кепти,— абышкасы кага сүйлөдү.— Музоочугум аттын кулагында ойноп, кадимки эр сыпаттуу чыйрак өссүн да.— Жүйөөгө жыгылган Батма кайрадан оңолду:

— Мейли, каргадай жалгызды кагылтып, согултуп бышырсын. Аны-муну көргөзүп эр түйшүгүнө көндүрсүн. Жер таанысын.

Аталуу-балалуу экөө керели-кечке үйдөн безгенине Батма эне адегенде аябай коңултактап элендебейт бекен. А тиги экөө болсо, жылкычынын канжыгасына чалган кол чаначтагы кымызды шыпкай ичишип, курсактары да токтой, көңүлдөрү да куунак кайтышат. Кээде капканга түшүрүп алдык дешип, балталактатып кашкулак, суурду байланышып, олжо буйлалуу...

Кемпир-келеч менен аркы-беркини айтышып, күн чубактап жип-шуу ийирген Батма, казанын асып коюп, кечке маал тигилердин жолун акмалайт. Качан гана белестен түрүлгөн жылкылар көрүнгөндө абышка уулунун келатканын сезет.

* * *

Белестен-белес ашып, улам сонундап жайылган жылкыны көзөмөлдөп, туу жондо аталуу-балалуу минген аттарын жайдактап коё беришип, тердик, ичмекти күнгө жайып ташташып, тоо тулаңына оонаган учур... Сөздөн-сөз чыгып отуруп чоң ата мулуң эте:

— Ат адамдын канаты дегенге түшүнөсүңбү балам? — деди. (Кыясы карт жылкычы өз кесибинин артыкчылыгын баласына туйдурмакчы.) Аманат үнсүз баш чайкады. Карыя колдурап ырдап жиберди:

Камбар ата жаныбар,
Кыл-торкодой жалы бар.
Кайда барсаң жеткирет,
Канаттуудай алы бар.
Кылымдан калган сөз ушу,
Бапестеп балам багып ал...

Аманат борсулдап күлкүсүн тыя алса эмне. Чоң энесинин сөздү таамай тандаган жана да мукам үндүү экенин

эми баамдабадыбы: Ага атанын эч овоисуз колдураганы кулагын кытыгылап жибербедиби. Көп жашаган карынын «ат адамдын канаты» дегени да кызык. Ууртун желге толтура борсойтуп, сөөмөйү менен черткилеп, көздөрүн да кыйшандатып атасын эликтей:

— Калп, калп! Карганда кантип калп айтсын!

Карыя коюу каштарын үксүйтүп кабагын кат-кат түйдү:

— Э бокчум, эмнени калп айттым сага!

Сынар тизелей, манчасын силке атасын жеңүүгө эрдемсиген Аманат дердеңдегенин коё кал:

— Келе колуңду. Эгер жалганчы болсоң экинчи Аманат менен айтышпай жүр.

Небересинин балалык намысын курчута карыя мурутун аймай буп этти:

— Эгерде сен уттурсаң ууртуңа беш тарттырасыңбы?

Атасынын убада-шертин бекемдей чор колун мыкчыңдай кыса, Аманат жанагысынан да шагдан:

— Беш дейсиңби, он тарттырам. А сен, сен экинчи Аманат менен айтышпайсың! «Ат адамдын канаты» деген илгерки сөз. Эми эмне... Азыркы адамдын канаты самолёт. А поездчи! А автомобиль машинечи! А пароходчу! А спутникчи! Аттын айлык баскан жолун алар мүнөттө, саатта басат, чынбы ыя! Экинчи талашпайсыңбы ия. Атамды жеңдим деп апама сүйүнчүлөйүнбү ия? — Дыр коюп атырылып жөнөгөн уулун Нурак этектен бурдады. Аманат жулуп кетүү аракетинде дыргаяк атып мөңкүдү, ага каруу-күчтөн таялек Нурак болчубу, бурдап бооруна тартты, анан мүрүсүнө кондуруп заңкайып турду. Аманат бармактайынан чыгып көнгөн атасынын карылуу, таканчыктуу ийининде колун чапкылап заңылдады:

— Мен жеңдим, жеңдим!

— Карыя кыялында дүнүйө жүзүн заматта чарк айланган канаттуу небересин тээ көк мөлтүр асмандан, өзүн мал арасында жерден көрдү.

Жылкынын куту

Кула бээ бүтүн колхоз жылкысынын куту. Фермадагы аргымак күлүктөрдүн көбү ошонун тукуму. Жыйырма асыйга жакындаганына карабастан, балким, үч жыл катары субай-салт жүргөнүнөнбү суналып сынына ого бетер чыкты. Быйыл жаздан бери гана челкее тартып төрт аягын зорго шилтөөдө. Карган кургурга бала көтөрүү оңойбу. Дагы бир буудан тууп берейин деген экен, кургурум,—

Нурак ата сыртынан да, ичинен да күдүңдөп, бүгүн эртең — деп саксактап жүргөн кезинде бир түнү топ жылкынын арасынан жалгыз жоголду.

— Атаке бай, энеке! Кула бээни карышкыр жарып кетти го, же учуп өлдү го. Эми элдин жүзүн кантип карайбыз.— Аманаттын безилдегени жеке эле жылкычы атасы эмес, бүт айыл-ападагыларды дүрбөтүп зээнин кейитти. Таң сүрө жайыттан кайтып, бул кабарды угузган Нурак, караңгы түнгө наалып, өзүн актаган менен эчтеке чыкпасына көзү жеттиби, үнкүйүп олтуруп кыйладан кийин гана жанындагы үрпөйгөн төрт-беш карааңга буулуга күңгүрөндү:

— Жапырт аттанып туш-туштан издейли. «Жакшы ит карааның көргөзбөй өлөт», же карган кургур кысканчтык кылып чидерип ой-чуңкурга житип кетти бекен. Жар, таштан кулап майып болбогой эле. Аттангыла.— Кимдин кай тарапка жөнөөрүн да айтпай, түн бою жылкы кайтарып чарчаган карыя илең-салаң бастырып, башы ооган жакка маңды. Батма желедеги бээнин бирөөн токунуп уулун учкаштырган боюнча эңкилдетип карагайлуу бетти өрдөдү. Алардын соңунан калгандары туш-тушка аттанышты.

— Кулуну менен жерге кирсин. Кула бээнин өзү табылса экен. Баабедин жасап, тапкан кишинин оозун майлайм. Эгер жытым экөөбүз тапсак карган атаңдан төөмөтөк алабыз ээ,— дейт Батма бээнин соорусундагы небересине.

Караган-бута, кокту-жыбыт, чоң таштардын кычыгынан өйдө артып, бээге учкашкан энелүү бала кыйла жерге буюгуп барышты. Кула бээден дарек жок. Өзүлөрү да чарчап, үмүт үзүп бир коктуну өрдөп келатышты. Аманаттын кулагына ипичке кулун үнү шыңгырады. Чынбы, төгүнбү? Кайдан? Энесинин мүрүсүнө таяна, кош аяктап тура калып, чар тарапка элеңдеди. Көзгө сүртөөр ташсыз сеңселген туландуу коктунун кай жерине жашынып алган түгөт. Дагы эле баягы ипичке кулун үнү жанынан, бетмаңдайынан кишенеди. Жаак башын думбалап карала кылторко шалы менен буунган энесин дагы уксун дедиби:

— Энекебай сүйүнчү! Жоолугунду алып тыңшачы. Мына бу жерде жаңы төрөлгөн кулунум кишенеп жатат.

Талмоорусуган эне бээнин тизгинин жыя калдактады.

— Канакей, каерде?

Ары тегеренип, бери тегеренип карайт, кулун тургай суур көрүнбөдү.

— Тизгинди кайра тарт энеке, тигине, тыңшасаң!

Артка имерилип бастырыщты. Чуудадай уйпаланган

көгала башын сокойто, жоолугун мойнуна сыйра, эне чындап кулагын түрдү. О бир оокумда жанагы кулун үнүн эшитип, эне да алаңдап маңырайды. Аманат жалганчы эместигине корстон:

— Уктуңбу. Эми ишендиңби. Пионер эч качан калп айтпайт. Үнүн мен уктум, кулундун өзүн сен тап. Көрдүңбү, кула бээнин баякы жылкы кулунунун эле үнү. Атам кула бээни жылкынын жылдызы, сыймыктуу жаныбар дейт. Мүмкүн жердин астына тууган го. Же бизге көрүнбөгөн үңкүр барбы. Эмне жылмаясың. Билип туруп айткың келбей атат ээ. Түшөлү да, энеке. Таап, атамдарды мыш кылалы да.

Батма кылчая бурулуп уулун көкүлүнөн сылап, мандайынан жыттады:

— Жытым! Көрдүңбү мына муну — ...такыр ийинченин оозунда канат куйругун кыйпалактаткан боз чымчыкты көрсөттү,— сени алдаган ушул чакчыгай пакыр. Бул койчудай созолоно ышкырып, күчүктөй борс-борс үрүп, кулундай кишенеп далайды азгырат. Кула бээнин кулуну эмес, өзү мерт тапкан бейм жытым. Кулундай кишенеп, сени жазгырып аткан ушу куужолтой капыр. — Эне теминип, камчыны кеседи эле, чакчыгай учумуш этип кайра конду. Аманат чакчыгайдын темир канат балапандарынын далайын ийин оозуна таш капкан салып кармаган. Кемерчелерден сөөлжан казып, жем камдап кыйла күн үйүндө багып, үйүр алдырган. Бирок, мынчалык куу экендигин байкаган эмес. Көрсө, жалгыз жарым мал кайтаргандарды, жолоочуну азгырат тура. Кула бээнин табылбаганы анын ичин туз куйгандай ачыштырса, энесинин үңкүйүп үнсүз, үмүтсүз, тизгин жая бастырышы ого бетер тынчсыздандырууда. Ага кошул-ташыл каратып туруп чакчыгайга алдатып, энесине уят болгонучу. Кур дегенде энеси ырдап берсе боло... Ошондон улам керегедеги комуз кылы кулагына зыңкылдап өзүнөн-өзү күүгө келип, чертилип жаткансыйт. Комузуна ылдам жетүүгө, кайрып-кайрып кол ойнотууга дегдейт. Кула бээнин дареги билинмейин комузу кайдан колуна тийсин. Кула бээ, кула бээ, табыла көр!..

* * *

Бир унага учкашкан энелүү баланын жортпогон жери калбай, нары чарчаңкы, нары ачка. Карагай-черлүү беттерден көлөкөлөр самсаалап теребел салкын тартып, ат үстүндөгүлөр азоолок, ичиркене баштады. Көрсө күн илеби аркайган зоолорго сорулуп, өндүр, жыбытка алда кай-

дан гана суз тигилип, батышты көздөй эңиштеп бараткан тура. Эртеден бери балпайып желе-жорткон бээ, албууттанып чамберек атып, ооздукту шалдырата окуранып, үстүндөгүлөрдүн энсесин кетирүүдө. Эгер улам-улам тизгинди кагып-силкпесе тим эле ойду ой, тоону тоо дебей жапырылып жөнөчүдөй. Эне, бала экөө тең чочулашып, жерге түшүштү. Оңбогон бээ дагы эле чылбырды үзө кашчудай Батманы дыргаяктатып кыйла жерге сүрдүктүрүп барып зорго токтоду.

— Энеке бу соо эмес ко. Минбейличи, талпагыбызды ташка жайганы турат. Маа берчи. Чылбырды билегиме бекем ороюн. — Аманат текирең-таскак менен жетип, дүкдүйгөн жал-куйругун сапырып ыргыштаган бээни дароо суулуктан алды. Ал карган энесине калканч болгусу келди. Батманын колу бош болсо, каргадай жалгызынын көкүлүнөн жыттап эркелетет беле. Карышкан манжаларынан чылбырды бошотуп, ийнине шыпырылган жоолугун ондоюн дегенде, күрөң бээ серең этип дагы кошкурук атты. Бала суулукту кош колдогон боюнча жеп-жеңил ыргып, кайра турду. Күрөң бээ эми чындап кутулбас куяга жолуккандай, төрт аягын тыбырчылатып Аманаттын мүрүсүн ак көбүктөтүп, арсайган кашка тиштерин качырата, ооздуктан бошоно албай демитип, кажанганын кантесиң. Кыялы чатак жылкыдан нелерди күтүүгө болбойт. Жаны ачыган айбан баланы кежигеден тиштеп ыргытса... Анын жүзүн ары кылсын. Балпайган карт энесинин мындай шамдагай кыймылын небереси эч көрбөгөн.

Жоолугун ондоп салынып жаткан эне көз ачып жумганча бээнин алкымындагы сагалдырыгын чечип серпти эле Аманаттын колунда шалдырап бош жүгөн гана калды. Жоо колунан кутулгансып, күрөң бээ коюу жал куйругун сапырылтып, ээр токумчан азынап жөнөдү.

— Өлүксүз, тим эле биз аны казанга салучудан бетер жулунат.

— Энеке бу да жоголбосун.

— Жоголмо келиптирби. Желини чытырап, сүтү дирилдеп ага баштаган тура. Жаңыдан телчиккен кулунун желеге байлап келбедик беле. А кокуй, желеде кулуну калган бээ менен, үйүрдөгү айгырды канчалык алыстан агытса да үйрүн таап барат, жытым.

Күрөң бээнин албууттанганын эми түшүнгөн Аманат жүгөндү түрүп жонуна арта:

— Аа, байкуш кантсин. Баласын сагынган тура. Мейли. Желедеги кулуну да апакем кайда жоголду деп, зар ыйлап жүргөндүр ээ...— Аманат чын эле балапан оюна

түшкөн сөздү капысынан айтты. Эненин карт жүрөгү зырп эте, кат-кат кабагын түйдү:

— Жытым, ушундай сөздү өтө көп сүйлөөчү болдуң. Жү түшүнө аян береби? Мына экөөбүз жападан жалгыз жондо баратабыз. Айтчы, жытым.

Бая түнкү эне-атанын узун сабак баянынан кийин Аманат көңүл бөксөсү толуп өзүнчө кыйла элестерди чагылтып, чоңоё түшкөндөй абалда. Эми ап-ачык эле, териштирип көп нерсени билүүгө бел байлап эненин азыркы соболунан улам жым деди:

— Фрунзеде байкем окуган институттун төрт катар имаратын көргөнбүз дединер ээ.

— Ооба, жытым. Байкендин тирүүсүндө атаң экөөбүз далай жолу куржун толтура кешик алпарып үстөлгө чалкалап отурганбыз.

— Азыр барсаңар ошол үйдү табасыңарбы?

— Таштыбы. Үй нөмүрүн көрсөтсө, жанкы киши ташыган машиненин шопурлары табышат дейт.

Тизеге оролгон тоо тулаңынан кепич маасысын щеткелетип жай баскан эне чарчадыбы, оозунан көк түтүн булай үшкүрүк атып жамбаштай тизе бүктү:

— Ээ каргадай жытым, карыган ата-энеңдин көзү тирүүсүндө ал үйдү издейм дегенинди кой. Чоңоюп-чочоюп киши болгонуңда...

Аманат чөгөлөй калып, энесинин мойнуна оролуп, нымшыган болук жүзүнөн чоп-чоп өпкүлөдү:

— Макул. Такыр издебейм. Фрунзеге барбайм, энеке ит болоюн. Атакеме айтпасаң. Анда аябай капаланат, макулбу? Айтпайм де. Келе колуңду.

Көз жашы, же тер тамчысы экени белгисиз сууланган кирпигин ирмей эне болпойгон май алаканын сунду:

— Бая күнү мени уят кылдың, жытым. Экөөбүз сүйлөшкөн сөздү атаңа сен да айтпай жүр. А курган туйгунум, байкенден кийин каңгы баш. Мына онго толдуң. Борбуюнду көтөргөнсүп калдың. Ушу сенин каниетиң менен.

...Кайдан-айдан экени белгисиз кулак мээни тундурган жаңырык. Экөө тең мойнун созуп туш тарабына элеңдешти. Кыясы жакын арадан эмес. Бара-бара бет маңдайдагы көк мелжиген зоока жаңырыгынан бөлүнгөн адамдын ачайкырыгы үзүлүп-үзүлүп тоо жели менен беркилерге жетти. Жоолугунун четин кулагына кайрып тыңшай, көзүнө колун серепчилей алга умтулган эне:

— Жытым, атаңдын үнү! Мобирдеги тескей беттеги куш-мурунданган булуңчаны көрдүңбү? Көзүң курч эмеспи. Карачы, караан жүргөнсүйт.

— Кайсы, канакей?! — Аманат эненин сөөмөй учуна көз нуруп ээрчите тигилип жатып, асканын боорунан бери карай уркуюп бөлүнүп чыгып турган, өзөндүн таманындагы кашка сууга көлөкөсүн түшүргөн тумшукчаны көрө:

— Чыпачын, алтын энек-ем! Суунун жээгиндеги көлөкөдө үч-төрт караан жүр-ө-т. Атакем кула бээни таапт-ыр-р... Сүйүнчү, сүйүнчү! — деп энесинин колунан жетелеп, так түйүлгөн боюнча энкейиштеп жөнөдү. Ылдыйда денеси оор эне кичинекей небересинин тыпыйган манжаларынан бошой албай күү менен анда-санда жер таянып жылмышып жүрүп олтурду. Аска көлөкөсүн жамынган шылдыр дооштуу өзөн улам-улам барган сайын даана көрүнүүдө. Бир колу урган таштай туйлаган небересинин жетегинде, экинчи колу тоо тулаңын апчый жанбаштап сойлоктогон эне тарткынчыктап азоолок токтой калса, ата үнү зоо жаңырыгын ээрчите демитти:

— О түшкүлө. Келгиле! — Кыясы көрүп таанып турса керек. Батма канчалык чымырканып, балага сыр алдырбоого тырышкан менен деми кыстыгып, алка-шалка тер басып, шайманы ооп бараткан соң:

— Оо, жытым, күйүгүп чыктым. Сен атана тез жет. Мен кичине эс алып, артыңан барайын. Мага кылчаңдаба, жөнө жытым. — Кең көйнөгүнүн жакасын чече желпип «тез жөнө» дегендей уулуна колун серпти. Аманат кылчан-кылчаң энесине кайрылып, анда-санда бир тийип сойголоктоп бүдүр ташы жок туландуу боорго жеткенде узатасынан жатып, көзүн чылк жуумп чамберек атып томолонуп жөнөдү. Кула бээнин кулунун телчиктирип, дүрбүнү имере буруп, аны ойдон көрүп отурган ата сакалынан мулуң эте кобуроодо:

— Алда айланайын балалык ай. Илгери биз да экиэкиден кучакташып, тээ туу жондон томолонгон, дал ушул жерге чейин жарышып түшөөр элек. Карасаң, каралдымды. Жер мамыгынан жазганып не. Түшө албай Батмам боордо калды. Карылык оңбо. Эми баланы туурап томолонсок, мээбиз чайкалып, жүрөгүбүз жарылып, алты-саныбыз жилик-жилик бөлүнүп түшөөр...

Нурак ой-пикирин жыйнаштырып обдулганча бет алдынан кагынып тура калып, торсоңдоп буйт берген уулу тыпыйган алаканы менен көзүн басты:

— Таракпы, же күзгүбү?!

Өзү көндүргөн оюнунан баш тартмак кайда. Жообуна карай жасаланат да. Окус тарак десе салаалап, тырмап өтмөк. Чоң ата жай гана:

— Күзгү! — деди.

Аманат ыпысык алаканы менен чоң атанын жаагынан ылдый чүчтө сакалын жумшак сылай:

— Өзүң табарыңды билген соң, элдин баарын неге убара кылдың — деп, бала ызалана чын эле мурчундады. Көңүлү шагдан ата:

— Энең экөөндүн алыңды да байкап койдум. Минген бээден коркуп, агыттынар. А мен минтип кула бээни чидерип кеткен жеринен таап, кулунду телчиктирип олтурам. Туулганына эки күн толо элек. Ойноп турганын көрдүңбү. Бу буудан болот, бокчум. Карган кургурум жарады ишке. Атын Телтору деп койдум.

Аманат куйрук-жалы сопол, бакырак көз, ичке шыйрак энесинин тыяк-быягына чыгып ойноктогон чалыш кулунга жакын барып, сылап сыйпагысы эле келет. Бирок да атасынын көтөрүлүп сүйлөгөнүнө саал-паал тырчыбыраак:

— Ики, көрсөң муну. Өзүң жашынып кетесиң да, анан бизге сын тагасың.

Аны баамдаган ата мурункудан беш бетер кычыгына тийгиси келди белем:

— Ушу капыр энең экөөң бээни издебей эле, мал баспаган жакты кыдырып, ыр ырдашканы баргансыңар го дейм. Аныңарга го макулмун. А тигинтип аттан ажырап, жөө жаландап, орто жолдо калган эмнеңер ия?

Аманат айтышчудан бетер токчолоңдоп, жакшы эле эриндерин чормойтуп калды эле, атасынын акыркы сөзүнөн улам күнгөй бетти жалт карай салды. Энеси баякы жерден бяртике гана козголгон. «Күйүмсүз жолдош» деген окуу китептеги жомок эсине кылт этти. Жоолугунун учун чечип таштаганбы, тоо желине көлбүп «кел жытым, кел» — дегенсип желбирейт. Чылбырын сүйрөтүп отко коё берген жылкычынын атын дароо ооздуктай салып, минди да: — Атаке шашпа, сени элеби?! Энекем экөөлөп кармашпасакпы?! Мына, атсыз калдыңбы. Эр экенсиң кармап ал. — Аманат алмак-салмак темине боордогу энесин көздөй атты текиреңдетип кыялап жөнөдү. Чоң ата жүүнү тирүү небересине узун өмүр тилеп кобур-күбүр. Өрдү өр дебей атты энтиктирип жогорулаган карааңды карагысы келбей, тегеренип кулундуу бээнин жанында кайпактады.

Кырсык

Жылкы картайганда желеден чыкпайт деген чын окшойт. Кула бээ сунала тартып сынынан кетпеген менен карылыкка моюн сунгандай. Нурак атанын бапестегени-

нен улам, ага айыл-ападагылардын бары сүймөнчүк менен карашат. Жаныбар аны өзү да түшүнөбү, желеге да жолобойт, сууну жээктей оттоп, дайыма айылдын жанында. Түнкү жайытка жылкыларды жайып жөнөгөндө Нурак ата дайыма кичине нарылатып айдайт:

— Жаныбарым, сен ушу жерден деле тоёсуң. Күндүзү саадырбайм. Кымыз сенин сүтүңсүз деле көл. Телторунду жакшылап тойгузсаң болду... Мында эле кал...

Кула бээ чунандаган сопол куйрук кулуну тескери басса артынан кууп жетип, имерет да, Нуратын сөзүнө түшүнгөндөй, жылкычылардын үйүн байырлап түнү да жалгыз калат. Анын баласаактыгын айтасыңбы. Телторунун жанына бейчеки киши жакындаса кулагын жапыра алдын торгоп жолотпойт. Нурак менен Аманаттан жерибейт.

— Карыганда көргөн бала аялуу. Көп жолобогула,— дейт карт жылкычы ар кимге. Аманат кулунду атасынын буудан болот дегенинен улам, ойлой берет. Ал, ташка салса талбаган байыркы баатырлардын багына туулган тулпардын куйрук жалы сопол, бели кыска, буту түз деген сыпаттарын Манастын ак куласынан баштап далай дастандардан уккан, окуган. Телтору ошол сындын барына толот. Кыялында өзү баатыр, телтору анын болочок тулпары... Мурдагысындай тыяк-быякка кетүүнү, ал тургай атасын ээрчүүнү да койду. Киши кара жокто бээ саадырууга гана барбаса, күндүзү такай Телторунун жанында. Сопойгон куйрук жалын тарап сылайт. Бир тал кылы да жапырылбай типетик кулпунган кундуз жүнүнө чөп-чардын бүрүн жолотпойт. Телтору кээде моюнун Аманаттын мүрүсүнө арта маашыркап туруп берсе, кээде жөөлөп жыгып да коёт. Ал эле дейсиңби. Күн өткөн сайын Телторунун өнөрү күчөөдө. Энесинин булкагын сүзгүлөп тойгон соң, кошкурук атып, көлдө сүзгөн куудай мойнун койкондотуп, чачылуу куйругун асманга серектете, тайран-туйран үйдөн-үйдү кыдырып, а түгүл желени көздөй дан салып жөнөйт. Кула бээ байкуш окуранып артынан зоңкондойт. Аманат болсо: Телтору, Телтору! Кел берилеп алда кайда калат.

...Жайлоо күнү түшкө маал чымырап тийген учур. Желеден окчундап оттогон кула бээ күнгө боорун кактап бөк түшүп жаткан. Тыякка бир, быякка бир кетип, чөп бүрүнөн учкай искээр-искемиш оюн салган Телтору мурункусу аз келгенсип, энесинин үстүнөн так секирип өттү. Кула бээ үксөндөп тура калып, кулагын шалыргандай боюнча качырып барып, кулунун чаркырата желеден тиштеди. Аны көрүп турган Аманат башын чайкады:

469112

— Ай, Телтору, сен жаткан тентек экенсиң! Сооп гана төпөштөдү, энең! Мен эми Телтору эмес, Тентек дейм. Айрөк, айрөк Тентек!

Энесине таарынгандай тескерилеп шылкыя баскан Тентек Аманаттын жанына келип, сербегей солкулдак жалын «карачы, оорута тиштеди» дегенсип, тигинин бетине сүрткүлөдү. Аманат да башы-көзүнөн сылап:

— Тентек, энеңдин үстүнөн секирбей жүр. Уят эмеспи... Ушинтип бекеринен токмок жейсиң.

Нурак уулунун минткенин жактырбай башын чайкады:

— Телторуну тентек дегенинди кой, бокчум!..

Тентек кулун — бала да. Эртесинде эле энесинин төпөшүн унутуп калыптыр. Үйдүн астында казыкта байлануу турган музоонун үстүнөн түйүлүп, энесине жеткирбей оюн салган боюнча теңирден тескери басты.

Дал ушу учурда Нурак, уулу, дагы жакадан, тыякбыяктан келген бир тобу болушуп, эшикте кымыз ичип отурушкан. Аманат мулуң эте «көрдүңбү» дегенсип башын чулгуду. Чоң ата карс-курс күлүп, небересинин жонунан таптады:

— Ырас эле бу Телторунун тентектиги күчөгөн экен. Ээн колотко жеткизейин дейм, ит-куштан корком.

Аманат атасын жөөлөй: — И дагы бир жыгылдыңбы?! — Эл көзүнчө мактанычтуу, борсоюп өйдө козголду да, кулунун көздөй текилдеди. Олтургандар чоң ата менен неберенин кеперес жоругуна маашыркай бажырайышты...

...Тентектин тентектиги эл көзүнө чалдыкпасын деген ойдо Нурак бүгүн кула бээни нарылатып суу жээгине айдады:

— Балам, сен комузунду колуңа алып, ошондойлоп барып акмала,— деди уулуна. Көптөн бери сүйгөн аспабы менен ээн-элкин эрмектеше элек Аманат кым дей түштү. Шаркыраган агыны катуу кашка суунун жээги салкын, чөбү жашаң. Кула бээ баш көтөрбөй оттоп кирди. Сүткө тойгон, чүрөктөй кулун чунандап какыс-кукус сез көргөзгөн энесинин жанында калп эле оттомуш этип тыякбыягына чыгып кылт-култ ээрчүдө. Аманат тектирче жердин шиберине мандашын токунуп, комуз кулагын бурап үч кылга жаный баштады. Ойноктогон тикчигий кулактын ар кыл шоктугу: ээсин жөөлөп, энесинин үстүнөн секирип өткөнү тепендеген кемпирчек кол, термелген күү элесинде эрип:

Тентек, тентек. Жебегин келтек,— деген кайруу менен кайра башынан безеленүүдө. Кула бээ суусадыбы, сунала басып бургуйлаган көбөттүн четине астыңкы бутун бүгө,

чөгөлөй мойнун созуп тунук суудан шимире баштаганда, тентек Телтору селтеңдеп бер жактан күү менен энесинен жарым метрче нарыраак түйүлүп түшсө болобу. Албуут тоо суусу кулунду көмөлөтө коюп, күпүлдөп бышылып жаткан айлампадагы көбүккө алып кирип кетти. Комузду таштай айкай салып бакырган боюнча Аманат суу бойлой тызылдады. «Күнөө өзүмдө. Кара көзүм кашайды» дегенсип, кула бээ коржоңдоп оргуштаган айлампага батына албай, удаа-мудаа жалынычтуу кишенеп, ылдыйкы жайыкчага секирип, төшүн жаба урган сууну жиреди. Оо кыйлада көбөттүн үстүнө кулун булайып серпилди да, ылдый чамберек атып сууну туура бөгөгөн бээнин жүрөгүнө келип урунду.

Кула бээ атырылган сууга башын матырып кулунду апчый тиштегендей болду, көз ачып жумганча дыргаяктата жээкке сүйрөп чыкты. Эми эле так түйүлүп ойногон тентек Телторунун тырп этээр дарманы жок. Чөгөлөп жыттагылап кула бээнин астында кулун төрт аягы суналган боюнча, куду чанач сымал. Аманат көпкө мына тирилет менен кыймылсыз Тентегине жалооруй тигилди. «Жаныбар кула бээ, адамдай аракетиңе баракелде! Кулунуңду күтүлбөгөн кырсыктан кутказдың. Силкинип тура калаар...» Качан кула бээнин көзү аландап кошкуруп кулунунан кетенчиктей коркунучтуу шаңгыраган соң, Аманат дагы ага үн кошуп чыңырып жиберди.

Кулунунан ажыраган бээ

Олдо жарыктык кула бээ ая! Үч күндөн бери эмне алакеттерге түшпөөдө... Куйрук-жалын сапыра, өйдө-төмөн өзөн бойлоп суудан көзүн албайт.

— Күпүлдөгөн тоо суусу сен жуттуң менин кулунумду. Мөлтүрөп туруп ушундай кыянатчыл белең. Таап бер, таап бер, таап бер — дегенсип желип жорткончу.

— Сен сордун менин баламды. Кайда, кана? дегенсип жерди силкинте дүпө-дүп башын ылдый салып чуркаганычы.

— О адамдар, неге карыганда көргөн каралдымды тирилтип бере албадыңар — дегенсип, жалынычтуу, мундуу кишенеп айылды айланып үнүн баспаганычы.

— Силер мага жаныман чыкпаган эрмегим, каниетим болуп бермек беленер — дегенсип, желеде, жайытта кетологон жылкыларга жолобой безип жүргөнүчү. Аны көрүп кейибеген пенде чанда. Төтөн, Аманаттын кула бээден көз айырбай, кишенегенин укса, селтең этип, кабак ачпай үтү-

рөйгөнүн кантесиңер. Аны байкаган эне-ата сай-сөөктөрү сыздаганын баладан жашырышып, тымызын гана сыртынан карп-күрп.

Абышка-кемпир күн чубакташып өзүлөрүнчө кобурашып олтурушкан эле. Аманат кайдандыр чуркап келди да, экөөнү тыяк-быяк ийни менен алмак-салмак жөөлөй баштады. Небересинин үнсүз эркелегенин билген карылар жыла ортодон орун бошотушту:

— Кел, кел, акеси.

— Жытым, алкымындан чоп эттирчи.

Аманат оюн айттырбай түшүнбөгөн эмелерге тарыныч-туу карегин коймолжутуп турду да, ичке шадыларын тыбырата оң жакка серпти.

Аңгыча алардын бет маңдайына көзү чылпактап, жүнү уйпаланган кула бээ кишенеген боюнча делдейип тура калды:

— Атакебай, кармасаң, жем берсең. Кулунунун артынан бул да өлүп калат ко.

Карылар бирин-бири тиктешип, бала сөзүнө дароо жооп таппай дал боло түшүштү. Батма кылгырган жашын жоготуш үчүн көзүн бардап-бардап ача жума:

— Жан таттуу, балам. Ошентип боздоп, жүдөп, анан түңүлөт... дагы сөзүн улантмакчы болгондо Нурак үксүйгөн эриний булка тиштеди. Эненин оозу жап болду. Нурак калп эле карбаластап шибер аралаштырып аткулакты апчый чеңгелдеп, жер таяна обдулду:

— Бокчум, туура айтасың. Жем берейинчи байкушума. Жүрү, кемпир. Сулу буулган кабындын оозун ач. Депкир, табагыңды бер. А сен уулум, жүгөндү камда.

Бир пастан кийин Нурак аппак сулу толтура желпирүүн жыгач табагын көтөрө:

— Мо, мо, кула бээ. Кел жемге, кургурум,— деп суу жээктей жөнөдү. Анын артынан өрмө жүгөндү моюнуна салып Аманат топоңдоду. Кула бээ сырдана жылкычыга оңурая карап алып, тык токтоду. Бээ түшүнчүдөн бетер Нурак куйрук, жалынан, жонунан сылагылап кобур-күбүр: — Карт кургурум, адамдай аза күттүң. Жетет эми. Неге титирейсиң. Чочулаба, өңүңдөн аса түштүң. Жем жыттачы, — көзүндөгү шорологон чылпактарын аарчып, оозуна табакты тосту.

Атаганат, айбан да болсо, жылуу мамилеге эрийт белем. Кичине-кичинеден күрүчтөй сулуну ирмей баштады. Качан табактын түбү кашка тишине урунуп калдырттаганда жүгөн катышты да, Аманат атасы экөө боз үйдүн астындагы ат мамыга жетелеп келип байлашты. Батма эне

бээнин баш аягын карай, эткел алаканын санына жаный зыпылдады:

— Апий, байкушум ая! Желини чатырап жарылганы калган тура. Саай койсомбу?!

— Саабай самыран кал! — деди Нурак байбичесине акырайып. — Тиги желе толгон бээнин кымызы жетпейби сага!

— Анан кантебиз. Желини бузулат деп коркуп жатпаймынбы, туйгунум.

Кемпири «туйгунум» дегенде Нурак кандай ачуусу келсе да, жибий түшмөй адаты. Көгала сакалын апчый жай тапа унчукту:

— Коркпо байбичем, балаң түшкүр ай, айбанды шүнтүп сабылтат. Анан... Ошол тапта жылкычынын пикирине башка нерсе кылт эткен. Карган бээнин сүтү мынчалык булактабас. Кулунунан ажыраган соң дароо байыгандыр — деген ойдо эле. Азыр абышка тапшырмасын так чечкен окуучу баладан бетер мулуңдап сакалын экчей башын силкти:

— Таптым мен мунун давасын. Аманат, сен желеде сагалаган жүдөө боз кулунду жетелеп кел.

Аманат жакшылыктын шекшоратын туюп дароо чуркады. Боз кулунду туңгуч бышты байтал тойгуза албай, акыры жерип, байып, субайдын үйрүнө кошулуп кеткен. Тумсак байтал жериген тирүүлөй жетимче желедеги кулундардын жанынан чыкпайт. Качан Батма бээлерди саагоо барганда кибиреп тамшанып сагалап турат. Саанчы эне көнөктөгү сүттөн курсагы чандайгыча жуткузат. Бирок өлүү сүттүн күчү жокпу, же байтал бээнин тунгуччугунанбы музоо сыяктуу үтүрөйүп өтө эле кебээ.

— А сен, Батма,— деди Нурак аялына,— кара жүн жоолугунду алып чык. «Тентектин» терисин оңойлотуп кой.

Батма майпаңдай басып үйүнө жылды.

— Жарайт, туйгунум. Таптың акылды. Таптың туйгунум.

Карт малчынын башынан эмнелер өтпөдү дейсиңер. Кемпиринин калың кара жоолугун кула бээнин башына чулгап, көзүн бек таңды. Ангыча боз кебээни кежирленген ой боюна койбой алаканы менен жамбашына чапкылап, түрткүлөп Аманат дыргаяктатып жеткизди.

— Оф, бокчум, кулундук алың бар тура. Эми качырбай кармай тур. Баласы өлгөн кургурга энеси чанган байкушту телийли. Жетимге жетим пааналаш, мундаш. Тез эле жытыгышат. — Жабыркаган эки бирдей жаныбардын

— Апээй кызык. Байкемдин ошондой баштыгы бар беле?

— Ооба.

— Эмне үчүн өкмөт баштык дейсин?

— Сызмалары, төңөлүктөрү, чөнтөктөрү көп. Шаардан ошонун бир чөнтөгүнө кийим, бир чөнтөгүнө нан-кант, бир чөнтөгүнө китеп-кагаз салып келген. Бул бизге окшоп жо-лоочулап көп жүргөн адамдардын буюму деген.

Аманатка энеси Муса жөнүндө сүйлөгөндө ал кандай-дыр бөтөнчө адам сыяктуу, жадаганда жүргөн-турганы да урунган эмеректери да өзгөчө сонун туюла турган. Чоңой-гондо дал аны тарткысы, а тургай ошондой кийинип, ошо-нукундай буюм-терим күтүүнү самоочу. Азыр энеси айт-кан баштыкты даана элестете албай дагы сурады:

— Аты эмне! Өкмөт баштык, жылкычы баштык, окуу-чу баштык деген болбойт да. Айтсаң атын билип алайын.

Эне сабатсыздыгына өкүнө, эринин шимий шыпшынды:

— Андай буюм биздин айылда жок, жытым. Шаарга чоң окушка барганда ошондон алып келе гөр. Көчүп та-шынган биздей малчыга да табылгыс нерсе. Чөнтөктөрү, төңөлүк сызмалары көп дебедимби. Ошондо атын, мага үйрөт макулбу?!

Аманат айласыздан гана:

— Макул,— деди.

— Эми үндөбөй ошол өкмөт баштык толтурган бай-кеңдин жоругун ук. Жонундагы уркуйган эмелерден улам илбээсин, кайберенден бирдемесин аткан экен деп, сүйү-нүп астын утурладык. Муса, тердеп-булап жай басууда. Атаң жакындаганда:

— Ия балам, бул эмнең? — деди.

Мусакем кашкая күлө:

— Табылбас олжо, атаке,— деп эреркей кыйкырды. Каралдым чарчаган окшойт, баштыгын биз жетээр замат, жерге ала койсок, шалдыраган таш. Оозубузду ачып, ол-туруп калсак болоорбу. Каралдым боргулданган терин аарчынып, а дегенде атасы, анан мени кучактап өпкүлөп жиберди: — Таш көтөрүп келет деп ачууланбасаңар. Ке-сибим ушул. Биздин аска тоолордо, укмуш кен уюп жатат. Аны мобу таштардан издеп табабыз. Келечекте ушерге кенчилердин шаары курулат...

Ошентип, кудайдын куттуу күнү кымыз, эт, нан, жал-тырак темир аспаптарын өкмөт баштыгына солоп, тоо бет-теп жөнөөчү. Кээде эрте, кээде кеч таш көтөрүп кайтчу. Бир жолу атасы экөөлөп «кудайдын азабын тартпай жөн эс алсаңчы балам. Эми аска, тоо кыркканынды кой» — деп

асылып жибербей койдук. Бээ саадырды. Китебин окуду. Каттаган кишиден жакадагы почтого берип жиберем деп Поронзосуна кат жазды. Үйүбүз толо бабырашып жыргай түштүк. Төрт-беш күн удаа үй байырлады. — Асканын уурчугунан укмуш кубулган таш көрүп жүрөм. Ошону чагып алсам деп, аракеттенип жетпейм. Бүгүн кур дегенде карап эле келейин. Мындан кийин карыш баспайм деп, өөп-жыттагылап, жаракөрлөнүп, кой, ай дегенибизге карабай шарт коюп чуркаган боюнча сызды. Курган абышканын жүрөгү сезгенби, артынан дароо чыгып кыйкырды. Мусакем карагай черди аралап, кылчайбай арылады.

— Бат эле келем! — деген үнү гана жаңырып угулду. Бат эле келем деген балам, кашкарайганча дайынсыз. Кээде кол шамын жаркылдатып, жатаарда келчү. Коломтого отту жылтыратып коюп олтура эле бердик. О жылдыз тарап таң ык салганда шордуу туйгунум, айылды дүрбөтүп тургузду:

— Эркектер, ат мингиле! Кулунум түндө үйгө кайтпады, соо эмес го...— Жылкычыларды аттантып атаң аска кыркып жөнөдү. Мен бейбактын көзү челейип, булактады. Э жытым, ар жагын такып сураба. Мусакемди мобу көк тиреген жалама аска жуткан. Аны каргасам тилим өтпөдү, жашым эритпеди... Жыл айланбай андан калган Аманат сен колума тийгени, ыйым токтоп, каниет байлагам. Эми эс тарттың, атаң жөн-жайын түшүндүргүн балама, билсин, туйсун дейт... Батма акырын Аманатка көз чаптырса... Кудай жалгап кирпиги ымдалбаптыр. Эркек тана да. Тукуму, чоң атасы жашыктан эмес да. Болпойгон баласы жаагынан сары түгүн чыгарып кектүү кишидей суз. Өтө мунга батпай, балага бардаштуу, тоң баяндаган түзүк эмей...

— Эми өз жайыңды ук, жытым,— деди эне доошун айбаттуу сала,— кулунум, зооканын учундагы кең таштыкетийм деп өжөрлөнүп жеткенде... тайгылып, шейит кеткен соң, башкарма Поронзого, иштеген жерине дилгирем уруптур. Чоң машина толо киши Поронзонун өзүнөн келбедиби. Кошо иштешкендери экен. Алардын арасында монтойгон үч-төрт кыз да бар. Биздин эл кары-жашы дебей бүт түрүлүп, ушул коктунун ичи батпай чогулушкан. Өкмөткө аябай ыраазы болушту белем. Поронзолуктар жаш, келечектүү кызматкерибизди жөн көмбөйбүз дешип... машинага килем-килчесин жаап... шейитимди гүлгө ороп кийинтип жаткызышты. Аза күтүү жыйналышын ачышып... Жүрөктү өрттөгөн жалындуу кептерди айтышып... А тургай тууган-туушкандарынан сүйлөтүшүп... Сурнай, кери-

ней тарттырышып... Шаң менен, даңк менен. Ошол өзү уч-кан асканын түбүндөгү четин менен арчанын ортосуна койдурушкан. Дөбөдөй корумдаган мүрзөнүн үстүнө сал таш коюшуп, кулунумдун аты-жөнүн жазышкан...

Аманат тамагын жасап, «аны мен билем, чоң балдар мага айтышкан — бирок, каерде экенин көрө элекмин. Жалгыз баруудан корком. Таппайм да. Силер көргөзбөсөңөр чоңоё түшкөндө өзүм издеп табам» — деп айтып жибере жаздап токтоду. Анда энеси чочуп, сөз бузулмак. Муса байкеси (ошентип атайт) жөнүндө ар кимден далай сөз укkан. Аны ээн учураткан айылдаштарынын кимиси болбосун, «жакшыдан калган туяксың, жакшы бол балам» — дешет. Жалгыз гана чоң атасы менен энеси андан жашырып жүрүшпөдүбү. Көрсө, чоңойсун, эс кирсин деген тура. Алардын тилеги, үмүтү энесинин ырындагыдай ачык белгилүү. Атасы Муса, а тууган апасы ким, кайда? Аны ага эч ким айта элек. Азыр чоң энеси ошондон баштагай эле...

— Ошондо берен атаң кан жутканын билгизбей, каркылдап минтпедиби: — ыраазымын калайык журт! Порончодон келген балдарым, силерге ыраазымын. Мусам, жалгыз менин уулум деп жүрсөм, калайык жалпыңдын уулунар болуп калган турбайбы. Урматтап көмдүңөр. Жалгыз арманым кулунум жаш кетип, үй үйлөбөй, тукум калбай калды. Ыраазымын калайык! — дегенде тароого жакындаган элдин ичинен чыңырган бир үн чыкты. Көрсө, Порончодон келген кыздардын бирөө экен. Эл деген эмеспи. Сураштырыптыр. Абышкам экөөбүзгө Мусанын алам деп жүргөн колуктусу экен деген шыбыш угулду. Бардаштуу атаң — кокуй, бу чыңырыктын жакшылык жышааны бардай... Кемпир ыйынды тыйып, бар, жалгыздатып сура. Ошо үйгө кирбей калган келин баламдын оозунан сөзүн ук,— деди.

Элдин аягы сууганда, күйүткө өрттөнгөн жүрөгүм элепжелеп алда нени шекшип, уурданып уулумдун бейитине жетсем, кара кийген шаардык кыз жанындагы курбусуна ээ-жаа бербей үйүлгөн коргулду кучактап боздогонунун үстүнөн чыктым.

«Алтынай,— акырын үн каттым. Мусадан анын атын далай эшиткем. — Тура гой, Алтынай, жүрү, мени ээрчи».

Ал жаш көлкүлдөгөн мындуу көзүн мага жалоорутуп, солкулдады: «Ооба, мен Алтынаймын...» Аны курбу кызы менен үйгө апкелдим. Ал күндөрү бизге кайрат айтып, жалгыздатпай эл өксүбөдү. Прунзадан келгендерден да калгандары болду.

Тээ, түн ортосундагы чылк караңгыда Алтынай мени

ышоолоп сыртка чыгып, сенин атаң Муса экөө бирин-бири жанындай жактырышканын божурады... А кургур мени энесиндей санап ачык ишенди. Бирок, баамымда эң түпкүрдөгү сырын даап айта албай жашырганын туйдум. Баягы жөнөтүлбөгөн кат колуктусу Алтынайга жазылыптыр. Алтынай мага эркин сүйлөшүп, жаныма ынак тартты. Уулум бизден жашырыптыр. Кетээринде айтмак экен. Катын окуп берди. Барар замат үй алып, чогуу кирип той бермек экен. Башкармадан суранып атасы экөөбүздү тойго ала кетмек экен. Ошонун баарын колуктусуна даярдаган катына жазыптыр. Үйүр алган соң:

— Жашырсаң, калп айтсаң, арманда кеткен жаш жарыңдын арбагына койдум. Сенин боюңда Мусамдын аманаты бар шекилдүү. Буюрбаган кайын энең мага айт ачыгынды, десем: — Апакебай, жок деп айта албайм. Нике кагазым да чөнтөгүмдө. Бирок, тирүүсүндө той өткөзүп бу эшикти аттабай калбадымбы... Уят, өлүм өйдө мага... деп буркурап мойнума оролду. — Кой балам, антпе. Шаарлыктар боюнан алдырып таштайт дейт. Антсең бизди эки өлтүрөсүң. Эптеп аман төрөп, атасы экөөбүздүн колубузга ымыркай кезинде жеткиз. Кийин бала тирүү чоңойсо, биз өлгөндө сени табаар. Кааласаң катышып тур. Каалабасаң өзүң бил. Сенин башың ачык, жаш кезинде багынды байлабайлы,— деп асылып жатып мукулдугун алдым. Бу кабар элге дароо тараптыр. Айылдын аттуу баштуусун чогултуп, атаң болуп ачык сүйлөшүп... Алтынай келиниме бата беришип, жылуу жумшак узатышты. Өчкөн үмүт бүлбүл жанып, Алтынайдан Аманатты күтүп ошол аман төрөлсө экен, эптеп колго, тийсе экен деп тиледик. Келин баламдын бүтөөр жылы экен. Окуусунан отпускеге чыгып жашырынып ушул сени төрөп, айлык ымыркайында биздин колго таштап кеткен.

Аманат капкара тегерек көзүн коймолжута, ысык жашка толкута кайпактады:

— Ок калпычы десе, мени сен өзүң кузуп алгансың. Алтынайынды билбейм. Экинчи аны айтпай жүр дейм. Жарайбы?! — Энесинин мойнунан кучактап адатынча булкулдатты. Бул балалык жойпулукпу? Же ымыркайынан бапестеп өстүргөн чоң энеден бөлөк эне жытын, камкордугун сезбеген баланын наристе адилдигиби? Ким билет. Мындай нерсеге олуялык кылуу кыйын. Андай эки ача ой азыр энеде да, балада да жок эле... Ошол маалда боз кулунду ээрчиткен кула бээ заңкайып өтүп баратты. Батманын көзү негедир кулундуу бээге кадалды. Кула бээ кадимкисиндей суналып, кайгыдан кутулгандай, кулунга өз бала-

сындай көнүп кеткен. Боз кулун андан бетер өлүмтүк уйпаланган жүнү кулпунуп, небак тентектин терисин жамынганын таштаган. Торсоюп энесинин жанынан оолактабай, булактаган сүткө семире баштаган.

— Жытым, мобу экөөнү карачы. — Батма кичине, чоңдуу жылкыны жандады. — Куду сен экөөбүздөй. Бири-бирине кубат, бири-бирине эш...

— Ох, калпычы десе. Эч качан биздей эмес. Сен болсо менин бир тууган чоң энемсиң. Муса байкем, жанакы, Алтынай дегениң болгондо деле сен чоңойтмоксуң мени. А мен болсом силерди багам.

— Акылыңдан сенин, тилегиңден сенин. — Батма небересинин мандайынан чоп-чоп өптү.

— А булар эмне. Такыр башка немелер.

— Жок, жытым, дал экөөбүздөй. Кула бээ мобу желедеги жылкылардын көбүнүн чоң энеси. Бу боз кулундун аныкчоң энеси.

Аманат жактырбаңкы колун серпти:

— А, айбан ыраак-жакынды билбейт.

— Кептин баары өз баласын жерип кеткен жаман кызыракта, жытым.

Эненин акыркы сөзү Аманатты кызуулатып жиберди:

— А кызырагыңар Алтынайдай болгон эме да,— айтарын айтып ийип, энесинин жүзүн тик бага албай бети-башы ысып булоолонду. Аны баамдаган Батма байкамаксанга салып кайпактады.

— Антпе жытым. Алтынай акылдуу, татынакай сулуу кыз болуучу. Ал сени төрөгөн. Мусанын колуктусу.

Аманат жанакы олдоксондугун жооткотуу максатында:

— Эх койчу. Айтпа дебедим беле. Мейли, Алтынай акылдуу, татынакай сулуу болсун,— Аманат энесине ээ бербеди. — Менин апам, энем сенсиң, сенсиң гана!

Батма бул маектешүүсү небересинин жүрөгүн сабылтып, муңга чырмаганын туйду. Кап, минтерин билбей, бекер жобураптыр. Болоору болуп, боёсу кангандан кийин, айласы канча? Сыягы, баяның түшкүр Аманатты майыштырды, дагы далайды угат, түшүнөт. Торсогоюнун өжөрлүгү кармаса, каалаганын аткартпай тынбасын энеси билет да! Ал укканынын акырына жетпей көксөсү суубайт...

Ошо тапта эбептен-себеп болуп карган эне Батманы күтүлбөгөн жагдай жеңилдетти. Кайдан айдан экени белгисиз, шымаланган кара тору, шатыра-шатман чурулдаган коңшу айылдардын балдары топтошуп чыга калбаспы.

— Эй, Аманат, сен каякка житкенсиң? — Алардын ичинен бирөө тээ алыстан кыйкырды.

— Ал деген энесинин этегинен карыш чыкмак беле,— тоголонгон жоон кодоо кытылдады.

— Жүрү ууга, жылбай отургандан тажабайсынбы?

— Ага энеси менен комузунан бөлөк эчтекенин кереги жок,— деди кодоо дагы.

— Жөнө, чурка, жытым. — Батма тамылжый шыбырады. — Чын эле, кичинекей абышкадайсың... Жолдош, курбусуз өткөн күн курусун.

Аманат кыйылып зорго козголду. «Ай, ушулардын кычап азыр келгендерин карачы! Кантесиң эми»...

Батма жеңилдей үшкүрүндү. Кудай жалгагыр, небересинин бүгүнкү көөдөнүнө толгон кайгысын тоо суусунун салкын шары илеп тартып, бөксөртөөр.

Баланы көз шооласынан узатып, байбиче кетүүгө ашыкпады. Козголгон жүрөк чери аны ордунан жылдырбай, бут-колун салмактантты. Ал жытын а деп ымыркайында Алтынай апкелгендеги кооптуу жана шаттуу күндү мына азыр ошо уулу оңго толгондо кайрадан эскерип толкундоодо.

Алтынай

...Курган Алтынай! Мусадан айрылган соң тамырына доо кеткен гүлдөй бүрүшүп, ажарлуу өңү өчүп, жаш өмүрү солуп катымак тартты. Врачтар ага кайгынын зарпынан начарлаганын эскертишип, анын чабал жүрөгү, боюндагы баласы кантээр экен деп кооптонушту. Алтынай бир нече айлап ооруканада жатты. Ошол учурда Мусанын энеатасына үзгүлтүксүз кат аркылуу кабарын билдирип турду. Алар келинине маал-маалы менен белек-бечкек жөнөтүштү.

Алтынай ооруканада дарыкерлердин көзөмөлүндө да окуусун токтоткон жок. Кээде чымырап, кээде опколжуган жүрөк оорусуна карабай жатса да, отурса да окуганы китеп, чиймелегени конспекти. Антпесе, диплом жактоочу жылынан кечеңдеп калбайбы. Томолой жетим Алтынайга дагы бир жыл стипендиясыз окуудан калыш оңой бекен.

Кайын эне, кайын атасынын кына барышы да мүмкүн эмес. Анткени анын ар түркүн китеп, лаборатория, илимий жетекчиси менен иштөөсү зарыл...

Качан гана ал азоолак тыңыганда врачтардын «башыңды көп чарчатпагын. Жүрөккө күч келтирбегин» деген катуу буйругун аткарууга убадасын берип, ооруканадан чыкты. Антмек кайда? Алтынай китепканалардан жылбады. Калтыргандарын толуктап кууп жетүү үчүн түнкүсүн

тирмийди. Анын бактысына жатаканалаш студенткал боорукер, мыкты кыздардан эле. Алар Алтынайды бард түйшүктөн бошотушту. Ал үчүн кошуна кыздары кезмет бөлүштүрүп бөлмөнү жуун, иреттеп, тамак жасашат. Ок үйдөн чыга албай күйпөйгөнүн байкашса, китепканад окуу куралдарын алып келүүгө чуркашат.

Ондой бердисине салып куду төрөөр алдында, дипл мун болгондо да отличного жактады. Комиссиянын төрага сы өзү столунан обдула туруп, Алтынайдын алаканын кы са барпактады:

— Азаматсың, кызым! Аман-эсен көз жарып, бала менен бактылуу бол!

Алтынай кандайдыр жылуу толкунга серпилгенсип же цилдене үнсүз солкулдап ыйлап ийди. Мусаны көмгөндөн бери биринчи мертебе жашоосу, үмүтү аны менен кош бүтпөгөнүн, дагы таалай шооласы жылмаярын туйду.

Алтынай ымыркай уулу экөө төрөт үйүндө бир жарым ай пааналады. Өлүм алдында жаны кыйналып күн-түн врачтар кашынан кетпей алакетке түшкөн учурлар өттү. Алар жабырдуу жаш селкинин өмүрүн сактоо үчүн, опут туу медсестраларга да ишенбей, өзүлөрү дары берип, ийне сайып, кашыктап даам татырышты...

А деп төрөгөн күнүндө да, кийин да Алтынайдын эмчегинен сүт чыкпады. Ымыркайды бөлөк энелердин сүтүнө оозантышып, чоочун энелердин сүтү менен багышты. Ал өтө эле араң жан болгондуктан башка балдардай баркы рооо да дарманы жетпей тынч үлдүрөдү.

Алтынай саал-паал эсин жыйганда уулун көргөзүүнү өтүнчү. Чүрпөсүнүн болжураган карасур иреңине көпкө тигилип, андан өзүнүн Мусасын, келбети келишкен, кайраттуу Мусасын көрүүгө, түспөлдөштүрүүгө ниеттенчү. Арийне, болжураган ымыркайдын жүзүнөн кимге окшоштукту айра таануурга мүмкүнбү?..

Уулун ушундай кыска мөөнөткө жолугуштуруп алып кеткенден кийин Алтынай негедир алсырай баштачу. Температурасы жогорулоочу. Эриндери кургап, бакырайган кайгылуу көздөрү күңүрттөнүп, чүңүрөйүп чарасына чөгө түшчү. Акыры врачтар ага баласын көргөзүүнү да тыйды. Күндөрдүн биринде апасындай айрыкча жароокер мамиле жасаган врач аял, Алтынайдын кроватынын жанында узакка божурашып отуруп, минтти:

— Эми кызым, биз сени беш, алты күндө чыгарсакпы дейбиз.

— Чын элеби? — деди Алтынай кубанып да, чочулай да.

— Чын. — Врач айтканын аныктады. — Эми экөөбүз акылдашалы. Мындан аркы абалың кандай болот?

Алтынай эринин жай бүлк эттирди:

— Билбейм.

— Сенден сүт чыкпайт. Бул биринчиден,— деп сөзүн улады врач,— экинчиден — жатаканада балаң менен жашоо кыйын. Эң негизгиси — сага али кыйлага дейре баланы көтөрүп да, энкейип жалаягын которуштуруп багуу да оордук кылат. Тилди албасаң, кайрадан ооруканага туушарланасың. Алтынай, сенин жүрөгүң илдеттүү, жүрөгүң чабалыраак...

— Аргам канча? — Алтынай башы маңдана кайта ага кайрылды. Ал өзүнүн туш тарабынан туюкка капталган ахыбалын жаныңдагы мээримдүү аял айкын туюнтпаганда анчалык элестеткен эмес.

— Антпе, айланайын, капаланба. Эптеп айла табарбыз. Мен башка врачтарга дагы кеңештим. Бул бүтүмгө келдик. Сен азырынча бала бакканга алсызсың. Ден соолугуң чабал. Эми ачыгын айтсак болот. Мындан он, он эки күн мурда сенин абалың өтө кыйындап, баш көтөрөрүнө да шек туудурган.

— Мен айылга, баланын чоң ата, чоң энесиникине деле барсам болот. — Алтынай шыбыштай акырын унчукту. Андан башка ыктуу чечим болбосун өзү жакшы түшүндү. — Баланы аларга жеткизем. Мусаны койгондо карылар өзүлөрү менден жалбарып сурашкан.

— Анда эмесе,— деди врач,— мен да сага дал ошентүүнү айтмакчы болуп, кандай кабылдарыңды билбей, капалантамбы деп чочуладым эле. Алтынай, өзүңдү да, баланды да аягын. Чоң аталарына табыштасаң, уулунду бөпөлөп чоңойтушат. Башың жаш эмеспи, балким билбессин. Илгертен көпчүлүк кыргыздарда мындай салт бар. Жаш жарлар тунгуч наристесин эне-атасына берип асыратышат. Бул алардын өзүн тапкан адамдарды сыйлагандыкка, урматтагандыкка жатат. Бекеринен чоң эне, чоң аталар «баланын баласы карт жүрөктүн давасы» дешпеген.

— Ырас элеби? — Чындап таңыркады Алтынай, — Мен билбепмин.

— Ооба, ушундай салт болгон. Азыр да аздыр-көптүр сакталат. Албетте, ал уулундан караманча түңүл дегендик эмес! Тыңыйсың, иштейсиң, өзүңчө бөлмө күтөсүң. Ошондо аны кайра аласың. Бакчага апарасың...

— Карыялар ага көнүшпөс.

— Анткендери да туура! — Капысынан дарыгер аял коштой жыйынтыктады. — Баланын таза абада, пирлери-

нин алдейинде, жалгыз уулунан калган керез, аманаты катары эркин чоңойгону дурус. Алтынай, сен ошо карияларды дагы аягын, сыйлагын... Сен эми өзүң дагы энесиң...

Эртеси башкы врач өзү Алтынайга баарлашты:

— Менин угушума караганда, сиз уулду убактысынчабы, атасынын карияларына табыштайт окшойсуз?

— Ооба,— Алтынай башын эңилтип күңк этти. — Аны жеткирем...

— Деги ойлонуп көрүңүзчү, сизге жалгыз алыскы жолго чыгууга болбойт. — Врач өкүм сүйлөдү. — Кимдир бирөө кошо барса бир жөн.

— Эмне үчүн? — деди Алтынай. — Мен азыр тыңып калбадымбы.

Врач жүйөөгө жыгылгандай башын ийкеди:

— Албетте тыңыдыңыз! Антпегенде биз чыгарбайбыз. Азыр жайдын толук убагы, ыраспы? Демек, сиздин карылар жайлоодо чыгаар?

— Ооба, мен бакисин өзүмдү дарылаган эжекеге айткам.

— А эжекең мага...— Врач ууртунан жылмайды,— айтып, сизден чочулоодо, бараар жайлооңуз деңиз деңгээлинен үч жарым миң метр бийиктикте. Алтынай, сиздин жүрөк, андай бийиктикти көтөрө албайт. Мени жаман көрүңүз, бирок, мен кошо барчу кишисиз, сизге руксат этпейм.

Алтынай өзүнө анчейин ишене бербей, о далайда жооп кайтарды:

— Болуптур... Мен курдаш кызымды кошо барууга суранайын...

Ымыркай түнү маал-маал ыңаалап, карды ачканын кабарлаган сайын, энеси төрөт үйүнөн берген бөтөлкөчөлөрдү эртеңки жолго кенен жеткизүүнү ойлоп, сүттөн таткантып гана жарытылуу тойгузбады. Барыдан жаш эне Алтынайдын эмчегинен сүт чыкпаган жоругун карасаң!

Эптеп таң атырып жолго чыгышты. Апасынын тизесин жазданган курчактай бала машина зыпылдаганда термелип, анда-санда гана жеңил, жакалуу жашыл жибек жуурканчасын бүлк эттире кыймылдай чукуранганы дебесе бөйтөйө катуу көшүлдү. Ага жарпы жазыла Гояна купуя жалбарды. «Кандай татына уул. Убал. Кантип торолоор экен?»

Такси өр таянып тоону беттей жогорулаганда Алтынай кумсара үлбүрөп, өң алаттан өчө баштады. Балким, карыяларына алдыдагы кездешүүнү элестетип толкундап атканынанбы? Же тун чүрпөсүнөн ажыроо мүшкүлү калтыратуудабы?

Гояна ага үйрүлө бурулду:

— Ой, кантесиң сен? Неге алсырайсың? Андан башка арга жок деп өзүң чечпединби?

— Кыйналып баратам,— деди Алтынай араң шыбыштай .— Демим кыстыгып...

Алыскы жолго чыгынган таксинин шоферу улгайган орус адам сөзгө аралашты:

— Анда терезени ачайын, кенен дем алып бара бересиң.

Алтынай чочулап башын силкти:

— Жо-ок, балага суук тиет.

— О, кайран өзүм десе! — Шофер баржактады. — Кичинекейди караманча унутуп койгон турбаймбы. Баланыз тынч, жакшы баратат.

Дагы он мүнөтчө ашууну түптөй үнсүз жогорулашты. Алтынай жумшак орундукка чалкалай, эриндери көгөрүп, көз жапкагынын асты күңүрттөй түштү.

— Э, Гояна! Кантем! Караманча муунуп калдым...

— Келе баланы мага! — Гояна карбаластады. — Терең дем алып көрсөң, кана! Дагы! Дагы!.. Бу алакеттен эчтеке чыкпасын, курбалы өтө кыйналганын көрүп, шофердон жакынкы ооруканага, кур дегенде аптекага токтоосун өтүндү.

Аптека чукул экен. Баланы орундукка жаткыза, Гояна машинадан атылып чыгып, тез эле ак желеткечен аялды ээрчитип жетти.

Ак кийимчен аял Алтынайга чу деп көз жүгүрткөндө эле, тикилдеп ыргагынан шашылган тамырына адеп бармагын тийгизээр замат, чечкиндүү буюрду:

— Эмесе, мындай кагылайын. Сени биз эс алтып туруп, кайра шаарыңа жөнөтөбүз. Мындай жүрөк тоого жарашпайт. Мен сага врач чакырууга аракеттенем.

— Бирок, мен кайра кеталбайм. — Алтынай кыңырылып зорго унчукту. — Эч мүмкүн эмес. Баланы жеткизүүм керек.

Тигил аял аки-чүкүгө келбестен оролуу баланы боорына көтөрүп, жөнөдү.

— Мени ээрчигиле.

Алтынай жол боюндагы аптекага зорго чымырканып жетти. Үрпөйүп чочуган Гояна аны тепкичтен сүйрөп чыгарды. Дары жыттанган таза бөлмөнүн чакан стол чыкыйып, ак кленкадан көшөгө тартылган бурчундагы тапанчага Алтынайды жаткызып, алиги аял кандайдыр тамчыны таткантып, ийне сайды...

Алтынай көзүн жуумп мемиреди. Акырындап анын эринин үлбүрөткөн көгүш тарады. Өзүнүн деле козголууга

шайы жоктой. Анын үстүнө аптекачы турууга тыю салды.

— Сыягы врачсыз эле абалды ондодук. — Аптекач өзүнө ыраазы боло болпойду. — Согуштун башынан аяг на дейре бекеринен медсестра болупмунбу. — Анан а азоолак ойлуу аялга унчукпай туруп илдеттүүгө сур берди:

— Бу сеники кандайча, эмне болду? Качантан бе сыркоосуң?

Ошентип Алтынай караманча чоочун аялга өзүнүн ка гылуу таржымалын божурады. Кунт коюп тындаган у гайган аптекачы, жай гана акылман кенешчидей жайк сүйлөду:

— Анчейин коркунучтуу деле эчтеке жок. Бир шарт так аткарасың: сага жайлоого чыгуу такыр жарабайт. Д мек, сен мында эс ала турасың, а баланы бабасына курбалың жеткизет. Ымыркайга азыр сенби, Гоянаб баары бир — деп, күлүмсүрөй ажарланды.

Гояна күтүүсүз сунушка аптыга тепилдеди:

— Менби?.. Кантип? Мен карыяларга не дейм? О ушундай кантип болсун!..

Ак кийимчен аял доошун көтөрүңкү каргытты:

— Жакшылыкты аягына дейре жасаган дурус. С жолдошуңа жардамга чыктың беле?

— Ооба, чын...— Бирок...

— Үйрүлөйүн бийкеч, азыр эч кандай «бирок» каже сиз. Баланы жеткизип табыштоо керек. Алтынай бул аб лы менен эч жакка, айрыкча тоого жол тарталбайт. Арг жалгыз гана...

Анын сөзүн Алтынай бөлдү:

— А карыяларыбыз эмне дешет? Менин баламды ч чун кыз алпарса, кандай ойго түшүшөт?

— Аларга Гояна бакисин түшүндүрөт. — Аптекачы ө төм унчукту. — Болгонун болгондой. Буга ойлоп калп а туунун кереги жок. Деги, байкап чечкин. Болбосо, се ооруканага жеткирем, арийне жана көрө замат эле оше сем болмок. Же, Гояна баланы жеткизип кайтканча м да мени менен болосуң.

Башынан далайды өткөргөн аптекачынын жүйөөсү айласы түгөнгөн эки селки кандайча каршы чыкмак эл Аптеканын тушунда күткөн таксист, акыры чыдамкыраб түтүлдөткөндө, аптекачы терезеден моюнун созо кыйкы ды: «Азыр! Азыр!»

Алтынай Гоянага кыйналыңкы жалооруду:

— Сен макулсуңбу?

— Коркпо, жеткизем — Гояна аны ишендирди. — Мен аларды табам, билем...

Улгайган аптекачы баланын жалаягын өзү алмаштырып, сүт куюлган акыркы бөтөлкөчөнүн упчусун наристенин эриичесине чопулдата эмизип, журканчасына этият ороп, бооруна селкилдеткен боюнча эшикке адымдады.

Гояна кантсе да калтырак баскан аягын оор солгуй аның соңунан жөнөдү.

* * *

Жайлоого чак түштө келишти. Жайдын толукшуган күнү төбөдөн чымырап, аваны көйкөлтүүдө. Теребел жашыл ыранга жайкалып тыптынч. Нурактын жылкы айылын тез эле табышты. Машина боз үйгө чукул жылып токтоор замат тыяктан-быяктан опурап-топурап балдар, аялдар, карыялар жабылышты. Такси минип келген кимдин м[illegible]аны болду экен? Арийне бул айылга минтип чанда бир[illegible]өлөр келишет. Эриккен тоолуктардын барысына кызык. Шофер машинадан суурулуп, чогулгандарга бурулду:

— Бизге Нурак аксакал, байбичеси экөө керек. Кайда алар?

Кызыгың түш, акылга сыйбас жорук болбоспу. Карыял[illegible]өө тең үйлөрүндө жок экен.

[illegible]лукчандардын ичинен кызыл тору келин, иштин жайын аңдап, топтон бөлүнө машинанын каалгасын ачып, кантээр алапайын таппай элдиреген Гоянанын колунан баланы жулуп чаңкылдады:

— Жүрү, ээрчи мени! Ата-энең айылчылап мейманга кетишкен. Аларың кечинде араң келишет.

«Сенин ата-энең! Демек, мени Алтынай деп жатышат? Баланы да меники дешет ээ?» Балкайган орус шофер машинасына далдаланды. Ал эми Нурактын боз үйүнө алиги келин алып кирген Гоянанын үстүнө кемпирлер шашыла жүткүнүштү. Алар бака-шака түшүшүп, баланын бетин ачып, ороосунан ачынып, ыйлаганына карабай жытын искеп, мурдуна колдорун тийгизе чоп этимиш эте бир-бирине көрүндүк доолашты.

— Эмне турасын? — Алиги келин Гоянага кайрылды,— [illegible]а эмчек сурап атат, бербейсиңби?

— Ананайын наристе, аябай ачкарын экен! — Кемпирдин бирөө келиндин сөзүн коштоп, Алтынайдын уулу жаткан төшөккө Гоянаны түрткүлөдү.

— Эмиз, эмизе кой, баланы!

Гояна аргасыз төшөккө чөгөлөдү Аны көтөрө албачу-

дай, жүзү оттой албырап, чекесинен муздак тер чыбы чыктады. Гояна дагы биртике чымырканып отурду. Ана ага арбалган, бала эмизип бөпөлөгөн кадим энелерди сынай, жекире караган көз караштарынан заарканып, ша турду да, боз үйдөн сыртка атырыла текилдеди. Қыпы дап зорго күткөн шофер машинасын шайдоот окторулту бул түшүнүксүз окуяга айран таң, аялдардын ызы-чуус нун коштоосунда ойду карай зыпылдатып узады.

Таарыныч

Нурак аксакал менен Батма байбичени сүйүнчүлөө узун бут уланды чаптырышты. Фрунзеден неберенерд жеткизиштиден бөлөк эчтеке айтпоосун буюрушту аг аялдар.

Қарыялар меймандын аягына күтпөй аттанышып, а лына кандай жеткенин да билишпеди. Батма болук жүзү салаа-салаа бакыт жашына жуун, карала шалы жоолугу желбиретип, баркут кемселинин өңүрүн делдейте, үйүн атылып кирип... коңшу жылкычынын жаңы төрөгөн кел ни тойгуза эмизген соң, торсоюп уйкуга мемиреген кол б шындай ымыркайды чап көтөрүп, жалбара берди. Куба нычын күмүш сакалынан айкындаган Нурак, о, кыйлад эсин жыя, кубаты качып үлүңдөгөн көзүн күлүңдөтө жар данган элге токтоо кадалды.

— Алтынайым кана? Келинибиз кайда?

Қарылар жүрөгүн сабылтып мына буларды угушту Алардын келини баласын эмизгенге да жарабаптыр. Акы лынан айныгансып ымыркайдын жанына чөгөлөп, аны да айланадагыларды да жалдырап карагандан башканы бил бептир. Анан автомобилге чуркап түшкөн бойдон сызып тыр. Бу жоболоңдуу жорукка аялдар тургай эркектердин кыжыры кайнаганычы. Мындай шумдукту ким көрүптүү Жалгыз гана Батма келинининн айыбын жумшартууга да лалаттанды.

— Кур бекер күнөөсүн көтөрбөсөңөр. Анын абалы билбейсиңерби ботом. Жаш кургур азап менен төрөгө баласын калтырып кетеринде көзү чымырап, делбе тап таңган чыгар...

— Олдо сенин болушчагың ая! — Нурак буркулдады. — Муса балам, делбетап колукту тапкан экен да. Бүт айыл ананын көзүнчө уятка калтырып, качып жөнөгөнүн кара Ушунусу жакшы жосунбу?

Жардангандар акырын жылып жөнөштү: «Эрди каты урушса, эси кеткен болушат» дегенди эстешти окшойт.

— Жок, ээгиме сакал чыкканы менен эч ким мынчалык сыпдырган эмес. —Карыя ого бетер кызууланды. — баланы таштап качканын кара! Кудая тобо-ой адам эмне болуп баратат а?

Батма баланы балпайган төшүнө таптай, ичинен өзү деле ызага буулугуп турганын билгизбей, абышкасын жайкай жайдандады:

— Кантесиң, деги бакырбачы, туйгунум, басыл эми...

— Кыямат кайым түшүппү, келиниңдин бизге учурашпай чапканына баракелде!

— Мүмкүн шопур, жанын койбой шаштыргандыр,— байбичеси анчейин ынандырарлык актай албасын туйса да тилин безеди. — Ан үстүнө алыскы айылдан биз кайтканча такси машинени токтотуп тургудай анында эле акча толуп атыптырбы? Деги кичине ойлоп көрсөң...

— Машине! Шопур! — Нурак кыжырлуу олунду.

— Э, келжиребечи кемпир-р! Акчаны биз берет элек го. Сенин акылың боюнча ага абийирден акча кымбат болгонбу? — Батма буга ыктуу жооп таппады. Абышканын күйгөнүнчө бар. Кантсе да алчылап келини тууралу жаман ойлоого дити барбай, негедир актоого жүйө издеди:

— Э-эй, туйгунум, тирүүлүктө нелер болбойт...

— Ооба, өзү тууган баласын эмизбей жериген эне болот дечи? — Нурак көшөрүп токтолбоду. — Ачка таштаса мейли дечи? Анын эмнеси эне?

Батма сөздү жумшак чоё таштады:

— Сен эне болуп көргөн эмессиң да туйгунум. Эненин жайын түшүнбөйсүң. Эгер жаш неме баласына ажырашаарда эмчегин эмизсе, ага ого бетер кыйын болмок. Бооруна кыскан боюнча кайра алып жөнөмөк. Ошондо сен жыргайт белең?

— Ага чейин аның баланы эмизгенби, же умай эненин жыты менен бакты бекен?

— Эмизгендир... А мында менин жаман оюмча, ийибеген. Сыягы өтө жыйрылган, кайгыга жеңдирген... Топурап эл тегеректесе... Шаарлык, жаш эмчек келиндер баласын чоочун кишилердин көзүнчө эмизбейт, уялышат деп уккам...

— Уялат! — Нурак кемпирин жекирди,— баласын өсөөрткөндөн уялбайт эмизгенден уялат! Мен ушундай келжирекке ишенет имишмин! Андан көрөк баланы таштап кутулду дебейсинби!

Батма зээни кейий, көзүн коюулантты:

— Ушу сөздү кантип оозуңа алдың, туйгунум? Аман көз жарсаң, бизге жеткизе көр айланайын деп өзүбүз жал-

барып сурабадык беле. А сен — таштап кутулду — деп дөөрүйсүң да! Антип неге жаныңды күнөөгө батырасың?

— А баласын багуучу кишилерге жүздөшпөй чу койгон күнөө эмеспи? Айтчы, дарканым, а күнөө эмеспи?

— Аныгын угуп билмейин келинимдин күнөөсүн көтөрө албайм. — Батма ансыз деле узарган кыжы-кужуну токтотууну ойлоду. — Ага жараткан күбөө, сен экөөбүз эмес. — Газ машинеге суу куйган чакасын коюп, чоң эне небересин киринтүүгө беленденди.

— Шашпа, көрөбүз сенин жаратканың эмне дээрин. — Нурак кобурап сыртка чыкты.

* * *

Анчалык көп өтпөй Нурактыкына Фрунзеден кат келди. Анда алигинде аларга Аманатты жеткизген өзү эмес, курбу кызы экенин, өзү жолдо ооруп калганын, кайра кайтканда курбусу шаарга кошо кетип, дароо ооруканага жаткканын, жакында гана тыңыганын кабарлаптыр...

«Силерге баралбайт окшойм,— деп улантыптыр катын да келин. — Жүрөк оорумдун зарпынан врачтар сиздерди бийик жайлоого барууга тыюу салышты. Кызматым кан дай чечилерин да билбейм. Геолог тоодо иштөө керек, ага мен жарамсызмын».

Нурак эжелеп, кайра-кайра кайталап, Алтынайдын сулуу, майда кол жазмасын зорго чыгарды. Башка бирөөнү чакырып окутуудан арданды. Өздүк катта эмнелер айтылганын ким билет. Айылдаш кошуналары ушу кезге дейре Нурактын келининин кыял-жоругун түшүнүшпөй аң-таң. Ара чолодо айылдаштары чунак келиндин кайын ата, кайын энесин күтпөгөнүн, баласын эмизүүдөн качканын аңазалашат... Жок, карыя небересин чоочун кыз жеткиргенине ишенбейт, «болбогон кеп!»

«Жапжаш келинди жайлоого чыгарбай турган не деген жүрөк? Кой, жомогун башка бирөөгө айтсын. Жайлоонун авасы таза, атыр жыттанып салкын, адамга жагымдуу экенин кыргыз баласынын баары билет го. А келиним жадаганда айылга да келалбады. Баракелде! Мейли, Батма боорукер катын ишене берсин, мен катына жооп кайтарбайм. О, каралдым Мусакем! Ушундай жалакай, оорукчал аял менен курумак белен».

Ал эми кеңпейил, акылман Батмачы? А дагы келинине таарындыбы, жокпу? Албетте, таарынган. Бирок, көптү көргөн акылдуу байбиче кээде адамдар калыстыктан тайып, бирөөлөрдү калпыс сындарын элестеткен. Алтынай

тун перзентин бөлөк-бөтөн чал-кемпирге таштаган жок го! Абышкасы экөөнөн бөлөк ким анын баласын бөпөлөп бактакчы? А түгүл тууган апасы да буларчалык бапестемек кайда? Азыркы жаш энелер, бөтөнчө шаардыктар өз балдарын эртең менен, анан кечинде көрбөсө, калган убактыларын кызматта отурушуп жана дүкөндөргө чуркашып жүрүп өткөзүшөт.

Алтынай беш жыл катары окуп, институтту бүткөн соң кызматты таштамак беле. Анысын дагы эске алуу керек. Баягында аларды күтпөй кеткенинин себеби да белгисиз. Балким, чын эле оорудур, балким жазганы туурадыр, жайлоого баланы өзү жеткизе албаганы аныктыр? Ким билет! Бирөөнүн азабынан бакты табууну каалаган адам жарыбайт деген сөз бар. Мүмкүн, эгерде Алтынай соосаламат болгондо, аларга Аманатты койбос беле. Кантсе да эне... «Абышка экөөбүз канчалык сабылсак да, жалбарып сурансак да, чындаса бербеске чарабыз жок» — деген санаага Батма кыйла чырмалат.— Анда үйүбүз кайрадан аңгырап алла таалага сыйынып, өлүмдү гана тилеп калмакпыз».

Биринчи катына жооп келбеген соң, Алтынай экинчисин, анан үчүнчүсүн жөнөттү. Баары дайынсыз житти. Санаасы санга бөлүнүп, өзүн жооткотор шылтоо издеди. Арийне, Мусанын ата-энеси сабатсыз чыгаар. Мүмкүн. Анда жаштардан бирөөнү чакырып каттарды окутуп, жооп жаздыруу кыйынбы, аларга?

Жадеп карыяларына өпкөлөй таарынып, кат чийүүнү токтотту. Саламаттыгы кадимкидей оңоло түшсө, врачтын руксатысыз эле өзү жетип барууну чечти. Күр дегенде баласынын аман-эсендигин билип кайтпайбы!

Асыресе, Алтынай өзү тоого сапарчылоого азырынча кудуретсиздигин туюуда. Ден соолугу али оңоло элек. Күндөрдүн биринде кесипсиз калганын билди. Геологияга дарамети жетпестей. Көнгөн, тынч шаар тиричилигинде минтип үлдүрөп жаналакетинде жүрсө, геологиялык партия, тоо таш кыдырган саякат жөнүндө сөз козгомокчубу?

Кайрадан Алтынай таалайынын тайкылыгына кабыргасы кайышты.

Коргулдагы бейит

Алачыктын жанындагы там үйдөй төрт чарчы капкара сал таштын үстүндө тердикти жумшактай астына төшөп, мандаш токуна чокчойгон Аманат, кемирчек колун чимирилте комуздун кылын жыбылжытып тилге кийирди дей-

сиң... Бүт теребел анын сөөмөйүнүн учтарында солкулдап бийлей башгагансыды. Чыгыштан көтөрүлгөн чоң шашкенин күнү зоо чокусуна эңилип, токойдун башын кыркып, шар сууну, жашыл өтөктү аймалай эркелетүүдө.

— Кокуй кемпир, чака, көнөчөгүңдү ал. Жүрү, бээ саан болгончо желе жакка, жылкычылардыкына баралы да, быякка киши жибербейли. Уулуң бугун жасып алсын. Комуздун кызыгына батканда бүт дүйнөнү унутасың. Карачы, мен чертпеген кандайдыр мундуу күүнү боздотууда. Шырп алдырбай жылып жөнөйлү.— Нурак кемпирин эрчитип, табышсыз нарылады.

Ырас эле Аманат бүт турпаты менен эрип, өгүнкү эненин ырын, жок, эненин гана ырын эмес, өзүнүн, ата-журатынын өмүр баянын дилинен баяндоодо. Дилинен, сезиминен, жан-жүрөгүнөн куюлган бул алты сап ыр, чоң эненин мундуу овону менен эми гана жаңы терендикти ачкандай, бүтпөс дастандай улантууда. Добушун жай созолонтуп чоюуда...

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Уулумдун керээз камчысы а... а...
Тамчыдан дайра куралаар...
Тал чыбык бүрдөп буралаар ааа...
Саябан кылып чал-кемпир аа...
Санжырга күтүп кубанаар ааа...

Астындагы сал таш гана дүнкүюп туйбагансыйт. Калган чар тарабындагы көйкөлгөн жайкы жаратылыш бүт агаын кошконсуйт. Неге ал башка күүсү жоктон бетер, «булактын мөлтүр тамчысынан» бөлөктү чертпейт? Неге анын купулуна бөтөн күү мынчалык татыбайт? О, анын ой-саанаасын ушул тапта өзүнүн башка балдарга окшобогон жаралыш, өсүш-өмүр тагдырынан сырткары нерсе бура алабы? Ааламда ушундай азап менен жаралган, ардак менен багылган балдар көппү? Неге ал онго толгонго дейре, мектептин экинчи классын бүткөнчө өз өмүр баянын билбей эч капарсыз эркин чоңойду? Ага ким күнөөлүү? Жок. Чоң эне-атасыбы? Жок. Алар аны ыр менен, комуз менен көңүлүн куунак багышпадыбы? Анан ким? Аны төрөгөн, атын жакында гана уккан Алтынай аттуу кызбы? Сыягы ошо го. Ал неге Аманатты өз атасы өлгөндөн кийин төрөйт? Неге?! Неге таштап кетип калат. Андай немени эне деп айтууга болобу? Жок. Эне деп багып өстүргөн тилин, акыл-эсин төтөлөгөн аялды айтат. Алтынай деген ди экинчи кулагы укпасын. Анын энеси Батма кемпир гана. Андай мээримдүү эне болбос. Эмне үчүн акылман чоң эне си Алтынайды жерге-сууга тийгизбей мактайт? Чын эле

Алтынай деген татынакай сулуу кыз болгон экен э-э... Мени төрөгөн экен ээ. Сыймыктанаар байкем Мусанын жактырган колуктусу тура ээ. Ал Алтынай кайда болду экен? Неге келбейт. Неге мени менен сүйлөшпөйт, ойнобойт. Жо... жо... Мен аны тааныбайм. Сүйлөшпөйм. А балким байкемчылап шейт кеткендир. Тирүү апа кантип баласына дарегин билгизбесин. Анда ал деле күнөөлүү эмес го. Анан ким? Таптым. Муса байкем. Ооба, ошол. Жапжаш, күчтүү, билимдүү болуп туруп, неге эртелеп өлөт? Неге ал мени кичинемде Фрунзеде кол арабага түшүрүп чоцойтподу. Анан колумдан жетелеп балдар бакчасына алып барбады. Алтынай экөөлөп, шаардын дүкөндөрүнөн оюнчук, китеп сатып бербеди. Экөө ортосуна колумдан жетелешип мектепке ээрчитип барышпады. Карган эне-атасын бөпөлөп бакпады, кайра кан жуткуруп, ымыркай мени калтырып кете берген, ошол Муса байкемде күнөөнүн баары. Туура ошондо. Жок. Аны элдин баары мактайт. Энем айткандай кырсыкка, өлүмгө наалат. Атам, энем, ага-туугандарыбыз бүт мага каниет байлашат. Булактын мөлтүр тамчысы дешет. Булак байкем. Мен анын мөлтүр тамчысы. Тамчыдан дайра куралаар, деп жүрүшпөйбү. Мен Муса байкемдей азамат болушум керек. Кантип? Качан? Комуз черткенден, жылкы тоскондон, отун-суу алгандан, окугандан башка колумдан эчтеке келбесе... Неге мага мынчалып үйрүлүп түшүшөт. Неге башка балдардай эне, атам какыс-кукус кылышпайт? Мени таарынат, ыйлайт дешеби. Эч качан антпейм. Мен силердин ооздон түшпөй макталган уулуңардын ордун басаар бекенмин... Силердин эмгегиңерди актаар бекенмин... Аманат атымды дагы үмүт менен коюпсуңар. Ошол үмүтүңөрдү орундатсам экен...

Аманаттын колу, көөдөнү комуз кылында арбалып мына ушуларды чертүүдө, баяндоодо. Аманаттын өнөргө зээндүүлүгү өзгөчө. Ал черткен күүнүн тактыгы, тунуктугу, буктурма асеминин кубулжуган байлыгы чоң атасы гана машыктырган жаш үйрөнчүк чындыгый эмес, дасыккан комузчу дээрлик. Ошол өзгөчө зээндүүлүгүнөн өгүнү өнесин тарынтып ала жаздады. Комузунун мойнуна бадырайган үч көз мончокту таккан күн эле. Чу дегенде Аманат ар кыл түстө кулпурган мончоктор комузун кооздогондо чексиз сүйүнгөн. Анан кылдарын термей баштаганында негедир чалымын байкады. Кандайдыр бирдеме комуздун доошун кардыктырып какаткансыды.

— Ата, тындачы,— деди ал.— Комуз башкача унчугабы, же кадимкисиндейби?

Нурак момурай көпкө тыңшап, жай кобурады:

— Э, бокчум, сага бөлөкчө угулбаса... Комуз кадимкидей эле. Ишен маа.

Карт комузчу Нурак баамдабаган кытырды кичинекей өнөрпоз даана сезбедиби. Аманат амал ойлоого мажбурланды.

Чачылуу жибек жипке тизилген көз мончокторду эпесине жалбарып, жаздыгынын учуна кадатты. Бирок неге ошенттирген себебин айтпады.

Кийинчерээк Аманат комузу капкара сал таштын үстүндөгүдөй башка жерде шаңдуу, назик шаңшыбаганын боолголоду. Бир эле күү боз үйдө, суунун жээгинде, сал таштын үстүндө ар башка чыгат. Мобу сал таш Аманаттын баамында комуздун доошун шаңдантып, аземдүү күч жана чалкыган чабыт сүрөөнүнө коштогонсуйт. Дал ушул туйгуларын бала чоң атасына жобурады. Анысы көк ала мурутун чачырата мулуйду:

— Э, бокчум, жоктон бирдеңкелер таба бересиң! Сал ташты өтө жакшы көрөсүң, шондуктан анын касиетин, сыйкырын арттырасың. Таш деген — жансыз эле таш да.

Кантсе деле чоң атасы бу сапар дагы жаңылганын билди, Аманат.

Арийне, бир нерседен Нурак жаңылбаган сыяктуу. Карыянын баамында күү өнөрү — небересинин чардоочу дүйнөсү, сайроочу тили жана турмушту кабылдоочу жөндөмү. Ар кандай сезим, ар кандай жүрөк толгоосу, көргөн-билгенинин бакиси күүгө ийкемдүү буктурулат. Батма небересине атасы жөнүндө балким маектегенде, анысы дароо күүгө эриткенин Нурак тыңдап отурбайбы. Күү баланын зээнинен, угуп туйганынан, ой мүдөөсүнөн жаралбадыбы.

Каш карайганда оттун табына алаканын кактап кыңкайган абышка Аманатынын төшөгүнө ары оонап, бери оонактап уктабай чабалактаганын көрүп, чырмыктай түшкөнбү деп чочулады:

— Не болду, бокчум? — Жамбаштай жылып небересинин төшөгүнүн четине отурду.— Неге уктабайсың?

— Билбейм,— деди бала.— Сенден бир нерсе сурагым келет. Ачууланбасаң, аткарсаң айтам.

— Ой, оозуңдан аалат дес-се? Качан мен саа ачуулануучу элем? Айта кой...

Аманат атасына шыйпактап сакалынан сыйлай минтти:

— Атаке, мен эми чоңойдум. Энекем баки-жогун айтты. Кыңк этпей, байкемдин мүрзөсүнө алып бар. Көргөз. Ташта жазуу бар дейт окуюн.

Нурак небересине негедир кооптоно тикчие карады.

Аманат ан сайын чын пейлинен айткынын далилдеп, мыкчыйып чын. Эки күндүн ичинде эки жашка чоноё түшкөндөй сабырлуу. Чоң ата азыр аны оюнга жооткотуп кутулуу жөнсүз экенин туйду: —болуптур бокчум. Эртең эртерээк аттаналы. Апаңа айт. А да камынсын, айылдан экиүч аял ээрчитсин. Боорсок, эт бышырсын. Қымыз артууга чаначты жибитсин, быйыл баламдын бейит башына да бара элекпиз.—Нурак чыт чапанынын этек-жеңин кагына тура жөнөдү.

Аманат ата сөзүн апасына жеткизип, тез даярдануурга дүрбөттү. Ал өзүчү? Қайда, эмне жасаарын билбей тополоң. Тигилер болсо го баласына тамак апарышат экен. А уулу Аманатчы... Кур кол барабы? Қишилерге акылдашуудан айбыгып, бадалдуу бетке чуркады. Тирүү Мусаны көрүүчүдөн бетер жүрөгү алеп-желеп. Эсине эки нерсе түштү. Бири — эл салты. Өлгөнгө топурак салуу керек. Қолуна миздүү ташты кармап, жердин кыртышын оюуга, чөнтөгүнө жаңы топурактан толтура барып мүрзөсүнө себелөөгө ниеттенди. Он жылдан кийин топурак салса ата-энеси не дейт? Тилдешпейт. Бирок жашышат. Аларды ыйлатууну Аманат эч каалабайт. Орто саар термелип, китептен окуган, баса бая күнү энеси айткан шаарлыктардын салты — мүрзөгө гүл коюуну эстеди. Ура-а! Эми тапты. Тоонун укмуш гүлдөрү бар эмеспи. Ошондон, солубай турганынан табуу керек. Шибердин арасынан кылактаган тегерек калпактай калдайган улар гүлдөр тез эле күбүлөт. Ага кол серпти. Томурандап бадалдан бадалды аралап, өр таянды. Өңү ачыгынан, сабы жоон, жалбырагы калың гүлдөн тапмайын кайтпайт. Демейде жылкы айдап, же ышкын уулап чыккандагы байкаган чоң гүлдөр кайда житкен? Күйүгүп жүрөгү ачышканга, тер булоолонгонго кайыл. Эптеп, кур дегенде бир-эки сабак тапса экен... Дайыма шашканда, зарылдыгы артканда издеген нерсең кычап, оной менен колуңа тийбейт эмеспи. Қарбаластап көрбөй атканбы, жанындагы эле бадалга көзүн бардап ачып караса, чанкайган ак саргыл жана көгүш кош сабак гүл чок ортосу чендеп кылаюуда. Ыкчам жетип колун сойлотту. Тикенектүү бадал экен. Жеңин илип, манчаларын тытканга карабай өжөрлөнүп, гүлдүн сабагын зорго ажыратып, далайда сындырды. Дагы издейин десе, теребел күңүрттөнүп, күн батканы калыптыр. Эми кайсынысы гүл, кайсынысы бүр экенин айрып таануу кыйын. Майга бышкан нан, сорпо жыттанган тоонун таза абасын жиреп жылкы айлын, өз үйүн көздөй анда-санда бир тие Аманат ылдый текиренеди.

Эртеси күн чыга төрт аял, эки эркек Мусанын бейит башына аттанышты. Карагайлуу бетти төөнөп куржун салынган Нурак, эки кол чанач кымыз артынган небересин ээрчитип төтө жолду кубалады. Ак жоолуктарын шаңкайтып, баркут кемсел, маасы, өтүк кийишкен аялдар алардын артынан чубоодо. Аманат оң колунун жеңине катып, камчысынын боосун сол колуна илип, негедир көңүлдүү. Анда-санда ышкырып, кээде кыңылдап ырдап коёт. Карагай боорундагы тоңкулдакка, бутакка учуп конгон чымчыктарга камчысын шилтейт. Чокмороктошуп шагы ийилген кыпкызыл четиндин ашын кол созуп, үзүп алат. Аттардын туяктарынын гана ташты карс-курс качыраткан дабышы болбосо, эч кимисинен үн чыкпайт. Сыягы мүрзөгө унчукпай баруу керек го. Кемселинин бүчүлүгүнөн өткөзүп, боорунда булактаган кош сабак гүлүн анда-санда эңкейип жыттагылайт. Аны чоң кишилерден атасы гана байкады. Сүймөнчүлүк менен эле тагынып алды деп ойлоду окшойт. Сураган жок. Асман тиреген асканын түбүнө чак түштө араң жетишти. Аттарын шап-шуп байлаштырышты. Шагын ийген чоң түп четин менен, бутактарын алда кайда жайган жапжашыл арчанын ортосунда таштан корумдалган дөбөнүн жанына тизе бүгүшүп, аялдар үлпүлдөп Нуранын оозун тиктешти. Нурак тизесине чепкенинин өңүрүн орой чөк түшүп, алакан жайып куран окуй баштады. Мундуу, уккулуктуу, ата үнүн сейрек эшиткен Аманат аягына чыкканда көзүн башка жакка буйтап кароодон, а чындыгында жазуусу бар ташты издөөдөн да кысынып, кулагын делдейте тыңдады. Куран окулуп, бата кылышып бүтөөр замат, Аманат дөбөчөнүн чокусундагы ташты карайын дегиче энеси заңкылдап коё бергеничи:

Жалама аска түбүндө э...ай,
Бөлөнүп арча бүрүнө э...эй.
Кулунум Муса шер жатат э...ой.
Омкоруп түбүн алам деп э...эй,
Оолжута элди багам деп э...эй
Кулаган, уюл кең жатат э...эй...

— Кой, кемпир кой! Андан көрөк дасторконуңду жай, бата окуйлу.— Нурак түйшөлүп ордунан турайын деди эле, тыныга калган Батма анын кебин укмаксанга салып, ак шалы жоолугунун ээгиндеги байламын делбирете чечип, асканы мостоюп карады. Анан атасынын колтугунда колуна гүл тутумдап бөтөйгөн Аманатка бурулду. Батманы тегеректеген аялдардын бирөө;

— Шашпаңыз, жылкычы аке, жеңекем бугун чыгарып алсын. Былтыртан бери келе элек эмеспи,— деди. Беркилер анын кошогун эле күтүп тургансып;

— Ошентсин! Ошентсин! — дешти. Батма көзүнө жаш алган жок. Жолдо ойлонуп келгенби, дагы асканы жаңырта заңгырады:

Кулунум, Аманатың келди жаныңа а-ай...
Эс тартканда сагына э-эй...
Бапестеп багып чоңойттук э-эй...
Абышка, кемпир жалына э...эй...
Аманатым, азамат болоор өзүңдөй э...эй...
Борбую толгон чагында э...эй...

Мына эми, аялдар жоолук учтары менен көзүн сүртүүгө дармандары келбей, шолоктошуп баарысы Аманатка жабыла жалжылдашты. Аманат андан токтоналбай эчкирип ыйлап жиберди.

Нурак, — олда байбиче ай. Олда байбиче ай,» — деп, сакалын экчей башын силке, ондонуп олтуруп, кайрадан кыраатын созуп куран окуду. Бу жолу кыска кайрып бүттү. Батма эне сурдана тамчы жаш албаптыр. Аялдар да тыйылды: Нурак өпкөсү көпкөн баланы бооруна кыса:

— Мына, Муса байкендин мүрзөсү. Тетиги асканын бурчундагы таштан чагам деп тайгаланыптыр. Мобу жазууну окучу — мүрзөнүн наркы бетине жетелеп барып, бооруна коюлган жалпак таштыкөргөздү.

«Нураков Муса» — деген чегилген эски жазууну Аманат а дегенде шыбырап окуду. Анан көпкө дейре ичинен кайталады. Атасынан, жарданган аялдардан жасканбай шар мүрзөнүн үстүнө чыгып кош сабак гүлүн корумга сайды.

Аманаттын көп нерседен көксөөсү сууду. Ага баары дайын. Мусанын мүрзөсүн көргөзүшүп, Алтынайдын атыжөнүн кабарлашкандан кийин чоң ата-энеси ага мурдагысынан да жакын, а түгүл аянычтуу... Абышка-кемпирдин кармаган-тутканы жалгыз ал болсо, эркеликти токтотуу керек го. Карыяларга анын карааны гана эмес, адам катарына кошулганы кызыктыр. Баштагысындай моюнбаштарына оролуп жөөлөп, улкуп, жулкумайын азайтты. Чуркап отун суу милдетин алганычы. Жылкы айдап, бээ тосуп чымылдаганычы. Колунан келээр көмөгү ушул да. Ат минип жайыттарды кыдырып жокту издейин десе, жүрөгү өлгөн немелер алыска жылдырбайт. Эне-ата баланын зээниндеги өзгөрүүнү баамдашып өзүлөрүнчө күдүндөшүп курсант:

— Кемпирим, бокчумду көп жумшаба. Эркин чоңойсун. Дээринде бар бала колунан келээр ишке өзү эле дилгирленет. Отун, сууну мен заматта камдайм. Сен деле өбөктөгөн кары эмессиң.

Чабаганчы

Жыл мезгили күзгө таянып, каникул билинбей өтүп жатты. Торсойгон тестиер жакында интернатына камынат, китеп, дептер алышат. Эркин кулун, тайларга моюндашып, эне-атасына эркелеп, комузун сайратып, ар кыл нерсени ойлонууга чолоосу жетээр бекен! Кааласа дагы каалабаса дагы көпчүлүк жолдошторунун оболундай жашайт. Өткөн жылдагыдай ар кыл жүрүштөргө, сейилге чыгат, оюн-шоокко катышат. Кантсе да эл арасында көңүлдүү жүрөт. Ан үстүнө мугалима эжейи мээримдүү — айтор, аяйбы, же жалкоо балдардай кошумча түйшүк тарттырбаганын жактырабы.

Окуткан эжеси Нуракка жолугуп Аманатты шаардык интернатка которсо жакшы болоорун, зээндүү баланын өсүшүнө калаанын таалиминин күчтүүлүгүн айткан.

— Аякта азыр эң сонун мектеп-интернаттар бар,— деген мугалима,— балдар такай таасирдүү, такшалган тарбиячылардын көзөмөлүндө жашашат, окушат.

Нурак бул сунушту жактырбады. Аяктагы интернаттар канчалык мыкты болбосун, үйгө жакынына жетеби. Биерден бала кур дегенде бош күндөрдө карган эне-атасына эркелеп, акыл-насаатына балкып кайтат. А тыякка барса жекшембилик дем алышта жетип келмеги кайда.

Бирок, акырындап абышканын жан жүрөгүнө шектенүү сезими кылтыйып кирүүдө. Каралдысын өтө бөпөлөп эркөкөндүрүп ийишпейби? Фрунзеде мектептердин дурустугун, жашоо-тиричиликтин кызыктуулугун ким гана билбейт. Анын небересинин биерден көргөн-билгени эмне? Дем алышка келген күнү кыйлага комузуна алектенет, же энеси менен кобурашып отурат. Бар болгону ушул! Аякта миң деген менен жагдай башка. Муса жайкы эс алуу маалында үйүндө жүргөндө театрлар, кинолордон көргөн оюндары жана окуган китептери жайында тамылжый сүйлөөчү... Албетте, мындагы тиричиликти шаарга теңештирүүгө болбос.

Карыя нечен мертебе сөз арасына кыпчып, оюндагысын байбичесине ортоктошту. Ал а дегендеги чочуганындай кемпири баласынан бөлүнөрүн угар замат асман айдан кетип бейжайланбады. Батма макул, же жок дебестен үнсүз термелип, карама-каршы пикирдин туткунунда тытмакталды.

— Калаанын окуусунун жакшылыгы туйгунум, калайыктын бакисине маалым. Деги өзүң байка, жытымды ушунчалык алыска кантип жиберем. Экөөбүздүн көргөн

күнүбүз кантет? Балам азгырылбас бекен. Мындагы балдар го белгилүү...

— А мүмкүн, ал жерде тентектер болсо биздин уулдун таалимине көчөөр? — Нурак каршы чыкты.— Аманатымды тескери азгыруу оной эмес. Сен антип келжирегенди кой э!

— Мейли, мейли.— Батма чоё сүйлөдү.— Ошо сен айткандай эле болсун. Каалаганынды жаса. Иши кылып, чандагайым атасын тартып окумушу күч адам даражасына жетсин.

— Шарт эттире бүтүм чыгара коюш жарабас,— абышка желкесин кашыды,— онбогон кемпир, өзүң бил деп мага ооларып гана кутулгун бар э?

— Ан үстүнө сен уулуна кенеше элексиң. Өзү каалабаса кантесиң? Каралдымды Прунзеге байлап-матап зордоп жөнөтпөспүз, ыраспы?

Ушуну менен сөздөрү бүттү. Нурак колхоздун чоңдоруна сүйлөшүүгө ниеттенди. Арийне, алар кийлигишпесе небересин шаардык интернатка көтөртүү мүмкүн эместей. Укканына караганда аякка эне-атасы жумуштагылардын балдарын алат имиш. Балаа баскырдыкы, атайлап өчөшкөнсүп жайлоого чоңдордон эч кимиси жолобосун карачы. Же болбосо, кээде ат тезегин кургатпай үтөкө-бостоk келе беришчү эле го. Карыя эртелеп дүүлүктүрбөйүн деп Ама[redacted]енен акылдаша элек. Баамында небереси сүйүнөт. [redacted]үү торсогойлордун кими болбосун шаарга барып оқу десе, так түйүлүп кубанаар.

Күндөрдүн биринде кайрадан Батмага чындап акыл салды:

— Э, кемпир, ары ойлоп, бери ойлосом эмкинин жаштары билим менен гана адам болот. Али алдан тая электе шаар тарбиясына, илимине кандырып алсак... Интернат деген бар. Ошого жиберсекпи. Ансыз деле уулум, кышында биз жылкы менен тоодо калганда колхоздогу мектептин интернатында жашап окуп жүрөт. Бо кандайсың байбичем? — Нурак көптөн бери акылына түйүлгөн кенешин кемпирине баяндады. Батма балпайган алаканын жайды:

— Менде эмненин кеби. Дагы бир нерсе болуп... Аманатым жанымдан алыстабай жыттатып коюп жүргөну оң мага. Кийин да наалатына калбайын. Өзүң бил. Шаарга кетүүгө балаң көнөбү. Аа сүйлөш.

Ушу менен экөөнүн тең оозу жабылды. Нурак райондон, колхоздон активдер келип калса, небересин мектеп-интернатка өткөртүү жөнүндө кадырын салууну чечти. Аманаттын окуу, мектеп дегенде жанын таштаарын карган ата билет да. Маселе чечилмейин күн мурун баланы

дегдетип кереги не? Шаар десе, эмки жаштын кимиси болбосун сүйүнбөйбү. Андан көрөк, ыймандуу актив балдардан бирөө эс алганы, же мал көргөнү, же кымызга келсе гана? Кээде жакалыктар өксүбөй малчыны жүдөтөт. Мындай күткөн учурда көзгө сүртөргө дары болгондорун карачы. Карыянын омсондоп жол караганы өтпөдүбү. Күндөрдүн биринде эртең мененки желени байлап жатканда капчыгайдан таскактаткан сур атчан суурулду. Жакадан түн катып аттанган уполномочендин бири экен деп Нурак сакалын өйдө көтөрүп чекчейди. Атынан тизгиндеп түшүрүп, дурустап меймандоого утурлай басты... Жакындай түшкөндө, чабаганчы, тантык Далбай экенин таанып, артына бурулду. Тиги түгөнгүр деле олчоюп ээрге батпай бети башы тултуя аябай семириптир. Алда кайдан чулдурап кыйкырды:

— Оо, Нуйак аке, чайоом алекум. Качпа менден. Чоң кейет деп атын айууга камындың эле. Мени көйүп тескей баспа, — анысы аз келгенсип х-хы-лап үзөңгүнү чирене тээп чалкалап ыкшып күлгөнүн кантесиң. Чабаганчы ичкі ниетин буйтатпай билгенине Нурак бир чети уялыңкы экинчиден, ыраазы боло, кайра кайрылды да, жайдандап кош колун сунду:

— Карыганым, алжыганым ошол. Сени алыстан таа ныбай калбадымбы. Көп жашайт экенсиң уулум. Түш эм атыңан. Жакадагы эл-журт аманбы?

Нурак атын мамыга байлап, кастарлап түшүргөн со Далбайдын көңүлү дароо жибибедиби. Баты кете элек ол чойгон жаңы керзе өтүгүн күн нуруна жылтырата, кырылган күрөң чийбаркуттан чулчук шымын балбактата, топ чулары үзүлгөн өндөш көйнөгүнүн төшүн жагдайта, кеп касын чокусуна кондура эткел неме манталандап тыяк быягына оой жылкычыга катар басты:

— Байысы аман-эсен. Нуйак аке, жакчы кабай менен келдим. Чүйүнчүмдү бейечин. Ансыз айтпайм.

— Сүйүнчү?! берейин! — Нурак тык токтой, Далбайдын кызарып-татарган өңүнөн сүйүнчүнүн сырын окуучудай багжая тигилди.

Далбай— тфу!— тултук алаканына түкүрүмүш этти: — Канжыгама эки чанач кымыз байайм де, очондо айтам.

— Байлайм.

— Бей койунду! — Нуруктын шадылуу арыкчырай ман жасын дугдуңдап кысты:

— Убаданды айдым. Бойду, хи-хи! — Далбай жүлжүйгөн көзүн жума бүт денеси менен солкулдап ыкшып, чөнтөгүндөгү бүктөлгөн кагазды сунду:

— Ме, бачкайманын каты. Байычы учунда жачылган.

Нурак катты албай туруп:

— Окуп жиберчи,— деди.

— Кой, кой, Нуйак аке. Чылдың кылганы туйасын. Тийим кейбейт катка. Өчүң оку.—Далбай көшөөрүп абышканын колуна карматты. Нурак этиеттеп калдыраган такта ак кагазды ачты. Көпкө үңүлүп түктүү эринин кыбыратып атып, Нур-а-к, а-к-е! — дегенди зорго окуду да, чала сабаттыгына өкүнгөндөй ак калпактуу башын чайкады

— Басма тамгасы болсо, эптеп чыгарат элем. Өтө ийрецдетип майда жазыптыр. Тишим өтпөйт.

Далбай кайра мага сунабы деп шашкалактады:

— Ууйунуз Аманат кайда? Очого окутчаңчы?!

— Желеде кулун байлашып жүрөт,— деди Нурак колундагы жайылган кагаздын сүйүнтөөрү эмнеде экенин билбей тунжурап. Семизин да курусун. Артына жалт карай албайт тура. Далбай тоң моюн букадай бут турпаты менен имерилип, түнкү жайыттан келип желеде котологон жылкылардын арасынан Аманатты көрбөй туруп эле бакырды:

— Аманат! Аманат! — Ага тили так келгенине сүйүнө дагы,— Аманат!

Семиздин үнү да басаң чыгабы. Үчүнчү кыйкырганда а[redacted]о! — деген баланын кулун доошу шаңгырады.

[redacted]т кей, оочунду уйайын,— Далбай бу сапар кош колун ууртуна калкалап таманын көтөрө короозчо моюнун созуп кыйкырды. Чоң кишинин тантыгынын бир касиети тамашакөйлүгүндө, көңүл ачаарлыгында го. Желеде кулун байлагандар, анын чакырыгын угаар замат шакылыктап каткырык жаңыртышты. Кара көз, тоголок жүзү, бөтөгөй эрининен тартып күлкүгө чайына, көгүлтүр спорт костюмчан Аманат топоң-топоң жеңил арыштап берки экөөнө жетти.

Атасы алиги кагазды сунду:

— Окучу, каралдым.

Чуркаган бала аз-маз, энтиге токтоло, бирок катты жайкы жамгырдай шатыратып кирди:

«Нурак аке! Мал жаныңыз менен аман эсенсизби. Сизге чабаганчы чаптырганыбыздын жөнү бул. Биздин райондун борборунда өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосу өтөт экен. Ага сиздин уулунуз Аманат Нураковдун катышуусу зарыл деп жатышат. Республикадан комиссия келиптир. Агер уулуңуз алардан өтсө, Фрунзенин өзүнө барып, республикалык кароого, комуз чертип катышат экен.

Ошого эртенден калбай камынтып Далбайга кошуп, комузун, кийимин кийинтип жөнөтүңүз. Колуңузда тыйын жок болсо, эмгек күнүңүздүн эсебинен биз быяктан уулуңуздун чөнтөгүнө салып беребиз. Кичинекей, жалгыз, ана муна деп шыктуу баланыздын жолун торгобоңуз. Антпеси кизге мен ишенем.

Сизди өтө урматоочу колхоздун башкармасы...»

Аманаттын жүрөгү алып-уча дагы дааналап түшүптүү нү каалап, кайрадан катка үнсүз кадалды. Бети бышкан алчадай албырып, чекеси булоо тер. Ата сакалын тутам дай, баланын көзү жазуунун аягына чыкканча кандайдыр түшүнүксүз ортосаар кылгырып...

— Кемпирди, эненди чакырчы,— деди конур гана ууланан катты ала.

Демейде небересинин эл-журт менен кагылуусун, шаардан тарбияланууусун дегдеген карыя, күтүлбөгөн чакырыкка тунжурады белем. Байбичеси экөө жалгыздап кепеше ли дешти. Аларды калтырып, сыртка чыккан Далбай Аманатты чукул коштоду:

— Эне-атаң чени жибейбейбич дече, бойбо. Ыйлаөкүй, бакый. Аякка барганда чонундун байын көйөсүү Өнөйүндү элге көйсөткөнүң чонунбу, же үйдө отуйганы чонунбу? Мен сени алмайын кетпейм.

Тантык, баланы ары калчап, бери калчап үгүттөөдү Аманатчы? Ал андан дал. А дегенде катты окуганда у муштуудай сүйүнгөн. Анан атасынын кабагы бүркөлгө соң, деми сууй түшпөдүбү. Андай жерге барсам эле дейт Бирок эмне болот? Эмнени көрөт? Кайсы күүсүн чертет Райондун борборундагылар колхоздогулар эмес да. Баланын комуз черткенинин несине таң калмак эле? Төтө азыр энесинин ырынан бөлөк күү деле кулагында калды бы, жокпу? Анын үстүнө Далбай тантык «чонун, чонун» дегенден башка дайындуу эч нерсе айтып бере албай кой бодубу. Каттагыдай комуз чертип кайра келсе анын эмне си сонун. Комузун үйүндө деле, мобереги кара таштын үстүнө олтуруп деле черте бербейби. Тигинтип ан үчү ата-энеси кужулдашып олтурушса, барам деп ээленген жарабас. Түк аларды таарынтпоого тийиш. Эгер өзүлөр бар дешсечи? Анда кантет? Неге көпкө сүйлөшүшөт? Ча кайнамда Нурак боз үйдүн ичинен бакырды:

— Эй, Далбай, келгиле бери!

Далбай манталандап Аманатты жетелей кирди:

— И кемпир, абышка макулдаштынайбы?

Нурак аны олтур дегендей төрдөгү шырдактын үстү дөгү көрпөчөнү жаңсады. Качан ал шыңгаа карыяны

жанына доңкоё көчүк баскында сакалын салаалай минтти:

— Далбай иним, бир шарт бар. Эртең өзүм жакага уулумду ээрчитип сени менен кошо түшөм. Эгер башкармага сен экөөбүздүн кадырыбыз өтсө, ошондо жиберем уулумду.

Абышка «уулумду алып өзүм кошо түшөм»,— деген соң Далбай ичинен жымыйды. Оңдонуп, комдоно сынар тизеледи:

— Кудай уюптуйбу. Чакалдуу сиз, анан жакчы көйгөн чабаганчы мына мен боюп эки бийдей кичи ачтына байчак, кантип макул дебесин. А чайтын эме Нуйак аке?

— Шартымбы? — Нурак кемпирине, анан уулуна багжайды.

— Поронзодогу ынтырнат мектеп бар тура, ошого Аманатымды малчынын баласы, эне-атасы жайдыр, кыштыр тоодо деп чоңдоруна сүйлөшүп, окушка алдырса... Мына ошондо өкмөттүн каалаган жагына жиберем уулумду. Жаки болбосо...

— Тууйа, тууйа. Окутам дегениң акый.— Далбай акылман кеңешчидей мостоюп, абышканын колунан силкилдетти.

Аманат карган атасынын минткенине көзү коюулана буйтуйду. «Шаардын даңгыраган көчөлөрүнөн жалгыз ада[illegible]... Кийинчерээк чоңойгондо жиберсең, атаке... Чоочу[illegible]ндардын ичинде элеңдеп, силерди сагынам го...» Бала атасына, энесине суроолу жоодурады. Батма небересинин жүрөгү опколжуганын баамдап, сөзгө аралашты:

— Жалгызга кудай жар. Жалгыздын жаны бекем дейт. Окуса, ошондой жерден окусун. Уулума учурашабыз деп абышка экөөбүз самолетту минип Поронзого сабалап барып турабыз. Бир сааттык жол экен эмне...

Канчалык өзүн келбээт кармайын деген менен Аманат бу жолу чыдай албай, адатынча эне, атасына кулачын жайды:

— Эркем, жытым, киши болом, бизди багам десең калаага бар! Илимин, өнөрүн ал!

— Муса байкең ошол борбор шаардан тарбияланган!

Өнөрдүн шарапаты

Уядагы чабалекейдин балапанындай сары жибек жаздык, ак шейшептен башын кылтыйтып, көзүн жумбай мемиреген Аманат. Мейманкананын чоң терезесинин үстүнкү допсолуу көздөрү ачык. Пардолору эки четине түрүлгөн. Тыштан деле үлп эткен жел кирсечи. Көмүттүн ичи дымып

капа. «Жайлоо рахат элесиң да! Мына ушул маалда буер-дегидей шейшептен нымшымак турсуп, жууркан жамынып серүүн гана уктайсың. Мейли, эртең менен турганымда душ деген үй мончонун чоргосун бурап сууну башыман ылдый электете шаркыратып куюнбасамбы. Кааласам самынды боржоктото жуунам. Боржойгон чачылуу сүлгүгө ааарчынам. Ошентип сергип алам. Бах, десеңчи!» Муну ага бет маңдайындагы керебетте тескери карап, түйүнчөктөй бүрүшө уктап жаткан Жунус Шеров агайы көргөзгөн. Далистеш мончого адегенде өзү, анан Аманатты киринткен. Каалаган убагында жууна бер деген. Азыр туруп барып куюнуп келсеби? Окус шалдыр-күлдүрдөн Жунус агайы ойгонуп кетсе, уят болбойбу? А түгүл керебет качыраба сын деп башка жамбашына которулуудан айбыгууда. Ай нурунбу, же көчөдөгү электр шамы өчкөн эмеспи, шоола ланган жарык көмүт ичиндеги буюмдарды айра тааныы тууда. Шаардын керебеттери да бөтөнчө, такта сыяктуу жалтыраган күрөң жыгач. Айылдагы өзүнө тааныш темир керебеттерден жапыс. Бирок негедир жайлуу, кооз. Экөөнүн ортосунда керебетке өндөш үкөкчө (тумбочка). Аны үстүндө койкойгон жашыл телефон. Колуна жакын турсун дегенби, үкөкчөгө Жунус сыңар балдагы менен, таягын жөлөп коюптур. Терезе жак бурчта дагы тиги буюм дарга түстөш заңкайган кийим салгыч үкөк (шифонер). Андан берээк тегерек үстөл, отургучтар. Баарысын бир жыгачтан жасаган көрүнөт. Не деген укмуштуу жыгач? Шеровдун жогору жагындагы дубал бетинде колуна китеп кармаган чыптамачан кыздын сүрөтү илинүү (Чуйковдун «Кыргыз кызы») ...Бул көмүткө канча күн жашаар экен?

Жай гана көшүлүңкү көздөрүн чапташтырды эле, сакалын сербейтип атасы жанына пайда болду. Ал уулунун бетин кычыштырып өпкүлөп, кулагына катуу минтти:

— Муса байкең, так ушул борбор шаарда тарбиялангган!

Аманат дароо чочуп, көзүн бакырайта ачса, жанында атасы жок. Баягы эле көмүтү. Телефон коюлган үкөккө жөлөнүү балдак, таяк... Шеров бүрүшүп шейшеби ачылып эти булайып кызык уйкуда.

...Өгүнү атасы, чабаганчы Далбай үчөө тең кымыз ар тынып жакага кыштакка түп-түз эле колхоздун башкармасыныкына түшүшкөн. Башкарма Аманатты Фрунзеге мектеп-интернатка өткөрүү далалаатын мойнуна алган соң, атасы ошондо ийиген:

— Болуптур. Барсын уулум, ырайондун сынтырына. Жараса жарар, жарабаса комузун чертип топоңдоп кайра

келээр. Балага эмне шам. Далбай акеси тоого жеткизип коёт.

Далбай ошерден жирей теминген:

— Ананчы, ананчы, бачкайма учу бачтан убадасын бейчин. Түнү менен жеткийем.

Нурак колун көтөрүп, токто дегенсип, башкармага акыркы жолу минткен:

— Агер башкарма кур убада кылып, баламды окууга өткөзбөсөң, ушул баштан ачыгыңды айт. Анда малдан бошот. Бу кыштактагы тамыма көчүп келип, уулумду буердин мектебинен дурустап окутайын. Болбосо, шаарга өкмөт колуна табыштаган оң. Жаткан-турганы таза. Маалы менен тамак ичет. Шаардын окуусу да күчтүү. Муса деген уулум ошо шаардан киши болгон.

Башкарма атасынын манжасын кысып:

— Сөз бирөө аксакал! Колхоз, райондун милдетин алам. Бар документтерин даярдап жөнөтөбүз. А окус Фрунзедеги комиссия бирдеме дешсе айла жок,— дегенде атасы баржактап жүйөөгө көнгөн.

— Болуптур. Колхоз, ырайон жиберсе, Поронзо малчынын уулунун ынтырнатка өтүшүнө каршы чыкпас.

Атасы а түнү башкарманын огородундагы бактын түбүнө төшөк салдырып, Аманатты койнуна алып жатты. [redacted]до Аманат асмандагы быжыраган жылдыздарды карап, эмкисиндей кирпик какпай атанын акыл-насаатын тыңшаган. Андан көңүлүнө түйүлгөнү булар: Поронзого ынтырнатка өткөндө бизди сагынып ыйлаба. Барып турабыз. Кыш, жаз, жай каникул дегенге тарап өзүң да келесиң. Муса байкеңди деле адегенде Поронзодогу номуру беш деген ышкөлгө бергенбиз. Анан институтка өзү өткөн. Барып турчумун. Ошо номуру бешин деле, иништутун деле Поронзого барсам тааныйм. Адам болом десең окуудан качпа, жалкоолонбо. Шаарда шум балдар да бар. Аларга жолобо, жолоюна түшпө. Муса байкеңди тарткыныңын. Сен анын төлөмөлүсүң. Зээндүү балдарга достош. Маалимдериңдин көөнүн оорутпа. Тапшырмасын так аткар. Муса байкең дал ошол Кыргызстандын борбор шаарынан тарбияланган!..

Көчөгө түнкүсүн чыкпа... Шаардын тамагы чөп-чар аралашып даамы башкараак. Ага көнгөн адам шайдоот жүрөт дейт... Дагы далай нерселерди жылдыздуу түндө эшикке койнуна кысып алкымынан, маңдайынан жыттагылап кобураган.

Райондук сыноого колхоздун кары-жашы дебей деле көп киши дүрбөп даярданып жатышыптыр.

Шаттыкты сүйбөгөн жан барбы. Өнөрпосторго аралашканы Аманат бөтөнчө бир керемет дүйнөгө дуушар болгондой чадырандады. Чоң атасынын калдайган комузун көтөрүп чыкканда аны алкбаган адам жок. Залдан:

— Ий мойтойгон ананайын.

— Жакшыдан калган керез да.

— Өмүр берсин,— деген үндөрдү эшитет. Комузун кезек келээрден мурда эле күүлөп коёт. Качан жарданган калайыкты көргөндө кызарып сүрдөп кетет да, клубдун кең сахнасындагы жападан жалгыз бийик олтургучка жам баштап таянып атып араң олтурат. Ал антип тырмышкан ча тыяктагылардан күлкү да чыгат. Неге ага жапы олтургуч коюп беришпеди десең. Өз жашына караганда Аманат чепейип өтө кичине, арыкчырай. Комузун чал баштаганда анын көзүнө башка эчтеке көрүнбөйт. Жай калган шибердүү журттагы атасынын боз үйүнүн капта лындагы сыйкырдуу капкара сал ташынын үстүндө кадим кисиндей ээн эргип отургандай, зээрденет. Аны карага чердүү капчыгайды жарып, көбүктөнгөн тоо суусунун шыл дыры комузунун кайрыгын коштогондой элиртет. Күүч менен гана алек. Безилдетип жыргалга батат. Күү аяктаа саат дүрүлдөгөн кол чабуу кайрадан сүрдөтөт. Олтургуч тан ыргып түшүп, күүлдөгөн залга жүгүнүмүш этип топон доп жөнөйт. Жар салган келин, аны эркелете кучактап кайрадан сахнага чыгарат. Элдин көзүнчө энкейип кула гына шыбырап кайсы күүнү чертесиң деп сурайт. «Маш ботой», «Кара өзгөй», «Камбаркан» үчөөнүн бирөөн айтат Оюнда калкыса да энесинин «булактын мөлтүр тамчысын» атабайт. Алты саны бүтүн адам жок да. Аларды мунга чөмүлтүү уят эмеспи. Энеси экөөнүн мунун үйдө чертүүгө мүмкүн. Топто: Карамолдо, Атайлар черткен күүдөн шан кылдатканы өтөөр. Ошентип төрт күн удаасы менен айыл даштарынын алкоосуна бөлөнүп, чоң машина толо кылак ташып колхоздун шайырлары районго келишти. Данкай ган кызыл тунукелүү аппак тамдар, алардын бооролору дагы айнектүү алкактарда «Райком», «Райатком», «Про куратура», «Раймаданият бөлүмү», «Байланыш конторасы», «Райпо», «Ашкана» деген сүрдүү жалтырак жазуу лар; чандуу, кең көчөлөрүндө догдоңон кишилер. Карагай ларга тартылган катар-катар радио, электр зымдары бурчтарда самоордой койкойгон муздак булак суусуну чорголору (водопровод)... Аманаттын көзүнө колхозунун кыштагынан айырмаланган белги катары урунууда. Райондун кичинекей мейманканасынан ичкериден келген уполномочендерден орун ашпайт имиш. Тууган, таныш изде

ишип, күнүгө ар кайсы үйдү жүдөтүп, топурап түнөп жүрүшөдүбү. Алардын колхозунун шайырларына сыноо баштагандан кийин экинчи күн дегенде мөөнөт тийди. Маданият үйү заңгырап жасалгалуу экен. Аманат аердин сахнасына чыкканда баягыдай эле бийик олтургучка тырмышып олтурду. Бирок залдан күлкү угулбады. Комузунун кулагы менен капкагына кулачын керип, күүлөмүш этип залды караса... чачтарын таранган, жеңдери чолок, жыык жака көйнөктөр кийген залкайган эле немелер олтурушат. Булар айылдын адамдарындай көңүлдүү эмес, суз. Ар жактагылардан топураган дабыш чыккансыды. Алдыдагы залкарлар кол чабышпады. Қыясы сынай турган комиссиялар ушулар окшойт. Аны сахнадан жылдырбай үч күүсүн удаа черттиришти. Дайыма мектепте, колхоздо концертке катышканда:

— Бали, жарайсың! — деген коштоо, аягында кол чабууга көнгөн кичинекей комузчу, үчүнчү күүсүн ойноп бүткөндө шалдырап олтургучтан араң түшүп, топурак мурунданып шалкы басты. «Жарабай калдым. Жактырбай коюшту мени. Мейли. Эртерээк салкын жайлоого, атама кетсем экен» — деп кусадарлыгы артып, төркү бөлмөгө кирип олтурду. Жан алакетке түшүп, чыгууга камынгандар менен, дал өзү сыяктуу шалкайып кайткандардын эч бирөө ага көңүл бурбады. Ошондогу жанына баткан ызалык ай. Тим эле эчкирип ыйлагысы келгеничи. Жаңылдыбы. Жо-ок. Сыноочулар үн катпай, алакан чаппай тымпыйышкан сайын аларды козголтууга аракеттенип, баштагысынан да күчтөнүп, дааналап чертпедиби. Күүгө эрибеген адам болбойт дечү эмес беле. Таш жүрөк немелерби. Тажаганда сыртка чыкты. Көчөдөн машина күтүп, эптеп колхозуна барса, Далбай акеси чулдурап тоого жеткирет. Эне, атасы анын аман-эсен жеткенине сүйүнүшпөйбү. Райондун борборунан кур кол кайтабы. Чөнтөгүндө акчасы деги бар. Кур дегенде момпосуй, печенье ала барбаса уят эмеспи. Жазы көчөдөгү кырка дүкөндөрдү кыдырды. Бирине кирсе, жалаң эле тигилүү кийим-кече. Өзүнө чактары да турат. Бирок кымбат. Мурутчан дүкөнчү баалуу буюмдарды балага ишенип көрсөтпөйт го. Атасы чөнтөгүнө сологон акчасын бүт суурсачы. Қой. Тамагына, майда-чуйда керегинде жумша дебеди беле. Окус жетпей калса, осол болоор. Андан көрөк, ашканага кирип, лагман жеп алсачы...

О көптө араң, андан чыгып, катардагысына баш бакса, китеп-кагаз дүкөнү экен. Жым дей түштү. Мында ылайыктуу буюмдар көп тура. Үчүнчүнүн окуу китептерин сураса,

сатуучу аял,— мектептен аласың — деди сурдана. Кызык, райондун кишилеринин баары эле, адамга кагажытып ма- миле жасашабы. Текчелерде кырка тизилген кооз китеп- тердин аттарын кайра-кайра көзү менен окуп:

— Пушкиндин, Тоголок Молдонун жомокторун, ана тиги Токомбаевдин «Таң алдындасын» сатып алууга мүм- күнбү? Карыган ата-энеме... — сатуучу аял сөзүн бүтүр бөй.— Келе акчаңды,— деп колун сунду. Майдасын кай тарып, китептерин бапестеп кагазга ороп карматты.

— Мынакей жигит.

Аманат чочулагандай эмес, илбериңки аял белем. Ж акча чыгарып пулун алганына ийий түштүбү. Айтор та Кудуңдап босогону аттаар замат, бирөө аны каруудан ап чый кармады:

— Жүрү, кибиреп кайда жүрөсүң?

Колу ооруксунуп башын көтөрсө, атын билбейт, жа кында солдаттан келген, тайрандап жер тепкилеп бийле ген айлындагы эме.

— Биздин коллектив бүттү. Комиссиянын мүчөлөр сени жердин түбүнө житсе да тап дешти. Издеп жүрө дейсиң.

— Барбайм, барбайм! Үйүмө кетем.— Жаны кашайы турган Аманат коё бер дегендей булкунду. Тиги карылу неме баланын ызалыгы менен кусалыгын кайдан түшүн сүн. Мурунку дейсиңби, эми шилиден алып түрткүлөду

— Бас, жашабагыр десе! Комуз черткенди бил. Кон цертке катышканды бил. Анан качам дейсиң ээ...

— Кой бер. Кой бер! Жиндисиңби!? — Аманат бышак тап чындап ыйлады. Солдат аны ой-боюна койбой, ыйлат кан боюнча маданият үйүнө сүйрөп киргизип баркырады

— Бу жарбагыр, качып кеткен атыптыр. Өжөрлөнү болбойт.

Ошондо өпкөм көөп калыптыр, көпкө чейин солукта ганым ай.

Бирөө жаныма тык-тык басып келди да, жумшак ала каны менен куду атам сыяктуу мандайымдан сылагылады

— Үйүңдү сагындыңбы?

Мен башымды чайкадым. Элдин көзүнчө сүйлөшүүнү кажети жоктугун байкадыбы.— Силер кете бергиле. Өзү пикирлешем бу жигит менен,— деди. Эл эшикке дүрбө чыгып атышты. Алиги тыкылдата басып келген киши ме нин манжаларымды бириндете укалагансыды. Бу кандай мээримдүү неме. «Бала, жарбагыр» дөөнүн ордуна жи гит — деди. Демек, жигиттик кайратым гана? Кап, жана кы солдат этимди оорута кармабаганда, сүйрөбөгөндө ый

ламакчы деле эмесмин. Ызакорлугум жаман да. Андан мурда эле ызалагым кармап араң турбадым беле. Кошултташыл болуп кетпедиби. Атам укса эмне дейт. Үстүмө үйрүлүп түшкөн бу ким? Жашым кургады. Өпкөмдүн көпкөнү, көзүмдүн ысып-күйүп шишигени гана бетиме чиркөө. Бакиси кетиштн окшойт. Табыш чыкпай калды. Кайраттанып башымды көтөрсөм... Сол колтугуна балдагын таянып, тизесинин сыртына карай бүктөлгөн ошояк бутун соройтуп, мынабу мандайымдагы керебеттеги киши сыңарааяктап туруптур. Кыздыкындай апакай, ничке салаалары шап ээгиме коё жүзүмдү өзүнө буруп, мага тике жаркылдай карады. Саргыч, арыкчырай жүзү, жүгөрүдөй барсайган мандайкы алтын тиштери мага небактан берки тааныштай сезилди:

— Уялба, бөбөгүм. Мен Жунус Шеров деген артисмин.

Ооба, ооба. Эми эстебедимби. Нечен жолу колхозго барып комуз, кыяк менен ырдаганын көргөм. Патефондун табагында канча ырлары бар. Ошону Шеровдуку деп, радиодон эшиткеним канча. Овону Шеровдуку деген далай хорлорду, жеке ырларды балдар ырдашат. Ошол Шеров ушул эмеспи. Аны эс алууга (пенсияга дегени) чыгып, райондук маданият үйүн башкарууга шаардан көчүп келди дешкен. Айылдагылар кээде, Фрунзенин филармониясынан биздин райондун артистери кем сокпойт. Шеров о[illegible]дешкенин уккам. Мына кызык. Шеров мени эмнеге [illegible]ыз алып калды. Акылым айран. Анын кубанычтуу көзүнө уяң тигилгенсидим. Ээгимден көтөрүп турса, анан кантем. Жумшак үнү менен ырдагандай унчукту.

— Бөбөгүм, колхозуңдан келгендердин ичинен жалгыз сени жараттык.

— Жалгыз! — Коркуп кеттим. Коркконумду өңүмдөн баамдаган чыгаар.

— Анын эмнесинен чочуйсуң. Эл намысына жароочу жигит бышык болуу керек. Робертино Лоретто дегенди билесиңби. Чучукка жеткире кулундай шыңгыр үнүн созуп ырдаган Робертино Лореттону радиодон бир нече мертебе уккам. Пионер газетасынан окугам. Шар жооп бердим.

— Италиялык ырчы балабы?

— Ооба. Мындан үч-төрт жыл мурун дал сенин жашында өз району гана эмес, чет өлкөлөрдү кыдырып ырдап, бүт дүйнөгө атагы жайылбадыбы.

Күтүлбөгөн мисалдан мууна түштүм. Ырас эле Робертино ким, мен киммин! Атамын комузун чертип, үйгө, андан ашса, айылдагыларыма эптеп эрмектикке жарайм.

Тамашаң кур. Жана мостоюшуп, жактырбай олтурушат дагы эми минтишкени эмнеси. Шеров убадашалы дегенсип колумдан кысты:

— Сени мен таптайын, машыктырайын деген үмүттөмүн. Ага көнсөң, ыйлабай турган болсоң, алып калабыз. Билип турам, жалгыз кантип калам деп коркуудасың.

Ай билгичтигине баракелде. Оюмдагыны айтканда ооба дегенсип башымды ийкедим.— Өзүм жаныма коштоп жүрөм. Комузда ойноонун (чертүүнүн деген жок) техникасын үйрөтөм. Анан...

«Техникасы» — ал эмне дегени. Техника — ар кыл машиналар эмеспи. Комузга техниканын не тиешеси бар. Ыр, күү деген өзгөчө... жаныңдын керемет сырын сыбызгытат. Анын ар сөзүнө кыялымдын чабыттаганы ай, Айылдаштарымдан бөлүнүп Шеровго сагаладым. Бул мээримдүү адам балдагын таяна эргий ылдам арыштап, мени бир короого ээрчитип кирди. Үйүбү десем мекеме. Наркы эшиги ачык кең бөлмөдө шакылдатып кол-колуна тийбей машина тиккен аялдар. Көп өтпөй шыпылдаган болук жигит, сызма кези менен мойнума ороду. Кытыгым келип мекирене чоюлдум эле, ага кылайып көңүл бурсачы. Шып, шуп башымды, далымды, белимди колу-бутумду кездеди. Бул эмнеси? Ченегичи мындан, Шеров агай андан үндөбөйт. Кыясы тиги уздарга кийим тиктиришеби. Үстүмдөгүлөрүм бүп-бүтүн, а тургай күрөң костюмум, сарала көйнөгүм, боз ботинкам — бакиси тең жапжаңы. Кепкамдын гана калканчы сынып калган. А деле жаңы. Атам дайым эле дүкөндөн даярын сатып берүүчү. Минтип ченетип көргөн жан эмесмин. Шеровдун сол колтугундагы балдагынын өз бутундай илбериңкисичи. Тактайды тык ура, чыгууга бурулганда артына кылчая унчукту:

— Эң акыркысы ушул «аксакал», бүрсүгүнү эртең менен жөнөйбүз. Качан даяр болот?

Алиги ченегич жигит сызма кезинин ар кай жерин чымчып кармаган боюнча, кагазга нукулаган калыбын жазбай:

— Сиздин заказды бүтүрүш үчүн түнкү сменде иштөөгө туура келип жатат. Бу бала ченебей ак койсун! Эртең менен даяр болот! — деди темирдей бекем доошу менен.

Шеров агай шар төкүрөндөп жөнөдү. Мен анын артынан желе жортоо топондодум. Жунус Шеровдун сырткы мамилеси мага өтө жылуу, бирок ички сыры чечилгис табышмактай. Эмнеге мага ачыгын айтпайт? Же мен чаргытып сүйлөгөнүн баамдагандай чоң киши болбосом. А балким мени барысын түшүнөт деп жаткандыр. Кайдан...

Сурасам, олдоксондугумду, билгизем. Чыдайын. Кечинде үйүнө апарып, меймандап кондурду. Оозгу үйүндөгү диванга уктап жыргай түштүм. Айылдан келгендер болуп топурап жүргөндө, беш-алтообуз чогуу, кээде бүкүлү, жерге жайылган төшөккө сулачубуз. А бакибизге конгон үй керебетти кайдан тапмак. Жүргүнчү башына керебет мындай мейманканаларда гана жетиштүү тура.

Эртеси күн нуру терезеге себелээр замат, сергилең ыргып турдум. Идиш салган шкафынын үстүндө тегерек саат. Саат бештен аран өтүптүр. Кайра жаткым келбеди. Калдыратып сыртка чыктым. Жарыша азан чакырган короздордун ызы-чуусу. Алыскы көчөлөрдөн дүрүлдөгөн машиналардын дооштору. Адамдын бирин-серин кобур-күбүрү. Билинер-билинбес таңдын серүүн жели. Жакага келгени буулуга түшкөмбү. Жайлоодогудай жылкы тосуп кыйкыргым, ырдагым келди. Токтоно албай акырын жылып кирип, комузду көтөрүп чыктым. Коргондолуп тосулган огородундагы жалбыректарын калдайткан капуста, картошкасынын арасындагы чакан скамейкага олтурдум да, комузумду кылдырата баштадым. Акырында кызып олтуруп шарактатып ийсем керек. Бир маалда:

— Эле, эле, безилдет уулум,— деген сүрөө кулагыма шак этти. Жалт жанымда балдагына сүйөнүп, жеңи чолок ак көйнөкчөн Шеров агай туруптур. Дароо токтотуп ыргып турдум. Шеров эңкейип скамейкага куйругун коюп, комузумду колуна ала зың-зың күүлөй:

— Аманат уулум, күүнүн маңызын гана кууп, абышкадай үнкүйүп, баш көтөрбөй, кирпик серппей чертет экенсиң. Аның түшүнүктүү, устатың чоң тура. Эми сен элдин алдында ойнойсуң. Артисттик техниканы өздөштүр. Маселен, мына момундай олтур, мындай черт.— Артына кайрылган сол тизесине оң бутун кайчылаштыра коё, комузду санына такай, залдагы угуучуларды көргөнсүп, маңкая кашын серпе карады. Анан колун ойку-кайкы чимирилтип, кээде комузун тыншай, кээде өйдө жалт бурула күүнүн ыргагына түйүлүп, чоюлуп дегендей бурула кабаккаш, өңү-түсүн кубултуп олтурган ордунда комузу менен кошо бийлеп тургансыды. Көзүм жалжылдап суктана кадалдым.

— Мына, техника дегенim ушул. Үнкүйүп эле кылды тырмалай берсең күүнүн кадырын билген уюп түшүнөт. Ал эми артист элдин жүрөгүн гана эмес, көзүн да арбап алууга тийиш. Сенин сөөгүң да ката элек. Тим эле чимирик аттыргын. Бирде күүнү тыншасаң, бирде элди жалт кара. Бүткөн боюнду эркин коё бер. Күү менен кошо эри-

сын. Кана башта.— Шеров мандайыма туруп, тигинт, минт. Токто! Башта! Ондонуп олтур! Көтөр башынды! — деп эркелете да, катуулай да машыктыруу сабагын өттү. Кадик уста, чоң шашкеге чейин мени тыным алдырбай комузда «ойноо техникасын» үйрөтүп кара терге чөмүлтө аябай ийледи. «Техниканы» жаман, же жакшы өздөштүргөнүмү ачык айтпады. Тамактандырып, кечээки тикмечилердин мекемесине алып барбадыбы. Айткандай болжолум туура чыкса болоорбу. Таш күзгүлүү бөлмөдөн мага үлпүлдөгөн саргыч жибек көйнөк, жака, жең учтары саймаланган көк баркуттан кемсел, шым, башыма кызыл макмалдан оймолоп кыюулаган апакай калпак кийгизип... Ченегич да, Шеров агайым да акча доолашкан жок.

— Мына улуттук кийим. Торсойтуп көркүндү ачты. Кичинекей артисим.— Шеров кең көчөдө ээрчите басып, далыма таптады.— Бүгүн тандалган өнөрпостор райондун жетекчилерине жөнөөр астында, акыркы репитициябызды көргөзөбүз. Сахнага чыкканында мен окуткан техниканы колдоносуң. Эртең Фрунзеге жөнөйбүз!

— Фрунзеге! — чаңылдап кыйкырып ийдим. Шеров бей капар гана секирип маданият үйүн көздөй шашып баратты. Кап, кечээ билгенде атама айттырып ийбейт белем. Деги менин Фрунзеге кеткенимди укса экен.— Ойго чырмалып, кыбырап артта калыпмын.

— Аманат, эмне болду? — Небак узаган Шеров мага бурулду.

— Фрунзеге барарымды атам билбей калды,— дедим кыңырыла.

— Билет! — Өкүм унчукту да, Шеров агай кайра тыкылдатып адымдады. Мен текирендеп бучкактадым. Укмушуң кур. Өзүм араң бүгүн угуп олтурсам тоодогу атам каяктан билет. Бу не деген ажайып киши. Качан, кантип атама билгизди. Ай таң, ыйлабасын деп айтып жатат го... Мекемелерди карай нары-бери, папке көтөрүнүп өткөн кызматкерлер мага жалт бурулуша, кээси ачык эле.

— Карачы, балага сонун жарашат экен,— дешип менин жаңы киймимди жактырып карашууда. Маданият үйүнүн оозуна жеткенимде топтошкон балдардын ичинен бирөө топо менен жамбашымды уюта урду.

— Карасаң муну!

Көзүмдөн от чагылыша бүрүшүп олтура калдым. Бутуна сандал илип, майка, трусычан гана сүзөнөөк козудай көкүлүн уюлгуткан, жалаң эти күнгө күйгөн, мен катарлуу кара бала тарталандап аттап-буттап жаныма жетти

— О дос, санына доо кеткен жокпу. Тура кой, сыла-

нып кийинген кичине артист. Тура кой,— деп, баркут кемселимдин өңүрүн күбүп, колтуктап өйдө сүйөдү. Бул кандай боорукер бала деп, айланып карасам, мени ургандын өзү. Тыякта топтошкондору анын айлакер шылуундугун жактырыша шакылыкташты:

— «Артистти» а дегенде майладың, эми жайла...

Алиги тартайган тигилерге, муштумун силкти да,— мени колтуктап басымыш этип, ачык каалгадан ичти карай далымдан апчый түрттү:

— Давай, жөнө! Өлбөйсүң.

Калаадагы хулиган дегендер ушуларбы деп да ойлодум. Көчөнүн чаңында үстүнө жецил бирдемелерди илген куунак тестиерлер менин жасалгалуу киймиме ичи күйүштү окшойт. А балким шылдындап жеришкендир. Мейли, буларга каяша айтсам, токмок жегендеймин. Үн дебедим... Анан өзүмчө көчөгө жалгыздап басууну койдум...

Бүгүн республикалык сыноого биздин райондон элүүдөй ырчы, комузчу, куудул келдик. Шеров агай экөөбүз гана бу «Ала-Тоо» мейманканасына орноштук. Калгандары башка мейманканаларга кетишти.

Ка-ап, күндүз болсо эмне... Түнкү Фрунзеге жакындаганда, дүкүйгөн жашыл бак менен көздү уялта жаркыраган миң сан электр шамдарынан бөлөк эч нерсени ажыратпай калбадымбы. А шаарды аралаганда зымылдаган түп-түз жарык көчөлөрдөн атамдын үйрүндөгү оюн салган жылкылардай ойку-кайкы чубашкан чоң-кичинелүү машиналардын арасында, биз түшкөн автобус бүжүрөп, чоочуркагансып, бирде силкине тык токтоп, бирде октос берип жарыша чимирилип көңүлүмдү ошол алаксытпадыбы. Зоокадай таш үйлөрдүн жайык терезелерин, сап-сап шоодай мырза теректердин арасындагы тасма жолдордо догдогон, тоолуктарга такыр окшобогон; кийимдери, өңдөрү ар түркүн адамдарды чалдыктырдым. Менин байкем Муса да кезегинде дал ушулардай сыланып, Фрунзенин электрден шуру таккан бактуу көчөлөрүндө кээде өзү, кээде Алтынай менен басқандыр... Мен да ошолорчылап шаардан тарбияланып, кечки жарыкта керилип басар бекемин... Азыр деле туруп мейманкананын үчүнчү кабаттагы бөлмөсүнүн терезесинен карайын дедим. Шеров агай окус ойгонуп кетсе, уят болом го... Шеров агай неге тез тырп дей түштү. Ага Фрунзенин анчейин кызыкчылыгы жок го. Жолдо карата көчөдө андай жүргүлө, концертти мындай аткаргыла деп оозу тынбай келбедиби. Майып неме ошого чарчаган го. Эс алсынчы.—Мен да куш жаздыкка башымды чөмүлтүп, кирпигимди жумдум.

Борбор шаарда

Аманат эңсеген жеринде. Муса байкеси тарбияланган борбор шаарда. Кечээки тилек, бүгүнкү чындык. Демейде, төтөн, атасынын насаатынан кийин Фрунзеге жетсе эле, акыл-эси жетиле, чоңоё түшчүдөй демөөрдөнчү. Кана, аныcы. Баягы эле Аманат. Жашыл бактуу, көчөлөрү салаа-салаа түз, түнү боюна караңгылык жуутпаган, адамдары түмөн, кооз калаада ал таптакыр кичине, белгисиз. А тургай терек, эмин даректарынын жыштыгынан таманына күн тийбеген Дзержинский бульварынан башка көчөнү да тааныбайт. «Ала-Тоо» мейманканасынан борборго, театрларга түз ошол жашыл капчыгайдын түбүндөгү асфальт жолун өрдөгөндө улуу тоо койнунда жүргөндөй сергий түшөт. Атаганат, ая, ата, энеси Дзержинканы аралаганда жанында болсо кана. Анда ал мынчалык кибиребей, ата-энесин коштоп салабат басмак. Кээде Шеров агайын таппай жалгыз да маңат. Ага тыяктагы райондогудай сүймөнчүктүү караган деле киши жоктой. Өз бетинче шаардын башка көчөлөрүн кудуудан чочунат. Кокус адашып кетсе, же бейбаш балдардын колуна түшсө кантет. Анын үстүнө ээн басууга чолоосу тие элек, кур дегенде Муса байкеси окуган университетти, анын геология бөлүмүн көрсө боло.

«Жалгыз таппайм. Тапкан күндө да мени мамлекеттик университетке ким киргизет. Бала, бар нары, сенин университетте эч ишиң жок» — дешип сакчылар кууп жиберээр. Республикалык өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосу аяктап, колу бошогондо Шеров агайыма айтам. Ээрчитип барат, көрсөтөт. Атама, апама Муса байкемдин университетин көрдүм деп кат жазам. Анан номуру бешинчи мектепке апарыңыз дейм. Шеров агайым мени жакшы көрөт. Кыйыктанбас».

Борбордун театрлары эртеден кечке чейин ачык. Аларга кадимки артистер эмес, Кыргызстандын чар тарабынан чогулган элдик, элеттик, «жапайы» өнөрпостор ээлик. Жапайы дейин десең, кээ бири чоң артистерден өтө чабат. Эл арасында эмнелер жок. Талантты да, акылды да берген калк. Булардын мыктыларын тандап, борборго алып калат. Жаштарды окутат имиш сөздөрдү Аманат ар кимдин оозунан эшитет. Үлпүлдөп, улуттук окшош кийимчен бийчилер тобу, хор, ыр, көшөгөлүү оюн, комуз ансамбли, илелүү акробатика, пианист, куудулдар биринен бири өтөт. Аманатка комуз чертип, кыяк тарткан атасынан да илгери аппак сакал карыялардын безилдеткени бөтөнчө жагат. «Кап, атамды неге чакырышпады» — деп да тамшанат.

Аларга алдынкы кезмет негедир тийбеди. Театрларды кыдырып башка райондун өнөрпоздорун көрүүдө. Кээсине таң калса, кээсине нааразы.

— Кароодон го баарыбыз өтөбүз. Кеп корутунду концертке илинүүдө. Кур дегенде биздин концерттен биринэкөө корутунду концертке сунуш этилсе эмгектин кайткаңы ошол — деп, Шеров даярдыкты мурдагыдан да түрлөнтүп күчөтүүдө. Шеров агайы мейманкананын бөлмөсүндө машыктырып канчалык алакеттен өткөзбөсүн, Аманат комуз жаатынан бу борбордук кароодон ийгиликке жетээрине күмөндөр. Ал черткен күүлөрдү андан кылдат, андан уккулуктуу, андан шаңдуу кыз-эркеги аралаш комузчулар кырка олтуруп бир кишидей сайратканын көрүп, жанынан түңүлүүдө. Бүт театрды термелте үн алыштыра черткен ансамбль турганда, кымындай баланын күүсү кимди канааттантат. «Ошолорду угуп, билген Шеров агайым кыйнабай жөн жайыма койсочу. Кийим тиктирип бергени, шаарды көргөзгөнү эле жетет мага... Андан көрөк...» Аманаттын түңүлүңкү томсоргонун Шеров байкамаксанга салып, мандайкы кашка тиштерин жаркылдата күлө багып, комузду кылдыратып, жамактата үнүн созот:

Жараарсың уулум, жарарсың,
Жалындап алыс барарсың.
Өнөрдүн түбү теренде,
Өжөр го болсоң табарсың.

Анан комузду Аманатка карматып:

— Черт уулум, черт! Техниканы, техниканы унутпа,— дейт да, баланын ар кыймылынан тикирейип көз айырбайт. Аманат айласыз чертет, «техниканы» деген үн жанырган сайын кыймыл аракет өңү-түсүн кубултуп, комуз күүсүнө эрий кошулат. Кызый түшкөндө өзүн унутат. Суз көңүлү чалкып, жанат. Акырында баланын жүзүндө күлкү ойноп, кыялы оштонот. «Зордоп көңүл ачтырган Шеров агай кандай кереметтүү жан!»

Шайырларын сахнага чыгаруу мөөнөтү келгенде Шеров ар кимисин җадырай карап, ишенип да, тынчсызданып да колдорун кысып, кулистен узатууда. Анан балдагына сүйөнүп, башын кыйшайта добушту тыңшоодо. Бирде жылмайса, бирде өңүн кумсарта ээрдин апчый тиштөөдө. Анын бул авалы жанында кыйпычыктаган Аманатты ого бетер толкундатууда. «Агайымды уятка калтырам го».

— Кел уулум! — Оо көптө Шеров Аманатты бооруна имере тартып, ак калпагын кырданта ондоп кийгизди. Көйнөгүнүн аппак жакасын желбирете сыртына кайрып,

баркут бешмантынын жеңин чыпыйтып чыканагына түрдү.— Сүрдөбө. Техниканы, техниканы кубулт.

Мына жарчы кыздын шаңкылдаган үнү адегенде кыргызча, анан орусча жаңырды:

— Нураков Аманат! Комузда «Маш ботойду» ойнойт!

Энтигип жутунган Аманатты көз ирмем коё бербей Шеров эңкейип оң бетинен сүйдү:

— Бар эми, уулум! Техниканы, техниканы...

Аманат ак калпагын алчыланта шымаланган, бөтөйгөн колуна өрүк комузун кармап, кенен сахнаны арыштаганда жалгыз олтургучту дароо чалдыктырып, шашыла басты. Залдагылардын шыбыш козголгондору угулду. Баштагыдай будаланбай бийик олтургучка батыраак олтуруп бутун кайчылаштырды. Кино, телевизор прожекторлору бет алдынан балбылдап жана баштады. Шеров агайынын техника дегени кулагына угулгансып, комузун санына кондуруп, алдындагы жабылган элди мөтүрөйүп жалт карап алды да, беш манчасын ойноктотту. Колу менен кошо каш кирпиги алма жүзү, карагат көзү, бөтөгөй эрини, жумуру мойну, ичке бели, аппак калпагы — бүт денеси кыймылга келип, Шеров үйрөткөн артисттик техника, аны калкытып учургансыды. Анын мандайында чоң атасы Нурак сакалын экчеп, энеси Батма шалы жоолукчан башын ийкеп сүрөп олтурушкансыды. Айланасын баягы өзү жүргөн токойлуу аска тоо, шар суу курчап тыңшап тургансыды. Астында жөлөмөлүү олтургуч эмес, кадимки үйүнүн капталындагы капкара сал таш сыяктуу эркин, ээн сезип «Маш ботойду» безеленте берди. Качан күүнүн аягын кайрып турууга камынганда, сыланган кыз жанына шоодурай келип экинчи күүнү жарыялады. Ошондо гана кайда, кандай авалда экенин туюп комузун күүлөп ондоно олтурду. Бет алдынан, капталынан, бутун бүгүп, тура кала чыкчук тарткан сүрөтчүлөр, прожекторлорго үлөшө жаркылдаган көздөр аны жылытып курчап калгандыгын баамдады. Балкыган бала кайрадан жаңы күүнү Шеровдун техникасын колдонуп, шаншытпайт бекен. Кайрылып кулисти беттегенде балдагын колтугуна такап, кулачын жая Шеров күтүп туруптур. Дароо шап көтөрүп бооруна бекем кысып, мандайынан, жүзүнөн чоп-чоп жыттагылады.

— Уулум, уулум, айланайын уулум, жарадың ишке.

Аманатты атасынан бөлөк ким минтип эркелетчү эле. Мээримдүү мамилеге кандай жан эрибесин. Бала комуз черткен колун Шеровдун моюнуна ороп ысык эринин карыөнөрпоздун ууртуна тийгизди.

Аманат мейманкана бөлмөсүндө жалгыз.

Сүрөт аппаратындай чакан гана кутуча жол радиоприемниги «Риганы» боосунан моюнуна иле чыгырыгын ары-бери бурап, Фрунзеден, Алматыдан, Ташкенден, Москвадан кабар, концерт тыңшоодо.

— Бу сыйлыгымды атама, энеме жеткирсем экен. Боз үйдүн уугуна байлашып уга беришсин. А мүмкүн, атам жылкысын жайып жүргөндө асынып алаар... Карган эмелер жыргашсын да...

Телефон кулак-мээсин жеп шаңгырап эле атат. Шеров агайдын тааныштары чыгаар. А киши мекемелерге, жолдош-жоролоруна көбүн эсе көзөнөктөгү кандайдыр сандарды тегерете айлантып, ушул сырлуу телефон аркылуу иштерин бүтүрөт. Аманатка эмне. Мындай телефонду көрбөсө... Сүйлөшөөр кишиси болбосо, эч тиеше жок да. Карасаң эми, тынчын алды. Кур дегенде жооп бербесе, жанын койбочудай. Радиосун өчүрүп, трубканы көтөрө чаңыра унчукту:

— Шеров агай жок!

— Алло! Алло! Мага Аманат деген бала керек. Сен Аманатсыңбы?!..

Көрсө, жанатан бери безилдеп өзүн издеп жаткан тура. Апкаарый демин ичине тартып үнсүз селейди. Тиги телефондун тилин билген неме окшойт, демите:

— Алло! Алло! Аманат, Аманат, не унчукпайсың? — дейт. Кызыгың түш. Буерде Шеровдон бөлөк кимиси бар. Үнү бир туруп баланыкына, бир туруп аялдыкына окшойт.

— Аманат, Аманат не болду сага. Соосунбу деги?!

«Соосунбу деги?» Аманат селт чочуй ызлана түштү.

— Бу ким ия! — Үнүнүн бардыгынча кыйкырды.

— М-мен-н...— Кандайдыр мукактанып көптө аран,— радиодонмун,— деди.

— Радиодон?! — Аманат шектене боорундагы приемнигин сыйпалады. Ал небак өчкөн. Телефондогу үн эми жай зыңылдады:

— Ооба. Радиокомитеттенмин. Руксат этсең, сенин күүлөрүңдү жазып алалы деп жатабыз. Элге угузуп турабыз. Макулсуңбу?

Аманат шашкалактап:

— Билбейм! — деп жиберди.

Тыяктагы да тыным жасап, анан кайрадан күрсүндү:

— Эч жакка чыкпа. Азыр барам,— телефондогу сөз ушу менен бүттү. Мындай күтүлбөгөн кубаныч бала түгүл

салабаттуу кишини толкундатпайбы. Тоонун шибериндеги оюнун сагына Аманат бөлмөнүн чок ортосундагы олтургучтардан так түйүлүп жатканда каалга тыкылдады. Ал далбактап чыккан көйнөгүнүн этегин шымданып, түрүлгөн жеңин түшүргөнчө:

— Мүмкүнбү — деп, колуна булгаары сандыкча көтөрүп, орто бойлуу суйкайган аял кирип келди. Анын мынчалык тез жетээрин Аманат кайдан билди. Ойнобой коё турса эмне. Бөйдө уят болду да. Бейбаш неме экенсиң деп кайра чыга качпагай эле. Боюн тартипке келтире албай будаланган Аманатты басып жыгулчудан бетер тигил аял көзүн жайната, эриндерин бүлкүлдөтө, кучагын жайып, кайра күч менен өзүн токтотту. Анын бул кыймылын жан алакетке түшкөн Аманат чала баамдады.

— Кана, Аманат, таанышалы,— Аял боо-чуу, төңөлдурүктүү чемоданчасын столго коюп, үнүнүн калтаарыганын билгизбей үч сөздү ныктай, бөлө сүйлөп балага жакындады. Боюн араң ондонуп бүткөн Аманат колун сунду. Аял баланын мыйтыйган ысык алаканын коё бербей кысып, жашыруун сырды окуп жаткансып өңү-түсүнө сугула карай.

— Аля Темирова дегенмин. Радиокомитетте балдар адабияты боюнча кызматкермин. Аманат деген чоң жигит сен турбайсыңбы! Абдан мыкты болбодубу, сени көргөнүмө. Аманат, кандай сонун ат, ким койду экен? Неге койду экен? Билесинби?

Бала үзүлүп түшкөн аялга мушакаттуу тарыхын айтып берүүнү каалабай башын чайкады:

— Билбейм.

Аля жайык чекесинде такыр бырыш жок, мурду кырдач, бети ак жуумалынан тоголок. Желкесине келеп жиптей оролгон кара чач, чытпы, жибекпи, жеңи чолок гүлдүү көйнөгү боюна кыналышкан. Эпилдеген мүнөзүндөй өңү, турпаты да татынакай неме экен. Сол билегинде болсо билээрик сымал, топчудай гана сары саат. Кыясы алтындан го. Бутундагы тилке-тилке болуу аппак босоножкасы андан тыпыйып жарашыктуу.

Экөө унчукпай тиктеше бири-бирин тааныбаган эне жана баланын чоочун сезимдери, чепейген кызга окшогон отуздагы аял менен кебетесине караганда жети жашар гана дей турган ондогу уул мүнөттөрдү уурдап тилсиз арбашууда. Узак тыпымдан кийин Аля Темирова баланын колун зорго бошотуп, дагы эле көзүн айырбай, маңдайына, олтургучка көчүк басты. Анын дик-дик соккон жүрөгү «чалпоону чочутпайын. Аз-аздан жоошутуп үйүр алдыра-

йын. Ага далай убакыт керек. Шашпа, ашыкпа, курган жан. Балким, жүрөгү туйса да, өзү сени тааныбайт. Тааныгысы да келбес. Жолобой жерир. Оо, анда менден шордуу эч ким болбос-с, азырынча чыдоого, шек бербөөгө тийишмин» — бирде кубанып, бирде сабылып калтыроодо.

— Баса, Аманат, атандын аты ким эле? — бакыракай көзүн коюулантканкапаны айдоо үчүн калп эле күлө бага, бажырайган күрүч тиштерин кашкайтты.

— Атамдын аты — Нурак.

— Ооба, ооба... багжайган жакшынакай карыя дейт. Комузчу дейт. Сени мыкты тарбиялаган. Комуз үйрөткөн да ошол карыя атаң дейт.

Аманат атасын мактаганга жетине албай эдиренделеди:

— Сиз аны көрдүңүз беле? Билесизби менин атакемди.

— Жунус Шеров айтты. Ал биздин аяш.

— Охо,— деди Аманат. — А киши менин жакшы көргөн агайым. Техниканы үйрөткөн. А энем жөнүндө айткан жокпу. Энем андан алтын. Ырчы, кошокчу...

— А сени анда-санда төпөштөйбү?

— Эч качан! Атам комуз үйрөтсө, а энем ыр үйрөтөт!

Аля баланын чечиле сүйлөгөнүнө, бөтөнчө акыркы сөзүнө жым деди.

— Бая күнү корутунду концерттен көрдүм сени. Мен магнитофон алып келдим. Атайылап сенин ата-энең үйрөткөн күүндү, ырынды жазам.

— Кантип?! — Аманат тандана алиги булгаары сандыкчаны ачып, пленкалардын тегеренгенин сүймөнчүктүү карады.

— Мына ушунтип эле. А дегенде эң жакшы көргөнүңдү ырдап, же чертип көрчү. Бүтөөр замат кайра өзүңө үгузам.

— Эй, кызык-к, чын элеби?

— Чын. Кана, комузунду ал.

Аманат комузун тизесине таяп, зың-зың күүлөп ойлоно калды. «Эң жакшы көргөндү дейт ээ. Кайсындан баштасам. Олимпиададагы черткендеримди ансыз деле укkан тура. «Булактын мөлтүр тамчысын» баштасамбы? Бир тууган эжемдей ичи-көйнума кирген жакшы неме экен...»

— Кана, башта Аманат, магнитофон сени күтүп калды. Эми токтолуусу жарабас. Уч ичекти дилдирете чалганда, баягы көнүмүш башталма овон зыңылдады. Күлүн үн чыңылдап кошо созулду.

Мен бармактай жаш бала,
Комуз чертем аз гана.
Даңгыр жолго түшкөнчө,
Далыга чаап мактаба-а...

Аля Темированын жайдандап сүйүнгөнүчү... Бала бүтөөр саат а да жаргылчактай тегеренген түрмөктү токтотту да:

— Ой айланайын дилинден, тилинден.

Жаңы сүйлөгөн баланын үнүн уккан чоң энедей жалынып-жалбара Аманатты бооруна кысты. Аманат таң калыңкы элейди.

— Мына эми, өз үнүңдү ук. — Аля Темирова магнитофондон эмелеки бир сабак ырды, кайталатты.

Аманат күдүңдөп, кубанычын ачык айкындай тура калды:

— Ай-ай, Аля эжеке. Сонун тура магнитофонуңуз.

«Аля эже» — Келиндин кулагына жылаажындай угулду:

— Мени дайыма Аля эже де, макулбу?

Баланын оозунан макул дегенди угуп, мандайынан чоп-чоп жыттоону каалап, арандан зорго тартынып кайпактады:

— Кароодо аткаргандарынды аягында ойно. Эми үйүңдө, мектебинде ырдагандарынды улантсаң. Жарайбы, Аманат! Тартынба, Аманат!

Аманат дегенди Аля эжеси шаңгыр, кандайдыр ыр сыяктуу кылып айтууда. Аны эч ким минтип чакырчу эмес. Же шаарлык аялдардын үнү ыргактуубу.

— Улантсаң Аманат. Тартынба, Аманат! Ырдай кой, Аманат. Черте кой, Аманат! Кээсин элге угузабыз. Кээсин өзүбүз гана угабыз. Кана, баштай кой, Аманат! — Бул ажайып мамиле керемет доош баланын кан тамырларын чымыратып, негедир эркин сыйкырлап алгансыды. Көнгөн кол комузду тилге келтирип, овону өзүнөн-өзү куюлушууда. Мына, атанын күүлөрү, эненин жашыруун ырлары себилгенде, Аля Темирова эстеликтей катып, суз, кыймылсыз. Магнитофону жазып жатабы, жокпу, анын түрүлгөн сызмаларына гана анда-санда кирпигин көтөрүүдө. Кирпик демекчи, Аманат, кызуулук менен...

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Барчындын керээз камчысы аа...
Тамчыдан дайра куралаар аа...
Тал чыбык бүрдөп буралаар аа...
Саябан кылып чал кемпир аа...
Санжырга күтүп кубанаар аа...

Адегенде далай ирет кара күү менен кайталап-кайталап кайрып, анан ырын кошуп боздоткондо, Алянын көкүрөгү титиреп, көз жашы чууруп жатканын көрдү. «Бул неси? Зыңкыйган шаарлык кызматкер аял, элеттик жаш баланын күүсүнө ыйлаганы кандай? Бу дагы мундуу го.

Кап-п, бекер черткен экем ээ? Өзүн айыптуудай сезип, шарт күүнүн аягына чыкканда кабагын чытып минтти:

— Мен сизди ыйлатайын деген эмесмин. Карган энемдин мени чоңойткон ыры... Сиз тартынба, баарын черт дегенинизден.

Жаан жууган карагаттай көзүн жаштуу мөлтүрөтүп Аля терең улутунду: — Карган энең, атаң экөө тең мыкты адамдар окшойт... небересин ушунчалык идиректүү, ыймандуу кылып тарбиялаган...

«Эмне деп жатам» ичинен бул сөздү күрмөп ээрдин тиштенди. Бала анчалык маани бербей маңырайганына кубана, кайрадан карбаластай унчукту:

— А сен карган атакең менен энекенди жакшы көрөсүңбү?

— Абдан жакшы көрөм,— Аманат олтургучтан топ секирип, комузун керебетинин үстүнө койду:

Аля Темирова бир нерседен шек-шоорат чыгара албай, жан-жүрөгү уйгу туйгу. Абышка-кемпир айылда тарбиялаган бала мындай болоорун ойлогон эмес. Бою таза. Костюму чыпыйып боюна чак, көйнөгү таза, ботинкасы жаңы. Көңүлү сергек. Жалтандык, кирпилик жок. Азоолак эркелик бардай. Кагып-сокпой чоңойткон баланын баарында андай мүнөз ыктымал. Адамдан чочуркабай жугумдуу, жалгыз шаарчылап кусаланбай, чырсыз экендиги өтө дурус. Шыктуулугучу! Аля анын өңү-түсүнөн Мусага куюп койгондой окшоштукту таап, сай-сөөгү бырындоодо. «Ах, дайыма жакын жүрсө, үйүр алса гана... Бирок менин антүүгө эч акым жоктур. Көрбөсөм, минтип талтөөндөй эстүү чоңойгонун билбесем болот эле. Эми мунсуз кантээр экемин. Чоң ата-энесин жанындай көрөт экен. Мен, мен куруюн. Неге баштатан кабарлашпадым.

Бакир нечен ирет белек-бечкек менен баралы, Кандай бала болуптур, кур дегенде көрөлү — дегенинен мен ататпай жүрбөдүмбү. Же колубузда башка медеribиз болсочу... Кантем? Эми кантип ажырайм. Аманатымдан... Айтсамбы? Жо-о... Жунус Шеров менен Бакирдин акылы туура. Чыдоо, аз-аздан үйүр алдыруу керек. Ошондо гана... Ошондо... Баары бир чоңойтуп эмгегим өтпөсө, мени эне катары сезбейт го. Ага чоң эне жыты жакын. Анткени ал бөпөлөдү, өстүрдү. А мен... Шордуу... баласын таштаган энеден бактысыз ким бар... Анан анысы чоңойгондо таанышбай койсо, мен куруюнчу...»

Аманат бул аялдын өңү кубулуп катып олтурганынан улам, чочулап стаканды колуна алды:

— Аля эже, муздак суу берейинби? — деп баланын

мандайына имерилгени салкын жел соккондой көңүлүн ачты белем. Сол төшүн баса жылмая, колун созду:

— Ошентчи айланайын, Аманат! Жүрөгүм чымырап, эми араң оңолдум... Ал ымыркайында, өлүү-тирүүсүнө бел байлап чал-кемпирдин колуна уулунун Аманаты катары тапшырып, үмүт үзгөн тун баласынын колунан алгачкы ирет даам татпадыбы. Даам! Унутулган баланын колунан ичкен суу ага жомоктогу мүрөктүн суусундай кубат бербедиби.

Аманат Аля Темированы чын эле жүрөк оорулуу экен, аны бекер козгодум кыялда кыйпылыктап кантип жасакөрлөнөөрүн билбей сабылыңкы! Болбосо, магнитофондон өзү ырдап черткендерди кайрадан угуз демек.

— Аманат, шаардан дагы эмнелерди көргүң келет? Айтсаң? — Аля мындай ыктуу суроо оозунан кандайча чыкканына сүйүнө, балага бурулду.

— Шаарданбы?! — Аманат ички сырын айткызбай тапкан кыраакы аялга тартынбай сөөмөй ортонун серейтти. — Көрө турган эки жерим бар. Бирөө номуру биринчи мектеп-интернат, ага колхоздон, райисполкомдон документтерим жиберилген. — Сөөмөйүн жумду.

Аля кош алаканын куштун канатындай керип, кайра тап чапты:

— Буерден окуйсуңбу? Азамат, Аманат!

— Ооба. Атакем, энекем, Муса байкем окуган шаардан тарбиялан, киши бол деген. Мен жөнөөрдө атакем узатып, барып биле кел деген...

Аля өз алаканын өзү кыскан боюнча, көзү бакырайып, тандганын жашырбай өйдө козголду.

— А Муса байкең, Муса байкең (эки кайталады) кайдан окуганын билесиңби?

— Билем,— деди Аманат — ортонун кайкалата,— экинчи көрө турган жерим ошо Муса байкем окуган университет. Геология бөлүмү, жалгыз таппайм.

«Колхоз», «Раисполком», «Университет», «Геология бөлүмү». Он жашар элеттик баланын сөз байлыгы, демек түшүнүгү дурус — деди ичинен Аля Темирова. А эми балага угуза минтти:

— Ал эки жериңе тең мен ээрчитип барсам, каршы чыкпайсыңбы?

— Ооба! — деп кыйкырып ийди Аманат.

Ал кол алыша, Аманатты бооруна тартты:

— Бүгүн чолом тийбес. Эртең эрте эле келем. Жупус агайыңа айт. Сени эч жакка ээрчитпесин. Мен сени эки өңсеген жериңе алып барам. Макулбу?

Аманат коомайсына, аялдын боюнан кетенчиктеп:

— Макул,— деди.

Аля анын ысык алаканын коё бербей эшикке жетеледи:

— Аманат! Мени эженде көр дебедимби. Жарайбы, Аманат. Ашканадан чогуу тамак ичели...

Аманат мейманканага Шеров келээр замат:

— Аля деген сонун эже экен. Менин билгенимдин барын магнитофонго жазды,— деп мактады. Али балага белгисиз далай сырга ортоктош Шеров Аманатты көкүлүнөн сылай эркелетти:

— Аля абдан сонун киши. Анын күйөөсү менин досум Бакир Темиров деген акын, андан да мыкты. Экөө тең баласаак, боорукер.

Аманат Бакир Темировдун ырларын окуу китептеринен окуган. Мугалимдин тапшыруусу боюнча кээ бирөөн жаттаган. Бирок акынды жакындан көрүп, өз оозунан сөз угууну такыр элестетпеген. Акын кандайдыр бөтөнчө жайда жашаган сыймыктуу адам го деп кыялданчу. Кызыгың түшкүр. Жанакы эпилдеген сылык келиндин күйөөсү ошол Бакир Темиров экен ээ.

— Эгер кааласаң,— деди Шеров Аманаттын бөйтөйүп ойго чырмала калганын баамдап,— менин овондорумдун кыйласын ошол Бакир Темировдун ырларына жазгам. Ал өтө карапайым, кичинесинде жетим болуп чоңойгон. Бала кыял адам, билими геолог, кесиби акындык. Таанышты-рып коём. Кандай дейсин?

Аманат ичинен макул деп кыйкырса да сыртынан уялып, тердеп кетти. Бармактай бала атактуу акын менен кантип таанышат? Аля Темирова чоң адамдын аялы экенин билсе, жанагинтип ачылбай койбойт беле. Кап-п!

Балдагын керебетке этиет жөлөп, Шеров чолок бутуна соо тизесин кайчылаштыра артып олтургучка жеңил гана туурдагы бүркүттөй шаңкайды.

— Аманат, билесиңби, жөнөөрдө атаңдын мага бет кылып дайындагандарын. Эми араң колубуз бошоду. Мектеп-интернатка барабыз. Муса папаң (папаң дегенди Аманат биринчи угууда. Байке дечү да) окуган университетти да аралайбыз. Окуу башталаарга аз калды. Окус сени мында эле болсун дешсе, анда балким...— Аля менен Бакирдин үйүндө каласың — дегенди ачык айтпай мукактанды.

Аманат чоң кишинин буктурма сөздөрүн кайдан байкасын, ашыга таноосун дердейте демин ичине тартып эдирейди:

— Жунус агай, мен... мен ал эки жерге тең Аля эже менен барууга убадамды берип койбодумбу,— Бала жеме угамбы деп чочулады эле, Шеров ичке салааларын тарбаңдата аваны апчып, алтын тиштерин кашкайтты:

— Эң сонун! Эң сонун! Аля ал жайларды менден мыкты билет. Ага да, сага да көңүлдүү болот.

Дагы бир кызыктуу Күн

Аманат терезенин астыңкы тактасына жөлөнгөнү качан. Көзү айнектен өтсө, кулагы каалга тарапка делдейип... Аля эжекем ана келет, мына келеттеп элең-булаң. Көчөдөн мейманкананы карай шашыла басканын көрсө астын утурлап чуркоого даяр. Бирок... Кирип-чыккан адамдардан ага окшош эч бирөө чалдыкпайт. А окус башка эшиктен өтүп, каалганы тыкылдатып калбасын. Эч дабыш угулбайт.

— Аля эженди дурустап күтүп ал,— дебеди беле Шеров агайы жумуштарына кетип жатып.

«Убада берип коюп, неге мынчалык зарыктырат. Муса папам жүргөн, анан өзүм окуй турган жайларга тааныштырып... атамдын тапшырмаларын аткарууга чукулдаганда Аля эжемди эмне саат басты. Шеров агайыма бекер айткан экем да. Болбогондо бүгүн өзү алып бармак экен. Мага чала, чала! — дегдеген бала ыйламсырап өзүн жемелей сабыры суз... Комузу да, байгеге алган асынма радиосу да ага жат буюмдардай томсоруңку. Анын кусасы Аляны ээрчип самаган жерлерин көрмөйүн жазылбачудай. Чыдамсыз күткөн мүнөт сааттай, саат күндөй узакка созулуп зериктирүүдө... Кандайдыр алыстан чакырган дабыш жанынан чар-чар дей түштү. Аманат терезеден алыстап телефонго асылды:

— Бу ким ия?

— Аманат! Менмин, Аля эжекенмин!

Аманат оюндагы «эмне кечиктиниз» дегенди айтуунун ордуна улутунуп жиберди. Анан муунгансып дем чыгара албады. Тыяктагы Аля баланын сүйлөгөнүн угууну каалап көпкө күттү. Анан ырдагандай үнү менен зынкылдап:

— Аманат, көйнөгүңдү уй жеп коёт. Мен азыр барам, уктуңбу, Аманат? — деди. Ал байкоосуз улутунган кезде энеси «көйнөгүңдү уй жегир, улутунба» дечү. Эми Аля эжеси куду энесинин сөзүн кайталаганын карасан. Үнү ачыла түштү, катуу кыйкырып ийди:

— Уктум-м!

Аманат алеки заматта үчүнчү катардан килем төшөл-

гөн тепкич ылдый аттап-буттай анда-санда бир тийип ойго түштү. Токтоосуз сыртка атырылды. Асман чанкайып ачык. «Ала-Тоонун» астындагы тасырайган асфальт аянт, андан аркы гүлзар бульвар, агылган эл, баягы эле шаардагы көнүмүш тиричилик. Баланын кареги мырза теректердин жылчыгынан, заңгыраган вокзал имаратынын үстүнөн тээ алыста олчоюп көктү челген мөңгүлүү тоону алда кайдан чалды. Капысынан дагы улутунуп ийди. Бул улутунуш ошол тоолордун арасындагы чоң ата-энесин сагынгандыктын кусасы эле. Салкын ава, шар суу, шибер, кымыз, жылкы үйрү, төтөн кула бээге телинген кулун, үйүнүн жанындагы сал таш элестелди. Ал элестер Алянын жанына «Волгага» топоюп Фрунзенин түз көчөлөрүн зыпзып аралап, университетти беттегенде гана тарап жоголду.

Университетти Аманат «Ала-Тоо» мейманканасынан да, опера балет театрынан да (ал экөөнөн башка мыкты имарат жоктур Фрунзеде деген пикирде эле) шаңдуу, бийик, кенен, кооз, сүрдүү экен деп тапты. «Менин папам ушул университетти бүткөн. Мен да чоңойгондо ушундан окуйм!» — деген ишеним оюна уюду. Аля Темирова кезегинде мобу бойтоңдогон баланын атасы экөө жалгыздап жолуккан бурчтарды, аудиторияларды аралаганда көзүнө жаш айланып, тегеренип үнсүз... А түгүл илимий кабинеттер, окуу залдарына киргенде чогуу семинарга даярданышкан столдорду бүшүркөп, тиктөөдө. «Мына ушерде Муса экөөбүз олтурчубуз. Келечек бактылуу турмуштун сабагына даярданчубуз. Ошо чындыкты өз балам сага неге айтпайм. Кийин. Кийин...»

Аманат анын авалын кайдан боолголомок. Илим үйүндө ушундай суз, адептүү жүрүү ыктымал го деп, өзү да тынч, сабырдуу... Муса, Алялар окуган геология факультетинин ордуна экономикалык факультетке жайланышыптыр.

— Геологиялык факультет кийин Политехникалык институтка көчкөн,— деди сыртка чыкканда. Аманат а сөзгө назар салбады. Негедир рахмат деөнүн ордуна, сузтайган келиндин көңүлүн жубатуу ниетинде:

— Аля эжеке, сиз мындан окуган жок белениз? — деди.

Баланын күтүүсүз суроосуна Аля чоочуп кетти, балага кылчайса, «барын билем, неге жашырасың» — дегенсип бөйтөйүп құлүмсүрөөдө. Аля эми аран, түйүлгөн кабагы менен, мостойгон көзүндөгү капалыкты кубалай тишин быжырата мекиренип күлдү:

— Ай, Аманатчик ая, Аманатчик десе! Айтчы чынын ды, неге минтип сурадың?

Аманат оюндагысын катпай божурады:

— Эгер мындан окуган болсоңуз... Муса папамды көрдүңүз беле деп сурайт элем.

Баланын ар сөзүнөн Аля апкаарып этиеттеп жооп берүүгө мажбур:

— Муса деген байкең беле, же папаң беле?

— Мурда байке дечүмүн. Эми папа дейм. Шеров агайым ошентип айтты.

— Гм-м...— Аля ууртуна сөөмөйүн сүйөдү. Эч нерседен шек шооратсыз энөө баладан эптеп чегип билсем деген кыялда жайма-жай унчукту:

— Баса, Аманат, сен Муса байкеңди билесиңби?

— Ананчы! Сүрөтү бар!

— Сүрөтү!? — Аля чочуганын билгизбөө үчүн кайпактады. — А өзүн көргөн эмессиңби?

— Мен төрөлөрдөн мурда өлсө, кайдан көрөм...

— Ох-х! — Аля шуу үшкүрүп, Аманатты бооруна тартты. Машинанын жумшак чайкаганынан улам, бала ого бетер кыналып андан алыстай албады.— Макул, папаң кокустуктан курман болуптур. А төрөгөн апаң кайда?

Өтө оорулуу жерине тийген бу сөзгө Аманат кабак-кашын бүркөп, мурчуйду. Эч кимден, эч качан мындай орой суроо укkан эмес.

— Төрөгөн апам жок! — Урушчудан бетер булкунуп, «Волганын» арткы орундугунун сол каалгасынын туткасын кармай кетенчиктеди.

— Кантип?! — Аля жашырынган авалын унуткара таң калыңкы көзүн коймолжутту.

— Баккан апам бар. Ошол эле жетет ма... Бала акылэстүү адамдай ызырына сүйлөдү. Аял жүрөгүн өрт чалгансып, ысып-күйүп не дээр айласын таппай, алдыдагы шоферго онтогонсуп зорго үн катты:

— Көчөсү кайсы экенин унуттум. № 1 мектеп-интернатын эптеп изден бизди жеткиз.

Аманат Аля эжесинин өңү кумсара түшкөнүн бая күнү да байкаган. Анда суу жуткузуп эс алткан. Эми машина ичинде шаар кыдырып жүрүшсө.. Кандай көмөк берет... Баса, жүрөгүм начар дебеди беле. Аля далайда эс-учун жыйнады.

— Аманат, дагы бирдемеден кеп салсаң. Тоодо көп кызыктар бар ээ...— деди.

Аманат бир чети сүйүнсө, экинчи четинен шашкалактады. Эмнеден, кайсындан сүйлөсө... Бейкапар тестиердин кыялына телинген боз кулун, аны эмизбей таштап качкан тупсак байтал жөнүндөгү тоодогу энеси экөөнүн аңгемеси

түштү. Ошону жомоктоп айтып берсем, Аля эжемин жүрөк оорусу тараар деген пикирге такалды да:

— Эжеке,— деди демигип... баласы өлгөн карган бээге жетимсиретип жерип таштап кеткен байталдын кулунун энем, атам үчөөбүз кантип телигенибизди айтып берейинби?

Аля кирпигин жума башын ийкеди. Аманат божурап баяндай баштады. Ал кайнама жомоктой безилдеткен сайын, Аля тозоктун отуна какталгансып нымшып терге чөмүлүүдө. «Оо азаптуу дүйнө! Эмнени кулагым угуп жатат. Баласын жериген тунсак байтал мен эмесминби. Кулунун жетимсиреткен а кызыракка Аманаттын ызырынып сүйлөгөнүн карачы! Балаң түшкүр. Билип туйгандай өпкө-жүрөгүмдү куйкалап эмне безилдейсиң. Карылардын кадырын сыйлап, уулунун аманатын тапшырган жазыгымбы. Ошондо эле бу Аманатты жакын кишиге сыйга берген буюмдай, биротоло түңүлүп өткөрбөдүм беле. Көрбөйүн, тааныбайын, издебейин деп ант тутпадым беле. Ооба. Ошенткем. Он жылдан кийин өнөрлүү бала өзү таанылып олтурса, кантем... Алгачкы жылдары окус күйөөгө чыксам дагы перзенттүү болормун деп үмүттөндүм. Акыры Бакирге баш коштум. Врачтар мага төрөөгө руксат этпеди, өзүмдү курмандыкка чалып ымыркайды жетим калтырууга батынбадым. Саламатчылыгым чабал болсо, анан кантмекмин. Бакир качандыр Аманат биздин колго келээрин уламулам айтып жооткото берет. Менин да тилеген тилегим, жашаган үмүтүм ошо. Эми андан кантип гана ажырашам? Бакир экөөбүздүн ортобузда башка эркелетээр эрмегибиз болгондо, балким таназарга да албай да коймокчубуз. Тагдыр мени айласыздан небак унуткан керээзге таңуулап олтурса кантем. Тоо арасындагы буюрбаган мээримдүү кайын атам, кайын энем менин антты, шертти бузган бул кылыгымды билсенер, каргаарсыңар. Ж-о-о-к... Билгизбейм. Кантип? Аманат али шектене элек. Бирок качанкыга дейре ушинтебиз. Окус мен сенин төрөгөн энеңмин деп жарыялаган учурумда, кол шилтеп качууга даяр. Оюн түшүндүм. Менин бир гана энем бар. Ал баккан — чоң энем,— дейт. Кой... Көргөнүмө кубанайын. Чынын айтам деп караманча айрылбайын. Курган жүрөк качанкыга канчага дейре чыдаар экен. Тоодогу эки кары дал ушунун каниети менен жашоодо... Алардын каргышына калбайын. Жакшылыкка жамандык кылам бы? Жок. Алар бөлөк-бөтөн беле? Таалайсыз Мусанын эне-атасы го?! Жок, антпейм! Өз азабымды өзүм тартайын. Ар ким мандайына жазганды көрсүн?! Волга № 1 мектеп-интернатты көз-

дөй чукулдаганын баамдап, Аля обдула шоферду далыга какты:

— Мейманкананы карай кайра тарт!

Шофер кең аянттан машинаны кескин айланта бурду. Ичиндеги арткы экөө орундарынан силкине көтөрүлүп оңолушту. Шоферлор жинденгенде ошентип машинасын тез буруп жүргүнчүлөрүн чайкамай адаты го. Эмне үчүн минткенин Аманат кайдан андамак. Али мектеп-интернатты издеп жүрөбүз деген пикирде.

— Аманат, мен жаман болуп турам. Эртең келеличи мектеп-интернатка.

— Мейли! Мейли! — деди бала, тигинин кубулжуган оорулуу иреңине аянычтуу тигиле. А дегенде мейманканага жетишти. Каалганы мыкчыңдай ачкан Аманатка Аля алсыз күлүмсүрөп коштошо манчасын серендетти:

— Шеров агайыңа айт. Мектеп-интернатка эртең барабыз. Телефон чалам, күт.

— Макул. — Томсоруңку жашыл «Волганын» карааны үзүлгөнчө карегин ээрчитти. Анын жүрөгүн үйүр алышкан Аля эжесинин сыркоолуу авалы өйүүдө. «Төшөккө жатып калбаса экен? Анда эртең келе албайт да. Сакай эжеке, сакая көр. Кур дегенде мага мектеп-интернатымды көргөзүп өткөзгөндөн кийин оорусаң эмне...» — Ушинтип, бала андан сабылууда. Аляның сай-сөөгүн сыздаткан илдет да, жана андан арылтуучу дава да өзү экенин Аманат кайдан туйду. Эртеси Аманат телефондун чар этээрин күтүп, үлүрөйүп паанайы пас. Санаасы оорулуу Аля эжесинде. Каалга тырс-тырс чертилди:

— Кириңиз,— деп утурлай обдулду... Аля эжеси! Соп-соо. Тим эле космосту чалып келген Валя Терешковадай шайдоот жаркылдап кирсе болобу. Аманат ага магниттей тартылып, моюнуна асылчудай секирип жетти.

Атаганат ая, кандайдыр дил сезүүдөбү, боор тартуудабы, экөө тең алма-терме жандарын үрөп эркелете карашты. Колдорун кысышты. Бирок эне баладай ачык жытташа албай, кайтадан өзүлөрүн тоң, сый кармоого зордошту. Энсеген № 1 мектеп-интернатка барышты. Аля дегеле жайдандап өтө жайдары. Ал дайыма эртең менен ушундай. Анан чогуу олтуруп, сүйлөшкөндөн кийин эле, өңү кубулжуй баштайт. «Бүгүн эжемдин жүрөгү ооруба-са экен»,— деп тилөөдө Аманат. № 1 мектеп-интернат шаардын сыртында бак-шактуу коргондун ичиндеги төрт катар аппак имарат экен. Айланасы гүлзар. Шактары ийилип, мөмөлөрү чокмороктошкон жемиш даректар. Асманды карай атылган шаркыратма — фонтан.

— Бах-х, энемдин жомогундагы бейиштин төрүндөй тура! — Бала көзүн айырбай имерчиктеди.

— Мен билип чыгайын. Ойной тур. — Аял курсанттыгы ташыган жеткинчекти эркин калтырып шар жөнөдү. Тоо шаркыратмасын сагынган Аманат жер алдынан атылган муздак суунун илебине кана, бүркүндүсүнө бетин тосо, болочок тарбиялануучу мектебине куштарланып маңырайды.

Кандайдыр бат эле Аля кош жаак каалганы ачып мрамор тепкичтерден тык-тык ылдыйлаганда, Аманат астынан тосо текилдеди. Аляның жылмайыңкы жүзүнөн «өтүпсүң» деген кабарды боолгологон бала анын үнсүз колун кыскан жетегинде бакты аралаган тике жол менен бара берди. Оо көптө чыдаңкырабай!

— Аля эжеке, качан келем буерге? — деди. Аля баланын илебин суутпай, кандайдыр жооп издеди. Калп айтып, кур үмүткөр кылуудан айбыга акыры чынын баяндады:

— Документтериң адегенде комиссиядан кабылданып мында жиберилиптир. Негедир жакында элге билим берүү министерствосу кайрадан өзүлөрүнө чакыртып алыптыр. Себебин булар билишпейт экен. Мен тактаймын. Сен азаматсың да. Капаланбай тур, макулбу? — Алаканынан чыгарбай жетегиндеги баланын мытыгый колун кысып койду. Бул суз кабар Аманатты дароо шылкыйтып, көзүнө ысык жашты балкылдата тээп чыкты. «Эмнеге минтишет? Эмнеге алыскы тоодогу карт малчынын баласын № 1 ге алышып, кайра айнышат. Атам, апам оку дебеди беле. Эмне деп барам эми аларга».

Баланын ызасын жазуу, ыйын сооротуу оңойбу. Аля жалынып-жалбарып баары жайына келээрин жобурап, эптеп алаксытты. Ага Аманат анчейин муюбады. «Аля эже сиз кара жолтой болдуңуз. Шеров агай менен келгенде сөзсүз өтмөкмүн. Аля эже экинчи мага жолобо». Бала № 1 мектеп-интернатка өтпөгөнүнө Аляны күнөөлөөдө. Ый, ызалык шишиткен көзүн үтүрөйтүп, борборго келгенден берки жыргалды заматта учуп жоголгонсуп, Шеров агайын күтүп, мейманканада талыкшып диванга кыңкайган боюнча уйкуга тартылды.

Тааныш адамдардын шакылыктаган күлкү аралаш үндөрү ойготту. Түшүмдө го деп кирпигин ачса, өңүндө эле... Шеров, Аля дагы бир чачы уюлгуган көзү бакырайкай киши үчөө койкойгон стакандарды уруштуруп шуулдаган шампандан ууртап татууда. Столдо жайнаган шоколад, алма, өрүк. Мончоктой мөлтүр алчадан анда-санда татып

коюшат. Мунун бары кайдан, эмнеге чогулушту. Качан келишкен. «Мени интернатка албаса, булардын жайдандашкандарын кара! — ызалуу үтүрөйдү бала,— эми атам эмне дейт?» Мөмө-чөмөгө баланын шилекейи куюлуп... Тура калыштан, а тургай которулуштан уялат. Көзүн жумайын, шек билгизбей мемирейин дегиче, Алянын кареги уруна калганычы:

— Аманат! Аманатчик, сүйүнчү! Тур, тура кой,— уйкудан ойгонгон кичине бөбөктү көтөрүп алчудан бетер, тыпыйган колдорун эбелектетип диванга жетти. Аманат айран таң обдулду.

— Сүйүнчү? — ишене бербей уйкулуу доошун долдуратты.

— Чын эле кабыл алыштыбы?

— Чын, чын! — Тигил чачы уюлгуган киши күүлдөй унчукту,— ой, баатыр уктайт экенсиң да! Замбирек атса да ойгонбочудайсын!

А киши сөзүнө жараша кучагын чоюп, аппак көйнөгүн делбирете, диванга отурган Аманатты алаканына кондуруп, жеп-жеңил өйдө эргите, тамдын төбөсүнө саал-паал гана тийгизбей ыргытты. Анан шып тосуп, өзүнө жанаша отургуза, колдойгон каралжын колун сунду:

— Таанышып коёлу. Мен Бакир Темировмун. А сен, менин билишимче Аманат Нураковсуңбу?

— Ооба,— Аманат акырын гана шыбыштады.

— Кыргыз музыкалык мектеп-интернатына өткөн Аманат Нураков болуп жүрбө? — күлө бага сурады Бакир.

— Билбейм.

— А биз билебиз! — Куунак жаркылдады Аля эжеси. — Өткөндүгүң үчүн сен сүйүнчү бересиң.

— Кап, эчтекем жок, кантем,— бала карбаластады.

— Кантип «эчтекең жок? — Бакир торгой сүйлөдү. — Сенде ыр, күү бар! Күүндүн бирөөнү чертип берсең сүйүнчүңдөн кутуласың!

Кыясы, мобу акын Темиров куудул окшойт. Анын тамашасына Аманат жагалдана түштү. Негедир ал кайта тез эле кабагын чытый үтүрөйдү:

— Атакем музыкалык мектепти айткан эмес...

— О, уулуң түшкүр дес-се! — Жунус Шеров тынчсызданды. — Сени дал музыкалык окууга кудай өзү каалап жеткирип отурат.

— Анда мен илимпоз боло албайм да! Атакемдин каалаганы ошо гана.

— Кой, Аманат, сен али толук билбейсиң. Музыкалык интернатта деле башка мектептердеги сабактар бүт окулат.

Аля эжеси кучагына тарта мээримдүү жаркылдады:

— Барынан сен ыр, күүдөн алыстабайсың. Устатың Жунус сени музыка жандуу, аны унутпашың керек деп атпайбы...

Аманаттын кайрадан көңүлү эргиди. Эх, атакеси менен энекеси бу ийгиликке кандай гана сүйүнүшөт! Алар шаардагы жөп-жөнөкөй интернатты самашкан. Эми алардын небереси арифметика, физика, дагы түрдүү илимди гана өздөштүрбөстөн, музыканы дагы окуйт тура. Ылдамыраак эле ушуларды аларга жобурасам экен! Сыягы ушунун баарын аткарган Аля эжекем. Кандай сонун адам! Энекем билгенде оорумду жеңилдетип, ушундай асыл келинди алла таалам өзү жибербедиби маа деп, айтаары бышык.

Аля эжеси бая күнкүдөн да куунак. Аманаттын куушурган ийнинен кучактай, сырдуу табактагы барсайган кочкул алчаларды астына жылдырды. Аманат жагымдуу доошко, атыр жытка, кандайдыр алыстай алгыс керемет сыйкырга тартылып, Аля эжесинин колтугунда бөжөйүп алчаны сабагынан чымчып оозуна жакындатты.

Карыган эненин ыры

Күн мемиреп төбөдө калкууда. Анын өтө ысытпаган, же өтө муздатпаган мелүүн нуру алп Тянь-Шандын сересин өңүнөн аздырбай жапжашыл кулпунтууда. Кыргыз малчыларынын мына ушундай рахаттуу кең жайлоосуна Нурак жылкычы жакында көчүп конгон. Өгүнкү олтурган тар капчыгай ичи бадал, токой беттүү кенже жайлоо эле. Улуу жайлоонун касиети — жайыты кенен, карагай чер жок. Бетегеси буралган адыр, белес, түзөң. Мал кайда жайылбасын алда кайдан карааны чалдыгат. Бычандын үстүндөгү шаңкайган боз үйдөн Батма эне сыртка булайды. Каягына бурулбасын гүл аралаш жайкалган жаш чөптү этиеттей кериле басты. Чың эткен чымын-чиркей, бурп эткен чаң, чым эткен ысык, калтыраткан суук жок, авасы бөбөктүн алкымынын жытындай көңүлдү оштонткон ажайып жай. Кенже жайлоодо колот, жыбыт өрдөп көздөн далдоо кетчү жылкылар андан көлпүтө, оттогону оттоп, калганы магдырап көк жайыкта жуушап жатыр. Кызылтазыл байчечектерди тандап, калдыркандар калкууда. Батма үйүрдөн четтей суналган кула бээнин капталына бойтойгон боз кулунга суктанды. Даакысы небак түшкөн. Бозомук жүнүн жылтылдата, кулагын тикчийте ойноктой,

энесине кашынып турганы Батманы алда не ойго салды белем. Ээгинен чалган агала жоолугунун учун көзүнө сүртүп, кыйлага мелтиреди. Өзүнчө күбүрөй оозун бүлкүлдөттү:

Көргөн сайын кулунду,
Сагындым го уулумду.
Эркелеп кет эртерээк,
Шалдыратпай муунумду.

Жайкалат тоо гүлдөрүң,
Жабыркап сенсиз күлбөдүм.
Эртерээк кел мунайтпай,
Эркем, жытым, күдөрүм.

Те белестен бери карай сойлогон кат-кат кашка жолдун ортосунда атын жулкунткан абышкасы көрүндү. Ал кечээ Аманат районго келиптир деген доңшоордон улам жакага түшкөн. Түн катып эле кайра жөнөшкөн окшойт, дегеле бастырганы шандуу. Баласына көңүлү курсант ко?! Артында учкаштырган баласы жоктой. Курган абышка, жалгыз сокоюп неге ашыгат! Батманын таман астындагы жайкалган жер какыр ташка айлангансып, жүрөгү оозуна капталды. Аманатынын кеткени жарым айдай өттү. Бир жумада эле кайтат дешпеди беле. Окуусу деги баштала элек. Кармалаар не жөнү бар. Шаарга көнбөгөн баласы ысыкта жакпаган чөп-чар тамакты жеп сыркоого чалдыккан го. Шордогон туйгуну, жаман кабар угуп, түйшөлө катуулап келаткан го... Бул соо жүрүш эмес...

Нурак кемпирине жакындаганда негедир атынын оозун тарта өтө жай кыбыратты. Анын бу жоругу ого бетер Батманы коопсунтту. Эрине агала жоолугун шаңкайта башын көтөрүп, бурулду да катты. Укмушуң кургур... Кандайдыр чоочун эркек менен аял алым сабак бакылдап сүйлөөдө. Кайда? Кимдер бул? Күйөөсү жактан, ооба, дал ошол тыяктан чамынтып, буерге чукулдаганда илкиткен Нуактын өзү кубулуп безилдеп келаткансыйт. Буга эмне кутурма тийгенби? Же атына тил бүткөнбү? Өз кулагына ишенбеген не деген жосун? Эми созултуп ырдай баштабадыбы. А, балким. Батма өзү соо эместир. Батманын көзү чакчайып эри мандайына көгала сакалынан мулундай акырын бастырып токтогондо да, чоочуганынан ээгин тиштеп кумсарып, жашыра албай турду. Жаңкы сырдуу доош Нуактын ээринин кашында такалган кутудан дагы эле жаңырууда. Потефон, радионун бирөө экенин боолголоду, бирок так атын билбей:

— Ия ботом, туйгун бул эмнен? Неге унчукпайсың? Мени сынайын деген экенсиң го. — Ички сырын жашыра

атынан апчып ыргытчудай, күйөөсүнүн камчысын булка тартты:

— Жүрөгүңдү апаптап коёюн кемпир. Ач оозуңду. Ха, ха, ха... Муну өкмөт уулуңа сыйлыкка бериптир. Ме, ыр деген, күү дегенге тундуң.

Батма жакшылык жышаанына балкый, уулунун тилдүү сыйын бооруна кучактап, анан эринин тийгизе өптү да:

— Каралдым, жытым, карган эне-атасын багат деген ушул. Ия туйгун, а уулуң өзү качан келет дейт?

— Уулумду Пурунзедеги чоңдор кичинесинде Мусабайым окуган ынтырнатына өткөзүптүр. Тиги артист Шеров азырынча ишенимдүү досунун үйүнө калтырыптыр. А бокчум бизди сагына турган эмес. Кадимки чоң кишидей сыртка мыкты экен дейт. «Сагынбагыла. Жакшы тургула. Окуу башталганда келип кеткиле. Эриккенде менин сыйлыгымды угуп, эрмектегиле» — деп кат жазып бериптир.

Абышкасы ат үстүнөн жетиналбай божураганда, кемпири безилдеген кутуча-радиону бооруна кысып, көзүндөгү күлкү аралаш мөлт эткен тамчыны ирмей, кусасын айкындады.

— Ыя, ушинтиптирби?! Мейли. Жытым ая, кайда жүрсөң аман бол! Деги эртелеп барып, анымы жыттагылап тойбосом... санаам тынчыбайт го. Туйгунум! Шеровдон айланайын, уулумду сыйлыкка таптаган. Түшш, абышка, керели кечке койкойбой. Баабедин өткөзөйүн...

Ушу маалда ээсине салам айткансып, кула бээ ойноктогон телинме боз кулунун ээрчитип карт жылкычынын астынан утурлай имерчиктеди.

Жүрөк курусун, алда немени сездиби. Батма эненин кан тамырларын чымыратып булкканда... Эмелеки кубанычы авага сорулгансып көөдөнү какшып коңултуктады. Бири-бирине телинип мотурайган эки айбанга көзү өтүп, ичи ачышты. Өзү жалама зоокадагы жалгыз түп куурай арчага айланып бараткансыды. Жанынан өз кулунун, дайыма дем, кубат берүүчү медерин издеп омсондоду. Колуна, көзүнө эчтеке урунбады. Карегин туман чалып, «кайдагы какылдаган эме элең. Кыйын болсоң, Аманатымдын үнүн угузчу» деген сөздү ичинен күрмөп тилдүү кутучаны керегеге чалып суроолуу мостойду.

Баягы эле ага чала моңол сөздөр. Бары бир барлык жоопту ошондон алчудай, жоготконун ошондон таптырчудай эне андан ачуулуу көзүн айырбай катып турду:

— «Каңа, какшаган кутуча, Аманатым кайда? Кандай күндө, кимдин колунда? Эмне кылып жүрөт? Окуу башталарга али кыйла бар... Ал бизди кантип эстебей, эч

таанышы жок шаарда жалгыз калды. Кабыргасы ката элек каралдым өзүнүн ордуна сени бизге эрмек бол деп жибергени чын болсо, айт дайынын ачык!»

Радио башка сөздөн бакылдап суроосун канааттандырбаган соң Батма башын чайкап, абышкасына бурулду. (Нурак ансыз да кемпиринин абалын байкап үрпөйүп турган).

— Бармактай немени жаныман алыстатып кандай баллээни башка салаар экенсиң?! Кулунумду торсойтуп колтугумдан чыгарбай кула бээче ээрчитип кана жүрсөмчү?!

Бакирдин ыры

Аманат кандай сырлуу ат,
Сени көрүп көөнүм шат.
Эркелеп жүр жанымда
Ээнсиретип кетпе бат.

Ак такта кагаздын белчесинде бадырайган ушул төрт сап ырды теше тиктеп... Аманат сүйүнгөнү менен коркконун ажырата албай, апкаарып көзү алая, башы маң. Бул не деген сырлуу сөздөр. Неге, кайдан кире калды эле бул кабинет аталган бөлмөгө.

Чет жакасы үймөк-үймөк кагазга толгон столдун ортосундагы ачыкта кат жазгыч машинка сүрдүү койкоюуда. Анын үстүндө алиги төрт сап ыр терилген аппак кагаз негедир бош коюлган. Аманат кылдырт эттире алиги баракты колуна алды.

Аманат кандай сырлуу ат,
Сени көрүп көөнүм шат
Эркелеп жүр жанымда,
Ээнсиретип кетпе бат.

бир кылка тептегиз тартылган басма тамгалуу жазуу кандайдыр токтуу зым кармагансып баланын колун титиретти. Коргошун түспөлдүү оор сөздөрдү ким жазды?

Аманат капкагы жабык машинкага үңүлдү.

— Албетте сен. Коргошун тамгаларың менен коргошундай сөздөрдү сен гана жаздың. Бирок, машинка, ырды ойлоп чыгарууга сенин акылың жетпейт.

Ал кээде Бакирдин өзүнүн, кээде Аля эжесинин ушул машинканы чык-чык басып отурганын байкаган. «Экөөнүн бири уйкаштырды? Кимиси? Акын эмеспи. Бакир агай го... Жо-ок... Тилинин таттуулугу, жалынганы Аля эжемдин өзүнө окшойт. Таптым. Экөө биригип жазган.

Кызык. Неге ачык ташташты. Сыягы мени окусун деш-

кенби. Атымды сырлуу дейт. Эмне сыры бар? «сени көрүп көнүм шат». Мейман, чоочун балага не көндөрү шат? А-а... билдим. Баласы жок немелерге сонун көрүнүп атаймынбы. Чын, экөө тең устумө үйрүлүп түшүп жалбарышат. Мени менен көп сүйлөшө беришет. Ээрчий басышат». Аманат айнек челектен сыр калемдердин улам бирөөн алып төрт сап ырдын ар кайсынысынын астын түртөнтүп сыза баштады. Мына, кызыл калемдин учун «эркелеп жүр жанымда, ээнсиретип кетпе бат» дегендин асына кайра-кайра ойнотту.

— Жанында эркелегендей мен эмне мышык белем, же үчүк белем... «Ээнсиретип кетпе бат» дегенин кара. Келем эле. Кабыл алуу комиссиясы деген бар тура. Ошондон төйүнчү. Токтобой жөнөөрмүн. — Мушакат түшүргөн бакты түртүп, негедир улутунуп ийди. Көзүнө сакалын ербейткен атасы, балпайган энеси чагылды. — Атаке, неке... Мени сагынып жүрөсүнөр го. Барам жакында.

Көк шибер жайлоо, элирчээк кулун, тайлар... Минтип өмөкөйүн кургатпай суусунун кандырчу шербет кымыз ыялында сапырылып өттү. Бала тамшанып, муздак суу чүүгө обдулду. Аны дубалдын эки бетинде жыш каланан китептер, сүрөттөр арбады. Китептер,.. тааныш, бейааныш достордой кыя өтө албай бажырайды:

— Кайсынысын алсам... Көбүнө тишим өтпөйт. Көбү ени азыр тоотпойт. Ушунун бакисин окуп чыксам ээ... Анда дүнүйөнүн сырын түгөл билээр элем... Үй ээлери бүт куду бекен. Кайда-ан.

Баякүнү Бакир өзү Аманатты ушул иш бөлмөсүнө ээритип кирген. Тамдын төбөсүнө дейре тирелген көз-көз йнектелүү текчелердеги кооз китептерин жандап, баркактаган:

— Менин байлыгым ушу.

Ооба, ошенткен. Кызык. Шаарлыктар китепти байлык чүн эле жыйышабы? Аманат бу капысынан түшкөн суоосуна жооп издегенче далистен телефон шаңгырады. Армансыз тунжураган жагдайдан убагында кутказчудай олдон тарткансыган чырылдакка чуркап жетти:

— Алло, Аманат, Аманат, жакшысыңбы? Үйдө эле отуасыңбы? Аманат, эмне унчукпайсың? — Бат, бат, кудум үкүкчө атын чакырган бул татынакай үнгө баланын куалуу жүрөгү элжиреп кетти:

— Аля эже, качан келесиң? — Бөлөк айтары жоктон етер улутунуп ийди. Трубкадан: — көйнөгүндү уй жеин,— деген жумшак, энесинин сөзү кайталанды. Анын сонан кайта тыпылдаган Алянын доошу созулду:

— Эриктиңби? Муздаткычты ачсаң жемиштер бар. Алып жей кой.

— Ма-к-ул. — Муунгансып араң айтты да, Аманат трубканы коюп, ашканага кирди. Муздаткычты карагысы келбейт, чоргоону бурады. Мелүүн суу атырылганда бети-башына чачырата энтиге шимирди. Качан суусуну канганда башын чулгуп кетенчиктеди:

— Ай, шаардын суусу дары жыттанат. Тоонун кымыз даамданган тунук булагына жетсем ээ.

Иш бөлмөсүнө кайра барууга алиги шумдуктуу төрт саптан кооптонот. Ысыкта канчалык суюктукту көп ичсең, ошончолук нымшып тер басат го. Жедеп боргулданып думугуп баратканда Аманат майкесин чечип ыргытып мейман бөлмөсүндөгү диванга оонады. Бул көмүт тескей бетте, пардоолору жабык, карангыланып салкын да. «Жердин түбүндөгү жайлоого убара чегип барып келгенче качан. Аз күн шаарды таанып чыдай тур. Булар окууга өткөзүшүп, анан кабарлайт. Же мен келем, же тааныш кишиге кошуп өзүңдү жөнөтөт. Тосуп алабыз. Балким атаң келиши мүмкүн» — деп мында алдап-соолап таштаган Шеров агайына өпкөлөп, кайта жазылды. Кептин баары өзүлөрүндө. Атасы, энеси үчөө шейит кеткен байкесинин жолун жолдоп Аманаттын шаардан окуусун чечишкен. Алардын суроосу боюнча Шеров жеткизип... Республикалык кароодон сыйга илдирип... Анан аркы-терки убара чекпесин деп бул чоочун үйгө табыштап отурбайбы. Аманаттын бактысына Аля эжеси да, Бакир байкеси да баласаак, ак көңүл, март адамдар экен. Эч чоочунсунтпай бойлоруна тартышып, минтип үйлөрүн ээн ага ишенип ташташып... оболу менен болгондору укмуш. Ушуларды тапкан Шеров агайы азамат. Кийин окууга өтүп калса, бу үйдүн ээлерин атасыныкына конокко чакырат. О, анда, атасы, энеси абдан сүйүнүшөт...

Шүнтүп ой балынан соро берип, Аманат акырындап уйкуга термелди. Үй ээлери телефон чалышып чогуу кайтышты. Коңгуроо топчусун басып көрүшсө, үй ичи ыңжыңсыз. Баланын уктаганын кайдан билишсин. Санаалары санга бөлүндү.

— Мен карап келейинчи. Балдар менен ойноп жүрбөсүн. — Бакир калдалактап, таш тепкичти тарсылдатып ылдый эңилди. Анын сонунан Аля жөнөдү. Короодо, көчөдө бирин-серин балдар. Алардын арасынан Аманат чалдыкпады.

— Ата-энесине, жайлоосуна кусалыгы ашкан эме кетип

калбасын. — Эринин кооптонгонуна Аля баш чайкап безилдеди:

— Койчу, антпей, менин Аманатым ошентчү беле. — Текилдеп үйгө ашыкты. Бакир аялын оюн-чындап чычалатуу ниетинде алакай көзүн бакырандата, кур күлө мекиренди:

— Аманат мени ки деп коёт. Сени ки экенин билбейт. Билсе эле экөөбүздү таштап качат. Бакма бала, өстүргөн эне-атасын гана жакшы көрөт. Башымдан өткөн. Кийин өз эне-атаң баланча дегенди укканда, алардын атын атоодон ичиркенип жек көрчүмүн. Кымындайында берген соң, алардын ата-энелик акысы да, мээрими да жок болот балада.

Дал каалганын түбүнө жеткенде соңунда жобурап келген Бакирге ансыз да сай-сөөгү сыздай түшкөн Аля жаш кылгырган көзүн коймолжутту.

— Антпе, Аманат экөөбүздүн жайыбыз такыр башка го. — Мууну бошогон неме колу калчылдап ачкычты калдыратып, эшикти ачалбай убараланды.

— Кап... Балээ баскырдыкы. Жана көңүлсүз сүйлөшкөнүнөн эле шекшингем. Чала бекитиптир. Сызган окшойт. Шорум да каткан экен ээ...

Аялынын абалын түшүнгөн Бакир оозундагы сөзүн күрмөй жутуп:

— Берчи мага,— ачкычты бир бурап шарт ачты да, үй ичинде адаттагыдай бутун чечпестен адымдады. Ашканасына, иш бөлмөсүнө баш багып, супарасы сууй кумсарып телефондун жанында башы эңилген аялына, мейман көмүтүнөн чыккан Бакир баржактап москоол колдорун оозуна калкалай шыбыштады:

— Сүйүнчү! Аманатыбыз диванда уктап атат.

— Ия! Оозуңа! Май оозуңа! — Аля бакырып ийди.

— Кантет, акырын, ойгонуп кетпейби.

— Мейли ойгонсо! — Аля эми араң эсин жыя уурдунан жылмайгансыды. — Каралдым, кетпесе эле болду. Мен эми... акырын. Көрөйүнчү деги,— бутунун башы менен дабышсыз чымчык секириктеп диванга жетти. Аманат трусычан гана торсоюп, башына жаздык да койбой томолонуп көшүлүүдө.

— Медерим, кубатым! — Эңкейип, ээрдин тийгизээр, тийгизбес, чадырайган баланын курсагынан, алкымынан жыттагылап, көпкө айланчыктады.

Ага суктана, тунук айнектүү эшиктен буурулунан тармалданган башын эңилткен Бакир чолок жең көйнөгүнөн булайган булчуңду колун булгалай шыбырады:

— Болду эми. Бас бери! Уктасын бала. Кызыктын баары быякта. Бас бери!

Чындыкка алгачкы арым

Бакир кабинетине кирер замат олдоксондук кетиргенин, жазма машинкасынын капкагын жаап бекитүүнү унутуп ачык таштаганын туйду. Жазууларын Аманаттын чийип сызганын көрүп, жапыс столду тегеректеп мандай-тескей креслодо. отурушту. Ортолорунда алиги төрт сап ыр. Ыр го өзүлөрүнүкү. Акылдашып чыгарылган нерсе. А кызыл-тазыл сызылган белги, кагаздын уйпаланганы шек шооратту. Арийне, Аманаттын колу тийген. Ал муну кайра-кайра окуп эзилген. Жинденген.

— Түшүндүбү дейсиңби? Бала неме кайдан түшүнсүн. Аля эринин жоромолуна таңданды.

— Кантебиз, эртелеп ырбатып алдыкпы?

— Аманат зээндүү бала. Эптеп айласын таап билгизүү керек чындыкты.

Аля күйөөсүнүн күнгө күйгөн күржүйгөн күрөң билегине чепейген манжаларын аткытты.

— Кантип? Кантип? Эркек эмессиңби, тапсаң боло айласын. — Бакир коюу капкара каштарын түрүлтө, ойго чөмүлгөнсүп болук, бозомук жүзүн мемиретип үнсүз уюуда.

— Эми кандай айла тапмакпыз? — Эринин чебеленгенине суроолу бурула, кайра өзүн жооткотту. — Кой, ырдын аки-чүкүсүн ажырата түшүнүүгө али кичине!

— А сызылган саптарчы? — деди Бакир.

— Оюн каректыгы! Баланын сонункурап ойноп-чийгени! — Алтынай ишендире так сүйлөдү. — Койчу, буга бекер баш оорутпайлы.

— Жок, Аля, сенин айтканың туура эмес,— Бакир ага ынанбады. — Аманат мындагы жазылганды айныксыз түшүндү. Шайтан шаштырбаса, машинкага неге калдыраган жазылуу баракты калтырдым экен!

— Сен чындап эле анын түшүнгөнүнө ишенесиңби?

— Ишенем! — Бакир ныгыра айтты.

— Карган эне-аталарына көздөшмөйүн балага бардык баянын билгизбейли дебедик беле? Антүүгө биздин акыбыз да жок!

Бакир күдүктөнө ийнин куушурду. Олдоксон жорукка аябай өкүнгөнү, кандай ылажы табарын билбей түпөйүлдөнгөнү сезилди.

— Бакир! Бакир! Эмне унчукпайсың?

— Бас-са,— деди акыры ал,— жаш кездеги альбомуңду бери апкелчи. Аманатка эчтеке дебейбиз, чочуба, тобокел деп, байкап көрөлү...

Алтынай редакциясына барганы менен ишке көңүлү чаппады. Канчалык далбастаса да, иши коошпой, колу кожоюп, аргасыз улам саатына үңүлө кызматтын бүтүшүнө чыдамсызданды. Опкоолжуп ою түгөл уулуна чабагандоодо.

«Торсойгон Аманатчик, сен бизден безе качпа. Кетериңди санап корком, бирок сени зордоп байлап, матабайбыз».

Кечээ кечте Аманатты ойготушканда, ал экөөнө тең караманча тоңдоосун, а түгүл жатыркагандай учурады. Тамак жебеди, столго биртике отуруп, дагы уктагым кекет деп жатты. Эртең менен үтүрөйүп деле үндөбөдү. Бакирдин ыры тууралу эч бир сөз катпады. Беркилер үйүнөн кызматка чыгып баратышканда Аманат уяң үрпөйдү:

— Окуу башталганча мен жайлоого барып келейинби?

— Кечинде кебилешели,— деди Бакир. — Сабагың башталарга аз калбадыбы... Алар көчөгө үлдүрөп аран чыгышты. Баланын түнөргөнүн, кандайдыр кабыргасы кайышып санаага чырмалганын, анын түйүнүн өзүнчө чече албай туталанганын экөө тең билди. Сурап түшүнүүдөн намыстанат. Кичинекей болуп туруп ардуулугун, эрдемсигенин кантесиң.

Аманат, тигилерди узатып, босогодо азоолок кантсем экен деген ниетте термелип турду, мейман бөлмөсүнө кирди. Пианинонун капкагын көтөрө, жалгыз ортону менен жыбылжыган күүнү тере баштады. Аста секиндеп көңүлү жубанып, түнт ойдон алаксый кандайча түшкө жуук болгонун да баамдабады.

Бакир тартуулаган футбол тобун көтөрүп короого жөнөдү.

* * *

Аля Темирова кызматында. Анын жүрөгү алып учуп, эч нерсеге табы тартпай кайпактап убакыттын өтүүсүн күтүүдө...

«Аманат, Аманатым, сага тузак салдык эле. Канттиң экенсиң. Ооба, тузак эмей эмне. Тузакты кайберен өтчү чыйырга шегин билгизбей далдаалайт. Кээде анын жанына жем таштап коёт. Биз да сага жем таштадык эле. Көрдүң бекенсиң. Эгер байкасаң, кандай абалдасың? Бышкырып качтыңбы, же чалындыңбы? Кантсең да чындыкты билдиң го. Сенден мындан ары жашырууга дарман жетпей алсырап баратабыз».

Кечээ кечте Бакир экөө тамактарын бышырып, Аманаттын ойгонушун узакка саксакташты. Түн киргенде араң бала чукуранып, тигилердин жетегинде биртике шамшуң этип, кайта үн-сөзсүз төшөгүнө томолонду. Эртең менен турганында да негедир мурдагысындай эмес, кабагы чытыңкы. Сызылган ыр жөнүндө беркилер да сурабады, ал да унчукпады.

Качан үй ээлери кызматка жөнөөрүндө томсоруңку гана жер карай күңк этти:

— Качан өткөрөсүздөр мени, музыкалык мектеп-интернатка?

— Жакында,— деген экөөнүн үн алышкан жообун угуп, тоң моюн торпоктой алардан алыстай имериле басып мейман көмүтүнө бурулду.

Үй ээлери баланы иш бөлмөсүнө кирер дегенсишип каалганы жабаар жапмаксан далиске байырлашты. Бала кирген мейманканадан пианиного комуз күүсүн келтирип чалган добуш кубулжуду. Ошондо гана Аля менен Бакир шыбыраша баш ийкешти:

— Кой, кетели. Сүйгөн музыкасына алаксыды. Ачык таштalган кабинетти аралап чыгаар,— дешип каалганы жай жаап жөнөшкөн.

Алянын өңү кубулуп кыйпычыктап тынчтанбаганын байкаган кызматташы:

— Сен чеменделп турат окшойсуң дей салды.

«Санаан бөлүндү болсо, андан артык оору барбы». — Аля ичинен кымылдады:

— Ооба. Бейтаптанып турам.

— Дары-пары ичип, үйүңө барып эс алсаңчы.

Кызматташынын боорукердиги Аляны дароо айыктырчудай эбепке себеп тапкансыды. Дегдеген кургур учуп-күйүп короосуна жетээр замат тааныш үн кулагына шак этти. Аманат төрт кабат тамдын көлөкө түшүргөн бетинде топ элеп жападан-жалгыз ойноп турган. Бала карбаластаган Аляны көрө сала кыйкырды:

— Неге эрте келдиңиз?

Ансыз да сезими удургуган Аля капысынан жаңырган суроого делдее:

— Иш бар,— деди мунайыңкы.

Аманат бөйрөктөрү ала-була жер шарынын сүрөтү түшүрүлгөн кооз дардайган топту майкачан жылаң эт колтугуна толтура кучактап бөрсөйүп жандай басты.

Аля чаң, күн жыттанган тестиердин тикирейген кара кылкан чачтарын салаасына кирбесе деле тарагылай сылап боюна тартты. Дурус. Баланын көңүлү ачык. Алиги

тузакты көрбөсө керек. Кап! Жүрөктү эзген шунчалык мушакат түйүнү кантип чечилээр экен? Карачы, өзүнөнөзү создугуп жатканын. Аманаттын ысык чачынан жылынган колун ылдый сыйгылтып, майкасынан бөрсөйүп чыгып, күнгө күйүп сыйрылган ийнине түшүрдү.

— Сен эмне, жолдошуңду күтүп турган жок белең? — Аля калп эле өзүн жооткотуш үчүн оозуна келген сөздү чаргытты.

Муздак таш тепкичти жылаңач таманы менен кыбасы кана ныгыра баскан Аманат, Аля эжесинин кучагында кандайдыр кусалуу мээримге балкый чаңкылдады.

— Эриккенимден эле чыккам. Чала тааныш эки бала бар. Башкасын такыр кезиктире элекмин.

— А-а...— ою чырмалган Аля чоё созуп,— шаарлык балдар жайкы дем алыш маалында тоо араларындагы, Ысык-Көл кылаасындагы пионерлер лагерлерине кетишет эмеспи. Биздин короодо сага курбалдаш жакшынакай, балдар, кыздар бар.

— Ох-о, анда сонун тура.

— Кааласаң, кийин кайтышкандарында тааныштырам. Али ачыкка чыга элек эне-бала бири-бирине сүйөнүшүп, божурашып үчүнчү катардагы үйүнө жетишти. Аманат «кааласаң короонун балдарына тааныштырам» дегенге кубана каалганы ачып, анын кирүүсүн күткөн аялга моюнун созуп, капкара тегерек көзүн күлмүндөттү:

— Урушчаак эмес, жакшы окуган бирөөнө тааныштырыңыз, а дегенде. Макулбу, Аля эже?

Аля башын ийкеп, туфлийин чечимиш этип, Аманатты алдыга узатты. Максаты — бала тузак жайган жакка кирсе... Жок. Аманат тобун далистин бурчуна койду да, ванна көмүтүнө түз атылып, сууну шарылдата атылтты. Демек, жуунат.

Алянын жеңилдей түшкөн денеси кайтадан салмактанып, кандайдыр дүлөй күч мыжыккансыды. Тузак койгон нерселери кадимкисиндей, эч козголбойт. Көрсө, сөзсүз алмак. Кайта койсо да, башкача, оруну которулмак. Ан үстүнө баланын кейпинде да эч шек шооратсыз. Эми, мындан ары чоюуга болбойт. Курган үмүт, ден жанчылып бүттү. Аля кабинеттен байкоосуз окторулуп, ваннага баш бакса, сууну толтуруп Аманат балыкча чумуп жыргоодо.

Эй, бейкапар бала, байкуш эненин жүрөгү өрттөнүп, көксөөсүн суута албай алапайын таппай турганын билбейсиң да. Мынчага чыдаган жан неге алдастайт. Жылдар өтүп, чала үмүт деле жүрбөдү беле. Дайыма самаган максатындын жарылчу учуру чукулдаганда адам алактайт

белем. Бош жабылган каалганын жылчыгынан Аманаттын ар кыймылын тиктеп, кирпигин ирмебей телмирүүдө, Аля. Мына, тикчийген чачтарынан суу берметтерин куюлтуп башын чулгуй Аманат өйдө серпилди.

Сүлгү менен сергиген боюн сүртүнө баштады. Торсоюп денеси чың. Чоң эне, чоң атасы жара түшүрбөй, оору жугузбай алпештеп чоңойтушкан. Аман бол, торсогоюм. Чолок шымын кийип, майкасын моюнуна илди. Мына эми чыгат. Айтам... Жетелеп киргизем. — Аля кетенчиктемиш этип, далистеги столчодогу телефонду калп эле имерип чалгансыды.

— Аля эже, үйдөгү мончоңор сонун экен. Болбосо тим эле...— түктөйө түшкөн мөмө жүзүнө күлкү чачыратып, Алянын жанына кулачын жаза, тизе бүгө обдула дене тарбиясынын көнүгүүсүн ойноп кетти.

Аля телефонду таштап, колунун дирилдегенин билгизбөө аракетинде ичке манжаларын Аманаттын жумуру билегине оролто басты:

— Жүрүчү, жүрсөң... бир деңке...— Ансыз да лепилдеген тестиерди иш бөлмөсүнө ашыга жетеледи. Дубалга жыш капталган китеп текчесиндеги ортоңку баланын бою жетерлик айнектеги али түндө Бакир койгон сүрөттөргө алып келди. Бүттү. Тузакка, ага далдоо коюлган жемге Аманатты зордоп жеткизип урунтту. Кандай чалынат, же үзүп качабы?.. Аны...— Колун коё берип эне кетенчиктеп креслону таянды. Көзү чакырайып балада. Бала. Бакырып иеби?

Анын биринчи кыймылы, биринчи сөзү неден башталат? Аманат кадимки кажарлуу эркек сымал калбет гана бери четтеги жалгыз сүрөткө, өзүнө жакын, өзүнө тааныш сүрөткө узакка арбалды. Ага андан башканын, нараактагылардын эч кереги жоктой кирпигин бурбады.

Китеп текчесинин каалгасын ачып суурабы десе, адептүү өскөн бала антүүгө колун сунбады. О, бир оокумда сагынычы таркагандай, айнектин сыртынан сөөмөйү менен сылагылай, күлүндөй, ууртунан күлкү жайната божурады.

— Муса байкем. Мурда жок эмес беле. Дал өзү. Бизде да бар. Кайдан таап илдиңер?

Аля ичи тызылдаса да, өзүн эптеп соорото, баланы жооткотту.

— Муса байкеңби, же атаңбы?

Аманат аны карап мулундады:

— Бары бир. Байке, ата. Кайдан таптыңар? Мени алдайлы дединер го.

Аля чочуп кетти.

— Неге алдамак элек сени! Мусаны биз да жакшы көрчүбүз. Өзү берген...

— Билдим. Билдим. Чогуу окуганбыз дегенсиз. Мага окшош, чынбы?

Аля магнитке тартылгандай обдулуп Аманаттын ийинин таянды:

— С-сен, ага, Мусага окшошсуң.

Аманат курсанттана майда тиштерин быжыратып, эринин жаза жылмайды:

— Мейли. Ошонум сонун да. Атам, энем мени Мусанын төлөмөлү дешет.

Аля Аманатты бооруна бекем кысты.

— Төлөмөлү. Жакшы сөз экен. Демек, кичинекей Муса сен турбайсыңбы.

Аңгыча Аманат наркы сүрөттү чалдыктырды.

— Апей, бул сизби? Муса байкемдин жанында...

— О-оба, м... мен... Алянын үнү дирилдеп, айнекти тытмалап атып сүрөттү зорго чыгарды. Манжалары гана түгүл бүткүл тулкусу, бүт кан тамыры титиреп, сүрөттөн карегин айырбаган балага сунду:

— М-е-е, бу сенде жок-т-у-р...

Бала алда немени сезгендей, ичинен өрт каптап келаткандай жүзү албырып, өзүнө чоочун жапайы доош чыгара чанырды:

— Жок!

О, дүнүйө, эми кантээр экенсиң! Балкып, муун-жүүнү бошогон эненин үмүт, кубат, коркунучка толгон көзү чанагын тээп жалжылдап баланын акыркы өкүмүн күтүүдө.

Аманат сүрөттүн алдындагы саргайынкы тарткан агыш кыюудан укмуштуудай сулуу жазууну: «Муса менен Алтынай» деген сөздү окуп, жанакыдан дагы катуу баркырады:

— Алтынай! Алтынай!

Бу дүнүйөгө жаңы, кооптуу жар сала төрөлгөндөгү перзенттикиндей сүрдүү дооштон, алгачкы өз атын чакырган баласынын айбаттуу доошунан, сүйүнгөнүнөнбү, чочуганынанбы эненин көңүлү караңгылап, көзүн ирмеп отургучка тартылып башын эңилтти.

Аманат аны колунан тарткылай, булкулдатты:

— Аля эже! Аля эже! С-сен Алтынай белең! Айтсаң, Алтынайсыңбы!

Баласынын булкканы, тыпыйган колунан өткөн жылуулук, барынан «Алтынай белең! Айтсаң, Алтынайсыңбы!» — деп он жылдан кийин гана табылган керээзинин бакырганы Алянын тумандаган башын, чайналып чарчаган кө-

нүлүн ачып жиберди. Ал уядагы чырылдаган балапанына жем таап кайткан эне бүркүттөй канатын жайып, Аманатты бооруна тартты да, моюнунан, жүзүнөн аймап жыттагылай, көз жашын жамгырлатты:

— Ооба, менмин. Алтынаймын!

Аманат баарын түшүндү. Негедир Алтынайдын жалынычына жылыбастан тоңдоосунданды. А тургай жумурткасында эне табы менен чоңойтпой таштап кеткен эмеге башынан берки тарынычы чокмороктоп буулуга бурк этти:

— Муса байкемдин колуктусу Алтынайсыңбы?

Адам эй, бөлөк өскөндүк кылып боюн алыстатып текеберленгенин көр. Эненин сай-сөөгү кайрадан быркырап шолоктоду:

— Ооба, ооба... Муса байкендин колуктусу... Сен-и-ин... «Сенин апаңмын» дегенди айталбай жашыды.

Аманат каадалуу жигитче чыргыйттады:

— Мени төрөп таштап кеткен Алтынайсыңбы?

Аля бул күйдүргү айыптоо сөздү баласы эмес, адил соттун өкүмү жардап жаткансып, килемге чөгөлөп, Аманаттын моюнуна артылган колун бошотпой, салаа-салаа жаш булактаган нурдуу жүзүн жылтылдата жалбарды:

— Ошол Алтынай менмин. Кечир Аманатым. Кечир керезим. Мен куруюн. Жыргаганымдан таштады дейсиңби сени! Жакшымдан, Мусамдан калган белегим, Аманатым!.. Жаш кездин, жактырышкан өмүрү кыска курактын жалгыз гүл-үү! Эне-атаңа миң мертебе ыраазымын! Сени ушунчалык азамат кылып чоңойтушуптур. Алардын акысы арбын сен экөөбүздө. Кантип гана актаар экенбиз. Сен актайсың! Акта, андай асыл карыялардын эмгегин! Мен куруюн... Сени көрдүм, тааныштым... Жүрөк кусамдан арылдым... Эми өзүң бил...

Демейдеги таттуу, кыска сүйлөгөн Аля эжесинин, жок, Алтынай апасынын сыр төккөн, жашка сугарылган ачык баяны бара-бара Аманаттын дагы зээнин кейитти. Бөтөнчө өзүн күнөөлөп, эне-атасын, Муса байкесин көтөрө чалганы, тагдырдын каарынан татынакай аял жаш жарынан, баласынан ажырап, акыры жалгыздыктын айынан Бакирге тийсе да, ушу жасалгалуу үйдө мундуу жашаганын, капысынан экөөнүн жолугушуусу гана ага кайрадан кубат бергенин ойлоп, Аляны айыптап бүткөнүн, эми аёо керектигин түшүндү. Көрсө, Аля кургур бекеринен талмоорсуп ооруксунчал болгон эмес окшойт.

Жана кеги канбагансып томсоргон бала ушул сезим толкундарына урунган соң, эчкирип Алтынайдын төшүн сүзгүлөй бетин, көзүн жашырды.

Алтынай азыр гана качандыр жаштайында үлп этип жоголгон энелик мээрими тирилгенсип, Аманатты ак мамасын аймап жаткандай жүрөк тамырларынын каны туйлап, бою балкыды. О, тагдыр, күйүттүн да күлкүгө алмашар, айрылгандын да табышаар күнү тууйт экен э! Мына, бала деми, колтугу ысып алсыз жүрөгү чыңалып, Аляны жаңы күч ирденткенсиди. Чалпоолук кылып жүзүн үйрүп качабы деген перзенти акыры минтип төшүн жыттап болоктогону эне көңүлүн чалкытты. Баласынын булоолонгон чачынан сылагылап өзүн эми чыныгы эне сыяктуу туюп, жай доош чыгарды:

— Аманатым! Аманат Мусаевичим! Мындан ары экөөбүз тең муунду жүрөбүз. Чочуба, сени энеңден, чоң атаңдан ажыратпайм. Ажыратпай калайын. Эгер сен ылайык тапсаң, алар каршы болбосо, өзүм да сенин аркаң менен катышып алат элем. Алар кең пейил, эстүү карыялар.

Аманат өпкөсү көөп солкулдаганы менен Алтынайдын айткандарын толук тыңдап... «Аля эже, Алтынай ушундай жаралуу да, билеселүү да жан экенсиң ээ... Атам менен энекем сени көргүлөрү келишеби, жокпу, билбейм» дегенди көөдөнүндө күбүрөп, Аляга үн катпай солуктай берди.

Ушундай өзүнөн өзү түшүнүктүү авалда артык баш сөздүн кереги не? Кучакташкан апа, бала ушунча жыл бою ичке уюган армандарын элестетишип, кандайдыр жан сезимдерине өңөрлөгөн даттан арылып жатышты.

Аманат жеңилдене, жумшара түштү. А түгүл артыкбаш ачуусун төккөнүнө уялыңкырады. Аляга бекем ыктап, аны, жеке аны эмес сыягы өзүн да аяп көпкө солуктады. Бу жакшылык жышаанынын жашына Алтынай балкып жыргады! Жакшынакай, акылдуу бала Аманаты аны түшүндү. Мындан ары ал колунда болсо да, болбосо да, жүрөгүндөгү кайгысын, жек көрүүсүн таркатты.

— Коркпо,— тегеренейиним, коркпо, мен сени карган ата-энеңден ажыратпайм.— Алтынай жыттап өпкүлөй божурады.— Эч качан антпейм. Сен аларды жакшы көрөсүң. Бөлүнбөйсүң. Алар асыл адамдар. Сенин тилиңден чыгышпайт. Мени кечиришсин, сен каникулга тарап үйүнө кеткениңде, мени да барып турууга руксат этишсин. Көндүрөсүң ээ... Эми мен сени узакка көрбөсөм чыдабайм.

— Макул, макул, атам, апам ак көңүл, кечирет.— Аманат ыйын тыя албай энтикти.— Сен жөнүндө маа бир ооз да жаман сөз айткан эмес. Жанагы... башка бирөөлөрдөн, мени жеткизгенде эмчегиңди да эмизбей, атам, апамдарды да күтпөй таштап качканыңды уккам.

— Бирок, ал мен эмес элем да...

Алтынай ошондогу апаат күндөгү жорук жаатында, баланын ар сөзүнө уюп ишенгенине шердене медиреди. Эне жүрөгүндө баласына эриген назик мээримине сырткары, кандайдыр тил жеткис алкоо сезими булактады.

Бакир иштен кайтканда үйүндөгү томсоргон ээндиктин кандайдыр түнөп жоголуп, толо түшкөнсүгөн оор тынчылыкты баамдады. Аля ашканада даамдуу тамак бышырууга алектенүүдө. Аманат мейман бөлмөсүндө пианинонун кылын чоң эне овонуна терметүүдө. Аялы менен өгөй уулунун экөөнүн тең көздөрү шишмек. Чаң баскан шактагы мөмөнү электеген жамгыр суусу жуугандай Алянын өңү тазара, нурдана тирилген. Баштагыдай кур жооткотчу сыпайы сөз жок. Қыймыл, ишке алаксыган кебете-кешпирлеринин ыргагы эле табышкандардын жыргалын баяндап турбайбы.

— Ах-а.. Буктары чыккан экен. Жашыруун сырды ачышып жазылышыптыр. Көпкө табышкан эки жүрөктүн азоолонгону аста секиндеп басылганча мен да жөн жайларына коёюн. Тамактануу убагында сөз өзүнөн өзү куюлаар.— Бакир кабинетинин босогосун аттады. Анын тамырларына да жылуу жаңы кан жүгүргөнсүп, делөөрүп отура албай кайра чыкты. Аманат бүгүндөн тартып, анын да жөлөгү. Ананайындын ата-жотосу кармап көрбөгөн, үч ичек комузуна такыр окшобогон миң кылдуу аспаптан кыргыздын овон, күүлөрүнөн кайрып ойногонун кара. «Балалуу үй базар» деген ушубу. Бала... Баланы канчалык эңсеп көзү катса да... Қийинчерээк жедеп түңүлө баштаган соң, «чыгармам, китептерим менин мурасым, перзентим» деген пикирге такалган.

Азыр ал ою кандайдыр бырындап эрип кеткенсип, Аманатты өгөй болсо да баласынтып акындын шок көңүлү удургуду. Эки бөлмөдө ар кими өз алдынча күдүндөп алектенген бактылуу эне балага кошо курсанттанып... бирок, бирөөнө да даап кире албай, кайпактап ачык каалгалардан суктана баш бактап, аркы-терки далиста чайпалууда. Анын ойноок сезими көнүмүш сөз тизмектерин куюлуштурууда:

Қагылайын Аманат,
Қылалы сага канагат.
Ата-энең биз дагы
Жүрөлү сени пааналап,
Жалпыбызды кубантып
Өсөөрсүң өнөр дааналап.
Өзүң барда көңүл жай
Өксөйбүз кетсең калтырай.
Өмүрүн, жанын, үмүтүн
Өзүңө арнайт Алтынай...

Акынды сөз жылдыздары балкытып баратат. Жамандыр-жакшыдыр учурунда кагазга чүргөп калбаса, экинчи кармалбай учуусу ыктымал. Кайра иш бөлмөсүнө шашылды. Такта кагаз бетине калемин жойлотуп, тарбалаңдаган анчейин кооз эмес издерди тартты. Акын ою көздө нөшөрдөй ээ-жаа бербей сөздүн ынагын булактатат. Айрыкча мындай арноо, алкоо ырлары бир башталса лепилдеп төгүлө берет го. Дагы шилтеди...

Орток уул Аманат
Кылбассың бизди жаманат.
Өнөрүң өсөөр оргуштап,
Өөрчүтсөң тынбай далаалат.

Алашамдагы тамактануу маалында Аманат кайтадан үлүрөйө, шалкысы бош тартып табакты гана тиктемиш этип унчукпады.

— Эмне болду, тегеренейин уулум? — Алтынай дилдирей, санаасы сапырылды. «Дагы кыжыры кайнабадыбы? Бакисин туйгансыбады беле? Булактаган көз жашы жакшылык жышаанын маалымдабады беле».

Бакир балага сагалашкандан бери алгач аялы «уулум» деп таамай кайрылганын баамдады. Арийне, баки-жогу түгөл айтылыптыр. Эми бөбөктүн көңүлүн дароо дүүлүктүргөн күтүүсүз жаңылыктын илебин басандатуу керектир.

Он жыл бою тууган энеден дарексиз жашаган бала, капилеттен аны жолуктуруп, тоодон кокус кулаган көчкү таш баскандай эңгезер эне мээримине капталса, оңор окуябы.

— Сен бүгүн негедир өзүңө окшобой, башкачасың,— Бакир сөзгө аралашты.— Айтчы, Аманат не болду?

— Эчтеке... Окуу башталганча атакем менен апакемдин колунда жүргүм келет. Аларга бирдеңкени айтууга тийишмин.— Алтынайга кыйыгынан карады: — Асыл карыяларына нелерди айтууга ашыкканын түшүнөбү?

— О, андай маселе болсо — демек, жөнөө керек, сөзсүз жөнөш керек! — Бакир колун серпти.— Кааласаң мына мен өзүм жеткирейин сени!

— Каалайм! — Аманат сүйүнө кыйкырды.— Каалайм!

— А менчи? — Алтынай дапдаарый алайды.

— Сен да кошо бар! — деди Аманат.— Сенсиз такыр болбойт... Ушул сөздү уккан кулагына ыраазы чалкыды Алтынай!

Бирок Бакир ага акылдашууну чечти:

— Чыдабайсыңбы деп чочуйм. Карыялар азыр төр жайлоодо, өтө бийик жерде, билесиңби?

— Кой э, чыдайм, чыдайм! — Алтынай кежир кыздан

бетер чаңылдап, тактайды тарс тепти.— Алигинде чыдай албагам. Анда оорулуу, капалуу болчумун. Азыр тыңмын, дурусмун. Бакир, койсоң эми, макул десең!

— Шундайбы? — Бакир башкача чечүү мүмкүн эместигин туюп алаканын жайды.— Өзүң бил.

Небак ойлоп бүткөм. Аягына дейре чыгуум керек. Аманат экөөбүз бири-бирибизди түшүнүштүк. Эми Мусанын ата-энеси калды. Алар менен элдешмейин, бары бир жаным жай албас.

— Болуптур, бүрсүгүнү жөнөйлү. Макулдаштык.

Аманат буга дейре Бакир байкесин кандайынча жакшы көрүп калганын да туйган эмес. Деги не деген адам! Атасы ага кадимкидей таанышкан соң, айныксыз «о оозуна келгенди оттобогон нагыз жигит тура!» дээри бышык. Энеси айтпаса да белгилүү. Небересин бапестеп жеткирген кишини балпактап сыйлуу мейман катары кастарлайт. Эх, тез эле эртеңки күн зыпылдап өтсө экен! Алтынай, Аля эжеси, жо-ок, апасы сүйүнгөнүнөн чикирттебесе экен! Чикирттебейт. Жайлоого эсен-соо баратат, ага Аманат ишенет. Анткени анын барганы өтө маанилүү. Бардыгы үчүн маанилүү: атакеси менен энекеси үчүн да, Алтынай менен Бакир үчүн да, албетте Аманаттын өзү үчүн да.

Окус, атакеси Нурак келини Алтынайга элдешпей койсочу? Анда кантет? Анда Алтынай капаланып чикирттейт. Бакир менен кайра жолуна түшөт, анан Аманатты такыр көрбөйт.— Жок, антүүгө ал эч көнбөйт! Алтынай апасы менен Бакир байкесинин кимисин көбүрөөк жакшы көрүп калды, так кесер айтуу кыйын. Кейпи, экөөнөн тең айрылууну каалабайт. Карган атакеси деле залкар. А дегенде бурк эте ачуулануусу ыктымал. Бара-бара курган Алтынайдын ага дагы, небересине дагы айыптуу эместигин, жаш жары Мусадан айрылып күйүттөн өлүп кала жаздагандыгын укканда аны аяйт. Азыр Аманат, баякыдай чоңдордун ар кыл сөзүн келжиреген балдардан, бөтөн адамдардан эмес, болгон чындыкты түгөл төрөгөн апасы Алтынайдын өзүнөн билбедиби. Ал кылайып калп айтпай калсын.

«Бары жакшы болот, бары жакшы болот.— Аманат өзүн-өзү купуя сооротууда. — Тез эле күн өтсө экен»!

Ошентип ал күн да өттү!

Кайра үйүнө кайтканда

Машина түзөндө жумшак термелип, тез зыпылдаса, жол өр таянганда чарчап, акыркы күчүн үрөгөнсүп жай жылууда.

Аманат шофёрдун жанында алдыга отурган. Алакандай күзгүчөдөн Алтынайдын жүзүнүн чагылышын, анын кээде кумсара, кээде кызарып-татара оңу кубулуп толкунданганын баамдоодо... Бакир байкеси анын колун жазы алаканына укалап:

— Кантесиң, кантесиң,— деп акырын шыбырайт.— Өтөт, кетет. Көрөсүң... Мен такай жанындан чыкпайм...

Алтынай ага күлүмсүрөй карайт, алкоосун билдиргени. Деги, жанында Бакири болбогондо карыяларга барууга чымырканбайт эле. Ага күчтү, кайратты, чечкиндүүлүктү берген Бакир да. Эми ага кошул-ташыл кубатты эр мүнөздү торсойгон бала Аманат дагы кошподубу.

Өткөн күнү Аманат жарытылуу уктабады. Ал атакеси менен энекесине жолугууну, өзү не дейт, а алары кандайча жооп кайтарарын элестете берген... Атасынын сакалдуу дидары бирде сүрдүү, суз, бирде жумшак, сүйкүмдүү... А энекеси, көзүнүн жашын күрөң шалы жоолугунун учу менен сүртүнөт. Энекеси — жайдары, оюнан чыкпайт, эч адамдын көңүлүн калтырбайт.

Чала уйку, алдыдагы сапарчылоого ашыккан Аманат үйгө жарык чачкан таң заарынан ыргып туруп, Алтынай менен Бакирдин ойгонушун чыдамсыз күткөн. А машинада бала акырындап талмоорсуй берип, мамык жөлөнкөгө башын чалкалаткан бойдон, жетер жеткенче уйкуга термелди. Жайлоого көтөрүлгөндө Бакир анын мытыйган колун таптады:

— Кана, уулум, боз үйдү көргөз, сен быякты коён жатагына дейре тааныйсың.

Аманат ойгонгусу келбей бирок, кайда, кимдерге баратканын эстей, заматта умачтай көзүн ачты.

— Э, түз жетиппиз. Тээтиги жайыктагы биздин айыл!

Тынч жайлоодо алда кайдан келатканын айкындаган машина Нуранын үйүнө кол сунса жеткидей чукул токтоду. Ичиндеги жүргүнчүлөр чыгып бүткөнчө, айылдагылар убап-чубай чуркашып тегеректешти.

Топурагандарды жара жиреп Нурак, анын сонунан Батма байбиче алдыга умтулушту.

— Атаке! Энеке! — Чарылдады Аманат.— Мен келдим! Биз келдик! — Алмак-салмак атасынын, энесинин моюнунан кучактады.

Баки жогу түндө өзү элестеткендей болгонучу. Энекеси кубанганынан ыйлап, болук бетин жууган жашты гүлдүү шалы жоолугунун учу менен ааарчууда.

Атакеси Нурак небересин кучактап, окчун компоюшкан

чакырылбаган чоочун меймандарга шектене мокок көзүн үлүрөйттү.

— О, бизге келин балам өзү келген тура! — Акыры Алтынайды таанып, танданыңкы саал-паал какаардай доошун каргытты.— Үч уктаса түшкө кирбес жорук!..

— Атаке, атакебай, таарынтпа аны! — Аманат кыйкырган бойдон коргоп калчудай Алтынайга асылды.— Таарынтпа! — Жашыңкы үнү ыйга чакай чыйылдады.— Бул деген жакшы-ы! Бакир байкем андан! Мен экөөнү тең жакшы көрөм! — барылдап ыйлаган калыбында үйгө текилдеди.

— Ке-лин! — Укканга ишенбечүдөй Батма кулачын керди.— Чын эле сен Алтынайсыңбы?

— Ооба, энеке, менмин,— эринине гана угулар-угулбас шыбыштай Алтынай байбичеге чуркап жетип кучактады. Ошо кучакташкан боюнча көз жаштарын көлдөткөн эки аял боз үйгө теңселип кириштн. Бирөө — улгайган, күн табы менен ачык абага кара күрөңүнө тарта тотуккан, жүзү бырышка тебеленген, ал эми экинчиси — али жаш, чепейген арык чырай, дидары ак жуумал, сары юбка, гүлдөрү бажырайган кооз кофтачан. Алардын сонунан Нурак абышка, ноочо бойлуу, көзү бакырайган, саамайы жаагына түшө өскөн, калың дүгдүйгөн дуудар чачтуу азаматтын коштоосунда ачылган босогону аттады. Аялдардын эмшеңдегени менен керегеге бурула сулаган Аманаттын ичке ыйы дебесе боз үй ичин тымтырсттык тунжуратты.

— Неге ыйлайсың, бала? — Бакир Аманатка чукулдай жыла, ийнинен таптады.— Неге ыйлайсың? — Дагы кайталады.— Сен атаң менен энеңе жетүүнү эңсебедиң беле.. Биздин да кошо келүүбүздү каалаганың эсиңдеби? Сен, ата-энең жакшы кишилер, Алтынайды да, мени да капалантпайт дегенсиң...

Бакир мунун баарын Аманатты сооротуш үчүн гана эмес, абышка уксун үчүн, аны небереси канчалык барктаарын, Алтынай экөөнү Мусанын ата-энесине атайылап ээрчитип келгенин билсин үчүн айтты.

Канткен менен Нурак өзү деле меймандарды тоң кабылдаганына уялыңкыроодо. Ким болбосун мейман деген мейман.

— Болду, болду, кемпир,— күрсүндү карыя,— жетет ый, көзгө да убал! Балдарыбыз келгенге сүйүнөлү, той өткөрөлү, а сен эмшеңдебе.— Бакирге бурула кошумчалады.— Кайгырса да ыйлайт, кубанса да ыйлайт...

Ардуу Нурак Алтынайдын эрине баарынын көңүлүн бура, алгач сөз катты. Ошентип көп нерсени жеңилдетке-

ишин жадаганда Аманат дагы түшүндү. Батма байбиче мурдагыдан ого бетер букулдап, булактаган жашын тыйбай сүйлөдү;

— Азыр туйгунум, ачууланбасаң, мен азыр...

«Туйгунум» — абышканын айкөлдүгүнө карата айтылган сый. Анын баасын Нурактын өзү менен небереси гана билишет.

Мусанын мүрзөсүндө

Нурактын боз үйүнөн таң шооласы көшүлгөнчө чырактын үлпүлдөгөн шамы өчпөдү. Ээлери менен меймандар мемиреп уктаган балага, өзүлөрүнүн уулуна, небересине, эки бүлөөнү дароо бакытка, бейкуттукка бөлөп бириктирген кичинекей адамга экен-токондо көз чаптырыша жай маек курушууда.

Кийинки күнү Мусанын бейит башына барууга камынышты эле, Алтынай сыркоолоп төшөктөн козголо албады. Ал өзүнүн абалын күйөөсүнөн, карылардан канчалык жашырууга аракеттенсе да, чу деп аттанаардын алдында Бакир анын кыйналганын сезип, чочулай, аялынын деми буулуга, кыстыкканын тындады. Бирок, унчукпады. Өтүп кетээр. Жеке гана бийик тоонун күйүкчүл авасынан гана эмес, ички толкундоонун кошул-ташыл саатынан экенин болжоду.

Таңга маал гана чала-чарпы кирпик жумган Алтынай ойгонгондо көзүнүн алды шишимек тартып, өңү чүтүрөйүп кыйналып турду. Пиала кымыз сунганда колу титиреп жакшылыктуу жута албай, эртең мененки ысык даамдан караманча татпады.

— Көрдүңбү,— деди Бакир.— Сенин ушунундан коркком. Быякка келүү сага жарашпасын билгем.

Аманат да үрпөндөп Алтынайга эбелектеди:

— Жаның кыйналып турабы? Чын! Кайра чикирттебесең...

— Бат эле оңолом.— Алтынай сыр бербей жооткотту. Ал кургур карылардан айбыкты. «Кара, келечагын! Азабынды тарттыр эми!..»

— Э, келиним эчтеке эмес,— эркелете унчукту Батма.— Чырмактабас жан барбы! Анда бүгүн барганды тыйдык. Сен жатып эс ал. Куда кааласа, келерки таңга дейре тыңыйсың. Сени кошо аттантып жөнөйбүз.

Нурак байбичесин жактады:

— Бүгүн менин кылайып колум бошобойт. Байтал үй-

рү жылкым төргө кетиптир. Ошону издейм. Эртенкинин жөнү башка, жөнөйбүз.

Батма абышкасына ыраазы балкайды. Бүгүн ал эч жакка аттанмак эмес. Кечээ эле жылкычыларга мени күтпөй өзүнөр баш-көз болгула деген. Азыр Алтынайды тынчтандыруу үчүн зарыл ишти ойлоп чыгара койгонун көр. Мындай билеселүү адамды табуу...

— Бо чогуу бастырсак кантет? — Карыя Бакирге бурулду.— Сага аргымактын чүрөктөрүн көргөзөйүн, көзүң тойсун! — Арийне, бул дагы амал эле. Абышка акыры Аманатка ата ордун басуучу адамды жалгыздатып эркекче сүйлөшүүнү, паразатын байкоону каалады.

— Мен даярмын! — Бакир шар макулдай, аялына кылчайды.— Барайынбы?

— Албетте! — деди Алтынай.— Энекем, Аманат менен калуу мага да сонун.

— Албетте! — деди.

...Ошо күнү карт Батма келинине кандай гана үйрүлбөдү! Аның бирде жаздыгын бийиктеп, бирде төшөгүн кымтылай, бирде кымыз сунуп:

— Ич, ич. Алтынай! Тим эле зордоп ич. Кымыз дары— чабалды тыңытып, кеселди айыктырат...

Түшкө жуук Алтынай көшүлө уктады. А кечинде кадимкисиндей онолуп, серпиле турду. Киртийген көздөрү бажыра, үлбүрөгөн өңүнө кан жүгүрдү. Бакир кайтканда кубанды:

— Баракелде, минткенин дурус! Сенин көөнүңдү кыйбай, тоого бекер апкелипмин, деп өзүмдү жемелегеним ай. Эртең мененки түрүң мага жаккан эмес-с...

— Демек эртең барабызбы? — Алтынай үмүттүү унчукту.

— Жарасаң, барабыз, жакшы болбосоң дагы бир, эки күн токтой турабыз.— Сакалын жайкады Нурак.— Шашылышыбыз жок.

Кечерки тандa Алтынай сопсо, азаматтай чыкчырылды:

— Мына, сиздердин авага «көндүм». Күйүккөнүм караманча басылды. Кыязы, кымыз жакты белем. Чынбы, энеке?

— Чын эмегендечи! — Байбиче жагалданды.— Курулай кымызды кыстап ичирипминби. Менин баамымда жанагы шаарынардагы дары-дармегинерден кымыздын эми мыкты эле...

Нурак карыя тез гана аттарды токуп, жепирейген жапалдашын Алтынайга тартты.

Алтынай алапайын таппай уялганынан кайпактады:

— Мине албайм... Билбейм...

Аманат боору калбай борсулдады:

— Атка бастыра албайсыңбы? Ой кызык, мен көндүрөйүн анда.

— Жок, корком.— Алтынай моюнуна алды.— Этегим да тар, деги жүралбайм, жыгылам.

— Койсоң, коркпосоң мама,— тыкылдады Аманат.— Анда сени мен учкаштырып бастырайын. Только бөлөкчө кийин.

Касиеттүү карыяларынын көзүнчө «мама» деди. Алтынайга ал атайлап айткандай, эне-аталарды бышы кулак тартып, анын тууган апасына чындап берилгенин билишсин дегендей сезилди. Карыялар укмаксанга салышты. Батманын ою ары ацтарыла, бери ацтарыла, аягында буга такалды. «Кудайга шүгүр дейли. Абышка экөөбүздүн көзүбүз өткөндө — куйтунум жетимсиребейт. Апасы бар». А Нурак өзүнчө эринин тиштенди: «Эртедир-кечтир мына ушул болмок»...

Аманат үзөңгүгө, ээринин кашына жармашып өз атына шып минди. Аңгыча Алтынай спорт костюмчан чыпыйып чыкты. Ал кейпи атка минүүгө да эптүү, беркилерге да жакты. Бакирдин жардамы менен балага ыктай учкашты.

«Ах, кандай бактылуумун мен атка миналбаганыма,— ойлонууда Алтынай.— Барып келиш жол бою такай Аманатымды боорума тартып, колум менен сылап-сыйпап, дем алганын тыңдайын ээ...»

— Кыргыздын ургаачысы атка мингени жөн.— Нурак доошун каргытты.— Эртең сени үйрөтөбүз, келин.

— Жарайт, үйрөнөйүн...

— Бап бал-ли! — Келинининн дароо моюн сунганына корстонду абышка. Ал алдыга жол баштап жөнөдү. Аксакалын жайкалткан карыянын ээрге куйгандай бакжая, кадимки жигиттердей алчыланта бастырганына Алтынай өт бетине батпай сыймыктанды.

Артына кылчайса Батма менен Бакир жанаша бастырып, кобурашып келатышат. Экөөнүн эмне жөнүндө пикирлешкени угулар эмес. Алтынай өзү деле угууга назар бурбады. Күйөөсүнүн сөзгө чеберлиги, кандай гана чоочун адам болбосун бат ишенимине кирип, боюна тартаарлыгы, сөздүн таамай, таасирдүүлөрүн кынаптап өзүнүн ак пейилдүүлүгүнө ишентерлиги ага небактан маалим. Бекеринен көпчүлүк анын аныk адамдык ышкыны, сезимди козгогон ырларын жактырышпас-с... Азыр энекесине экөөнүн бардык өмүр тиричилигин: ага баш кошконго дейре,

Алтынайдын кандай жашаганын, жападан жалгыз, оорукчал, таалайсыз мүнкүрөгөнүн баяндайт. Энекеси ага ыйнанат, келинине, Аманатынын апасына жүрөгүндө кымындай да таарынычы калбай бүт эрийт.

* * *

Мусанын мүрзөсүн тегеректеп алар узакка отурушту. Көгүлтүр корум таштан үйүлгөн дөбөчө бейиттин үстүнө Алтынай менен Аманат күздүн жыты аңкыган назик гүлдөрүн коюшту. Анан Нурак чөк түшүп курандын кыраатын чойду.

Батма алигинде Аманатты биринчи ирет атасынын мүрзөсүнө апкелгендеги кошогун созо заңкылдады:

Жалама аска түбүндө э...эй,
Бөлөнүп арча бүрүнө э...эй,
Кулунум Муса шер жатат,
Омкоруп түбүн алам деп э...эй,
Оолжута элди багам деп э...эй,
Кулаган уюл кен жатат э...эй,
Кулунум, Аманатың келди жанына а...ай,
Эс тартканда сагына а...ай
Бапестеп багып чоңойттук э...эй
Абышка кемпир жалына э...эй.
Каралдым азамат болор өзүндөй э...эй,
Борбую толгон чагында э...эй.

Алтынай жүзүн жууган мончок жаштын булактаганын сезип да койбоду. Ушундай жанды кайыштырган сөздөрдү өне сезиминин керемети гана жаратаар.

Бакир башын эңилтип олтурду. Аялы аны карап, дасыккан акындын да баласынан айрылган карапайым кыргыз аялынын жамактатып кошкон ыр саптарынын таамайлыгын таңыркай дапдаарыганын баамдады.

Батма дасторкон жайып, куржундагы бышык тамактарды жайнатты. Беркилер тегеректей жайланышып, шейитке багыштаган бейит башынын даамынан татышты.

— Жолду катары мен саа баламды жуткан каргашалуу кара аска тууралу айтпадым беле. Тигине...— Батма Бакирди жандай тарамыштуу каржайган, каралжын чеңгелин муштумга чокмороктото өйдө кезеди. Бакирге, бул шордуу аял олчойгон зоока ташка ызырынып, күн күркүрөп, чагылган чартылдап, бырын-чырынын күлгө айлантса деп каргап жаткандай туюлду.

— Бакир байке, далдап карасан.— Аманат чыңкылдады,— ана, кылда учунда жарк-журк этип кубулган эмени

көрдүңбү? Муса папам алам деген дал ошол урчук таш. Как ошондон тайгылып, бу түпкүргө учкан...

— Ооба. Көрдүм,— деди Бакир.— Капкара алмаз сымал күн нуруна чагылып кулпурууда. Шумдуктуудай таш!

Бакир шап ыргып көз ирмем ойлонуңку турду да, чечкиндүү бурк этти:

— Азыр мен ошого чыгып көрөйүн, кур дегенде учунан бармактай таш чагып түшөм. Ошол бөлүкчөнү Мусанын мүрзөсүнө коёбуз.

Ал шарт имерилип бир нече кадам шилтегенде, сонунан зээнди кейите Аманаттын үнү баркырады:

— Кой, кой! Сен чыкпайсың аякка! Мен каалабайм, корком, кереги жок!..

Бакир тык токтоду. Ал баланын атасынан энесине, анан Алтынайга чуркап жулунганын, ыйлаганын, бакырганын байкады:

— Кармагыла! Жибербегиле! Анын кулап өлүшүн каалабайм!..

Бакир калдактай чуркап жетип, Аманатты тапатак көтөрүп көөдөнүнө кысты. Бала аны моюндан бек кучактады. Ал али букулдап ый аралаш сөз катты:

— Сени жибербейм! Мен сенин өлүмүңдү каалабайм! Жүргүлө кетеличи, кетеличи буерден, коркуп турам. Сени карыш жылдырбайм!

— Жарайт, уулум, сооронo кой, мен эч жакка жылбайм.— Толкунданып жашыган Бакир Аманатты эркелете кайпактады.— Мен сенин жанындан чыкпайм... Биз бакижогубуз — энем, атам, Алтынай, се-ен, ме-ен... бирге болобуз. Сен ошону каалайсың, чынбы? Кой эми, басыла кой, жетет эми!

— Чын эле ушинтебизби, атаке! — Аманат Бакирдин мүрүсүнөн колун албай, карт Нуракка моюнун созду,— биз баарыбыз бирге болобузбу?

Карыя узакка үнсүз тунжурады.

— Кантесиң, туйгунум? Кулунчагымды сооротсоң, сен экөөбүз анын ушунчалык капаланып ыйлаганын көрдүк беле. Каралдыңдын чымындай жанын тынчтантсаң. Тенирим сени жалгыз таштабас-с. Айт каралдыңа, эми биз — бир гана үй-бүлөбүз.

— Ырас, биздин биригүүбүз кажет,— секин кобурады Нурак. — Биз... биз бириктик... — Жерди таяна кажарлуу обдулуп, алаканын сакалдуу дидарына жанытты.— Оомийин! Бүттү, эми үйүбүзгө кайталы.

Карыя куюшканга байлаштырган аттарды чечүүгө камданды.

КАРЛЫГАЧ

Таң кулан өөк тарткан маалда мандай-тескей кабышкан капчыгайдын оозунан сары атчан бирөө суурулуп чыкты. Астындагы төрт аяктуу жаныбардын тулку-бою алка-шалка тер. Жолоочу ээр үстүндө, ат жалында түнөп, сапар чегип келатат. Ал чарчаганына кайыл, өтө шашылыңкы.

Таманы кызыган ат кең өндүргө таянганда тык токтоп, кош кулагын тикчийте удаа-мудаа шаңгырап кишенеп жиберди эле, айланадагы тоо-таш коштоп жаңырык салды дейсиң: өз алдынча чулдураган булак суусу буула, мейкин түздүн кер мурут бетегеси жапырыла, мөлтүр асманды жиреген бүркүт калдактап, кайый түшкөнсүдү. Жаңырык күлдүрттөп барып, алыска сиңип жоголгондо гана өндүр кадимкисиндей тыптынч мемиреди.

Жеринен камчы салдырбай алып учкан сары аттын куду самаган өргө жеткенде баш чайкап турушуна, баарыдан да жер катмарын түрүлтө не бир ажайып кишенешине үстүндөгү адам айран таң. Эмчектүү коло үзөнгүнү такыр колтукка ныкый чүчүлөп теминсе да, ат туягын көтөрүп койгон жок. Салмактанган жалын эңилте башын жерге салып, ысык тер булоолонгон капчытынан солуп турду сары ат.

Кыжырланган жолоочу өрмө камчы менен кош кулакты өрдөтө чокуга басып-басып алды. Ал төрт аягын жыйрып чыкчырыла түшүп, аткан октой атырылып жөнөдү эле, таштуу жолдон жарк-журк эткен кыпындар учту. Токмокко эти уккан жорго азоолок гана узаган соң, эки-үч ирет сүрдүгүп барып, акырында күп этти. Мына кызык тамаша! Иши кылып көзгө чалдыккан бир малчынын үйүнө жетүүгө ашыккан жолоочунун заманасы куурулду. Сен лиректеп зорго турган аттын ооздугун чыгарып, кыл чылбырды бир бутуна байлап, отко койду да, бетеге жазданды.

Мөңгүлүү арсак-терсек аска-зоолор, гүлдүү-бүрдүү чөп-чардын жыпарын бүркөгөн салкын жел, мемиреген тынчтык, тээ алыста үлпүлдөп өчүп бараткан жалгыз жылдыздан бөлөк кыпындай темгили жок мелтиреген асман, тоо жакалай балбыраган карагай-чер, чөккөн нардай жылга-жылга, адыр-белес, улам чаңкая ачылып келаткан көпкөк асман, андан бери калкыган суйдаң булут узак жолдо чаалыккан жолоочунун көңүлүн оштонтуп, сергилендетти. Ал кырданып жаткан боюнча магдырап көзү илинди.

Оо далайда, күн тоо башынан алда кайда бийик көтөрүлгөндө ойгонду. Илең-салаң чоюлуп боюн жасап, көзүн

ачып-жума эстеп, аттануурга чукулдап баскында бетегени күдүрөтө чайнап, тыяк-быякка окуранып караган сары ат бышкырык атып, чечилген чылбырын сүйрөгөн боюнча ээр токумчан салып-уруп жүрүп кетти.

— Но-но, жаныбар! Чоочунсунтпа! Талаага таштаба. Но-но! Сары ат, сары кашка! — Жембаштык сымалданып кепкасы колунда, сур плащынын кош өңүрү делдектеп желге учууда. Ат аны шакаба чеккенсип улам чукулдап чылбырдан баса жыгыларында жалт коюп, куйрук-жалын сеңселте созолоно бөжүйт да, узап барып беркини үмүттөнтүп токтоп калат. Кээде чылбырды басып мүдүрүлө түшөт да, кошкурук атып ансайын катуулап жөнөйт.

Жолоочу бирде ачуулуу — бака-шака түшүп сөккүсү келет, бирде ызалуу — өңгөчүн тарта эчкирип ыйлагысы келет. Андан-мындан балтактап сары күчүктөй суурлар качат, кээси ийин оозундагы дөбөчөгө кош аяктап тура калып, үн алышат. Бул көрүнүш чоочун жолоочунун көзүнө шылдыңдагандей сезилет. Ана, ат тиги белести ашып кетти. Өр таянган жолоочу күйүгүп чарчап да бүттү. Айланада көзгө сүртөргө караан жок.

«Атты тындап миналбаган кандай неме деп сөзгө калбагай элем. Ээр токумун бирөө шыпырып кетсе кантем? Ач бел, куу жондо калат деген ушубу? Малчылардын кай жерде экени али белгисиз. Окус түнгө калсам айлам не болот?».

Нечен жүздөгөн жылдар бою мал туягына тапталган кат-кат сызмадай жалгыз аяк жол менен жолоочу качкан атты кубалап белестен-белес артты. Жедеп чарчап-чаалыгып бүткөндө мандайдагы жайпак боордон жыбыраган чамбыл койлор, дал ошолорду көздөй чубалжып, өр таянган сары ат кылаң дей түштү. Жолоочу бардык күчүн жыйып, ач айкырык салды:

— О, айланайын койчу, кармай гөр! Атты ары узата көрбө!

Торсойгон бала койчу шамдагай белем. Астын утурлай басып жолдон бурулуп булт коёрдо сарыны чылбырдан илип кетти. Жолоочунун сүйүнгөнүн коё кал:

— О, эр экенсиң. О, азамат! Жолдугуң болот!

Тоодо туулуп, тоодо өскөн тапандар балээ. Качаганды да куйруктап кармашат. Жолдугун берейин да, шекшооратымды билгизбей, сапарымды улантайын».

Чарчаган неме бар күчүн үрөп дүңкүлдөп жүрүп отурду. Жеткенче чөнтөк антарып, бет аарчысынан бөлөк колунда бар эки буюмун ыроолоду. Экөө тең талаа-түзгө зарыл нерселер. Бири — жөнөрүндө жаңы алып сыясы ичине

толтурулган, бир ооз сөз жазып көрө элек автомат калем сабы, экинчиси — дүкөрт, дандакүсүнөн өйдө майда-чүйдө жабдыктары бар макиси. Ээн талаада аттан ажырап калганда жакшылык кылган кишиге убада сөзүн бышыктап алда кайдан айкай салган соң, айнууга мүмкүн эмес да. Өзүнө кайсынысынын зарылдыгы көп? Албетте макинин. Ансыз чыбык да кыркалбайсың, берекелүү малчынын үйүндө жилик мүлжүгөндө, кыя тартып беш бармак тууралганда, кол жуугандан кийин тишти тазалаганда, керектүү учурда бөтөлкөнүн оозун ача койгондо, жада калганда, шартылдатып калем учтаганда кызматы зор...

Жолоочунун ушул элестен улам, ачкалыгы эсине түшүп, шилекейин жутту. Ал автомат калем сабын берүүгө даярдап, макисин чөнтөгүнө житирди. Көйнөгүнүн топчуларын чечип, булоолонгон көкүрөгүн ачып, жалпак ташка жамбашын койду.

Быжыгыр көрпө тебетей, боз плащчан жаш койчуга карар-карамаксан үн катты:

— Бери жетелеп кел айланайын! Сары доңуздун азабынан өлгүдөй чарчадым. Рахмат иним! Мынакей кызматыңа. Койчу жалгыз жүрүп эриккенинен үнүн баспайт дешет. Мына ыр жазып жүр,— жолоочу коюн чөнтөгүнөн кызыл нукабалуу дептерчени кошо сууруп, жаркыраган сары металл автомат калем сабы менен таштын үстүнө таштады да, шап атына минди. Эртең соңку сөздөн айбыгып, карбаластап койчунун колунан чылбырды аларында бөйтөйгөн нур жүздүү, карагат көз өспүрүмдү көз кыйыгы чалып калды. Кош айтышып, кол кармашпастан шарт камчыланып жүрүп кетти. Бир ооз үн чыгарбаган койчунун мөлтүр көзү «сары аттан шагың сынган шаардык жигит, капчалык шашканың менен биздин айылдан алыс кетпейт окшойсуң!» — дегендей күлүмсүрөдү.

* * *

Атчан адыр этегинде чет-четин таш менен тосмологон булак оозундагы жалгыз үйгө бурулду. Башкарманын сары жоргосун минип келген мейманга үй ээлери — эрдикатындын бүлүнгөнүн коё кал. Абышка карбаластап, мейманды колтуктап түшүрүп, куйруктарын чамгарактатып арс-арс үрө боз үйдүн көлөкөсүнөн жарыша чуркаган короочу иттерин тап берип кубалап, сары атты кантарып мамыга байлап, эзелки тааныштан бетер күдүндөп:

— Ыя, кагылайын, деги жакшы келдиңби? Даары кур-

сун. Жолубуз өтө жаман. Ашуудан ашуу, карагай-чер, ийри-буйру, кыштактан түп ортосунда чыккан киши да бу маалда те ойдо болмок. Аттын мыктылыгы менен эрте келген экенсиң. Даары курусун, сары атта канат эле жок. Чарчагансың го, ыя кагылайын? Бу даарың кургурлар, киши кошуп берген жокпу? Суусадың го. Кымыздан жутуп жибересиңби, ыя кагылайын?

Жолоочу жооп бергенче кемпири үйдөн баш багып:

— О, абышка, бабырап отуруп аласыңбы? Ирээттеп койдум, үйгө киргиз, мейманды. Кире гой уулум!

Жолоочу төрдөгү тирүү козунун көрпөсүн жаңы эле сыйрып келип жая койгондой көмүрдөй тармал көлдөлөңдү буту менен тебелөөдөн тартынды. Ал көлдөлөң болгондо да сегиз-тогуз козунун көрпөсү. Жүктүн тыяк бурчу менен быяк бурчуна кызыл-көк оймолор таңдайлаштыра шырылган жапжаңы шырдактын үстүндө быжыгыр тарта кулпунат. Жигит кандайдыр коомайсынып көлдөлөңгө учкай олтурду. Кемпир күйпөлөндөп эпчи жактагы чырмалган ашкана ичинде. Абышка окшош сыр аякты астына коюп, бооруна наар түшүрүлгөн кочкор мүйүз көөкөрдөгү кымызды чайкоого киришти. Чоочун жигитти боз үйдөгү жасалга эрксизден өзүнө тартты. Төрдөгү кертим-кертим шайы-шалпар жууркан-төшөк, бурчта патефон, самоварь, ууктардын билегинде кыстарылган ар түрдүү китептер, кол чатыр, улага жактагы керегенин баштарында илинген мылтык, дүрбү, коломтодогу үч буттуу тулгада капкактуу кара казан асылуу: эр жакты бүт ээлеген туш кийиздин ныл тукаба жакасына таажыларын ачып, чокторун албырткан ар кыл түстөгү гүлкайырлар, ортодогу капкалдырында Кыргыз ССРинин герби саймаланган. Бул буюм жеке кооздугунан, кымбат баалуулугунан гана эмес, дал бүгүнкү күндүн адамынын моокун кандырган маңызы менен жолоочунун көзүн тойдурууда... Үй ичинде абышка-кемпирге тиешеси жок көп көр-жердин турганы, кадыр эсе эле иреттүүлүгү, тазалыгы, булардан башка буюм-теримге ээ дагы бирөө бардай. Экөөнүн тең үстүндө эч жамаачысыз карт денеге кыналган чий баркыт, кыжымдан тигилген элет кийими. Тамак-аш астыга жайнап, даамдар татылганда, абышка-кемпир экөө дасторкондун эки четине отурушуп, мейманды ортого алышып, эми гана көңүлү жайлангандай бири-бирин мулуңдай карашты:

— Ии, балам, кымыздан жут, боорсоктон, каймак, куруттан ал. Даары курусун, мейманды тойгузмайын сүйлөшүү дегенди билбейм, ыраспы ыя кемпир?

— Момпосуй, канттан баланын астына шилеп койсон.

Жей гой, биздей энс-атаң бардыр. Уялба. Бир пастан кийин казан асам.

Өз элинин меймандос, март пейлине дагы бир ирет алкыш айткысы келсе да, анын ракматына таңсык эместей үстүнө үйрүлүп түшө калган карылардан ийменди. «Деги булар кимдер? Уул-кыздын урматына бөлөнүп, ээн-жайкын эс алууга кыргыз курорту — жайлоого өзүлөрүнчө камынып чыккан адамдарбы? Жок. Үй турпатына, эмеректерине, сүйлөгөн-тургандарына караганда, ушул жердин туруктуу ээлериндей. Сөзсүз малчы. Бирок бардык малчынын турмушу мындай эмес да. Кыябын таап ал-жайды сурашууга дит даабайт. Чыдоо, күтүү керек. Сөз улуудан башталганы жакшы».

Мейман курсагын тойгузгандан кийин телмирип ойго чырмала түшкөнүн карыя дароо баамдады. Мандаш токунган оң бутун жазып көнөөрүңкү чигирим маасысын кончунан тартымыш этип, бакжайган үчтө сакалын экчеди:

— Даары курусун, балам! «Адам көрүшкөнчө, жылкы кишенешкенче». Оор басырыксың, же ашкан куусуң! Жаки болбосо, о баятан бери үн чыгарбай ким деген чыдайт. Далай эле өзүң өндүү өкмөт балдар бу кара байбиче экөөбүздүн колдон даам таткан. Даары курусун, небак эле энекелеп, атакелеп ичи-койнубузга кирип, ата-жотобуздан ойдө териштиргендерди көргөм. Купулума толуп олтурасың. Далай нерсе ичинде кайнап жатат, балам! Мен да кезегинде бир сырдуу элем.

— Олда кайран эме! Карыганда бабыр болдум дечи?

— Ошондой, ошондой. Ушу жайлоодо он эле күн жүрсөң, даары курусун, куба жүлүн иреңине кан жүрүп, монтойгон кызыл уул болосуң. Олтурган-турганыңа караганда шаардын баласысың. Бу калп айтпасам, Поронзодон институт бүтүп келген биздин зоотехниксиң го?

— Олдо кайран эме ая! Уятка калып жүрбө, балага.— Байбиченин жоромолу такыр башкада эле. Жигит ордунан ыргып туруп, карыянын колун кармап, аты-жөнүн айта баштаганда өз санын өзү нукуп алып, чыкданды көздөй кетенчиктеди.

— Дал өзүмүн. Таанышып коёлу, аксакал! Атым Эргеш, атамдын аты Медер.

— Эх-ээй! Даары курусун. Медерүп зоотехник! Дурус... дурус.

Эргештин манчаларын коё бербей, купуя дубасынын аягына чыга элек молдодон бетер башын ийкендетип жигиттин тулку-боюна күлмүңдөдү.

— Менин ысмым Нурмат. А байбичемдин аты Тепкедей. Даары курусун, о кийинки согуш бүткүчө актив элек. Ордубузду жаштарга бошотуп, сыйлыгышып чыга бердик. Он беш жылдан бери бир короо койго ээликпиз, чабанбыз. Ушунча болуп жаман атка кала элекпиз. Азыр мага акыл үйрөтпөгөн киши жок, жадаганда секелек кызым...

Тепкедей эне ээгинен чалган күрөң кылторко жоолугунун учу менен бакыракай көзүнүн кычыгынан мөлт эткен берметти сүртө, терең улутуна үй ичин сумсайыңкы карап, элпек козголду да, бөйпөңдөп казан-аягына алыша кетти. Жадырап-жайнаган ак пейил үй ээлеринин жоруккжосуну бара-бара тилсиз ишаарат аркылуу кандайдыр бир өкүттө ишти баяндаганын Эргеш божомолдоду. Анын көңүлү мурункудан жайланыңкы. Албеттүү тулкусунда да, бакжайган сыйда мурут-сакалы көркүнө чыгарган нурдуу бешенесинде да, айрым «ошондой... ошондой, даары курусун» көнүмүш сөздөрүн аралаштыра маңыздуу сүйлөгөн кептеринде да керемет байкалган Нурмат атанын кубанычка да, кайгыга да тез жеңдирген, өз турпатындай элпек мүнөз Тепкедей апанын жүрөгүн кичине эле козутуп койсоң, бар сырын төкпөй-чачпай ортого салышчудай.

Карыя үнүн басандата күңгүрөндү:

— Эки жолу белибиз катуу мертинди. Жалгыз уулубузду согуш кайсап тынды. Даары курусун, бул күндө талтөөндөй акыл-эстүү чоңойгон кызыбыз азап тарттырууда... Ал сол мурутун тили менен аймай, көзүнөн чаарын чыгара чамгарактыкарап:

— Тепкедей, тур! Күндүн ит адаты кармаганы турат. Түндүктү тарт да, сары атты минип балага жөнө... Мен барсам, каралдым ого бетер бырыңдайт...

— Аның ырас. Мен сөөм жакынмын сага караганда. Түндүктү тартып, эшикти түрүп кетейин. Көп эле бабырап меймандын башын айлантпа. Казан асып кой, абышка! — Үй ичи күңүрттөнө түштү. Тепкедей өзү кап жамынып, чатырды койнуна катып, мамыдагы атты көздөй басты. Эргеш Тепкедей апанын дароо эле бөжүтө жорто катуу жөнөгөнүн аттын чубалган куйругунун булактап бараткынынан байкады. Заматта үзүк-туурдукту дүпүлдөтө тапатап ургулаган дабыш кулакты тундурду. Буурчактай аппак мөндүр асмандан чак-чак атылып түшүп, эшик алдында додолонууда. Эргеш ичиркенип пальтосунун өңүрүн кымтыланды.

«Жайыттагы мал, аны кайтарып жүргөн адамдар далдаалanар жери жок, жаратылыштын бул кордугуна кантип чыдар экен? Бөтөнчө жана атымды кармап берген

жаш бала кулак-мурундан ажырабагай эле. Бетеге үстүнөн кылактап көрүнгөн гүлдөр өмүр күнү менен кош айтышып, тытылган чүпүрөктөй дал-далынан бөлүндү го. Жо-ок... бул жердеги жан-жаныбар бир-бирине шарттаашып чыдамкай»...

Жарым саатча өткөн жок. Тушардан сеңселген бетегенин серейген бирин-экин гана учу көрүнбөсө, майышып жапырылып, чокмороктошкон мөндүргө көмүлдү. Асман жарылып кеттиби, ким билет, калдыр-кулдур, карса-курс, тарса-турс, чатыр-чутур, күү-шаа. Шаркыраган жалын чачып, алтын куйрук чагылган соймолоңдоп чаңырган бойдон жердин жети катмарын көздөй житип баратат. Эргеш элеңдеп Нурматка карайт. Карыя анда-санда:

«Лаай лалла, Мухаммед расул-улла» — деп келме келтирген болот да, жайма-жай түрүлгөн эшиктен көзүн айырбайт.

Эргештин көңүлү карыянын коңур доошун ээрчиди.— Сестенбе балам! Даары курусун, мындайдын далайын көрөсүң. Жайлоок түшкүрдүн жыргалы чексиз о, кээде ушинтип алай-дүлөй түшүп кыямат-кайым салып жиберет. Канчалык додолонбосун, асман мөндүрүнүн алы жарым эле күндүк. Ылайым жаныңа тагдырдын мөндүрү батпасын. Эми мынча болду сөзүмдүн аягына чыгайын, ээ уулум!

Сыртта алдан тайып бараткан мөндүргө көңүл айтчудай алай-дүлөй бурганак улуп-уңшууда. Боз үй теңселиңки качыр-кучур эте, керегенин астынан болор-болбос суук шамал буркүдө.

* * *

Эргеш не бир ажайып рахат кучагында. Кечээ эле ойчуңкур, аскар-белди ашып бөгөт-бөгөт сал таш, атырылган суу, тамыры чирип сулаган карагайларды илбирстей аттатып ээр үстүнөн миң майышып, миң түзөлгөн, акырында атын качырып, жөө сенделип бутун тарталбай салмактанган дене сөөктөрү негедир жеп-жеңил. Кыялы куунак, көөнү сергек. Ак жака атлас жууркан ичинде. Окус бут серпип козголсо, нары жылуу, нары мамык уясынан мөндүр сабаган шиберге кызыл эт балапандай томолонуп түшчүдөй бетер тымтырс. Күнбү-түнбү али белгисиз. Кабы тордолгон апакай жаздыкта тал-талынан чачыраган көмүр чач алда немедей кулпунтат. Кубакай бетинин отун карай шоолаланган күндүз кирпиктер гана кереметтүү шыбырагансыйт. Ооба, кыялында кыйла нерселерди чу-

бурткан Эргештин кирпиктери кыймылдап, каштары жыйрыла түшүп жатат. Балким, түн ортосудур, балким таңга маалдыр. Шаарда бул маалда жалаңкат шейшеп жамынсаң да, нымшып ооналактай желпине берип кыйналыпкысталып уктаган болосуң. Мындай жыргал уйку жыпар желдүү жайлоонун гана касиети. Ушул бал уйкунун даамына канганча кыймылдоонун кереги не? Кашты серппей жата берүү керек. Нурмат карыянын кечиндеги муңканган конур үнү кулагына кайрадан жаңыра баштады.

«Мен башка чукак кишимин. Даары курусун, туулуптутунгандан көргөнүбүз эки перзент. Уулум өзүң өндүү жадырап-жайнаган азамат эле. Жаңыдан борбуюн көтөрүп институтка кирген кезинде Гитлер донузга каршы казатка аттанып, үрпөйгөн үчөөбүздү кан жуткузду да койду. Ошондо белим бир омурулду. Айлаң канча, ичтен көк түтүндү булата үшкүрүккө күч чыгардык да, колубуздагы муштумдай кызга каниет кылдык. Кичинекей секелегим тили чыккандан кулдурап ар кыл жойпуланып, миң балага тете кумар-черди таркатып, бардыгын унуттура баштады. Даары курусун, кийимдин мыктысын, аштын таттуусун анын оозуна кармадык. Кемпирим экөбүз кыз да болсо, ошондон убай көрөр бекенбиз деп ак эткенден, так эттик. Деле кымындайынан акыл-эси талтөөндөй ананайын «Нурматтын жалгызы» делип эл оозуна алынып өстү.

Даары курусун, окуудан андан озгон эч ким жок. Пионер, анан комсомол активи. Сегизинчиден тартып райондун сынтырынан окуду. Анын даңкына кемпирим экөөбүз дөбөдөй семирип, тээ-тетиги түп сынтырдагы университетти дагы мыктылап бүтүп, дурус кесипке жетсе дегенде көзүбүз төрт. Өзү да каникулга келген сайын: «Оруспянын бир чоң шаарына барып, андан татаал техниканы башкарган адистикти үйрөнүп чыгам»,— деп бизди кубантып кетчү. Жүрөктө жараат айыгып, көңүл шагдан тартып турган кезде, кызым дал онунчуну бүтөр алдында каран түн башка дагы түштү балам! Мандайымдагы чолпонум, беш көкүл кызым орто мектепти «отлично» бүткөн атыстаты менен кайда келди дебейсиңби? Колхозго, айланайын колхозго! Болгондо да райкомолдон кой багууга жиберилди деген жолдомо — документ ала келип олтурбайбы. Колхозго чондор мандат берип жөнөткөн соң, башкарма карап турсунбу. «Сендей билимдүү, жаш кыздын иштегени табылгыс олжо, азаматсың»,— деп дал менин короомо чабандыкка дайындады. «Сен эми, абышка эс ал, жардамынды бер»,— дешти.

Даары курусун, тоту куштай Тоту кызым уят, ар-на-

мыстан мөңкүрөгөн ата-энеси бизге каарын төгө келди. Бала болуп башына түк чыкканы өөдө карабаган балама энеси оюна келгенин оттоп чучуктай чыңырды. Тил да тийгиздик. Кыз курганды урууга кол барбайт экен. Даары курусун, өжөрлөндү да, дегенинен кайтпады. Бир ооз гана: «Койчу болсом да силерди багамын. Экинчи андай-мындай деп убара чекпегиле» — деди да, менин колумдан четин таякты алып, кой артынан түштү. Эл баланын оюн түшүнөбү. «Жалгыз кызына кой кайтартып дардайып үйүнө жатканча Нурмат өлсөчү»—деген ушак-айың кеп да эшиттик. Төрт айла түгөндү. «Каргайын десем жалгызсың»— деп, ичимден сыздап кой кайтарган жеринен сак-сактап колот-жыбытка маңып, букулдап боздойм да жүрөм. Анан арыма чыдабай бир ишке бел байладык. Тыяк-быяктан нечен солкулдаган азаматтар жуучу жиберген. Баарына жалгыз баламдын жолуна жолтоо боло албайм. Чоң окуусун бүткөн соң, теңин өзү табаар деп ататпай койгом. Минтип сай сөөк сыздаганча мындан аркы убал-сообун моюнга көтөрүп, жайлуу жерге атказып ийүүнү туура көрдүк да, үзүлүп түшкөн бирөөнө биз макулбуз деп кабар айттырдык. Алар тымызын гана камынып, шатектеп келип калууга убада сөзүн бекитишти. Мынабу жалтыраган буюм-теримдин бакиси Тотунун себи.

Ошон үчүн жайнатып алып чыкканбыз. Болбосо булар жакада салык тамда жатчу буюм да. Көчө конуп ташынып жүргөн малчыга өлүү дүнүйөнүн кереги не. Бүгүн келет, эртең келет деп кемпир экөөбүз күдүңдөп жатсак, аныбыз: «Койчу кызды чанып, башка бирөөнү ала качып кетти»,— деп жакында уктук.

Даары курусун, ушенетип экинчи жолу белим мертинди. Бирөөнү казатка атказып кан жутсак, экинчисинен тирүүлөй кордук көрүп олтурган иш»...

— Мейманыңардын дени-карды соо немеби? — деген бийкеч үнү кечээки чагылгандай чак этип, Эргештин кулагынын тарсылдагын жарып өткөнсүдү. Жуурканды кандай серпкенин өзү да байкабай калды. Караса үйдө зулкуюп жаткан жалгыз гана өзү. Көгүш тарта чаңкайган асман булунун керип, небак эле чамгарактан эңилип үй ичине кирип, жаркын нурун толтуруп көлкүтүп жиберген.

Сыртта шыбыр-шыбыр, шарп-шурп суу кечкенсиген жандык туягы, анда-санда маараган кой үнү, кишилердин кобур-күбүрү.

* * *

Малчынын үй-бүлөсүнүн кайсы маалда жатып, качан турганын боолголой албай калганына Эргеш өкүнүчтүү. Кечээ чагылган чартылдап, күн күркүрөп, алай-дүлөй кыйсыпыр салган учурда Нурмат карыянын сөзүнө муюп, үргүлөй бүрүшүп олтурун уйкуга кеткен. Үй ээсинин улкуп-жулккан күчү менен зорго ойгонгону, очоктогу калама тезектин көк жашыл жалынын тике багып карай албай көзү үлүндөп жалтанганы, манжасын чөөгүндөн куюлган ысык сууга маалгый эптеп чайыганы, булоолонгон табакка кол салганы, багылдыр козунун жилигин кажаламыш эткени, анан... кулагына сөз да кирбей, айланасында олтургандарды да кареги чыпкаланып айра тааный албай, талмоорсуп кыйналганы, кош кирпиги чапталып жүккө чакалай түшкөнү, бат эле Нурматтын кол кабышы аркасында колу-башы шалак-шулак, сырт кийимин чечинип, жуурканга киргени...

Мындан бөлөк эсине сакталган эчтеке жок. Кыясы түнү тырп этпеген. Эми гана чоң шашкеде бир эсе серпилең тартып, бир эсе ичиркене кийинип эшикке баш бакты. Мындай шумдук жайлоонун гана керемети. Кечээ кечтеги аттын чачысынан чокмороктошкон аппак мөңгүдөн дайын алат жок. Ыраңына чыга баш көтөргөн бетегенин бүрлөрүндө гана сымаптай мөлт-мөлт эткен шүүдүрүм. Кара жер чыкталган түктүү төшүн, күлө баккан күн нуруна дагдайта тосуп, тымызын гана оор дем алып жаткансыйт. Кара жердин дембе-дем солуган алп көкүрөгүнөн коргошун түспөлдүү самсыган буу балбырак көк денизин көздөй төнүүдө.

Түбөлүк көзүн ачпоочудай дуңкуйган адыр-белестер алда немедей жашаң тартып жандана түшкөндөй. Эшик алдынан оолактабай жадыраган жаратылыш көркүнө эргип, жарк эткен Эргеш үйдүн арт жагынан кыжы-кужуну эшитти да, шымаланып басып чыксам, тигилерге жолтоо болом го деген ойдо тымтырс делдейди.

— Эмне эле карыш бассам артыман сагалайсынар, мен эмне... жаш баламынбы силерге? Бирде күнгө күйөсүң, бирде бурганакка кайыгасың, бирде жаан-чачында шөмтүрөйсүң деп... Ар убак ушинтип...— чакылдап өтө өкүм сүйлөгөн жаш кыз — Тотунун үнү.— Кыргыз кыздары, бөтөнчө, тоолуктардын кыздары атасынын төрүндө шак эткен үн чыгарбай, уяң-жалтаң дешчү эле. Бул жеткен эр көөдөн, бетке чабар неме го. Мүнөзүң менен куруп кал. Мындайдан алыс болгон дурус.

Эне безилдеди дейсиң. Қызынын мойнуна оролуп жибергени, же окчун тыбырчылаганы Эргешке белгисиз.

— Қанаттууга кактырбай, бөпөлөп баккан беш көкүлүм. Курубадыңбы карегим, чечекейим! Кечээ күнү келдиң малма-чөлмө болуп. Сыланып сыйпана турган учуруң. Кебетеңди карачы карегим. Мал менен кошо беш көкүлүмдү талаа-түскө жалгыз жиберип, саксайып атаң экөөбүз кантип чыдайбыз кокуй. Дегеле атагы сеники, үйдө жүрчү карегим. Жээрин жеп, ичээрин ичкен атаң экөөбүз алмак-салмак кайтаралы. Эмне карап турасың, о мелтиреген кайран неме? Ал баланын колунан таякты! Мени боздотпо, сыздатпа каралдым.

Қайрадан Тотунун үнү жаңырганда, эне угулар-угулбас өңгөчүн тарта сөзүн токтотту.

— Кур намысты, кокуй күн боорукерчиликти койгула дебедим беле. Қабыргаңарга кеңешип көргүлө. Мени дайыма ушинтип эзе берсеңер, башка короодон кой бөлдүрөм, макулсуңарбы ушуга? Ата, сиз эмне унчукпайсыз? — Паанайы пас ата үнү колдурап, муңайыңкы: — Даары курусун, бүгүн белченден суу кечесиң. Дээримди деп, айтаарымды айтып бүткөм, балам! Жоргоң токулуу турат, кур дегенде ошону минип ал.

— Жарыктык кызык адамсыз ээ, атаке! Қайтарганым кой. Мингеним жорго болсо. Шылдыңга ошондо калбаймынбы. Акмалап артымдан барганыңды экинчи көрбөйүн, апа, кайыр! — Оң колуна таягын орой-орой шилтеп, сол колун эбелектетип жарк этип күлүмсүрөп, эне-атанын көңүлүн жооткото боор таянган кой артынан жөнөдү.

Тепкедей кызынын соңунан ээрчий абышкасын жерден сүйрөй безеленди:

— Кептин баары сенде, кайран неме! Сенин ата болгон кебетең кайсы кокуй! Жалгыз кызды тил алдыра албаган соң.

Эргеш кыя басып ошол тарапка бурулду. Чоктой жоолугу жашыл төрдү албырттаткан кыз карааны жыбырап өр таянган чамбыл кой артынан кылайды. Ал декилдеп чуркап жетип, кыздын дидарына көз жүгүрткүсү келди, бирок жүрөгү даабады. Бир аздан кийин кызыл жоолук белестин нары жагына житип кетти.

* * *

Тоту колуна таяк алып, кой артынан түшкөнү Нурмат үйүнөн чыкпай үңкүйүп чөккөн. Жалгыз кызына кой кайтартып, дардайып салт бастырып жүрсө, аны бала да,

кары да эликтөөчүдөй эл көзүнөн далдаалангап. Башка малчыларга жамаатташ конбой жалгыз үйлүү олтурганынын себеби да ушу. Эми жаңы көз Эргештин малчыларга ээрчитип бастырыңыз деген өтүнүчүнө ичинен кымылдоодо. Чабдар атты жал-куйругун сылап-сыйпап токуп жатып, кайпактап сыр билдирбөө аракетинде. Аны баамдаган жалгыз гана Тепкедей. Эринин тердик, желдик, ээр, көрпөчөсүн негедир көңүлүн алаксытуу ниетинде бирден терип тып-тып колмо-кол узатууда.

Качан гана Нурмат үзөнгүгө бут салып Эргешке жол баштап, мөңгүлүү Ак-Ташты көздөй жайкала шыдыр жүрүп кеткенде Тепкедей жаш балача бышаң этип, элик сап камчыны сунган боюнча эки-үч кадам ээрчип барып тык токтоду. Мөндүр суусуна чыкталып ого бетер кулпунган жашыл тескейде жайылган кой четинен жоолугун өрттөй алоолонтуп булгаган кызын көрдү. Ачык калган үй-жайына да караган жок. Кемселдин кош өңүрүн соорусуна кайрып, колун артына алды да, тез-тез өр тырмыша тепеңдеп жөнөдү. Жеңилдигиненби, же көнүмүшүнөнбү күйүгүүнү да, чарчоону да сезбөөчүдөй. Угулар-угулмаксан зоңкулдап үнүн баспай баратат.

Жалгыз калган апасын чакырып жатат карегим,
Залкардай берен атасы түнөрүп бүгүн аттанды-ы,
Боконо сөөгү болкулдап энекең көзүн жаш чалды-ы.
Каргайлы десек жалгызсың, кашка сууда жалбызсың,
Койчу аталып жүргөнчө тандасаң боло күйөөнү-үү,
Ээрчитип берет элем да жаңкы Эргеш болсо түгөйү-ү...

Наркы белеске чыкканда тып басылды эненин үнү. Кызынын жанында кара өгүзүн кыйшая минген Ашымды көрүп, алаканын шак коюп, олтуруп тура калып, кирерге жер таппады.

Ашым отузду оюп барган, ишинен макталып жүргөн чабан. Москвадан айыл чарба көргөзмөсүнөн келгенине аз эле күн өттү. Жазга жуук эмчектеги баласын көтөрүп, экөөнү колунан жетелеп, Нурмат менен Тепкедейдин алдында «Ашымдын кыял-жоругу бузулуп баратат» — деп жаш колуктусунун арызга келгени эсине түштү. Далайга дейре көзүн айырбай бөжөйүп олтурду эне:

— Айланайын беш көкүл, кол булгалап чакырган койчу Ашым теңиңби,— деп күңгүрөнүп ысып-күйгөн көкүрөгүн улуп-жулуп ачып жиберди. Ашым өгүзүн моюнга чаап нары бурулганда Тоту ээрчий басты. Тепкедей апа ыргып турду да, боорго тырмышып чуркап да, үнүнүн бардыгынча Тотулап чаңырып да жөнөдү.

* * *

Жайлоо кечинин көркү баткан күндө! Асман ачык кезде тим эле зооканын учунан жанган шамдагай албырттайт. Арсак-терсек уркуйган жыланач асканын кылда кырында жалбырттап батаар алдында жанын үрөгөн тегерек күн, андан чагылган көк жашыл миң сан нур, ал эми колот ичи күңүрттөнгөн узун тилке көлөкө...

...Кыргыз жери сенин касиетиңден айланайын! Кыргыз жери! Ай-ааламда бардык жан-жаныбар тиричиликке дава болгон күнгө жакынсың. Тоо жели жортуп, абаң салкын. Ыраңына чыгып кыртышың түбөлүк жап-жаш. Менин сүйкүмдүү жерим, жаным-каным, күч-кубатым, акыл-эсим баары сендик! Мен үчүн сенин күчүң күч, өкүмүң өкүм!..

Эргештин татууланган ою дагы далайга сабалайт беле, Нурмат карыянын акараты башкага бурду:

— Бастыр! Даары курусун, бу жердин күнү эртеси чымырап ысырында дал ушинтип жалындап батат. Эртелебесек түн ортосуна калабыз. Малчынын көптүгүн көрдүң го. Керели-кечке аягына жетпедик.— Нурмат камчысы жогуна өкүнгөндөй тизгинди кагып, үзөнгүнү колтукка ныкып койду эле, чабдар ат октолуп алдыга созолонду. Сары жорго ачуулана Эргештин тизгинди карыштыра тартканын тоотпой, тигини жандап өтө качсам деп улам октос берип баратат.

— Малынар көп, жайытыңар кенен тура.— Эргештин сөзүн кош үзөнгүнү чирене тээп, кадап таштагандай көрпөчөлүү ак каңкыга болкоё олтуруп, чабдар жоргонун төрт аягын элетип, барган сайын арбытсам деп мелтиреген карыя укпай калды. Ал бүгүн эл кыдырып, жер аралап, жаңы зоотехникке эл жайын, жер жайын, мал жайын баяндап далайдан берки жүрөккө муз, көңүлгө кыш түшүргөн черин жазып кайтпадыбы. Чабдар менен сары нечен ирет тизгин кагыша күч салышкан жорголор. Бир четинен карыянын максаты ээн өрөөндө экөөнү эрегиштирип көрүү. Аны Эргеш кайдан билсин, ыкыс берип чабдарды басып өтөөрдө бар күчү менен чиренип сары жоргону жиндентип каңтара тартат. Теке маңдайдан өрттөнүп баткан күн илеби жаш жигиттин жүрөгүнө от жандырып кеткендей көңүлү шат, кыялы жүгүрүк. Түнү бою кирпик какпай атыр желдүү төрлөрдү аралап, жайлоо алптары— койчуларга короо четинен көзмө-көз жолугуп, эмгек сырларына кангысы, таң боору сүттөй агара баштаганда аларга кошулуп кой артынан жөнөгүсү, мына ошентип инсти-

туттан алган илимин иш менен ширештиргиси келет. Аны бүгүн болбосо эртең, бүрсүгүнү жасаары бышык.

Асманда жыбырап жылдыздар күйүп, жерде андан-мындан малчы үйлөрүнөн от жалтылдап, алда кайдан авуулап абаны капкан ит үнү жаңырып, түнкү тиричилик өкүмү сонункуратат. Үзөнгү кагыштыра шатыраткан жоргочондордун көк буусу чыгып, асталатып бөйпөндөтө туяктын эпкининен шырп-шурп эткен бетеге шыбышын да тыңшай үйгө жакындашты. Алда кайдан түнкү дабышты улай, эки чакырымча алыстыктан ат үстүндөгүлөрдү жулуп түшүрчүдөй куйрук улаш атырылган короочу иттер чукул кирип келгенде арс-арс үргөнсүшүп, ээсин жандай чуркашып шыйпаңдашты.

Үйдө биликтен чыккан жалын гана үлүң-бүлүң. Бүгүн бөтөнчө чаалыгып-чарчап келгенби, Тоту эртелеп төшөк ичинде, уйку кучагында. Короодо сак-сактаган Тепкедей. Ал күйөөсүнүн жайдары ажарын кыйладан бери көргөнү ушул:

— Дегеле мындай болорбу. Эргеш балам сенин жарпыңды жазып...

— Ошондой... ошондой, байбичем! Кызыңдын жанына уктай бер. Мен түн күзөтөйүн. Эргеш балам, сен эс ал! — Нурмат эр жакта обочо салынган төшөккө колун жансады. Эргештин көзүнө аппак жаздыкта сыймыктуу буралган олоң чач, бөйтөйгөн нур жүзүнө үлбүрчөк көлөкөсүн түшүргөн кундуз кирпиктер чалынды. Төшөк ичиндеги кыз сөөлөтү ага акактай таза, наристе бөбөктүн, небактан бери бирге өскөн боордошунун сүйгүнчүк элесин туудурду.

— Менин күнүм жайдыр-кыштыр малчылар, сиздер менен өтөт. Такай жашай турган түнөк тапсам. Антпесем иштөөгө да кыйын. Мага кеңешиңиздерди айтыңыздар.

Нурмат карыя болсо, зоотехник жигиттин окугамын, билемин деп теминбей малчылардын тамырын тарта сылык сүйлөшкөнүнө чексиз ыраазы. Эми анын кысылып-кысталып адептүү сөз таштаганын, пикиринде нелер турганын абайлаган кыраакы карыя бир ооз гана:

— Бул үй эмне көңүлүнө жакпайбы?!

Эргеш сүйүнгөнүнөнбү, же шашканынанбы, кызарып-бозоро:

— Пейилиңердей үйүнөр да кенен. Аябай жагат. Чоң ракмат! Анда мен сиздерге бала-бото болоюн.

Бул сөздү угаарын угуп, Нурмат өзүнчө бир туталанып бармак сөөмөйү менен сакалынын учун ушаламыш этип тунжурады. Тепкедей Эргештин жанына барып тепейди:

— Кана уулум, деги сырыңды айтчы мага? — Энеатаңды эмне көчүрүп келбейсиң?

— Алар шаарда кызматта.

— Ии де. Кем акыл жаным, биздей колхозчу болбосо, чыи эле эмне бар быякта. А колуктуң барбы, айланайын?

Эргеш өмүрүндө мындай туюкка чанда капталгандыр. Жок деө оозуна батпады:

— Бар... Бирок, ала элекмин... Тыякта, күдөрүн үзбөй... Менимче быякка келүүгө тийиш...

Нурмат ордунан обдула жайдары гана...

— Байбиче, төшөгүнө кыңкайып укта эми! Мейманга да тынчтык берчи.

Карыяга бой тиреше Эргеш шак тура калды: — Сиз менен кошо короо кайтарышам.

Нурмат үн дебеди. Тепкедей эне гана безилдеп бучкактап ээрчий басты:

— Кой айланайын! Абышканын эси чыкпайт. Шаарда көнгөн эме окшойсуң. Зоотехникке короо кайтартты деп эл-журтка жаман аттуу кыласың.

Кай тараптан соккону белгисиз леп-леп жорткон салкын жел да, жылдыздуу дүлөй түнттүк да алда кайдан карышкырга сез кылып дүп-дүп атылган кур дүрмөттүн, үзүлүп-үзүлүп чыккан бекбекейчинин үнү да Эргештин көңүлүн делөөрүттү. Ал үйдүн алдындагы дөмпөгөй жондо ээн жайкын биринден жуушаган ак чаңгыл кой четинде. Нурмат карыядан малчы турмушундагы катаал жана кызык окуяларды териштирип уга берип кумары канбоочудай. Анда-санда гана короочу иттер баш көтөрүп, борс-борс үн катып, коркок койлор серенден дүрдүгө түшкөндө: «тайуйт» — дешип, экөө эки жагынан тегерене жөнөшүп кайра кошулушат. Асманда жылдыздар суюлуп, кулан өөк кылайганда, таңкы сыдырым пальточон Эргешти ичиркенте баштады. Чапандын бир өңүрүн жаздана кыңкайган Нурмат ноючудай эмес. Анда-санда куш уйкусуна термелет.

Койлор четинен чубап олтуруп, улам нарылап жөнөгөндө Эргеш соңунан түштү. Карыя карбаластап тура айкайлады:

— Оо каран күн. Эргеш, о Эргеш, астын бери кайыр!

Зоотехник дулдуюп эч сөз укпагансып кете эле берди. Мындай жосунга аң-таң Нурмат да уйкулуу бутун анда-санда бир шилтеп үнсүз. Качан гана боорго таянганда Эргеш кайрылып карыянын астынан утурлай:

— Күндүз жакшы оттосо, кыймылдашмак эмес. Ачкалыктын азабынан... Карабайсызбы, эбиреп-жебиреп оттоп киргенин...

— Э даары курусун! Минтчү эмес эле, кара башына көрүнсүн.

— Антпеңиз карыя! Тоту жайытка кой кайтаруунун ыгын жакшылап ала элек белем. Мал эмес, курсагы ач киши да уктай албайт. «Атасы өлгөн уктайт, ачка уктабайт» — деген макал бекеринен айтылган эместир. Карыя бу жүйөлүү сөзгө азоолок уюду, ал тургай, сакалын сылай, башын ийкеп, ичинен кобурады: «Сен зоотехник, сен начендек, күндүзгү жаюуну мага алып бер, энеси экөө түнкүнүн милдетине чыдасын».

* * *

Күн нуру жерге жайнаганда Эргеш жогорку белестен койлорду короону карай жайды. Теке мандайдан таягына сүйөнүп, жай гана акмалап кадам шилтеген Тотуну Эргеш алда кайдан көрдү. «Тоту — партия өспүрүмдөрдү өндүрүшкө чакырганда, өз чөйрөсүндөгү тоолук кыздардан алгач канат сермеген карлыгач, кыз чабан,— деп кобурап баратты Эргеш,— ооба карлыгач! Азыр уядан жаңы гана канат какты. Өзүнчө кайкып учуп өзөн, кыр, мөңгүлүү чокуларга сабалаганча али кыйла бар. Жетил, өс!».

Үйдөн анча алыс деле эмес ээрдей кайкычадан экөө оро-пара кезигишти. Эргеш озунуп:

— Неге мынчалык менден жашырынасың, карындаш?

Иймекей каштары жыйыла, кандайдыр мыскылдуу күлкүнүн күңүрт көлөкөсү Тотунун бетинен тайгылып түшкөнсүдү. Кыз үнү айбаттуу, какаардуу: — Сиз эмне, кой жайганы келгенсизби? Зоотехникке мындан бөлөк иш табылбайт бекен?

Эргеш чү дегенде карлыгачтан кагуу жегенине анчейин шагы сынган жок. Өктөмдүгүн, өжөрлүгүн мурда күнү энеатасына тил кайрылганынан эле байкаган.

— Менимче, буга баш оорутпай койсок деле болот,— деди Эргеш кыйладан кийин ийнин куушура күлүмсүрөй.

Үкү саамайын желге үлпүлдөтө башын чулгуду, Тоту менменсинип:

— Жок, зоотехник экенсиз, чабандын колунан таяк талашпаңыз. Кошуңуз. — Шарт бурулду да, койдун астын кайра имерип, тоо таянды.

Аны баамдап турган Тепкедей үйүнүн жанында абышкасына жебиреди:

— Ыя, айланайын карегим! Кантип кетээр экенсиң? Бизге го мейли. Зоотехник балага, же тааныбаса, тумшугу менен тийгени эмнеси. Боз ала чаң тигинтип, Эргеш балам

баса албай калды, карачы! Айтсаң боло кызыңа, десең боло кызыңа! Атасыңбы, же жоксуңбу, ыя!

Нурмат этек-жеңин кагына чегедек жарып жаткан балтасын ыргытып жиберип, жандык жайылган бетти карап ордунан жылбай тегеренген Эргешти көздөй арыш керди. Анын соңунан тепилдеген эне да жөнөдү. Чыны менен Нурмат карыя зоотехник ызасын жеңе албай, очорула түштү го деген ойдо.

— Биздин секелекке тарынба, айланайын! Ал дайыма тилинен табат.

Жок! Эргеш мандайы жарыла жаркылдап адаттан сырткары колун серпип бак-бак эте:

— Нурмат ата, сиздердин кыз карлыгач, бүгүнкү карлыгач! Жайлоодогу карлыгач! Ал дагы мына мен сыяктуу жаңы иштин көзүн тааный элек. Кыйын да!

Тепкедей тамылжыган сыпаа, окумушу чоң шаардык жигитти кызынын орой мүнөзү мынчалык кубантып кеткенине айран-таң. Карлыгач эмне экенин көөнүнөн чыгарды. Иши кылып орой кызына нааразы болбогон жигитке ыраазы. Нурмат тээ уламыштагы кыздан чыккан алп Карлыгач атактуу бир баатырга капыл-тапылынан жолугуп, ээринен оодара, ат жалына түшүрө сайып, кайра мингизгенин эсине түшүрдү да, өзүнчө бырс этти:

— Даары курусун, балам сен Карлыгачты тапкан экенсиң. Тоту Карлыгач болсо, баатыр сенсиң го?

Эргешке тигилердин түшүнгөн — түшүнбөгөнүн сураштырып кереги не? Экөөнүн тең кубанганын абайлап, дагы эле ичинен карлыгачты кайталап жатты.

* * *

Туу жондон артылып, тескей бетти эңиштей жайылган койлор кымыздык, козу кулак, шимүүр аралаш тармалданган катыш чөптүү жашыл ыраңга чөмүлдү. Эч тиш тие элек тескей ыраңынан ак чаңгыл жондор көлкүлдөп, жандыктардын элпек эриндери, курч тиштери жалбыракчаларды шыбыратып ирмөөдө. Кырдагы кыз ою миң чалкып, миң толкуйт. Деңиз деңгелинен төрт миң метр бийиктикте ушинтип эмгек сайранын куруу оңойбу? Ал дүйнө чокусунда. Көк ирим асманга жанаша түшкөнсүйт. Тоо койнундагы кыз калкып учкан канаттуудай сезет өзүн. Канчалык бийик жерде турсаң, ошончолук калкыган ой, канаттуу кыял туулат.

— Сенин таалайың чексиз, өмүрүндүн мүдөөсү зор, ага миң толгонуп, миң кабырылып кол соз, талпын жет! Мү-

дөөсүз, маңызсыз өмүрдүн кереги не?.. Сен азыр балапансың, татаал жолду тайманбай түптүз өрдөдүң...

Мына ушуларды кандайдыр бир жылаажын үн Тотунун кулагына эмес, жүрөгүнө шыбыштайт. Ким жана ал кай тараптан угулду? Кээде элеңдеп шыбыш ээсин издейт. Калкыган жел да, күлө баккан күн да, аркайган зоока да, дүкдүйгөн тоо да, кулпунган жер кыртышы да, кылактаган гүл да, шылдыраган булак да ага тил катпайт. Акырында аң-сезими сооротот. Заңгыраган мектеп коңгуроосу, шарактаган китеп баракчалары кулагына угулуп, көзүнө бараандуу тартылат. Ооба, ал келечек өмүр жолуна багыт берген жалындуу сөздөрдү он жыл бою мектебинен уккан, китептерден окуган. Өмүрү да, көңүлү да толукшуган Тоту кулачын жая, ал тургай үнүнүн бардыгынча айкай салды: — Үргүлөгөн адыр белес, ой-кыр, чалкайган тоо-таш, жайкалган тулаң, жагалданган гүлкайыр, эбелектеген көпөлөк, чулдураган торгой, аңкыштаган суур, чалгын канат жагалмай, жаныма кубат жыбыраган жандыктарым, силерди күбө тартып айтуучу антым бар: койчу кыздын өмүр шерик теңи ал эмес, ал эмес!

Жалыны өчсө да, табы суубаган чоктон бетер көңүлүндө бүлбүлдөгөн каргашалуу жигиттин сүйүү машакаты эсинен кете элек. Класташ өспүрүмдөр менен алышып күрөшүп ачык-айкын келечек, окуу, иш, тиричилик жөнүндө маектешкени болбосо, бой тартып калса да, оюна ашыктык оту уялай элек кези. Ушинтип капарсыз жүргөн чагында, өзүнөн алда канча улуу, белгилүү бир райондук кызматчы аны арбап, а дегенде кат жөнөтүп, анын жообун күтпөстөн өзү жолугуп, өрттөнгөн жүрөгүн сунду. Тоту канчалык кескин айтпасын, эртели-кеч ал жаткан үйдүн короосунун дарбазасын сагалап, бүгүлүп, чоюлуп жалооруп жалбарды. Ала качып кетемин деп да каарданды. Жедеп тажап бүткөн соң, Тоту жигитти баш көтөргүс какканда, ал ызырынып жолуна түшкөн:

— Көрүшөбүз текебердүү кыз!

Кадыр-барктуу неме кыздын эне-атасына жуучу жиберген. Колундагы жалгызынын эркин өсүп өнүшүн көздөгөн ата: «Жогорку окуу жайын бүткөндө балам өзү каалаганын табар» — деп жуучуну жылуу-жумшак атказат. Качан гана Тоту жетилүү аттестаты менен койчу болуп келгенде «арынан» заманасы куурулган ата-эне алиги жигитке ойбоюна койбой көз жашын көлдөтүп атказып берүүгө макул экендиктерин билдирип, элчи чаптырышкан. Анын соңунан Тоту жигитти эркин доордун каракчысы атап, эгер жүзүнө көө жаап чындап бери аттанса, олжо издеп жор-

туп чыгып капканга толорсугу кыркылган бөрүдөн да жаман абалда каларын баяндап, куш тилиндей кат жөнөткөн. Анын шек-шооратын эне-атага билгизген эмес. Көп узабай Тотунун иши оңуна айланды. Кызматчы жигит да жогоркудай каракчылык жол менен бейтааныш бир кызга үйлөнүп: «Нурматтын койчу кызы менин теңим эмес»— деп айттырды. Бул жорукка ата-эне бүк түшүп мүңкүрөдү. Тоту болсо жайма-жай гана мыйыгынан күлгөн.

Ныксырап тойгон койлор күнгө боорун какташып жуушады. Жумшак чөптү жаздана кыңкайган Тоту жыбылжытып ырдап коё берди эле, шыңгыр үн жайлоо төрүн өрдөп алыска... алыска калкыды.

* * *

Күн сайын, таң аткандан каш карайганча жон-жонду кесип, жайыттан жайыт кыдыруу Эргештин адаты.

Тармалданган тескейди алкымдата жайган койчуну көрө сала, созолонгон үндү улай сары жоргону бүрүштөтө карбаластап чыңк ылдый эңиштеди. Үзөнгү чийген ар кыл катыш чөпкө аянычтуу жал-жал көз жүгүртөт да, койлор жиреп өткөн сокур тоом из менен аял-буялга келбей атын демиктирип чукул барса, таягына сүйөнүп теребелге телмиреген — кызыл жоолукчан Тоту.

— Зоотехниктик милдетим боюнча катуу айтсам капа этпегин,— деди Эргеш кабак-кашын түйүп, алдын ала чочулай.

— Сонун чөптөрдү оттотуунун ордуна тебелетип-тепсетип өтүпсүң. Беш-алты күн болду дешет быякка жайганыңа. Жайытты да үнөмдөп пайдалануу эрежеси бар.

Бул жолу Тоту көздөрүн бакырайта ачып, кандайдыр ишенимге жеңдиргендей мүрүсүн бура кайрылды:

— Жайлоодо жайыттан көп неме жок. Ээн жердин эмнесин аяйсыз?

— Андай эмес, карындашым. — Эргеш атын чылбырынан жетелеп, Тотуга жанашты. — Тескей чөбү кеч жетилет. Азыр каны кача электе күңгөй беттерди оттотуу керек. Экинчиден, мына мындай чыктуу катыш чөптөрдү бар эмеспи, бир талын да туякка тепсетпөөң тийиш. Улам астын кайрып койсоң, койлор укмуштай ширесин татып оттомок. Адамдын астына деле ар кыл тамакты додолоп үйсөң, ылдам эле чөп башылап кашектеп чыга берет. Малды чаржайыт кайтаруу — тез семиртүүнүн бычагы. Баарысын кыдырып чыктым. А түгүл, жайыттын чегин да болжолдо-

дук. Ашым экөөң жамааттан жая турган болдуңар. Ал аябай дасыккан койчу экен. Көрдүңбү, анын койлору күңгөйдө чалкып жатканын. Ай чамалап өтмөйүн түшпөйм дейт.

Тоту таягын ташка тыкылдатып, жер тиктеп турду да, акырын күңк этти:

— Аны менен дайыма кеңешип турам...

Эргеш да ууртунан жылмайды:

— Андан көп нерсени үйрөнүүгө болот.

Тоту зоотехникке кирпик учунан кылыя тигиле, өтө сыпайы унчукту:

— Койду күңгөйгө жаюуга жардамдашыңыз...

Эргеш менменсинген өктөм Карлыгачтын эң оболку жолу жүйөгө моюн сунганына гана курсант. Бери четинен а дагы чай-чайлап ныксыраган жандыктардын аяңы менен жол тартты. Дагы эле чылбыр колунда. Жетекке элпек сары кылтылдап кээде жулугун сыя басчудай сүйкөнө түшөт. Шаарда өскөн неме адеп сактап, короюп эркек башы менен атчан бастырып, кызды жөө жандаса уят, мадаништсыздык. Эгер тигил минип алса, сонун болор эле. Андай сунуштун Тоту кескин кол шилтээри шексиз. Экөө эркин жайылган койдун эки четинде.

Эргеш, кымыздык, козу кулак, шимүүрдөн үзүп, даамын татып тамшанат. «Ушулар каны качпай шаардагы апамдын колуна тийсе, канчалык ширелүү тамак жасаар эле».

Атынын селтең эткенине карабай, гүлдөргө конуп, учкан жылдыз канат калдырканды кепкасын ала коюп урат. Анда-санда таягын булгалап койлорго жаңсаганы болбосо, шайдоот кыймылдап, далайды көрүп, далайга барган кишидей салабаттуу жана шаңдуу Тотуну карап, ойго жетеленет: мүнөзүндө эч шоктук жок. Балалыгы менен небак кош айтышкандай токтоо. Өз бетинче турмуш тизгинин колуна илгенде балалыкты күнүмдүккө эмес, биротоло тээ чокунун ар жагындагы мектебине калтырган белем... Бул турпат, бул мүнөз кайдан, кимден жуккан? Нурмат атанын кайраты, акылга токтоолугу, намыскөйлүгү, жаралуу Тепкедей эненин мээрими, чыйрактыгы, тынчсыздыгы ширелишип Тотуда!

Койчу кыз кой артынан үн-сөзсүз үңкүйгөн Эргештин не ойлоп, неге чөмүлгөнүн кайдан билсин. Бетме-бет белести жикке бөлгөн өзөнгө түшкөндө, көңүлүн буруу үчүнбү, айтор эркектей катуу унчукту:

— Аттуунун ээрге минип жүргөнү жакшы. Окус чылбырды колдон жулуп качып жүрбөсүн.

Эргештин калдактап шашканын айтпа. Али өгүнү жа-

ңыдан бел ашкандагы жоругун кылт элестетип, сары жоргону суулуктан кармап, жалынан сылай кайпактады:

— Качпай калсын. Ээсин таштап жин тийиппи... Азыр өзүмө абдан үйүр...

Тоту табышмактата сүйлөдү:

— Деги байкаңыз, кээде ойдо жок иш да болуп калат...

* * *

Экөө короо четиндеги узун тепши жанында... Абышкасы таар үстүндөгү жалпак ташка сал тузду жанчып, кемпири улам майдалаганын тепши ичине чубурта төгүп, өзүлөрүнчө алек. Негедир адаттан сырткары чак түштө тупа-туура үйдү карай сары жоргону бөжүткөн Эргешти алда кайдан көрүшүп кужураша кетишти. Келгени деги жаны тына элек. Чоң шашкеде аттанат да, каш карайганда, кээде эл орунга олтурганда кайтчу. Аларга анын чочуркабай, кол баладай ичи коюнга кирип бажакташы жагат. Нурмат жанына келип түшкөндө, атын алайын дегенсип обдулду эле, Эргеш кыя тартып бастырып, үйдөн окчун мамыга чылбырын чалып, атынан ыргып түшөр замат:

— Фрунзеден эки кат алдым. Бирөөнү энем-атам жазыптыр. Ишиме, жайлоодо эркин жүргөнүмө, сиздердей мыкты ата-эне тапканыма аябай кубанышыптыр. Сиздерге ысык салам айтышыптыр. Нурмат туздун тоскогу жуккан бармагына тилин тийгизип тыптып тамшанымыш этип:

— Бакыбат болушсун. Эми кат жазганыңда дурустап бизден да салам-дуба де. Даары курусун, мактай бер биздин эл-жерди. Мейманга чакыр аларды.

— Экинчи каты сүйлөшүп жүргөн кызымдан. Ал оңбогур катырыптыр мени. Шаардан чыкпаган эме да. Түпкүрдүн түбүнө түшүп кетти десе керек. Угасыңарбы? — Калдыраган төрт бурч кагазды шып чөнтөгүнөн суурду. Таштыш-ташка чака-чак уруп, Нурмат ишин улап ичинен кобурады: «Ата балам ая, ачыктыгыңа баракелде!» Окусаң, оку дегенсип Тепкедей эне Эргештин жанына эпейип кулагын түрдү. Үч-төрт сүйлөмүн ичинен булдурттатып аттап-буттап өтүп, эми араң ачыгына түштү...

«...Сен самагыныңа жеттиң. Ээн талаа, адыр-белес, анда-мында сокоюп конгон боз үйдөгү малчылар, жайылган мал ичинде өткөн күн курусун! Андай жердеги турмуш жашоо кандай өтөөрүн мен үчүн элестетүү да кыйын. Кино, театр дегенди көрбөсөң. Андан көрө заводдун, же шахтанын кара жумушунда иштеген түзүк эмеспи. Үч-төрт жылсыз келбейм депсиң. Ойлонуп көр. Өзүңө жак-

каның иштей бер. Мага жашырбай чыныңды айт. Андай асмандагы бийик жерде көнгөн гана кишилер, же сендей жанын оозуна тиштегендер жашоого мүмкүн...»

Андан аркысын окуп, окубай не керек дегенсип, бырыштыра уучуна апчып, түнөрө:

— Жер сонуну, эл сонуну, саламатчылыктын дабасы кайда экенин түшүнбөгөнү да. Эптеп ушул аймакка келтирсем, өзү суктанат эле. Акырында «өөх» — деп терең улутунганда көк түтүн оозунан булады. Эне кыйпычыктан бирденке дечүдөй эрине бурулса, Нурмат кашын түйүп, унчукпа белгисин берип, өзү күрсүндү:

— Өз акылың өзүңдө, балам! Даары курусун, буга байбиче экөөбүз кийлигишчү иш эмес тура. Колуктуңду эптеп үндөп келтир. Чатыр жайып, өргө тигип берем. Анан кубаласаң да кетпейт, балам!

Ичи коңулдап, түгөйүм деп медер кылып жүргөн Розасы тармал башын чулгуп, алыстан оолактата зекигенин жаңыдан гана сезип, дапдаарыган Эргешти Нурмат атанын соңку айтканы дем байлатты. Атын жайдактап үч буттуу өрмө чидерди салып агытты да, өзү өр таянды...

«Сени ынандыра үндөй турган кат жазуу керек. Жашырбай чыныңды айт дейсиң. Турмуш, жашоо, жаратылыш, аба ырайы, тоо-таш, малчылар жөнүндө эчтеке калтырган жок элем. Эми жайлоо сулуусу, койчу кыз карлыгач-Тоту тууралуу чындыкты жазсамбы? Ал өктөм жана чечкиндүү кыз. Сенин түшүнүгүң боюнча элеттик кыздардын өңү бодурайып серт. Жок. Жүзүнөн нуру жанган табигый сулуулук (силердей эч боёнуп-теринип жасанбаса деле) дал ушул жерде. Эгер Тоту ушул чырайы, тал төөндөй акылэси, чыйрактыгы менен сен турган шаарда, сен жүргөн институтта окуса, жүздөгөн жигит артынан самсып кулдук ураар эле... Бирок буга сенин ишенбесиңе, кол серпип бышкырык атаарыңа, балким мени биротоло жаныңа жуутпай түртөөрүңө көзүм жетет. Андан көрө бул сөөлөттүү көрүнүштү эсиңе салбаганым жакшы. Анан кайсыл чындыкты айтам?

Сенин назик, апакай ничке шадыларың тоо желиндей жаагымдан сылап өткөнсүйт. Быякта иштөө мен үчүн канчалык рахат! Жатыркаткан жалгыз сен. Неликтен экенин билбейм, сени канчалык жакшы көрсөм, ошончолук аяйм. Ичим өрт, жалын. Антпегенде кантем? Кылдай кыйкым тапсаң, кырт дей түшмөйүң бар эле. Быякта жадыраган күн да, жайнаган гүл да, бурганактаган борошо да, кырчылдаган кыш да, түн бою тынчты кетирип улуп-уңшуган карышкыр да, ой-тоону чалып мал, айбанат менен сыр-

дашкан жалгыздык да, түн күзөтүү, кино, театрсыз өткөн айлар да болот. Бирок да тоо арасында шер жүрөк каарман калк жашайт. Мен алар менен эмгектешмин... Андай шартка сен туруштук бере албайсың, саргарып ооруйсуң, ээн-эркин жерде демигип эркин баса албай кор болосуң. Эмитен баш чулгуганың бекеринен эмес. Эгер чындап мен десең, баарына көнөсүң. Адам чыдабаган, жеңбеген эмне бар? Чымырканып кол сунуп берилесең, чыныгы жашоо рахатын түшүнөр элең. Адам баласын, айрыкча шаардыктарды тамак-аш, кийим-кече менен камсыз кылган эмгек эрлерин көрүп маашыркайсың... Ах, сен, мени томсоруңку узаттың да, кол серппей кала бердиң».

Эргеш ушул аймактагы эң бийик чоку үстүндө. Сырт кийимин чечинип, ойдогудан катуулап соккон сыдырым желге көкүрөгүн тосо, көкүлүн сапырылта алда кайда көз шооласын сүнгүтөт. Күндө алда немедей көрүнүп ашыктырган адыр-белесте жайылган мал бүгүн кандайдыр ыркы жок жыбырап анын кемелткесин толтурбоочудай... Көңүлү эргип шаардын көлөкөлүү көчөсүндө агылган адамдардын арасынан бир тутам белине кыналган көпөлөк канат желбироөч көйнөгүнүн этегин ичке балтырында дирилдетип, жеңил чатырчаны эбелектетип, тептегерек тегизделткен тармал чачын күндөн калкалап сахнадагы балеринадай тып-тып басып бараткан Розасын көрөт. Аны кирпик магнитине тарттырып, куду ошол кебетеси боюнча нак өзү турган чокуга жакындатат. Бирок ал Эргешке мүрүн тийиштирип, бутун тып коёрдо тоонун сыдырым жели кайытып кайра алыстатат.

Байыркы дастандардагы каармандардай:

«Көңүлгө түшүп көп санаа,
Көзүнүн жашы миң салаа».

болуп, Эргеш чечкен пальтосун бооруна кысып эчкирип, чүчкүрүп үстөмөндөдү.

Эч кимден кымырылып-кыстала турган эмессиң. Ээн эркинсиң. Жүрөк өртүн түтөтүп, бугуңду чыгарып ал. Ичтеги түйүн кол жоорутуп моюн тердеткен оор жумуштан жеңил келбес. Аны бир мүдөөнүн ишке ашышы эритет, бир мундашына коюн-колтугун ачып, өпкө-боорун көрсөтүп сырдашуу эритет!..

Эргеш дагы далайга, мүмкүн түн бою мына ушинтип жападан жалгыз солуктап чокуну, боортоктойт беле. Дал үстүнөн шуу-шуу, шып-шуп ышкырган шоокум куйкасын куруштуруп, анысы аз келгенсип, бирде оң капталынан, бирде сол капталынан, бирде буттарынын арасынан, бирде

куду моюп кычыгынан быр-быр эткеп жандуу нерсе тырпырап, чочутуп аргасыз козголтту.

Эргип тура калса, этек-жеңине жармашкан боз торгой киши айбатынан чочуладыбы, быр этип алсыз канатын эбелектете бетегенин учун сыдырып, эки кадамча гана жерге зорго жетип бөжөйдү. Так чокусунан чаңкайган асманды жарып кандайдыр бир жандар миздүү кылычтай типтике шуктурулуп келатат. Қыясы көккө атып чыгып, Эргештин боо-чуусуна жармашып жашынган макулук качан чыгаар экенсиң деп алыстан көзөмөлдөп турган канаттуу жырткыч кебетеленет. Боз торгой чар-чур эте бетегени жирей жөрмөлөп, жансоогалап түптүз Эргештн карай бырпырады. Алиги куш жаны ачып калганбы, кайып өтчү кебетеси жок. Ачакей канаты бооруна жабышып, эч буйтабай бутага гана тийүүчү октой ышкырып жакындап калды. Эргеш бул шумдукту тик багуудан чочулап жерде жаткан пальтосун жая кармап, башы-көзүн далдаалады. Быр-пыр жеңил чымчык бутунан жөрмөлөп калканчтанган пальтонун жеңинин түбүнө жабышкансыды. Анын соңунан шууллдаган шоокум кулакты жарып урган таштай төшүнө дак тиер замат Эргеш пальтонун этек-жеңин томолоктоп жерге өмөчөктөдү. Кең асмандын эр жүрөк жана да өжөр жырткычы өзүнөн өзү күтүлбөгөн жагдайда колго түшкөнү мындай турсун, Эргеш эрдиги менен кармап алгандай шаңдуу. Ылаачынбы, кыргыйбы, турумтайбы, же ителгиби али белгисиз. Чынында Эргеш аларды зоопарктан гана көргөнү болбосо, ажырата да билбейт.

Чокудагы чоң олжону Нурмат атага жеткиргенче ашыкты. Ачып көрөйүн десе жүрөгү даабайт. Өтө эле думбалап кыскандыктанбы, эч кыймыл сезилбейт. Пальтону түзүктөп жыйнаштырып өйдө турса, жапжаңы костюмунун жакасы дал-далынан тилинип түшкөн. Пальтонун далысын тепчип өтүп, карышкан өткүр тырмактар аз жерден этине так салып коё жаздаптыр. Қыясы байкуш торгой амансоо бүктөөлөргө бөккөн кебетеленет. Эргеш төмөн карай андасанда сококтоп бир тийип, сойголонуп жөнөгөндө кайрылган жең ичинен былк-былк алсыз кыймылдан улам жеңди ийнинен бууй кармап туруп силксе, булт этип торгой томолонуп түштү. Ал токчоң-токчоң жөрмөлөп туруп канатын сермеди. Эргештин үстүнө эки-үч айланып, ыраазылыгын билдирдиби, анан заматта эле тээ көз жеткис бийиктикке калкып, дал жанакы жырткыч куш жүргөн мейкинде чулдурап сайрай баштады. Көзүн айырбай маңкайган Эргеш сөзүн түшүнчүдөн бетер башын силкий кыйкырды: —

— Жеңиш сеники торгой!

Түштөгү түнөргөн жигиттин жадырап-жайнап олжо-буйлалуу кайтышы карылардын да көңүлүн чалкытты.

— Айбанат менен канаттуунун сырттаны адам колуна түшкөндө кыймылдабайт. Кана балам, кайсы барчын экенин көрө коёбуз. — Нурмат ата сакалынан мулуңдап тоголоктолгон пальтонун этегин акырын ачып, тиги жырткычтын жыйырылган кош мүрүсүнүн түбүнө колун сойлотуп, чакырайган тептегерек сүрдүү чекир көзүнө, далай алсыз макулуктардын канына матырган ийрейген мукур, бирок кылыч мизиндей учтуу тумшугуна кадала карады да:

— Жагалмай деген жапан куш ушул. Үндөккө келбейт, балам! Даары курусун, канаттуунун шамдагайы, учкулу. Асманда чабыттап күнүн көрсүн. Тфу-тфу! — Тигинин тумшугун карай шилекейин чачыратып,— достошолу да коё берели. — Пальтонун өңүрүн серпе таштаганда жагалмай абага асылып азоолок калдактай түштү, заматта типтик көккө атып чыкты да, тоо башын алакөлөкөлөнткөн сур булутка матуучудай батыш тарапты карай сызды.

Эргеш элдик ырды эсине түшүрүп, өзүнчө күңгүрөндү.

Жагалмай деген жапан куш,
Кармасам колго конгон жок.
Жарпымды жазаар тентушум
Ой, тообо-ой, жана-жана
Жайлоодо бирге болгон жок...

* * *

Сары жоргонун туяк-кашынан өйдө тер, чөп-чардан арылта чамынды менен кырган сайын жүнү жылбырскыланып, тээтиги тоо үстүнөн жымыйган күн нуруна жылтылдайт. Жаныбар сунала боюн салып ээсине ыраазы. Бир кездерде кулагын жапырып чылбырын сүйрөй качмай, өнөкөтүнөн эмес, нары чоочун, нары олдоксон адамдын күнөөсү экенин кийин соңку күндөрдө даана түшүндү Эргеш.

Сары жорго башкарманын менчиги. Жайдыр-кыштыр өзү гана минүүчү. Жакында жайлоого келип кеткенинде жаңы зоотехниктин жайыт тандоо, тоюткор даярдатуу ишиндеги жакшы далалатын көрүп, баш-оту менен берген.

Зоотехниктин бардык аракети мынчалык чоң колконун өтөлүн эмгеги менен гана тогоодо. Сарынын сээрисине тердигин жая, мемиреген абага жүзүн аймалатып, тоо башына тигиле калса... кубаңдаган сур булуттар чаңкайган көктүн жүзүн аарчый, куду арыш таштаган күлүктүн жал-куйругундай сапырылып алыска-алыска төнүүдө...

Зоотехник аттанарда Нурмат күндөгүсүндөй жанына шыноорлогон жок. Анын атын тазалаганын карамыш этип,

бая эле үнкүйө тарта үй капшытына көчүк баскан. Жигит ат жонундагы тердик үстүнө токуу үчүн бер жактан ээрди алып, мамыны көздөй басканда карыя үмүттүү обдулуп, каргыл үнү менен:

— Эргеш балам, даарысы кургурдуку, бир жакшылык жышаан барбы? Эргеш башын чайкады:

— Азырынча... жок.

Бир топ күндөн бери боз үй Нурмат, Эргеш экөөнүн гана түнөгү. Кой жаткан короонун наркы четинде жерден чыга калгансып шоңшойгон чатырча пайда болду. Эркектердин башын катырган дал ошо. Нурматтын көзүнө ал чоң аш, чоң үйдүн (Нурмат өз үйүн дал ошентип баалоочу) иче-кардын эңшерип, кутун качырып, берекесин кетирген кесирлүү алачык.

Демейде эрдин кесе тиштеп, кылдай сырын бөтөнгө кылтыйтпаган карыя ушу Эргеш келгени баки-жогун ортого салып, ачык-айрым. Эми да көңүлдү курулай жооткотуп аркы-беркиден сөз козгоп олтуруп, акыры бушайманын ичине батыра албай кетти белем, бакжайган сакалын тутамдап туруп:

— даары курусун, балам, менин ушул акыбалымды көр да, журтта калган дөбөттү көр...

Эргеш канчалык күтпөсүн, карыя мындан бөлөк үн дебестен, мандашын жазбай, башын шылк түшүрүп, калган арыз-арманын жамбашынын астындагы кара көрпөгө айтчудан бетер үнкүйдү да катты. Адегенде зоотехник чын эле эски журтунан жылбай анда-санда корс эте үрүп, ач-тогуна кайыл, комдонуп жаткан карт дөбөткө окшоштурду Нурмат карыяны.

Жо-ок. Жеринен ынтымактуу бүлөнүн күн санап түйшүккө чырмалышы, айрыкча, салттуу үй ээсинин колундагы кой кайтарган таягынан ажыраганына башынан соболосу качкандай туталанышы, ал түгүл, катын-баласынын бөлүнүп чыгышы канчалык сырттан болбосун сабылтпай коёбу? Муну көрүп-багып олтурган Эргештин бүткөн бою дүрүлдөп, өзүн күнөөлүдөй сезип күнк этти:

— Сиздердин ыркты бузган мен. — Ал дагы бир чечкиндүү сунушун айтууга оозун таптаганда кыраа карт үнкүйгөн калыбынан козголбой колун жаңсады:

— Ашык сөздү кой, ээ балам! Биздин ырк небак бузулган. Мен сени ата менен баланын ортосуна аралжы болор бекен деп кара тутуп олтурса. Мындай турмушундун даары курусун. Тигинтип каракчыдай алачыкты тигип алса... Дайрадай үйдүн иши тардык кылдыбы ага? Күндүзү сексейип кой артында. Түнүндө тигинтип энесин бөлүп, экөөбүздү

мында таштады. Короо четине чыксам атырылып бир тиет. Бул курган кызалак кыйратып деле жиберген жери жок. Баланын иши чала деген ушу. Өзүң далай ирээт акыл-насаатыңды айттың. Менин деле көзүм жетип туру. Айла-амал жок. Балам ушинтти деп сен турганда кимге арызданам. — Айбаттуу карыя алп денесин ого бетер арбайтып, түнөргөн боз үйдү төбөсүнөн көтөрүп кетчүдөн бетер ыкшоолоно салмак менен обдулду. Көлбөөттөгү суудай күлдүрөп үнү да калбаат: — Даары курусун, мынчалык мени эч ким кор туткан эмес. Өз кулагың менен угуп, менин дегенимди орундат, балам! Чындаша келсек, ал чабан экен, мен койчу. Түнкү, же күнкү кезметин берсин. Байланган тайгандай мындан ары үйгө чыдап олтура албаймын. Малдын да малдай азабы бар. Эгер мен саксактабай кара мүртөзүмдү карматсам, окустук башка түшсө, бир бороондук алы жок. Мөөнөтүң он күн. Кандай сүйлөшсөң өзүң бил. Эгер атам деп сыйлабайт экен, өз укугумду алып бергин колума, зоотехник уулум!

— Жарайт,— дегенге араң жарады Эргеш. Карыя андан жаак жанган сөздү эмес, убаданын аткарылышын талап кылган мүнөздө оймолуу кийиз капталган чий эшикти шарт ачты да, чоң чепкенин желбегей жамынган боюнча ээн үйдүн босогосун аттады. Дал ошол күнү керели-кеч Эргеш ойго чырмалды. Түн ичинде чыракты пааналап үйдө жалгыз...

Сырттан мекиренген кой үнү, ээсин таанып шыйпактаган иттин кыңшылаганы, шиберди шырпылдата тыпылдаган адамдын табышы угулду. Ал, эринин караанын беттеген Тепкедей апа экенин боолгоду Эргеш.

Мынчалык кескин жана оор тапшырма, адамдык чоң ишенич Эргешти бир четинен калтаарытса, экинчиден, шерденттти. Күч, адамкерчилик мына ушундайда сыналат да. Кол саатынын жебеси үчтөн калкып өтүптүр. Төшөк ичине чулганайын десе кирпиги ирмелчүдөй эмес. Санаасы санга бөлүнүп, оюна жүк көтөргөн учурда уйку кашкайып алыс качаары төгүнбү? Ал чыдамсыз. Энесинен кезек алмашып, Тоту короо четине келээр бекен? Балким, чаалыккан неме түн бою бут серппей күн нуруна гана жүзүн жуур... Нурмат атанын ишеничин өтөө чыныгы адамдык жөрөлгөгө жатпас беле. Жападан жалгыз. Сыртка чыгайын дейт жуушаган кой четине, кемпирине кара-жоро катары, бүкүлү кыңкайган карыядан айбыгат.

Санаасы санга бөлүнүп, үлпүлдөгөн чырак шооласын маанектей тигиле берип, таң сүрө атын токунуп бастырды... Тоту энесинен кезметин алууга жаздыгынан баш көтөрдү.

Кемпиринин курулай эле кызына жалынып-жалбарып, таң желин түрүлтө шаңкылдап катуу-катуу үн салганынан улам Нурмат карбаластап көзүн укалап, үйгө жылып кирди. Тоту бейкут жыбыраган жандыктарын эки-үч мертебе чарк айланып көз кырынан түгөлдөдү.

Таңкы сыдырымдан көкүрөгүн кере жутуп, көңүлү чайтай ачыла түштү белем... Кыздын созолонгон назик обону (ыры жок эле) сыбызгыды дейсиң... Эргеш короодон обочороок бастыра түшүп, жыбыттан кыз караанынан көзүн айырбай селейди. Кат-кат бүктөлүп жаткан ой-кыр койчу кыздын шыңгыр үнүнө кулагын түрө, кучагын жаза уйкудан ойгонгондой туюлду зоотехник жигитке. Мемиреген жандыктар да койчунун доошуна кумарлана, баса жатып талыкшыган буттарын чоё, чүчкүрө-бышкыра бирин-серин деп тура башташты.

Эргеш отордон оторду кыдырды. Кайда барбасын мемиреп жайылган кой, ыраңына чыга кубанган койчу. Күн жылуу. Жайыт кенен. Башы маң, кыялы уйгу-туйгу анын бүгүнкү мүдөөсү башка... Ашымдын оторуна келгенде азын оолак көңүлү ачылгансыды. Балжайган узун жаак жигиттин ордуна барды-жокко, ызылы-суукка тотуккан кара тору келинчегинин көгүш жоолугун көккө шаңкайтып, өгүздүн үстүндө жайма-жай кой четин имере жайып турганын көрдү. Үй-жайына, бала-чакасына тыкан чыйрак келиндин колунан нечен ирет даам таткан. «Оо кокуй, а балээ, малга баш-көз болуу жагынан менен кем сокпойт. Мен тыякбыякка кеткен учурларда ордумду жоктотпойт» — деген мактоолорду Ашымдын өз оозунан да уккан.

Зоотехник аны менен маектешүүнүн зарылчылыгы жоктой шарт бура тартты. Көк жоолугун шаңкайткан келин көрсө көрмөксөн, аны бурулуп караган да жок. Жоктон бирдеме тапкандай Эргеш ээрдей кайкы белестин нары жагындагы чоктой жоолугун албырттаткан Тотуга эдиренде-тип жетип барды. Дароо ыргып түшүп, таякчан кыздын астына бура тартты атын:

— Кел, сары жоргону бөжүткөн боюнча мына бу кырдын наркы бетиндеги Ашымдын койлорун көрүп кайт.

— Эмне, карышкыр тийиптирби? — Балким, Тоту анын сурданган жүзүнөн улам капталынан качыра суроо берген чыгар.

— Сага мен зоотехник катары өтүнүп жатам. Алар кайтаруунун туура жолун колдонушкан эмелер экен. Көрүп келгин өз көзүң менен. Койлорду мен көзөмөлдөй турам.

Эргеш тим эле көзүн жумуп көшөрүп тизгин-чылбырды Тотунун колуна карматты. Тоту башын чулгуй сумсайган

зоотехникти алая каарып өттү да, анын колтуктап атказуусун күтпөстөн, ыйык жалдан шап чеңгелдеп, кызгылт сактыян өтүктү үзөнгүгө тып коюп, бойтоюп ээрге минди. Эргештн дагы бирдеме айтабы дегенсип, ат үстүнөн буйдала, ээсине таң калыңкы середеп баштарын көтөргөн койлоруна көз салгансыды. Жигит үн дебеди. Кыз дароо ээр үстүнө кадап койгондой сарынын куйрук-жалын булактатып жүрүп кетти. Теребелдеги көк жашыл ыраңдан чаңкайып алда кайдан таанымал сары жоргосунун, тиги кырдан нары ашканынан бери ашканы бат болгонуна Эргештин сабыры суз. Чылк ылдыйда бүрүштөтө бөжүтүп, түзөңгө түшкөндө суналта созолонтуп, айдөштө чайпалта кылтыңдатып, сары жоргонун үзөнгүсүн чирене тээп, тизгинин жайган жалын жоолук кызга ызалуу көзүн алда кайдан кыбыңдатат. Жеке үстүндөгү кыз эмес, жүргөн сайын төшөлүп жайкалган аты да «минүүнүн, бастыруунун дагы бир кыл ыгы бар, үйрөнүп ал» — деп сез бергенсийт. Тоту ылдам эле булкунтуп жетип келди. Дал төбөдөн балбылдаган күн жарыгына көмүр чачын жалтылдата тарамыш этип, кайпалактаган Эргештин жанына койчу кыз атын чукул токтотту:

— Бардык. Көрдүк. Башка айтарыңыз жокпу?

Бу жолу эртелеп сарыны суулуктан кармап, карындашын түшүргөнгө үлгүргөн Эргеш карбаластай:

— Сага мен көп нерсе айтайын дедим эле... Маселен... Ашым, аялы экөө кезметтешип кайтарышат экен. Өзү чабан, аялы койчу дейли... А сен атаңдын кеңешин уккуң келбейт. Кой четине жолотпойсуң... Анан... Кур дегенде аптасына бир ирет закондуу эс алууну да пайдаланбайсың. Бул эмгек тартибин бузгандыкка, ээнбаштыкка жатат.

— Акыл-насаатыңызга тойдум,— деди Тоту чыкчырыла. Ал алма жүзүндөгү кызгылт нурду заматта тоо мээримине шимилтип кумсаңдай түшүп, быжыраган койлору тарапка башын чулгуду. Эргештин шагы сынып, оозунан сөзү ыргыган мындай турсун, бирөө чуу дедире тартып жибергенсип, жаагын сыйпалап турду да катты. Тоту зоотехниктен эмес, койлорунан, мемиреген жансыз жаратылыштан кеңеш сурагансып, ал түгүл, тигини датбарактатып тыштап кетчү кебетеленип, согончогун көтөрүп кадамын шилтеп барып, кайра бурулду:

— Сиз эмне, ата менен балага арачы экенсиз го? Карыганда үйдө тынч эс алууну каалабайт бекен алар. Бекер убара болбоңуз. Ал эскиче түшүнөт, мен макул боло албайт экемин. Иштин көзүн тааныбай жатып эч кимге бербейм таягымды...

Эргештин арандан-зорго оозуна келгени ушул:

— Минтип көшөрүй берүү жарабайт, башкалардын опытын үйрөнүү керек да.

— Бу башка маселе. Ашымдын оторунда жана башкаларда кандай жумуштар жүргүзүлүп жатканын мен сизден кем билбеймин...

Эргеш дулдуюп үн каткан жок. Сары жоргону жапырылтып жонду ашып жөнөдү. Алыстан, үйүнүн жанында Эргеш тарапты акмалаган карыяны көрдү. Ал чыдамсыздык менен жылуу кабар күтүп турат да. Зоотехниктин ызалуу жүзү ысып күйүп, Нурмат атадан далдаа, тээ алыскы конуштагы малчыларды бет алды...

Жалаң ушул жайлоодо К. колхоздун кырк короого жакын кою, кымыз, сүттү көлдөткөн үйүр-үйүр жылкысы, жайыт толо уйлары бар. Эргеш адистиги жана милдети боюнча койчуларга үйүр. Керелди күнү бою алар менен аралашып, кеч кирди журт которуп бир жарым аптача байырлаган үйүнөн алыста... Көчүп конууга ыңгайлуу жасалгасы комсоорок көрүнгөнү менен башка малчылардын деле үйүндө казан, аягы майлуу, берекелүү. Кыясы кыргыз ата салты меймандостуктун шыбага-кешигин ар бир коломтого калтырган белем. Бирок Нурматтыкындагыдай мээримди табуу ага кыйын.

«Нурмат конушун жаңыртып, берилеп көчүп конуптур. Өзү кой жайып оңуп калыптыр. Быяктан жүргөн зоотехникти сурамжылаптыр» — деген имишти угуп, Эргеш токтоно албады. Белестен белес кадуулап кой жайылчу өндүрлөрдү артты. Нурмат атага кучагын жайып, ээн талаадан жолуккусу, кумардан кана маектешкиси келди. Анын кубанычын ак чаңгыл кой четинде алда кайдан кылактаган Тотунун өрттүү жоолугу төгүндүккө чыгарды.

Кайра кыялай бастырып олтуруп бетегеси белден жайкалган коктудагы жаңы конуштан көзүнө жылуу даңкайган аппак үйдү, анын маңдайынан элүү саржанча окчун чатырчаны көрүп, күнөөлүү күчүкчө ээрден көчүгүн кыңкайта шоңкоюп далайга телмирди.

* * *

Куду орок мизиндей иймейген ай, асмандан жылмышып түшүп келаткансып өтө бадырайып жаркып турат. Анын шооласына быгып, колотту өрдөй бастырып маектешкен экөө.

— Акылыңызды кошуңуз мага, Ашыке! Бу оңбогон кызды кандайча тартипке чакырууга болот? — Зоотехник-

тин кайрылуусуна кыйладан кийин түн кулагын түрүлткөн Ашымдын колдур үнү жооп кайтарды:

— Түгөт кызалактын дартынан кайран киши чөгүп баратат. А чунактын бирди-жарым сөздү кулагына кыстарбаганы ошол. Мал жайын териштирип дегеле тикенектей сурамжылайт. Ашык сөз айтуудан мен да чочуйм а капырдан. Сен койчу аттуунун баарын чогултпайсыңбы да, жыйын өткөрбөйсүңбү? Ага тиги чабан кызалакты койчу атасы менен кошо чакыр. Дал ошонун өзүнүн дакелетин кой. Анан чабандар туш-тушунан талап чыгалы дейсиң...

Жандай бастырган Эргеш колтугун созуп, чобурун илкиткен Ашымды далыга каккылады жактыргандай. Ашымдын колдур доошу тып гана басылды. Коктунун алкымы тараптан сыдырым жел калкып, созолонгон бийкеч үнүн шыпоорлошкон атчандардын кулагына жеткизди.

— Түн күзөттү, короо кайтарды деп ушуну айт. Чыйрактыгын кантесиң бу түгөнгүрдүн. Жүрү жакындай түшүп угалы,— кашаң чобурун теминип-кагынып кайтадан дагы дорулдады Ашым.

Мына, дапдаана, бийик үн жыбылжыды. Аба толкуну жула качып жеке атчан экөөнө эмес, тээ чокудагы кырданган айга, кымындаган жылдыздарга сүрөп жеткизчүдөй... Айлуу түн, мемиреген тынчтык, сыйкырдуу обон коштогон шаңдуу ыр. Эргешке шаарды, театрды, «Айчүрөк» операсын элестетти... Анда жайкы түндүн таң каларлык шаңын даңазалаган жылкычынын шырылдаңын, койчулардын бекбекейин эшиткен. Мына ошол операдагы бекбекей эт жүрөгүн эриткен! Мына ошол үчүн ал тоо арасын эңсеп, жайлоого келип олтурбайбы. Дал ушул жайлоодон өз кулагы менен уккандай, азыркыдай бекбекейчинин жыбылжыган сүйкүмдүү обонуна, жагымдуу эмгек ырына мынчалык моокү канып тыңшаган эместир. Экөө тең атынан түшүп, чылбырды тизеге баса олтурушту.

«Малчынын түнкү рахаты, эмгек шаңы бугуп жаткан тура. Менин жогум Тоту, сен үчүн жакшы белем. Сага баары бир экен, а мага... Сайра, койчунун сыймыгын даңазала! Тайманбаган, талбаган Карлыгач, соз оболонду, жыбылжыт үндү!»

Сыбызгыган үн негедир тырс үзүлдү. Боордон калдырттап таштар кулап, кайрадан тынчтык өкүм сүрдү. Эргеш менен Ашым кайра тартып жөнөрдө, Тотунун доошу дагы жаңырса болобу:

Колхоз кою бакканым-ой,
Карегимдей сактадым о-ой!
Кан жалайт бөрү тумшугун-ой!

Короомду четтеп баспагын о-ой!
Бекбекей жаңы, эл жаңы э-эй,
Өнүктү, өстү мал дагы э-эй...

Созолонгон ыр о далайга дейре тоо койнун термей берди. Качан гана Тотунун ыры токтолгондо Ашым калдастап:

— Эргеш, жыйналыш-пыйналышынды кой. Тоту менен жакшылап сүйлөшсөк, өзү эле түшүнөт...

* * *

Жайлата бейпил жашаган малчыларга кайдан-айдан экени белгисиз, биринен сала бирине шамалдай жорткон суук кабар дүрбөлөң түшүрдү. Демейде мемиреген жайлоо түнү азыр тынчсыз, уйкусуз... Иңирден таң кылайганга дейре ар кайсы кокту-колоттун ичи безилдеген койчу менен ажылдаган короочу иттердин ызы-чуусуна, баң эттире асманды жарган мылтык жаңырыгына толсо, суналган белестер менен сары кайкандар чет-четинен тосмолоп жапырт аттанышкан жылкычылардын кыйкырык сүрөөнүн алыска коштоп, жылуу төшөктө бөжөйгөн бөбөк да селтең этип он ирээт чочуп ойгонуп, түн уйкусу бөлүндү болгон учур.

Күндүзү андан бетер кым-куут... Күн кирпиги аскалуу чокуга чагылар замат айыл-айылдан короктотуп мылтыктарын асынып, тайгандарын жетелеп, мергени да, мерген эмеси да туш-тарапка «бүлүк түшүргөн бөрүлөрдү тукум курут кыруу үчүн» жайыла аттанышат. Ички тоолордонбу, кандайдыр бир жактан каңкастап ооп келген карышкырлар үйүр-үйүр менен жүрүшөт, ачыккан капырлар тим эле колдон талашып малга тийип жатат. Тоо жакалай конгон коңшу колхоздун короолорунан элүү-алтымыштай кой, он-он беш жылкыны кырып жибериптир, эми берилип К. айлынын малына ыктыта баштаптыр. Сары изине чөп салган көзгө атаарлар бөрүлөрдүн төрт-бешөөнү оңкосунан түшүрүп, ого бетер өчөгүштүрүп алышыптыр... Бул доң-доң бара-бара чын чыкты.

Тотунун короосу, Нурматтын үй-бүлөсү да дүрбөлөңгө кулак түрүп, саксактап калган учур. Нурмат өзү шыйрактуу чып этемесин асынып, таң азандан аттанып жөнөөчү өнөкөт тапты. Тепкедей апа «көк жал карышкырдын терисин тескери союп, атына жаба салынып жайкала бастырып келсе, атасынын ким экенин кызы көрсө...» деп беренинин жолун канчалык зарыгып тоспосун, Нурматтын канжыгасынан же кызгылтым шыйрак көгүчкөн, же үрпөк жүндүү

улар чечет. Кээде балтактаган суурду көрүп жаа бою качат. Сыр билгизбей, абышкасынын сакалынан сыламыш этип кур кайпактайт:

— Береним, береги секелегиң менен эрес талашпай өгүнтөн эле ушинтип илбесин атып, көңүлүңдү чөгөрбөй алаксып жүрсөң эмне? — Тепкедей, ата менен балага бирдей араљжы болом деп тепилдеп жүрүп, чүкөдөй бүрүшүп жүдөңкү.

Нурмат карыя олжосун кемпиринин колуна тапшырып, үн-сөзсүз үйүнө кирип кетет. Карышкыр тийбеген короо жок катары. Кандайдыр бир сыйкырдуу бирөө ыйыктап кеткенсип, Тотунун койлору мурдагысындай эле кырсыктан аман-эсен.

Эргеш бул укмушка бир четинен аң-таң. Ал оюн-чындан чегип сураган учурда, койчу кыз мүрүсүн куушуруп, кыска гана жооп айтат:

— Мен бекбекей айтам да...

Бул табышмактын жандырмагы өзүнөн өзү күтүлбөгөн учурда, күздүн бир түнүндө табылды. Майда жаандуу кара туман кечээ эле аҫман көзүн чыпкалаган.

Ага кошул-ташыл жөө туман (сасык туман деп да коюшат) жердеги чөп-чардын арасынан самсый түрмөктөлүп, айланаңы түнөртө чүмкөдү. Түн ортосу ченде тоо-ташты томкорчудай күн күркүрөп, удаа-мудаа чагылган чартылдап кирген. Анын сонунан кара нөшөр шыбыргактаткан. Жаанга калып шөлбүрөгөнүнө кайыл, жоргосун бүрүштөтүп үйгө жеткен Эргешти Тепкедей тосо чыкты. Эне сыртынан үрпөйүп, негедир кападар.

Калдайган этеги менен сары жоргонун соорусун чүмкөтө, койчу Ашымдын кара тепмесинин ичинде шөмтүрөгөн зоотехник атынан түшпөй:

— Эмне болуп кетти, айтыңыз тезирээк?

— Тотудан алигиче кой-пою менен дарек жок. Тим эле жүрөгүм оозума тыгылып турат балам! Атасы аны издеп бая эле кетти... Эмне саат басты экен? — деп безилдеди кемпир. Эргеш да шашыла:

— Тотунун жылуу кийимдерин бериңиз, тезирээк жеткизейин!

— Абышкамдын көзү көр эмеспи, тоо-таштын арасында адашып кетти го! Ал Тотуну таппай калды! Каран алат каты күн, кеткени качан?! Сага көргөзбө деген бир эркекче кийими бар эле...

Эргеш кемпирдин безеленгенин токтото:

— Ошону алып бериңиз. Тепкедей апа мени жөнөтүңүз, ыкчамыраак!

Тепкедей күйпөлөктөп үйгө кирди да, көз ачып жумганча таңгакты колуна кармап, кайра чыкты.

— Мынакей кийим-кечеси. Тотушум көргөзбө деди эле, кокуй күн анысынын кереги не эми?

Эргеш таңгакты суу өткөрбөс тепменин өңүрүнө бапестеп катып, атынын тизгинин бура тартып, дабыраткан түнтүккө төндү. Тепкедей жаанды да сезбей, жылчыксыз ыңжыңсыз караңгылыкка башын тосуп, үй астында кыйлага козголбоду, качан гана аттын дабышы угулбай калганда, боз үйдүн эшигин серпе таштады.

Демейде алып учкан сары жорго шыбыркактаткан жаан жакка ыктап, анын үстүнө күңүрттүктөнбү, араң эле бүрүштөйт. Кайда кетип баратат, качан жетет? Белгисиз. Өзү да зеригип бүттү. Шылдыраган сууну бойлой бастырып, өр таянып эле жылууда. Оо кыйладан кийин тээ ыраактан: — Тоту эле, Тоту, кайдасың балам, кайдасың? — Нурмат атанын айкырыгын кулагы чалып, жүрөгү болк этти.

Карыя үстөккө-босток айкай салып, кара жамыган теребелди силкинткен менен кызынан эч дарек билинбейт. Ал дагы бер жактан заңылдай үн кошуп, ат тизгинин бош коё берди. Аз өтпөй аттар моюн созуша бир-бирине кошулушту.

— Тоту кайда? — Эргеш үзөңгүнү тээп тура калып сурады.

Абышка ыйламсырап үн катты:

— Чай кайнамдан ашуун кыйкырып жүрөм, дегеле добуш чыкпайт. Балээге чалдыккан го балам... Анын жүзүн ары кылсын...

Эргеш какаар менен:

— Кошокту коё туруп издейли, бастырыңыз!

Карыя Эргештин жоргосунун соңунан илките жөнөдү. Жаан көз ачырбоочудай. Сербейген бадалдарды ышкырган шамал жерге жабыштыра жүгүнтүп жатты. Аттар кылт-култ эте бүрүштөп, аярлык менен бут шилтөөдө. Арттагы Нурмат караңгылыктын саатынан алдындагы Эргештин жоргосунун сууга чыланган соорусун үрүл-бүрүл араң зорго көрүүдө. Аңгыча болбой жакын эле жерден Тотунун үнү, иттин үргөнү, койлордун маараканы угулуп, биринин соңунан бири тарс-турс эте эки ирет мылтык атылды. Эргеш камчы урду эле, жоргосу дөбөнү көздөй атырылды. Кара шамал калдайган туманды тытмалап кирди, өңү өчүңкү ай жайпак боорго суйдаң нурларын чачыратты. Аскача кырбу таштын түбүнө ыккан калың койду, анын четинен көлөкө сымалданып карайган кыз караанын чалдыктырды Эргеш. Койчу кыздын колунда оозун жер каратып карма-

ган мылтык. Ал атчандардын астын торой баса, кыйкырып нйди:

— Карышкыр! Үйүрү менен топтошкон карышкыр!

Эргеш койлорду ого бетер таш түбүнө жабыштыра дүрдүктүрүп шыпылдата бастырды. Анын соңунан теминип, кагынып абышка да жетти.

— Эргеш балам, токтот, токтотчу бери,— деди ал,— момуну карачы, дүмүрөйүп жаткан эмне? — ...Эргеш жоргосунун башын кайра кайрыганча, карыя шашкалактап атынан түшө калды:

— Аттиң ээй... кызым көк жалын жайлаган тура. Бөрүнүн денеси али сууй элек экен.

Ал бөрүнү кулагынан жогору көтөрүп кайра таштады. Канкордун башы ташка каңк эте, арсайган тиштери акыркы ирет шак деп бир урунду. Карышкырдын тунарган көзүнөн шоолаланып ай да өчтү. Карыя бычагын кынынан сууруп, чөгөлөй олтура калып, терисин сыйрууга кириштн.

Эргеш Тотуга бастырып келди. Кыз жанакы эле жерде, мылтыктын ордуна таягын кармаган боюнча турат. Жаанга чыланган көйнөгү денесине чапталып, мөлмө-чалма жоолугу мойнуна шыпырылып, саамайлары саксайып, төбө чачтары уйпалана түшкөн. Каруу-күчү бошоңдоп саал-паал шөмпөйгөн мүрүсү билинээр-билинбес титирегени менен куду жамгырдан кийинки мөмөдөй таза жүзү мурункудан беш бетер менменсинип кайраттуу, сабырдуу.

— Бөрүнү ырас жер каптырыпсың, Тоту,— деди Эргеш.

Кыз жай гана:

— Бул — менин эсебим боюнча экинчиси.

— А мурункуңдун териси кана?

— Ашымда. Мага эски мылтыгын ошол берген.

— Даары курусун, ээй балдарым! Кулак-мурун шыралга,— жагалданып үн сала келди Нурмат,— кээ бирөөнүн куйругуна тиш салыптыр, кызыл ала болуп аралай чаап жүрүшөт. Картымак боз кой бар эле. Ошону көтөрө качышыптыр, баштан садага... Көңүл азоолок тынган соң, Тоту Эргештин колунан таңгакты алып, нары бурчукту айланды. Ал кийинип келгенде зоотехник жигит өз көзүнө өзү ишенбейт. Бирде кызарса, бирде бозоруп, бет маңдайындагы бойтойгон кара көрпө тебетей, узун плащчан, спорт костюмчан, бетинен нур тамган кызыл тору «койчу балага» жалдырап тиктей берди. Акырында чын дили менен күлүмсүрөдү да:

— Жакшы эле мант бердирген экенсиң. Жайлоодо эң оболку кездештирген кишим Карлыгач. Сени эми жасемдебейм.

— Көрүшө жатарбыз,— деди Тоту табышмактуу жоодур көзүн кирпиктери менен далдаалай. Эргеш кызга жаракөр тигилди да, билегинен чап кармап, азыр эле баш оогон жакка маңып жөнөөгө ниеттенди...

Эртең менен аны Тотунун шыңгыр үнү ойготту.

— О, уйкучу туруңуз! Бута атышып байкашып көрөлү. Балким, карышкыр атканыма күмөн санап жүрбөңүз.

Уйкулуу көзүн ушалап шашып-бушуп боз үйдөн сыртка чыккан Эргеш күн нурунан жалтана, үлүңдөп тыяк-быягын карады. Тоту болсо, боордогу кемерчеге алакандай жараңканы бута коюп, чып этмени колуна карман күтүп турган экен. Анын жанында Тепкедей менен Нурмат.

— Кана, улуулашалыбы, же кичүүлөшөлүбү? — Кутучадагы окту ачып, мылтыкты берки экөөнүн астына жылдырды Тоту күлүмсүрөп.

Чала мерген карыянын түксүйгөн коюу каштары чокмороктоп, кыжыры кайнады. Аны байкабаган Эргеш чын пейли менен:

— Кыздын кырк чачы улуу, сен ат Тоту!

Кары атанын жаак эти титиреп жигитти жеп жиберчүдөй оё тиктегенин баамдаган Тоту мылтыкты атасына сунду. Ушуну эле күтүп тургансып, бырыштарга түнөгөн көлөкөнү тарата жылмайган карыя чөгөлөй олтуруп мелтирете шыкаалап калды.

Ачуунун ызгаарынанбы, алкымындагы тытышкан буурул кылдар дир-дир этсе, барбайган сөөмөйү темир илгичтей мукурайып машааны шарт тартып жиберди. Куйрук улаш дан салган жаштарды бучкактай Нурмат ата дөңкөндөп жетип караса, жараңканын оң жак учун гана кырып өтүптүр. Карыя үнсүз гана эрининен буп этип «даарысы курусунун» ичинен айта четтей басты. Эми кезекти канчалык туйлаганына карабай, Эргешке берди Нурмат. Чуркап кичине күйүккөн, анын үстүнө жүрөгү алып учуп делөөрүгөн жаш жигиттин огу ызылдап алыс кетти.

Акыркы кезмет Тотунуку. Ал эпейип олтура мылтыктын кундагын оң төшүнө такай мелтирегенде карыя саал-паал кетенчиктеди. Эргештин оттуу көзү тыяктагы бута коюлган жараңкага жабышты. Тоту ыраңы кыярыбыраак саргыч тарткан бетегенин кер мурут башын сыдыра, кароолду үлпүлдөтө карекке чыгылтты да, машааны илмең баскандай болду. Эргеш бутаны карай буту үзүлгөнчө чуркады. Ал жараңканын дал ортосундагы кичинекей жылчыкчаны көрсөтө аны, башынан жогору булгалактатып кыйкырды:

— Жарайсың Карлыгач! Дал жүрөктүн толтосун көзөп өттү.

Күлүмсүрөгөн Тоту угулар-угулмаксан жай-баракат унчукту:

— Кимдин?

Карт Нурмат жылчыкчаны ары-бери шектене тегеретип, алдыртадан кызына көз жүгүртүп турду да, бир ооз ак дебестен бүкчүйө тарта үйүн карай адымдады. Кайра бир пастан кийин эле мылтыгын ары имерип, бери имерип кармалап үйүнөн чыга келди карыя. Оо бир оокумда кош колдоп мылтыгын кызына сунду:

— Ме балам, кыз да болсоң эки бирдей эркекти жеңдиң. Баш-оту менен сеники — Боордогу арчадай дүңкүйгөн айбаттуу карыянын жаагындагы жылга ылдый мөлт эткен жалгыз тамчыны көрүп, Эргеш жалт бурулду.

Атасы менен кызы күнгөй-тескейдей бетме-бет тиктешкен боюнча бир нече секунд тилсиз дапдаарышты...

Даакыдай уюлгуган кара булуттан чет жакасы кылайып, жаңыдан гана кырдана суурулуп келаткан күн теке маңдайдан барысына тең мелүүн шооласын чачты. Эргеш Тотунун буюм-теримин үйгө ташып, өзү алачыкка көчтү.

* * *

Эргештин башын катырган уйгу-туйгу сары санаа... Түн уйкусун, күн тынымын кетирүүдө... Керилген аска, керме тоо, өзөн-суу, жашыл ыраң көркүнөн ажыраган сайын, жүрөгүн өрт чалып, көңүлү кусадыр. Ал Тотуну бирде плащчан, көрпө тебетейчен койчу бала кейпинде көрсө, бирде ат үстүндө чымын-куюн... бирде жон-жондо бекбекей айтып созолонсо, бирде чагылган жарыгынан жарк этип, нөшөргө моюнун тосуп, суу кечип жүрөт. Кайда барбасын, каякта жүрбесүн Карлыгачтын элеси. Ал эми Тотуга бетме-бет кездешкен кезде не кылар айласын билбей, кызарып-татарат. Мококтугуна жаны ачып, өзүнө-өзү кыжырланат.

Жакындан бери Тотунун кыял-жоругу өзгөрүлбөгөндө, жигит сары убайымга чөкпөс беле... Демейде жүргөн-тургану куду эркек баладай чыкчырылган Тоту да ороң-бараңын тыйып, кыз мүнөзүндөгү назиктигин айкындап, сунала басып, Эргешке кирпик учунан суйкая тигилип, үн-сөзсүз жоодурайт... Бу не деген жорук? Кандайча түшүнүүгө болот? Оозуна суу толтуруп алгандай унчукпайт да, сүйлөбөйт. Кээде күздүн сурданган булутун тиктеп, бүрү күбүлүп кубарган туланды буту менен сүрткүлөп, мелтиреген Эргешти жалгыз таштап, шыңгыр күлкүсүн тыя албай, кызгылт сактыян өтүкчөн, кылактап чуркаган боюнча коюнун тиги четине кетип калат.

Көп түндүн бири... Ай жарыгы күндүздөй... Көзүнөн уйкусу качкан Эргеш алачыгынан чыгып, короону карай жөнөдү. Даңкайган боз үйгө жөлөнүп, көктөгү күлмүндөгөн жылдызбы, же короодогу жыбыраган коюнбу, же кайдадыр дүйнөнүн жүзүнүн бир булуңунан алигиче шек-шоорасыз ашык жарынбы, мойнунан арта салынган шалы жоолуктун чачыларын салаалай, айтор, тээ алыска тамылжый караган Тоту. Анын капталына келип, далайга демин ичине катып мемиреп турду Эргеш.

Күрсүнөйүн дейт, Карлыгачтын оюна жолтоо болуудан тартынат. Жигит дабышын укса да, кыз бурулган жок. Болоор-болбос ийилгенсип жоолугунун учун боорун карай тартып алды. Ай жарыгына баштагыдан беш бетер маңкайып, жыланбаш суйкайган кыз илеби, канчалык сабыр тутса да, жигитти арбап кетти белем. Жигит колу шоктонуп, кыздын аппак көйнөгүндө эңилген эки өрүм чачты сылагылай түштү. Тоту шарт имерилип чачына оролгон жигит колун жаңсап жиберди:

— Ай, кантесиз... Бу сиз эмне?

Эргеш селейип катты да калды. Бул көз ирмемдей шоктук экөөнө тең түйшүктүү. Бирине-бири эмне айтып, эмне дээрин билишпейт. Эң алгач Тоту чыйралды. Ал телмирип турду да, бир кадам кетенчиктей түшүп, жай гана жигиттен алыстап үйдү карай бурала басты... Эргештин көзүнө Карлыгачтын азыркы буралып үйдү айлана качышы куду көлдөн канатын кагып, созолоно тартып айды көздөй сызган ак куу шекилденди. Эргеш алачыгына келип, жаздыкты сүзгүлөгөн боюнча бүкүлү жыгылды, төшөнчүсүнө...

«Мен кандай күнгө дуушар болуп баратам? Кечээ эле чоочун үйдөн тагдырыма туш келген карындашым эле го Тоту. Эми бардык уят-сыйытымды жыйнаштырып, кол созуп баратканым не деген жорук? Уят!.. Өлүм!.. Жоругум жолдо калсын... Мен антпөөм керек...» Чубалган сары убайымга туткакташып, таң кылайганча кирпик какпаган Эргеш, күн нуру кылтыяр замат сары жоргосун токунуп, жакадагы колхоздун башкармасын көздөй аттанды.

Аз күндөн кийин эгин-тегин жыйналып, тоодогу малчылар ичке түшүп, жандыктар аңызга жайылды. Эбептен-себеп болуп Эргеш Фрунзеге — борборго зоотехниктердин үч айлык билимин өркүндөтүү курсуна чакырылды.

* * *

Нурматтын үй-бүлөсү жайлы-жайлата бала-бото катары жыт сиңишкен зоотехниктин шаардагы эне-атасына кетээрде кур дегенде жолукпаганына ызалуу...

Эргеш үч айдан кийин шаардан кайтканда тоо арасы мелтиреген карга тунуп, кышкы ызгаар бетти-башты аймаган учур эле.

...Ал кеткенден бери жакшылап байлоого коюлуп чөйчөк алган сары жорго кошкурук ата, түйүлгөн куйругун токмоктой ызгаарга булгактата, жалгыз аяк чыйыр жолдо тиземден матыган карда илбирстей секирип ыргыштап жөнөдү дейсиң, бапсыйган түлкү тумагын түшүрүп, күпчүйгөн кара тондун этегин чатына кысып, пима чокойдун тумшугун үзөңгүгө илген Эргештин кыялы уйгу-туйгу. Канжыгасындагы боз куржунда өз эне-атасынын Нурматтыкына белек катары берген буюм-теримдер бар. Анын арасында өзүнүн да Тотуга ылайыктуу базарлыгы...

Кыштоо кыштактан анчалык алыс эмес, жылга-жылга колоттордун ичинде. Колхоз активдеринин кошулуп бастыралы дегендерине макул болбой, жалгыз чыккан. Жыбыттарды кыркып өткөн сокур тоом изди кубалап, сары жоргону ыргыштатып кетип бараткан Эргеш. Четки колоттун оозунан белчесине дейре күрөндүгө көмүлгөн жепирейген тамдан буркулдап чыккан түтүндү, айланта соккон бастырмалуу короонун үстүндө жыйылган чөп-чарды көрүп, ойсоктотуп жетип барса... Короонун ичинде быкбырдай кайнаган кой, ар кай жерде чачылган жем, чөптү үрпөктөшүп талап жеөдөө... Ушунчалык терең карда сыртка жайса, нукур буттуу жандык чөп таап оттомок турсун, карга батып калбайбы.

«Эгер кыштын алтай ушинтип колдо баксак тоюткор жетишээр бекен?» — деп ойлой кетти, жапыс короого ат үстүнөн караган Эргеш. Төрт көздүү кичинекей терезенин жылчыкчасынан ысык демдин буусу сызылып чыкса, бакашака үн сыртка угулат. Кыясы жоро — бозого чогулган малчылар, бу короо Ашымдыкы...

А чыйырдан бура тартты да, теңирден тескери жак менен табактагы толтура сүттөй мелтиреген наркы колотту өрдөдү. Жаныбар сары жорго энтигип омуроодон келген терең карда улам-улам сеп алып, куду илбирсче жонун дүкдүйтө жыйрыла калып, кош аяктап кыйла жерге секирет. Мына ошентип аттын күчүнө салып олтуруп, тээ кырга чыкты. Шамал кагып, жондун кары аттын гана чачысынан. Жапырылган чөп ат туягына ороло түшөт. «Атаганат,— дейт Эргеш,— койлор бул жерге жетүү кыйын. Чыкталып бүткөн бетегени карабайсыңбы».

Мына ошол шамал каккан жон менен сары жоргону удургутуп кыдырып бара берди. Ар кокту сайын чымдан, таштан согулган короо. Көпчүлүгүндө жепирейген ысык үй

бар. Куду жанакы Ашым кейиптенип, короо ичинде жемчөп чачкан кишилер. Кырды кырдап жүрүп алыстан болсо да, малчылардын ал-жайына таанышканына ыраазы биздин зоотехник. Күн төбөдөн жылып кыңкайып баратат. Жанакы дымыган үйлөрдөн коронДоп бирин-экилеп чыккан адамдар шамал каккан бетти карай мүйүздөрү аркайган эркечтерге жол баштатып, койлорду чубатууда.

Эргештин көңүлү бир аз тынчтанды. Эми Нурматтыкын табуу керек? Баягы жайлоодо даңкайган боз үй эч бир колоттон көрүнбөдү. Қыясы жепирейген көп тамдардын бирөөнү ээлеген чыгаар. Кайсынысы? Кантип ойго түшүү керек. Қырдан ылдый карай күрткүнү жиретип жөнөтүүдөн сары жоргосун аяйт. Дагы алга бастырды. Наркы кайкыга имерилсе... Көз ишенбей турган укмуш... Коктунун ыптаа түбүндө кылыч менен кесе чапкандай кардан бүткөн жар, чокмороктошкон дөбө, ортосу чабылган кырмандай такыр, анын бетинде мемиреп жайма-жай жайылып оттогон ак чаңгыл койлор. Андан жарым чакырымча төмөн жакта жанакылардай эле короосу улай салынган жепирейген там.

Жүлүндөй түтүн коңур булут өндөнүп асманга созолонууда. Эргеш үч уктаса түшүнө кирбеген бул жорукка таңдана, кубана, не бир кыйкыргысы, не бир көз жашын булактаткысы келип, атынан ыргып түшөөр замат, бел кырчоосунан карга көлбөп калды. Очорулуп, өбөктөй жатып зорго бутун суурду да, тонду чечип астына жая таштады. Анын үстүнөн тизелеп алга жылып, атын чылбырынан тартты. Ага сары жорго сококтоп эки секирим менен жетти. Улам ушинтип, карга тонду жая салып отуруп, алиги кышкы «кырманга» жакындаса... Сырткы кебетеси кудум кунан аюу сымалданган бирөө карды килейген күрөк менен кертип түшүрүп, олчойтуп четке ыргытып, артынан жамыраган койлорго чөптү ачып берип жатат. Бул не деген карылуу киши. Қойлордон улам Нурмат атабы деп ойлоду Эргеш.

Ал элтеңдеп жан алакетке түшүп, булоолоно будалактап, бетме-бет жетти. Тиги адам көрсө да көрмөксөн. Көңүл да бурбай, килейген карларды омкоруп ыргыта берди. Укмушуң кур! Кубанган жигит кыткылыктап, шайы оор жыгылып кете жаздады. Қадимки Тотунун өзү! Колго уютулган кара чокойдун согончогунан буулган килейген таар шым дал колтугуна жеткирилип, жүн салган шырмалдын боорунан чытырата дагы бир буулган. Қыясы кончко кар киргизбөө, денеге суук өткөзбөс, иштегенге тыкан болсун үчүн ушинткен чыгаар. Башында саксайган

түлкү тумак, шадысында туюк тери колкап. Зоотехникти карабай ишин улантып жатса да, Тотунун бажырайган көзү Эргешке терең карды кыштоодон эритип жоготуучу өрттөй албырды. Анын бөйтөйгөн эриндери негедир өзүнчө шыбыш берип, бүлк эткенин байкады.

— Тоту, бери карасаң, кайрылып келбедимби! — шаңдуу үн салды Эргеш.

Тоту калдайган күрөктү күрткүгө матырып, анын сабына саксайган тумагын илип, колкабын чечип ыргытып, бети-башынан ысык терди булоолонто, дал ошол мамалак сыяктуу майпайган кебетеси менен сыймыктуу кериле, кырчылдаган кышкы аязда кадимки шагында бышкан жайкы алмадай мөлтүрөп, бакырайган көздөрү сүйүнүчүн каталбай, өтө шойкомдуу бажырайып, жигитке тике карады. Эргеш Тотуга дароо жетип, колдон алды.

— Кайрылып келдиңизби?.. — деди кыз шоокум менен. Анын жай гана шыбышы Эргештин кулагына жылажындай шыцк этти.

1959.

СОЛДАТ МАХАБАТЫ

Калаанын чок ортосундагы аскердик гарнизондун заңкайган таш имаратынын капкалуу дарбазасы ачылганда шоодой үч караан сыртка чыкты. Ыктуу учурда гана уруксат этилүүчү ыйык босогону аттаган жаракчан үч жоокердин башы көз ирмем кошула түштү. Алардын катарынан адегенде Макмут суурулуп, шып-шуп адымдап жерге жукпай кең көчөнү өйдө жиреп, учуп бараткансып, жепжеңил.

Бул шыцга бойлуу, карасур жигит калааны далай жорткон чыгаар... Бирок, ага Рига түнү азыркыдай чартарабынан жаркып койнун ачкан эмес! Шаарды аралай чалкыган Даугава дарыясы бүт бойдон шамга айланганбы, а балким айга үлөшкөндүр... Байыркы Риганын карт чиркөөлөрүнүн купаларынан тартып, жаңы Риганын асман мелжиген Илимдер Академиясынын мунараларын бийиктен жылдыздантып, жердеги салаа-салаа көчөлөрдө нур балкыйт. Макмуттун жеке өзү гана эмес, баскан-турган калайык жапырт канаттуу, жалындуу сыяктанат.

Ананчы, бой тартканы алгачкы ирет атайын чектелген убакта кызга жолугууга жүрөгү жалбырттап баратпайбы. Ошол себептен, жаш уланга айланасынын баары күндөгүдөн башкача, Жаңы жаралгандай... Ийинде салмактанып,

жонун ургулаганынан улам, боконосу болк эте карабинин чып кармай калды. (Эмелеки кереметтүү көрүнүш калкып жоголду белем). Кандайдыр батыш тараптагы түнт караңгылыктан сойлоп баш көтөргөн каракчыны элестетип мостоё, кирпигин түрдү. «Мылтыгым, сенин үнүңдү адам түгүл, асмандагы абага угузбайм. Сен экөөбүз тынчтыктын сакчысыбыз. Каракчы кашын серпсе, сенин огуң менен эмес, сезим менен зекип ийнине киргизем. Мен сени жоодур көз кызыма мактануу, же сездүү көрүнүү үчүн эмес, жүрөгүмдүн күбөөсү, кароолчусу катарында, жаныбызга жат адамды жолотпоочу досум катарында асынып баратам. Сен, жарыгым, согуш, кан эмне экенин билбеген дал өзүмдөй бейпил өмүрдүн алал затысың. Жоокердин жоодур көзүнө жолукканыңда жан жолдош бол. Акыл кош, кайрат, дем бер. Кыз сүрүнөн, кыйынчылыктан кутказ». Солдаттын сезими сүйлөп, көзү бажырайып, буту шилтелүүдө...

Кызды эртелеп күтүү жигит салты деп түшүнгөн Махмут Риганын көрк ачаарларынын бири как борбордун өзүндөгү вокзалга жетип, арышын акырындатты. Али жарым саатча убактысы бар.

Рига вокзалынын төбөсү көгүлтүр асманга тирелип, ичи таза абага, жарыкка жык. Миңдеген жүргүнчүлөрдүн эришаркак кыймылына карабай, бей жай чымындын дың эткени угулган, асты күзгүдөй, бейчеки адамдын колунан папирос күлү күбүлсө олдоксон көрүнгөн, жиксиз айнек керегесинен ичтеги менен сырттагыларды алда кайдан даана чагылыштыра заңгыраган бөлмөлөрдү кең кесири аралап. Макмут магдырап басууда.

«XX кылымдын шыбагасы. Архитектуралык жаңы ыкма. Тез да, кооз да, арзан да бүткөндүр. Айнек, темир-бетон, олчойгон зал таштардын, додолонгон жыгач, боёктордун ордуна келип, курулуштун чырайын ачканын кара. Аралаган адам тазалык, тунуктук, кең-кесири дем алуу, көз умачтай ачылган жарык рахатына бөлөнсүн үчүн асыл ойлуу азаматтар курушту ээ. Буерден дос өтсө дагы, кас өтсө дагы көңүлү чалкып сергилендеп, таңдана карап таазим этээр. Мына ошонун өзү имаратты жараткандарга айтылган алкыш эмеспи. Өзүндөй тунук, мээрбан жоодур көзгө жолуктурган, а, балким, болочок таалайымды ашчу жерсиңби?! Ала-Тоомдун гүл жыттуу төрүндөй жаныма жакын, ысык көрүнүп баратасың да. Эх, татына кыз, неге атыңды сурабадым экен? А чынында батына албадым. Мен имерчиктегенде өзүң жоодурай карап, шагымды сындырбай сөз ээрчитпединби. Эми жолукканда алды менен атыңды сурабасамбы? Өзүңдү тааныйм. Көзүңдү тааныйм.

Азырынча ошонуң эле каниет. Дагы жолугууга мүмкүнбү десем, мүмкүн деп бойтойдуң.

Качан, каерден десем, бүгүнкү орунду, ушерди айттың. Андан бери үч күн өттү. Үч күн! Мен үчүн үч жылдай болду. Мен өмүрүмдө андай перизат менен кезигип сүйлөшмөк турмак, көргөн да эмесмин. О перизатым, солдатка неге көңүлүң түштү экен? А балким менин от жүрөгүмдү, келечектен эңсеген максатымды көргөндүрсүң... Ооба. ошенттиң. Мүдөөмдөн башка сендей периге жакчу эмнем бар менин?».

Макмут түктүйгөн жашыл диагональ чулчук шымынын кашатындагы чөнтөкчөсүнөн «Киров» саатын сууруп, алаканын толтура тигилди да, демин көөдөнүндө кыстарып башын чулгуду. «Жок, сөзсүз убагында, а балким, бир аз кечигип келээр. Сабырдын түбү сары алтын, саргарган жетет мураска, ашыккан калар уятка»...

Ары бери чубаган эл, жонунда жарагы бар элендеген солдатты, тартипке көз салган азамат экенсиң дегенсип, жагымдуу көз шоолаларына жылытып өтүүдө. А солдатчы, биерде ээнбаштык болбосуна ишенимдүү кымылдап, каректери гана шок чимирилип, миңден, миллиондон жалгыз бирөөнү чалдыктыралбай убайымда. А мүмкүн, көптүн шарданы менен чыгып кеткендир. Жо... шумкар көз, тоо уулу бир көргөнүн жасемдебей калсын. Кайрылып саатын алаканына салууну каалабады. Бир чети сакчылыкка чыккан солдатка, кызматты так өтөп, какайып турганы парыз. Экинчиден, окус убакыт өтсө, көңүлдү ирээнжитип не? Кайпактап, башына кандайдыр жоросу жаман элес түшүрбөө далалатында, балбан керзи өтүгүнүн такасынан аскердик көнүмүшүндөй оң-тетири имерилип бир кызарып, бир бозоруп карбаластаганын айтпа. Теке маңдайындагы айнектүү дубал бетинде маалымат берүү бөлмөсүнүн каалгасын шарт ачып, кандайча кирип барганын, дароо таманынын асты төмөн ныгырылып, маңдайындагы алакан отундай репродуктордун «эмне билгиңиз келет» деген кыз үнү чыңкылдаганда туюп, жарактуу жоокердин апкаарыганын коё кал. Жөтөлүмүш эте, карабинин оңдоп, апкыттарын тийиштире башын көтөрүп эфирге сумсайды. Ал автомат — маалымат бөлмөсүнө кирген салмагынан улам, вокзалдын экинчи катарында тогуз жолдун тоомунан дароо кабар берүүгө даяр кыздар, телевизор аркылуу өзүнө дейре көрүп тураарын билүүчү. Ошондуктан, эс-учун жыйып, азыраак мукактанып жоп даярдай койду:

— Таллин — Рига поездинен кабар бериңизчи? Биздин офицерибиз келмекчи эле?

Солдат башы менен калп айтып, эптеп кутулган ызасына чыдабай шарт сыртка атылса... кенен залда кыжылдаган көптүн арасынан бирөө бөтөнчө бадырайып алыстан арбады дейсиң... Эмелеки офицерди күтүүдөбүз дегенинен уламбы, жылдыздуу фуражкасынын калканчына манжасын тийгизип, таазим (честь) бере жаздап, кайра оор колун мундиринин тик жакасын сыламыш болуп шап ылдый сунду. Шуру мисал кош мүрүгө сеңселип куюлган коңур чач, аппак маңдай, чаңкайган асман сымал киргилтсиз көгүлтүр көз, жаңы ачылган кызыл гүлдөй кош эрин, ичке денесин ого бетер шоодуратып назиктенткен сургулт плащы, куду сырт кийимине түспөл узун така сур туфлиге кыналган, түптүз аркар шыйрак кыз, жигит көзүнө бая күнкүсүнөн да чырайлуу... Шамдагай солдат, негедир тушалгандай кыз илебине жай тартылып, илең-салаң жылып баратты. «Мынчалык жаркып толукшуйсуң. Нурдан жаралган күн перисисиңби? Кандай үн, кандай сөз менен учурашсам...

Кыз дагы калтарланган иймекей кашын жайылта, жыбыраган кирпик учтарынан көз шооласын жылтырата демейде баскан-турганы шайдоот солдаттык ыргагынан дагы ажырап, жүдөңкүрөй түшкөн, тик бага албай кызарып-татарып уялыңкыраган Макмутту көзөмөлдөп, термелип кароодо. Анын идеалындагы жигиттердин башкы сыпаттарынын бири токтоолук. Өткөндө жолуккада, төтөн азыркы сабырдуулугу, ийменчектиги жагууда, Алда кайдан көрөр замат кулачын жайып, кыйкырык сүрөөн менен жулунуп, же бөгүлүп-чөгүлгөн айрым тааныш уландар негедир көпөлөк сымалданып, кыйналып-кысталып жанына араң жеткен, а түгүл жакшысызбыдан бөлөк сөз катпай, колун сунуудан да айбыгып колжоюңку токтогон Макмуттун айланасынан учуп жоголушту...

Сүрөтчүнүн кистисинен жасалгандай татына перизаттын илебинен жылып, толкун чачына булчуңдуу карысын айматаар-айматпас тыгыз жанашканда, Макмутту жигиттик намыс электр тогундай булкуп тил киргизди:

— Айып менде. Таанышуунун ана башы жүз көрүшүү, анан ат аташуу. Мен — Макмут. — Жазы, ысык алаканын сунганда, ага кебездей жумшак да, аппак да наристе кол боюн балкыта кысылып, жылаажын үн шыңк этти:

— Мах-муд — муунга бөлүп сүйлөдү кыз — уккулуктуу, жакшы ысым. А менин атым — Айя, Ай-я. — Жигит тактап айтканча үч, төрт жолу кайталады.

Экөө алма-терме аттарды жатташып, үстүңкү катарга, мрамор тепкичтерден көтөрүлүштү. Макмут бирин-серин

кары-картаң олтурган ээнирээк бөлмөнүн чет тарабына баштап барып, жарык көчөгө башын чулгуй умтулду. Ал ниетинде көктөгү жаркыраган айды таап көрөйүн жана перизатына көргөзөйүн деди эле. Бирок шаар ичиндеги жалтылдаган Ильич жылдыздары сансыз жаркылдап, жигитке имарат ичинен айды издөөгө мүмкүнчүлүк бербеди.

— Ай — бизче асмандын жалгыз сулуусу. Ал эми «Я»— орусча «Мен». Демек... Кандай сонун ат! Бизче Айчүрөк — Айгүл дегендин маанисинде. Атыңызды кандай акылдуу адам койду экен?!

Айя күлкүсүн да ээн-элкин шарактатып коё бербестен, кыз турпатындай назик чыгарып көнгөн болуу керек. Жай, булак каткырыгындай кыт-кыт шыңгырай:

— Мына кызык! Сиздерче эң кымбат сөз экен ээ! А бизче, латыш тилинде Айя — термелүү, шоодуроо деген эле жөнөкөй сөз, маселен, деңиз толкунун термелүүсүнө, шоодуроосуна тиешелүү чыгар,— Оорусча таптак, таттуу бала доошун салып сүйлөдү,— а Макмут не мааниде?

Жигит шар:

— Макмут, а туурасы сиз айткандай, Махмуд. Бул атты балким араб жомокторунан кездештиргендирсиз. Мусулман пайгамбарларынын биринин аты. Менин атам да жаман тилек менен койгон эместир. Уулум өз доорунда пайгамбардан кем эмес барктуу адам болсун дегендир,— чын дилинен чечиле Айяга кашкая жаркылдады.

Айя тоолук баланын сүйлөгөнүндө өтө ачыктык мүнөздүү экенин, ага кээде жумшак шайырлык шыноолошорун баамдады. Жанатан такыр байкалбагансып, далылуу жигиттин бийик бүркүт мүрүсүндө асылган мылтыкка атайы көз чаптыра:

— О-оо! Сиз кызмат үстүндө турбайсызбы? — Айя мукактанып, «Кызга жолугам деп чондоруңуздан жеме угуп, жаза тартып жүрбөңүз» деген сөзүн көзү менен айтып, сынай бурулду. Аны дароо түшүнгөнсүп, Макмут ишенимдүү, калбет гана: — Айтканыңыз ырас, Айя Кызматтамын. Бирок, чочулабаңыз. Кайсы орунга, кандай тапшырма менен барарымды билип чыккамын!

Анын сөзү эр көкүрөк, орой угулса да Айя жактырыңкы тымыды. Кайра дагы сырын тартып көрүү үчүн:

— Махмуд, кечиресиз, солдатка мылтыксыз жүрүүгө болбойбу? «Бая күнкүдөй мылтыксыз дем алууга чыккан күнүңүз эмес го» деген купуя сөз, кыз көөдөнүндө уялаганын жоромолдогон Макмут, кайрылып мылтыгын сүймөнчүктүү кармалады. Оюндагы «бул менин жан досум, күйөө жолдошум» дегенин жашырып:

— Эмики жекшембиде мылтыксыз келем,— деп жиберди. Бүгүн ал атайылап кезметсиз патрулга сурانган. Дарбазаны аттаганы сырын чала-бучук жолдошторуна айтып, вокзалдагы тартипке көз салуу үчүн топтон бөлүнбөдүбү. Качан убакыт бүткөндө гана жолдошторуна кошулмакчы. Эгер азыркыдай жанында болсо кечиккенге да, ар кандай жазага да кайыл.

Айя сыртка, өз шаарындагы жазгы түн кыймылына магдырамыш этип, кашындагы солдатка адеп жолуккандагыны эскерип, бара-бара азыркы абалын унуткарып, алыстай чалкыды.

Өткөн жекшемби. Түш чен. Ушул вокзал. Шаардын айланасына жүрүүчү электричкалардын перронуна тунелдеги тарам-тарам жол аркылуу жаңыдан жеткенде поезд жөнөй берди. Кийинкисин күтүү минуталары... Жаз күнүнүн мелүүн желинен искеп, экзаменге даярдык учурундагы чарчаган башты серүүндөтүп, аркы-терки басып жүрдү. Перронго бат эле кыйлага тымып калып, кайра түрүлгөн деңиз толкунундай жүргүнчүлөр чогула башташты. Мундирлерин кындыйта курчанып, шыпылдаган төрт солдат эс алууга чыккан окшойт, кол-жолдору бош. Топ ичиндеги ар кай жерде кылактаган селкилерге тоорула басышып, кыябын таппай өз ара кужу-кужу. Бир оокумда жазы мандайы, кара кашы, оттуу көзүнөн тартып, кызгылт нур албырган жүзүнөн жаштык жалбырттап, күлкү ойногон кырдач мурун, шынга бойлуусу түптүз Айяны беттеп жөнөдү. Жакындаганда солдаттык адымдын ыргагын бузулуп, өтүгүнүн таманы тыпырай түштү. Тияктагы бирин-бири түрткүлөшүп «көрөбүз сени» деп көзөмөлдөгөн курбулары болбогондо, шарт бурулуп жөнөп кетет беле. Демейде какыйып көнгөн башын ийилтип, кыздын жүзүнө тик багалбай жука эриндерин бүлк эттирди:

— Сиз менен азоолак сүйлөшүүгө мүмкүнбү?

Анын бар кыймылын абайлаган Айя, бейтааныш солдаттын аны карай түз атылып жөнөгөнүнө кыжырланып, тескери имерилип кете жаздап, өзүн арадан-зорго токтоткон. Жакындаган сайын адепсиз жоругу үчүн экинчи антпөөгө ыйманы ысык жигиттин илебин кайтарууга дити даабай:

— Мүмкүн,— деген ооз учунан жеңил гана.

Ыраазычылыгын билдирип скамейкага чыканагын такай кыйшайган солдат, быйылкы Рига жазынын анчейин жаанчачынсыз болгонун; ар түрдүү атом куралдарын чөлдөрдө жана океандарда сыноонун кесепети аба ырайына терс таасирин тийгизээринен, сөз козгоп, коомай кайпалактаган.

Айя олуттуу сыяктанган сөздү сыпайкерчилик жолун сактап колдомуш этип, жанына үйрүлгөн шок бала эмес, салабаттуу, сымбаттуу жигит экенин, анын илебине жылынып баратканын туюп, чочулап, бирок, кескин адымдоого негедир кубаты жетпеген. Айя чогуу окуган балдар дебесе, мындай назарын салган эркекти жандап отуруп көрбөгөн. Ошондуктанбы, айтор турпаты, сүйлөгөн-турганы ал кездештире элек өспүрүмдүн неге жагымдуу боло түшкөнүн өзү да түшүнбөйт. Экөө тең ичтеринен тынып, жаңы дагы сөз түрмөгүн тапканча поезд келип токтоду. Айя жеңил гана кош каалга вагондун эшигин аттап, колун серпти:

— Қош болуңуз.

Макмут илбирстей секирип, али жөнөй элек электричканын тамбуруна жетип:

— Дагы жолугуп сүйлөшүүгө мүмкүн бекен? — деди жанагысынан иймене:

Бу жолу кыздын үнү да, күчтүү колдон термелген жылаажын сымал калтырабыраак шаңгырады:

— Сиздин колуңуз качан бошойт?

Солдат да. Аскердик тартипти жонунан болсо да абайлаган кыздын суроосу көз ирмем Макмутту чалкытып дагы, заманасын кууруп дагы жиберди. «Мындай перинин оозунан муну уккан соң, эртең эле десемчи. Антип калпы чыгып, ан үстүнө көптү билген кызга мактанып, жел өпкөлүккө жеңдиргенде не? Аныk бош күнүм эмки жекшемби. Ага дейре дагы жети сутка! Тобокел, үч күн аралыгында эптеп патрулга да суранып аламын».

— Шаршембиде. Кечки сегиз жарымда, ушу вокзалдын астыңкы чоң залында күтөйүн, келесизби?

— Жарайт,— деди тамбурда турган кыз тыяк-быягынан суурулуп кирип жаткан элден айбыга.

Аңгыча поезд чайпалып жылды. Солдат перронго ыргып, нараактан жолдошторунун шылдыңдаган үндөрүн эшиткендей болду...

Айя мына ошондогу сөзгө байланып, чү дегенде жагымдуу көрүнгөн аты-жөнү дайынсыз солдаттын шагын сындырбоо үчүн гана түгүл, сыноо, сынына толтуруу же, экинчи жолугушпагандай максаттуу келген. «Эми эмне? Толукшуган азаматтын кынтыгын издөөгө ой-кыялы буулуп, нары жылсачы? Қантсе деле бири-бири жөнүндө көп нерсени билүү керек. А кандай нерселерди?.. Аны өзү да ажырата албайт... Алалык, кандай жерден, кайсы элдин уулу? Болжолунда азиялык: бирок өзбекпи, кыргызбы, казакпы, тажикпи, түркмөнбү ажыратуу кыйын: түбөлүк солдат болмок беле, болочок мүдөөсү кандай? Жолдошчулук, адам-

дык сапаттын аралыгы канчалык жакындыкта, канчалык алыстыкта, канчалык бийиктикте?»

Кыз ичинен кымыйым ойлонот, бирок сыртка чыгарбайт. Боз уландын көбү алабарман. Күнүнкүсүнө кызуу кирешип, эртеңкисин кеч эстейт. Биздин Макмут деле азырынча ошолордун бирөө. Түшүнө кирбеген күн периге өңүндө сагаласа, турмуш жыргалынын чокусуна жеткендей, мындан ары ал үчүн жолтоо, кыйынчылык деген бүктөлүп, даңгыр жол өзүнөн өзү төшөлүп калгандай ахвалда.

Айянын аны сынай караган сабырдуу көгүлтүр көздөрү кичинекей күнү сыяктуу, тогологураак тарткан аппак жамалы көңүлүн кирдетпес күзгүсү сыяктуу, бөрсөйгөн эриндери өмүрүндөгү солбос кызыл гүл сыяктуу, чыпыйган кыр муруну менен күрүч тиштери түгөнгүс күлкүсү сыяктуу, жазы маңдайы менен коцурунан келген толкун чачтары толукшуган акылы сыяктуу чалкытып, чардатууда...

Кыз кыйылып сурап жигиттин ал-жайын билсем дейт. Назиктикке тарбияланган мүнөз тилин бөгөйт. Жигитке астыртан жымыйса, ал андан бетер нурданып «Пейлимди түшүн. Жүрөгүмдү түшүн. Сен үчүн селди тосууга даярмын. Мындан ары үндөп, кандай жол көргөзсөң ошондой боло алам. Эрме чөлдүн, аскар тоонун оңой менен үндөккө келбеген; эгер келсе алысты сермеген, качырганынан кайра тартпаган, убада шерттен танбас, нары балбан, нары учкул, бозум түлөк шумкармын» дегенсийт. Алчыланган калыбында Айя телмирип, сыр тартышууну созо берүү кажетсиз деп эстеп, жеңил, ийиле обдулганда саамай чачы үлбүрөп солдаттын ысык жүзүн аймалап, электр зымындай экөөнүн тең денесин жалындатып өттү.

— Мах-муд — деди Айя тил учунан жумшак созо,— сейил күнүңүздө деңиз жээгине, биздин дача тарапка, Майориге келаласызбы?

— Учуп жетемин! — Күлмүңдөп, командирдин күжүрмөн тапшырмасын аткарууга честь берчүдөй какыйып, өтүгүнүн такасын тарс эттирди Макмут. Айя анын бул адатын атайылап жасаган шайырдыгы деп түшүндү. Жука, жибек плащынын жеңин шуудур эттире оң чыпалагы менен көтөрүп, апакай билегин булайта, билерик катары жумуру саптуу бармактай сары саатына үңүлө:

— Кечиресиз, эмики электричкадан калбайын,— тыптып алыда эч аял-буялсыз сыртка адымдап баратып, катарындагы солдатка гана угуза:

— Жекшемби мен үчүн экзамендин эртеси. Сиздин сейил күнүңүз. Демек, экөөбүзгө тең дем алыш. Кеңири пикирлешүүгө шарт бар. Жолду билерсиз? — Перрондо жүр-

гүлчүлөрдү күтүп турган поезддин алдынкы вагонунун ачык каалгасынын тушуна тык токтоду.

— Майорини өз айлымдан кем билбейм. Баатыр Лачплесистин* эстелигине кайсы убакта жетип, таазим кылып турсам болот?

— Саат он бирде...

Термелип узаган кыздын кол булгаганы эмики жекшемби күндүн саатынын жебесин он бирге жылдырып келгендей, Макмут өзү кошо канатын жая зыпылдап жандай жөнөгөндөй, кыйлага эсмас элдиреп турду. Качан чубалжыган түнкү поезддин куйругу үзүлүп, ээндеген ойдундагы чоюн жолдон муздак жел бетке урганда, өмүрүндө биринчи ирет жалгызсырап, жүрөгү ачышып, көзүнөн жаш кылгырды...

* * *

Далайдын көңүлүн ачкан, бөтөнчө кызматтагы эне-ата менен баланы, дос тууганды эркин баш коштурган жекшемби! Алдыдагы жекшемби солдат Макмутту космоско учурчудай дегдеткени — ай. Зарыгып күткөн мезгил сараң тартып чоюлмай адаты го. Макмут ар кандай спорттук оюндардан, солдаттык машыгуулардан мурдагысынан шамдагай, көркөм, ыкчыл. Ага негедир бир кезекте татаал көрүнгөндүн баары жеңил, оңой, кандайдыр миң ийилип, миң чоюлуп денени ийлеген спорттук мелдештер баштагысындай кумарын таркатпайт, оюнчук катары тез өтөт да кетет. Кешиктеш солдат курбулары менен сүйлөшөөр сөзү бүткөнсүп, күңгүрөшүп жалгыздайт. Жатса баягысындай кирпик чапташпай тике катып, түн да өтпөйт. Ал эмки жекшембиде Лачплесистин эстелигинин жанындагы беттешүүгө даярдануууда, дене булчундары эмес, акыл-сезим булчундарын тынымсыз ары-бери чуркатууда. Ай пери кыз менен жекеме-жеке, жападан-жалгыз, жүрөк-сезим күрөшүнө баруу — эл быкпырдай кайнаган стадиондо марадагы торду атмай топ, же касынды жыга муштамай муштум салгылашына катышуудан ага алда канча оор, түйшүктүүдөй... Эмики жолугууда сөздү неден баштап, неден бүтүрмөкчү. Же баякүнкүдөй тил ооозсуз жандай отуруп, баскынына каниет байлап, каңгырап кала береби? Өткөндөгү эки сапаркы учуроодо жигиттик салтты актадыбы? Жок. Алгач көргөндө сүйүүсүн көзүнөн айкындаган кызга, тең-

---

* *Лачплесис* — Латыштын элдик эпосунун каармаңы. Анын эстелиги Майори станциясынын астындагы аянтка орнотулган.

деш мамиле жасабай, жалооруп кынк-мунк эткеничи? Андай жолдо калган жоругу үчүн «Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол», өзү имерилген кыздан сүрдөгөн арам» делип, жолдошторунан шакамасына калганычы. Ошол ызага ууланып, намыстанган жаш улан акыры «Биринчи көрүшкөндө билиш, экинчи көрүшкөндө тааныш, үчүнчү көрүшкөндө колдон алыш» деген кыргыз элинин заңытындагы насаатка ынанып, а дегендегилерди дал ошого ылайык өзүн жооткотууда. Эми үчүнчү насаат боюнча «колдон алышуусу» керек. А сөздү жыланач маанисинде гана түшүнүүдө. ...Макмут дал ошол чечимдин деми менен деңиздей тыптыч мелтилдеп жылжыган Лиелупе дарыясынын жээгиндеги Майори станциясына жеткенде поезддан шашыла ыргып түшүп, шаар тарапка аттады. Бул жекшембинин эртең менени эле... Гүлдүү, жайкалган тегерек аянт, бозомук жол, имараттардын курчоосунда Майорининн көзгө басар көрк ачаары сымал. Декилдеген жигиттин көңүлү дароо дал ошол гүлзар бульварында. Демейде ал аянттын ортосундагы корумдуу дөбөчөдөгү октолгон, олчойгон канаттуу ажыдаардын оозунан жиниин атылтып, мойнун күчтүү таманы менен кайыра басып, калканчын төшүнө кадап, кылычын кынынан сууруп, башын кыя чабууга от жанган карегин ирмебей кыжынган Лачплесиске таазим этүүгө ашыгуучу. Азыр аны алп бабасынын кашында, антка шертке бек Айясы, ооба, ийин жаба селкилдеген буудай түс, коңур чачынан даана тааныпал Айясы күтүп турат. Мындай укмуш болорбу. Саат алп тогуз. Он бирге дагы кыйла бар. Зарыккан Макмут бүгүнкү таңдын атышы менен кошо козголуп, тынчтаналбай ашыгып сапар чекпедиби. «Саргара жортсоң кызара бөртөсүң» деген ушубу? Айя жигитинин түйшөлүп азап тартканын туюп, тосуп чыкты бекен? Кереметтүү жан ошенткен го».

Солдат адымы чукулдаганда байыркынын эстелигинин айланасындагы жаңыдан ачылган назик гүлкайырлардын биринде Айя жалт бурулду. Кучагын жайып, кыз көзүнө ысык алаканын басып «күзгүбү, таракпы» тамашасын салууга шоктонгон жигит, уттурганына кубана, үлбүрчөк эриндеринен быpс этип, жүзүнө күлкү ойнотту.

— О-о, Мах-муд, сиздин эртелеп келээрицизди билген эмесмин,— өтө эле ачыккансып жүткүнгөн жигиттин ниетин баамдадыбы. Айя апай төшү булайган ачык жака жашыл жиктетин колундагы китеби менен калкалай, ийилип оң манчаларын сунду. — Кечиресиз, дем алышта эрте ойгонуп, жеңил серүүндөгөндү жактырам,— андан да төтөн ширин сөз эңсегендей кулагын делдейтип, кылгырган бо-

зойдун ысык уучунда бекем жашынган манчасын кантип чыгараар айласын таппай, ан үстүнө беймаал келгенине актануу үчүн, зымпыйып башын чулгуй эстеликке көзүн ирмеди:

— Неге мындай баатырларды ооздон-оозго түшүрбөй түбөлүккө ардакташат?

Кыз жоопту сенден күтөм дегенсип, жигитке түп-түз зымпыя кирпиктерин жыбыратты.

Макмут аземин тапсаң жанашуучу кол жеткис аскадай заңкайган адептүү, билимдүү кыздын астында турганын, анын шоктугун жымсал гана кагып, суроо таштап, колунун, көөдөнүнүн күчүн эмес, акыл-сезиминин күчүн сынап турганын зорго сезип: жылуу, кысаар кысмак эркелете кармалап, кыз манжасын бошотту:

— Эл мындай баатырлардыбы — деди Макмут, Айянын сырлуу, түпсүз тоо көлүндөй мөлтүрөгөн көзүнө таамай кадала, укkан, окуганын жасемдебей көңүлүнө илип, көкүрөгүнө сактаган сергек бала кызуулана: — Эл мындай баатырларды түбөлүк ардактаган себеби, эл үчүн эрдик көргөзөт. Биздин Манас, орустун Илья Муромеци, казактын Эр Таргыны, эстондун Колевопоэги, калмактардын Жангары, сиздердин Лачплесис; дагы толгон токойлор эл башын апааттан коргогон, даңкын чыгарган. А биздин замандын баатырлары Гагарин менен Титовдун даңкы алардан алыс кетти, алардын ысмы бүткүл ааламдагы өлкөлөрдүн барынын тарыхына жазылат... — Китеп, газеталарды көп окуп жыйналыштарда тилинен чаң чыккан чечендердин сөзүн угуп, туурап болсо да, ыктуу жооп тапканына жеңилденген Макмуттун көзү Айяда. Айя «башың иштейт экен» дегенсип жылмыйып койду да, тигинин оюн кубаттамыш эте дагы чылбыр таштады:

— Демек, кимде ким элге татыктуу иш өтөсө узак жашайт дегениңиз эң туура.

Кеп маанисн өзүнө келтирилип айтылгандай Макмут тырчыбыраак чырт дей түштү:

— Андайлар энеден сейрек туулат!

Бу жигиттин өтө өткүр, чалпоо мүнөзү кызга негедир жага түштү. «Темир жашык. Аны чыңоо керек. Болот курч, аны бүлөсө ого бетер өткүр болот. Сен өндүршкө бериле элек жапан (нукура) болотсуң. Эритүү керек. Ага менин күчүм, эрким, тажрыйбам жетишеби? Азоолак байкайын. А мүмкүн...» Оозунан чорт, кезе чагылган сөздү кайра жыйнай албасына өкүнгөндөй, бирок сыртынан сыр билдирбей мостойгон жигиттин намысына тийип, тартышты тутантуу максатында, Айя аянттын чеке белиндеги жацы-

ıан жашыл чачпак чача баштаган бактуу аллеяларды жаңсады. Экөө үнсүз катар бут шилтешти. Айя китебин кош колдоп абага баракатып, андагы саптарды окуган-ıай жай унчукту:

— Ырас, Лачплесис, Манас сыяктуу жомоктун баатырıары энеден дөө, балбан, даанышман төрөлүшүптүр. Чыныгы турмуштагы, биздин доордогу адамдар, айрыкча жаштардын эркин күчтүүлөрү; маселен Зоя Космодемьянская, жаш гвардиячылар, Гаганова, Гагарин, Титов сыяктуу эле өзүлөрүн эрдикке тарбиялай алышат. Же болбосо китептердеги Павел Власов, Корчагин, Мартин Иден, Мересьев, Артур Лидиумдарды алалычы. Карапайым эле жаштар. Бирок мүдөөлөрү, турмуштан, келечектен эңсеендери күч. Аракет, күрөш, окуу, үйрөнүү аркылуу самаандарына жетишти. Ошону менен миңдерге, миллиондорго ылгы болуп калышты. Айтыңызчы, Махмуд, же мен жаңылыштып жатамбы?

Кулагын делдейте тыңдаган Макмут күнөөсүз тентектей көздөрүн жалжылдатып, солдаттык мундирден какыйган кош мүрүсүн дагы бийиктете куушурду:

— Сөзүңдүн калети жок. Бир-рок... мен бар болгону катардагы солдатмын, Тоо-о, уулумун.

Акыркы «Тоо-о уулумун» деген сөзү көөдөнүнөн зоо каңырыгындай күңгүрттөнүп, «бекер сүйө салдырып убара чекпе. Менден алардай улуу адам чыкпайт» деген пикирин ичинен күрмөп, Айяга ачыкка чыгаруудан мукактанды. Айя анын купуя сырын тымызын окуп туйгандай, түгүл: «бекер коопсунба жигит. Өзүн өзү башкара, ишете, талаптана алган адам көздөгөнүнө жетет. Андай түйшүгү оор, жолу татаал, алыстан жаркыраган бакыт шаңына бел байлап, чыдап жетүүдөн, аны ээлөөдөн жалкайлансаң, корксоң, кур бекер жаныма сагалап, азап тартпа. Ушу баштан жолуңа түш. Эгер мага чын ашык кенсиң, эркиңди буйлалап, эңгезер мүдөөңү орундаткандай бол. Андай бийиктикке мен сени жаңсайм, үндөйм. Сен тайманбай талпын. Экөөлөп жетербиз. Даңкты өз кочубуз менен жасап, энчилеш жашаарбыз. Улуу дегендин баары эле биздей жөнөкөй адамдар болгон»...

Таптаза чыпыйган кыз, бу саам акылман умай эне ыяктанып, өлбөс баатырлар, улуу адамдар тууралуу жагы оюн бекер айткан жокмун деп, кайра-кайра бышыкап, көлөкөсүнө тон бычкан жеткинчекти шердентип сумая, эртеңки күнгө олуядай ишенимдүү кадалганын карачы.

Заматта өзүн жоготуп, аземдүү кыздын бийлигине аралган Макмут кыялында кобур-күбүр. «Макул. Көптү

окуп, көпкө жаштайынан көзү каныккан перизат, дегениңдин төгүнү жок. Илим, китеп, турмуш чындыгы. А бирок, жогорку окуудан өксүгөн, тоо-таш, мал четинде жетилбей өткөн, жашым жыйырма экиге толгон курагымда не колумдан келмек? Перизатым, сенин самаганындай жигит болуш үчүн энеден кайрадан төрөлүү керек. Ал өткөн чак. Тагдырыма таарынайын, кантейин. Перизатым, мынчалык имерилбесең болот эле. Күлдүү таяктап куумайын, чемодан көтөргүчүң болсом да жанындан оолактай албасмын. Э-эх дүйнө, неге адамзаттын бирин асманга чабыттатып ай-күнгө сырдаштырып, бирин жерден отун тердирип койдун... Тең-теңи менен деген ушубу? Мен Айяга тең эмес кебетеленем бүгүн. А эртеңчи? Үмүтсүз шайтан гана...»

Тымызын ой менен арбашкан жүрөктөр октос уруп, алда неге ашыккансыйт. Жүрөк! көз ирмемде эрдикке, а кээде жаштык-шоктукка шаштырат. Аны дайыма акыл жүгөндөйт. Мына ошондой акылдын жүгөндөөсүндөгү эки жаш небак бульварчаны артка калтырып, Майоринин таманына таштар төшөлгөн кууш, бирок да татына көчөлөрүн аралашып илең-салаң. Макмуттун көңүлүн көчө тазалыгы азгырууда. А мүмкүн таза кыз жашагандыктан, ал өзү баштап жүргөндүктөн жаркып чагылбасын? Жок. Жеке эле Майори дейсиңби. Латвиянын кай шаарын аралаба, көзүңө адегенде тазалык чалдыгат. Башка айтары түгөнгөнсүп, Макмут дал ушундан сөз козгоду эле, Айя ыктуу жагдайды күтүп тургансып, элпек мүрүсүн жигитке бура:

— Биздин мекенди мактаганыңызга абдан курсантмын. Тазалык шаар аттуунун баарына мүнөздүү нерсе эмеспи. Махмут, эгер айып этпесеңиз, деңиз жээгине барып отурсак... сиз өзүңүз туулуп өскөн тоо арасы жөнүндө... О мен бар эмеспи, кинолордон Тянь-Шань, Памир коюндарындагы Кыргызстан, Тажикстан кооз жаратылышын, ден соолугу чың, кызылдуу жигит-кыздарын, мөмө бактарын, пахта, кызылчасын көрүп аябай кызыккам. Ошолордун ичинде жүрүп өскөн чыгаарсыз... — Айянын мукактанып, үзүп сүйлөгөндөрүн Макмут сылыктык деп ичи жылып, ал жөнүндө көптү билүүгө кызыккан, мурда озунуп айтпаганын өзүнүн кожогойлугу деп түшүндү. Бакисинен «Үйдө баатыр жоодо жок» болуп, тияктан дардая үйлөгөн жели чыгып, перизатына же жакшылыктуу батыналбай, же жалпы сөзгө аралаштыралбай, аны менен өз ортосундагы айырмачылыкты сезип, тагдырына өкүттө, окус ушинтип көчө кыдырымыш этип жүрүп, үйүнө келгенде кошунуз деп качан кылт кире качатты күтүп, санаага жеңиле баштаган

Макмут жандана түштү. Экөө, жаңыдан эс алуучуларды кабылдоого камынып жаткан кара деңиз флотчуларынын санаториясынын дарбазасынан нарылап, кемер үстү, секидеги бадалдар арасындагы жашыл беседкага барып жайланышты. Кемерден эңкейиштеп, куду жээгине дейре эшилген майда, жумшак кумга оронуп, Рига деңизи бозомук тартып тып-тынч жыбыроодо. Курорт сезону ачыла электиктенби деңиз илебин искеп, сейилдегендер анда-санда. Али суу муздагыраак. Чөмүлүүгө эрте.

Айя узун кирпиктерин чачырата, көзүн коймолжута, апай жүзүн тамылжыта, мала кош эринин бөрсөйтө кынала кунт койгон сайын: Макмут Ала-Тоосунда, жайкалган гүлдүү төрүндө, аскадан саргайган улар менен үн катышкансып эт жүрөгү элжирей эли, жери, өзү тууралуу терип-тепчүүдө... Кышы кычыраган шекер кар, жаз, жайы кулпунган шибер, гүлкайыр төшөнүп, күзү алтын түспөл коңур тарткан, жылдын бар мезгилинде күн күлүндөп нурун сепкен, таза абасы аңкып жел такай соккон, дүйүм жержемиш, эгин бышкан, төрт түлүк ыңкыган, көк кашка суусу колот сайын мөңкүгөн, асманга мандайын өптүргөн алп Тянь-Шань арасындагы алма жүздүү, өмүрдү узак сүргөн кажыбас кыргыз тукуму. Кыргыз жаралгандан жоокер, баатыр да, акылман да, сулуусу да көп... Алар «Манас», «Семетей», «Эр Табылды», «Курманбек», «Айчүрөк», «Жаңыл Мырза» сыяктуу дастандарда, спектаклдерде укмуштуу даңкталат. Байыркы заманда Енисей боюнда жашашкан. Орхон-Енисей жазуусу болгон. Көчмөн эл туш тарабынан тийген жоо менен жакалашта, кас менен кагылышта бүлүнүп, чабылып, чачырап, Алтайдан Тянь-Шань, Памирге дейре сүрүлгөн. Ошентип, байыркы жазуучусунан ажыраган калк, оймо-чийме өнөрү, ооз эки апталап-айлап ырдама дастандары, жалпы элдик оюн-тамашалары, залкар күүлөрү менен караңгылык, кат сабатсыздыктын туткунунда эптеп Октябрь революциясына жеткен. Куралсыз, билимсиз журт жер байлыгын пайдалана алышпаган. Советтик түзүлүш гана кыргызды бүт баш коштуруп, өзүнчө мамлекет кылып, техника, илим, маданиятын өркүндөтүп, өнүккөн элге тенеди. А мен элим телегейи тегиз жыргаган доордо 1940-жылдын аягында туулдум. Бирок, бирге чыкпай апаат күнгө туш келдим. Фашисттик каракчылардын булганыч тырмагы алыстагы бизге да атылбадыбы. Несин айтайын. Жерден боорумду көтөрө электе атамды адам сөлөкөттүү айбан Гитлердин канкорлоруна каршы атказыпмын... Атанын алдейине канбай, тарбиясын көрбөй, акыл-насаатын укпай чоңойгон уул, мы-

на мендей жалтаң, негедир ичинде бук, өч бардай бир сырдуу өсөт белем... Бешке чыкпай энемди жалмадым...

Макмут токтолуп, кыжынып, кегин турмуштан алып бүтөлөк кишидей, ал өчтү бир эмес, миң кайтарып алчудай сабырдуу, салмактуу унчукту. Анын акыркы сөзү Айянын жүрөгүнө тикенектей сайды.

— О, Махмуд... жаштайыңан жабыр тартуудан оор азап жоктур...

Жанатан эл тарыхына кызыгып зымпыйган кыз кыйлага карегинен кетпей имерчиктеди. Макмут бирөөлөргө жетиммин деп айткан жан эмес. Өзүн антип тааныштырууну жек көрөт. Анткени «ата-энемден жамандыгыман ажыраганым жок. Калың журт башына түшкөн жылас жылдарында алдыңкы саптагы элдердин катарында салгылашта, мекенди коргоп жүрүп таалай курманы болушту. Алардан ажыраганда мен чырылдап багуусуз калбадым. Атасы согуш майданында, энеси эмгек майданында шейит кеткен жоокердин баласы делиндим. Эл үчүн, келечек үчүн өлгөн эне-атама сыймыктанышым гана керек. Алардын өчүн өзүм мыкты адам болуп, мыкты тиричилик куруп, балдарымды бапестеп тарбиялап кайтарып алам». Макмуттун турмуштук аңты ушул. Айянын ага жаны ачып да, эркелетип да тилсиз телмириши кандайдыр сырын жашырбай айттыруучу жакынындай сезилди.

— Айя, кечириңиз,— деди Макмут эңилген башын өйдө көтөрө жылдыздуу фуражкасын тизесине кондура, түнөрүктөп үлүңдөгөн кара көзүнөн жылт-жулт от чагылта жайдактап. — Өзүнүн тагдырындагы кайгылуу учурга жолдошун мүңкүрөтүү алсыздын иши. А мен онунчу классты бүтөөр бүткөнчө, ар өнөргө дилгирленип, жоокер уулу делинип, сый урмат менен өкмөт колунда, балдар үйүндө төрт тарабым төп тарбияландым. Тестиер чагымда эл үчүн курман болгон эне-атама эпсиз сыймыктанчумун. Эми эр жеткенде балээ басты мени. Ха-ха-ха. — Бадырайган кашка тиштерин жаркыта карсылдап, аны менен кошо жымыйган Айяга жадырады. — Балдар үйүндө китепти жазданып жатып окучумун. Спорт мугалими андан, кол эмгеги мугалими андан, оюн-шоок кечесинин жетекчиси бир жагынан... койчу мактаныш эмес, баарысынын сүйкүмү элем. Мен катышпаган кружок чанда... Убакыт гана жетчү эмес. Жолдошторумдун ичиндеги баркымды айтпа. Түшүмдө канат бүтүп, алыска учуп, дагы жаңы өнөрдү изилдөчүмүн. Меникиндей жыргалдуу балалык сейрек кездешпесе, жок чыгаар... Алардын мактоосу мени аябай делөөрүтүшчү. Бүт өмүрүм ошо балалыгымдай татуу, бейкапар өтчүдөй сана-

чымын. Качан бой жетип, орто мектепти бүтөөрүмдө кайсы, кесипти тандаарымды билбей башым айланганычы. Кийин түшүнбөдүмбү. Көрсө баарысынан аз-аздан, башбашын чала буучук билчү экемин. Атамдын Канай деген иниси бар, колхоздо чабан. Канай байкем мени кара тутуп, барчынымдан калган туяк деп жанындай көрөт. Такай балдар үйүнө катнашып, белек-бечкегин берип турчу. «Эр азаматка жетимиш түрлүү өнөр аз» деген эл насааты бар. Ар өнөргө каныга бер деп, далаалатымды жактырып, жетине албай кетчү. Тууган жыты кыйын эмеспи, улам эс тартканы байкемди ата ордуна тутуп, кур дегенде ошого шарапатымды тийгизсем деп ойлоп жүрдүм. Оюмду туябы, иши кылып пейли кенен, көптү түшүнгөн киши, бар оокатын менден зарптоодон аянбайт. Аттестат, арызымды кайсы окууга жиберүү жөнүндө кеңеш салсам, байкем «балам, сенин дээриңде бар. Эрсары тукумунан дагы эл аралаган бирөө чыксын. Сүрөтчүнүн окуусуна бар, укум-тукум танданып музейлерден эмгегиңди көрсүн. Овончу, күүчүнүн (музыкант-композитор дегени) окуусуна бар, калайык журт театрлардан, радиодон угуп, моокуму кансын. Сенин эл уулу аталып, оозго алынып өсүшүңдү тилейм. Окууңду бүтөөр бүткөнчө жол кире, чай-чама ысырабыңа жетээрлик акчаны кара башым аманында камдап берем. Ка Ленинградга, ка Москвага, ка Ташкен, Фрунзеге жөнө» — деп, көңүлүмдү көтөрүп таштады. Байкемдин пейлине мугалимдерим андан семирип сүйүнтүштү. Барылап акылдашып документтерди жакыныраак Ташкендеги консерваторияга жибердик. Жайлата жанымды үрөп, баян, комуздун жанын койбой элдик залкар күүлөрдү көбөйтө бердим. Өзүмдүн дагы эки-үч обон сөрөйүм нотасыз, бармак, көкүрөккө жатталып бүттү. Күзүндө байкем акчасын чөнтөккө салып, торолуп өскөн үйүм (балдар үйү) мектеп концерттеринде өзүм тартып, чертип ойногон баяным менен комузумду колума беришип, үмүттүү, шандуу узатышты. Конкурстан мүчүп, консерваториянын өзүнө эмес, бир жылдык даярдоо бөлүмүнө алындым. Сүйүнүч каттар менден айылга, айылдан мага уча баштады. Аралаганым Орто Азиянын эски, данктуу, чоң шаары Ташкент. Жолдошжоролорум өзүмдөй мотурайган кара көз студенттер. Кечи көрктүү, үндүү Навои менен шат-күлкүлүү Хамза театрынан кетпейм. Өзбек туугандардын бийик, узакка чоюлма, кызык обондору көңүлүмө уялап, кыргыз комузу менен кыягынан шаңгыратып куюлтам. Музыкант-педагогдордун сабактарынан сыйкырдуу үн, күүнүн адепки жаратылыш тарыхынан баштап, музыканын ариптери — нотага тааны-

ша баштагандагы чалкыган учурларымды кыялымда гана элестете алам... А балким, сокур үмүт деген кыйын, келечекте кудурет жетсе музыка тилинде, же кисти менен...

Макмут кыялын ээрчип, мындан аркысын угуп не кылаcың дегенсип, Айяга карап, шадылуу манжаларын тизесине кийилген фуражкасынын калканчына койгулап, кандайдыр эселек күү чалды. Өмүр жомогун маашыркап угуп гана эмес, «эр азаматка жетимиш түрлүү өнөр аз» деген тоолук элдин тоңдоосун баласынын улам ачыла баштаган көп сырлуу, табышмактуу мүнөзүн чын пейилинен жактырып, тыптынч мелтиреген деңиз кызы, чарт үзүлгөн сөздөн Макмуттун башын дагы бир азаптуу окуя саланДатканын боолголоду. «А кандай окуя? Мүмкүн жакшы көргөн байкеси каза тапкандыр. Анын үйүн эндетпөө үчүн айылына барып окуусун таштагандыр. Анан солдатка чакырылгандыр. Анан эмне? Бул узактагы иш эмес, кыйын болсо үч-төрт жыл өткөндүр...»

Күндүн көзүн далдалап, тунарыктаган Балтиканын асманы майдалап себелегени качан. Калканчтын (беседканын) үстүнөн шыбыр-шубур тамчы доошу эми, тынчтык өкүм сүргөндө кыз-жигитке угулууда. Бу жердиктер көнүмүш жорукка анчейин танданышкан жок. Бозомук чыбырыктаган Янтар* деңизинин кылаасын кучактаган майда кумдар; алардын арасынан янтар кыпындары жылт-жулт этип секире калып, көк тамчысын тосуп шимип жаткансыйт. Эки жаш экөө тең ичинде ээн-элкин дагы кыйлага жанаша олтурууга муктаж туудурган асман мээримине — жаанга ыраазы.

— Мах-муд, кечириниз, сиздин тагдырга ушунчалык кызыгып баратам... Калп айтпасам, консерваториядан кандайдыр өксүп калган окшойсуз? — деди Айя бетме-бет бурула. Кыз, жаан күнү, бар сырын өтө ишенип алдына төккөн учурда, жигиттин ойноок көзүнө тике багып кадала карамакчы болду эле, бирок качанкы ызага ызырынып ирмелбей бадырайган, кара чечекейден жанган жалын куйкалап жиберчүдөй жалтанып, жаныта тиктетти. «Нурга, жарыкка толгон көз. Адамдын баарына ушундай ишенимдүү, сүрдүү, оттуу жалжылдайсыңбы? Жок, Мага гана! Сүйкүмүндү, сырыңды ачканга гана...»

— Ооба-а — Макмут оозун чормойто көөдөнүнөн үшкүрүктүн көк түтүнүн женил үйлөй үн катты,— өксүдүм! Өксүгөндө да күтүлбөгөн мастык-жаштык, зөөкүрчүлүктүн

---

* *Янтар деңизи* — Балтиканын Рига булуңун Янтар деңизи деп да аташат.

саатынан! Биздин элде «сыпайы сырын жашырбайт» дейт. Улгайган шыпылдак студент бар эле. Ошол жаныма шыноорлоп жүрүп, бир күнү мени ресторанга ээрчитип барды. Аптап-жиптеп отуруп арак ичирди. Алгачкы ооз тийишим. Чамгарактап көңүлүм көтөрүлгөнү укмуш. Оозума келгенди оттоп, акчалуу бай экениме мактанып мын. Жатаканага кандай жеткенимди билбейм. Эртеси жүрөгүм ачтарылып, турсам жер айланкөчөк. Алиги жолдошум дарыланбасак айыкпайбыз деп, чак күндүз эски шаардагы бир ашканага алып келди. Айыгар дары ушу деп, кыйнап ачактан дагы соктурду. Айткандай көңүл көтөрүлө түштү. «Досум» менин кечээки акчама мактанганымды эскертип, далыга каккылап, бүгүнкү кезек сеники, азамат ашып түшүш керек — деген соң,— «болуптур каалаган ичимдик, тамагыңды заказ бер» — дедим. Ичип эле аттык, анда-санда самса, шашлык шамшум эткенимди билем. Ал да аябай кызуу, наркы столдон локуйган эки-үч немени жанына отургузуп, таанышып, достошо кетти. Мени мактап өбүштүрүп, стакан кагыштырып... Сөз талаша кеттик. Алигинин бирөө менин жолдошумду көмөлөтө койду, мен тура калып кармайын десем, экинчиси мени олтургуч менен далыга урду. Мен жыгылган жокмун. Колума стакан тийген экен, шилтеп калдым, мага кол салган неме кан куюлган көзүн басып үстүмөсүнөн жыгылды. Анан бизди эл курчап, жолдошум экөөбүздүн колубузду кайрып алышты. Аңгыча милициянын колуна түштүк. Түрмөгө камалып, хулигандыгым үчүн жыл бою эмгек түзөтүү колониясында «түзөлдүм».

Айя туталанды:

— А-ах, кандай аянычту, аянычтуу... А кутулган соң консерваторияга барганыңыз жокпу?

— Кайсы бетим менен барам.

— А баяныңыз менен комуз калдыбы?

— Жок, менин жаман жерди басканымды угуп, курган байкем Ташкенге келбейби. Жатаканадан буюм-теримимди жыйнап, колониядан мени издеп табат. Такыр кат жазбай, дайнымды билгизбей койгом. Баары бир консерваторияга кат жазып жатышып, эмне үчүн соттолгонубуздан өйдө угуптур. Жети өмүрүм жерге кирип, эс тартканы биринчи жолу ошондо байкемди кучактап бакырып ыйлабадымбы. Кагылайын байкем, тилдөөнүн ордуна өзү кошо жашып «өткөнгө өкүнүп не кылайын. Мындан ары жакшы жүр» — деп жалынып-жалбарып, кутулар замат үйгө шар кел деди. Айла канча. Убакытты келерки жылы кеч күзүндө өтөп, эч жакка кайрылбай аскар-тоом — агамкына

бардым. Колунан таягын алып, коюн кайтардым, отуп-суусуна жардамдаштым. Тоо-ташка сырдаштым. Комузумду чертип, кыягымды тартып малчылардын, байкемдин черин жаздым. Тянь-Шандын каардуу кышын кар учурган кыр-кырга кой жайып тоодо өткөздүм. Байкем «окууң кара жолтой болду, күздө башка бирөөнө кир. Эми жиниң кагылды. Жакшы жүр, айланайын» — деп, оюмдагыны айтып жубантып жүрдү. Күрткүлөр бузулуп, тоо боорундагы кар көчкү менен күр-шар ойго түшүп, өзөн-өзөн кузгундап сууга толгондо, аскер кызматына чакырылып, мына минтип сиздин өлкөңүздө үч жылдан бери эч жемесиз, эч жазыксыз кызмат өтөөдөбүз.

Айя чачын селкилдете, шыңгыр доошун созду:

— Өзүңүз жаш туруп, өмүр баяныңыз өтө бай экен. А меники эки ооз сөз менен эле бүтөт. Эмики эс алуу күнүңүздө дагы жолугарбыз. Ошондо кезек меники.

— Макул,— деди Макмут кыйыла, ордунан козголуп кетүүгө камынган Айянын астын торгой,— Алиги байкем, дагы эле анда-санда акча жиберет. Бирок, баягыдай ысраптабайм. Өзүнө, балдарына белек-бечкек жөнөтөм. Кино, театрга жумшайм. Кийин а карзымдан кутулам. Солдатты жарды деп качпаңыз. Өзүбүздүн дагы маянабыз бар. Сизди азыр чогуу түштөнүүгө, анан кечинде киногобу, же театрга чакырамын.

— О, Мах-муд, кантесиз, рахмат!

— Чочубаңыз. Ресторанга кирсек дагы минерал суу, лимонаддан башканы оозго алмай жок. Мен аракты ошондо эле койгом.

— Кечиресиз, тааныштыкты ресторандан баштоону каалаган селкилер да бар. Мага мүмкүн эмес.

— Мен жөн эле... Тамак ичсекпи дегеним... Анда театрга, же киного...

— Рахмат, Мах-муд, ар нерсе мезгили менен. Кечиресиз, мени апам күтүп калды.

Айя саатына жалт карап, жаандан да качкандай тез-тез тыпылдап алгалады. Макмут жигиттик сунушунун Айяга орой тийгенине эрдин апчый тиштенип, биротоло колумдан чыгарбагай элем деп өкүттө, соңунан имерчиктеп басууда.

* * *

Демейде шүк гана түйшүктүү бала катары окуусуна, үйдөгү майда-чүйдө оокат-тиричиликке чарчаганча алпурушкан Айя, кийинки кездерде таптакыр башкача жорук-

жосундуу. Консерваториядан кеч кайтчу адат күттү. Келер замат, жеңилдепет да, чарчадым деп, диванга кырданып, кирпик ирмебей далайга телмирип жатат. Анан үч жаак таш күзгүгө (трюмого) келип, чачы, башын оңдонот; желге ыргалган жалгыз сабак гүлдөй тутам белин ары-бери назик ийилтип боюн жасайт. Жатаарда үйдөгүлөрдүн тынчын кетирбөө үчүн мейман бөлмөсүн тып жабат да, пианинодо булбул сайрашын, жөжө аккуулардын бийин тынч, жай тенор ыргагынан кайрып, кайталай шыңгыратып, элди уктатат. Эртелеп күн нуру менен кошо туруп, айнектүү далисте эч сөзгө аралашпай жападан-жалгыз обочо жөлөнүп, сыртка үңүлүүнү жактырат. Ошо бойдон таңдын таза абасын искеп, гүлдүү аянттарды кыдырып келет. Мурдакыдай эне атасына имерчиктөө деген жок. Өз тагдырын чечүүчү бой жеткен адамдын сезими аны негедир үйдө жападан-жалгыз оолактатат.

Кантсе да кыздын сыры төркүнгө маалим. Төтөн, энеси кургур түйшөлүп, кызын саксактап, оюндагысын ачык уксам дейт. Күттү, күттү. Баласынын батыналбасына көзү жеткен соң, акыры апасы сурамжалдоого аргасыз болду белем.

Көп кечтин бири. Инир. Түнт бөлмө. Чайковскийдин канаттуу перизаттарын чукулдатып бийлетип, жибек шоодурундай канаттарын кактырып, деңиз берметтерин шыбыр-шубур шилетип, толкунда апай моюндарын койкойтуп, эркин кайкытып пианиносу менен алек кызынын үстүнө небак кирип, жай термеле тыңдаган эне электр шамын тырс жандырды. Мээримдүү эне колунан жанган жарыкка кошо умтулуп, Айя кудум эмелеки өзү күүсүндө элестеткен аккуу кебетеленип созолонуп, канатын жазды. Бурал-ган кызына зорго унчукту:

— Көзгө басар кубанычым... Жакындан бери мүнөзүң өзгөрдү...

— О маатэ*, антпесеңиз. — Айя үлбүрчөк көйнөгүнүн этегин чымчып көтөрө, салт боюнча ийба сактап тизесин бүгө кайра тез, жеңил түзөлдү. Апасына күнөөлүдөй көзүн жалжылдатып, кадимки, кичинесиндегидей эреркей анын жумшак эмчегин сүзгүлөй сексек башын жөлөп, далайга дабышсыз бойтойду. «О акылман апакем. Барын билип, сезгенсиң го. Сенден өмүрүмдө эч нерсе жашырып көргөн жок элем. Айыптуумун. Мен эмес, он тогуз жаш айыптуу. Ошондо сенин кубанычынды таянем бөлүшкөн чыгар. Сен да кезегинде жаштык жалынга чалдыккандырсың.

---

* *Маату* — латышча апа, апаке.

азыр мага ошол ниет менен, алгач ойлонгон сезим кубанчыма ортоктош болууга келдиң. Апакем, кызыңа бөтөнчө жакынсың. Өзүң башта, сура, алтын апакем. Ансыз менин тилим күрмөлбөйт. Сенден бөлөк кимге айтам сырымды. Ну бол эми...»

Кызынын жүрөгүнүн укмуштуудай түк-түк туйлаганын тыңдап, бетинин албырган илебин искеп эне дагы, үлпүлдөтүп сыпаа бөпөлөгөн медерине орой тийбөө үчүн сөз ылгап убара-чиркөө:

— Кубанчым, бизге, папаң экөөбүзгө сен кичинекей эле бөпөдөйсүң.

Айя өңүнө түспөлдөшүп анчейин ачык билинбеген, жаңыдан туулган айдай ичке, иймекей сургулт кашын жыйрылта, бөрсөгөй эринин кыбыратты.

— Ооба, он тогузга чыкканча элеби?

Эненин жүгү жеңилдей түштү. Кызынын кичине, бөрсөйгөн эринин бал соргондой узакка чопулдатып өпкүлөп, жасалма кыт-кыт күлдү:

— Кептин барысы сенин он тогузга чыгып, толукшуган кыз болгонунду байкабаганыбызда. Айтчы, кубанчым, жигит тандагансың го?

— Ооба-а,— деди Айя шар, шашыла, кучагы жетпесе да апасын ныктай бек кысып калтырап кетти. Булактын көзү ачылгандан кийин суунун агымын токтотуп болобу. Анын сыңары эне, кыз ортосундагы тоскоол бүттү. Экөө жайланыша, жумшак диванга тизе бүгүштү. Эне, жигити менен кантип таанышканын, кандай неме экенин угууну каалагандыгын билдирди. Айя демин басып, жадырап-жайнап, кичинесиндеги көргөн-билгенин мезелдеткендей тыпылдап кирди.

— Келбети келишкен, көзү оттой жанган, ар өнөргө шыктуу, жыйырманын экисиндеги, мүнөзү сабырлуу, мамилесинде кээде тоң моюнураак, сөзүндө анда-санда одонороок, негизинен дурус эле азамат. Келечектүү...

Эне кызы менен бирге жайкандап, быртыгый агыш манчаларын ушалады:

— Дурус-с. Эркектин тоң моюнураак, одонороок болгону жаратылышынан. Аны жибитип, жумшартып алуу кыздын иши. Сенин атаң жаш кезинде ушундай созулуп жүрдү дейсиңби. Тим эле төшү менен жөөлөчү. Айтканын берчү эмес. Эгер көнбөсөң, таарынып далай күн карабай да койчу. Акырындап алдап-соолап жоошуттум, анын үстүнө жыл өткөн сайын турмуш өзү оройду сылык, курчту токтоо кылат. Анысы кемчилик деле эмес, кубанчым.

Апасынын адегенде Айянын тапкан жигитин сыртынан

жактырып колдошу, кыз көңүлүн жубантып, ишенимин чыңдап курсанттыгын ташытты. Апасынын моюнуна асылып, эткел ууртунан чопулдатканын коё кал:

— Алтын апакем, көңүлүмдү суутпасыңды билгем.

Ал жигит бар эмеспи, турмуштун ачуу-таттуусун таткан, жаш туруп, аябай такшалган. Бир чети жакшы, папамдын жаш кезиндегидей жөөлөмөк турсун, менден мурда озунуп колун да сунбайт...

Эне жалгыз кызынын чындап берилген жигитин жергесууга жугузбай мактаганын тамылжып тыңдап да, анын албырган жүзүнөн алгачкы ашыктык өртүнүн муз сээп өчүралгыс ысык илебин искеп да, үй-бүлөсүнө шыйгарылуучу жаны таалай деп жорууда. Кызы жигитинин кыялжоругу, өңү-түсү, баскан-турганынан кылда эчтеке калтырбады. Баласынын жакшылыгына балкыган эне баки-жогун терип-тепчип, алдын ала билүү үчүн майдалап суроо үстүнө суроо жаадырууда:

— Жигитиңдин аты ким, кубанчым?

— Мах-муд.

— Кандай, кандай?

— Махмуд, Махмуд! — Тез-тез басымды акыркы «д» тамгасына коюп, ээрчип айтып көрсөң, оңой-олтоң дегендей Айя энесине мойнун созду.

Бирок энеси анткен жок. Негедир анын түшүнүгүнө жетпей, тилине күрмөлбөй турган атка таң калыңкы күлө бага, кызынын чыпыйган колуна жумшак алаканын төшөй:

— Деги кайдагы, каяктык экен?

— Биздеги эле, советтик жигит.

— Биздин латыштарда мындай ысым жок чыгар, же балким чет өлкөлүк дипломаттын баласы го...

Айя энесинин сыпаа такыгына, акырында сөзүнүн кээр тартканына аң-таң. Не жооп кайтарат. Тымтырс зымпыйып, үндөбөдү.

— Кызым, сен мага таарынып урунганыңды кой. Так жооп бер,— деди эне үнүн көтөрүбүрөөк шаңкылдай,— улуту кайсы?

Айя андан буулуга, ызасы кайнап:

— Улутубу? Улуту,— мукактанып жатып, акыры энесине менменсине тике карады:

— Улуту советтик.

— Түшүнбөдүм балам сенин сөзүңдү,— эне ачуулангында ушинтип башын чайкоочу. Анда кызы тизесин бүгүп кечирим суранчу, же көз жашын чубуртуп басып кетчү. Бу жолу Айя кебеле турган эмес. Тең укукташ адамдай тайманбай, тил кайырган неси? Эненин тынчы кетип, төрт

айласы түгөнө баштады. Катуулап тилдеп, кагып согоюн дейт, көнбөгөн жүрөк жүгөндөйт.

— Деги кесиби эмне? — деди айласыз жумшара.

— Аскер кызматчысы.

— Ах-аа. Офицерби?!

— Жок!

— Саясий кызматчыбы?

— Жок!

— Анан эмне, кубанчым?

— Катардагы солдат.

— Солдат?!.. Энекесине ушунчалык эркелейт бекен. Эми тамашанды коюп, чындап сүйлөчү, жалгызым.

— Апекабайым, ишенсең, чыным ушу.

Апасы диванды көмкөрүп жиберчүдөй кош муштумдап капшыра таянып, оор козголуп, узун чаарала халатынын өтөк, жеңин жыйбастан, көөнөргөн тилке килемди шыпыра үн-сөзсүз булкулдап, каалганы шарт жапты.

Айя шып шоодурап тура калса дагы көнүмүшүндөй тизе бүгө жаркылдап узатпады, апасын чарасы толо мөлтүлдөгөн көз менен жөнөттү.

Эртең мененки тамакта, күйпүйүп чүтүрөйө түшкөн кызын атасы мандайынан жыттап, идиш-аягын калдыратымыш этип, сыртын салып домпондогон аялына кайрылды:

— Сен Лиене, түзүк эне болуп келдиң эле. Карганда каарың күчөп баратат бейм. Кичинесинде чекеге чертпей өстүрүп, бой жеткен кезинде Айяны аябай капаланткан окшойсуң.

Айя курулай тамакка алаксып ылдый кароодо. «И, апам сага дароо жеткизген экен. Мейли. Маселенин ачык коюлганы жакшы. Атакебай, сени дайыма апамдан саал-паал алысыраак көрчү элем. Эми өтө жакын сезилип кеттиң да. Же калп эле менин көңүлүмдү көтөрүү үчүн ушинтип жатасыңбы? Апам атак-даңктуу, даяр күйөө бала эңсеп, жүрөгүмө суу сепкиси бар. А сен, залкар атам, көп нерсени тереңирээк түшүнөсүң. Апамы теске салсаң...»

— Язеп,— деди Лиене күйөөсүнүн ысмын жумшак атай, столго балкайган агыш билегин арта олтуруп,— эне-ата деген бөпөлөп чоңойткон баласынын тагдырына киришүү керекпи? Керек. Эгер жаңылса оң жолго түшүрүү милдети.

Гүлдүү табактагы шорпону салмактуу күмүш кашыктан анда-санда табышсыз ууртаган үй ээси Язеп, күржүйгөн бырыштуу кабагын жогору серпе ыркысыз үрпөйгөн коңур чачын удургута, көзүн түнөртө, анчейин эткел эмес узун жаак жүзүн кубандата «дагы, сүйлөп бүт» кыялда

алына кадалды да калды. Лиене «айтарымды айттым» дегенсип тымтырс.

Али түндө Айядан чыккан соң,— кызың ээп баштанып, аты жөнү укмуш солдатка сүйлөшүп жүрүптүр. Уулдуу далай эле жолдош-жороң бар. Айрымдары кудалашууга оюн-чындап сөз салганда кагып же жооткотуп койчу элең. Эми солдатты солкойтуп маңдайыңа алып отур. Же кызыбыз эл карабай койчудай өң-алаты серт болсочу, же акылы кем болсочу. Кордукту ичинден чыккан балаңдан көр деген ушул — Койчу, арданган Лиене кулак мээсин жеген. Язеп барысын кирпик какпай укkан. Бирок, андай-мындай деп кийлигишип, сөз айткан эмес. Аял безилдей берип, жедеп тажаганда уктаган.

Язеп жаагын карыштыра тиштенип ары ойлонуп, бери ойлонуп, кызын күнөөлөөгө доомат таппаган. «Толукшуган жаштык курак, адамзат гүл ачкан убагы. Түгөйсүз жалгыз гүл солуп калууга мүмкүн. Ал эми ар кайсы көрүнгөн жаш бири-бирине бап келишкен түгөйлүккө жарабас. Кээде эне-ата зордугу менен эки бала баш кошушат. А түбөлүгү жүрөктөрү каалап табышканга жетпес. Атам заманынан бери ашык жар проблемасы чечилип бүтөлек. Көбүнчө эне-атанын салакасы тиет. Эл катарлуу акылы бар кызымдын. Жигити келечек жашоосуна ылайыкпы, жокпу таразалаган чыгаар. Мен атасы, өз тарабымдан кызыма толук эркиндик берем. Солдат деп жерибей, алдын ала аралаштырып, сынап, пикир айтуу ыйык парзым. Ошондо да өз талабымды талуулабайм.

Мына ушул чечим көкүрөгүндө бекем түйүлгөн ата, андан кылча жылбастай, аялына акыраюуда. Көпкө термелип олтуруп, жыйналыштарда талаш маселесин жыйынтыктагандай жоон доошун созду:

— Акыл-эс кирген балага, махабат ишин ишене билүүдөн асыл эчтеке жок. Эгер жаңылса, зордоп, көз жашын агызып көндүрбөстөн көргөз, далилде, өзү жаа бою качкандай болсун. А сен экөөбүз али солдаттын кандай солдат экенин билбейбиз. А балким, Суворов айткандай генералга жетчү солдаттыр.

Айя «дал ошондой атакебайым» деп жибере жаздап, атасына окшош коңур чачын селкилдетип башын көтөрө күлмүндөп, кайра тымпыйды. Кыраакы ата аны дароо байкады. Улгайган, токтоо, чечкиндүү неме ички мүнөзүнө куюлушкан, албеттүү денесине чак дагы, кенен дагы, таза дагы, жарашыктуу дагы, а тургай бар нерсеге ишенимдүү көргөзгөн боз костюмунун боорундагы өндөш топчусун шадылуу, жоон сөөмөйү менен бүчүлөп өйдө обдулду:

— Кыз, жигиттин ортосунда жөнөкөй жолдошторчо жолугушуу деген да бар. Кадимкидей бирин-бири жакшы көрүшүп, келечекте кол кармашып, бирге өмүр сүрүү үчүн чындап, антташкан махаббат деген бар. Айя өзү ойлонуп көрсүн. Эгер мен айткандын экинчисиндей пейилде сүйлөшүп жүрсө, анда солдатты бизге көргөзөөр дейм.

Айя ордунан козголгондо, бүгүн эле ээрчитип келем деп тырсылдабасын ниетте Лиене озуна бакылдады:

— Ой сен ай Язеп, чоң мекемени башкарып көнгөнсүң э... Кызың солдатты жетелеп киргизгенден мурда өзүң айткандай аябай ойлонсун. Экөөбүзгө эмне, куураса өзү куурайт. Тилегим жалгызым кыйналып кысталбай жашаса экен. Ургаачы бир азгырылса, кайра оңолмок кайда,— кызматка жөнөгөн атасын ээрчий баскан Айяны токто дей албай, эне сөзүн ээрчитип кала берди.

* * *

Айя эс киргени энесине тоң мамиле жасаганы ушулдур. Ал ар убак: үй-бүлөдө эне, кыз ажырагыс ынактын ынагы деп түшүнчү. Жомоктордон, китептерден, көбүн эсе эне кызына жан тартып, атасы кыз тагдырына салкын, а тургай сыртынан бүтүм чыгарганын көп кездештирген. Ошон дуктанбы, апасы ага нукум жакындай туюлчу. Эмичи тагдырынын бурулуш учурунда эне неге жалгызына, ку банчына ишенбейт. А балким, өтө жакшы көргөндүктөн аңыра рахат шыйгарып неге даңктуу, кызмат орундуу эне-аталуу күйөө таппайт деп кайгырып, таарынып жат пасын. Антүүсү дагы ыктымал. Эгер антсе жаңылганы. Өзүчү? Атам экөөчү. Атам а дегенде ким эле? Портто жүк ташыгыч, пароходдо от жаккыч, күл ташыр. Турмушу жарды, бирок акылы бай, күчтүү азамат. Подпольный саясий уюмдун мүчөсү. Бара-бара көзү каныккан революционер. Далай кордук, камак башынан өттү. Жанбаган эрк болоттой кайрап курчутту. Латвиядагы Совет бийлигин орноткондордун бири. Эл жыргалы, келечек үчүн каны жаны берилген коммунист. Республиканын өкмөтүнүн белдүү жетекчисинин бири. Апам кезегинде атамды жалчылыгына карабай, акылы, жөндөмдүүлүгү, келечеги үчүн сүйгөндүр. А неге мени өзүнүн ошондогу чагына салыштырбайт. А неге менин Махмудумдун (менин деп ичинен болсо да алгач оозанышы) жанган болочок таалайын мага ыроологусу келбейт. Мен даяр даңкка барып, асылып, кыймылсыз катып калчудай жансыз буюм эмесмин. Бакисин, экөөбүз биргелешип курабыз. Махмуд эмки жолугу-

шууда, сага атам, Язеп Зиоденис туурапу баштан аяк баяндайм. Анын өмүр жолу өрнөк. Сен сөзсүз атамдай мүдөөң зор адамсың. Эх, эгер сенин ички ой-пикириңди атам түшүнсө... Кандай мыкты адам кылып тарбиялаар эле. Махмудум, тез эле көрсөм экен сени...

Айя алигинде апасына сырдашып, чарпышкандан бери шаардагы квартирасында. Негедир шаардан — атасы, Махмуд турган шаардан алыстагысы жок. Дачага экзамен тапшыргандын эртеси гана барып кайтмай. Кээде гарнизондун имаратынын астынан, заңкайган жашыл дарбазанын жанына басат. Махмуд кароолдо отурса, кур дегенде каш серпип кетсем дейт. Жаак түктөрү түшөлек, жазгы чөп өңдөш гимнастеркаларын кындыйта зыңкыйган солдаттар бат-бат алмашып, бу татына кыздын неге күн сайын эки-үч ирет өткөнүн кайдан туюшсун? Апта түгүл, ай айланып жылды. Кусалыгы ашкан селки бозойдон кабарсыз, өңү кумсарыңкы. «Курган жаным, алигинде неге дурустап коштошподум экен, бир сырлуу жигит, көңүлүң сууп кайткансың го. Экинчи кайрылбас, алыска сыздыңбы. Жок. Сен эч качан антпейсиң. Дептерчеңде дачаның да, квартиранын да адреси бар. Кур дегенде куш тилиндей кат жөнөтсөң боло. О Махмуд, ушунчалык катуу, чыдамкай жан белең. Андай экенсиң неге тынч мемиреген жүрөктү, көз нурына өрттөп, кабынан козгоп ойготуп таштадың. Чыгыштын жигиттери аял жандуу, ыгы келсе, алмашып кете берет деген апамдын кыйытканы чындыкка айланабы. Жок, андай эмес. Ал туруктуу улан. Не болду сага Махмудум... Кандайдыр балээге учурабасаң экен. Апамдын чырагына май тамабы? Мен күйүп бүттүм да анда. Эгер такыр кабарсыз житсең, гарнизонуңа издеп барам... Жо... Кантип?»

Баягыда Майориде, деңиз жээгинде калканчка олтуруп маектешкенден кийин шаардан кездешишкен. Айя эне, атасына ал жөнүндө кабарлаганын, алар азырынча «бири-бириңди дурустап билгиле» дегенин (энесинин бышкырыгын жашырып) айтып, Махмутту сүйүнткөн. Махмут алаканы менен Айяны чыканагынан сүйөп коштой баскан. А тургай эски шаардын тар көчөлөрүнүн бурчунда олбурлуу жигит, чыпыйган кызды канатынын астына кысып, туйлаган кош жүрөктүн күүсүн, табын биринен бирине өткөзүп, үнсүз балкып асманга тигилгендерчи. Жүрөктөр сүйлөшкөн. Чок денелер кыналышкан. Андагы тилсиз минуталар экөөнү тең космоско учургандай чалкыткан. Макмут жакында кандайдыр согуштук машыгууга катышуу үчүн сыртка чыгуу жагдайы күтүп турганын, ошондуктан бир-эки апта жолукпай калуу коркунучун айтып, эгер Айя

ылайык таппа, үй адресин жазып алса, өзү эптеп кабар этүүнү ойлогон. Айя телефонун, адресин берген! Жигит Айяны колтугунан чыгарбай үйүнө чукул узатып келип, коштошордо шыңга, солкулдак белинен ие, имере кучактап, эринен аймоого аракеттенгенде, кыз башын чулгуп, «адепсиздигиңизди нары алпар» дегенсип, бозойду акырын көкүрөккө түрткөн. Макмут анын зекигенинен дароо сезденип, күчтүү колдорун шалдайта селкини кучагынан бошоткон. Айя колдон чыккан коёндой серенделп, кош-беш айтышпай чуркап жөнөгөн. Чындыгында, анда Айя алгачкы ирет жигит кучагына мас эле... Азыр ошол жоругун эскерип, өкүнүчү күч.

Кызынын солдаты ың-жыңсыз жоголгонуна эне гана курсант. Желиккен секелекти ылайым шек шооратсыз калтырып, жердин жети катар түбүндөгү тоолу өлкөсүнө житип кетсе дегенде эки көзү төрт. «Андай неме татына кызды алдоо ниети менен шыйпаңдагандыр. Анан биздин адептүү элдин тукуму ыпластыкка моюн бербеген соң, кол шилтеп басып кеткендир. Солдатка энеси өппөгөн кыз эмес, көчөдөгү эр издеген жубан керек. Бечара солдат, сыланган, окуган кыздын шаан шөкөтүн, узак сынашмай тасмиясын күтүп жүрө албады. Балам балалык кылба, сүйүүнүн сүйүүдөй балээси бар. Ага чыдаган гана, сындан өткөн гана жетет: кокустук, бир-эки жолугуу чыныгы сүйүү эмес, ушунчаңда кайра тарт десем чыйрыттадың эле. Эми өзүңдү өзүң күнөөлө. Ыксыз балалык жосунуна кейийм. Ай бою саргардың, эми айлаң түгөнгөндө унутасың. Мынчалык делөөрүп калдың, сени өзүбүз тендүүлөрдүн балдарына жолукчу жерге жеткизейин».

Лиене, окуу жылын аяктап, ан үстүнө болбогон ишке чарпылып санаркаган жалгыз кызын Кара деңиз жээгиндеги борбордук курорттордун бирине эс алдырып келүүгө, эки путевка тап деп күйөөсүнүн кулак мээсин жей баштады. Кызынын шылтоосу менен небактан Кара деңизди кайрылып бир көрүүнү дегдеген мүдөөсүнүн ишке ашышына ишеними артык. Язеп кызына акылдашса, «Балтиканын боюн таштап, жайкы ысыкта түштүктө не бар. Өзүм студенка болсом. Ыксыз эркелик жарашпас. Кааласа апамды жөнөтүңүз» — деди. Ошентип, апасы менен сейилдөөнү каалабаганын билдирди. Атасы бат эле Ялтадагы Б. К. нын дем алуу үйүнө бир путевка зорго табылганын кечки тамакка үчөө чогуу олтурганда жарыялады. Лиене чу дегенде эрине таарына албай, убакыттын ушундайлыгына, элдин бакыл отпускалап, путевканын жетишсиздигине наалыды да:

— Айяны жөнөтөлү, сергип келсин — деди.

Айя асман айдан секирди.

— Өзүңүз барыңыз. Көптөн бери эс алсам деп жүрөсүз.

Язеп андан бетер Айяны кубаттады:

— Карганда Кара деңизге оонап кал. Айя сен экөөбүздүн жашыбызга жеткенче баарына үлгүрөт. Быйыл менин отпускам кеч күздө, суук түшкөндө. Анткыча сенин мектепте сабагың башталат. Төрт жыл удаа чогуу баралбай каласың. Жок, дачада Балтык жээгинде жүрөм десең ачыгыңды айт, отказ кылалы, бирөөгө беришсин.

Ушинтип экөө бирдей жаалады. Али түндө Язеп, колдо бар мүмкүнчүлүктөн пайдаланууусун чын пейлинен дагы эскертти. Эртең менен чай үстүндө Лиене — барса барайын — деди.

Түшкү танаписте Язеп Зиоденис аялынын колуна путевкасын тапшырды:

— Быйыл күздөн биринчи классты кайрадан окутасың. Нервиңди чыңдап ал кемпирим. Самолетко учалбайсың. Поздге түш.

Лиене үйдөгү оокат-тиричилигин кызына, кызын атасына дайындап, чемоданына көйнөк-кечесин салып, сапар чегүүгө камынган учур. Үнүн баспай чырылдаган телефон тез ордунан козголтту. Язеп эки арыштап бурчтагы тумбочканын үстүндөгү алысты жакындаткан аппаратка озуна жетип, кулагына тосту.

— Алло! Ким? Ким? — Москва менен далай сүйлөшкөн ата трубкага маанилүү тапшырма күткөнсүп, орусча дагы кайталады. — Алло! Урматтуу жолдош, шашылбаңыз. Алло. Туура. Зиедонистин квартирасы.

Лиене алыстан чалган орус кызматкеринин бирөөдүр деп кайрылып стол жакалай басты. (Райондордон, Москвадан мындай звоноктор далай урулчу). Айя негедир жүрөгү болкулдап, бир нерселерди түкшүмөлдөгөнсүп же нары баспай, же бери баспай умтулуп турган калыбында.

Ата азыр зым аркылуу чуркаган доошту жайма-жай мемиреп тыңшоодо, үнү жайланыңкы.

— Ооба, ооба. Мына азыр чакырам. Азоолак күтүп турунуз,— беркилерге балача эринин кесе тиштеп, жазы алаканын чайкады. «Унчукпагыла. Маанилүү чакырык». Трубканы бапестеп бияктагы шыбыш угулбас үчүн нары каратып койду да, бутунун башы менен уурданып табышсыз басып, колун оозуна калкалай кызына бурулуп аялына далдайтып бир канатын жайды. Анын ар кыймылында тигилердин көзүн, ишенимин сыйкырлай турган кылдаттык, сыпаалык букканын баамдоо кыйын эле.

— Айянын факбюросунун секретары экен. Каникул кезинде аткара турган комсомолдук тапшырма такмакчы элек дейт. Аичка, акырын бар... Кайталатып жатып араң түшүндүм. Сен балким, үнүнө көнгөндүрсүң. Жай угуп, көпкө талкуулабай, кыска, так кайсы саатта консерваторияга барарыңды айтып макулдугуңду бер. — «Консерваторияга» дегенди көтөрүңкү сүйлөдү. Кызарган кызын байкамаксан, өзү эч шек алдырбай, аялын колунан тургузуп, нары көөмүткө жетеледи:

— Жүрү Лиене, жаштардын ар кыл сөздөрү болот, уялтпайлы.

— Баягы солдат эмеспи? — Лиене кетенчиктей күйөөсүнүн уурусун кармоочудай алайды.

— Болбогон сөздү койсоңчу,— деди эри ага өтө суз, а тургай жекире тигилип.

Лиене аркы бөлмөнү арыштаса дагы кулагы Айянын үнүндө.

— Ооба. Жакшы. Рахмат. Каникулбу? Алынча өтүүдө. Так, так...

Язеп амалы ойлогонундай чыгып, кызы кылтыксыз түшүнүп кеткенине кымылдап, аялын жайына коюп, аркы-терки басууда. «Эми канчалык шектенгениң менен изди таппай калдың».

Айянын жообу даана, эч кандай махаббат темасына байланыштуу сөз аралашпай, доошу токтоо...

— Ошондойбу?.. Түшүнүктүү... Качан?.. Сиз айтыңыз. Мен барам... Так, так... Макул... Азыр уруксат беришсе жетип барам...

Эне факбюронун секретары экендигине ишенбей жана атасын, эми кызын такып макоолонбоюн деп унчукпады. Анын ийнине Язеп оор колун арта:

— Көрдүңбү, кызың орусча канча таза сүйлөйт. Тил катканда үйрөнгөндүктөн, мен канчалык орус сөзүнө бай болсом да, кээде кекечтенип, кээде басым, сөз кайырмагын бузуп да алам. Окуганда, укканда жасемдөө жок. Ах, кемпирим, эмики жаштар ташкындаган таалайды асмандан «кудай» даярдап түшүрбөгөнүн сезишсе и-ээ... А мүмкүн катар, телегейи тегиз эркиндик, жыргал эмне экенин туюшпаган, а түгүл тагдырларына нааразы болгон өспүрүмдөр да бардыр?

Лиене небаккы далай кыйынчылыкка дуушар келген жаштыгын эскерип, барысын унутуп, күйөөсүнүн ой жүгүртүүсүн ээрчиди:

— Ананчы, азыркылар эркиндик үчүн кан-жанды сайып азап-тозок, кордоо күрөштө өскөнбүз десек, оңой менен

шыпшыпейт. Эркиндик деген сөздү түшүндүрүү үчүн эки-үч саат сабак өтөбүз. Эмки жаштар кур дегенде космоско учабыз деп арман кылар Ха-ха, ха... Тууралы — деп бажырандап, тиштерин кашкайта Язептин колун сылагылады.

Куду ошол маалда Айя эне-атасынын маңдайында какыйып боюна кыналган жука чыт көйнөгүнүн этегин жецил чымчып, тизесин бүктү:

— Кечириңиздер, мени тез чакырып жатат (Ким чакырганын айтпады). Ылдам эле жетип келем. Эгер кечигип баратсам, вокзалга түз чыгып, сизди сөзсүз узатам, апаке.

— Консерватория вокзалга жакын да. Ошентсең да болот. Коомдук иштен калтырсак, комсомолдор экөөбүздүн үстүбүздөн ЦКга арызданышат — деди атасы.

— Жарайт кызым! — Лиене айтарын айтып, Язепке мурчуйду. «Кызды эне башкарат дечү эле. Жадегенде сапарга жөнөөрүмдө жандай бастырып узаттырбадың. Артурум согуш курмандыгына чалынбаганда, уулунду теске, кыз эненики деп кескин кагат элем. Жалгыз балага атасын киришпе дээгө тилим күрмөлбөйт».

Эне оозунан эки ооз сөз атылаар замат Айя жылып жөнөдү.

«Рига — Симферополь» поезди айнектери жаркыраган жашыл вагондорун тай чабым перрондун баш аягына дейре суналтып, жүргүнчү гана эмес, быкпырдай кайнаган узатуучуларды кошо батырчудай шандуу. Убакыт чукулдоодо. Лиене купесине жайланган менен алактап көзү терезеде. «Кубанчым, жалгызым, узатпай калдыңбы апаңды. Коомдук иш деп жүрүп атаң мени далай жалгызсыратып таштоочу эле. Эми сен да ошенте баштадыңбы? Кантейин, мага аман жүргөнүң эсеп. Курган жаным, жана балам энтелендегенде жок дегенде кучактап, эки бетинен эки жыттап албай не болдум. Сар убайымга батып, сагынам го жалгызым». Эне карегин айлантып, жанында жөлөнгөн Язепке жалжылдады. Аялынын бу абалына себепкер өзү экенин билип, Язептин боору ачып кетти. Убакыт тар. Жолго аттанган адамдын көңүлүн жубантуу ар кимге парз го. Язеп Лиенеге эңкейип, маңдайынан чоп этип, колун кысты:

— Лиен, кызың узатпаганга кайгырып турасың. Антпе, баланы эне-ата дайым эле маңдайымдан чыкпасын деп чоңойтпойт. Өз алдынча киши болгону ушул. Турмуш закону. Диалектика. А жакында экөөбүздү караманча үйгө калтырып, башка жакка турмуш-тиричилик куруп кетсе кантебиз.

Лиене бакырып жибере жаздап, элден ыйбаа сактап,

кирпигинен тамчылар кулатып, көзүнө алаканын басып, эринин көкүрөгүнө башын жөлөп, кайра тез сумсайды:

— Мен үчүн бетинен өөп кой. Жетише албай калды го кубанчым. Ыйлаганымды жашыр, айта көрбө. Беймаза болот. Жетер замат кат жазам. Капалантпассың.

Язеп Зиоденис аялы менен коштошуп ичинен тыңа, тамбурдан тепкичти салмактуу тере ылдый түштү. Тепловоз удаа-мудаа кыйкырып, вагондорду чайпап ордунан козгоду. Терезени теше жайнаган эне көзү, быкылдаган адамдардын ар кимисине урунуп-беринип чачын сексеңдетип гүлдестени башынан бийик тутамдап жанталаша чуркаган кызын көрүп, бир байлам көгүлтүр жоолугун булгалады.

— Гүл издеп кечиккен турбайбы, кубанчым. Солуп бараткан энеңди гүлсүз жөнөтсөң эле эмне. Өзүндө калсын, өмүрүң гүлдөй ачылсын балам.

Поезддин акырын жылганына жетпей тикилдеп, узаарузаганча гүл булгап калган кызына эне үзүлүп түшө, көкүрөк дартын баса, жалынып-жалбарып узады. Ал, догдогон калайыктан четтей бөлүнө Айяга сагалап бадырайган таанымал карасур аскер жигитти карегине чалдыктыра алган жок. Анткени эне чечекейи ушу секундаларда кызынан бөлөктү батырмакчы да эмес. Солдатты тааныбас кезинде жерип, анын дайынсыз житкенине жайланып, алыска жол тарткан эне кокус кызына имериле басканын, жөнөтүүгө кошо келгенин көрсө, бакисинен Айяны кечиктирген сааттын ана башы ошол экендигин туюп, поезддан ыргып түшөт беле? А балким...

Балтика боюнун чырайын ачкан түптүз өрөөндү жыш каптап, дүпкүрөгөн жашыл токойдун карагай, кайың, теректерин жалп-жалп жапыра, алды-артынан жүгүнтүп калтыра, зып-зып сызганы билинбей кудум үйүндөгүдөй жумшак вагондун диванына термелген Лиене жол кийимин кийип жеңилденүүдө:

— Аичкам, кубанчым, текиреңдеп күйүктү э-э... Көрдүң, узаттың. Мен кол булгасам, сен гүл булгадың. Раазымын балам. Аял деген курусун, андай-мындай десе арданабыз. Жаш балача ыйлап, Язепке уят болдум ээ... Көрсө кубанчым, гүл издеп жүргөн тура.

Ооба, эненин жоруганы чын. Айя гүл издеп — өмүрүнүн гүлүн издеп жүрүп кечикти.

* * *

Атага азыр Айянын алжайы айкын. Жигитине телефон аркылуу учурашты. Алыстан үн салышына караганда өк-

төм, эр жүрөк, кара күчүнө ишенген азамат. Бул жаш улан-га оң сапат. Вокзалдан, оолактап кыйытып байкады. Сырткы турпаты көзгө толумдуу. Лиене коопсунгандай алыскы жердин баласы. Турмуштун көзүн тааный элек, жолун табалек кырчын. Кеп, чийки солдатты ичи боорго жакын тартып, бышып, бүлөнүүчү багыт көргөзүү. Көп нерсе тарбиясына байланыштуу. Кандай салт, кандай жосунга тарбияланды экен... Язеп Зиоденис кыргыз тарыхын, Кыргыз ССРи жөнүндөгү саясий, географиялык, экономикалык очерктер, саякатчылардын жана дагы кыргыз жазуучуларынын айрым китептерин күн сайын кызматынан ала келип, четинен окуй ваштады. Айя андан бетер мурда ылайым акылына түшпөгөн атасынын кызматынан пайдаланып (а мүмкүн атасы атайылап кызым дагы окуп, таанышсын деген ойдодур), баш көтөрбөй алиги китептерди баратап, көздөн өткөзүүдө. Өгүнкү Макмуттун баяны үстүртөн эле жоруптама сыяктуу унутулуп, эми чындап кыргыз турмушун аралап, көп нерсеге көзү каныга берди. Кээде атасы экөө Кыргызстандын географиялык, саясий картасын стол үстүнө жайып чогуу таанышышып, бирге саякат жасашышат. Күндөрдүн биринде Язеп кызына күлмүңдөп, кош алаканын шуудурата:

— Кыргызстан жөнүндөгү жалпы билимди көтөрүп бүттүк. Эми Аичка күнөстүү өлкөнүн жеткинчеги менен таанышсак кантээр экен? Мекени сыяктуу шаңдуу, элиндей жүрөктүү, салттуу, көп кырлуу бир сырлуу улан чыгаар...

Айя атасынын неге мынчалык Кыргызстанга кызыгып калганын эми түйду. Кыясы, болочок күйөө баласы менен алгачкы жолугууга даярданып жүргөн тура. Бир жакка барарда, же бирөөлөрдү кабыл аларда дайым ошолор тууралуу толук маалымат билүү атасынын баштатан берки адаты. Тажрыйбалуу кызматкердин бул жөрөлгөсүн үйрөнүү керектигин Айя акылына түйдү.

Сүйгөн селкисинин үйүнө кирүү бозойго канчалык ардак, канчалык сүрдүү...

Демейде барсам, чогуу чаран аралашсам дегенде ак эткенден так эткен Макмут заңгыраган беш катар имараттын таш тепкичтерин такасына наалы темир урулган олпойгон өтүгү чак-чук кабаттай аттап көтөрүлгөндө жүрөгү дикилдеп, бети ымыр-чымыр. Экинчи этаждагы кызыл дермантин капталган каалганын түбүнө мурдагы кечте Айяны узатып келип, анын бармактай топчуну басып чыркыратканын угуп кайткан.

Топчуга сөөмөйүн такаардан мурда терең дем алып,

жүз аачысын чыбырчыктаган маңдайына сүрттү. Коңгуроо чыр дээр замат, каалга акырын ачылып, бөөру ачык жука халатчан Айя жарк этти.

— О Макмуд келиңиз,— колун жаңсап кетенчиктей.

Макмуд көнүмүшүндөй орусча салам айтып, ийиле тык токтоду. Ал тилке килем төшөлгөн ичке далистин тыякбыягындагы сырлуу каалгалардын кайсынысын ачаарын билбей делдейди. Кире бериш бурчтагы үстүнкү текчесине баш кийимдер, боорундагы илгичтерге плащ, пальто, халаттар илинген, астыңкы көзөнөгүнө ботинка, тапочкалар салынган ачык гардеробду жайма жай тиктеди да, башынан пилоткасын шыпырып, калдайган шляпанын катарына коюуга ниеттенип, кайра бүктөп чулчук шымынын чөнтөгүнө салды. Айя анысына акырын жылмайып гана койду.

— Киши барбы,— деди Макмут ордунан козголбой, олтуруп тургандан олдоксон кетирбөө үчүн, үй шартына алдын ала таанышкысы келип.

— Сени бир киши күтүп олтурат — Айя жүзүндөгү кубанчын катпастан табышмак айткан балача көзүн кыбындатып, эринин чурмуйтту. Макмут жолдош кыздарынан го деп ойлоду. Аны сүйүнткөн Айянын оозунан алгач «сен» деген сөздүн чыгышы. Макмут «сизди» өтө сый, а тургай алыс адамдарга шыйгарат.

— Айя, мындан ары мени такай сен деп жүрчү. «Сен» чыныгы ачык, курбулук жакын сөз. Эгер руксат этсең мен да «Сенге» өтөм.

Айя азыраак ойлоно:

— Ырас эле. Макулдаштык — деди табылга тапкансып күлүндөй. Анан мостоюбураак жигитине баштан аяк кадалып, кайрадан жымыңдады. «Ишенем, сен эч кимди уятка калтырбайсың. Алды менен менин, анан өзүндүн намысың үчүн ар кандай шартты аткарууга аракеттенесиң. Макмут анын пейилин дүңүнөн боолголоду. «Көкүрөгүмдү бастым, эми кайда, кимге жүр десең да макулмун. Жолду өзүң башта»— белгисин табыштап кашын серпе жүткүндү.

— Азыр атамдын үстүнө киребиз — Айя оң жактагы кош жаак калың айнектүү каалганы жаңдады. Ага дейре дагы үч-төрт кадам керүү керек. Күтүлбөгөн кабар боз уландын бүткөн боюн дүүлүктүрдү. Качмак беле, колдойгон керза өтүгү, күржүгүй шымына сөөмөйүн ийсендетип, ушу кебетемден үркпөйбү дегенсиди.

Жигитинин бул ымдоосу жүрөгүн ийне учундай чегип, тыз эттиргенин билгизбей Айя башын чайкады. Жүзү албырган ыймаңы ысык тецин кыз акырын колунан сылай эркелетип шыцк этти:

— Эчтеке эмес. Атам баарын түшүнөт.

Макмут белин кындыйта тарткан жазы курпун астынан сур көйнөгүн тасырайта аркасын көздөй шилеп боюн түзөндү.

Каалга шарак ачылды. Ичи мебелге толгон кенен бөлмө. Тыягы деле, быягы деле тири укмуштай жаркырайт. Батыш-чыгышындагы дагы каалгача. Солдат шаар үйүнүн жасалгасына суктана Айяга бурулду. Айя анын тегерене калганынан улам, оюна коюп аялдап күттү. Анан жумуру карандаштай апакай сөөмөйүн суна чыгыш жактагы каалгачаны көздөй басты. Макмуттун жүрөгү кайтадан дикилдей баштады. Бөлмөдөн бөлмө. Баары анын көзүнө жаңы. Аларга кошул-ташыл бүлөнүн ээси, (келечектеги кайын атасы) элине кадырман, эмгеги сиңген чоң киши, күтүп тургансыды.

Айя алдыга аттап, тук-тук чертип ичтеги коңур доошко өзөрчий каалганы жылдырып нары түрттү. Үстү-үстүнө жыйылган айнектүү китеп текчелеринин бурчундагы жазуу столун чыканактап, жүзү мурдатан бери тааныштай чырымталы жаш, далылуу,коңкогой мурун, коңур чач, ак саргыл адам олтурат. Дароо коопсунуу солдаттын башынан учту. Кадимки өз калыбына келе түштү.

— Свейки, саламатсызбы — деп жумшак гана башын эңилте, босогону аттаар замат апкытын тык ура токтоп.

Ата креслосун таяна салмактуу обдулуп, жумшак тапочкасы менен дабышсыз бир нече арыштап, солдатка басып келип, билинер-билинбес жылмайып колун сунду:

— Саламатпы жолдош солдат. Мен Айянын атасы Язеп Зиедонис дегеним,— деди жоон, сүрдүү үнү менен.

— Мен, Макмут Эрсариев...

— Дурус, жолдош Макмут — так айтты. — Олтур. — Кичинекей тегерек столго кыдырата коюлган жаңы рига модасындагы жеңил олтургучтарга жандап, а дегенде креслосуна өзү какайды. — Мен өзүмдөн кичүүнүн бакисин жумушчу-дыйкандын тили менен «сен» деп сүйлөгөндү жакшы көрөмүн. Капа этпейсиң.

— Ал эң сонун... (мамиленин ачыктыгы, жакындыгы деп айтып жибере жаздап араң токтолду). Макмут Айяга бет маңдай кичинекей олтургучка нык, колун тизесине коюп мотурайды.

— Латышча да билесиңби? — Язеп солдатты өзүнө тарта сүйлөдү. Макмут эми араң чабалекей канат кашын өйдө серпе, Айянын атасынын алга умтула көмкөрүлгөн чекесиндеги терең бырыштарга тигиле:

— Аз-аз үйрөнүп жүрөм,— латышча жооп берди.

Айя анын мындай жөндөмдүүлүгүн күткөн эмес. Кирпик астынан кымыя карап койду. «Азаматсың, Махмудум».

Язеп латышча анчейин эркин билбеген уланды уялтпоо үчүн орусча улантты:

— Эң жакшы! Кичинедир-чондур кайсы гана элдин болбосун, тилин билүү байлык. Мен орусча, англисче эркин сүйлөп, окуйм. Француз, немецче чала моңолмун. А Айя мени бир гана нерседен жеңет. Анткени, ал музыканын тилин дурусурааак билет. — Кызын дагы сөзгө аралаштырып, кысылбаган жагдай түзүү аракетин көздөдү.

Макмуттун кымындайынан делбеленип жетпей жүргөн сүйгөн өнөрүнө өнөк да, өнүктүрүүгө өбөк да, бу куттуу үйдө катылган кандайдыр бир сыйкыр, жыйырма жыл ары чайкап, бери чайкап олтуруп, Ала-Тоодон, Балтык деңизине атайылап апкелгени, болочок таалайы ушул музыка сүйлөгөн бөлмөдөн ачылчудай кызуу унчукту:

— Музыканын тилин билген кишиден бай ким бар. Ага тилмечтин кереги жок. Анын тилин дагы дилин, дагы аккара дебей, бүт ааламдын адамдары түшүнүшөт.

Айя түптүз эле өзүнө багыштап, Макмут жагынуу иретинде чоң сөздү таштагандай кыйпычыктады:

— О андай ардак өтө чебер, улуу музыканттарга гана таандык. А биз эмне... үйдөн чыкпаган үйрөнчүк элебиз...

— Жок, жаңылышасың, Айя! — Макмут кайда, кимдер менен олтурганын унуткансып, а түгүл оройлугунан, курчтугунан чочулап көзүн алайткан Айяны көрөөр--көрмөксөн, ноталар шкафына, ага улай бурчту ээлеген «Рига» пианиносуна, азыр эле тилге келтирчүдөй шадылуу машчасын суна мурункусунан өкүм сүйлөдү,— мындай шарты бар үйрөнчүк чебер устаттан өтпөйлү?!

Язеп уландын музыка тууралуу чукугандай оозун көбүртө үзүлүп түшүшүнө негедир таң калыңкы. «Мүмкүн, шык уялаган жалын жүрөк, жапан таланттыр. Адамды кагажытуу оцой. Жакындатып сырын тартуу кыйын».

— Айтканың калетсиз,— деди ата.

Жалт бурулган Айя, а деп кепке илешкенде жактоо угуп жагалданган Макмут экөөнүн тең жаркый түшкөн жүздөрүн жылыта, Язеп аталык мээримин төгө, уртун жыйра, жылмая минтти:

— Макмут, Кыргызстандын кайсы тарабынансың?

— Түндүгүнөн. Ысык-Көлдөнмүн.

— Ысык-Көл! Жайдыр-кыштыр тоңбогон, Орто-Азиянын Кара деңизи. Айланасында курорт-санаторий, дем алуу үйлөрү. Көп тармактуу өнүккөн колхоз, совхоз, чарбалары... Ушундай эмеспи.

— Дал ушундай!

— Сен Чолпон-Ата жактансыңбы же Жети-Өгүз, Кой-Сары жактансыңбы? Же өзүңөрдүн Чүй өрөөнүнөн арттырып, Казакстандын талаасын гүлдөткөн атактуу Орто-Токой суу сактагычы тараптансыңбы, же Пржевальскинин эстелиги коюлган көл башынансыңбы?

— Көл башындагы «Кызыл Жылдыз» колхозунанмын.

— Кызыл апорт алма, дан эгини ыргалган, жашылчалар жайкалган, малы тоо коюндарына батпаган, миллиондогон кирешелерди алган бай жерден турбайсыңбы?

Айя Кыргызстан жөнүндөгү адабияттарды атасынан кем окубаган. Бирок жердин аттарын анчалык эсине сактамак кайда? Атасынын ар адамды тез гана бооруна тартып, жакындаткан сапатына суктана, жигитине сыпайы мамиле жасаганына, аны менен жалгыз байырлашууга Кыргызстан боюнча дагы көп суроолорго «атайын» тийбегенине кубанууда...

Макмут ата журт кабарына аябай кусадыр эле. Алмателме сөз козголгондо боконо сөөгү болкулдап, ач курсагы тойгондой, чаалыккан денеси чыйрала сагынычы канды белем. «Алыста жүрүп, мекениңди жакшы билген, даңкын баса мактаган кишиге пикирлешүү жанга кубат тура. Айланайын журтум, сенин атагың менен мен, чүрпөң чоң сөзгө тең болдум, чоң адамга жанаштым...»

Көлдөгү айрым жаңылыктарды Язеп Зиедонистен угуп, ого бетер канат байлоодо. Чү дегенде сүрдүү адам азыр негедир жакынындай, көптөн бери тааныш мугалимдей, аны менен качан болсо да, канча болсо да аңгемени улантуу кызыктуудай... «Улук болсоң кичик бол деген ушу тура».

Бозой кыйлага тымтырс телмирди. Язеп жалгыз ошол үчүн китеп, картанын жардамын пайдаланып даярданганын кайдан туймак? Окус, кийин соңку сөзүнөн карматпайын деп, Макмут үй атасына ачык кайрылды:

— Кечиресиз, сиз биз жакка барып келгенсиз го? Балким бир кезде ошоякта иштедиңиз беле?

Зиедонис тарамыштары көгөрүп сыртына чыкан куржугуй сөөмөйүн иймендетип, чын сырын айкындады:

— Жолдош Макмут, Кыргызстанга барган да, иштеген да эмесмин. Бир-рок, кыргыз уланына жолугарымды билгем. Как ушу жоопкерчилик себепкер... Түшүнүктүүбү?

Макмут чекесин кашып, айран-таң жана бушайман. Айран таңы — Зиедонистин ага жасаган асыл мамилеси, укмуштуу сезими. Бушайманы — кызмат өтөп, суусун ичип, нанын жеп дегендей үч жыл жашаса да Латвия жөнүндө

мынчалык так билбегени, «Демек — бирөөгө достошсон, анын ата мекенин дурустап таануу адамгерчиликтүү салт экен ээ!..» Сааттар жылып, сан түркүн кеп сабалды...

Язеп Зиедонис тоо уулунун өктөм, чалпоолугу; ыктуу учурда жоошуп, моюн сунуп, маашыркап угаарын, ойлоно кыялдана алаарын ачык кубанып, ачык уялаарын, көрө электе элестеткендей ата журту сыяктуу ачылбаган байлык ичинде быкканын, ооздукталбаган жапан күлүк көзүндө ойноктогонун, анын куду өзүндөй үй-бүлөгө гана баш ийип, үйүр алып, табына келээрин кыраакы сезиминен таразалоодо. А кандай байлык? Не деген «жапан күлүк»? Канткенде, качан ачылат, качан, канткенде тапка келип, канчалык, кандай марага чуркайт? Тоо койнундагы кенди ачуу үчүн илим, техника менен куралданган геолог, инженердин түйшүктүү, көп жылдык эмгеги зарп кылынат. А адам ичиндеги кенди ачуу үчүн, көптү билип, көптү көргөн, кыраакы, таалимдүү, чыдамкай, көсөм психолог керек.

Айя көсөмдүк милдетти аткара алабы? Ал алгачкы мыкты чалгынчылыкка жарады. Байлыгын ичине каткан Тянь-Шандын бир белесчесин тапты. Эми андагы кендин атын, затын аныктап, аңтарып иштетип эл мүдөөсүнө жумшоо анын жалгыз колунан келбес, устаттын жардамы зарыл. Ал устат ким?! А мүмкүн Зиедонистин өзүдүр.

— Макмут, сен кечки тамакка дейре мында кал. А сен Айя, мейман камын көр.

Жарпы жазылган Айя атасын, андан жашырбай Макмутту жарк-журк алмак-салмак тиктеди:

— О, жарайт, атаке. Столду апамдай жасалгалабасам дагы, колумдан келишинче кооздойм.

Язеп эки жашты кечке дейре ээн-жайкын калтырып, «илим жыттанып, музыка сүйлөгөн» бөлмөдөн башын ие күлүмсүрөп, жекшемби күнкү Риганы аралооого чыкты.

Макмут үй ээсинин сырткы каалганы жапканын угаар саат дароо пианиного жетти. Ташкенттеги консерваториядан кеткенден бери колу тийбеген тилдүү,сырлуу аземдүү ыйык буюмга купуя таазим кыла башын эңилтип, алаканы менен сылап-сыйпап узакка телмирди. Ызасы эми кайнап, кирпиги кыбындап: «Сендей асыл буюм, асыл кесиптин баркына артынан сая түшкөн гана жетет. Эсирип ээлик болалбай калбадымбы. Эмигиче жүрөк, табигат сырын миң кубултуп, миң кайрып өзүндү таңшытып отурбайт белем. Анда мен эч кимдин байлыгына, сулуулугуна суктанбас элем. Кеткен кезек учкан куш деген ушул. Бирөөнүн ойногонун көрсөм итатайым тутулуп, алыстап качкым келет, музыкасын гана тыңдап рахаттанам. Азоолак чала койчу,

әлем, унутқан чыгармык. Көкүрөктө көп-көп күү, ыр тыбырчылайт. Бирок, пайдасы не? Кадырына жеталбаган соң ускини ойго салып не кылам. Же дурус ойной албасам, Айяга кур бекер шылдың болоюнбу?..»

О кыйлада аштымканадан Айя баш бакты. Солдаттын жанакы боюнча пианинодо катып турганын көрдү.

...Адамзат кейпин куюлуштуруп чиймелөөнү балдар үйүндө экенде эле түзүк өздөштүргөн. Түзөтүү колониясында далай жолдоштору анын колунан тартылган портреттерин бапестеп, үй-бүлөлөрүнө жиберген. Солдат курбулары нын далайы альбомчолорунун биринчи бетин Макмутка боётушат. Машыгуу, башка жумуш аралыгында танаписте табигат көрүнүшүн, иш жагдайын, сонункурап тегеректеген солдаттардын көзүнчө блокнотуна түшүрүү сүйгөн эрмеги. Ушу кезге дейре додолонтуп тарткандарынын эч бирөө азыркы Айяныкындай жүрөгүн жылыткан эмес чыгар... Мындай чөнтөк-блокнотко кыйла жаштар ыр жазышат, фотолорун чапташат. А Макмут далайын чемоданына жашырган, кээсин досторуна эстеликке ыроологон. Бөртүм калың баракты (Айянын элеси чагылган) акырын макиси менен түбүнөн кести да, пианинонун үстүндөгү аппак мрамор пилге жөлөп койду.

Сүрөттү бапестеп, тыягынан-быягынан карап, пианино го жөлөнгөндө этек-жеңи сүйкөнүп зың эткен дабыш жүрөгүн элжиретип жиберди. Караса клавиши ачык. Адам көңүлүндөй азгырылма эмне бар. Олтургучка көчүгүн басып, тилке-тилке төө тишиндей кашкайып тизилген клавишти эрини менен чопулдатып өпкүсү, күү чалгысы келди. Ошо клавиштердин апай тиштеринин арасында Айянын жүрөгү, каткырык күлкүсү катылгансып чыдай албай, тоодакка атылган бүркүтчө чеңгелин жазды. А дегенде ач айкырык чаңырды. Бирок негедир чочуган жок. «Айя угарын укту. Жапан айкырыкка күлүп жаткандыр. Эми несинен аянам». Акырындап, До-ре-си-ме... лерин термелеп, кай жерде кайсы үн букканын, клавиштин жайгарылышы пианино аттуунун барында эле бирдей го деп божомолдоп, мындан үч жыл Ташкен консерваториясындагы аспапты элестетип, көкүрөгүнөн кыргыз ырын куюлуштуруп, а дегенде баш-башын чолок кайрып аягына жетпей убараланды. Бара-бара обон көкүрөгүнөн тырмак учтарына сызылып Молдобасановдун «Жайлоосунун» бир сабагын созолонтту дейсин. Латыштын үйүндө отурганын унутуп, кыргыздын Ала-Тоосунун арасындагы бетеге чөбү жайкалган, улары таңшып, булагы туйлаган, абасы аңкыган жайлоосунда, айлуу түндө короо четинде чабан келиндин обонун тыңшап, чалкы-

ган бозой кебетесинде. Кубулжуган коңгуроо үн сагынган уландын жүрөк черин козгоп, көз көргүс жакка зыпылдап учкан шумкарча канатын керип, көңүлүндө кирдин барын айдоодо...

Айя өз кулагына өзү ишенбей кыйлага селейди.

Кандайдыр эч эшитилбеген сезимди кытыгылап, элпек кайрылып, эркин созолонгон, анчейин татаал партитураны талап кылбаган жаштык ырларын пианино сайраганын угуп, үйүнө Чыгыштын булбулу учуп киргендей... Газдын билигин өчүрдү да, тапочкасин да таштап жылаңайлактанып, бутунун башы менен мейманканага жылып кирди. Андан китепкананын айнектүү терезесинин түбүнө жетти. Укмушуң кур. Баягы чалпоо, ыйманы ысык солдат Макмут! Күржүйгөн кийимчен, саамайынан салаалап сызылган терге киринип, мандайында коюлган нотасыз, көзүн үлүндөтө сүзүп чайпалган калыбында кыска-кыска обондорду биринен сала бирин безилдетүүдө.

Айя Макмуттун ата-бабасын кылымдар бою эч нотасыз эле комуз, кыяк, чоорду колунан түшүрбөй муң-зарын, кубаныч күлкүсүн, баатыр-жоокерлигин акылман айлакерлигин даңазалап, залкар күүлөрдү укумдан тукумга кагазсыз көкүрөккө жаттатып машыктырганын кайдан билсин?

«Ушунчалык берилип, өзүн эрите ойногон кадик музыканттар, артыкча керт башынан күү чыгарган композиторлор, улуу, чыгармачыл пианисттер болуу гана мүмкүн. А бу жапан «композитор» нотаны билмейин, классикалык музыканы түшүнүп, ойномоюн алыска жылмак кайда? Нотанын алгачкы алфавитин азоолак окудум дебеди беле. Үйрөнчүктөр үчүн жазылган кыска ырлардын ноталарын сууруп, астына жайсамбы? Айтып үйрөтсөмбү? Кызуу ишке чөмүлгөн адамга жолтоолук кылуу адепсиздин жоругу. Келки кичине обондорунду кайыр. Кумарыңды таркат, Махмудум. Канткенде сенин ушул чала өнөрүндү өнүктүрө аламын? Канткенде сенин тубаса, жапайы жөндөмдүүлүгүңдү каныга окуган, маданияттуу, кандим өнөрпоздордун деңгээлине жеткире аламын? Мени менен кошо консерваторияга кирип оку десем... Ура-аа! Таптым акылды! Махмудум, адеп жолукканда эле мендик экенинди билгем. Менин таалайыма Тянь-Шань тоосу бир барчынын таптап ал деп жиберген экен да... Ойно! Мен термелбей тыңшай берейин...

Язеп Знедонис каалгасынын түбүнө көтөрүлгөндө үйүнөн чоочун, бирок уккулуктуу обонду угуп тык токтоду. «Бу ким? Макмутпу? Кайдан. Аны жактырган кызым, ого бетер жагуу үчүн кыргыз композиторлорунун чыгармаларын

таап ойноп берип жаткан экен го». Турду, турду. Деле бүтчүдөй эмес. Басып жүрүп чарчап бүттү. Күн кечтеп калды. Эгер ал, ушул обондорду дагы улантып чертүүсүн суранып, укса жаманбы? — Электр топчусун жумшак басты. Баягы татынакай шыңгыр обон — күүлөр өз кабинетинен, Айянын пианиносунан дагы эле жыбылжып төгүлүүдө.

...Макмут кеткенден кийин ата кабинетинде кандайдыр жагалданып, туш тарабынан көз чаптыра эс алып олтуруп, пианино үстүндөгү бөртүм кагаздан карындаш менен тартылган сүрөтүн чалдыктырды.

* * *

— Карачы мобуну!

— Ой азамат!

— Балээ го?

— Сөлпөйгөн немеге чүрөктөй кыз неге жабышат ой!

— Ураа! Жаша солдат, өлбө! — Термелип бучкактай баскан сомодой эки эркектин оозунан ээн элкин сөздөрдөн үркүп, бозой селки мурдагысынан бек кыналыша алга атырылышты. А тиги чер жазууга чыгышкан улгайган эки курортчу, жаштардын кумду эшилте матырган издеринен мүдүрүлчүдөй айланчыктап туруп калышты.

— Күн ачыкта деңиз сейили сонун да — деди Айя каш кирпигин серпе суу бетинде быкылдаган ала-була, кызыл-тазыл адам базарын аралап баратып.

Макмут өмүр рахатын эми араң көргөндөй тамшанып койду: — Дайыма, күн тийип турса ээ...

Айя табышмактуу жумшак гана күрсүндү. Макмут кантсе да сөзүнө ээлик болуу алакетин көздөп, шашкалактады:

— Биздин Ысык-Көлдө таң аткандан иңирге дейре такай күн күлүңдөйт дейсиң...

Уландын кыйытын, улам тереңдеп баратканын жазгыруу үчүн кыз, шар шаңк этти:

— А биздин Балтика анчалык ашкере эркелетпейт. Кайсы маалда күлүп, кайсы маалда кабак чытышты билет.

Макмут «А балким, кимге түнөрүп, кимге жылмайышты дагы билээр» деп айтууга эринин эптеп, сөздү кайра алкымына күрмөдү. Анан, Айянын алаканын кыса баржактады:

— Бир: нол! Утуш сеники!

Кыз жайдандай секин башын ийди:

— Буерде эл абдан жыш. Нарылайлы. Асман али мөлтүр. Нурга кактанып, деңизге чайынсак кантет, Мах-муд?

Бу күтүлбөгөн сунуш жигиттин жүлүнүнөн өрт тутантты белем:

— Жаным менен! — деген шоокум тилинен, же канынан суурулганын аңдабай, моюнун буруп колтугундагы периге бажырайгандан бажырайды. «Мени менен сууга бирге түшүүнү чечтиңби, ыя! Ушунчалык ишенимиңе толдумбу?!..» Айя эч нерсени сезбегендей тымпыйып суз. Окус ошо заматта беркиге жалт кайрылса, эриген болоттой алоолонгон көзгө даап тике багалат беле, мүмкүн...

Азыр Макмут анын чырайындагы сулуулукту унутуп, дилиндеги адамгерчиликтин сулуулугун, ойдогуну айттырбай туйган бирок ар кандай эселектикти тез, сыпайы кагажыткан, көңүлдү чалкытып жолдошунун жүгүн тымызын жеңилдете билген, айлакер акылдын сулуулугун баамдап, боюн жыя сыймыкка балкыды. Китептерден окуп, турмуштан кездештирбөөчүдөй элесинде гана жашаткан телегейи тегиз адам дүйнөдө бардыгын, болгондо да жанында жүргөнүн эми араң туйгансыды. «Мени неге жакшы көрүп калдың экен? Олдоксон, кызуу кандуу баланы неге шыноорлотуп жем таштайсың? Сенин теңиң менминби? Жо-ок. Айырмабыз алыс. Мүмкүн мен жалооруй тиктеп, үзүлүп түшүп жармашканым үчүн, адам катарында шагымды сындырбай сый мамиле жасап жүргөндүрсүң. Кантип оюнду ачык билем? Ансыз деңизде адашкан кайыктан жаман теңселем го? Солдаттык күнүм да бүттү. Агама да, Айя сага да билгизе элекмин. Жолумду улантып, турмуштан ордумду издешим, табышым зарыл. Кантип? Кайда? Жакында, жакында баары маалимделет. Бүгүнкү турпатым го бул. А эртеңки сүйүүңө татый турган адам болом деп ант берсем... Айя ишенээр белең? Эгер сен ишенсең мен баарына жетээр элем. А эмнеге?! Сенден алыстоо сааты чукулдоодо. Көңүлүмө кир, көөдөнүмө зил толоор. Ал эми... Айя ашыктык колун сунсаңчы?.. Анда абалап сызарым бышык...» Макмуттун кирпик алды муздап, дагы эле кумга оонаган кары жаштын арасын төөнөп баратышкапын байкады. Аларга көңүл бурган да эч ким жок. Ар ким өзүнчө жайлуу, шаңдуу. Сууга түшчү кийимчесин этине тартынып, күңүрт көз айнектерин жаркылдатышкан аял, эркектин күнгө кактанып мемирегендеричи. Бир даары бекер олтурушпай китеп, газеталарга үңүлүүдө. Кайсы бирөө жеңжеңил дыргаяк атып, жээгиндеги күмүш кумдун өңүндөй агыш тартып мелмилдеген деңизди жирөөдө.

Куу, каз, өрдөк, аңыр, ак чардак жабыла каптаган тоо көлүнүн тайкы бир элеси Макмуттун көзүнөн калкып өттү. «Биринчиден булуң-булуңга ыктабай, минтип чогуу

кирипип, денесин күн нуруна өптүрүп тотугуудан ата-бабам неге корунган, уялган?»

— Колун талыгандыр. Алдакы сумканы мага берчи,— деди Айя тигинин ой туткунунан бошоно баштаган учурунда.

Макмут сол манжасындагы сумканы маалката жай калкытып оң капталындагы кызга жылдырды:

— Оор экен. Ичинде алтын барбы?

— Андан дагы баалуу! — Айя күрүч тиштерин быжырайтты. — Ушерге чечине бер. Мен азыр. — Энкейип босоножкасын бутунан чыгарып, сумкасын көтөргөн боюнча жылаңайлак сексеңдеп кемердеги бадалдарды беттеди. Солдат шымаланып, таманын кытыгылаган упадай кумдун жумшактыгы менен табына маашыркай керилип чоюлуп, спорттук көнүгүүлөрдү жасай баштаганында:

— О, Мах-муд, канчалык көрктүү ойнойсуң. — Табышсыз келген Айя чыңкылдап бет маңдайында турду. Тарбайган уланга ал чындап эле аккуу кебин кийип келгенсиди. Апакай мойнун койкойтуп, кол, бут, далысын булайтып, төшүнөн жоон санына дейре куштун канатындай кат-кат желбиреген жеңил суу костюмчан перизат, шыңга жигиттин чың булчуңдарын тиктеп өттү.

— Кана — деди кыз канатын жайып, костюмчасына өндөш агыш резеңке такыячан башын асманга чулгуй, буттарын тыбыратып, деңизге бурула.

Макмут Айяны чып колтугуна бөктөрүп сүзүп жөнөөгө да даяр эле. Бирок, адеп сактап «жол сиздики» дегенсип, ан үстүнө корунубураак жүгүнө кетенчиктеди. Ал кийинки кездерде «Маданияттуулук деген эмне», «Жаш адамдын жүрүм-туруму» жөнүндөгү китепчелерди окуп, кыздарга кандай мамиле жасоо, коомдук чөйрөдө өзүн кандай алып жүрүү ыктарын эсине тутуу далалатында.

Балтык деңизинин кумду жалап жаткан жайык четинен түрө узакка дейре тайыз жиреп олтурушту биздин улан-кыз. Айрым чабак билбегендер, үйрөнчүктөр гана суунун тайыздыгына кубанышып, чалпылдатып, аларга суюк берметтер чачыратууда. Качан суу колтукту жаба бергенде Айя кылаң эте абага эргип, алдыга, алыс атыла толкунду шарылдатып тереңге чөмүп, о далайда тээтиякта көзөп чыгып, ордунан жылбай көзөмөлдөп маңкайган бозойго манжасын серпти:

— Кууп жет эми!

Ысык-Көлдүн тармал толкунунда чоңойгон азамат буту колун олбуй-солбуй таштап жайбаракат сонунан жылды. «Канчалык узаар элең. Булчуңсуз ичке, назик жилик-

терин эми эле талыйт. Чарчаганда кайра тартаарсың. Кулачымды ыкчам шилтесем көз ирмемде жанашам. Андан көрөк мени айрөктөп, жеңдим деп күлгөнүңдү көрсөм, рахатка батам. Нарылай бер, суу перим, ак куум...»

Айя кумарын кандыра алга чапылдатып олтуруп, кылчайса, жигит алда кайда. Анын неге мынчалык кашаң тартканын анчалык капарына албай, кайрылып астынан тосо чалкасынан калкып, алмак-салмак капталына которулуп эс ала берди. Аны байкаган Макмут улам жорголоп, учуп, конуп мант бердирип, бала чагында мазактаган топулуу торгойду элестетип, ызасы кайнады окшойт. Камышты жапырылта качырган жолборстой көөдөнүн дагдайта суудан сууруптуп, шарп-шурп алма-телме кулачтап атырылды. Ал бат эле Айяга чукулдады.

Айя нурун төккөн күнгө боорун жарк-журк эттирип кебелбей манчаларын элпек гана шилей ойнун улантып жатканын көрүп, Макмут ооз алдынан тамчы сууну түрүлтө бырс күлүп ийди.

— Йоддуу деңизге кириниң, денени чыйралтып, көңүлдү сергиттик. Эми күмүш мамыкка бөлөнөлү. Ансыз Балтиканын жыргалын сезүү мүмкүн эмес,— деди Айя качан жээкке жеткенде карыя адамча, өз жеринин баркын ача сүйлөй.

Айя кийимдердин жанына жылуу кумга боортоктоду. Ага кынала кыңкайган Макмут, кыздын желбирчектүү ак костюмчасына жабышкан кумдарды көргөзө:

— Кургаганча ары-бери басып турбай — деди.

Айя камырабай, кочушун толтура сузуп, ууртунан мылмыйды:

— Бу касиеттүү кум. Булгамак турсун, кийимдин так түшкөн жерин сүртсөң тазартып коёт.

— Эй укмушуң түшкүр-р...

— О, буер бекеринен Янтар деңизи аталган эместир.

— А биздин Ысык-Көлдүн куму мындан ирирээк, кыпкызыл алтын түспөл, күнгө жалт-жулт чагылышат. Чаң чыкпайт. Ушу тапта ыпысык. А суусу асмандан куюлгансып жайы-кышы көлкүлдөп көгүлтүр, мөлтүр...

— А биздин Рига деңизи* кышында тоңуп, жазында эрийт. — Айя сумкасын алдына тартып оодарыштыра баштады. Макмут кыз буюмуна сугун артпоо ниетинде көзүн жашырып нары бурулду. «Рига деңизи кышында тоңуп жазында эрийт» деп бекер айткан жок го. Көңүлүмдү тапсаң эримин, болбосо тонмой арзан деп табышмактатканыбы?»

---

* Балтиканын Рига жак булуңун Рига деңизи деп да аташат.

Жигит жылаңач далысына тыпыйган жумшак алакан тап-талбаганда дагы эмнелер жөнүндө жоромолойт эле. Макмут дароо кырдана оодарылса, Айя газетаны бетине бутерброддорду жайып, нарзандын бөтөлкөсүн ачып, кургак чачын сексейтип, күлүмсүрөп олтурат. Шам-шум этип, суусун жутушкан соң, кыз сумкасынан калдайган китептерди сууруп экөөнүн ортосуна үйө баштады. «Музыканын теориясы» деген калың мукабалуусун колуна бапестей, ичин ачпай туруп, уланга өтүнүчтүү кирпиктерин жыбыратты:

— Мах-муд, музыка тууралу сөз козгоо экөөбүзгө тең кызык го дейм.

Макмут чыкыйын кашып, кайпактады. Жанагы «алтындан баалуу» деген оор нерселер ушу китептер тура. Кыз мисирейип андан жооп күттү.

Жигит чекесинен тер чачып, айла болсо, китепти жутуп жиберчүдөй көздөрүн бакырайтты. О кыйлада араң онтогонсуп үн катты:

— Музыканын алиппесин толук билбеген, мага дароо теориясынан баштамак кайда? Сенин билгениңдин жүздөн бирин түшүнсөм эмне дейсиң. Бу жагынан жолдошчулукка жарабайм, Айя...

Бозойдун өкүттөсү селкинин кубанычын арттырды. Айя Махмуттун музыканы жаны менен сүйөрүн, же кырсыктан көңүлү сууган эме жатыркап качарын билмекчи эле.

— Мен жалпы эле музыка, анын айрым теориялык жагдайларынан айтып берсем, кызыгарына көзүм жетет. Ишен Махмуд... Макул де.

Караңгыда ширенке чагылгандай көзүн ирмеп алды Махмут:

— Анда мейли.

Музыкалык жанрлар, терминдер бара-бара улуу композитор, дирижерлордун аттары, чыгармалары менен байып, кургак сөздөн жандуу, сырлуу окуяга айланып, Махмут Айянын «сыйкырына» кандайча тартылганын сезбей да калды. Коштошордо кыздын колун коё бербей кыйылып туруп:

— Рахмат Айя, жүрөк черимди жаздың. Эртең эртелеп жолугуп, дагы ушу аңгемени улантканга кандайсың? — деди. Айя анын убакытка мынчалык эркин болгонуна ичинен таңданып, сыртына чыгарган жок. Бир ооз гана —«жарайт» — деп, далалаты ишке ашаарына үмүттүү үйүнө кайтты.

Махмут болсо музыканын кылынан ичке, үнүнөн татаал илимий, тарыхый маңызы китептерде букканын, аларды эки-үч кездешүү менен Айядан түгөл өздөштүрүүчүдөй көө-

дөнүн дагдайтып, көчөнү жалгыз кыдырып жүрдү. Алгачкы сабактын аземи кандай максатка багышталганы эч дарексиз. Ал бүгүн дагы кызына айтууга камынган сөзүн кантип унутканын башына түшүралбады.

«Сентиментализм», «Романтизм», «Реализм» — деген кылым-кылымдарды кучактаган «жаңы» дүйнөнү аралап, байып кайтты. Ааламды ыр, күү өнүккөн учурдан тартып, ар түрдүү багыттагы музыканттар жашаганын, ар кими өз доорунда түркүн аңыздагы чыгармалар түзүп, элдин аң-сезимин тарбиялаганын элестетип басса-турса акыл жүгүнө башы салмактанып, чоочун бирөөлөргө пикир бөлүшүүдөн кысканып, өзү менен өзү купуя күбүрөшө берди.

— Музыканын тилин жашык, ыйлаак, үмүтсүз кайрып, элди мүңкүрөткөн сентименталисттердин доорунда жашасам, тумчугуп өлмөк экемин. Шаңдуу, кыялды апыртып, эргиткен, көңүлдү чалкытып оштонткон романтик композиторлордун сырдашы болсомчу! Чындыкты кашкайтып жүрөк, турмуш сырын сыбызгыткан реалист күүчү, обончунун булагынан шимирсем ээ...

Чыкыйы сыздап чукуранып, кыйналып зорго кырына которулганда Макмут ойгонуп кеткеничи. Көрсө «музыкалык сөздүктү» жазданып бүкүлү боюнча жалтыраган айнек вокзалдын «күтүү залындагы» катуу нарда суналып жатыптыр. Бул орун кийинки күндөрдө анын түнөк жайына айланган. Аны эч ким кубалабайт. Түн күзөтүп, поезд кезегин күткөн жүргүнчүлөр дагы бутун тартпай таттуу уктаган жаш солдаттын тынчын алып орун талашпайт. Ага буер алигиче карабин асынып, патрулдун тартибин бузуп, Айяга жолукканда тартып негедир көзүнө жакын, жүрөгүнө жылуу. Башын көтөрсө, көчөдө жымың-жымың жыбыраган шам жалыны өчө элек. Капталына оңдолуп, кирпигин жумаар-жумбас мелтирөөдө. Далай күн өттү. Колужолу бош, бой салтаң неме неге зерикпейт? Убакыт дайыма жетпей, эртеңкини эңсетип кыскарып, уурдала бергенине акылы дал. Курулушта, машыгууда жүргөндө солдатка кеч кирүү алыскы сапардай түйшүктүү эле го. Эми ага жайдын күндүзү бат, түнү узун. Таңдын атышы анын көңүлүн кошо агартып, делөөрүтүп, деңиз жээгине шаштырат. Аяктан азыгын кошо көтөрүнгөн Айясы тосот. Аземдүү кыздын жанында оюну, күлкүсү, иши аралаш, өзүн унутат. Бу неси? Макмут башын катырып, себебин издейт... Табуу керек. Ансыз, алданган күн акырындык менен азаматты тоздуруп-аздырып баратпайбы. Бир сыйра солдат кийими кирдей баштады. Чөнтөктөгү кунарсыз акча түгөнүүдө. «Рига — Москва — Фрунзе — Пржевальск» са-

парына жетээрлик жол билетин өткөрсө, вокзалдын кассасы акча кайрып берсе ээ... Андай тартип жок. Солдаттын билети ыйык. Андан көрөкчө, мөөнөтү өтүп күйүп кетелегинде эл, жерине агасына жөнөсөчү. Жо-о-ок. Ал шар аттана албайт. Жолбун турмушка кайыл. Иши кылып Айядан күдөрү үзүлбөсө болгону. Күдөр! Ага азык, кийим, үй жай, эл-жерин алмаштыра алабы? Кайдан... Жалгыз күдөр деп олтуруп, ач жыланач ара жолдо калсачы! О, анын жүзүн көргөзбөсүн. Анда неге далай мезгилди «бекерден бекер» өткөрдү. Калп! Ал керемет окуяга аралашып, ачыгына, чокусуна жетелек. Балким, байыркы замандагы акылкеч араб кызы Шахризаданын «Миң бир түн» жомогуна эриген падыша сымал биздин солдат, латыш кызы Айянын «Миң бир күн» сабагына тартылып баратканын али чындап андай электир.

Макмут таң кашкайганда чоң кирза өтүгү менен тапырап сыртка чыкты. Вокзалдын астындагы бульвардагы таажыларына жылтыр-жултур шүүдүрүм тагынган гүлзарга таазим эте, керилип-чоюлуп желе-жорто эптеп денесин жазды. Даараткanадан бетин чайып, чоргоого тилин төшөп суудан жутту. Кынжыйган ичин кармалап, обору ачыгып, буюм-терим сактоо бөлмөсүнө чуркады. Чемоданын ачып, жолго делген солдаттык гүлазык салынган калтаны булкуп (буга чейин тийбеген) кургатылган колбаса, бөлкөдөн бурдады. Бүгүн Айясына консерваторияянын эшигинен саат тогузда жолукмак. Баса... Неге аны консерваториядан жолугалы деди! Неге алтыда, жетиде, сегизде эмес, тогузга чакырды. Неси болсо да курсакты кампайтып тоюп барганы оң. Бу мертебе Макмут сөзсүз мынчалык дембе-дем кереметтүү кездешүүнүн соңу эмне менен бүтөөрүн Айядан сурайт, билет. Ансыз жолбундуктун жоболоңу бүтпөйт го... Почтамтка кирип, агама кат жазсамбы! Эмне деп? Солдаттык мөөнөтүм бүттү, бошондум деппи? Анда жол тосуп убара чекпейби. Жол кирем жетишсиз. Акча жибер десечи? Жиберет. А дароо колуна тиер замат шыдыр жөнөбөй кармалып калсачы! Ого бетер дүрбөлөңгө түшүп, санаага чөгөөр агасы. Анан эмне деп жазмакчы? Колукту таптым. Төрт тарабынан төп келишкен перизат. Ага арзырлык даражага жетиш үчүн, жана да сиздин эмгекти адал актоо үчүн Москвагабы, Фрунзегеби токтоп жогорку окуу жайларынын бирөөнө документтеримди өткөзө кетейин десечи. Эң туура! Солдатты конкурссуз алат. А кайсы окуу жайына өтмөк. Сүрөтчүлүккөбү? Жок, консерваториягабы? Андан көңүлү калган агасы жаа бою секирээр. Айыл чарба институтуна, ветеринариялык, же зоотехникалык факуль-

тетине десе... Таппасаң сыйпалап кал! Агасы баш болгон мекендештерине бул адистиктин баркы күч! Али андай адистер жетишсиз!

Ары ойлонуп бери ойлонуп олтуруп, агасына аба аркылуу кат учурду.

Далайдан бери кур байкабамыш этип жүргөн Айя бу сапар Макмуттун дүрбөлөңгө түшкөнүн, жаак эти шимилип, көздөрү киртийген ыранынан окудубу, же кадимки солдаттык тыкандыктан такыр ажыраган бырыш-тырыш кир кийиминен баамдадыбы, айтор консерваториянын дарбазасын аттар замат, учурашып кысышкан шадысын тартпай туруп, жаркөрлөнө шыбырады:

— О Махмуд, жаңылышсам кечиресиң, кандайдыр кыйналган түрүң бар? Эгер жашыруун «согуштук сырга» жатпаса-а...

— Вокзалда түнөп жүрөм — деди жигит тигинин пейлин, атайын мукактанганын түкшүмөлдөп.

Дароо энесине калпы чыкан балача тиштерин барсайта күлдү — эч кыйналганым жок!

— Демек, аскер кызматын өтөп бүткөн экенсиң го.

— Ооба. Деңизге алгачкы ирет түшкөндөн бери бошмун.

— О-о туура жарым ай!

— Жо-жок, он беш күн өтөлек!

— Ылайым ошондой болсун — Айя алдыга жол баштай тыпылдады — Махмуд дейм, колтугундагы сөздүктөн биз сүйлөшкөн терминдерди карап көргөндүрсүң ээ?

— Ананчы.

— Клавир менен партитуранын айырмасы кандай эле?

Кыз анын акыл күчүн сынамакка капысынан качыраганын туюп, офицерге жооп берчүдөй кызуулана унчукту:

— Клавир деген бар эмеспи... — Анткыча Айя консерваторияның тар далисинин бурчундагы эшикти шарт ачты. Макмут карегинин нурун ээп бөлмөдөгү пианиного үрөп, буйдалбай жетти.

— Клавир дегениң,— композитордун мына ушул аспапка чертилүүгө жазып берген нотасы. Пианист аны карап мындан күү чалат, ырчы ага овон кошуп ырдайт. Ал эми партитура дегениң: ансамбль, хор үчүн көп аспаптан турган оркестрге, маселен — бир эле күүнү — флейта, габой, гобор, сурнай, керней, добулбас, комуз, кыяк, барабан, фортепьяно, арфа, альт, тенор, баритон, бас ж. б. үчүн барына ылайыктап бөлүп-бөлүп жазылган нотадагы музыка.

Айя тигинин жанына жөлөнө ыктады:

— Жарайсың Мах-муд. Булар жөнөкөй гана нерселер.

Музыкага кызыккан адам чү дегенде аспаптардын, жанрлардын, терминдердин мазмунунун так, айра таанышы ыктымал. Бу жагынан азырынча ушу билгениң эле жетишет. Андан ары нотаны окуу, жазуу, аткаруу кылдат, аземин ача түшүнүү башталат. Жалгыз өтүнүчүм, экзаменде жайыраак, үндү басаңдатыбыраак сүйлөөрсүң...

Макмут башын селт буруп, чолок жең чыт көйнөк кыздын жыланач билегине ысык алаканын басты:

— Кайсы, не деген экзаменди айтасың?

Айя шок жигиттин илебине термелбей, токтоо, негедир ишене, жана да ишендире мөлтүрөй кадала карап, жумшак үн катты:

— О Мах-муд, аракетим текке кетпесине көзүм жетип келатпайбы. Орто жолдо калмак белек. Аягына чыгалы да.

Макмут не дерин билбей, кан тамырлары титиреп дандаарып мойнун ийилтти. «О не түркүн сыпаа эркелетүү, тымызын сыртыңан бийлеп алуу. Небак менин тагдырымды чечип, камымды көрө баштаган экен да... Бу аземдүү кыз мага белгисиз далай сырларды ичине түйгөн окшойт. Неге ушу баштан түбөлүккө сүйүүсүн айкындап санаамды тынчытпайт? Агама кайрадан кат жазамбы. Эмне деп. Коё турайын. Жооп келсин...»

Айя аспаптын капкагын ачып, олтургучту жылдырып, тилсиз момураган уланды колунан сылдаы:

— Мах-муд, олтурсаң. Фортепьяного өгүңкүдөй кыргыз күүлөрүн чертсең. Мен дагы үйрөнөйүн.

— И-я! Сенби, Айя! Кыргыз обондорун үйрөнөсүңбү?

— Милдеттүү түрдө?!

Макмут ушу маалда жүрөк жалынын бүт сапырып алоолонтту белем. Шадылуу сөөмөйлөрү ташка тамга баскандай клавиштерге сайылып,, «Жайлоодо», «Эмне үчүн», «Саанчы жеңе», «Жүрөктү жүрөк түшүнсө» обондорун биринен сала бирин кубулжутуп, кайра-кайра башынан түшүрдө.

Айя нота дептерин баракгап, карандашын ийсеңдетип, кулагын түрө жигитти кубаттай шаңк-шуңк:

— Кайталай бер виртуоз (маш) «жапан» композиторчом. Кыргыз овондорунун папурийин улам-улам кайра берсең...

О бир оокумда кол жазма нотасын жайып, пианиного Айя чыпыйды. Айткандай аста секин, сак кынкылдатып олтуруп, бара-бара тапатак, кыргыздын жаштарынын азыркы күндөгү сүйгөн ырларын кадимкисиндей сыбызгыткында, Макмуттун эт жүрөгү эрип балкыды. Эгер консерваторияда эмес, тоо арасында ушул овондор аткарылса,

ал гана түгүл, укқан жердештериниң бары «бали, жаша» деп жактап, коштошпойт беле. Жигит оюндагы кубанычын сыртына чыгара:

— Айжан, Аичка, биздин айылга барып ойноп берсең, эл-журтум сага таңданып, укмуштуу куттукташмак.

— А мүмкүн барып да калаармын.

Макмут агасынын үйүндө, а балким бүтүндөй колхозунда пианино жоктугун эскерип кыйпычыктады:

— Тамаша кылам, Аичка.

— О Махмуд, бу эчтеме эмес. «Айчүрөк», «Чолпондордун» партитурасын таптым. Кийин ойноп берем. А сага латыш ырларын үйрөтсөм каршы болбоссуң?

— Жаным менен...

— А дегенде, бүгүндөн баштап, нота жазганды, окуганды үйрөтөм. Андан качпасыңа ишенем. Анан, бир айдан кийин биздин консерваторияга экзамен тапшырасың да.

Макмуттун көзү чанагынан чыга чакырайды:

— Кантип?! — Анын оюнда алды менен кантип экзамен тапшыруу, анан кантип мекенин көрбөй ушерде калуу, өткөн күндө да, үстүмдө солдаттык кызыл жабырынан башка үйрүп салаар кийми жок, чөнтөгүндө акчасы жок жетим бала кантип жан сактаары, эгер агасы анын экинчи ээн баштанганына макул болбосо, аны менен кантип кол үзүшөөрү, бир гана «кантип» деп өпкө боорун куушура күчтүү бүркүлгөн сөздүн айланасына түйүндөлдү.

Айя көзү, жүзү, эринин бирдей жайната жылуу жылмайды:

— Мына ушинтип эле.

Андан Макмут «менин жанымда жүрсөң, оболума көнсөң, мына ушинтип эле баарына жетишебиз» дегенди түшүндү.

— Аттестат, башка документтериң кайда? — деди Айятигинин каршы чыкпас табиятын боолголой.

— Чемоданымда, вокзалдын буюм-терим сактоочу салык тамында.

— Эң жакшы. Максаты бар эр азамат анча-мынча жүдөгөнгө мүнкүрөбөш керек. Сенден таланттуу адам чыгарына көзүм жетет. Чыдамкайлык, өжөрлүк гана керек. Эгер дайма, дегеним убактылуу гана, менин тилимди ушундай уксаң, бат эле далайды кууп өтөсүң. Ишен, менин Мах-мудум.

— Ишенем Айжаным! — Жигит токтоналбай кызды кыса кучактап боорун кысты. Кыз солдаттын одуракай мундирине, жүрөк канынын илебине жылынып кыйлага ыктап башын жөлөдү. Каникул мезгилиндеги консерватория-

ның ээн аудиториясы жогорку курстагы студентка менен болочок студенттин ысык кучагына ың-жыңсыз мемиреди.

Жигит кызды кыйлада колтугунан бошотуп дагы колдурады:

— Мен өзүмө анчейин ишенбейм! Сага гана! Сен үчүн гана барына даярмын. Сени консерваториялардын бары сыйлашат окшойт. А мен минтип...

— О Мах-муд аны айтпа! Антпесең! Папам менен акылдашып көрөмүн...

— Баса — деди жигит уялганынан тигинин сөзүн бөлүп — агама кат жөнөттүм. Ал акча жиберет.

Айя айланып пианиного жөлөндү.

— Бу аудиторияга руксат алдым. Көшөөрүп иштейбиз. Күүнү жазганды, окуп ойногонду такай олтуруп, тез эле өздөштүрөсүң. Кап десеңчи — кичинекей муштумун бөйтөйгөн оозуна далдалап, кабагын чытыды,— апам келди. Артыкбаш басып-турганымды тергейт. Үйгө барып чогуу машыгууга болот эле. Апамдын иши да биз менен бирге 1-сентябрдан башталат. А киши сенин ким экенинди түшүнбөйт. (Макмут чын эле мен ким элем деп ичиркене далысын куушурду). Солдаттыгыңдан эле үркөт. Солдатыңдан кабар барбы? деп сураганында «жок» дедим. Санаасы тынч жүрө берсин, ошентип кой деп атам айткан. Баары бир мен апамды аябай сыйлайм, бирок сен туурасында, жактырган жигитим туурасында андан коркпойм. Солдат ким экенин, башка ким экенин, кызы ким экенин ага акыры түшүндүрөбүз.

* * *

Небак колуна кармабаган комузун чертип, кыягын тартып түшүндө эриген Макмутту күндүзү ата-бабасынын овон, күүлөрү дилдиректей чимирилтип, делдейген кош кулагынан кетпей, канат бүтүрүп сабалатып учуруп жүргөндөй. Кара Молдонун кылымдарды термелтип «Сынган бугу», «Камбаркан» чалганы, Мусанын «Алма аламдап» каткырганы, Атайдын «Күйдүм-чоктоп» боздогону, Мураталынын «Аткеттилеп» сыбызгытканы, Саякбайдын күйүп-жанып «Манастан» дүпүлдөткөнү, ай-аалам адамзатынын жүрөгүн чалкыткан Чайковский менен Глинканын миң сан аспапты тилге келтирген, сыйкырдуу чыбыктары деңиз жээгиндеги тоолук уландын делебесин козгоп, сүрөөгө алышкандай. Ал негедир демдүү. Кургак нан-пан, чай-пай шамшум эткен болот. Курсагы ачпайт. Ноталардын темир комуз тилиндей покотторун тез эле илмең-илмең чиймелеп,

Айясына, консерваторияга, пианиного ашыгат. «Түшүү оңолгондуй иши оңолот» деп ичинен күбүрөп да коёт. Кана ра ал эскинин жоромолу деп санап, «эмне жөнүндө көп ойлоп, берилсең ошол түшүнө кирет. Мунун баары Айянын шарапаты эмеспи» дейт. Консерваторияга документтерин өткөзүп жан алакетке түшкөн учуру. Агасынан телеграф акча жеткизди. Айяга кеңешсе «азырынча ич кийимдерин ди гана жаңырат. Калганын кийинчерээк, кирүү экзаменин тапшырып консерваториянын студенти болгондо. Ага дей ре акчаны кассага кат» — деди. Акчанын зээри оңой эмес го. Демдентип төшүн ысытып койду. Көп узабай Ала-Тоо лук чабандан шишине бөрсөйгөн авиаконверт келди. Жан сыз каттын сүрүнөн коопсунуп этиеттеп ачты.

«Кадырлуу ииним Макмут, кабарыңа абдан кубандым. Аскердик карызыңды абийирдүү актап, бошонор күнүң жакындаптыр. Денің сак, көңүлүң куунакпы, каралдым. Жолдо каржалбасын деп сага акча жибердим. Эл-журтун аман-эсен. Өзүм күүлү-демдүүмүн. Баккан койлорум семиз. Эмгек күнгө колхоз акчаны, эгинди мурдагыдан да арбын төлөйт. Курсак ток. Кийим бүтүн. Оокат тың. Сыртагы жайык төрдөбүз. Бетеге белден буралып, быйыл чөб укмуш, ышкын, кымыздык, козукулакты балдар түгүл мал түгөтө алгыдай эмес. Сага энчилеген эки козу, куйрук алып семиз. Сени келет деп жакадагы туугандардан чогултуп бээ байлаганбыз. Сабада кымыз толо. Тезинен жолго чык, көзгө көрүнүп кет. Сагындым каралдым. — Ушу жерге жет кенде Макмут аргасыз кагаздан көзүн алыстатып, коймол жуду. Үй тамагына тамшанып, жоомарт ата-журтун, ку лачын жайып чыдамсыз күткөн мээрбан агасын азыр эле, көз ирмемде көргүсү келди. Кучактап, жыттап кумарын таркаткысы келди. Кымыздан шимирип, тоо гүлүнөн жыттап, шиберине оонап, улар үнүн тыңшагысы келди...

«Эл сагынбас эр барбы, жер сагынбас мал барбы». Макмут карегин тунарыктата көлкүлдөп айланган ысык жашты жүз аарчысы менен чымчып, кирпигин бардап-бар дап серпти. «Кагылайын калайык, макмалдай кулпурган жерим, айланайын абакем, көрсөм дегенде көзүм төрт. Бирок, шопоюп салт шашып барганча, шашпай жүктүү, жалгыз башым көбөйүп, түгөйлүү барганым оң го. Даңкынды, көркүңдү, үнүңдү, салт шаани-шөкөтүңдү алыска угузуп, сыйым, кусалыгым менен барайын. Абаке азыр мени күнөөлөрсүң, тарынаарсың. Эртең кубандырсам, сыйласам, жазылаарсың, жоодурарсың. Эмгегинди, бергенинди он эселеп кайрам. Ишен байке. Быякта мени жектеген эч ким жок. Өз үйүм, өлөң төшөгүмдөй, эркемин. Жан шерик

таптым. Максатымдан кайтпайм. Абаке, бүгүн каргасаң, эртен алкайсың, ишен!»

Көкүрөк дарты менен көңүлүңдө сүйлөшүп алган соң, Макмут кайрадан аталашынын катын улап окуду.

«...Сенин тилегиң, менин тилегим каралдым. Азыр колуңан эчтеке келелек, бирок мага опол тоосун. Окуйм дегенин тура. Кайсынысына көңүлүң чапса, ошонусуна кир. Акчаны сандыкка тыгып, дүйнөнү башыма үйөмбү. Сен окууну бүтүп, адам болгончо колумдагымды аябайм. Баягыдай кырсыктан алыс жүрсөң, менин башым тирүүсүндө оокаттан кор тарттырбайм...»

— Рахмат — деди Макмут ачык баркырай катты бүктөп, эринине чоп-чоп тийгизип — алтын абакем, асыл аталашым! Дал ушуну, Айяга окутайын!.. Ага жолукчу убагы боло элегин эстеп, кайрадан катты ачты.

«Учурашып, кусалыгыңды таркатып кет».

— Жок,— деди Макмут агасы жанында карап тургансып токтоло башын чайкап — баруу мөөнөтүн убактылуу узарта туралы.

«Айтмакчы, Макмут каралдым, «төрт тарабы төп колукту таптым. Азыр мага тийбейт. Өзүм да андай сунуш жасай албайм. Ага арзырлык адам болушум керек» депсиң. Ал эмне деген колукту? Ачык жазбапсың. Жер алыс. Тил билбесе кыйын го. Ойлон, убада бербей коё тур. Келгениңде кеңешебиз. «Ил-18» менен сыз. Учарында дилгирем ур. Ошент каралдым. Көрүшкөнчө кайыр кош. агаң Канай Эрсариев»...

Ушунчалык жылуу каттан эки гана сүйлөм ийнедей тикирейип, Макмуттун кирпигин ирметпей чакырайтты да калды.

«Жер алыс. Тил билбесе кыйын го»... Муну Айяга айтпайт. Акылдуу агасы катуу ачууланбаганы менен ичинен күңгүрөнүп кейигени даана. «Жер алыс» — дегениңиз кандай? Азыркы адамзаттын түшүнүгүнөн чыгып бараткан сөз эмеспи. Латвия — Кыргызстан аралыгы төрт миң чакырым. Алты сааттык жол. Тоолуктар атчан бир айылдан экинчи айылга мындан да узак убакта катнашат. Абам өзү коюн таң эртең жашыл белеске жайып, түшкү короого айдап келгенчектеги эле убакыт эмеспи. Турмуш, максат аралыгында латыш менен кыргызда эч алыстык жок. Бир бүлөнүн улалааш баласындай эле. Азыр адам тагдырын аралык эмес, жүрөк, кан тамырларын, жүлүн, мээни иштеткен жүрөк чечип калганын абам түшүнө элек окшойт. Ооба. Муздакты жылыткан, кашаңды тездеткен, эрдикке шерденткен, тилсизди түшүндүргөн, келечекке, жеңишке дегдеткен, дос-

ко жайылып, каска каткан жүрөк эмеспи! Жүрөк сокпосо, жүрөк сезбесе жашоо бүтпөйбү. «Жер алыс» Жүрөгүм жакын болсочу. Жүрөктүн жакыны бардык алыстыкты, айырманы четке кагат. Ушу чындыкты сиз эмгиче биле элексизби. Анда кечириңиз мени абаке. Бири-бирине үлөшүп күйгөн эки жаштын жүрөгүн шам чырак кылып, үйүнүздү, өмүрүңүздү, а мүмкүн айланаңызды да жаркытаарбыз. Сөзсүз ошентебиз абаке. «Тил билбесе кыйын го» дегениңиз кандай? А дилибиз бир болсочу?! Ооба. Дал ошондой. Ойлонуңуз, жалгыз өтүнүчүм, эркиме коюп, сынап көрүңүз. Кийин маашур болосуң, акылдуу абаке...» Макмут башына уялаган бул пикиринен ыргап, жактырган агасына кат жазууга олтурду.

* * *

Консерваторияга кирип чыккандар көбөйүүдө. Педагогдор отпускадан кайтышып, жаңы кабылдоо ишине камынышууда. Шаардагы айрым жогорку курстук жаш музыканттар сүйгөн жайын сагынычтуу аралоодо. Андайлардын кээси «булар ким дегенсип» эртеден кечке шаңдуу жаңырган көмүткө баш багышат. Көбү Айяны тааныгандар. Музыкага зээндүү кыздын жаш солдатты машыктырып жатканына сүймөнчүктүү таасим этип, кечирим сурагансып жылып жоголушат. Ачык айтпаган менен «жыргаган экенсиң» дегенсип, каалганы карс уруп жөнөгөн бирди жарым да кездешет. Алардын эч кимисине бул экөө көңүл бурушпайт. Көнүп бүтүштү. Эгер орун издеп жүрөт десең, эски консерваториячыларга мындан сонун жүздөгөн көмүттөр, залдар, кабинеттер окуу башталганча ээн, ачык турбайбы. Күндөрдүн бириинде бирөө каалганы шар ачып, түз адымдады. Беркилер баякылардын бири, алаксыбайбы кыялда дабышты укса укмаксан, далысын тескери салган боюнча нотаны тытмалап кужулдай беришти. Кирген адамдын:

— Кечиресиң Зиодепе! — деген карт, тааныш үнүнөн өзүнүн фамилиясын эшиктен Айя илбериңки козголуп, уялыңкы башын ийди.

— Саламатсызбы жолдош профессор.

Профессор дегенден улам, Макмут какайып тура калды. Бүркүт тумшуктанган кашка баш шыңга киши, чарчагансып чүңкүйгөн көк көзүн сүйрүлөнтүп, солдатты заматта аймалатып өттү да, оң колунун узун тарбайган шадыларын тыбыратып Айяга бурулду.

Пианист-профессор окшойт деп жоруду Макмут тигинин манжаларынан улам.

— Далаалатыңар күч. Даярдыгыңар кандай деди — профессор Айядан бул иштен кабардар куду атасы сымал сурады.

Айя эч айбыкпай тыкылдоодо:

— Пианинодо ойнойт. Көбүнчө кыргыз ырларын, орус, латыштыкынан дагы аз-аздап. Клавирди окуй баштады. Сололук ырды нотага түшүрүүгө үлгүрдү. Музыкалык теориядан жалпы маалыматы бар.

— Дурус-с, эң негизгиси — музыкалык сабак го. А... а... — Кекечтенимиш этип, эми профессор тоолук улапга урпөйгөн жээрде кашын көтөрдү. Анын айтайын дегенин боолголоп Макмут кызарып боргулдана демигип сүйлөдү:

— СССР тарыхынан, Географиядан, Орус, Кыргыз, Латыш адабиятынан түшүнүгүм бар. Орусча, кыргызча жат жазууга алымча дурусмун. Чынымды айтайын. Латышча чабалыраакмын. Бирок өздөштүрөм. Сүрөттөн дагы чала моңол кабардармын.

Профессордун жүнү тирүү балага ичи жылый түштү окшойт. Жана чарчаңкырап чүнкүйгөн көк көзүн күлмүңдөтүп, ак көйнөгүнүн жакасындагы кайчы кулак бантын оңдомуш этип, адис, колун дагы тарбаңдатты:

— Мен силердин композитор, СССРдин эл артисти Малдыбаев Абдыластын эски таанышымын. Айянын эмгеги текке кетпес. Боордош кыргыз тукуму биздин консерваториядан түзүк окуса, биз үчүн да жакшы.

Айя унчукпай мемиреген Макмут үчүн озунуп профессорго — «Рахмат» — деди.

Концерттик номерди ийгиликтүү аткарып, көрүүчүлөр менен коштошуп жаткансып, профессор моюнун созуп, ийилип койду. Макмут кеч да болсо, олдоксондугун түзөө ниетинде баркырады:

— Ракмах профессор!

— Баса — деди карыя музыкант жөнөй берип, кайра имерилип — Айя, бүгүн буйрук берилди. Бу солдат улан студенттердин жатаканасына орношсун.

Макмут шашыла, бирок жанакыдан катуу дарылдады:

— Рах-мат-т.

Профессор ууртунан жылмайып, манжаларын тыбырата көтөрүп, коштошуп каалганы ача таштап арымын керди.

Макмутка «уулум тайманбай консерваторияга от. Өрнөгүмду, өнөрүмдү ал» деп карт музыкант чакырып кеткендей жүрөгүнө дагы бир зор шер байлап, жылуулук уюду.

* * *

— Кызым, сырыңды айтасыңбы энеңе, же жашырасыңбы? — Лиене аштымканасындагы стол кырын таянган Айянын маңдайында сурданган кычкыл жүзүн жашырбай, каардуу тикирейди.

Айя азыр өзүн тең укуктуудай кармап, эмне үчүндүр апанын сурагына анчалык сабыркабай турду. Эне анын мисирейишине чыдаңкырабады:

— Таң аткандан кеч киргенче кайда житип жүрөсүң?

— Консерваторияда.

— Каникул убагында суутуп коюптурбу, ээн консерваторияда.

— Киши бар.

— Киш-ши... Мына, мына. Кишиге жолугуш үчүн эч руксатсыз жоголгон кызга не десе болот.

— Өзүңүз билиңиз, апаке.

— Өзүм... билбей калган үчүн ошентип ээн этек көнүп олтурасың да!.. Аның эмне киш-ши, алиги солдатыңдыр.

— Мүмкүн.

— Жоголду дебедиң беле?

— Сизге ал бар болсо да жоктой. Ошон үчүн айткам.

— Кайдан үйрөндүң ак сүтүнө алдейлеп өстүргөн апага каяша айтышты?

— Каяша эмес, апаке. Сиз мени адамдык укуктан ажыратып, ар нерсени айрып түшүнө баштаган сезимим менен эсептешпей койдуңуз. — Миң деген менен бала-бала да. Дагы далайды айтмакчы эле. Өмүрү тил кайырбаган энесине ызасы кайнап, ынандыра албаган соң өпкөлөп букулдап стол кучактады.

Босогону шар аттаган эненин үнү далистен жашыбыраак дирилдөөдө:

— Сен атаңа сырдашып, мени чандың. Курортуң менен кумуран кал. Тапканыңчы, тапканың... Арыман чүнчүйм. Тааныштардын бетин кантип карайм. Же көп баланын бири болсоңчу-у...

Эртең менен Айя бөлмөсүнөн эне-атасынын кыжылдашканын кулагы чалды. Лиена күйөөсүнө да, кызына да мурчуюп тамак ичпестен эртелеп көчөгө кетти. Санаркаган бийкеч атасын алдыртан карады. Анын деле кабагы мурункудай эмес. Маңдайындагы күржүйгөн бырыштарынын арасын көлөкөгө толтуруп ойлуу, жүктүү. «Апам кулак мээнди жеген соң, атакем, сен да калтылдап калгансың го. Такай колдоп, сурамжылап, кубаттап, кенен-кесир каалаган убакта кездешип жардамдаш, консерваторияга өткөз

деп, өзүң акыл кошуп келбедиң беле. Эмнчи? Айнып калдыңбы? Ошенткенсиң го. Неге унчукпайсың??»

Язеп Зиедонистин оюнда ушу тапта таңды таң атканча болоктоп ыйлаган аялынын үнү гана. «Жалгыз медерди, жалгыз кубанычты кимдин колуна, кандай азгырылма жолго салдың. Бапестеген жалгызым кыз башы менен салпайган бирөөнү адам кылчумун деп артынан ээрчип жүргөнү не деген кордук. Уят, намыс, ар деген кайда?! Жалгызым, жалгызым». Атаң кургур. Канчалык кайраттуу, канчалык көрөгөч кыраакы болбосун. Бүгүнкү чындыкты айтып чучугуна жеткизе безилдеген эне шордуу, аялын ары айтып бери айтып жайкай албай, мына минтип өзү тунжуроодо. Турмушта барысы ойлогондой жүзөгө ашпасы талашсыз. Жалгыз мурасчысы атага абдан ысык. Кээде арсар күмөн пикир көзүн тунарыктатууда. Кыйла адамдын тагдырын туура болжогон, нелерди көрүп, нелерден такшалбаган карт Язеп өз кызынын келечек өмүр шериги жөнүндө жаңылдыбы? Адам, төтөн жаш өспүрүм баш сөөгүнөн, жүрүм-турумунан, турмушка жөндөмдүүлүгүнөн, шыгынан ар кимге таанымал го. Акылы жетик Язеп кечеки кожогой солдат, эртеңки жалындуу студент, бүрсүгүнкү таланттуу композитор, Макмуттан өз доорунун жөндөмдүү, абийирдүү адамын кашкайтып эле көрүп турбайбы. А балким кызы жактыргандыктан алдангандыр ата сезими. Жо-оок. Кызына, өзүнө, тоолук уланга ишенет! Ата айныса, бошоңдосо укум-тукумунун убалына калаар...

Сезимин удургутуп ,акыры ушу жыйынтыкка такалган Язеп Зиедонис далай дегенде чеке, көз кылчыктары, ууртуна конгон көлөкөнү алаканы менен апчып-апчып айдап, Айяны караар карамаксан күрүлдөп доош салды:

— Кызым, мен сага чыккынчылык кылайын!

— Чыккынчылык! — Айянын көзү чанагынан ыргып, титиреген ничке манжалары менен оозун басты.

Язеп заңкайып ордунан козголуп, кызынын тыпыйган колун, жумшак, жазы алаканына таптап жай кобурады:

— Сен экөөбүздүн пайдабызга чыккынчылык кылайын деп жатам. Апаңа сени менен окугандардын бирди-жарымы, консерваторияда жүдөө солдатты жанына шынорлотуп даярдап жүрөт. Андан биз уялдык. Атактуу кишилер намысыңар жокпу — деп безине тийиптир. Бу темада апаң менен тил таап сүйлөшө албадым. Эми Лиене силерди аңдыйт. Сен тездеп барып, Макмутка эскерт. Бою, башына таза, шылдын-шыкак сөзгө терикпегендей сак болсун.

Айя атасын колунан эңкейип чоп-чоп жыттагылады:

— Анын бар эмеспи! Акчасы көп. Өзү болбойт, бакыйтып кийиндирип коёюнбу.

Ата секин башын ийкеди:

— Апаң окус үстүнөргө барып, же көчөдөнбү жолугуп калуусу ыктымал. Ойт бербей, сүрдөнбөй туруп кадимкидей тааныштыр Макмут менен. Апаңан Макмутту качанкыга дейре жашырабыз. Ар кандай окуя ушинтип ырбаган абалга жеткенде гана ачык, так чечилет. Бара кой, кийин кабарын билдиресиң мага.

Айя күдүңдөп студенттердин жатаканасын көздөй жөнөдү.

* * *

Өгүнчөрөөк, илимий китептерге тишим өтпөс деп жалакайланган Макмут деңиз кылаасында «Музыканын тарыхын» баратап көпкө тирмийип отурду. Качан баратар калдырап бармактардан жылмышып мөңкүй баштаганда калың томду жаап, колтугуна кысты. Бет маңдайына нугыра урулган муздак илептен ичиркенип, чалкасынан түшүп кала жаздап, сендиректеп жер таянып зорго турду. Чолок жең, бозомук жибек көйнөгү шөлбүрөп этине чаптаташып, туфлийинин ичи былчылдап суу.

— Жаңы кийимди жууйт деген ушубу — деди кемерге чыкканда шөмтүрөгөн кейпине кейиштүү үңүлүп.

Демейде тынч, быжыр-быжыр мелмилдеген деңиз уландын көзүнө долуланып каарын чачкан адамды элестетти. Тээ түпкүр жактан толкун, куду уучунун алдында аэродромдун трапасында а дегенде жөрмөлөп, анан атырылып чуркаган, жол четине жеткенде асманга аткан «Ту 104» чө түрүлүп, улам там бою бийиктелип келип, жээктеги тайызга урулганда, тарс этип алда кайда жарылууда. Толкундун каарын ыркыраган шамал, ызылдаган ышкырык сүрөөгө алыптыр. Анда-санда тыяк-быяктан удургуган суу шары кагылышып, кадимки бомба жарылгандай бух-х, тарс-турс эте берметтер шыркырап асманга атылууда.

Макмут жаратылыштын каарына таңданып, деңиз илебинен кичине толкундай селкилдеген кара чачын ээн жайкын коё берип, төшүн дагдайтып кемер үстүндө керилген боюнча тоо желин эңсеп тура берди. Далайда бугу чыкты белем, деңиз да жоошуду. Жигит китебинин арасынан бапестеген агасынан жаңы катын ачты.

«...Каралдым, карыганда мени канат бутаксыз жалгыз калтырба. Келип, учурашып кет. Бир аялдын артынан жоголсоң, эли журтуну жалгыз ошол үчүн чансаң, биздин тукумду түбөлүк наалат, келке сындырасың...»

Агасына эмне дээрин билбей башы тумандалып, теңселип ордунан жылбады. Бүт ааламды жылыткан кипкичине күн гана тээ алыстагы батыш тараптан көзүнө чалдыкты. Деңиз үстүнөн асман ачыкта күндүн батышын кароо өтө аянычтуу тура. Кызарып татарып канталаган шар, куду шар... Күндүзгү жарык нуру түгөнгөнсүп, деңиз түбүнө шооласыз жападан жалгыз тымып сорулуп, чөгүп баратат. Улам чети сууга маткан сайын кызылы күчөп түтөп, өчкөн шам сымалданат.

— Жок — деди боюнун жеңилденгенине, кийиминин таксыз кургаганына купшундап. — Абаке, батчу күндөй күңгүрөңүп, каңырыгыңызды бекер түтөтөсүз. Сиз эч качан жалгыздыкты сезген эмессиз, сезбейсиз да. Азоолак чыданыз. Жакында, жакында тоо кырынан чыккан күндөй күлмүндөп жетип барам. Кучагыңды жайып, кубанып тосуп аласың, абаке!...

— Мах-му-уд! Ма-му-уд! Махмуд!

Бу кайдан чыккан сүйкүм, тааныш үн. Күүгүмдө чамынган деңиз кылаасында жалгыз маңып турган эмени ким мынчалык барктап, көзөмөлдөп жүргөн. Эч жанга, жаде калса Айясына бүгүн кайда барып каңгырарын айткан жок эле го. Ал мындай жылажын добушту бир гана пейили сүйгөн пери затынан укпады беле. Эмичи. Эми өзүнүн жүрөгү көөдөнүнөн кыйкырып, азгырып жатпасын. Жок. Дагы эле, табышы гана шарп-шурп жаңырып, ыраңы мунарыктап караңгылыкка бөккөн деңиз жакасынан: Махмуд! Махмуддаган кыйкырык жакындоодо. «Бул неси? Кантсе дагы доош салып көрөйүнчү».

— О-уу-уу! — Анан негедир көкүрөгүнөн — Ай-я-а-а! — деген үн өзүнөн өзү сыбызгып жетти. Тегеренип аяк-быягына бурулганча мүрүсүнө жылуу кол артыла түшсө болорбу. Жалт имериле караса эртелеп чыккан кичинекей сары жылдыздын шооласы мөтүрөйтүп, кадимки Айясын, демитип кашкайып жөлөнгөн Айясын чагылтты. Деңиз жээктей чуркап, кыйкырып жүрүп, а мүмкүн чочулап чарчаган окшойт. Анын бул турпатынан кубануу дагы, мүңкүрөө дагы туюлбас.

— Апам чакырып жатат сени,— кыйладан кийин энтигип зорго шыбырады Айя.

— Мениби? Кайда? — Макмуттун коопсуна карбаластаганы даана байкалды.

Айя жигиттин салкын бетине өзүнүн ысуулаган жүзүн тийгизе жай шыбыштады:

— Үйгө-ө...

Жигит шоокумун азоолак жумшарыңкыратты:

— Неге-е...

— Билбейм. Апам, сен экөөбүз консерваторияга кирип чыгып жүргөнүбүздү сыртыбыздан нече мертебе көрүптүр.

— Көрүптүрбү?! Анда эмне...

— О Мах-муд, мен да, өзүм да түшүнбөйм... Атам сенин консерваторияга кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырганыңды куттуктоо ниетинде. А балким апам да ошентер. А балким...

Айянын кийинки «А балким...» деп мукактанганы тап-такыр алыска, жайдак деңизге айтылгандай Макмуттун кулагына жакындабай ыраактап кайыды. Тез, кызуулай Айяны колтуктап имерди:

— Мейли. Баралы!

Мээримдүү ата, какардуу энени көздөй кыса кучакташа кадам шилтешкен деңиз кызы менен тоо уулун Балтика кайрадан күү-шаа толкуп, шарпып, жылдыздуу жай түнүндө жээгинен узатты.

Дубулты-Ялта-Москва
Май, октябрь 1962-жыл.

ТАЛАНТ КУНАРЫ

Качан, неге уйкуга магдырады экен. Капысынан кирпиги серпилгенде небак чылк жумулуп ымырттыкка төнгөн көзүнө кандайдыр чалкыган жарык нур үрөлө толуп, аны колтуктан тарткансып аптыктыра обдултту. Чалкыган жарык нур. Дал ошону зарыга күтүп... көлкүгөн күңүрт асманды, алыстан бүлбүлдөгөн түнкү шаардын шамындай тигинден мындан үлпүлдөй жымындаган жылдыздарды тиктей берип... анан алар да булутка капталып дүлөй карангылыкка сорулганда көшүлбөдү беле.

Тептегерегинен толукшуган ай, булутту эритип айдаса керек. Чоң үйдөгү жакут, көхар чачпактуу люстрадай куду бет маңдайында балбылдап жанууда. Миң сан майда жылдыздар толгон айга үлөшүп, көк теңирдин көркүн ача жаркытууда.

Кумар төшөгүнөн жеңил ыргып турду да, жумшак түндүн кучагына боюн күүлөп, колтугун көре талмоорсуган денесин жазды. Атаганат, конгон бутагында үргүлөп ойгонор замат боюн кагынып, дароо канатын жайып зыпылдап учуп жөнөгөн куш кудуретин күтсөчү. Куш демекчи, таңы ыксалаар менен азанчыдай чаркылдап кыйкырган тоту чымчыктар да али уйкуда. Демек, түн али ортолой элек.

Эки кабаттуу тепейген үйдүн үстүнкү асман караган сересинин тосмосунан жибек көтөрмөсүн өткөздү. Анан кош өрүмүнөн тыкыс кармай улам төмөн салаңдай жыла берип, жерге таманы тып тиер замат, көтөрмөсүн көйнөгүнүн сыртынан курчана ороп текилдеди. Кумар азыр айдын толгон маалы экенин билүүчү. Анын самаганы асмандын ачык болушу, айдын жаркып чыгышы эле. Булут каптаган көктү акыйып аңдып жатып, ай шооласын көрбөгөн соң, түңүлүңкү кападар көшүлгөн. Эми кубанган эмеге асман шамы астына төшөлүп, жолун жаркытып, коён секирик менен анда-санда бир тийе арыштай тынч көчөнү жарып чымылдап баратыр...

Бул чөлкөмдөгү тургундарга караганда саякатчы келгиндердин көбүнүн эңсегени как ушундай айлуу түн. Анткени, алар аңазалуу Тадж-Махалды эки маал — түнкүсүн ай жарыгында жана күндүзү күн нуру жерди тегиз чайыганда көрүүгө ашыгышат. Кумар кийинки күндөргө дейре Тадж-Махалдын сыймыгын анчейин танасарына алчу деле эмес. Колдо бар байлыктын баркы билинбей, кооз имараттардын бири катары саноочу. А түгүл атасы баштаган таасын усталардын жазы аянтка куду кире бериш бурчтагы кыдырата дүкөндөрүндө дал ошол Тадж-Махалдын татынакай чакан көчүрмөлөрү коюлуп сатылганына эзелден салтка айланган тиричилик катары бейкапар караоочу. Арийне, ар кандай чебер кудуретинин жетишинче алтындан-бы, күмүштөнбү, сөөктөнбү, же өзүлөрүчүлөп таштанбы көркүү буюм жасап аны барктап урунуучуларга тартуулап, оокат кылбайбы — деп ойлочу. Балким, балалыгынан назарын бурбаган чыгаар. Эми байкаса, Эми байкаса, Тадж-Махалды кынаптап төгөрөктүн төрт бурчуна таркаткан атасы деле анын тарыхын, кооздугун, даңазасын жарытылуу билбесе керек. Болбосо, неге шакирттикке көндүргөн уулуна баяндабайт. Чынында колунан көөрү төгүлгөн чебер атасына Тадж-Махалдын жомогун айтууга караганда тынымсыз тикирейип, ажайып имараттын мин эсе кичирейтилген эстелик көчүрмөсүн кудум өзүндөй жаратуу аземи пайдалуу эмеспи. Ан үстүнө атасы аз сүйлөп, көп эмгектенгенди жактырган адам. Балким, рабат жайын уулу өзү иликтээр деп жүргөндүр. Океан, тоо, дарыя, чөлдөрдү басып, күн-түн аны арзып агылган чет элдик билимдүү мырзаларга түшүндүрмө берген чечендер атасынан, жолдонмо, окуу китептеринде-гиден көбүрөөк билишээр, кызыктуу баяндашаар...

— Тадж-Махалдын ааламда теңдеши жок керемет экенин мектептин окучусундай эмес шакирт уста катары би-

лүүпү кааласаң, айлуу түндө уйкуңдан безип өзүнө бар — деген тарых мугалими Балинин кеңешин көкүрөгүнө түйгөн. Тадж-Махалга баратканда да андан кайтканда да бурулуп өтүүчү жолдун томундагы кыркаар дүкөнчөдө түмөндөгөн чоочун адамдарды, бай, жардысы, машинечен, арабачан, пилчен, жөөсү дебей далайын Кумар көрүп деле, өзүнүн белекче Таджысын соодалап деле жүрөт. Алардын Тадж-Махалга зыярат жасап, анын тарыхы, көркүнө кушгарлангандыктарын сыртынан байкаса да, барууга эс тартканы күндүзү чолосу тийбейт. Окуу, анан атасына көмөктөшүү, Бали агайынын сунушунан улам, айдын аныкчалкайып толгон маалындагы ачык түнүндө бүгүн атайылап чыгынып, декилдеп ашыгып баратпайбы. Атаганат, айдын бетин булут чулгабай турса экен. Бали агайы кызык адам... Ал атасынын дүкөнүнө байыр. Карт уста менен жаш шакирттин колунан жаралган буюмуна маашырланып, Индиянын байыркы маданиятынан кызыктуу баян козгойт. Башкалардыкынан алардыкын жактырып, келген сайын кур кетпей, атасы экөөнүн белекке тартуулаганына көнбөй, бирин-экилеп сатып кайтчу Бали агайынан укканын дагы бир мертебе көзү менен көрүп, кулагы менен эшитүүгө дилгирлиги артканы ай. Жанын сабалаган Кумар үлүңдөгөн караңгыраак көчөдөн эч мүдүрүлбөй атырыла аянтка жакындаса... элдир-селдир караандар чалдыкты. Аңгыча «Тадж базар» аталган дүкөндөр бурчу тараптан фарларынан жалын албыртып, куйрук улам чубалган эки сулууча машина суурулду. Суу себилип тасырайган жайпакка машиналар жай жылып токтоор замат апсайып кызандаган беш алты өспүрүм эрегише каалгаларына жармашты. Олбурлуулары болбой тырмышкан кичирээктерин сүрүп, меймандардын машиналарынын эшигин ачып ийилишти.

Аларды баамдаган Кумар күү менен келаткан ыргагын бузуп токтоду:

— Эх, жакырлар, жалкоолор. Ушинтип кайыр суранып, качанкыга жан багасыңар.

Бир чети кайырчы жердештерине зээни кейисе, экинчиден кыжыры кайнады. «Жолоочулардын аргасыз сунган биртике тыйыны алдыга умсунганыңа жетип, көбүң кур жалак аңырайдыңар. Деги алганың деле жарыбассың. Минтип өзүңөрдү кем тутуп келгендерге жүгүнгөнчө жумуш издесеңер боло. Сыймыктуу жайды күн-түн сагалап, жарыбас бекерчиликке, тилемчиликке көнүп кимдир бирөөлөрдүн чөнтөгүнө акыйгандан уялбайсыңарбы. Деницер соо, өзүңөр жаш туруп ушинтесиңер ээ, арсыздар». Газеталардан окуп, радио, мугалимдеринен уккан окуялар Ку-

мардын кыялына көз ирмемде сапырылып, тигилерге ички акараатын айттырды...

Улуу индустан өлкөсү колониялык эзүүдөн кутулганы жыйырма жылдан ашты. Элге эркиндик жарыялаган мамлекет канчалык күч жумшабасын али да момундай жакырчылыктан толук кутулууга шаасы жете элек. Эрктүү, күчтүү кедейлер уюмдашып байлардан ашык жерлерди тартып алып жатышат. Аларды өкмөт колдоодо. Жаңы ачылган өндүрүш жайларга бекер самсыгандардын далайы ишке орношууда. А бобуларга окшогон жанбактылар али өзүлөрүнүн адам экендиктерин сезишпей өзүлөрүн кор тутууда... Болбосо, байлардан жер талашып, жумушчуларды кабылдоону жарыялаган жаңы өндүрүштөрдү иликтеп чыгышпайбы...

Улан тосмосуз жолун бөгөгөн жан бакты жакыр жердештерине туталанып турганча меймандар жазы таш тепкичтер аркылуу көтөрүлүп түнкү Тадж-Махалдын сөөлөтүнө суктана кобурашууга өтүштү.

Кумар көлөкөдөй дароо артка чегинишип эмкн келгендерди саксактап бурчту имериле житишкен алигилердин жоругунан уялыңкырап тартынса да, атайылап максаттуу келгенин эскере толкундуу кара чачын таранып өз тулкусуна көз чаптырды. Шыңга боюна жарашыктуу агыш кылторко көйнөгүн, кыры чыга зыңкыйган шымын ондоду. Көзөнөк төңөлдүрүктүү жаңы чарыгы жылаңайлак бутуна тыпыюуда. Бул бир сыйра жаңы кийимди колледжди бүтөөрүнө арнап, атасы тиктирип берген. Белине оролгон аргамжысы гана одонорооктой сезилбесе, жигиттин бу кейпинен текши сыланган четтик мырзалар жиркенбес.

— Ичинен кооптонсо да, сыртынан байкамаксан кейиптенип, жүргүнчүлөргө жакындай секиге чыкты. Тигилер ага караманча көңүл бурушпады. Өзүлөрүнчө божурашып... жерден алда канча жогору сереге түздөш чылгый кызыл таштан курулган, Тадж-Махалга өтүүчү чеп катары лакыйган имараттын тегерегинен алкактанган ачык капкасынын түбүндөгү жапыс темир тосмого такалашып... күзөтчүнүн ишаараты менен андан аркы так бет мандайдагы керемет дүйнөгө үнсүз арбалышты. Аларга кошула Кумар да алыстан көз жиберди. Мына айлуу түндөгү Тадж-Махал! Болжол менен бул кызыл чептин сересинен жарым чакырымча парааракта апакай мөл мрамордон туташ бүткөн сыйкырдуу курулуш шаңкайды. Ал курулуш эмес, жандуу нерсе сыяктанат. «Индия бермети», «чыгыш бермети» аталып, үч жүз жылдан арбын мезгил бою аламды гандандырып, өзүнө агылткан акак күмбөздүн

түнкү сырт келбетине чындап суктанган шакирт — улан кооздукка мас боло, тамылжыды дейсиң... Муну ким жөн гана күмбөз десин. Зордугун карачы. Азыркынын беш-алты габат үйүндөй чарчысынан даңкайган рабат... Жерден көтөрүлгөн астыңкы таманынан аппак мрамордон чылк уютулуп жазысынан да, бийигинен да олчойгонучу. Ага жиксиз өйдө уланган ортоңку эл кирүүчү дарбаза катарындагы ачык боорунун, четки мүрүлөрүнүн терезе сымал үч катарга созулган оюктарычы. Алардын айлана алкактары кызыл, жашыл... ар кыл түз оймо, чиймелерге таңдайлаша кулпурганычы. Аваны аймаган үстүңкү борборундагы жер шары кебетеленип тегерегинен олчойгон зор купанын жарашыгын арттырып, четки мүрүлөрдөгү кичирээк тоголок купалардын чимирилгеничи. Төрт бурчунда азыркы күндүн ай, жылдызды аралай учуучу ракеталары сымалданган мунараларынын бир кылка шукшурулуп асманга сүңгүгөнүчү. Таманынан тартып, мунара, купаларынын акыркы муунактарына, чокуларындагы алтын шиштерине дейре эч жиксиз жалаң апакай мрамордон мыксыз, кадоосуз жумуруланып жууруланган бүткөрүлгөнүчү. Төрт ыптасында кирүүчүлөрдүн зыярат кылып, улам күн жок жагына жылып серүүндөй эс алуучу, ар бирине беш жүздөй киши сыюучу көлөмү бирдей залдардын ыңгайлуу жасалганычы. Бул сырткы гана келбети...

Кумар канча жыл мурда атасынын жетегинде күндүзү киргенин элестетти. Анда... ушул күмбөз аталган ыйык жайга буттарын чайып тээтиги күзгүдөй тунук тепкичтерден этиет өтүп ичин аралаган. Ички бети андан керемет. Алтын, күмүш, асыл таштардын ар түз, ар кылынан ажарлуу кубулжуган гүлкайырлар, оймолор, курандан жазуулар түшүрүлгөн... Эх, ошондо кунт коюп жакшылыктуу караган эмес экен да. Анда баланын көзү менен сонункурап гана тим болгон...

Кумар кайрадан Тадж-Махалдын сырт көркүнө көзүн бардады. Оңдой бердисине салгансып ай да, ошо апакай эстеликтин үстүнө жылып келгенсиди. Буга дейре алыстан, жакындан көргөнсүп жүрчү. Бирок, мынчалык толкундап караган эместир. Эмне, өзүн-өзүн алдап жүргөнбү? Кайдан. Чынында түшүнбөстүктөн бейкапар эле. Мүмкүн, түнкү келбетинин сөөлөтү артыкчадыр... Азыр Тадж-Махал кандайдыр кубулуп, көгүлтүр тарта көшүлгөнсүйт. Төбөсүнөн төгүлүп жаркыган ай шооласына чагылып... Мына, мына сермеп асманга созулчу ак куу сымал жеңил калкыгансыйт. Руксат намэни колго туттуруп жөнөтүүчү чеп, ушул кызыл имараттан Тадж-Махалдын өзүнө чейин-

ки созулган аралыктын чок ортосундагы мөлтүр күзгүдөй тилке көлгө сүрөтү чагылып, дагы бир Тадж тереңге чок-көнсүйт. Көлдүн кош жээгинде ак, көк, жашыл, кызыл мрамор такталарынан чатраш жол төшөлүү. Аларга туташ кипарис даректары сеңселген назик аллеялар, суу берметтерин себелеген татына фонтандар. Нараак оң, сол тарапта цитурус дараактры тармалдана мөмөлөрүн мөлтүрөткөн коцири жашыл майкан. Бири-биринен алда кайда обочо капшытта кызыл таштан тургузулган окшош имараттардын бири — Шах Жахандын мечити, экинчиси — жамаатканасы (мейманканасы). Азыр Тадж-Махалды күзөп, өргүп көрүүчүлөрдүн түнөк зиярат жайына айланган. Үчүнчү, бет маңдай ыптасында кирүүчүлөр менен чыгуучуларды узатуучу бул чеп коргон. Тадж-Махалдын төртүнчү тарабы — арка жагынан чыгыштан батышты карай көлкүгөн Жамна дарыясы. Анын шаңын арттыруу үчүн алдын ала ойлонулган төрт жак теребелиндеги дал ушундай куюлушкан сүрдүү, көрктүү жасалгалардын курчоосунда... айлуу түндөгү Тадж-Махал уйкуга камынып керилген сулууну элестетет. Тиктеген сайын Тадж-Махалдан жандуу ургаачылык назиктик сезилет... Ой түрмөгүнө чырмалган улан темир тосмого жөлөнүп, үстү алкактай ачык дарбазада жалгыз турганын туюп, элеңдей бурулду. Алиги чет элдиктер небак сызышыптыр. Астыдагы таш аянт ээнсиреп аларды көргөн эмесмин дегенсип түрүлө дүрдүккөнсүдү. Жигит андан чуркап өтүүгө умтулганда дүрүлдөк жакындап, узун автобус жылжып жетти. Кайсы коңулда отурушканын ким билсин, алиги самсаалактар атаандаша чуркап жетип, негедир тилемчилик кылууга даабай селейип токтой калышты. Автобустун алдынкы, арткы эшиктеринен жакшынакай кийинген кыз, улан аралаш жаштар чуулдай чубурушту. Тилдери, өңдөрүнөн индиялык студенттер, кайсы бир алыскы штаттан атайылап Тадж-Махалды көрүүгө уюшуп келгени маалымдалды. Арттан дагы автобустар чубап ошол жаштардын калган топторун жеткирди. Жоон топ көңүлү куунак жаштар баштаган жетекчилерин адептүү тегеректей Тадж-Махалга өткөрүүчү чептин капкасынан моюн созуша, сереге жык-жыйма толушуп, суроо жоопторун жаадыра кужулдашууга өтүштү. Булар тарыхты да, өнөрдү да чечмелей түшүнгөн окуган азаматтар экен. Бактыларына жараша айдын жарыгына сүйүнүшкөндөрүчү. Биринен-сала калганы Тадж-Махалга байланыштуу уламаларды улагандарычы. Алыстан болсо да эстеликтен көз айырбай кайсынысы чындык, кайсынысы имин экендиктерин далилдеп такылдагандарычы. Алыскы штаттан атайылап самап келген

эргулдар тан атканча кирпик какпай Тадж-Махалдын азандагы, күн нуруна чайыган эртең мененки, күндүзгү көркүн, кубулушун байкашат. Китептен, мугалимдерден билгендерин өз көздөрү, тилдери, түшүнүктөрү менен байытышат. Алардын сөздөрүнө, өздөрүнө кызыккан Кумар, кейпи өзүнө окшош, кыракташ жаштардын утуру бир тобуна аралашып кумарын арттыра, купулун толтура, неси болсо да, кетээр кетишкенче чогуу байырлоону чечти.

* * *

Ахмад уста жер жарылткан тегиз жарыкты куттуктаган чымчыктардын чаркылдагына кошо ойгонду. Түнкүсүн көз байланганда эртелеп жатып, таң заардан туруу чыгыштын мээнеткеч адамдары үчүн парз сыяктуу. Эртең менен денең да сергилец, жумуш да тез арбыйт. Ушул эрежени жашынан так туткан Ахмад селдесин оронуп, дхоти — белбоосун чалынып, агыш көйнөк дамбалчан каалгаларын дабышсыз ача бакчасына чыкты. Коргончосунун ичиндеги чакан жери ага бейиштин төрү сыяктанат. Качан бир мезгилде тигилген жемиш даректары жылына аздыр-көптүр мөмө байлайт. Жалбырак таштап бүрдөп турат. Такай үйүр канаттуулар, бөтөнчө кооз канат азанчы тоту куштар бутактарынан өксүбөйт. Этек-жеңдей ачыгыраак жерлерин чукулап пияз, сабиз, буурчак... күнүмдүк оокатка жумшап тургудай которуп айдай коюшат...

Түнкүсүн бүрүшүп, эми гана таң жарыгына үлбүрчөк жаза баштаган гүлдөрдүн бадалына Ахмад уста токтолуп жалбыректарын ойгонгон көпөлөктөй назик жыбыратып карады. Өткөн күзгө дейре буерде куш канаттуу пальма өсүмдүктөрү туручу. Ал өзүнөн да улуурак, айтымына караганда небак өткөн атасына тең чамалаштай эле. Ахмад анын түбүнө суу куйган сайын, жашынмак ойногон балалыгын, калп эле көрмөмүш этип атасы наркы жагынан дүктүйгөн пальманын кат-кат жашыл канатчаларын шуудурата ачтарып издегенин элестетчү. Соңку жылдары куучуюп куурай баштаган. Кантсе да, Ахмад атасын көргөнсүп имериле, куураган жалбыректарын отоп-бутап бапестөөчү. Өткөн күздө уулу, анын кыйбасын билдиби, айтпай дебей түбү менен көөлөп, ордуна мынабу гүлдөрдүн бадалын сатып келип отургузган. Эски пальмасынан ажыраганга ичи ачышып... уулунун эселек жоругун ушу кезге дейре кечпей жүргөн. Жепирейген тикенекче бадалдар, жылдын төрт мезгилинде бирдей кол чатырдай жайкалган пальмадай канат жасамак беле. «Баланын иши чала», Мынча

болду шагы сынбасын, бүрдөгөнчө чыдайын. Окус гүл деп чаңгыл ала жепирейген бирдемелер өссө, уяткарып өзүнө жулдуруп жаш пальма таап тигейин — деген пикирди көкүрөккө түйгөн. Аякка басып көргүсү да келчү эмес. Ага эрегишкенсип, Кумар күйпөлөктөп, кандайдыр кык аралаш топурак жеткизип, түбүн калыңдап, суу сепкенин абайлачу. Эми карабайсыңбы, өзөгүнөн тартып сабактарына чейин көк жашылынан солкулдап дүркүрөй, бою сунала, жазы жалбырак чача, наристенин бөйтөйгөн эринин, делдейген кулагын элестете кызыл, ак, саргыл назик гүлдөрүнүн серпилип ачылганын...

Ахмад мурут, жаак кылдарына туташ өскөн дуңгул сакалын шуудурата сылап, бакыраң көзүн бардай мулуң этти:

— Эх-е Ахмад уста, куураган пальманын ордуна кулпурган мобу гүлкайырлар өстү. А сенин агала сакал, колуң кажып картайган учурунда олутунду жоктотпой балаң ээлей алабы?

Бала. Уулу Кумары. Ушуну менен канчанчы мертебе руксат суранбай түн безип житип отурат. Кайда, кимдерге барат. Жалгыз атасынан артык адам, кол өнөрчүлүктөн кызык иш тапканбы? Кайда-ан... Он тогуз жаштын касиети оолуктуруп, шаанилүү жаштардын чөйрөсүнө азгырганбы? Кечээги эле тентеги он тогуздан өттү, ээ. Кенжеси. Мурдуна жыт кылган жалгызы... Андан улуулары тирүү болгондо... эмгиче очор-бачар... Небере, чөбөрөлөрүнүн бабасы... Бутактаган чоң бүлөөнүн башы катары багжайып дөөлөттүү кары жышаанын күтпөйт беле. Минтип какчаңдап жанын карч урмакпы? Анда Кумар тентегинин кеткен, койгону билинмек эмес. Ушинтип, омсондоп чымырап жазылган жүрөгүн мыкчый жалгызсырамак эмес. «Э жаратkан, мунуңа да тобо. Ушу карманып-тутунган жалгызымдын боосун бек кыл. Дагы ошонум бар үчүн демдүүмүн. Түпкү ата журатыбыздан мураслаган өнөрдү тентегим зээндүү үйрөнгөнүнө ыраазымын. Чалакайымдыкка жеңдирип таштап басып кетпес, тукумубуздун сыймыгын түшүрбөс. Токтолгончо, үйлөнүп жайланганча тирүү турсам. Кумарым бу өнөрү барында кар тартпас. Деги курган балам шайкелеңдерге кошулбаса экен. Эмки жаштардын билгендери да көп, адепсиздери да арбын».

Түйшөлгөн ата кепичтен бутун оор солбуй, уулу жаткан экинчи кабаттагы тосулуу сереченин түбүнө жетип, жөлөнүү таякты көтөрүп, тык, тык чапкылады. Жок. Жана эле жуунуп сыртка жөнөөрүндө баш баккан. Такчасында төшөнчү, жаздыгы гана шопоюуда. Баса, чупак бала, атасы-

ның көзү илингенче уктабай аңдып жатабы? Анан сыртка кантип чыгат. Каалгалардын ачкычы ичинен өзү бекиткен боюнча козголбойт. Кыязы, жеңил неме жапыс балкондон тырмышып түшөт го. А неге ылайым шырп эткенде, таңкы тотунун алгачкы чаркылдашынан дароо ойгонгон карт, баласынын экинчи кабаттан тарс этип түшкөнүн ылайым сезбейт. Уйкудан безгенин койбосо уулу делбеленип ооруга чалдыгуусу да ыктымал. Кой, кара көзү кашая элегинде, кетирбей, аңдыбаса. Алдап-соолап, сырын тартпаса. Мунусунан да жигит болгонунда тирүүлөй кол жуубасын...

Карт атанын боконо сөөгү майышып, кийинки учурда анда-санда ушинтип өнөкөт болгон чымыраган жүрөгүн укалап, манго дарагынын түбүндөгү серечесине көчүк басты. О кыйлада эңкейип астыңкы оюкчадан көмүркөйүн суурду. Уста жарак-жабдыгын ирети менен кармалап көмүркөйүнөн ала кобуроодо — өгөөлөрүм... тилгичтерим, арааларым... ойгучтарым... ченегичтерим... балкаларым.. оймо чиерде чоңойтчу айнек көзүм... узак өмүрүмдө мени силер гана чанган жоксуңар, силер гана менден ажырабайсыңар. Жаки болбосо жан жолдош дегендердин кыйласы бура тартышты. Кыйласынан тагдыр айырды. Ашок досум гана калды. Ал да көз көргүз алыста. Айлап, жылдап айылчылашканда гана жолугушабыз. Акыры минтип жалгыз балам да... — Ушерден сөзүн муунай селт этти,—жо-о.., тилим кесилгир... Жалгызым мени чанбайт, таштабайт. Балам азыр келет, эркелейт, өзүм эркелетем. Тилдебейм. Көңүлүнө зил кетирбейм. Аман соо кайтса болду. Айтпаган күнөйүн кечирем. Ата баласын дайым кечирет. Бала атасын сыйлайт. Алланын узун күндөрүнүн биринде, оюндагысы бышып жетилгенде атакесине неге маңып жүргөнүнүн сырын өзү козгойт. Кумарым жаман жосунга аралашып, ыплас ишке барбайт... Дүкөндү ачаар маалга али кыйла. Ага дейре карагым келет... — Уста көз айнегин тагынып, жарактарынын керектүүлөрүн эптей, дарак көлөкөсүндөгү ташты өгөп, кесүүгө жылды. Дасыккан карт чебердин ташты тык, тык этиет чеккен ыргагы убакытты билгизбей уурдай берди.

Асман деңизин тутанта ысык илебин жерге үрөгөн күн, чыгыштан калкый жогорулап... мекемелердин эшиги ачылчу маал чукулдады.

Ташты үшкүлөп сырдана ишине колу кызыган уста дарбазанын түбүнөн дүрүлдөгөн дабышка улай, түтүлдөгөн машинанын чакырыгына селт башын көтөрдү. Бу ким? Аның үйүнө машинечен түшкөн кайсы раджа. Жер таяна очорула козголду. Заматта таттуу санаасы кычкылдана

түштү. «Кокус токмок жеп, жараланып, кан жалаган уулуп апкелген эмелер болбосун. «Силер кимсиңер дөөгө үшү кысыла, ордуна козголо албай муундаарын титирек басты: Качан: — Ата-а! Бол бачым, бизден башканын бары дүкөндөрүн ачышты. Мен ачкычты унутуп калыпмын. Такси жалдап келдим. Чык тез! — деген Кумардын куунак кыйкырыгын эшиткенде, өрөпкүгөн жүрөгү бөксөрүп, бөйпөңдөй зоңкулдады:

— Азыр уулум, азыр. Ырас кылыпсың. Машинени жибербей коё тур, жетип алалы.

«Тадж базар» делинген өзүнчө көчө сымал катар тизилген чакан дүкөнчөлөрдүн ички текчелеринде, алды, жанжактарындагы такчаларда, жерде жайнаган кичинекей Тадж-Махал. Ар дүкөндүн ээси малын — Таджсын кадимки чоң Тадж-Махалды көрүп кайтарында белекке ала кетүүгө кайрылган саяктачыларга сатууга далбастап жанталашышат. Жеңил бордон, акиден, гипстен, таштан, кадимки өзүнө тектеш мрамордон... ар киминики ар бөлөк заттан, табышынча, чеберлигине жараша... Сырттан караганда бакисиники кадимки Тадж-Махалга окшош. Арзаны, кымбаты бар. Жүргүнчүлөр чөнтөгүнө, чамасына карай кичине Тадждан белек алуудан тартынышпайт. Ким эле байыртан даңкталган Индияда болгондугунун белгиси катары Тадж-Махалды үйүнө бапестеп, келген кеткендерге көргөзө жомоктоону каалабасын. Затына, эмгегине ылайык баасы. Албетте, бор, гипске караганда мрамордон жасалышы да, паркы да кымбатка турары талашсыз. Асылдын баркын билген, түбөлүк сакталуусун ойлогон жүргүнчү да аз бекен...

Өмүр бою Тадж-Махалдын белектик көчүрмөсүн мрамордон гана, асылы өксүсө күтүп, бардык бөлүкчөлөрүн өзүндөй жаземдебей окшош кынаптап сатууга сунуш эткен Ахмад устанын дүкөнү ортороокто. Ал шакирт уулу экөө бу саам да, башкалардай жар салып чакырбастан, четинен түрө кармалап, кээси рупийлерин чыгарып, кээси кайра айнып ыкшоо жылышкан кардарларды чыдамдуу күтүүдө. Оң, сол канатындагы дүкөнчүлөрдүн көпчүлүгү айла болсо, Ахмад устага жеткирбей, өз Таджсын арзандата сунуш этип, өткөрүүгө тырышат. Ал тургай чукулда кардарлар сээлдегенде оюн-чындан ага ачык бакылдашкан:

— Ахмад уста, сиздин мал эч өлбөйт. Сынбайт, борсубайт, бузулбайт.

— Шондуктан кардар өзү бармайын, «мында келиң, меники мрамордон» — деп чакырбаңыз.

— Ахмад уста, эч бирөөнү чакырган жан эмес.

— Малыңызга жараша сабырыңыз жакшы.

— Антпегенде биздин арзанырааk жасалып, арзан сатылчу малыбыз өтпөй күндөлүк оокаттан курумакпыз.

— Анда айла түгөнгөндө Ахмад устага кол салмакпыз.

— А-а... Ахмад уста, ошону билет. Ошон үчүн сабырлуу. Аз сатса да, саз сатат.

— Аз жасаса да саз жасайт.

— Канчабызды өзү үйрөтүп чыгарды.

— А Ахмад уста, азыр деле бузубураак жасаганыбызды ондоп, көрсөтүп берет.

— Талапкерлердин аягы тыйылган учурларында оң, сол канатындагы кары, жаш дебей кол өнөрчү шериктеринин кыжы-кужусунан Ахмад, башын ийкей жооп кайтарат:

— Э-эй шериктер, мага силердин коркутканыңар да, мактаганыңар да маалим. Касиетиңден айланайын ыйык Тадж-Махал көлөкөсү менен баарыбызды багып келатат. Мен ата-жотомон Тадж-Махалды карманып калган экемин. Силерге кыянаттык кылсам оңомбу. Кардардын көзү тааныганы, пулдуусу жетсе алаар, жетпесе чычкандай уулум экөөбүз ачкадан өлбөспүз. Мына мен чын дилимден силердики көбүрөөк өтсө экен деп тилейм. Кудай кубатты артымдагы туягыма берсин. — Жанындагы Кумарын жаңсай кошуналарынын көксөөсүн сууткан.

Ан үстүнө аныкы бөлөктөрдүкүндөй быжырап ичи тышта жайнабайт. Текчелеринде окчун, окчун. Көрүш, үлгү үчүн гана чоңуураак, орторoок, кичирээк өлчөмдөгүлөрдөн бирдеки дүкөнүнүн үкөкчөлөрдүн үстүндө коюлган.

— Топуктуу азга да тоёт, топуксуз жуткан сайын улам обору ачып жутуна берет. Акыры бары бир жарыбайт. Буларга тецелбе. Өзуң көрүп баамдап атасың го — дейт балпайган уста жанында каралашкан кара каш, ойноок уулуна.

Мына, кардарлардын жоон тобу жайнаган катар дүкөнчөлөрдөн кадимки Тадж-Махалды оной-олтоң олжолоп кетчүдөй аппагынан шацкайган татынакай көчүрмөлөрүнө көздөрү жабыша, эки четинен жабыла өрдөштү. Четки арзанынан аялдабай айрымдары акчасын сууруп ала жөнөдү. Базар тартибин билгендер каалгып, айланта түрө көрүп берилөөдө.

Кумар бала эмеспи, тыяк-быягындагы алуучулардын суюлуп баратканына, колуна тийгендери, буюмдун сөөгүнө карабай тышкы окшоштугуна канаттана, чегинип, жолго түшкөндөрүнө кыйпычыктап тынчсызданууда. Өзүнүн Таджисинен көтөрүп:

— Мына муну караңыздар. Ушердегилердин бакисинен

сонун,— деп жардоого ыкыстайт. Атасы гана кебелбейт. Дүкөн оозундагы тукул отургучта көгала быжыгыр сакалын, далдайган кең көкүрөгүн алчылантып тигилерге кылгыра магдырайт. Дал ушул закымда карыянын эсине качаңкы окуя калкыды... Жаш, каны кызуу кези. Тээ четинен үчүнчү дүкөн алардыкы эле. Раматылык атасы тирүү... Азыркы уулу сымал атасынын ай-уюна көнбөй имерилген кардарлардын алдын торгой мрамор Таджсын көтөрө макгап кармата салат. Сапатын алгач байкаган эмелер уланга кайра карматып, нарылай өтүшсө да, кайрылып алардыкын көбүрөөк алышат. Буюмдун маңыздуулугунан гана эмес, өз ыкчамдыгынан көп сатылгандай делөөрүгөн уланга соодасы жүрбөй тукулжураган кошуналары ызырынышат. Айрымдары жакырланып дүкөнүн жабат, сатып тентип да кетишет. Күндөрдүн биринде ызаланган кошуналары көөр төгүлгөн уста атасы экөөнү тегеректешип, ургу-бергиге дейре жөөлөшүп, чыр чыгарышат. Акыры нарктуу атасынын убадасына, антына ишенишип, ушу ортодогу бирөөнүн дүкөнүнө алмашып көчүшкөн. Ошондон бери жүткүнүп жардашкандар токтолгон. Атаанчыл далдалчылардын да доосу бүткөн. Ал окуяны бул «Тадж базардагылардын» барысы ата-жотолорунан уккан, билишет. Ахмад Кумарына да эскерткен.

Кумардын бизге жетпей бакиси бурула жөнөшөбү деген кыйпычыктаганы чынга айланууда. Топурагандардын күйругу үзүлүп сээлдеди. — Ай-яй сандаган жүргүнчүлөр «Тадж базардан» эч кимиң кур кол кайтканыңар жок. Бирок, малдын көзүн тааныбастар экенсинер да. Борпоң «Тадждан» арзан алганга сүйүндүнөр. Көпкө турбай упурап сынаар. Ушунча элге бирди да сатпай калабызбы? Ай, жүргүнчүлөр, мобу лөкүйүп отурган адамдын ким экенин билбей кеттиңер ээ...

Аграны карай узоочу жол тармактарынын түйүнүндөгү окчун асфальт аянтка токтогон автобус, ар кыл женил автомобилдерге арзан олжолуу күдүндөп кайтышкан жолоочуларга көзүн сатып, Кумардын ичи бышып, санаасы уйгу-туйгу. «Туристтердин чөнтөк пулу кунарсыз. Шондуктан арзан белекке качырышат». Аргасыздан өзүн соороткончо, атасынын чор манжасы, көйнөгүнүн чолок женинен уркуйган чыканагына серпилди:

— Кумар, бу мырзаларга...

Кылчайса, орто жашаган үч четтик мырза, башкалардай далбастабай жай мемиреген карыянын буюму арзырлык экенин баамдаша, изаттуу көз токтотуп алаканларына кондура имере тигилишти:

— Сөөгү таза, тунук...

— Түбөлүк урунуучу белек... Алсаң колуң да, койсоң үйүң да уялбайт.

— Сыягы асыл таштан...

Мырзалардын жактыра кунт койгондоруна шерденген Кумар, эмелеки коймолжуган кусалуу карегинен кубаныч кыпындарын жылтылдата күлө бакты:

— Туура айтасыздар, мырзалар. Акактан... Дал чоң Тадж-Махал тургузулган аппак мрамордон. Оордугун, тунуктугун байкадыңыздарго. Мына, аныек мрамор экенине ишенициздер,— улан элпек жапырыла такта жыгачты ала коюп, так урду. Көрдүңүздөрбү, сынбайт, Бул бор же гипс эмес да. Мына караңыздарчы,— алиги тактайга сүрттү. Караманча жукпайт, мрамор да.

Алармандар атасына окшош ыймандуу уландын калп айтпасына ынанышты. Купаларынын, алардын чокуларындагы алтын шиштердин, мунараларынын муунактарынын, кире бериш, ооз, терезелеринин айланасындагы кубулжуган оюулардын да тунук акакка таңдайлаштыра кудум Тадж-Махалдын өзүндөгүдөй түшүрүлгөн таамай чеберчиликти да көздөрүнөн өткөрүштү. Акыры наркы башкалардыкынан канча эсе кымбат айтылгандыгына, кем да, жогору да соодалашууга болбостугуна такалышып, үчөө тең жарыша капчыктарынын рупийлерин карыя устанын колуна санашты. Кыпылдаган Кумар узак жолдо камсыз барыш үчүн атайы жасалган жыгач үкөкчөлөргө саман төшөй кыймылдагыз бышыктап салып, кардарларга табыштады.

— Сапарыңыздар ачылсын, мырзалар. Биздин Тадж-Махал үйүңүздөргө көрк берип, Индостан өлкөсүн эскертип турсун! — Карт уста жоомарт кардарларына ак жол каалап, купуя тобо тиледи. — Жараткан ушунуңа шүгүр...

* * *

Ахмад уста үлгү боюнча белектик Тадж-Махалдын акак таштан кесилген тетиктерин өңүнө чыгара чаңкайтып жылмалай сүртө угулаар-угулбас жай, өзүнчө карт доошун колдуратууда:

Акак да аппак, бор да аппак
Өңүнөн өөн ким тапмак,
Асылдыгы ичинде
Акылмандай сыр сактап.

Акак да таш, бор да таш,
Айыр албас макоо баш...

Акакка оюу салганды
Үйрөнөр бекен балам жаш.

Бул ыр өзүнүкүбү же атасы буга кезегинде ырдаганбы... Мүмкүн чоң атасы кичинесинде бабасы шүнтүп эрмектегендир. Айтор, Кумар тээ бармактайынан сөздү жөмөлөп түшүнө баштаганынан угуп келатыр. Тукум куун акак зергерлигин мурастаган эмелердин өнөрү гана эмес, эмерек куралдары, салты, а түгүл сөздөрү да сакталганын жеке атасы тургай башкалардын аңазалаганын кулагы чалган. Уста көңүлү ачык, ишине пейли ийиген маалында, жанында уулу гана отурганда, кандайдыр азыркы овондорго окшобогон байыркынын кайрыктары менен кыңылдайт. Атасын ансыз да жанындай көрүп сыймыктанган улан мындай сөз, мындай ыргак жалгыз гана анын өзүнө жарашыктуу ойлойт. Окус, ушуну башка бир жан айласы үчүн аракет менен гана уста болумуш эткендерден ырдашса, караманча келишпей, мааниси да аваны да бузуларына ишенет. Атасы муну бекерден бекер эриккенинен ырдап атыптырбы. Качандыр өзүнүн алган сабагын баласына үйрөтүү акмы да. Асыл менен арзанды, оор менен женилди, жакшы менен жаманды айра бил, баркына жет, өзүңдүн да, башканын да колун уялтпагандай келиштире жасалгалай бил деген акыл-насааттын буктурулганын Кумар кийинки жылдары, бөтөнчө, атасы минтип көзү мокоп, кыймылы жайланып, карылыкка жеңдире, татаалын ага жылдыра баштаганда уюп түшүнүүдө. А балким, о жарым кылым, андан арбын жылдар өткөндө өзү да картаяр. Ушу атасычылап, баласына небак көкүрөгүнө жат «акак да аппак, бор да аппакты» желдирээр... Бул ой капысынан каяктан калкыганына таңдана, Кумар жаңыдан кылоо мурутча сербейген эринин жаса бырс этти.

— И-и, күлкүңө жол болсун. Күлгөндүн билгени бар,— Уста уулуна эптеп шылтоо таап божурашууга кусалана үңүлдү.

Кумар атасы жылмалап узаткан тилке тактача акактарга коюу кирпиктерин тиктейтип, өткүр карегин кадап, кыбылжыган оймолорду алмаз шиши менен кылдат тегеретүү алакетинде эле. Атасынын ниетин боолголоп, чын сырын буйтап, кайра ага сөз чаргытты:

— Кантип күлбөйсүң. Сага менин экидегим менен азыркы жыйырмага караганым бирдей сезилеби?

Аягы кандайча түйүндөлөрүн күтпөй карыя, сакалын чайый күлүмсүрөдү:

— Аначы. Маа сен дале кичинесиң, кенжемсиң.

Кумар башын чулгуду:

— Калпычы десе. «Акакка оюу салганды, үйрөнөр бекен балам жаш» дегенинди өзгөртсөң боло. Үйрөнгөн үчүн мобуларды чийип атамбы же... эки жылдан берки мээнетимди танасыңбы?

Ахмад балапанын уядан коштогон бүркүтчө колтугун компоё көтөрө каркылдады:

— Карегим... Сеники чын. Бирок, ырды бузбайлы. Маа сакал чыкканча атам да өзгөртпөй ырдаган. Ага...

* * *

Дарак көлөкөсү. Ортодогу жапыс жазы үстөлдүн эки четинде жаш, кары устанын эмеректери. Аларга аралаш эски самоор. Табакчаларда кургак жемиш. Таттуу токоччо. Таш зергерлери атайылап убактыларын кетирип тамак даярдоо түйшүгүн унутуп, каалашканында муздак чайдан жута, татуудан ирмей ишти өксүтпөөнүн өнөкөтүндө. Дүкөндөгү даяр Тадж-Махалдары түгөнүп баратыр. Эки, үч күн удаа отура калышып бир кыйласын даярдап алышууга чыгынышкан. Ахмад устанын минтип өз ыктыярынан дүкөнүн жапкан учурлары «Тадж базардагы» коңшуларына аябай жагат. Эркин чардашып, ага доомат уруп кыскынышпай кенен соодаларын жүргүзүшөт.

Атасы балкып жайдары отурганында Кумар андан бетер жүрөк чери козуп соңку кездердеги көргөнү, укканы, туйганы башына сыйбай, маектешүүгө тили кычышты.

— Ата дейм, Тадж-Махалды он сегиз жылда жыйырма миң киши тургузган экен, ээ?

Атасы негедир көңүлкош күңк этти:

— Ошентип айтышат.

Кантсе да атасын сөзгө тартып маалыматынын канчалык тууралыгын сыноого, бүт элинин, мекенинин даңкын чыгарган, жеке алар тургай көлөкөсүн жасаган кыйлаларды жан сактаткан байыркынын эстелигинин жаралыш тарыхын иликтей баштаганынын туйдурууга куушурулуду Кумар:

— Тадж-Махалды курдурууга ошо кездеги маданияты гүлдөгөн бүткүл чыгыштын: өзүбүздүн Индиянын, Туркиянын, Ирандын, Орто Азиянын Самарканд, Бухарасынан, Ооганстандын, Багдаддын... дагы-дагы көп өлкөлөрдүн мыкты архитекторлору чакырылып иштешиптир. Чынбы?

Атасы үргүлөй «архитектор» деген чет тилин кошо, китеп сөзүн такылдаткан уулуна «Мурдатан мен неге булардды айтпадым экен», күпүрдө үнсүз башын ийкеди.

— Ошол кыйын архитекторлордун бири, курулушту башкарган зергердин, зергери Иса деген устат болуптур, чынбы?

Баланын бул кеби Ахмаддын безине тийди белем, Иса устат сыймыгы, куту, кудайы. Анын колдоп келаткан касиеттүү арбагына сыйынып, кичине болсо да өнөрүн улап калганга, ошо өнөрдүн шарапаты менен Тадж-Махалды пааналап күн көргөнгө топуктуу, улуу чебердин салтын булгабай, аз да болсо таап үнөмдөп, акакты кармап, аземин чөктүргөнүнө миң мертебе ыраазы. Бөлөктөрдүн андан ыйбаа кылып, сыйлаганы деле, барын баккан ошол байыркы улуу устатты урматтаганынан деп түшүнөт. Ахмад шаңкайган селдесине түстөш аппак көйнөгүнүн кенен жеңинен жай кыймылдаган барбайган колундагы мунаранын тетикчесин үстөлгө тык ура, сакал-мурутуна куюлушкан коюу ныл кашын дүрдүктүрө серпти:

— Сен эмне, көөрү төгүлгөн чеберлердин башчысы ушу биздин агралык Иса устанын Тадж-Махалды өзү менен кошо курушкан жээнинен тараган тукуму экенинди билбейсиңби?

Атасынын жандана дүрдүккөнүн суутпоого Кумар кичине Таджнын алдынкы бооруна чапталуучу жазыча акактын оймолорун ойното, сөөмөйүн ийсендетти:

— Билем, билем! Мен... — Тиштене тилин кымтыды. Оюна түйүндөлгөн «Керемет устаттын укум-тукумдарынан үч жарым кылымдын ичинде неге бирөө өзүндөй таанылып чыкпады?» — деген суроосун айтып ие жаздап токтоду. Анда собол атасына оор тиер. Ан үстүнө атасы «Тадж базардагы» усталардын кыйыны. Өзүн түп бабасынын салтын улаган нарктуу чебер эсептейт. Анысы ырас. Бирок, улан атасын байыркы бабасындай зор иши менен даңктатса деп самайт. Неге кылдат таш зергери бир нерседен башканы жасабады. Кааласа колунан укмуштун баары келээр эле. Атасынын антпегенинин себебин өзүнчө териштирген эмес.

Өз түшүнгөнүн шарданга салды:

— Иса устаттын бактысына маданиятты, курулушту өркүндөтүүнү башкы максат кылган Шах Жахандай падыша чыккан.

— Хах, хах! Шах Жахан жакшы падыша болгон. Бирок, ал өз даңкын көкөлөткөн.

— Антсе да... Исадай кермет устаттардын өнөрүн пайдаланган. Миңдеген жардыларды иште тарткан. Элдин, жердин, байлыгын ааламды таңыркаткан Тадж-Махалдай эстеликке айланткан.

— Адам э-эй, тентегиң түшкүр, с-сен... — Карт уста сөзүн купуя күрмөдү. «Сенин эсиң токтолуп, жетилгенинди, уламаны кууп, кунт коюп баратарыңды билген эмес экемин. Бар бол. Кут кылсын. Таманың канчага кысып, канчага чуркаар экенсиң, байкайынчы».

— Бо, сен Шах Жахан Тадж-Махалды кимге, неликтен курдурганын, кандай гана асыл таштарды кайдан алдырганын да билесиңби?

— Ананчы. — Кумар сыноо алчу маалимдей мокогон алагар көзүн коюуланта тике баккан атасына көйнөгүнүн ачык жакасын желпе, отургучуна оңдоно мелтиреди: — Шах Жахан Тадж-Махалды 1631-жылы өлгөн, сүйгөн жары Мумтаз-и Махалдын керези боюнча салдырган... «Сүйгөн жары, Мумтаз-и Махалдын керээзи боюнча»... — баланын таттуу доошу иллертен миң кайталанган санжырадан баштаса да, негедир жаңыдай, өзүнө тиешелүү окуяны жаңыртып козгогондой карыянын санаасын сапырды. Ал курулаай эле кирпигин төшөлтө угуп жаткансып уулунун тилине элдир-селдир магдыраганы менен башка элеске тартылды...

Анын да Мумтаз-и Махал сыяктуу сүйгөн жары, мынабу маңдайындагы бүгүн өзгөчө булбул сымал сайраган уулунун энеси Камила дегени болгон. Камиласы жаш кезинде ооруга чалдыкты. Бапестеп бакканы, дарылатканы сактай албай, көз жумарда эри Ахмад устага акыркы керээзин айтты. Мумтаз-и Шах Жаханга акыркы коштошордо кандай ишенсе Камиласы ага андан да мээримдүү кайгылуу ишенип кетти. Сүйгөн жарынын керээзи... Жахан падыша бүтүндөй аткарды. Шах Жахандын жакшы көргөн аялы Мумтаз-и өлөрүндө эки нерсе сураптыр. Биринчиси өмүр бою аял албай дүйнөдөн так өтүүсүн, а чыныда балдарынын үстүнө өгөй эне киргизбөөсүн. А экинчиси — көрүнүн үстүнө адамзат эскерип таңгаларлык заңгыраган ак сарай күмбөз тургузууну... Жахан падыша аялынын эки өтүнүчүн тең аткарган. Тадж-Махал чын берилген назик махабаттын дал өзүндөй, ырдан, алалдыктан, эң кымбат асыл заттардан, сулуулуктан бүткөн, мыкты ургаачы затынын назиктигин элестеткен эстелик го. Тадж-Махалдын курулушуна Жайпур менен Фотохпурдун акак мраморлору, төгөрөктүн төрт бурчунан асыл таштар ташылып, жумшалган. Анын баары падышанын даңкы, байлыгы, аялынын арбагын сыйлаганынан бүткөрүлгөн.

А уста Ахмадчы? Камиласы өлөрүндө акыркы көз шооласын үрөп, суроолу муңайган: Төрттү төрөсөм да колунда жалгыз Кумар калды. Экөөбүздүн алал сүйүүбүздүн беле-

ги катары чоочун аялдын тилин угузбай, эр жетип үйлөнгөнчө колунан жетелеп өзүң бага аласыңбы?

Ахмад чөгөлөп башын жөлөй Камиласына кардыга шертин бекемдеген:

— Сенден айрылсам... Кумарыма ата да, эне да өзүм болуп, так өтүүгө кудайдын алдында ант берем!

Камила эринин капкара быжыгыр сакалдуу сулуу жүзүнөн кулаган жашын алсыз колу менен сүртүп чымыркана жылмайымыш эте коштошоор өтүнүчүн айкындаган:

— Устам, саа буу дүйнөдө ыраазымын, тиги дүйнөдө да ыраазы болормун. Акыркы керезим: мени удаа учкан чымчыктарымдын жанына чоң мүрзөгө кой. Кудуретиң жетсе бышык кыштан төртөөбүзгө коргончо, же күмбөзчө тургузуп, аты-жөнүбүздү жаздыр.

Тобо, адам тагдырларынын окшоштугун карачы, Хандын аялы менен устанын аялынын ортодон кылымдар өтсө да керээздеринин бирдейлигин көр. Эне, жар, акыркы коштошоорунда эң кымбат нерсени гана эсине тутат го. Экөө тең мээримдүү эне, жакшы жар болгон. Эрлеринин кудуретине карай ишенип кайрылышкан. Ахмад уста, Жахандай падыша болсо, Камилага Мумтаз-идей ак сарайдан күмбөз тургуз демек беле. Ал айтпаса да Тадж-Махалды тургузган Иса устаттын тукуму Ахмад падышалык такты, бийликти ээлесе, дагы бир укмуш эстелик имаратты курмак...

— Ата, уктуңбу, билет бекемин?!

Талмоорсуй термелген уста түштүн туткунунан чочуп ойгонгонсуп селт козголду:

— Ооба, ооба... Карегим, уктум. Сен көрсө киши болуп калган турбайсыңбы. Карган атаң байкас албаптыр. Дагы эмнелерди билесиң — Ахмад эңиле, уулунун үрпөк чачына чор алаканын таптай эркелетти.

Уулу курсанттыгы арта бутактуу даректай багжайган атасына мөмө жүзүн табышмактуу мөтүрөйттү:

— Көп нерселерди билем!..

Атасы негедир кайра уюй түшкөндө Кумар эринин кымтый мукактанды:

— Албетте... билбегендерим деле кыйла... Мен эми кичине эмесмин. Көп сырдуу нерселерди билишим керек. Чынбы?

Бушайман доош карынын оозунан кардыкты:

— Чын, карегим. Сенин көп нерселердин сырын билүүчү маалың жетилген сыяктанат. А кандай сырларды билмекчисиң? — Суроону тикесинен коёрун коюп, шуудураган мурут учун тилине аймatty. «Китептен, радиодон, кезиттен, азыркы өнүккөн аалам жаңылыгынан түркүн окуяларды

каалашынча өзү кабылдаар. Акысын төлөп окуудан өксүтпөдүм. Колледжи бүттү. Кыйылганына караганда атасындагы бирденкелерди эшиткиси бардай. Нелерди? Ташты кесип, өгөп, чиймелеп, кынаптоонун азаптуу сырын, аземин түгөл үйрөткөнсүдүм. Менчелик жан сактаганга жарайт. Ан үстүнө доору меникинен эркин. Менде уулумдан жашырган башка эмне сыр бар? Кана?.. Бирөө гана. Раматылык энесинин, Камиламдын мунун эки жашарында о дүйнөгө кайтарындагы керээзинен ишааратсыз. Жахан падышанын Мумтаз-исинин керээзин бүткүл аалам билет. Менин Камиламдын керээзи жалгыз өзүмдүн жүрөгүмдө гана катылуу. Аны карегиме ачсамбы? Кажети не? Бирөөнү аткардым. Экинчисин жарым-жартылай аягына чыкпадым. Али карыздармын. Камилам, о дүйнөгө барганда мени кечпей коёр бекенсиң...»

— Дүйнөдө ар кандай сыр сансыз. Мен сенден бир сыр сурайм. Кыйыктанбайсыңбы?

Баласынын андан бетер тик качырганына ансыз да санаасы майышкан ата, эмелеки куюндап өткөн купуя жапасын сууртчудай карбаластады:

— Картайып алжыган атандан эмненин сырын сурамаксың, карегим.

Мынчалык камынган улан, атанын ички каржалышын кайдан туйду.

— Маселен... сага далай усталарды, курулушчуларды жыйнап, керектүүлөрүн бүт белендеп зор имарат кур десе... Маселен Индиядагы ташчы зергерлердин байыртан берки, кичине, чоң сүрөттөрүн, оймо, чиймелерин чогултканажайыпкана — көргөзмө сарайын кур десе, адегенде көркүн, көлөмүн чийип, киришмек белең?

Ойдо жок, ажайып сунуш карапайым устанын уулунун башына кайдан түштү? Такта отурган акимдер, султандар ойлоочу, кудурет байлыгына чиренип сунуш этүүчү жоруктумезелдеткен уулуна аппак селделүү башын чайкады:

— Жок.

Уулу кадимки тапшырма берүүчү журт башчысы сымал устага томсорду:

— Неге?

Ахмад көзүн жүлжүйтө дүңгүл сакалын тутамдай үшкүрдү:

— Эх — х, карегим, мен кыбылжыган майда аземге чебермин.

— Зергерсиң! Кааласаң укмуштар келет колуңдан! Чынбы?! — Кумар кызуулана ордунан ыргып, көйнөгүнүн боорун желпилдете, шым чөнтөгүнө колун сойлотту:

— Айтчы атаке, чынында. Сен ташка жан киргизген зергерсиң. Исадан кем эмес устатсың. Кааласаң таштан керемет имарат курасың. Эстелик келбет чегесиң. Чынбы? Чынбы?

— Ах, балам түшкүр. Лаажы табылса, атасын кудурети зор кеменгерге айланткысы бар э. — Ахмаддан тер кетти. Баласы ушул чындыкты айкындоого далайдан чыгынып эми ыгын таап батынып отурбайбы. Деги кийинчерээк уулунун мүнөзүндөгү кескин өзгөрүү карт атанын да жүрөгүн опколжутчу. Атаганат, делөөрүгөн курч каралдысынын мизин майтарбай барын кыйратам деп бакылдоого дити даабады. Кургак ишеним курутуп коёр.

— Карегим,— деди ата калбээт үнүн өктөмдөтө,— билсең, мен кылымдар упурагыс таштын мөлү, асылы акакка гана сыйынган зергермин. Касиеттүү Таджынын үлгүсүн өзүндөй акакка түшүрүштүн аземи арзан бекен. Ошону кунт тутуп өздөштүргөнүмө ыраазымын. Керек жарак, шайман мол, кол жетиштүү болсо рабаттын чоңун куруу оңоюраак да, көзгө толумдуу кызык да. Ал эми кичинекей үлгүсүн көркүнө чыгара кубулжутуш кыйын.

Шым чөнтөгүнөн колун чыгарбай, шыңга боюн назик ие, Кумар атасына барылдады:

— Калп! Калп Өзүңдү өзүң кем тутуп, кордоп жатасың! Чынбы?

Карыя баланы имере кучактап, куду кичинесиндей тизесине кондурайын десе, анысы өзүнөн кырдуу өскөнүн жаңы сезгенсип, жанаша чөктүрүп далысынан сылады:

— Адам өзүн өзү кордобойт. Балам, атаңдын үлгүчү усталык ырыскысына сүйүн. Бизге ушул эле жетет. Тадж базардагы чеберлердин кимиси болбосун биз кармаган буюмдун аземине, адалдыгына көз артканын туйбайсыңбы? Биздин улам кийинки тукум андан айныбай, өркүндөтсө... эзелден келаткан бактынын тайыбаганы дей бер. Ушуну көңүлүңө бек тут, уулум!..

Атанын аныс сырына каныккан уулу... Мурда алданып келгенсип, кичире түшкөнсүп... бир четинен атасын аяй, дилине жабыр тарта ыктай, эркелеп көнгөн түктүү жаагына, өзүнүн мөмө жүзүн кычыштыра сайгылатып сүргүлөй берди. Далайды башынан өткөргөн, ан үстүнө момингип көчүрмөчү, үлгүчү кол өнөрчүлүгүнө курсанттанган атасына кандайдыр кусалуу тарыныч башка бирөөлөрдөн издеди. Таштан укмуштарды кылымдар ырына айланткан монументалисттер, скульпторлор, архитекторлор, аска беттерине, үңкүрлөргө, сарайлардын боорлоруна оймо сүрөт чеккендер жөнүндө капчалык аңазаларды окуду, сүрөт аль-

бомдорду баракта. Атасы алардын эч кимисинен кем чебер эмес. Анын талантын мертинткен өзү так айкындаган «көчүрмөчү, үлгүчү, туроочу» өнөрчүлүктүн сааты. Канчалык тирмейип кандай кооз буюмдарды жаратпасын, көчүрмөчүнүн, үлгүчүнүн иши, бары бир бирөөлөрдүкүн кайталаган кунарсыз тура. Миң кубултуп ажарына чыгарбасын, кайталоон нукура, өз нускасында жаралган чыгармага кайдан жетсин. Атасы сымал, далай талант ушинтип думугуп мертине береби? Барыдан өкүттөөсү — таланттын кунарын түшүрүп, жан баккандарына, күнүмдүк даңкка корстон болуп өзүлөрүнүн майдалыгын сезбегенинде го. Кичине Таджидай белектик үлгүлөрдү азыркы техника доорунда машина күчү миллиондоп көбөйтүп жатпайбы. Жо... башкалардыкы мүмкүн, атасы жасагандай мрамор Таджны адамдын гана зерикпеген чебер колу жаратууга мүмкүн. Атасы... аалам-да сейрек чебер адам... Көчүрмөнүн кулу болгонуңа жеке өзүң, ата бабаң эмес... четтик эзүүчүлөр муунткан караңгылык, артта калгандыктын кесепети күнөөлү. Сендей көөрү төгүлгөн усталарды чоң курулуштарга үндөп тапшырма берип, ишеним көрсөткөндө оокатың да, оюң да, ишиң да көкөлөбөйт беле... Ах, кайран гана уста. Ардагым атам... Ушунчалык жөндөмүн, салабаттуулугун, эмгекчилдигиң, акылмандыгың менен көчүрмөчү бойдон гана өтөсүңбү. Сенин алп талантың кунарсыз, оюнчуктай чиймеленген майда нерселерге кор тутулуп бүтүп баратканын эч сезбейсиң. Арийне менин тагдырым кантээр экен? Ардагым атакем, мени устачылык жаатынан өз деңгээлиңе жеткиргенге курсантсың. Кесибиңди улап, оюнчук Таджны акактан келиштире оюп, дүкөнүңдү томсортпой сатып отурганымды кааларыңды билем. Анда мени ушунча жыл акчаңды коротуп неге окуттуң. Алган билим, түшүнүк жалгыз уулуңду кайда дегдетип, эмнелерди саматканынан дарексизсиң... Жалгыздыктын жабыры жаныңа катуу тиерин, карылыкка шүйө баштаган саа менин карааным, жанында жанаша болушум канчалык медер, кубат экенин билем. Минтип жаралбай койсом не? Кандай азаптуу жанмын. Курбуларымдан калбай элкин, алыска канат сермегим... Ушу касиетиңден айланайын атакемден өздөштүргөн өнөрдү муунтпай, илим жолу менен кеңири өөрчүткүм келет. Жаштын тилегин берет. Умуттуу жаш энсегенине талпынса, аракеттенсе жетет дейт. Далбасам орундаар бекен... Атакем, аяганым, корккonум — сен. Мени колдойсуңбу же... О, чалгынын, текөөрүн жетилтип балапанын уядан учурган карт бүркүттөй сапарга узатсаң... Бакытымды тилеп күтсөң... Ай таң, жаныңдан алыстатпай куду өзүңдөй тушасаң кантем...

Атасы да уулунун ички уйгу-туйгусун, кандайча тартууга маңданып... минтип чөгөлөй эркелегенине балкый, далысынан, желкесинен, көрпө чачынан сылагылай кобурады.

— «Устадан шакирт өтүптүр». Калк сөзү калетсиз. Кумар акырын жыла козголуп, маңдайдагы отургучка эпейип, атасына таңданыңкы делдейди:

— Эмне, эмне дедиң?

Карт уста уулу чиймелеген акак тактачаны айнектүү көзүнө жакындатып, алыстатып көпкө тигиле тамылжыды. Ал кооз, таңдайлашкан тааныш оймону чагылткан менен, көөнө сөздүн жаңыча окуусун, эски ырдын жаңыча овонун, солуган гүлдүн жайнап ачылганын, үлүңдөп өчүп бараткан нурдун жаркып ажарланганын көрүп, угуп... Жаак кылдары күмүштөнө серпиле күңгүрөндү:

— Колуңдан, карегиңден айланайын. Үмүтүмдү, актадың...

Ата мактоосуна Кумар кубана да, уяла да кайпактады:

— Өзүңдүн эле үлгүң. Иса устадан бери карай Тадж-Махалдын сырткы бетиндеги даяр оюуларды миңдеген кол өнөрчүлөр көчүрүп эле атпайбы.

Дагы ачыгыраак кулпунсун дедиби, уста тилке акактагы татынакай оймону алкым, ээк кылдарына ракаттана сүртүп, тарак сымалданта пу, пу үйлөгөнсүп бет маңдайына кармады:

— Э, балам, үлгүсү бир дегениң ырас. Бирок, аткарылышы, чиймелердин түшүрүлүшү ажырым. Борго же бөлөк борпоң таштарга үшкү, шибеге учу илип кетсе эле из түшөт. Тадж базардагы арзан саткан усталардын түйшүгү да жеңил. Аны билесиң. А мобу акак мраморго эйтең-тайтаңсыз түз, дана чегиш азап, рахат. Мурдакыларыңды айтпайын. Үйрөнчүк элең. Кыйланды көргөзбөй окууңа кеткенде өзүм оңдоочумун. былтыртан беркиң, айрыкча быйылкыларың, мына мобуларың зергердин наары, зергердин көөрү... Карылыкты моюнга албаска арга жок. Кийинки кезекте мына мен оймолордун эптеп домосун түшүрчүмүн. А да болсо, кол учунун сокмогу, көздүн курчу кайткандыктын сааты. Карачы, оюуларыңдын тереңдигин, ачыктыгын, ажарын... Ата деген баласына олуя болсо да эч качан жагынбайт. Кааласаң карт устанын сөзү деп дагы кулагыңа ил. Каалабасаң өзүң бил.

Өзү эскерткендей алпештеген ата гана эмес, кастарлуу устанын таптуу алкоосунан уландын чалпоо жүрөк каны удургуп, маңдайы ысуулай тер чачты. Атанын канисти чын, ага маалым. Демек, картайганда түйшүгүн жеңилдетип, колунан алса, салтын улап, сыймыгын түшүрбөй узанаары-

на курсант. Атаганат, уулуна ушуну эле чек коёбу, жаштык демин, ички умтулуусун байкабайбы. Ата балага сынчы — дейт. Же канчалык делөөрүсө да, мындан артык эчтеке чыкпасына көзү жетеби. Кайдаан... Азыркы доорго, баласын бөпөлөп өзү түзгөн шартка сээр салбаганы да. Үндөбөй моюнун ийип муюса ыраазы бойдон кала берээр... Жо...о... делөөрүгөн жаш салт кууп атасын ыйык тутса да, буйругуна тил катууга дармансыз титиресе да, максатын жанытып көрбөсө, ичинен буулугуп жарылчудай чыдаңкырабады.

— Бар болгону өз сабагынды өздөштүрдүм... Бирок, бул өнөрчү чебердин иши эмес. Көчүрмөчү, жан багардын түйшүгү.

— Эх-е, токто-о, карегим. — Ахмад оймо акакты уулунун астына жылдырып ондоно комдонду. — Жан багардын түйшүгү дейсиңби? Чын. Жанын бага алган, оокатына тын адам азамат! Андан өткөн ким бар? Бийликтегилерби? Бирөөлөргө жакшы, бирөөлөргө жаман көрүнүп алар да өтөт дүйнөдөн. Касиеттүү Тадж-Махалдын элесин өзүндөй акактан шаңкайтып, ааламдын ала була адамдарынын кыйласына таркатсаң... Ошол адал эмгегиңдин шарапаты бирөөнүн көзүн каратпай жашатса... андан артык өнөрдүн кереги не?

Мына, ойлогонуңдай атасынын топуктуулугу, караңгылыгы өз өкүмүн айкындабадыбы. Эми ичке катуу, өзүнчө өрөпкүү эч кажетсиз. Кумар оозундагы жемин жулдурбоочу күчүктөй үрпөндөй болсулдады.

— Ай, атаке, атаке... Жан багаарды кантип гана жактайсың. Сендей талант башка бирөөдө болсо бар эмеспи-и...

Нетсе да батыналбай, көөдөнүндөгү ташкынын аягына чыгарбай мукактанган баласына москоол келбетине жараша сабырдуу Ахмад, таңыркай болкойду.

— Талант... Тапкан сөзүн кара. Меникиндей өнөр башкада болсо, эмне кылмакчы? Кана, ачык сырдашалычы уулум...

«...Ачык сырдашалычы уулум». Жумшак кербез доош чындап кенешке чакырдыбы. Алагар көздөн жекирген каар себилбейт. Күтүүсүз чочуңкураган суроолу тигилиш дале аталык мээримди айкындоодо. Далайдан бери даабаган сүрдүү тоскоол атасынын мандайынан сүртүлүп ыргытылгансыды. Жайык мейкинден айдарым керимсел сокконсуп, муунгансыган көңүлү ачыла оюндагысы кеңири атылды:

— Сеникиндей талант башкада болгондо... байыркы эстеликтин оюнчук көчүрмөсүн чегип өнөрүн өлтүрмөк эмес-с. Устага кандай болбосун кызмат табылмак. Буерди

сагалап, жан бакканыша корстонбой, жер кезип, эл кыдырмак. Кайда, кимге уста керектигин иликтеп... чоң курулуштун тапшырмасын алмак, курмак. Эстеликтер чекмек. Талантын сынап, атагын арттырмак. Оокаты мындан да тың өтмөк.

Баласынтып күлүп басып кетүүгө Ахмаддын дити даабады. Кумары ага нааразылык айыбын гана артпастан, өбөгейсиз зор уста катары көкөлөтүп апырта сыймыктанып, кичиккен өкүттөсүн жаштык курчтугуна жиреп толкундаганына кабырыла копшолду:

— Э, карегим сендейимде мен да атама чоң уста болуп туруп, кичине бирдеңкеге асылып өмүрүн коротконго кейүүчү элем. А жарыктыктын чеберчилиги менден алда канча өйдө эле... Курулуш, эстелик тургузууга уста издеген учур ал шордуу экөөбүздүн таалайыбызга табылбаса кантесиң. Инглиш* баскынчылары эл, жериңдин байлыгын талап ташыганын уккандырсың, окугандырсың. Ал доордо ач, жылаңачтыктан кутулган кыйын эсептелген. Андай жергиликтүү индустандык ондун бири, кичинедир, чоңдур колунан бирдеңке келип, термелегендер болгон... Сен окудун. Ата, бабаңа бекер аккаарат такпа. Макулбу? Акчыланган устанын туулуп өскөн коломтосунан алыс чыкпай, кызмат издебей, кол өнөрчүлүккө байланганына көзү жетсе деле атасынын жайынча түшүндүрүп муңайыңкы жылмайганын аяп Кумар макул дегенсип башын ийкеди. Ал атасынын өзү ыгын келиштирген шартты пайдаланууга ашыкты.

— А Инглиштерден кутулгандан кийинчи? Эмичи? Чындык жагдайы байкооздон чалынткан тордон чыгууга алакеттенип тайсалдоонун кажетсиздигин түшүнгөн уста, көз айнегин ала, жеңине сүртүмүш этип күрсүндү:

— Эми мен карымын... — Колун созуп алиги тактачаны кайра көтөрдү,— эми өмүр бою багып тиккен кичине Таджинин мобу алдыңкы бетине наар түшүрүүгө да көзүм жетпей калды. Кээде жүрөк кургур да чымырап эсти оодарат. Эми саа кубат берсин, карегим...

Уулу жыргап, куунап күлүңдөп толукшуй түшүптүр. Албетте бекеринен дейсиңби. Билгени бар. Мына, айтат. — Уста уулуна элейди. Кумар жарк эте обдулуп колун бооруна ала атасына кулдук ура чөгөлөдү:

— Атаке, бүгүн чын сырынды төгүп чечилдиң. Эми шакирт балаңа ак батаңды бер... Сенин, бабаларыңын өнөрүн кеңитчү таалайын издесин.

Карт уста кулагына ишенбей, чөгөлөгөн уулун болкой-

* *инглиш* — англис.

гон жумшак бооруна имерди. Муун-жүүнү бошоп карғылданды:

— С-сен, карегим, таалайыңды тапкансың. Дагы кайсы, эмне бакытты издемексиң?

4

Уста короосундагы бүчүр, бутагын айланасына тегерек чатырлаткан карт манго дарагынын көлөкөсүндө өнөкөт таштарын өгөп жылмалоого камынса да, колу эптешпей ою чачыранды. Эртең мененки күн каадасындай асманга тез чимириле, жерди балкыта ысытып, чыгыштан баштаган оттуу саякатын батышты карай ыкчамдай улоодо. Таңкы күн нурун тоскон аппак Тадж-Махалды көрүүгө, кыдырууга баргандардын асты кайтты. Тадж базарда эл кымкуут. Соода кызыган маал. Аныкынан башка дүкөндөрдүн барысы ачык... Дүкөнү устанын өз колунан жаралган акак буюмун пааналатып... тилдери да, өздөрү да, кийимдери да, алака салттары да түркүн кардар адамдарга кездештирүүчү, көңүлүн алаксытып күн өткөрүүчү кызмат, тиричилик жайы.., Өмүр бою, заардагы азанчы тотунун үнү менен кошо туруп, күн чыга электе уулун ээрчите ошерде болчу эле. Аяктан азоолок иштетип, тетиктерди кынатып, желимдетип... Тактайчадан сыртына сандыкча жасатып, кардарлар кабылса сатык жүргүздүрүп... анан окуусуна узатчу. Чукулда жергилүктүү колледжди бүттү. Күзгө дейре колу-жолу бош. Шакирттиктен өтүп, усталыка каныкты. Карган атасы жетине албай кубанып... «жанды карч урган кезим бүттү. Алдан тайып баратам. Акырындап жарагымды, өнөрүмдү, дүкөндү ардагыма табыштайын. Караан, көмөкчү болуп, уул эмгегинин рахатына топуктанайын... — пейилде балкый баштаганымда... Кумарым уктаса түшүмө кирбеген бүлүктү салды. Түп борборго кеңешпей дебей... менин жактырбасыма көзү жеткен имиш, колледжди бүткөн күбөлүк намасын, арызын, таржымалын, сүрөтүн, Тадж-Махалдын.., жана бөлөк оюнан чыгарган кейптерин, курулуш чиймелерин, оймолорун тартып... Бали деген маалиминин көкүтүүсү, убадасы боюнча, анын дал өзүнөн жөнөтүптүр. Эх, текеберлигин... Таджды чанганын кара. Шаарлардын курулушун, жасалгасын долбоорлогон, тургузган арымдуу, аземдүү усталыктын барып турган жогорку окуусуна өтөт имиш. Ай арыңды урайын, кара устанын уулу... Окус, күч сыноодон өтө албай калса, ошо шаардагы көп курулуштун бирине, же скульптор дейби, ташчы сүрөтчүгө үйрөнчүлүккө машыгат имиш. Ооба, келегой деп эле аны күтүп ту-

рушкандыр. Анан... мага кат жазып, кур дегенде жыл маалында бир айланып белек-бечкек камдап келип турат имиш. Төх, балаң түшкүр... Торолгондо өз камын гана ойлонгонун карачы. Ментинен тайып эңкейип бараткан атасынын ансыз жалгыз кантип күн көрөөрүн сезбейби? Аз жыл аялдай турса... Көзү китеп, колу кат тааныды. Али балтыр эти толо элек, бакыт издээр чагы боло элек. Курган атасы каржаңдап дагы канчага жашамак... Коё турса боло, аз жылча жанында... Анан там-таш, дүкөндү сатабы, коёбу... өзү билгениндей сызбайт беле... Окуу өз чөлкөмүбүздөгү орто маалымат берүүчү окуусун эптеп бүтүрттүм. Алыскы, оң окууга чоң каражат да керектир. Олдо карегим ай... Катуулайын десем кабыргам кайышат. Жай акылымды таласарыңа кыстарбадың. Кантем... энеңин да, атанын да мээрин төгүп, бөпөлөп өстүргөн жаным... сенин минтип таш боорума тартаарыңды кайдан билдим. Ок оозума. Жалгызым, карегим, сен да мээримдүүсүң атаңа. Кыздай созулуп оболумдан чыкпачу элең. Карыш бассаң суранчусуң. Мойтоңдоп ойноп, сырыңды түгөл медиречисиң. Кийин, быйыл, жакындан бери гана... айтпай, дебей ээлене баштадың...

Ахмад айнектүү көзүн текчейген агыш тамынын экинчи кабатчасындагы темир торлуу сересине кадады. Үстүндөгү калканч, эки жагынан бийик сеңселе өскөн манго даректарынын көлөкөсү күндү калкалап Кумарын тынч уйкуга көшүлтүүдө.

Сересин карап карт устанын жүрөгү опколжуду. Жаш дене серүүндөп тынч уктап, чыйрак өссүн үчүн өзү атайылап уулуна түнөк жасаган. Анысынын бою да серейип жотосу москоолуна тартып, тукум кууй бойлуу өскөнүнө ачык аванын таасири деп түшүнчү. Сересинен уулу маймылдай секирип, кайдадыр түнөп жүргөнүн жакында байкабадыбы. Балкон эшигин, жатаканасынын каалгасын ачып таштап кирпик ирмебей канча түн саксактады. Кандайдыр шырп алдырбай кетет. Бүгүнкү менен эки мертебе көрдү. Аргамжыны арта сала дабышсыз ойноп түшүп, кайтканда да ошентип маймылча тырмышып чыгат экен. Маймыл... бактан бакка, бутактан, бутакка секирип, жемиш терип, көлөкөлөп жан сактаган бечаралар Индус жергесинде азбы. Уулу ошолорду туурамакчыбы. Жо...о, жөндөн жөн кеткен койгонун атасына билгизбөөнүн амалы да. Бүгүн таңда жерден ыргыткан арканга тырмышып зорго көтөрүлгөнүн терезеден баамдап, бакырып ие жаздап, чочуп жыгылып балээге чалдыкпасын деп, заманасы куурулду. Деле ар кырсыктан сактанып тынч жүрүүсүн тилеп ачкычты колуна табыштоого, шар чыгып, шар кирүүгө руксат берүүнү чеч-

ти. Түн катып бараар жерин да, артынан көлөкөдөй ээрчип, акмалады. Бузуктардын тобуна эмес, сыймыктуу Тадж-Махалга айлуу түндө, жүргүнчүлөр көксөп келген маалды болжоп барат экен. Анан аларга аралашып сөз тыңшайбы, алаксыйбы, же жолукчу бирөөлөрү барбы, айтор аерде жүргөнү жакшы жышаан. Мейли. Бирок Тадж-Махалды көп көрүүдөн не тажабайт. Же ошо ыйык жерде эч кимди шекшитпей кезигүүчү антташкан кыз-кыркыны барбы? Бар алына толукшуган он тогуз жаш айыптуубу? А балким алиги Бали деген чоң окууга көкүткөн маалими, өзүндөй өспүрүм курбулары азгыруудадыр. Мынчалык оолуккан жаштын токтоо бербеси маалымдана баштады. Кантсе да, ыктуу шылтоо таап бир эки жылча жаныма байырлатсам... Ыктуу шылтоо. Антпегенде бой улан усталыгын арбытам деп жер кезип, кайда, кандай тагдырга дуушарланат. Тамташы, оокат-эмереги деги даяр... Азыркы өнөрү менин көзүм түрүүмдө кар тарттырбайт. Кыйын болсо, ушул касиеттүү өз жергебизден эле иш таап, усталыгын өркүндөтөөр. Быйыл башын байлап, токтотсом... эмки жыл көңүлү суып бүлөөлү турмуш тушап, өзү каалабас. Бүлөө бирде канат, бирде тушоо. Бу саам сени көкөлөткөн канатты да, ата конушунда байлаган тушоону да ылдамдатпасам...

Ахмад ушу бүтүмгө такалып, кандайдыр жеңилденгенсиди. Эмки маселе ойлогонун жүзөгө ашырууда. Уулу алгач көргөнүнөн тартып өмүрлөрүнүн акыр аягына дейре баркташып өтөрлүк жаркын кызына кабылтпаса. Кумардын окуусун, саякатын унуттурган перидей колукту, карган атага күйүмдүү келин болуучу бирөө бар. О курган абышка жүрөккө катылган шерттүү жакшылыгын кыйналган учурунда эсине түштү э-э. Уулунун колуктусу Ашок досунун кызы Гүлзари. Кудалар балдары жетилгенде үйлөнтүшмөк. Гүлзари Кумардан бир жарым жашка кичүү. Окуусун бүтө электир... Анысын билбейт... Саруулап сабылган Ахмаддын кыялына дүйнө кайрадан жашарды. Канча жыл эркек урунуп томсоргон үйүнө созулган келин кирсе... Жаңы шам күйөт, жаркырайт, жанданат. Тазалык, ирээттүүлүк, назиктик балкыйт. Кумары середен секирип түнкү айга элирип шацкайган Тадж-Махалга чуркабай, колуктусуна, үйүнө имерчиктейт. Оокат тиричилигин тейлеп, үй ээсинин милдетин түшүнөт. А өзү келин баласынын кайнаткан чайынан, жасаган тамагынан ичип... колунан келишинче термелеп жардам этип, дөөлөттүү аталык дооран сүрөт. Неберелерин сүйүп эркелетет. Өмүрү жетсе, неберелерине Кумарындай адегенде оюнчук жасатып акак таштын зергерлигин үйрөтөт... Анан о дүйнөгө армансыз кетээр эле...

Жылдап урунарлык акак мрамор керек дегенде жеткиртчү досу Ашок тоого жакын жунгли — чер токою дүңгүрөгөн, суусу шаркыраган кооз жерде жашайт. Ашок экөөнүн кымындайында ынак аталары салттарын улап өтүүгө кол кармаштырып достоштурган. Кудая шүгүр, өткөндөрдүн мурастарын ыйык сактап, алакалары дурус. Ашок кечирээк үйлөнгөндүктөн, балдарынын улуусу Гүлзари. Ахмаддын колунда тутунган кенжеси Кумары. Эки дос бир нече жыл мурда эле өздөрүнүкүнөн кийинки байланыш үзүлбөсүн үчүн биринин уулу, экинчисинин кызы аман чоюшса, баш коштурууга антташкан. Достордун антынан ыйык эмне бар. Тилекке жараша балдары серейип, адептүү, зээндүү өсүүдө. Анда-санда аталары менен кошо бири-бириникине катышканда көрүшүп, чогуу ойноп да жүрүшөт. Оюн-чындан аталардын ниеттерин да угушкан. Эки жаш эс тартканы эриш-аркак көңүл бурушуп сынашкан түрлөрү бардай. Демек бири-бирине чандырбоого эрегишкенсийт.

— Кумарга атасы — сен усталыкты кандай кунттантсаң... Гүлзариге энеси иштүүлүктү, үй оокатты тейлөөнү катыра үйрөттү. А мен аны кыз да болсо окуусунан өксүтпөдүм. Маалимдери мактайт. Өз баамымда да окууга зээндүү — деп Ашок өгүнү келгенде кубана божураган.

Ошентип, аталардын тилектери ак. Убадалары бек. Кеп балдарда. Дал ушундай бойго жетишип ашыглыктын толукшуган маалдарында эки жашты күтүүсүз жолуктуруп, биздин оболку үмүттүн бышып жеткени кайрадан ачык ишараттанса... Махабат жалыны кол кармаштырып өмүрлөрүн кошууга ашыктыраар...

Кеч турган Кумар... бүгүн да дүкөнүнө барбай, карт дарагынын түбүндө үңкүйгөн атасына боору ачыды. Чоң шашке маалында таңкы салам айтуудан ийменип... үн чыгарбай, дабыш билгизбей күнөөлүүдөй күйпөктөп жуунуп, оозанды. Качан турганын туйгузбоо амалында балконундагы курт-кумурскаладан сактанган төшөнчүнүн үстүндөгү калануу торун түрүп, тактасын жайдактай отурду. Дарак, калканч көлөкөлөрү күн отунан калкалоодо. Ички күпүрү атасына маалымдалган соң жашыргандан не чыгат. Пластилинден жасалган келбетчени мандайына коюп, тактанын астынан сал ташты суурду... Тиги кейпти чегүүгө белен жарактарын эптеди. Кейп... башы, көзү, колу буту бар оюнчук киши сөлөкөтүн камырдан жууруш ан үчүн оңой. Мунусу белгилүү, таанымал адам. Жеке сырткы келбети гана окшошпостон, ички сезими, ой-кыялы, жөндөмү айкындалууга тийиш. Камырдай жумшак пластилинден чаптага-

нында ошол касиеттерин чагылткансыды. Бул каалоосун мугалим Бали жактырган. Күзгү кабылдоо убагында сыноочуларга көргөзүүгө да мүмкүн. Атасы анысынан дарексиз. Ага кичине Таджлардын бетки тактасына оюу түшүрүүсү гана кызык. Оюу баягы өзгөрүлбөс, үлгүдөн чыкпас көчүрмө. Кээде миң кайталай чиймелеп кубанса, кээде тажап да кетет. Өзүнчө жаңыча наарды издеп, бөлөкчө бирдеңке жасагысы келет. Мектептеги геометриялык, логорифмалык чийүүлөргө машырлайт. Альбомдордон, көргөзмөлөрдөн, кинолордон, архитекторлордун, скульпторлордун долбоорлорду түзгөнүнө, ошол үлгүлөрү боюнча жасалган имараттарга, сүрөттөргө суктанат. Татаал, аземдүү өнөрдү кандай гана бактылуу, акылдуу адамдар өздөштүрөт болду экен? Анын үмүтү бирдемеге жеткиреби же кур кыял көксөөсүн суутуп, атасынча туурамчылыкка аргасыз тунжуратабы. Далалаттанып көрсүн. Жашында азап, убара чиркөөгө бел байлап алынын жетишинче аракеттенет, жер безет, үйрөнөт же жоголот... Акак таштан сүрөт чегүү пластилин камырынан жуургандай эмес-с. Канча күн, канча түн акакты этиет оюп жымсалдоого алектенер экен. Ошондо да аракети текке кетпесе десең. Кылдай кынтык кетирсең бүттү. Колдун, ойдун, жарактын кылдаттыгы колдобосо түйшүктүү кокуй... Эстеликченин башын мурда сомдогон. Эми ал тегеректи жымсалдатып кадимки келбетине келтирүүгө таштын бодуруна болот кескичин такай, балкасы менен тык урганда дабыш жаңырыктап, жаркын кыпындар шырылдай чачырады. Уюган сал таш ал болжогондой четинен кертиле оюлбастан тең бөлүнө омкорула кулады. Олдоксондук оңбосун. Баамдап этиет чаңпай сокмоктуу жигит күчтүү шилтедиби. Мынчалык сал таш, салык бөлмөсүндө калган жок. Атасынан азгырып катпады беле. Белгилүү адамдын чакан бюсту жасалбай мугалимине бышыктаган убадасы аткарылбай чүнчүйбү. Пластилинин кантип көргөзөт. Кур дегенде бор таштан таппаса... Коңшу усталарынан карызга, же сатып алуу керек. «Эх, көөдөн, кайда сенин кыйынсынганың. Али таштын тилин билбепсиң. Минте берсең колундан эмне өнмөк. Кантип чоң усталыкка демигесиң. Атаң сенин чамаңды билип тизгиндеп атпасын. Атаң чебер. Ал сенчилеп тике урбастан, кайпыта, кычыктата майдалай, шашпай отуруп оюп, ойлогонундай жумуруланта чекмек. Жо... о... ал мынчалык ташты бекерге коротконго бермек эмес. Мунун ордуна канча тилим Таджларга такта кесмек... Бүтүндү бүлүнтө чапканымдагы жаңырыкты уккан жокпу?..» Атасына айыптуу көзүн жалжылдатса... баякы боюнча эле, карган пилдей багынын түбүндө үргүлөөдө...» Ата-

ке, оюнду да, кулагыңды да мен тумандаттым ээ... Ушинтип кабырылаарыңды билгем. Жалгыздыктын жабыры... Карандыктын кайгысы... Мага өзүңдүкүнөн артык өнөрдүн окуусун керексиз дейсиң. Неге? Жукпасына, өздөштүрүп, өнүктүрө албасыма көзүң жетеби? Момундай олдоксондук кандиримди кесип, чалкаман түртөөрүн боолголойсуңбу? Жо-ок... Жаңылыштык, кырсык дайым кайталанбас... Экинчи киришкенимде бар эмеспи... Качан, кайдан табам салды? А окус, табылганда деле аны да жара чапсамбы? Окууга өтөөрүм али арсар. Кирип калсам... оюмда кыйратып, тапшырманы аткарууга киришкенимде минтип ойрондотсом, ким кечирет? Кең пейил ата гана. Атанын тилин албай, кайра шүмүрөйүп кайтсам. О анын жүзүн ары кылсын. Талпынган жетет. Издеген табат — деген улукман сөзү чындыр. Карынын кедерги кебин жаштын тилеги, аракети жеңген учур да болоор. Эптеп тырышып максатыма жетсем, азыр өкүнткөн атамды кубантаармын... Ата... неге мынчалык мүңкүрөй түштүң. Сени капа кылууга эч оюм жок. Бөлөк аталар балдары окууга умтулса сүйүнүп жөнөтүшөт. Анткени, алар келечегине ишенишет. Балдары тың чыкса, атанын ырыскысы, даңкы артарын билишет. Менин атам колледжди бүтүрткөнгө ыраазы. Өзүнүкүнөн өткөн устачылыкты каалабайт. Окуп, жазганга жараган орто билимиң эле жетет дейт. Орто билим менен биздин доордо эмнени жарытасың. Атакемдин жалгыздыгынан кийинки кокуйлугу эртеңкисине үмүтсүздүгү. Мени окууга узатса эле жерге өмөктөөчүдөй сабыры суз. Күчтүү кишинин демейдеги айбаты, кайраты кайда?» — Бул атасын сынаган ой кайдан башына түшкөнүнө дирт чочуй, көзүн ушалай өйдө ыргыды.

Акак да таш, бор да таш,
Айыр албас макоо баш...

Көнүмүш ырын кайырып күңгүрөнүп абышканын доошу мурдагысынан мүндуу дирилдеп уулунун зээнин кейите карбаластатты:

— Ата!.. Дүкөнгө барбай калдыкпы?!

— А-а... — Карыя балкондон эңилген уулуна жерден өлейди. Күмүштөнгөн сакал, муруту акырындап күлкүгө чайылып, ак көйнөгүнүн кең жеңин булак эттире колтугун кере колун серпти:

— Карегим, тез түш. Сөз бар.

Атасынын бул жаңсоосунан жакшылыктын жышаанын жоруй Кумар сүйүнгөн бойдон жетти. Чын. Дале жылмаюусу өчпөгөн каратору ирең майдайына иймене токтогон

уулун ажарлуу тосту. «Жалгызыңды кыйбай кайра жибиңсиң. Ак батаңды берип, камынуу жол жобоңду баяндайсың. Айкөл ата ошентмексиң».

Ахмад уулунун кандайча кабылдаарын байкай, кирпигин ирмебей кадалган боюнча түктүү эринин кыбыратты:

— Карылыгың курусун... эсиме жара чыгып... Унутуп кала жаздапмын. Өгүнү Ашок аяш атаң, сенин окууң бүткөндө экөөбүздү конокко чакырып кеткен. Камыналы. Кандай дейсиң?

Күткөнүнөн бөлөк болсо да кубанычтуу кабарга кызара, дароо түрмөктөлгөн ички толкунун кыса, Кумар эки алаканын беттештире элпек ийилди:

— Жарайт атаке, жарайт.

Ахмад коюнуна кол салып, капчыгын суурду.

— Шаарга чык. Гүлзариге жибектин мыктысынан, жарашыктуусунан, кымбатынан сари[1], билерик, мончок, айтор өзүң жактырып, бойго жеткен татынакай кызга ылайыктуу чак кийим, белек-бечкек ал. Атасын, энесин бөбөктөрүн да унутпа. Ашок өмүр бою таш пулун доолабай бекер жеткизет. Алигинде акча сунсам албады. Ага керектүү бирдеңкелерди мен да камдагансып жүрөм. Ме, рупий — акча капчыгын салмактуу теңселте ыргытты.

Кумар бөрсөгөй акча капчыгын шып иле ойноктото тегеретти:

— Мынчалык көп рупий коротчу чоң сооданы чогуу жасайлычы. Досуңа марттыкты көргөзөйүн деген экенсиң... — Кумар Гүлзарини, окууну бүтүшү менен кур кол эмес, белек тартуулай куттуктаарын, шыноого шылтоо табылып узак маектешээрин, каттагы максат, ойлорун бөлүшөөрүн элестете калп эле атасына тийишкенсип жайдарыланды.

Кыраакы карт кирпигин үлпүлдөтө уулунун кымылдаганына көшүп, максатынын оңуна бурулганын жакшылыкка ыроолой, кулач жеткис маңго дарагына колун артылта сүйөнө козголду:

— Болуптур. Кеттик.

* * *

Эргип, эргип жүрүп эле отурушса... Ушундай салкын, кооз жерден эч чарчадым дебес эле — Кумар алда канча алдыга озуп кеткенин эми байкай энтиге, теребелине элендей токтоду. Дүпкүрөгөн калың жунгли ичи... көк жашыл

[1] *Сари* — индиялык улуттук кыз-келиндердин көйнөгү.

жалбырактуу ар кыл алп жыгач өсүмдүктөрү арбайып-тарбая сеңселе «тоолу жердин көркү, ээси менмин. Мейман жигит абайлагын. Адашып да кетишиң, кырсыкка да чалдыгышың ылазым» дегенсип сүрдүү күүлдөйт. Куштардын кубулжуп сайраганы, кандайдыр жапайы добуштар андан, мындан күлдүрттөп... көптө тынып, кайра башкача шоокумдар шуулдайт. Көйкөлгөн шиберлерди жиреп тарамдалган чыйырлардын кайсынысын өрдөөрүнө башы маң. Чын эле адашып, шылдыңга капталбасын... Арттагыларга кулак түрсө... дарексиздей. Же кайра артына жортсобу...

— Ойдон, чөлдөн арзып келген меймандардын шарапаты менен эртеңки дем алышта сейилдеп пикникке[1] чыгалы. Чогуу-чаран эс алалы. Тамак ашты даярдай баралы — деп, алар түшкөн күнү кечинде эле Ашок аялына, кызына эскерткен. Мына бүгүн эртелеп, эски джипси (виллис) машинасына бала бакырасы дебей чокмороктото сыгылыштыра токойду аралай, тоонун түбүнө дейре жеткирди.

— Биз карылар ушерде чардайбыз. Силер Кумарды шаркыратмага дейре алпарып, кааласаңар сууга чөмүлүп... жай сергип кайткыла. Кардыңар ачканда келээрсиңер. Отун жетиштүү. Суу шаркырап жаныбызда. Азыкты, казан, аякты ала келдик. Бирняь — эттүү плов бышырып турабыз. Суусаганыңарга шербет, кокакола алсаңар болот— Ашок жонуна рюкзак арчынданган тестиер уулу Шакерге бөтөлкөлөрдү, түтүкчөлөрдү табыштады.

Үчөө: Гүлзари, Кумар, Шакер бери узаганда жанаша кужурашып шаркыратмага тең жетүү жагдайын талкуулашты. Жаштык дем, кыз, жигиттин жанаша басканындагы илеп, жоодур көздөрдүн чагылышы Кумар менен Гүлзариге ынактыкты тилсиз маектеп... куш, көпөлөк сымал эркин назик, калкыган оюнду саматты.

— Жарышалы. Кимибиз шаркыратмага мурда жетсек, жеңиш ошонуку,— дей салды Гүлзари шыңгыр үн менен. Жай илкип, алоо жүрөктөрдө толкуган пикирлерди ачык ортого салалбай (антүүнүн азыр кажетсиздигин да ойлоп) буулукпастан, жеңил калкып, салкын жел, учкаяк арым аркылуу баарлашалы деген кыз ниетин Кумар дароо абайлады. Жактырды.

— Жарайт. — Жердеги туланынан тартып, көгүлтүр булутсуз асманга сеңселген алп жыгач өсүмдүктөрүнүн салкын, атыр чачкан кооздугунанбы, же улуу-кичүү дебей ушул үй-бүлөнүн жылуу изат сыйынанбы, жоодураган кара көз кыздын жанында буралганынанбы, жагалданган мей-

[1] *Пикник* — табияты кооз жерлерге сейилге чыгуу.

ман жигит бозомук көйнөгүн желпилдете канатып жазды:

— Жарышууга мен даярмын. Байгебиз барбы? — Сол колтугундагы Гүлзарига жылмайды.

Кечинде бакиси жаадырап отурушканда, Ахмад чемоданын ачып, ыроолорун Ашок, Сима аяштарына, Шакерге табыштады. Достун, куда-сөөктүн сыйын тартынбай, кубанып кабылдоо жагымдуу салт го. Анан аяштар шыбыраша түшүп, ачылуу чемодандын жанына Кумар чакырылды. Ал эне-аталарынын шыкагы, руксаты боюнча, окуусун бүтүүсү менен куттуктап, чемоданынан булайта ирет, ирети менен канчалык уялса да сүйүнүп Гүлзариге белектерин сунду.

Жана жөнөөрдө энеси ой боюна койбой күдүңдөп: — Ахмад аяш атаң, Кумар курбуң, тартуубуз жакпай калган экен деп таарынышат. Бүт жасанып чык,— деп кызына көшөөрүп кийинткен. Үлпүлдөгөн мала кызгылт шайдан сарини жарашыктуу оронгон, алтынданган үстү ачык чак кооз кепичти бутуна илген, бермет, шуруну ичкесинен жумуру созулган моюнуна, асыл таш көздөрү күмүш алкактары жалтылдаган билерикти колуна салынган тоголок жүздүү татынасынан бакырайган Гүлзари уяң коймолжуп күлүмсүрөдү:

— Эч байге жок. Ким мурда барса, ошол азамат. Карыларча майпайып бассак, качан жетебиз деги...

Кумар ага карек оттугун чага башын ийип оң тарабындагы Шакерге бурулду. Шакер Гүлзаринин удаасы. Спортту, топту көп ойносо керек, өзүнүн он алты жашынан улуураактай бойлуу. Атасына окшош жүлжүгүрөөк коюу көзү шоктоно агыш футбол майкесин ийнине илген рюкзагын ыкшай бийиктен долдурады:

— Кумар, ага, чуркасам бары бир Гүлзари экөөң мага чендебейсиңер. Жарышып жөнөгүлө. Мен артыңардан эле адымдап жетип барам. Силердей тойго жөнөчүдөй жасанып да чыккан эмесмин,— чолок шымын ыкшап, тартардай бутундагы кырк экинчи кетасына үңүлдү.

Гүлзари наздана кыткылыктай, инисине сөөмөйүн силке, Кумарга жоодурай карады:

— Бу Турпа бар эмеспи. Дөлдүрөгөнү менен жеткен куу.

Кумар өспүрүмдү сүйкүмдүү карай, көз нуруна кучактады.

Шакер мени мактабасаңар деле болот дегенсип колтугун кере шадылуу колун серпти:

— Кана, Кумар, Гүлзари стар-рт!

Жигит менен кыз кирпик сүзүшө тиктешип, кадимки

спорттук жарыштын судьясындай какайып күтүп турган Шакердин буйругун, өз каалоолорун аткара умтулушту.

Гүлзари сарисынын ороосун кеңитип, баятан камынган. Чуркаганга жеңил болсун үчүн этегин өйдөрөөк түрө кармап, бир аяк жол менен чуркап жөнөдү. Кумар андан озууну каалаган жок. Бучкактай, катар четтен арыштады. Гүлзари чымылдап кыйын чуркайт белем. Спорт костюмчан шымаланганында жанга жеткирчүдөй кейиптенбейт. Жолдун үстүнөн канат, бутактарын кең жайып жылчыктардан гана күн шооласын түшүргөн аңкыган салкында кыйла алыс чымылдашты. Гүлзари төшүн серүүндөтө ийинин ачып, сарисин желпти.

— Ой Кумар, жигит башың менен кыздан калсаң уят эмеспи. Турна баатырдын шылдыңына каласың. Чуркабайсыңбы чындап. Же алың эле ушубу. — Көпөлөктөй бойпоң әбелектеген Гүлзари кылчая чаңкылдады.

— Ия, чын элеби. Анда такыр караандабайсың — Кумар чукул жетип ыгып, Гүлзаринин ысык, үстүндөгү шайдай үлпүлдөк жумшак денесин бооруна имере кучактады.

— Кантесиң. Уят... чурка... болбосо, кыйкырам... — заматта ыга, кайта октоло кетенчиктеп, Гүлзари Кумарга наздана да, томсоро да тикчийди.

Кантсе да бир кумары канганга канат байланган жигит, кыз кыялын түшүнө, атырылып жөнөдү. Эх, толукшуган өмүрүнүн, жигиттигинин рахатын сезди белем. Ушул серүүн жунглиде Гүлзариси менен дайыма ойноп, жарышып жүрсө ээ.

Канча, кайда чуркады. Күйүүгүү, чарчоо деген сезилбейт. Эргип жүрүп эле отурса ээ... Көрктүү табияттын сээриби. Ага кошул-ташыл учурган махабаттын касиети го. Негедир токтоду. Жалгыз... Жазы, балбан бутактан үксүйгөн маймылды чалдыктырды. Ал айланчыктаган жолоочуну баамдап, же ары, же бери кетпей телмиргенин жактырбагансып, теңирекей маңка мурдун чыйра, алжайган оозун ача чуңкул, аңкоо көзүн жалтырата, айбан башын силкти.

— Мени шылдыңдагандан эчтеке чыкпайт. Шаркыратма кайда, көргөзчү дос?

Маймыл адамдан коркпогону менен, сөзгө түшүнбөй чыкыйын кашыды. Кумар Гүлзариге үн салуудан уялды, намыстанды. Убакыт өтүүдө... Кандайдыр жакындан уккулуктуу каткырык шаңкылдады. Тегеренсе эч жан чалдыкпайт. Адамдын күлкүсүн, болгондо да жүрөктү туйлаткан жакшына күлкүнү туураган айбанат барбы? Тоту кушпу? Дүңгүрөгөн жунглиде эмнелер гана болбосун. Кайрадан

алиги кытылдак акырындап шыңгырады. Кумар уккан жагына, чыйырдан буйтап аттады. Агыш, кызгылт гүл ачкан бадалдын ары ыптасындагы тоус (павлин) канаттанган өсүмдүктүн жалбыректарын шуудурата шилей ачып, Шакерди алдына түртүп алигиче күлкүсүн тыйбаган Гүлзари көрүндү.

Амалдуу кыз жигиттин оолукканын, шоктонгонун байкап, азгырып жолго салган тура. Анан инисин күтүп, буерге жай жетип жашырынышып, чөлдүк эмени мазактап карап акмалаптыр да. Тех, жалгыз болгонунда тамашалаар сөз, ой боюна койбой кучакка кысаар жорук табылат эле... Амалдуу, акылдуу түгөнгүр инисине далдаалангандын кара.

— Хи, хи... Маймыл жол көрсөтүп, азгырып кетээринде арак алып калдык ээ... Гүлзаринин жакындык, эркегендик менен чымчыган сөзү, жигитти ого бетер намыстантты, эл оозундагы «акчага карыздар болсоң бол, сөзгө карыздар болбо» деген макалы эсине түштү. Жигит деген жигит да. Куу кыз балким, инисинин көзүнчө сынап да, жаткандыр. Чочугандай, жеңилгендей көрүнбөөгө, тиштерин кашкайта бажырайды.

— Кечиресиз Гүлзари... Жунглинин сырын билбегеним чын. Мелдешип чуркаган жолдошум жашынып... жалгыз калганымда маймылдан жол сураганым да ырас. — Алакандын чапташтыра ийиле таасим этти. Унчукпас момун болгонунча, минтип жооп кайырганын дурус санады.

— Ой, ой, ой Кумар-р....

Шакер эжесинин кебин бузуп, кепке кыпчылды:

— Мейман менен көп кайымдашкан жарабайт. Андан көрөк, чаңкадыңар, мен суусун ачып берейин... Кумар ага, кел мында. — Рюкзагынан шишелерин суурду.

Гүлзари инисине көзүн чакчырылта жекирип, заматта кайта жүзүнө күлкү ойноду:

— Жарайсың Турна. Суусун жуткузуп, астыма түшпөсөң көрөт элең сонунду.

Удаа бир туугандардын көбү ушул экөөндөй сырдаш, ынак, ачык келишет эмеспи. Алардын чекишкендерине Кумар өзүнчө жыргоодо. Гүлзариге шербет берди, экөө кооз бөтөлкөдөгү кокакола суусунун синтетика түтүкчөсү менен шимирүүдө.

— Улуулар силер жарышып бүттүңөр. Мындан аркы жол татаал. Мен баштаймын.

Шакер алардан жооп күтпөстөн таштак кыяны таяна адымдады. Канчалык жандай жүрөйүн деген менен Кумар бир аяк жолдун кууштугунан айласыз чегинип Гүлзарини өткөздү.

— Бул жакшысы. Кадимки чубама али алдыда. — Кыз арттагы жигитке чөлкөмдү билээрлигин маалымдады.

Тарбандап кең арыштаган Шакер алардан кыйла окчундай озду. Кумар андан көзүн албай, эжеси экөөнө макатташ экенине жымылдап:

— Шакер жеке спорстмен эмес, тамашөкөй азамат болуптур го,— дей салды. Үлпүлдөгөн сариси, ичке денесине кыналып, этиет, назик ийиле кадам таштаган Гүлзари желге ыргалган гүлдөй, жигиттин көз кумарын талдырып баратыр. Мына ошол гүл сымал жандан мукам булбул доош серпилди:

— А-а... Турна кыйын. Баарыбызды катырат. Хи, хи. Ага жакшы мамиле гана жасоо керек.

Жалама асканын урчугуна такалышты.

— Илгери жүрөктүү мергендер, усталар, йогдор — ыйыктар аркан байланышып өтүшчү экен. Байлык казына сактоочу, түнөшчү экен. Көрөсүң жеткенде. Кийин Инглиштер жолду кеңите чегип аркан ордуна чынжыр өткөрүшүп, сейилдөөчү жайларына айлантышкан. Байлыгын ташып айбанаттарды кырып, ордуна калтырган мурасы ушул. Кармап өтө бер. — Гүлзари жалама асканын бооруна, аттама таман батаарлык оюлган издерди басып, ой жакка жыгылбагандай тосмо катары тартылган билектей кош катар чынжырды кармап инисинин соңунан ээрчиди. Кумар да далай окуялар, мергендер, эсирген баскынчы мырзалар өткөн оюктарды секире ныгырып, ыйык делген жайды бетеди. Астын караса көз чымырап, жүрөк айланат. Жалама аска, түпкүрүндө күлдүрттөп ак көбүгүн бышкан суу. Тайгылып кулаган жандын дайыны табылбас. Үстү андан урчуктанган жылма таш зоока. Баракелде, таман кепен батаарлык, боюнду катаарлык... А тургай, жогору жагында колуң кенен апчырлык коңулдар да бар. Муну алгач кандай гана жүрөктүү уста чекти болду экен. Асканын бир жерине ысмын, же сүрөтүн түшүрүп кеткенинде эмне? Баракелде, кыпындай жарака кетирбей, же томкоро чаппай бирдей калыпта оюптур. Кыязы, атасы Ахмад сыяктуу кылдат уста шашпай чеккен экен. Көк мелжиген зоокага укмуштуудай эстелик калтырган аты белгисиз ташчы устага даңк. Албетте, атасы Ашок досу экөө, а балким, мындай тосмо чынжыр салына электе, таманын төмөнкү, колун жогорку оюктарга такааттатып же аркан кармап далай өтүшкөндүр...

— Аскага ушу жолду биринчи чеккен уста ким болгон? Билген киши барбы? — Кумар кызыгуусун тыя албай, Гүлвариге чукулдай ынтызарланды.

— Жок, Эч ким билбейт. Биздин колледждин тарых мугалими баштап, барыбыз иликтеп көрдүк. Миң жылдар мурда чегилген имиш. Тарыхта, эч жерде жазылбаган. Олуя чалыш жалгыз уста, негедир күнөөдөн качып, ушуякка чыйыр салып жашынган имиш. Жеткенде көрөсүң. Ыйык жайга айлантып эстелик да жасаган. Кийин быякты пааналаган жолдош-жоросу арбыган имиш.

— А мүмкүн, ашыглыктын күчүнөн асканы чеккендир. Сүйгөн кызын ала качып өткөндүр. Ошого багыштап эстелик жасагандыр... Анан ыйык жерге айлангандыр... Улуу иш, укмуштуу эстеликтин баары сүйүүдөн жаралат. Биздин Тадж-Махал да сүйүүнүн символу. Ыраспы? — Кумар моюнун созуп, анын кызыктуу божомолуна көңүлү эрий чынжыр тосмого сүйөнө токтой калган Гүлзаринин ийнинен артыла, жүзүнө-жүзүн жакындатканда... небак бурчтуктун далдоосуна кирген Шакер фотоаспабын далдап чык-чук басууга үлгүрдү. Байкоосуздан ыктаган жигиттин илебине мас боло коймолжуй түшкөн Гүлзари инисинин тентектигине жиндене, Кумарга башын чулгуй, тез-тез адымдай алыстап, алаканын тап чаап жылмандап күлгөн Шакерге тыпыйган муштумун кезеди:

— Сени элеби, Турна. Азыр касетаңды сууруп өрттөйсүң. Болбосо аспабыңды талкалайм. Эркек балдар силерде уят деген болбойт окшойт.

Гүлзаринин ыйламсыраган ызасы Кумарга тике тийди. Бу саам чын күнөөлүдөй унчукпай кутулууну чечти. Сүрөткө экөө өбүшкөндөй чыгат. Окус анысын эне, атасы же башкалар көрсө, кыз Гүлзаринин жеңилдетчү айың, жеме тараары анык. Шакер а колго түштүңбү кейпте, аспабын моюнуна илип, далдайган колун ушалай сунду:

— Коркпо-о, Гүлзари. Кумар ага, сен да чочулаба. Мен жаш бала белем. Эч кимге билгизбейм да, көргөзбөйм. Мен силерге өнөкмүн. Жашыруун чыгарып негативин кошуп өзүңөргө гана тартуулайм. А силер сүйүнүп эстеликке катып алаарсынар.

— Болду дейм, Турна! Бас жаагыңды.

— Билем, сүйүнүп атасың.

— Жашабагыр-р сениби?!

— Кумар ага, арача десең. Мен силерге жакшылык гана каалайм. Сүрөт чыгып калса, акыма... — Улам эжеси тап бере жакындаган сайын кетенчиктеп. Шакер секиче жайыкка жетти. Гүлзари таш ала чала-була жаңсап, кубалаганда урчуктан өткөн Кумарга корголоду.

— Акыңа эмне сурайсың? — Жаман ойдон алыс эстүү, уланды Кумар артына далдалай, Гүлзарини жолотподу.

— Буюрса... Ахмад аяш атаны билбейм... Менин атам менен апамдын кеңешине караганда экөөң бир шаардагы институттарга өтмөкчүсүңөр.

— Ия! Чынбы! — Кумар барысын унута колун көтөрө бакырды. — Эгер андай күн тууса, дал мынабу кызыл граниттен сенин бюстуңду чегем. Макулсуңбу.

Гүлзари да жоошуңку жоодурады. Шакер Кумардын артынан чачы үрпөйүп, башынан бийик турса да, балалыгына тартып долдурады:

— Менин бюстумдубу. Башканыкын эле жасай турчу. Андан көрөк студент болуп калсаңар, чоң шаардагы жаңылыктарды, студенттик турмушту билгизип, кат жазып, майрамдарда куттуктоо жиберип турсаңар жетет. Башка эчтеке сурабайм силерден.

— Эгер сенин айтканың келип... эңсеген институттарга өтсөк... Сага катты үзбөй жазууга ыйык жерде ыйык убада берем. — Артындагы Шакерге сүйлөгөн менен Кумар санаасы чалкый мандайындагы Гүлзариге бажырайды.

— Бирок, мен бары бир негативди өрттөйм. — Гүлзари жаңкыдан бошоң унчукту.

— Сөз бүттү. Быякка келгиле. — Шакер короо ордундай тектирде көгүлтүр, жашылтыр кубулган мөлтүр көлдү жаңсай, такталанган таштар төшөлгөн жайык жол аркылуу коён секириктеп атырылды. Кумар көргөн көзүнө ишенбей таңыркады. Шумдугуң кур. Көк тиреген аска, көкүрөгүнөн оюлуп, артка чегиниптир. Же муну да байыркынын дөө устасы зооканын тээ жамгыр берметтерин жашыл көлгө төгүлткөн кылда учунан пилдей, аюудай кертимдерди томкоруп отуруп жасады бекен. Ана ойдогу жашыл капчыгайды жарган суу боюндагы дөңкөйгөн таштар ошондо кереметтүү дөөтү усталардын кулаткандары го. Зоонун мындан жогорку боору падыша сарайларындай заңгыратa тегиз зимилдетип, таманын табак порумдуу жылмалай оюп... анан, кандайдыр күн менен өбүшкөн булуттан кайнап куюлгансыган арашан суусун үстүнөн жайпай жамгырлата агызыптыр. Шаркыратма да, көл да, баарысы качандыр адам колунан, тенхикадан даректиз кезде жаралган керемет го. Таманга төшөлгөн такталар, көлдөн ашкан сууну ойго булкунткан ноочо таш түтүк кадик устанын иши. Тыяк, биягындагы томолонгон кызгылт таштарга суктана, ала коюп, уруштуруп, кармалап, жыттап да көрдү. Курулушка, эстеликке жумшалчу асылдар. Кескенге, ойгонго өтө катуу да эмес. Граниттир, мүмкүн туфтур. Тадж-Махалга барыш үч ыптадагы Шах Жахандын кыпкызыл таштан тургузган чеби, мечити, мейманканасы, а тургай

Делидеги Кызыл форт аталган туш тарабынан укмуштуудай кооз, бекем коргондоло курчалган Шах Жахандын хан сарайы карегине элестеди. Дал ушундай таштардан кыналган, оймолонуп ширелген. Арийне, ушул жерден чегилип, балбан пилдердин жүз, миндеген кыркаары Аграга, Делиге ташыгандыр. Курулушту Иса устат баштаган акылмандар жүзгүзгөндүр...

Таш жандуу, устачылыкка дилгир жигит бу саам аны бакыт жылоолоп, кубанычын арттырганга ою ташкын. Асканы, тоону, токойду, сууну ташты, күндү кучагына кысып, өпкүсү, чөгөлөгүсү, сыйынгысы келет. Баарынан жууруп, эң сонун эстелик жасап, мөлтүр махаббатына, Гүлзарисине тартууласа ээ...

Ушул чөлкөм, ушул аймак бүгүнкү, болочок Индиянын көркүн, сыймыгын арттырчы, минтип бирди жарым эмес, жүздөп, миңдеп эл, карапайым эмгекчилер, карылар, жаштар, саякатчылар агылып келчү, эс алуучу, дарылануучу жайга айланаар. Зоо боору илимдин, техниканын күчү, чебер усталардын акылы менен терең оюлаар, кеңитилээр. Жөө чубабастан, поезд, машиналар ызгыр. Ойго, жунглиге, буерге сонун имараттар салынаар. Шаркыратма мөлтүрөтө жуунган аска бети, дагы алда канча нарылата кыркылаар. Көл кеңилип Фонтандар атылаар. Түтүктөр аркылуу имараттарга, ванналарга, душтарга жөнөтүлөөр. Ошондо өздөштүрүүчү, куруучу усталардын бири, башкы инженер же архитектор Кумар Ахмад болсо... Эс алуучулурга, сейилдөөчүлөргө шарт түзүп, саламатчылыгын камсыздаган врачтардын бири анын жары Гүлзари болсо... Картайган атасы, кайын атасы эс алууга, мейманга келсе... А мынабу шаркыратманын шарына башын, денесин тосуп, ага канааттанып, андан бурула көлгө сүңгүп кирип балыктай сүзгөн, сезимдүү азамат Шакер шаарда кызматынан отпускага чыгаарын айтып, «үй-бүлөсү менен келүүгө мүмкүнбү, кат жазгыла» деп суранса...

Кумардын кыялы чабыттап, көзү, колу кычышып бир учу маки, экинчиси бүктөмө болот кескичинен бөлөк жарагын албаганга өкүндү. Ушерге бир нече күн байырлап, Бали мугалиминин тапшырмасын аткарса э. Бирин олдоксон оё чапса, буерде таштын миңи бар. Сүйгөн кесиптин кумары адамды көп нерседен кагып өзүнө байлоочу эңгезер күч го. Кескичин жылмасынан уюган кызыл салга такап, башка урчук ташты балкадай кармап акырын, кайта уруп көрсө, жумшагыраак, каалагандай чегилди «Г», «К» экөөнүн ысымынын баш тамгаларын тыкылдатып отуруп оймолой түшүрдү. Андан бөлөктү азыр жасай да албас.

— Эх, баилык, ушерде чөгүп жатыпсың го...

— Кумар ага, мындай таштар ойдо деле бар, Кааласаң үйгө ала кетебиз. Кел, сууга чөмүлсөң. Жыпжылуу. Самы-ны, атыры ичинде. Мындай касиеттүү суу эч жерде жок. Чында келген адам, жок эле дегенде Гүлзаридей бети, башын чайынат. — Шакер кайрадан жалама асканын түбүнө канатын чоюп шаркыратмага боюн тосуп куюнууга өттү.

— Мага асылба, Турна! Көрөсүң! — Кайдандыр дагы өйдө тектирдеги борчук таштардын арасынан, сеңселген ыйлаак талдай чачпак таштаган жалгыз түп бак тараптан каңырык коштогон Гүлзаринин доошу чаңылдады. Ал бая өле, сууга жуунуп ошоякка баскан. Кумар кестигин бүктөй өнтөгүнө сойлотуп, көлгө келди. Тигилсе, өзүнүн көлөкөсү агылат. Суу эмес күзгүбү. Түбүндөгү ак, саргыч, кыз-ылт шагылчалар дапдаана жалтылдайт. Эңкейип колун алса жыпжылуу. Тунуктугуна жараша касиети, дарылыгы бардыгы айныксыздай. Жуунду, суу күзгүдөн өзүн көрө аранды. Жүзү жумшара, көзү жанакыдан да бакырая ачыла түшкөнсүдү. Анын чечинин сууга сүңгүүгө ниеттенгенин баамдап турганбы, тыяктан тык-тык урулган дабыш акырды, Бурулса, Гүлзари чакмак ташты атайын такылатып колун эбелектетти.

— Гүлзари, аякта не бар? — дей салды жигит обдула.

Инисинен айбыктыбы же бышыктоо угууну кааладыбы. Гүлзари аска жаңырыгына кайталанган доошун созду:

— Турна, айтсаң Кумарга. Аны кызыктырчу сонун быкта. Ырас пы?

Шакер бу жолу эжесине тийишпестен жай колдурады:

— Ырас, ырас... Адегенде ошоякты көрүп сыйынып кел.

Кумар «Тадж базардагы» усталардын колуна тийбеген арсак-терсек татына таштарды аттап Гүлзариге жакындады:

— Кызык. Неге Шакерди такай Турна дейсиң?

— Турнадай тартайганын көрбөй турасыңбы. Жаакташ-лай жүрбөгөнүчү. Кээде жөн эле жиниме тие берет, жар-багыр.

Шакер эжесинин асыла текилдегенине азыр да чычала-бады. Кайра үнүн долдурата созо ыр сабагын таштады:

Турна деген ыйык куш,
Самаганына жетет туш.
Анын тилин албаган
Аңтарылып болот мыш.

— Жарбагыр, бас дейм жаагыңды!

— Бастым, бастым. О, унчукпайм эми.

Бир туугандардын чекилеше эркелешкенине жарпы жазыла, өзүнүн жалгыздыгына кусалана, дарбаза сымалдан-та сал таштардан жөөктөп кынаптай көтөргөн чубама кууш жолдон дагы бир тепкичче секиге өйдө чыкканда Кумардын чечекейи жарылчудай жанды белем... Эмне, жомоктордун дүйнөсүнө келгенби. Бет алдында зордугуна жараша келиштире жасалган ыйык кудай — Таш буркан күлүп жайнай аалам журтуна жыргал, бейпил турмуш каалап магдырайт. Чар тарабында кызматын өтөп, жардыгын таркатчу лепилдеген периштелери. Алардын дене түзүлүшү, көз, кирпик, ооз, кол, ой кыялдары, кыймылдары таң калаарлык ар кыл, кылдат. Жапайы аска ташын сүйлөткөн байыркынын аты дайынсыз чеберлерине кантип сыйынбайсың, таңданбайсың.

— Салт адам өткүдөй чыйыр салып зорго жетип... бу воого кандай гана керемет максат, түйшүк менен буларды чекти экен, а?

— Туташ таштан жасалгандыктан аргасыз калтырышкандары. Булардын арасында наркы үңкүрдө колодон, күмүш, алтындан чегелеген укмуш жасалгалар бар болчу дешет. Инглиштер омкоруп кетишиптир. «Рамаяна» дастанындагы айрым окуялар ушул чөлкөмдө өткөн. — Гүлзари көзү, ою дебей бүтүндөй байыркынын кереметтерине арбалган Кумарды, дагы жогорулата ээрчите, зор үңкүр оозуна токтотту.

— Ашыкпа, ичи караңгы. Келгендер атайылап шам ала жүрүшөт. Турнанын рюкзагында бар. — Гүлзари үзүлүп түшкөн жигитти акырын жонуна таптай, тез кетенчиктеди.

— Укмуш-ш. Виктория менен Альбертанын музейине киргендей болобуз го. Ушундай сонундарды жараткан байыркы элдин артта калышы, ишенимсиз жорук э? — деди Кумар.

Гүлзари муңайыңкы, анын ниетин боолголой улады:

— Э, жаш уста, мына азырбы, кийинчерээк жетилгенин деби, өкүттөлүү өзүң буларга эмне кошумчалай алар элең?

— Буларгабы? Эчтеке...

— Ушунчалык таттуу ойлонгон кыялкеч турбайсыңбы! Бабаларыбыз из салган мындай жерди өздөштүрүүгө болоор. Адамзат айга конуп, башка жылдыздардын сырын ачып жатпайбы. Мен толук кошулам сага. Кыял жаштыктын досу, болочокку чындыктын жандоочусу го.

Ашык кызынын оозунан алгач жактырууга балкыган жигит, эмелеки аңгемесин улантты:

— Ошентип... Жол кеңип, курулуштар салынганда Тадж-Махал сыяктуу жеке өзүбүздүкүлөр түгүл, чет өл-

көлүк саякатчылар дагы агылып келүүчү, адам чеберчилигине баа берүүчү, сыйынуучу жайга айланары бышык... Ошондо мен элибизди баскынчылардан кутказган эки адамдын Махатма Ганди менен Жаваахарлал Нерунун монументтерин жаңы курулуштардын үстүнө, асканын кылда кырына тургузаар элем... Аларга чыгып баруучу тепкичтүү кыя жол салаар элем.

— О, Кумар, ал тилекке жетиш үчүн али көп бар. Андан көрөк өзүбүздүн алгачкы кадамыбыз туура шилтелсе гана?

Гүлзари тыным жасап, аны чукулдагы турмуш чындыгына тартты.

Санаасы жерден алыс чабыттаган жигит дагы эле толкунга термеле:

— Бийик, ыйык жерде түбөлүк бирге өтүүгө шерт берем сага Гүлзари...

Кыз калтаарып, жигиттин типетик кадалган оттуу көзүнөн жалтана башын эңилтти. Эриндери ысып күйүп, араң эле кыбырады:

— С-сен... башкага кеттиң. Менин сөзүмө так жооп бересең? Байыркы эстеликтер күбө болсун.

— Эмнеге, кайсы сөзүңө?

— Алгачкы кадамды туура таштайлы дегенимечи?

— А-а... алгачкы кадамдыбы? Эмнеден баштасак дейсиң? Айтчы?..

— Жогорку окуудан. Сен өзүң көздөгөн сүрөтчүлүк, же архитекторлукка өтсөң. А мен... медицинага...

— Мен сага анын барын катымда баяндагам.

— Атаңды дагы ынандырдыңбы?

— Атам карылыгынан, жалгыздыктан коркот. Ошондуктан мени алыс жибергиси келбейт.

Гүлзари узун коюу кирпигин көтөрдү. Кумардын эмелеки өрттөчүдөй албырган көзү, учкунсуз тунжурай түшүптүр. Аны чыйралтуу керектигин ойлоду.

— Менин окууга барарым бышык. Эне-атам башынан колдошот. Колледжди мыкты бүтүргөндөрдү институтка сыноосуз кабылбайт. Демек, сен да сыноосуз өтүүгө тийишсиң.

— Ишенгеним мугалимим Бали. Анан...

— Неге мукактандың, анан дагы ким?

— Сен. Сенин эне-атаң. Сен айтсаң. Алар атамды көндүрүшсө.

— Сенин катыңды Турна баатыр атама окуткан. Жардамымды аябайм. Сонун болгон тура деп сүйүнүп жүрөт. Сыягы эски достор өзүлөрү да кеңешип атышкандыр.

— Эгер мен атамды кыялбай, быйылча баралбай калсамчы?

Гүлзари элеңдей чочуй, үрпөйдү:

— Кантип?! — Кумар жанындагы таш эстеликтердей тунжураган соң, намыстантып ачык шарт коюуга батынды кыз. — Чоочун чоң шаарда, ар кыл жаштардын арасында экөөбүз көрүшүп, чогуу жүргөнүбүз канчалык сонун. Төрт, беш жыл илимге канығып... адистикти өздөштүрүп... анан жүзүбүз жарык кол кармашып кайтабыз деп жүрбөймбү. Эне-атамдын чечими да ушундай... Көрсө сен...

Кумардын чекесин чыбырчыктап муздак тер басып, оозу чапташты. Онтогонсуп күч менен сүйлөдү:

— Баары туура. Мен да сен ойлогондоймун. Али кеч эмес. Атамды көндүрүү керек. Атам... Менин андан башка эч кимим жоктугун билесиң го...

Кыздын кубарган эриндеринен катуу сөздөр атылды:

— Атаң алтындай киши. Анын балалык чагында биздегидей мүмкүнчүлүк болбогонун кантип билбесин. Неге сеникиндей жакшы ата баласынын жолун торгосун. Анда сени неге колледжди бүтүрттү. Ким ишенет сенин атаңды ынандыра албаганыңа. Өзүңдө эрк жок го. Мен саа бүт тилегимди, оюмду жашырбадым. Кийин дооматың болбосун, кур ант оозанган жигит.

Шарт имерилип, ылдый түшкөн кызга элейген Кумар капысынан жүзүнө суу чачылгансып көзүн бардай бакырайтты. Гүлзариден мынчалык чечкиндүүлүктү, күчтү, эстүүлүктү күткөн эмес.

«Өзүңдө эрк жок го. Ким ишенет сенин атаңды ынандыра албаганыңа» дегенин көр э. Мындай таамай жеме мугалимдерден, акылы жетилген адамдардан чыкчу эле. Түгөнгүр, адашсаң жол тапкыдай кыйын эме го. Сүйөөрүн, ал тургай, институтту чогуу бүткөнчө үйлөнөрүбүздү да ишааратгаңбадыбы. Табияты назик кыз андан артык не демек. «Кийин дооматың болбосун, кур ант оозанган жигит». Жүрөгүнүн, жактырганы, эскерткени аралаш. «Окууга барбасаң чүнчүйсүң, тең боло да албай калаарсың. Ажырашыш экөөбүзгө тең оор. Неге ашыктык антыңды берип, сөзүнө тура албайсың. Сүйүү теңчиликти каалайт, алыска, бийикке кол создурат. Үмүттүү, кыялдуу болуп туруп, таалайды чогуу издөөдөн ортосаар калтылдаганыңа жол болсун» дегенди билгизди.

Ата менен ашыктык экөөнүн ортосундагы отко неге какталдым. Атакемде гана кеп. Ал асыл адамга катуу айтып, чечкиндүү кадам жасоодон айбыкканым, «эркимдин жоктугу» чын. Анткени — катууласам, бөпөлөгөн атама

ор тиет. Аны мен гана түшүнөм. Дагы караманча көшөө үсө аргасыз жылбай жанында калам. Анда улуу максат ы көздөп, алыска чогуу кол кармашып жөнөйлү, кубаныч, ыйынчылыкты, жетилүүнү бирге өткөрөлү деген эстүү ко уктумдун жүзүнө түкүргөндөй көңүлүн калтырам го... Өзүмдү өзүм кажыган кандай каргашалуу кокуймун. Атам ы кыйып баса берсем... каргыш тамгасы абийиримди ке ирбес. Агер ошого дейре батынсам Гүлзари кантмекчи? Қанында жүргөнгө эле кубанабы, же... алдейлеген атанын йыктыгын сезеби? Сезген үчүн атамды мактады. Ынан ыр — деп отурат. Карган киши кежирленсе, аны ынанды ыштан азап не бар...

Дүйнөдө санаадан күлүк эч нерсе жок дейт. Саная за атта гана эмнелерди бурганактатпады. Ташка сүйөнүп урган жерине, коржоңдой ийилип чоюла аттап Шакер көөрүлдү. Қол шамын жаркылдата, кайра өчүрө бейкапар ылмайды:

— Кумар ага, Гүлзари сага үңкүрдү, анын беттеринде и сүрөттөрдү көргөз. Аңгыча, сууга сүзүп шаркыратмага уунам дейт. — Шамын күйгүзө үңкүрдү беттеди. Кумар нын соңунан илкиди.

* * *

Меймандар Ашоктун үйүндө үч өргүштү. А дегендеги аани, жайыл дасторкон сакталган менен шаңдуулук өчүп, андайдыр тунжураган тынчтык уюй басты. Ал не себеп ен экени Гүлзари менен Кумарга маалым. Экөөнүн тең аскан-турганынан, жүздөрүнөн сабылгандык байкалууда. ая күнкүдөй жолугууга, маектешүүгө умтулбастан, көрүш ө аяр баш ийкешип, саламдашкандан сырткары сөз да ыгарышпайт. Гүлзари көбүнчө үйүн иреттеп, тамак жа аган энесине жардамдашат да, китеп тиктеп отурат. Тыш а сейрек басат. Кумар обочо эски коргончонун чет түбүн өгү даректын көлөкөсүндөгү тегерек столду ээлеген. Қагаз, чийим, жаңы жарактары додо. Шакер экөөлөп жет изген кызыл граниттерден бирдеңкелерди чегүүгө аракет енүүдө. Қыз, жигит экөө тең жабыр тарткандарын туюлуп, бир-биринин чалпоо жүрөк, назик сезимдерин жаңыр ып жаралоодон айбыккансышат.

Аталары, эски достор кечээ тоо тарапка Ашоктун таш азган таякесиникине Шакерди кошуп кетишкен боюнча айтыша элек. Бир чети иш, негизгиси өзүлөрүнчө дагы ой жеткен балдарынын тагдырлары жаатында чайналы ып кеңешин эркин улантышмакчы. Балдарынын тагдыр-

лары... негизинен эки үй-бүлөгө белгилүүдөй, чечилгендей сыяктанган. Экөө тең жакшынакай өсүшүп, улуулардын тилегиндей ким кимин чанышпай, кат жазышып, арзып көрүшкөндөрүнө жагалданышкан. Кээде кийинки жаштардан ата-энелердин ниеттерин, сунуштарын четке кагып, өз каалагандарын таап кеткендери азбы? Бул жагынан ар киминин санаалары тыңгылык тарткан. Кыйсыпыр мурда күнкү кечте сапырылды. Сейил сагынышкан досторго, табияттын сулуу кучагын жайып өмүр жыргалын аз болсо да сездирген.

Жаштар аска боорундагы ажайып жайда жүргөндө... улуулар дасторкон жайып, казан асып токой ичинде, дарыя кылаасында эркин чардашып, сыр түйүндөрүн чубашкан. Бакисинен аларды уул, кыздын кыялдары, окуудагы ийгиликтери, кол жөндөмдүүлүктөрү, ыймандуулугу чалкыткан.

Ашок чакан шаарчада мекеме кызматында. Азыраак жери бар, сабатсыз маркум атасынын далалаты, айрыкча өзүнүн тырышчаактыгы аркасында чала чарпып окуган. Жергиликтүү жаштардын алдыңкы тобуна аралашып, улуттук-боштондук кыймылына тартылган. Жолдоштору менен эки мертебе камакка да отурган. Айрым курбулары саясий ишмерликке дейре өсүп кетишти. Билим чаркынын тайкылыгынан оокаты өтөрлүк кызматка айланчыктап калды. Анын боштондук кыймылынын активдүү каршуучусу экенин жердештери, жогорулаган таламдаштары билишет, сыйлашат. Бир жагынан эркиндиктин улуу күрөшүнө кол кабыш кылганына сыймыктанат. Ошол мезгилдеги күбөлүк намаларын, сүрөттөрүн, каттарын, газеталардагы макалаларды бапестей катып, кызыккан жаштарга, өз балдарына мактанычтуу жаят, баяндайт. Кендирин кескен билимдин чалалыгына өкүнөт. «Мени каргашалуу заман тушаган. Акымды балдарым алсын, балдарым билимдүү болсун. Тапкан татканымды түгөл ошолордун жетиштүү окуусу үчүн жумшайм» деген шертин ачык да, жабык да аныктап, балдарын мектептерге орноштуруп жүзөгө ашырып келатат. Гүлзариси менен Шакеринин колледждеги жогорку баскычтагы окуучулардын, айрым мугалимдеринин жетекчилиги менен шаардык башка жаштарды да кошуп, өкмөт астына талаптарды койгон талкууларына, жыйындарына, спорттук, өздүк көркөм ийримдерине катышкандарын жактайт. Түшүнүгүнчө акыл насаатын мезелдетет. Ахмад досу мурас кууган, нукура устачылыкты жеткире өздөштүрүп, башка иштерге алаксыбоону ыйык тутканын түшүнүп кезегинде жалгыз уулун ата кесибинен сырткары мектепке окутуусун кан какшап өтүнгөн. Ахмад уста сүйгөн өнөрү-

нүн кулуна айланса да эстүү неме досунун кадырын кыйбай, Кумарын эки жылча кечиктиргенине карабай Ашокко кошула жетелеп барып мектепке киргизген.

— Досум кыйнап көндүрдүң. Биздин тукумга кагаздын эмес, таштын окуусу керек эле. Жалгызымдан каражатты аяйт деп ойлобо. Сени сыйлаганым, колукту оозанган кичинекей Гүлзариден калбасын дегенинде ийигеним... Агер китеп тилин өздөштүрө албаса чыгарып алам. Капа болбойсуң,— дегенде Ашок досунун колун кыскан:

— Кумарымдын жүүнү тирүү. Беш жашынан ташка оймо-чийменди түшүрүүгө дилгир үйрөнгөн бала, тогузунан «Алиппенин» жаагын айрып кирет. Чу дегенде мен көмөктөшөйүн, байкап көрөлү.

Ошондо Ашок камактан качып чыгып, досунукуна жетип жашырынып жүргөн. Туура эки айча Кумарды мектептен тосуп алып, атасынын дүкөнүнө, устаканасына жолотпой, үйүндө кошумча окутту. Жомок, ыр, дастандардан баяндады. Зээндүү бөбөк тикирейип, жанынан чыкпай, үйүр тартып, кунтун койду. «Алиппени» тургай, өзү күндө жаңы алып келген газеталардын баш сүйлөмдөрүн эжелеп, кырааттап окууга үлгүрдү. Сабатсыз уста уулунун идиректүүлүгүнө кудуңдап, кенжелер үчүн сүрөттүү китептерди таап, баласынын кожурап окуганына жыргап, улантаарына ишенди. Мурда эч акылына сыйбаган окуяга, устаттык менен окууну кичине уулу бирдей өнүктүрөөрүнө жетине албай досун алкады. Өзүнчө адам болуп жетилгенче Кумарын окуудан эч үзбөөгө убадасын берди...

Ашок ошончо жылы тез сызгырылганын, тентекче менен секелек бой жетип, орто билимге ээ болгондорун, а Ахмад досу экөө эңкейип карып баратканын... ай талаада ичип, жеп олтурушуп куунап эскерди.

...Аялы Сима бышкан тамактын отун ичкеретип, шаркыратмадан балдарынын качан кайтарын саксактоодо. «Эки дос эркин сүйлөшүшсүн. Эркектердин өзүнчө иштери азбы».

Ахмад сакал, мурутун шуудурата сылап коюп, Ашоктун эскерүүсүнө термелүүдө. Анын али жашыраактай көрүнгөн жаак, ээк, мыйыгына бир тал кыл койбой жылма кырган арыкчырай кара сур жүзүнө, шыңга боюна жарашыктуу ишмерлер кийүүчү тик жака кемселине көзүн айматат. Ак чалган суйдаң чач, чарчаңкы көзү гана баамдаган кишиге өз жашын, алтымыштан эңкейгенин далилдегенсийт.

— Экөөбүздүн өксүгөнүбүздү Кумар менен Гүлзари толтурсун. Жетпегенибизге балдарыбыз жетсин. Өтө бай, өтө жарды эмеспиз, экөөнө огожолукка жарайбыз. Өпчап

көмөк көргөзүүгө кудуретибиз бар го. Жогорку окуу жайларын бүтүрүшсүн. Замандаштарынан артта калбай тың оокат кылгандай болушсун. Өзүлөрү да дилгир, кат жазышып, камынышып жүрүшүптүр. Буга сен да сүйүнөөрсүң. — Ашок сөзүн чордонуна жеткирип токтоду.

Ичинен удургуй кайнаса да, токтоо жүзүнөн эч сыр байкатпаган Ахмад маселе тике коюлуп, астына сунулганда, терең улутуна, Ашокко сакалдуу жүзүн жайкалта көтөрдү:

— Дос-сум... Менин атайылап келишимдин түпкү себеби... эки баланын айласы. Кечээ чолобуз тийбеди, бүгүн ырас өзүң баштадың. Мен да ачылайын саа. Сендеги жакшы тилек менде. Кудай кошкон дос элек... Өзүң айткандай балдарыбыз бекемдеп... кубантчу кез жетти. Билимдин жоон ортосун экөө тең өздөштүрүштү. Кумарың зергерлик жагынан мына менден, атасынан өттү. Анын дүкөнгө койгон малы колго тийбей сатылууда. Аппак Таджнын эки түрү шаңкайып үйүнө коюлду. Өзүң көрдүң. Дал ошонун жасаганы...

— Колунан айланайын Кумарымдын. Анын Таджлары үйдүн көркүн чыгарды. Чоңун бизге калтырып, кичинесин Гүлзари өзүнө алды. Тадж-Махалдын окшоштугунан да, мунаралардын, бетиндеги оймолордун, купалардын, анын үстүндөгү алтын шиштердин куду өзүндөй кадалганына таңмын. Окуса, андан да...

Ахмад барбайган манжаларын жаңсай, Ашокту токтотуп, өзү улады:

— Мына, анын ишине көптү көргөн сен да ыраазы. Кардарлар көп. Окугандарың деле анчалык табарына ишенбейм.

Ашок чөк түшө силкинди:

— Ахмад алтын шилекейиң оозунда. Тилиңди тишине камай турчу ушерден.

Ахмад күндүзү башынан эч түшүрбөгөн ак селдесин, анан сакалын таптай:

— Мейманыңды, мына буларды сыйлап... эки ооз сөзүмдү чыдап ук!

Ашок, аргасыз буралган шибер үстүндөгү килемге кетенчиктей көчүк басканда, уста күрсүндү:

— Адам тың, көз карандысыз жашоо үчүн өнөр үйрөнөт, окуу бүтөт. Гүлзаримди өзүм көрүп отурам. Үйдөгү саймалары, оймолору көздү талдырат. Кийим тигет экен. Үйдү кармаганы, тамак жасаганы, мейман күткөнү алда немедей. Чырагымды алкасам сөз жетпейт. Сен көксөгөн замандаштарынан кем калбай орто билимден көздөрү ачылды. Сени билбейм, мен эңкейип баратам. Жакшылык-

ты ушу күүлү кезимде көрсөмбү дегенде эки көзүм төрт. Уулум он тогуздан, келиним он жетиден өттү. Мени кудай кошкон досум дей турган болсоң антты танбасаң, экөөңүй быйыл, чукулда баш коштуралы. Руксатынды, батаңды бер балдарга.

Ашок электр тогу ургансып, кулагы тунуп, жүрөгү кысылып... колунун калтырагын билгизбей ойлонгон сымал чекесин басып узак тунжурады. Жанатан берки жанын үрөй сүйүнгөн пикирлери курдан кур талаага айтылган тура. Магдырап кубанычты бөлүшө сонун угуп жатат десе досу кулагынын сыртынан кетириптир да. Ахмаддын өз кесибин эчтекеге теңебей, өзүн эч кимден кем көрбөй, алынча тың жашаганына корстон, бирок достукка, сөзгө бекем экенин бала күнүнөн билет. Куулуп, камалып аягы сай таппаган мезгилинде баш калкалаткан... ан үчүн акчасын да, буюмун да аянбай зарптаган. Гүлзариси там-туң баскандан тили сайрап үчтөн өткөнчө бооруна көтөрө эркелетип, Сима үчөөнү үйүнүн төрүнө алдейлеп баккан учурларын кантип унутат. Ал ылайым мен сага балан-төлөн кылдым деп колколонткон жан эмес. Тоодогу ташчы таякесинен таш жеткиргенин көкөлөтө мактап «Тадж-Махалдарын» көргөзүп, тартуулап жетине албайт. Көзү кат тааныбаганы менен көкүрөгү ачык, адамгерчиликтүү, достук салттын кунуна жеткен эргул. Жалгыз уулу чоңойгондо карылыкка моюн сунуп, бүт үмүтүн анысын үйлөнтүүгө, кожолук, усталык, үй-жайын колуна табыштоого бел бууган түрүн байкатпадыбы. Сакалы, муруту буурулдана уюлгуп, толмоч дүңкүйүңкү тарткан кейип, өзүнөн картымак бекен. Кымындайынан чечекейин тешип, ташты алакандайдан кесип, чыпалактайдан жонуп, өгөп, чегип отуруп түйшүктөн чаалыккан түрү бар. Өмүрүндө бет багып, катуулап, андан сураганы ушулдур. Илеби кайтса бир сырдуу неме экинчи кылчайбас, биротоло шагы сынаар. Курган Ахмад, салттуу, залкар досу... Он жети жыл, сегиз ай Гүлзариси чоңойгончо үмүт, тилек менен, он тогуз жыл төрт ай уулу жигит болгончо бөпөлөп... ушулардын деми менен жашап көңүлүн жылытып келди э... Өзү эскерткендей «жакшылыкты күүлү кезинде көрүүгө» ашыкканыбы? Же карылык кежирлигиби, а балким, кадырынын өтөөрүнө ишенген достук эркелигиби? Нетсе да, анын көңүлүн калтырбоонун айласын издөө керек... Ал эми Гүлзариси менен Кумарын үйлөнтпөй туруп окууга жиберүү зарыл. Азыркы максаттуу жаштарга жыйырма, он сегиз деген али эрте. Достун да, балдарын да уютарлык ортодон кандай жооп табат... Ал балким... Ал билбеген, эки жаштын устага белгилүү жа-

шыруун акылы болбосун... — Ашок ууртунан жылмайгансыды:

— Кумарга акылдаштың беле, же өзүңдүн аталык камкордугуңбу? Айтчы ачыгын досум...

Ахмад да анын жылмайганын улай, мурутунун учун чыйралта, чарасына терендеген күңүрт көзүнөн күлмүң этти.

— Балдарыбызга турмуш куруучу, үй күтүүчү мезгилдери жеткениң эскертип... аталык парздан кутулуп, кам көрүүгө акыбыз бар го.

Ашок оң-тетири термеле ыкшып күлдү:

— Ой, сен, Ахмад, тим эле обу жоктоно муңканасың. Алдакы турпатың менен жүздү дебейин, сексен, токсонду ойноп апчыйсың.

Ахмад сумсая селделүү башын кескин булкту.

— Кой, кой, Ашок тамашаңды. Кудай менен сүйлөшкөн эч ким жок. Жакшылык жышаанды аманат жаныңдын күлпөттүү чагында көрүп калганга не жетсин.

— Туура. — Ашок арык, шадылуу манжасын сунду. — Динчилдигине көбүрөөк жеңдирээринди башынан билем дечи. Кийинки сөзүң дурус. Балдарыбыздын өзүлөрүнүн, бара-бара экөөбүздүн мартабабызды арттырчу чоң окууга жөнөтсөк жакшылык эмей эмне?

Ахмад селделүү башын катуу чайкады:

— Кой, кой, бал тилиңе салып алаксытпа. Менин талабымды колдойсуңбу, жокпу ошонунду айт!

Ашок бурулуп буйтоого жолу тарып бурчка камалгансып кууш көзүн үлүңдөттү:

— Чыргоолонбой коё тур. Өтө көшөөрүп кыстасаң, менде баш тартаар чара жок. Бүгүнкү жаштар башка. Зордоп багынта албайсың. Сен уулуңа, мен кызыма айтып кенешели. Ким-кимибизден жашыраар сырыбыз калган жок. Андан соң балдардын өзүлөрүн ала отуруп чогуу сүйлөшөлү, жарайбы?

Ахмад тырчучудай жыйрылып барып басылды. Кумары тилдеп, сабап көндүрчү баладан эмес. Атасын кыйбасын дагы, кааласа кур жооткотуп, же унчукпай басып кетмейин дагы эскерди. «Кап! Кулагын жатыктырып, жок дегенде, жолду карата поездде жобураганымда эмне». Чындап кыстаганында досунун кыйбасына ынанды. Анын бул акылын таразалап, акыры тууралыгын байкады да:

— Болуптур,— деди.

Ошо кечте, жатаар алдында ансыз да түйтүйүшкөн уул, кызга капилет жардыктар айтылды. Меймандарга жатак жай даярдашып энеси менен чогуу кайткан Гүлзари бөл-

мөсүнө кирерде атасы чакырып токтотту. Өзүнүн ою эмес, Ахмаддын Кумарды ээрчитип келгендеги максаты, бүгүнкү кечке экөөнүн тартышы катары, ушу кезге дейре кызынын бой жеткенин билбегенин кошо баяндады. Сима, эне кургур бирде түнөргөн эрине, бирде жамгыр урган гүлдөй кең бөлмөнүн ортосунда титиреген кызына алая муунгансыды. Ашок, кызы менен аялын көрүп, заманасы куурула өзүн, Ахмадды каргады. Гүлзарисинен үн чыкпасына көзү жеткенде, колун силке бурулду:

— Кызым, тагдырдан алыс эч ким кетпейт. Бирок, бул акыркы чечим эмес. Ахмаддын кыстоосунан мен да кыстalып отурам. Силердин баш кошушуңарга али эрте. Кумар эмне дээр экен. Эгер экөөң биригип, жогорку окууну бүтүүгө катуу турсаңар, Ахмад аргасыз көнөөр. Ай таң, айтканынан кайтпаган жаалду неме. Бүгүн эч жумшарта албадым. Ант, арбакты, карылыгын догурунуп аргамды түгөттү.

Эртең тоого жөнөйбүз. Канча өргүүр экенбиз. Кайткандa чогуу акылдашабыз. Ойлонгула, өзүңөрдү да, бизди да кейишке салбагыла. Ай Ахмад, залкар киши да сенчилеп кыска ойлойбу. Мурдагыңа такыр окшошпойсуң. Кызым, мени кечир. Ага убадамдан танбайм... Эми барагой... Тур энеси, соорот. Күрөшүчүнүн кызы да сендей бошоң болобу. Мен өзүмдү тарткан деп жүрсөм... Жалгыз арга бар, көпөлөгүм, Кумарга мыктап түшүндүр... Атасын ийитсин. Күттүрсүн...

Энесинин жетегинде көз жашын булактаткан кызы жатчу бөлмөсүнө киргенге артынан ээрчий кобурай басты атасы.

Башка бөлмөдөгү Ахмад бетмандай кроватка уулу жатар замат эшикти бекем жапты. Тээ оюндагы максат-тилегин түгөл козгой медиреп, Гүлзарини чукулда берүүгө Ашок каршы чыкпасын жоруптады. Эркек баланын атага дайыма бети ачык, баарлашууга жеңил го. Кумар атасынын соңку күндөрдөгү түйтөндөгөнүн эми даана түшүнүп, жаздыкты чыканактай эргиди:

— Бул жөнүндө мен да Гүлзариге ачык сүйлөштүм.

Төшөккө жатпай, ак көйнөк дамбалчан кроваттын чстинде отурган Ахмад күдүндөй сакалын жайкады:

— Акылыңдан карегим. И-и... Маалы жеткен жаштар өзүлөрү эле сүйлөшөөр деп ойлогом. И-и... макулдаштыңарбы?!

— Макулдаштык.

— Оо! Оозуңдан айланайын! Гүлзари чырагым, ошентмек.

— Гүлзари чырагындын талабына мен да макул болдум.

— И-и... кандай талабы бар экен. Кийим-кечеби, буюмтеримби? Аткарабыз.

Атасынын кур сүйүнгөн аңкоолугуна Кумар борс-борс каткыра башын чулгуду:

— Жарыктык ата. Аткарсаң талабы мындай. Бири-бирибизден калышпай чогуу окуп... Кол кармашып жүрүп, бүткөндө үйлөнөбүз.

Абышка чаян чаккандай санын мыкчый тиштенди:

— Ия! Сен ошого макул деген экенсиң да...

Кумар шейшебине кирип, башына чулганды. Онтогонсуп, керебетин карчылдата тынчы кетип уктай албаган атасынын күңгүрөнгөнүн угуп, жүрөгү чымыроодо.

— Кеткиле анда ээрчишип... Мунун баары жеке сенден эмес, Ашоктун астыртан тукуругунан, жана Бали маалим менен дагы жээн таякелик чалышы бар. Менден башкаңардын кеңешиңер бир сымал. Сен эмитен атаңды таштап, колуктуңду ээрчисең, кайындарыңдын тилин уксаң, атаң кантет. Курган башым... сени окууга бергенден кетиргемин. Ашоктун шойкому ошондо эле башталган экен да. Окуган бала ата-энеге кайырсыз болот, бирдемелерди түшүнгөнсүп, кыйынсынымыш этип, ээленип өз билгенин жасайт деген чын тура. Чала мага. Уулум, ушунчаңда ойлон. Карган атаңды шоңшойтуп жалгыз таштап, кантип колуктуңдун артынан басып кетесиң. Ойло-о, сенде эс деле бар... Ашок, шашпа, сени менен тоодон сүйлөшөм. Бүгүн моюн сунгансың. Ант, арбактан жазгангансың. Эселек кыз менен ээн баш уулду теске салуу аталарынын кантип колунан келбесин. Той тойлоп, нике кыйдыртам. Келин балам Гүлзари чырагымды көчүрүп кетем...

Кумар андан кийинки атасынын күпүрүн укпай көшүлгөн.

* * *

— Кайсы маалда турганын билбейм. Түндө уктаган эмеспи. Азандан ойгонсом, бактын түбүндө бирдеңкесин чыкылдатып отуруптур. Кыйналдыңар го балдарым. Көздү жуумп туруп... аталарыңардын жогунда окууга өтүүчү жерлерге жөнөтүп жиберсемби дейм. Кийин мени бышырып жешсин. Чакырык келсин, али эрте деп өзүң кыйыласың. Бали жээн да дарексиз жоголду. Секелегим... — Саргыч кенен сарисин делбиретип Сима кызын болук төшүнө кысып, саамайынан жыттагылады. — Кумардын өзөгү ооруду го. Мага олдоксон. Тамакка чакырчы. Же.., алпарып берсең кантет.

Гүлзари атасына сөзү өтпөгөн, эрки бош Кумарды кетип жолугуудан качкан менен кандайдыр жүрөк толтоундагы жылуулуктун табы улам күчөп, аны көрүүнү, сүйөшүүнү эңсетүүдө. Жигит шар, тайманбас болот дечү эмес беле. Анда неге Кумар басып келбейт. Таарындыбы?.. Кеээтен берки кездешпегенине кусалыгы арткан кыз, энеси кандаган соң... падносту жаркырата сүртүп, гүлдүү табака кхим-күрүч саксайды, чыныга ласси-айран, ана, чай көөрүп жөнөдү.

Кумар баш көтөрбөй ташты эле чыкылдатууда. Подносу кайкалата көкөлөтүп лепилдей баскан кыз, созоло сүзөн аккуудай, бадалдуу жашаң аянттагы чыйырды өрдөй ерилегени өңкөйгөн уста жигиттин көзүнө шоолаланып агылды. Кирпик учунан кылыйып, ага сүйгөн кызы Гүлари көтөрүлгөн күн нурундай жаркып улам жакындай ергенине бою чалкып, ою оштонду. Тура чуркап жолунан осууга подносун алып жанаша басууга ыкыстады. Шокуктун дагы чеги бардыр. Көрмөксөн тартып чыдасынчы. Лына, көз ирмемде, закымда тамак көтөрүп, ичке назик боюн ийилте бийлей жорголоп өзү жетет... Бир — жарым үн Гүлзарисин көрбөгөнү өткөн жылдардын барына тең агынычын ташытса да, жигит ишине гана алаксып, буере аргасыз байланбады беле. Эми ага шоодурай себиле рөлгөн кадам акырындагансып, чоюлгансып дегдеди. Чекен ташына чечилүү жемпирин жаап, бөлөк кичирээк шалды кармалады.

— Кайырлуу таңың менен! — Куш доош кулагын эрип, аңгыча ийилип подносту жапыс тегерек столго этиет үшүргөн кыздын солкулдак тулкусу, андан себилген атыр-ын укмуш (балким сүйүү жыпары чыгар) илеби жигит өөнүн оолжутту.

— Өзүңдү дагы Гүлзари, кутмандуу күнүң менен! — ыздын ичке белинен өзүнө ыктата имерди.

— Байкоосуз илдирген кыз, жанына эпейип, тигини кол-о тып чаба, ондоно отурду:

— Уят эмеспи, апам көрсө эмне дейт. Тийишпей тынчансаң көпкө отурам жаныңа. Болбосо, азыр качам.

Кумар колун ала, боюн коомайлантты:

— Сагынттың го. Эми тийбейин. Кетпесең.

Гүлзари түктөйө түшкөн өңүн чүтүрөйтүп, даамдарды жигиттин алдына жылдырды:

— Өзөгү ооруду деп апам болбой жиберди. Ичсең, же-ең...

Сүйгөн кызындын колунан татына идиштерден даам тагыш рахат белем. Кумар айранды токтолбой жутуп, чөн-

төгүнөн булак эттире жүз аарчысын оозуна сүртүп тамшанды:

— Кандай даамдуу айран. Дал ушундай айранды кичинемде Сима апанын астына ала отуруп, чачыман сылап эркелете ичиргени элес-булас эсимде... Даамы ушу кезге чейин тилимден кеткен эмес. Анда биздин үйдө жашашчу эле. Ошондогу таттуу айранды бүгүн кайра таттым. Апаң мээрман адам. Мени жетимсиретпей, оорутпай тороптон Сима апаң деп атам да айтат. А кезде апаң куда сендей болсо керек...

— Кантип эле мендей болсун. Ал эне. Мен кыз. — Гүлзари кадимкисиндей жаадырай бермет тиштерин кашкайтты.

— Сен апаңа абдан окшошсуң. Ашок ата он алтысындабы, же андан да эртерекпи, жашында үйлөнгөнмүн. Он жаш улуу күүлдөгөн жигит элем. Өзүм куугунтукта жүргөндө уста досумкуна качырып алып баргам дегенин уккам.

Анын бул жаш үйлөнгөндөр тууралу баянын Гүлзари анчейин жактырыңкырабай жыйрылганын байкап, башкага бурду:

— Ал доор өзү менен кетти дечи. Мына биз, куугунтуксуз, күрөшсүз чайналдык го. Кандайынча чечилет экөөбүздүн тагдырыбыз. Айтчы?

— Уккандырсың аталарыбыз кандай маселе коюп жатканын?

— Уктум...

Кумар андан ары улабай тымпыйганда Гүлзари кол менен чийгендей иймекей кара каштарын керилте токтоо кеп козгоду:

— Аталарыбыз тоодон бүгүн түн, же эртең кайтышмак. Түндө телеграмма алдык. Он күн кармалабыз. Маанилүү иш чыгып калды дешиптир.

Кумар көкүрөгүн кере авадан кенен искей, алкымын кысып муунткан балээден кутулгансыды:

— Төх-х! Маанилүү иштери көбөйүп, дагы он күнгө кармалышса экен.

Ага кошо Гүлзари да жеңилдегенсиди:

— Билесиңби, атамдын таякеси бар. Өтө кооз жер. Дары булактары, токою, тоосу сонун. Меймандос дыйкандардан атамдын достору көп. Жөнөкөй эле таш алууга эмес, кызматы боюнча да ошо дыйкандарга байланыштуу тапшырма алдым деген. Кыязы эптеп жетишкен соң, сенин уста атаңдын да акактарга көзүн кычыштырып тыныгууга көндүргөн го. Кечиккендери жакшы. Бары бир, биздин ма-

селебиз оор. Сенин атаң айтканынан кайтпайт дейт. Ыраспы?

— Ырас. Сенин атаңдын таасири ага канчалык тиер экен. Көрөбүз.

— Таасири... таасири. Уулу сен таасириңди тийгизе албайсың да... Андан көрөк.., кайтышканда алардын астында экөөбүз ачык жооп берүүгө тийишпиз.

— Экөөбүзбү? Чогуу отурушкандабы?

— Алар бөлөк-бөтөн эмелер беле. Улуулар ошондой шарт коюшса, качып кайда барабыз. Сени билбейм, менин жообум даяр.

Кумар уяң туруп, ыктуу учурда момингип чыйрак чыкчырылган кызга таңыркай эдирейди:

— Кандай? Мен да угайын да жообунду.

Сыноо маалында мугалимге жооп кайтаргандай, кыз жонунда буралган чачын сеңселте жүзүн мотурайта тике бакты:

— Жогорку окуу жайына өтүүгө бизге руксат этпиздер. Акыркы курсуна көчкөндө, эс алууга келгенибизде той өткөрүүгө Кумар экөөбүз убадалаштык. Ыраспы, Кумар?

Кумар оозун ача ошо улуулардын астында турушкан көрүнүштү чагылтты. Ал да алаканын кабыштыра, жүгүнө; — ушундай биздин чечим,— деп атасынан көзүн жашырып жер карайт...

— Сен эмне, колунду чапташтыра, бирдеңке күбүрөдүңбү? — Гүлзари Кумарды акырын карууга каккансыды,— Коштоп, бышыктап — ырас, ошондой — деп, кесе айт.

Кумар кыялын жыя, Гүлзарини чычалатып тамаша чегүүгө дилгирленди:

— Жок... Гүлзари кечир мени, чукулда той болот.

— Эмне, эмне?! — Гүлзари кетенчиктей чекчейди.

— Телеграмманы мен башкача жорудум. Курулай шылтоолошуп, аталарыбыз тойго камынууга Аграга биздикине, Делиге дейре акча, ана-муна алууга сызышты.

Гүлзаринин көз кычыгынан мончок жаш кулап, эринин кесе тиштене, Кумарга алыстан, тосулуу айнектин ары жагынан акарат жасагандай телмирди:

— Анда мен жоголом. Апам мендик. Сенин атамды кыйбайм... дегенинде кеп бар тура. Болуптур-р...

Кумар кыздын мынчалык кейишке чырмаларын күтпөгөн. Муздагыраак тыпыйган колун, ысык жазы алаканына ороп, булкунганына карабай ордунан жылдырбай жалооруду:

— Тамаша. Сени сынайм деп өзүм уят болдум. Оюндан

кылча жылбасына чындап ишендим. Кечир, жаным. Мен эми чыйралдым.

Гүлзари качууга тырышкан боюн жумшартып, кандайдыр майрамдык аппак шайы сарисинин этек-жеңин үлпүлдөтө, чөгөлөй ийилди:

— О-о... ошентсең. Мунун ыраспы. Анык, акыркы антыңбы? Экөөбүз бирге турсак эч ким биздин жолду кесе албайт. Ата бүгүн капаланат, эртең сүйүнөт. Биздин бул максатты азыр күнөө деп ойлосо, кийин кечирет балдарын, ыраспы? — Эми эч кимден уялбайм дегенсип жүрөк алкоосун айкындай Кумарга бүгүлө отурду. Эки жаш бөжөйүшүп канаттары жетиле элек балапандардай бири-бирине ыктап үнсүз далайга мемиреште. Азоо жүрөктөрдүн тилсиз кагылышын тындашып, жаштык демөөрдүн дайыма үмүттүү сапарын эңсешти. Денелерден өткөн ысык тап эмелеки алмак-салмак акыркы делинген шертти ширетип, аталарына көз каранды, али алсызыраак кудреттерин чындап, күчкубатын арттырып жатышкансыды.

— Ырас Гүлзари, атам башкага катуулугу мүмкүндүр. Мага боорукер. Негизи бүт адамзатына боорукер. Мен тескери басып кеткен күнүмдө да кыйбай соңуман акча жөнөтөт, издейт... кечирет. Бирок, мен кичине да болсо, анын шагын сындыргым, жер караткым келбейт. Сени да жакшы көрөт, жактырат... Азаптын баары өнөрдү, таалайды ажырым түшүнгөнүбүздө. Атакем алиги түнү ушу силердикинен топурагын түйүп берүүчү катуу шарт койду. Мен да оюмдагыны кескин ачыктадым. Ай, мен куруюн Бекер... Дале атамдын ынандыра албай жатам. Атакемди оройлук сөз менен эмес, иш, далил менен ынандырууга тырышам. Атам менен купуя өнөр эрегишим бар. Ошону аныктай алсам... Менимче, тартышыбыздын тамыры башка. Экөөбүздү үйлөнтө коюу шылтоого шыноо экенин эми боолголодум. Чоң адамды жеңиш үчүн чоң далил, балким убакыт керек. Азырынча далилдерим майда, анча ишенимсиз... Эх, ата менен бала... Улуу менен кичүү... уста менен шекирт... Қыйышпаган адамдар эгешпесинчи? Аны атам билдирбегенсийт. Акыркы арганы табууга аракеттенем...

Гүлзари шырп алдырбай канат сермеген чымчыкча, жеңил шоодурай атылды. Кумар бүт ыптасы коңултуктап, жулунуп кеткенсип чыканактай жер таянды:

— Гүлзари неге мынча уча качтың?

Гүлзари жаан жууган мөмөдөй мөтүрөйгөн көзүн кой-молжутту:

— Кандай жансың деги. Атасы менен эрегишкен бала оцобу? Өлөйүн эмне дегениңди түшүнбөдүм. Мактайсың

атанды, кайра эрегишим бар дейсиң. Кайра анын көөнүн калтырбайм дейсиң. Түшүндүрчү?

Кумар да кулачын аргыштата секирип турду:

— Чочуба. Ал жакшылык үчүн болгон эрегиш. Атамдын да, барыбыздын пайдабызга... Өйдө-төмөн сөзүмдүн чаташканын бары ошондон... Жакында... экөөбүз суракка алынганча, эң кеч деген ошондо... же далилдейм, атамды жумшартам... же...

Гүлзари үлпүлдөгөн саамай чачын болоор болбос керимселге сеңселтип моюнун кыңкайта шыбыштады:

— Ал кандай, эмне далилиң?

Кумар көзүн чылк жума, башын чулгуду.

— Сен сураба, мен айтпайм. Көрөбүз учурунда.

Гүлзари кетүүгө ыкыстап имерилип кайра бурулду:

— Айла түгөнсө... Сенин сыйкырдуу далилиң жарабаса... Колдон келишинче каражат чуктайын. Сен да... Апамдын тилин алып, шаарга качып кете берели. Аталарыбызга кат жазабыз. Табышаар... кечирээр...

Кумар ийкээр ийкемексен моюнун тескери кылтылдатып Гүлзаринин узата басты:

— Ушинтип келип тур ээ. Көп сабылбасаң. Мен ошол далилимдин камында болоюн. Мага эч кимди жибертпе. Өзүң гана катыш. Таштарды чакылдатып эрмектеше берейин. Уста сөрөй кырс болот. Сен эмне чегип жатканымды сураба да, көрбө.

Гүлзари сунала калкып нарылады.

Кумар жээкте калгансып, этек-жеңи желбиреген ак саричен Гүлзариси, жанагы келгениндей канатын тарана дениз толкунунда зымыраган аккуу кейиптенип алыстап бараты. Ана үйүнүн бурчунан имерилип жашырынганда, жүлүнү болк эте, көз чарасы айнектелип суюктукка толо түштү. Шуу үшкүрүнө артына тегеренди.

Ооз толтура, түйшөлгөн кызды жубата жалындуу кептерди жалбырттатты... Каалаган жагына сызып жөнөчүдөй өз алдынча оокат күтүп, акча жыйнаган шылуун жигиттин бириби? Кайда-ан... Анан кайсы кудретине, мүмкүнчүлүгүнө чиренди. Бар. Аны кандайдыр жашыруун күч азыр да дүңкүйткөнсүйт. Кайда, не деген күч ал? Жаштыктын, мастыктын кур дымагыбы? Башкадыр. Анан эмне? Өзү да билбейт. Өзүн өзү алдаган да адам болобу. Бар чамасын, ишенимин, жөндөмүн айкындай албай, өзүн өзү тытмалап, издеген аракет чыгар. Аракет. Качантан бери, канча ирет, алаканын ысытып, карегин чакты. Олдоксон уркуйттуруп, жаса чаптырып нечен өкүнттү. Дале кыялында дагы, дагы тажаба, тирмей, кылдатык акырындык менен кыйлага сар-

гарганда гана самаганына ажарланып жетесиң деп дегдетет. Көзү илинсе, түнүчүндө колун, оюн жанчып түйшөлгөнү, ойгонсо ашыкканы да ошо таш. Таштан дап-даяр бир эле үлгүнү күндөп, жылдап кайталаган адамдар да өзүлөрүнө ыраазы. А Кумарчы?

Кумардын далаалаты мына ошолорго каршы. Бет алдынча жандуу элести жаратып, ташты сүйлөттү. Ай, балким жөн эле балалык кыялдыр. Кыялга ээленип, сүйгөн кызыңа табышмактатып атаңа, бүт эле көчүрмөчү усталарга ички эрегишкенинди да дөөрүдүң. Окус мурдагыларыңдай мунуң да сөлдөйсө, жинденип жара чаап... колуңду ташка уруп канталатып жөнө. Гүлизаринин сунушуна баш ийип, шаарга кире кач. Арийне өзүңө канчалык жаныңды үрөсөң да жаскай албаган шордуу, чеберлердин таалимин үйрөнүп өздөштүрөөрсүң. Ал колуңан келбесе, чиймеликке, долбоорлочулукка, курулушчулукка кирээрсиң... Таштын көптүгү, барксыздыгынан да тирүү жандар секирип турчудай, сүрдөңкүрөп, чөгөлөй обдулуп, алиги Гүлзари чукулдаганда жаба салган жемпирин дүңкүйгөн ташынан этиет сыйырды. Эх, бу саам андай андай сыйкыр болбоду. Кээ кинолордо таш эстеликтен сүйгөн каармандар тирилип эңсеген жаштын шыгын ойготуп, колдоо көрсөтөт го. Алиги эле бет түзүлүшү жымсалданып келаткан дүңкүйгөн ташы. Эң кыйыны ошол бет түзүлүштө Моюнун чыгарып көкүрөкчөсү менен бүтүрмөк. Бюст. Көлөмү кадимки киши башындай домосу белгилене баштаган гранитине колун, эринин аймата таасим кылды:

— Асыл таш, акыл таш, сен бир керекке жарар бекенсиң...

Домосуна бүгүлө эңкейип, ой, эркинин күчтүүлүгүн айкындаган жайык маңдайындагы бырыштардын изин түшүрүүгө кескичинин учун такай чакан балкасын чык, чык секин ургансыды. Колу кубана гранит аздан үбөлөнүп, ойлогонундай из жireле берди...

Жазы бетинин булчуңдары, ууртту карай созулган жылга кырдачынан саландатыбыраак мурундун кең таноолору, койчу, маңдайындагы жасалуу калып пластилин камырындагы бакыраң көздөрдүн ойлуу тигилишинен, ага жарашык берүү үчүн атайылап бүткөндөй коюу каштардын иймекейи... койчу, бардык мүчөлөр бала кезинен жат, азыр да бет маңдайында тургансыган ыйык санаган адамын кылча жерин жасемдебей окшоштугун да сактап, бах ушундай адам экен да дегендейлик ички сулуулук, жөндөм, мүнөзүн келиштире баяндап тургандай болсо...

Аста, аста, шашпай... сүйгөнүнүн деми колдоппу, жери

колдоппу, бая күнү сыйынган байыркы аска усталарынын арбагы колдоппу, Кумардын таш кишиси күн санап келбетине кире... чекесин мацкайтып... кашын жайылта серпип... көзүнө кыял толтуруп «тирүүлүктүн» жышаанын ала баштады.

Таш мурдакыдай катуу эмес... Чапканы да бир керемет-тей жецил, чукугуч, үшкүсү да кесек чамындылабастан кыпындайдан чокуп, аздан-аздан гана ойлогон келбетин түшүрүүдө. Ийне менен кудук казат дегендей, күн-түн тирмейгенине жараша акырындап арбып баратыр... Иши жүрө баштаган улан дүйнөдө андан бактылуу жан жоктой рахаттана чаалыгууну унутту. Үч маал тамак көтөрүп келген Гүлзарисине чеккенин токтото жабуулап, аз сөз, сараң күлкү менен узатууда. Суробоого, көрбөөгө убада берген Гүлзари да жигитинин шымалана сустайган дидарынан эртели-кеч тыкылдаган табышмактуу таштан кандайдыр ырайым күтө, Кумардын кысканганын байкап келгенден кеткенче шашат.

Кумар ошо бак түбүндө, ташын жазданып дегендей, түнкүсүн да шамдуу чырак менен иштеп, ошерде уктоого өттү. А тургай үйдөгү чоң сандыкты бошоттуруп, Гүлзариси экөөлөп көтөрүп жеткизишти. Түнкүсүн, кээде күндүзү азоолок бой жаскысы келсе, чегип атканын шейшепке орой сандыкка кулпулап бекитет.

Бу жоругу күчтүү уландын оболуна коюп, кыйыгына тийбөөгө Гүлзари менен апасы да бекемденди. Толук он күн аяктап, он биринчи түнгө ооду. Аталары бүгүн, эртең кайтуусу ыктымал. Кумар өңү азыңкы тарткан менен мурдагысынан да чыйралгансып жанын үрөп, бүгүн түнгө дагы кошумча шамдар койдурду. Анын кыжынгансыган түрпөтүн байкаган Гүлзаринин санаасын дүрбөлөң түрүлтүп... Нетсе да уктабай аны саксактоого бел байлады. Апасы андан бетер тиги өжөрлөнгөн жигитинен өткөрө саруулаган кызынын көлөкөсүнө айланып, аны карыш жылдырбай бучкактоодо. Шаардын четирээк жагында болушса да, көчөлөрдөгү үлүңдөгөн электр жарыктарынан башка үйлөрдө караңгылык, уйку өкүм сүргөнүн баамдашты. Гүлзари, ага айланчыктаган апасы экөө да шамдарын өчүрүп, караңгы терезеден Кумарга көз салууда. Ал деле бак түбүндөгү катар үч шамдын маңдайында букчундап көлөкөсүн арбалаң-тарбаландатып жаны тынбайт. Жапырыла өгөгөнсүп, жабыша үйлөгөнсүп, сүргөнсүп... терезе жакка далысын сала саланданганы, тырбаланданганычы. О... ал го, ал. А беркилердин тынчсызданышы кандай? Гүлзари жигитинин азабын кошо тарткансып, анын кырстыгына, көк-

түгүнө үмүттөнө да, чочулай да негедир бүгүн өзгөчө жүрөгү аңтарылууда.

— Жатчы, тук этип, эс алчы,— Сима кызын мүрүсүнөн кыса, бооруна кучактады. Шыңгалыгы дебесе, бою серейип өзүнөн кырдуураак экенин байкап, саамайынан, көкүлүнөн сылагылады.

— Көлөкөм, жарыгым, чоңоюп бой жеткилең ушул. Көп эле телмире бербечи караңгы терезеден. Бүгүн эле дейсиңби, Кумардын таңкы жарык киргенче шүнтүп отурганын өткөн эки-үч түн удаа байкадым. Чунак бала, деги ооруга чалдыкпаса экен. Сени жалгыз таштоодон чочуп, араң эле үргүлөп отурам. Жүрчү, балам, жаталы. Бүгүн, эртең ата-ңар да келип дүрбөтүшөт.

Гүлзари апасынын мойнуна колун арта, бетинен аймалады:

— Көзүм чакырайып уйкум качты. Санаам удургуп, жүрөгүм лакылдайт. Мындай болчу эмес элем. Бу неси, апаке?

— Антпе-е жарыгым. Каалаган жигитиңдин түйшөлүүсүн кошо тартып санаркаганың. Деги Кумарың таштан алтындын кыпындарын чогултуп атабы, саа айтабы?

Гүлзари терезе айнегине маңдайын сүйөдү:

— Жок. Өзүм көрсөтүп, айтмайын сурабагыла деген. Билбейм апаке. Алтын таап атабы, же курулай эле... Он күндөн ашты... Чакылдактан кандай тажабаган эме экенин билбейм... Минтсе кантип окуйт. Өң алаты өчүп баратат... Барчы, сен жата берсең апа. — Кызынын кабырылганы энесин андан саруулатып, терезеге имерчиктетти.

Жымыраган жылуу түн. Адам гана түгүл, өсүмдүктөрдү магдыратып, уйкуга, эс алууга чакырган тынч түндө кыдырата сайылган шам шооласын пааналап бак түбүндө жападан жалгыз күйпөлөктөгөн улан о, бир оокумда удургуп өйдө секирди. Колу, бутун тарбандатып көнүгүүлөрдү жасагансыды. Кулачын жайып, төшүн ача чуркады. Эне, кыз даанараак көрүүгө терезени акырын ачышты. Секирип, тонко баш атып, кыңылдап үн да чыгарды.

— Эмне, делбелене баштадыбы? — Сима кызын бооруна кысып, калтырак бийлеткен денесин жашырды.

— Койчу, апа. Жаман ойлобосон. Балким, ушунча күн, түн талыкшыган кургур боюн жасып аткандыр. — Гүлзари апасына шыбыштай, көзүн сырттагы Кумарга үрөдү.

— Ылайым ошентсе экен. — Апа күнөмдөр кооптонду.

Өйдө-төмөн будаланып, чамгарак атып, чарчадыбы, Кумар сандыкты карс эттире жаап, кулпусун бекиткенсиди. Таштарын, жаракталын салды окшойт. Шамдарды удаа-

мудаа өчүрүп ныл караңгылыкта тымтырстык төндү. Жатты белем. Беркилер үйдөн шам күйгүзөлү дешип, кайта айнышты. Ансыз да азаптанган улан түн ортосу ооп, үчтөн өткөндө үйдөн жарык жарк этсе, аны андыгансып, шекшинээри, элирип дагы алда немелерге урунуп беринери ыктымал.

Гүлзаринин санаасы кайрадан дүрдүктү. Жаттыбы, же бир жакка чү койдубу? Апасы аны неге делбеленди деди. Уйкудан безип жанын кыйнаган адам делбе болоорун эшиткен. Аракети ордунан чыкпай ойрондолдубу. Анда куруду го. «Үмүт, антыбыздын дагы өчкөнүбү»...

— Апаке, мен неси болсо да, барып көрөйүнчү?

«Тобо-о, түн ичинде жигитке кыз баланын барган учуру болгонбу» Эне жүрөгү шуу эте чымырады. Кантсе да кызынын шойкомдуктан алыс, сабылганын көрүп, кошо бөлүшкөн Симанын катуулугу жетпеди.

— Ой, шоркелтейлерим ай. Кантейин. Салтта жок жорук баштабачы дөөгө тилим барбайт. Мейли, кошо чыгалы. Ширеңке ал. Деги табышсыз баса көр. Катуу уктаса сезбейт. Уктай элек болсо, чочубасын. Байкап эле кайра тарткандай бололу.

Сыртка чыгышты. Айсыз түндүн ымырттыгы көзгө сайса көрүнгүс. Ширеңке чагышты.

— Дүрүлдөк чыкканынан аталарың келген экен десек... — Сима негедир угуза кобурады.

— Кантсин, акырын,— Гүлзари апасына шыбырады.

— Чочутпас, уктаган, уктабаганын билиш үчүн ошентким,— Сима да кызынын кулагына колун калкалай чебиреди.

— А-а... туура, эски машинанын оту өчүп бурчка токтоп калбасын. Карайлычы. — Гүлзари энесинин амалын уланта, дубал түбүндөгү бакты карай кадамын чечкиндүү шилтей жол ортолоп барганда, колундагы буралуу газетаны күйгүздү. Бучкактаган энеси экөө тең сандыктын үстүнө килемди жерге түшүрө жаап, жаздыкты бооруна кучактай артыла көмкөрөсүнөн сулаган Кумарды көрүштү. Шымынын багалегинен байпакчан буту сороюп, авада, сандыктан алда канча арта суналууда.

— Уктаптыр. Кызык, ушинтип да жатабы? — Гүлзари тез, жалбырттап күйүп бүткөн газетаны чөпкө ыргытты.

— Чаккан алтынын алдырбайын дегени го. Жылуу дымыккан түндө жабуунун деле кереги жок. Шаардын аянтарында, бактарында топ-тобу менен такай түнөгөн жаштар көп. Астында килем, башында жаздык. Көйнөк, шымчан экен. Таңга жуук кичине чыйрыкса, секирип туруп, кайра

ташын чукулоого киришет. Деги, кызым, эртең менен чай бергениңде дурустап сүйлөшчү. Алтынына ыраазыбыз, бу факирдигин апендилигин койсун. Аталары келгенде өзү тыйылаар. Жүрү эми, санаа бөксөрдү. Тук этели. — Сима кызын колтуктай үйүнө бурулушту.

Адаттагысынан кечирээк турган Сима түндө кароолдогон терезесин беттеди. Талыбас тоңкулдактай баягы чык, чык угулбайт. Көнгөн кулакка өөн учурай обдулса, Кумар куду түндөгү калыбында буту саландаган бойдон былк этпей уктап жатат. «Курган бала жедеп жетиккенде жыгылыпсың. Бу маалда үрпөйүп далынды салып чыкылдатып отурчу элең. Уктай кой. Күн али чыга элек. Чыкканда да дарак көлөкөсүнөн оной менен тийбейт. Таш деген жансыз, катуу неме. Ал чарчабайт. Асылгандарды акыры тажатып сенчилетип, чаалыктырып жыгат. Упуратып чага берип, эмне таптың экенсиң»...

Сима алтын, сымап, коргошун издегичтер сал ташты ундай чагып, кандайдыр өзөк, уюктарынан уюган, же кыпындай жабышкан кендерди табышат. Анан иргеп, чогултуп уютушат. Зергерлерге, соодагерлерге кымбатка өткөрүшөт, байышат дегенди эшиткен. Анын оюна Кумардын убара чиркөөсүнөн андан бөлөк эчтеке түшпөдү. Таджи-Махалдын көчүрмөсүн өзүнө окшош акактан, же башка агыш таштан жасашат. Андайдан алып келишкен. Кызыл таштан башка эмне чыкмак эле.

Гүлзари сабылып кеч жаткан эме кызуу уйкуда. Таңкы уйкудан таттуу не бар. Эрге тийгенинен тартып, заардан турууга, үй иреттеп, тамак жасоо, балдардын түйшүгү, эзелтен берки салтты кууган өнөкөт Симаны көндүргөн. Кээде атайылап жай турууга ниеттенсе да, маалында чакыйып көзү ачылып ойгонот. Көнүмүш өзүнчө балээ окшойт. Көбүнчө эртелеп жатуучу. Чала уйкунун саатынанбы, кичине башы кеңгирегенсийт. Кайра жатмак беле? Бары бир көзү илинбес. Үйүн иреттеп, казан, аягына имерилди.

* * *

Сыртынан акмалап, уйкудан кечип, ага кошо каржалган адамдарды Кумар далысынан сезмекпи. Мурда мынчалык жумшак, мынчалык тынч уктады бекен. Ойгонсо да тургусу келбей, сандыкта шыйрагынын саланданганына кайыл, мамык кроватта көшүлгөнсүйт. Жайкы күндүн табы чачпагы жапкан жашыл бактан да көзөй өтүп, жалган түштү айкындай жаный кайыптыр. Столдо муздак ласси,

бөтөлкөчөдө жемиш шербети коюлуптур. Гүлзариси тураары менен жутсун деген экен э. Жаңы ойгонгонундагы дүнүйөнүн, байлыктын түгөл ээси сымалданган таттуу ою таркап... Мейманда, бөлөк бакчаны ээлеп, утурумдук байырлаганын эстеп, жумшак жерге күүлөнө ыргыды. Эх, үшүгөндү, чыйрыкканды билбей, жылуу өлкөдө туулуп, өскөнүң, кандай рахат. Көнгөн колу, көзү ишин, түйшүгүн эңсеп алда нелерди издеп, акыры баары катылган килем жабылган сандыкты тиктей, конултуктады. Демейде чымыр, толук көкүрөгү бошоң, бош коолдоду. Көптөн бери жыйнаган ой байлыгын, жөндөмүн сандык ичиндеги таш келбетке суурткансыды. Таш келбет. Күн, түн тирмийтип кызыкчылыгын арттырган, чарчоону билбей, убакыт жетпеген азем кайда5 Ишке көнө түшкөндүктөнбү. Кайпактап кең дүйнөдөн жер тарыгансыйт...

Суусундан жутту. Колуңа кармаганың илгерилеп тургандагыдай жыргал жок белем. Такай мыжыгып, бүт ой санааң ошого байланып, өзүндү өзүң сынап, өзүндү өзүң жеңип, бирде өкүнсөң бирде кубанып алектенген жумуш бүтөөр замат адамды ушинтип үйралышкан сырдаш досун сапарга узаткандай конултактаары бышык.

Өзүнөн бөлүнүп, колунан алыстаган соң жараткан буюмуна иштеп аткандагы албырттаган илеби сууңку күбүрөдү:

— Кандайча жасадым экен? Көргөндөргө, айрыкча, бирөөнө жагабы, жокпу? Катканым ырас болуптур. Бүт кудуретим, абийрим, күчүмдү үрөп, алал ашыктыгыма шыктанып жасаган буюмум мени, Гүлзаримди уятка калтырбаса экен?!

Жуунуп таранып айланып басты. Ага жан жолобойт. Канча күн өзүн макоодой кармап, оолактатып бүткөнүң, айрым чалакайым жоруктарынан Гүлзариси да чочулаганын, азыр дагы кантээр экен, бүтсө үйгө кирээр пейилде эркин жайына коюп, терезеден акмалаганын кайдан билсин.

Зеригип бүткөн эме, кайдадыр бир жакка маңууну эңседи. Баякүнкүдөй Жунгли аралап шаркыратмага, байыркынын эстеликтерине барса э... Мейман, жалгыз кайда каңгыйт. Аталары дале дарексиз. Жайлуу жайда жыргап жүрүшкөн го. Болбосо мынчалык неге кармалышат. Башына үйлөнүү, окуу дегендей шылтоолор байланбаса Шакердей улуулар менен кошо барбайт беле. Эл, жер аралап... акактын кенин көрбөйт беле... Эмне, үйлөрүндө киши жокпу? Же күндөкү жосуну дешип, анын бүткөнүн, сандыкка бекиткенин билишпейт го. Кийинки күндөрү Гүлзари тамак

көтөрүп берилегенде жолун торгой чыгып, колунан алып кете бер дечү да болгон. Барын жолотпой жалкытып бүткөнүн эскерип ууртунан бырс күлдү. Кирип барса, көпкө божурашып отуруп калышы ылазым. Окус нары жактан бирөөлөр ноолану ашып түшүп сандыкты көтөрүп кетсе кантет.

— Кой, андан көрөк өзүм жеткирейин. — Олчойгон сандыктын кулпусун ачып эңкейип, жасаган затына үңүлдү. Кан тамырлары удургуп, колунан чегилген ташы жанданып «тааныш жүзүн» жайкалтып, шаанилүү насаат айтчудай маңкайды... Кумар жемпер, шейшеби менен кабаттай орой, сандыктын капкагын жаап бекиткенче шашты:

— Кечиресиз. Азыр эмес. Сабыр эте турунуз.

Күлкүсүн жашыралбай мулундап, сандыкты көтөрүүгө кучагын кергенде:

— Кумар-р, токто-о, азыр мен жардамдашайын. — Көпөлөк канат көйнөкчөн Гүлзаринин эбелектеп бери чуркаганын карап бажырайды.

* * *

Үй ээси менен. Ашок досу, уулу үчөө кайтканда шопоё түшкөн үйү толо чатырады... Төрдүн, дасторкондун, жалпы эле тамак ичип, маектешип отуруунун көркү чыкты. Карыялар күүлдөп көңүлдөрү куунак. Ар кимисинин баргандагы максаттары артык баш аткарылганын алма-терме курсанттана баяндашты...

Ашок ташчы таякелери баштаган жер ээсине жалданган дыйкандардын көтөрүлүшүнө катышыптыр. Кыйытканына караганда анын барганына карата дүрбөлөң даярдалгандай. Ашоктун акыл кеңеши, уюштургану, акыры арачылыгы менен кедейлер байды ашык жерлеринен аздап болсо да бөлдүрүп берүүгө мажбурлаптыр. Ошонун барын тейлеп, биротоло тындыргыча ушунча күн өтүптүр. Кеңири өлкөнүн көп штаттарында жакыр кедейлердин мындай жер алууга жетишкен кыймылдары ийгиликтүү чабуулга өткөнүн, бу саам өзү катышып чоң элдик ишке кол кабыш кылганына Ашок өтө ыраазы.

Ахмад андан жеңиштүүдөй, мурутунан мулундап, беркилерге угуза уулун беттей баржактады:

— Ашок жалчыларга жер алууга көмөктөшкөнүнө мен да кошо сүйүндүм. Андан сырткары олжом дагы чексиз. Он жылга ноюбай жетээрлик аюудай, эчкидей сал акактарды Шакер экөөбүз болгондо да үйгө жеткирдик. Салык там дөцкөйгөн таштарга толду да калды. Карегим чоң сал-

дарды жыгачтай гана көшүлтүп кесерлик албарс араа урунган ташчы усталар бар экен. Анысынан да сатып койдум. Буюрса, бу жолку сапарыбыз байсалдуу. Ашок биз кайтканча жердүү болгон дыйкандарынын акылдарын жетилтип, ыраазылыктарын угуп, мейманчылап жүрүптүр. Алары ай бою жүрсө да жибергилери жок. Шакер экөөбүз варыл иштер бар деп зорго бошотуп апкелбедикпи.

Ахмад сакалын сылай:

— Шакер уулум... аман болсун. Тилегине жетсин. Көп жашасын,— деди бөлө, бөлө сүйлөп. Салттуу карыядан алкоо угуу, балага бардык сындан жогору. Шакер нурдана кызарып, башын төмөн ийгенсиди.

Апасы ан үчүн жетине албай:

— Айтканың келсин. Оозуңда бардыр Ахмад атасы,— деди.

Ашок ичинен буулугуп бурална да, жүзүнөн жылмая барысын кыдырата карап өтүп, бет мандай отурушкан Гүлзари менен Кумарга токтоло мелтиреди. «Бириң оң, экинчиң сол көзүм. Кандай чечилээр экен силердин тагдырыңар. Өзүңөр чындаган чыгарсыңар. Кызым, насаатымды аткаргандырсың. Жигитиңди чыйралтып, курчуткандырсың. Ахмад атаңардын жаалы катуу. Мен да досума ачык чыкпайм. Силер бирге катуу, каршы турсаңар айласызданган сып, астыртан колдойм. Эх, балдарым, азыр экөөңдүн тең сары ооз балапан экениңерди көрүп турам. Дагы торолуп жетиле түшсөңөр, Ахмаддан мурда өзүм тоюңарды берүүгө дилгирленээр элем. Ушу капшаптан, өпкөлөөдөн кантип буйтайм. Арга табылабы? Атаганат, Ахмаддан башка бирөө болгондо мынчалык каржалбайт элек».

Далайды башынан өткөргөн эстүү неме кайдан, эмнеден баштарын билбей өрөпкүп аялына буурул чачып түрүлтө дасторконду жаңсады:

— Кана Сима, дагы бирдеңкелериң барбы?

Анын ички кабырылганына бирге толгонуп аялы бөйпөктөп тура жөнөдү.

— Бар, бар... Азыр ысык тамак бышат.

Ашок чарчаганына шылтоологонсуп, шуу үшкүрүгүн үйлөй стол таяна жанындагы бакжайган келбеттүү досуна ишараттады:

— Азоолок серүүндөйлү анда. Тамактан соң жай маектешели. Кандай дейсиң?

Ахмад чыдамдуулугун айкындай, ташчы уста эмес, акылман философ кейиптенип селдесин шаңкайта ойлуу мемиреди:

— Сөз качпайт дечи. Убакыт дегениң уста. Кээде оңдоп, кээде бузуп коёт. Ошо жагын ойлонгон жакшы.

Дүрбөп эшикке каалгышты. Улууларга жол берип, үйдө ээндей калган Гүлзари жанына байырлай имерилген Кумарга:

— Байкадыңбы, эмнеге камынып атышканын. Атаң өткөн убакыттын усталыгын кашкайта туура айтты. Шекшип, сезген түрү бар,— деди.

— Азыркылары чоң күүнүн башкы кайрыгы — увертюрасы. Эки дос аябай машташкан окшойт. Биз да көрө жатабыз,— Кумар мылтыгын сундурган мергендин жүрөгүн апкарытып, жаза аттырып, буйтай атырылган жолборсчо, көзүн кайнатып толкундаганын байкатты.

Анын бул айбатына демдене Гүлзари да коймолжуду:

— Сага гана ишенем. Менин колума дагы сонун маш тийди. Жүрсөң... Аталарга беттешүүдөн саруулаган эки жаш опколжуй да, чыйрала да, чабуул камында ээрчише жылышты.

Белгилүү окуяны күтүштүн өзү аземдүү белем. Эч кими сыртынан унчукпагандары менен барысы сезип, тамак желип бүткөнчө ичтеринен чымырап белендене кыпылдап отурушту.

Көгала калтарланган жаак сакалын кычырата, али түпсүз суналган баржагай манжаларын жай ырахаттана, ойноктото сылап, Ахмад жанындагы досуна баштабайсыңбы белгисин туйгузду. Төрдөгү улуулардын өкүмүн күтө тымыган жаштар ал ишаратты дароо боолголошту. Сима Ахмадды коштой, улага жактагы бурчтан эрине башын көтөрдү. Ашок тик жака кемселинин топчуларына кол эмгегине анчейин каржалбаган ичке сөөмөйлөрүн жүгүртүп, креслосуна оңдоно козголуп күрсүндү:

— Арабызда бөлөк бөтөндөн жок... Бир бүлөөдөй башынан сырдана өзүбүзбүз... Ата балалар чогуу жүздөшүп отуруп акылдашчу кеп бар. Аны ким кимибиздин билгенибизге кыйла күн өттү. Кумар менен Гүлзарибиз бойго жетти. Башынан Ахмад экөөбүздүн тилегибиз бар эле. Анысыз талаага кетпей, эки жаш өзүлөрү да бирин, бири жактырышып, сындарына толтурушту. — Мандай-тескей зымпыйышкан Гүлзари менен Кумарга көзүн токтото тыным жасады. Алар ийбагып баштарын эңилте жоодурашкан соң, кысылыңкы үнүн эркин каргытты. — Аныңарга биз аябай курсантпыз. Ахмад силердин жакында баш кошууңарды каалап... Сима экөөбүздү кыстап атат. Негизинен биз деле каршы эмеспиз. Экөөңдүн тең жогорку окууга дилгирлигиңден... бүткөнчө үйлөнсөңөр ыктуу дегенбиз.

Мунун чыккынчылык деген түрпөттө Ахмад ата имериле мостойду.

Ашок күлүмсүрөй сөзүн жөнөттү:

— Ахмад, уул-келиним азыр эле окууну бүткөндөрдөн тың оокат кылышат. Үй-жайы даяр. Колдорунан иш келет. Өзүм көмөктөшөм дейт... Акиреттик досум Ахмаддын көңүлүн суутууга кудуретсизмин. Ошондуктан, кагылайын балдарым, акыркы чечимди силерге калтырдык. Өз оозунардан угалы дедик. Ачык сүйлөшүүгө мезгил жеткенин сезгиле. Атанын тилегин кандайча аткарганыңар оң. Айта койгула...

Ахмад бою балкып, эми чындап жазылгандай көрктүү жүзүн күлкүгө чайып, Кумар менен Гүлзаринин улам бирине ажарлана бажырайды.

— Айткыла, карегим... Чырагым... уялбагыла... Акылдууларым... Ата-энелердин тилегине каршы чыкпасыңарды туйгам... Анда бата берелиби — Жаадыраган атанын алаканы жайылып өйдө серпилерде Ашок, Сима, Шакер... баары дүрдүгө ушу менен бүттү дегендей чочуша селейишти. Гүлзари мандайындагы жигиттин жука эринин тиштене зекиди. Кумар секирип тура, энтикти:

— Атаке-е, азга аялданыз. Менин, Гүлзари экөөбүздүн Ашок ата, сизге соболубуз бар.

Дүрдүүгү таркай, кайрадан тынчтык мемиреди. Ахмад уулуна акырая, жайылган олчойгон алаканын кайда катарын билбей, стол четин күрс сыдыра ылдый сойголотту.

Ашок моюунун созо, уланга сүйөнчүктүү ормойду:

— Айтагой, Кумар.

— Атамдын эмне себептен бизди чукулда үйлөнтүүгө шашынганын билдиңизби? Ачык сүйлөшөлү дединиздер. Ачык сүйлөшөлү дединиздер. Анда түшүндүрүңүзчү? — Кумар мугалимине татаал түйүндү чечүүгө суроо бергендей эдирейди.

— Билдим... Ахмад досумдун бизге да, силерге да мурда айтпай капысынан ашыкканынын себептери бар. Ана башкысы — экөөндүн алыскы окууга кетебиз дегенинерден чыккан. Чыныбы, Ахмад?

Ашок оң жагына имерилди.

Ахмад досуна оңурая катуу күлдүрт этти:

— Чын. Сен укпадың беле, менин сырымды түгөл.

— Ооба, ооба. — Ашок элпек лепилдей сыйда таралган буурул чачын салаалай түрмөктөтүп, жеңил козголуп, Кумарга тигилди:

— Эски достор эзише талкуулаганбыз. Атандын сени окуу издетип алыска жибербегенинин эки орундуу себеби

бар. Чынбы? Ошону түшүндүрөйүнбү? — Дагы моюнун досуна буруп тасырайта кырылган мулук ээгин көтөрдү. Ахмад башын ийкеди.

Сөз такталып, жалгыз Кумарга байланышып куушурулганда Гүлзари өзү туруп сунуудан айбыга, белендеп турган катты Кумарга жылдырды. Жем апчыган шумкардай Кумар кооз конвертти имере, ичиндеги катты калдырттата сууруп, стол башына жетти:

— Менин окууга камынганым кур кыял эмес... Мынча болду барысын ортого салалы. Атакеме, барыбызга угуза окуцуз? — бүктөлүү катты жазып, Ашоктун астына койду.

«Бул эмне балээси» деген пейилде сабатсыз Ахмад быжыгыр көрпөлөнгөн жазылуу кагазга үркүбүрөөк үксүйдү. Ашок төш чөнтөгүнөн көз айнегин сууруп тагынды да катка көз жиберди:

— Ах-а, башы салам дува... — ичинен купуя апчып, оң ыптасына ийилди. Тийиштүү жерлерин окуюн.— Гүлзари, кубана бер. Эмне, атаң маа сүйүнчүнү камдасын. Дарылоо факультетине документтериңди кабылдашты. Бир сапар гана аңгемелешүүдөн өтө турган болдуң. Тарых, анатомиядан эсиңе түшүрүп баратап көр... — Ашоктун кагаз кармаган колу титиреп, таштап жиберип, кызын куттуктап чекесинен чоп этүүгө ниеттенип, жанында бадырайган Ахмаддан чочулай араң токтотту өзүн. Курулай эле чакамыш эте, бетаарчысын сууруп, оозун сүртүнө, кайта-кайта үңүлдү.— Ал эми Кумардан болсо уста атасы экөөнөн сүйүнчүсүн өзүм алам. Анын чиймелерин, Тадж-Махалын, анын бетине чеккен оюуларын, пластилин камырынан жуурган кейиптерин бир нече күн күтүп атактуу сүрөтчү, скульптор Дридж Лал Просадка көрсөттүм. Ага жакты. Өзү устаканасына шакирттикке алып, айрым сыноо тапшырмаларын аткарса, институтка өткөрөм деди.

Ашоктун окуган көзү жаадырап, жүзнө нур үрөлүп, кубанганын кулпунтууда. Сима желбиреген жоолугун ондомуш этип отуруп тура бирде кызына, бирде Кумарга тишин кашкайта күлө карап делбиреөдө. Шакер шадылуу колдорун арбайтып, алаканын апчыта кысып, эжеси менен Кумарды куттуктоодо.

Ахмаддын каш кабактары саландап, жаак ээк кылдары биринделп, тигилерди бүт жекире, балкасы менен таштыоё чапкандай олчойгон алаканын столго дүп жаный, ызгаарлуу күлдүрттөдү:

— Токтот ушерден! Ар жагы түшүнүктүү! Ким бу катты жазган?!

Алиги Бали маалим эмеспи?

Анын түкшөмөлдөнүп, зекигенинен кагелес Ашок калтаарый креслосуна кетенчиктеди:

— Ошол Балинин өзү.

— Билгем анын минтээрин. Барбай коюшса, буларды жасоолдор айдап апарбас. Кана, Ашок, сөзүндү бөлдүрбөй аягына чыкпайсыңбы? Же сен да буларга кошулуп бала болгону турасыңбы?! — Ахмад тикенектеген сакал мурутун матыра муунта басчудай креслосун качырата Ашокко тике акырайды.

Бер жактагылардын заманасы эми куурулду. Мынчалык каарданган алп карыя көксөгөнүн аткармайын чыргоосун күчөтөбү? Ашок атаны корголотуп кол салганга дейре барабы? Балдары үчүн азапты ага көргөзмөкчүбү? Кумар атасынын мынчалык каарданганын көргөнү ушудур. Балчайган Ахмаддын далдоосунда чепейген Ашок, мыйыгынан мыскылдуу мисирейди.

— Сен эңөөбүздүн балдардын көзүнчө апсандашканыбыз уят. Сөз аягына чыкканча чыдабай эмне болуп баратасың. Анда мен да туруп басып кетем. Байлайсыңбы, урасыңбы, балдарың менен өзүң сүйлөш, же алып жөнө.

Балээ болду. Мунусу тигинисинен өтө катуулады. Чатак ырбабаса экен. Беркилер элендеп, өзүлөрүн унута тоорушкан карыларды аяшты... Ызырынган сырдана карт көздөр тайгылышып, челишчүдөй маташкан баштар бошоң эңилди.

— Жеткир аягына. — Ахмад көп маанилүү буюра сүйлөп, креслосуна оңдоно толтура балкайды.

Ашок караманча эчтеке болбогондой Кумарга жылмайды:

— Кумар уулум... Атаңдын сени өзүнөн алыс кетирбөөнүн эки негизги себеби бар. Биринчиси — картайганда жалгыз кокоюп кантип күн өткөрөм дейт. Мунусу жүйөлүү... Кандай дейсиң, Кумар уулум?

Кумар туталанып, үнү буулгансыды. Атасынын жалгыз калаары, карган адамга кыйын болоору төгүнбү. Моюнун шылкыйтып стол тырмай доошу дирилдеди:

— Ал-л ч-чын. Атакемдин жалгыз жашашы кыйын. Бирок, чоң киши бардаш кылууга, же үйгө бирөөнү киргизүүгө болор...

Али карегинен чаары сууй элек Ахмад Ашокко, анан калгандарына корооздоно, сакалын үлпүлдөтө эрининен жел үйлөдү. Гүлзари күйпөлө чындыкты аргасыз булдурттаган Кумарга жаны ачышты. Көпкө тымтырстык төндү. Тилсиз тунжуроо канчага созулат. Аргасыз чындыкка бакиси саландап, жалгыз Ахмад гана жеңиштүү компоюуда. Бүткүл

жылдыздары жерге түшүп, алдыртан муңая тиктешкен эжеси менен Кумарды аяп, Шакер баятан ыкыстоодо. Кантип унчугууга даабай, жедеп баары басынып, Ахмад чындап үстөмдүгүн жулаарда буулуга обдулду.

— Ахмад ата, кичүү болсом да бир сөз айтып калайын. Рахим этиңиз «Атасынын бийлиги тайыганын туюп, мага кайрылды, мени ушул колдойт» пейилде Ахмаддын жүрөгү жибий, алаканын жайды:

— О, Шакерим, сен экөөбүз канча күн сырдашып ынак боло түшпөдүкпү. Сен куулана да билесиң. Сөзүң болсо, айта сал.

Ашок чын эле бийлигин жулдургандай, калгандарына омсоңдой карады. Экөөнүн мекиренишкени соо эмес — кыялда ансыз деле аргалары куруган Гүлзаринин, аны көрүп, Кумардын көздөрү жалжылдап Ахмадга жасакерленген Шакерге жалоорушту. Шакер алардын ызасын кайнатып эч кимди байкамаксан, калыңча эринин жалады:

— Чы-ын эл-ле Ахмад атам кантип жападан жалгыз жашайт. — Мукактана баштап, үнү ачылып кетти. — Аны-сына барыбыз, Кумар агам да сабылып сүйлөдү... — Тамагына бирдеңке такалгандай күрсүндү. Ахмаддын жаак, сакал кылдарынын жыштыгынан алакан отундай гана ачык жериндеги эткел бетинин сурданганы өчүп, жылуулук нур себилди. Чунак баланын тиешеси жок нерсеге аралашып, сапарлаш болгонуна жан тартып бакисин ойрондотпогой эле деп эне, атасы да кыйпылдоодо.

— Ахмад атамды карыганында жалгызсыратпай,— Шакер атайын тигилерди бүтүндөй титиретип кармоочудай дагы токтоло ынтыкты. (А аныгын канчалык бышыктап, ойлосо да тактап жеткирип айтуу балага кыйын болууда).

— Мына булар окуусун бүткөнчө,— Кумар менен Гүлзарнге колун серпти,— мен кошо жашоого макулмун.

Баарысы ага жалт бурулушту. Дүйнөдө даваа табылбаган эч нерсе жок белем. Кумар, аны коштой Гүлзари алакандарын чабышты.

— Азамат, чоң ажаатка жарады! Атакем эми жалгыздыктан коркпойт. Бул түйүн чечилди.— Кумар жайдактап, Шакерди кучактап өөп, өөп алды. Беркн беттен сүйүнгөнүнөн чолок жаш ыргыган үлбүрчөк жүзүн мөлтүрөтө Гүлзари бул отурушта алгач доошун созду:

— Ыраазымын Турна. Сен ушинтмексиң.

Ашок менен Сима унчукпай кымылдашты. Ахмад күтүүсүз бурулуш жасаган Шакерге жоголгон ачуусун жыйнай албай үксүйө кадалды:

— Шакер уулум, ойлонуп айттыңбы? Сен кошо жаша-

ганың менен Кумарымдын мени баккан түйшүгүн аткара албайсың да.

Шакер бу мертебе шар жүткүндү:

— Ахмад ата, сиздин корккonунуз жалгыздык. Ал эми түйшүктү, усталыкты үйрөтөсүз, үйрөнөм. Көрөсүз, Кумар агадан кем бакпайм сизди.

Ахмад жүйөгө жыгылаар жыгылбас башын чайкап, Ашокко багжайды:

— Баланын тамашасы бүттү. Экинчиңе, негизгиңе көч. — Ал кайрадан түнөрүп, быяктагылардын жагалданган жүздөрүн көргүсү келбей күрсүндү.

Ашок өмүрүндө камак, сүргүндө, тергөөдө, сотто далай азаптарды тарткан. Бирок мынчалык кыйналып бирөөнүн буйругун элпек аткаруучу болгон эместир. Айла канча. Коюлчу суроолор так сүйлөшүлүп, кыйбас досуна убадасын бекемдеген. Досу улам ыктуу жүйөөгө жеңилип баратса да, өзүнүн көздөгөнүнөн чегинбей күүлөнгөнү таң калыңкы.

— Ахмаддын эң акыркы, уулун окууга жибербөө, үйлөнтүү жагдайындагы өтүнүчү бул. Кумарым ата кесибин менден өткөрө мыкты өнүктүрдү. Ташты ырдаткан устачылыгы менен окууну бүткөн сүрөтчүлөрдөн, архитекторлордон артык оокат кылат. Ошондуктан ал ээбаштыгын тыйып, айтканымды аткарсын. Ата өкүмүн бузган бала биздин тукумда болгон эмес дейт. Мына ушуга жооп бере аласыңбы Кумар уулум...

— Негизги маселе ушунда. Мени да, өзүңдү да, элди да неге кыйнадың балам. — Ахмад каргылданып, уулунан райым күткөнсүдү. Баятан берки кулагыз аскадай заңкайган Ахмаддын зээни бошой, баласына чөгөлөгөндөй шалдырай түшкөнүнө Сима жашып, жоолук учу менен көз кычыгын сүрттү.

Кумар акыры ушул талап коюларын билген. Өнөр эрегиши качандыр ачыкталып чечилээрин күткөн, кaмынган. Мына ошол учур, азыр жетилип чарт жарылганы турат. Жигиттик намысы гана кармоодо. Болбосо, эчкирип, атасынын тизесин кучактап болоктоого даяр. Бирок чекесинен сылап, барагой, кечирдим — дегендей баягы тентек, кичине кези беле? Ал антсе, калгандары кантет? Анда сүйүүсүн коргомок турмак тебелегени эмеспи. Эне, ата мындай турсун жигиттин алсыздыгына Гүлзариси да бөк түшүп боздобойбу. Жок, Жигит башыңды көтөрүп, олуттуу сүйлөп, сен неге жарамдуусуң, неге камынып келдиң. Көрсөт, далилде. Көз ирмемде термелген Кумар толкундуу чачын удургута төрдөгүлөргө бурчта алкактагы сүрөттөр-

дүн астында килем жабылган, үстүндө өзү жасаган акан Тадж-Махал турган сандыкка чукул кадамын шилтеди.

— Ата, атаке, кечир мени. Дагы эле жүйөөлөр ынандырбай кыстасаң, баары сен айткандай аткарылат...

Беркилер жапырт шалдая түштү. Гүлзаринин көздөрү чанагынан ыргучудай мөтүрөйүп, ага мээленген октой кадалды. Ахмаддын бою балкый нымшыды. «Карегим ушинтмексиң. Туягым мени кордомок эмес. Ыраазымын. Эми айта бер оюңдагыны». Кумар атасына бажырая, көптөн жыйылган оюн түгөл төгүүгө кызуулана бадыратты:

— Менде бир гана чоң максат бар, атаке. Ошону айтып далилдегенсийин. Угуп бер. Анан... эрк өзүңдө. Сенин атагыңды чыгарган уста болгум келет. Уста! Мына, канча муундан бери ата-бабаларыбыздын жасап, жан сактаган ыйыгы. — Кумар сандык үстүндөгү татынакай Тадж-Махалды көтөрүп, маңдайына, эрдине тийгизе ийилип столго койду. — Муну мага да үйрөттүң. Бирок, өзүң айткандай, даяр, эптеп окшошкон көчүрмө. Сен экөөбүз, бар болгону көчүрмөчүбүз, уста эмеспиз. Таш усталыктын башка кыйла аземдери бар экенин түшүнүп, аракеттенгенде, сенден, аталарыңдан далай укмуштуу усталар чыкмак... Мен, атаке чыныгы устачылыкты үйрөнгүм, уланткым келет. Жаманбы, уулуң уста болсо.

Атасы балбырап уулунун сөзүнө ийип, билинер билинбес башын кылтылдатты:

— Ырас, карегим, ырас го мунуң.

Беркилер тили буула чала моңолдонууда. Кантсе да ата баланын кыйышпасына, Кумардын атасын сыйлаган адамкерчилигине, акырындап карыяны эритип келатканын кош ойлуу копшолууда.

Кумар нарылай имериле шашкалактады:

— Эмесе, мен бир нерсе көргөзөйүн. Ашыкпай кунт коюп ошону байкаңыз. Өнөрдүн кунун укмуштуу түшүнгөн адамсыз. Калыс сыныңызды айтыңыз... Сандыктын килемин сыйра чөнтөктөрүнөн ачкыч издеп бир топко будаланды. Жалындуу сөз ким кимин арбап, а түгүл жыргалга чалкый нурдана Ахмад да, сандыкка алышкан Кумарга жапырт обдулушту. Кумар шейшепке оролгон олчойгон ташты бапестей көтөрүп, столдун дал ортосуна койду. Сыйкырчыдай күбүрөп, калчылдаган колу менен сыйпалап, белгилерин карагансып тегерете ондоду.

— Мына атаке, дурустап караңыз — Шейшепти сыйрып ыргытканда абалтан тааныш, даанышмандай даңкайган башына жарашыктуу селде оронуп бырыштуу жазы маңдайын күржүйтө, кашын уюлгута, ойлуу көздөрүнөн токтоо

тигилип, татынакай сакал-мурутун уюлгутуп, далайлардын адамкерчиликти, өнөрдү сыйлоого үндөгөн акылман карыянын кызыл таштан бүдүрсүз сонун чегилген келбети барысынын... ири алдыда Ахмад устанын жүрөгүн толкутуп көңүлүн көпкө өзүнө арбады.

Таш келбет менен тааныша тилсиз сүйлөшкөн тынчтыкты, акыры Шакер бузду:

— Э-эй кызык Ахмад атамдын өзү.

Сима, мурут сакалы дирилдеп, чанагына чөккөн көзү берилеп күйүп, улам эңкейип тешиле караган Ахмадды, анан дал окшош таш сүрөттү салыштыра, уулун коштой таңыркады.

— Ырас эле. Колуңдан айланайын, атасын чеккен тура.

Устачылык азем менен жасалган иштин сапатын түшүнө, аз аздап эрий үңүлө делдейген Ахмадды Ашок колдон жулкту:

— Биздин айрым мамлекеттик көсөмдөрүбүзгө да гранитген эстелик тургузула элек. Сени уулуң эмитен катыра жасаптыр. Дагы, арман кыласың. Келе колуңду.

Ахмад олбурлуу колун салмактуу чирене, ага кыстырбай мууну бошоңку булдурттады:

— Уулум өз оозу менен айтсынчы. Бул Тадж-Махалга окшобойт. Көчүрмө да эмес. Деги ким? Айтчы, Кумарым, бул ким?

Бирде каарданып, бирде жайланган залкар Ахмаддын дапдырап, айный, алдастай баштаганы кандай. Сүйүнгөнүнөн ушинткениби.

Кумар күлө бага сүрөттүн сакалын сылагылап өз атасына, тарткан атасынын мойнуна колун арта чукулдады:

— Булбу ата, уста. Тадж-Махалды жасаган Иса уста. Анын тукум кууган сиздей уста балдары... Элдин баары тааныган менин атам Ахмад уста!

Ахмад уулун төшүнө кучактай, күмүш сакалын ого бетер жылтылдата жаш куюлтуп үрпөк чачынан жыттагылады:

— Ооба, бул Иса уста. Уста аттуунун пайгамбары. Мага окшош болгон чыгар. Мен устамын деп өмүр бою өзүмдү алдап келдим. Көчүрмөчүлүгүмдү мойнума алгым келчү эмес. Сен карегим, мени ишендирдиң. Уста сен болосуң. Иса бабаңдай, ыйык Тадждай жаңы эстеликтерди жасайсың. Өнөрүмдү, адамкерчилигимди... а сүрөтүмдү алып калганыңа ыраазымын. — Негедир энтигип, оң колун созду. — Гүлзари чырагым, келчи.

Гүлзари эбелектеп жеткенде, уулу экөөнүн колун кармаштыра эринине тийгизди. — Бактылуу болгула. Кайда

барсаңар жол ачык. Баш кошоорунарга, тилегим орундалганына көзүм жетти. Ашокко көз кыйыгын бурду. — Сен берилечи.

Ашок күтүүсүз кырсыктын чукулдаганын сезгенсип, кучактай ыктады.

— Досум, саа ыраазымын,— деди онтолоп Ахмад — Кумарымды, Гүлзаримди, үй оокатты сага тапшырдым. Балдарымдын чогуусунда сенин колуңдан... ыраазымын. А-а,— оозун ачып, акыркы илебин чыгара салмактана, шалак этти.

Али жылуусу кача элек болук денени уул, келини эки жанынан сүйөй, Ашок башын кучактай көтөрүшүп... бул капилет шумдукка ишенбөөчүдөй сандыкка улай коюлган тактага жаткызышты.

— Атаке, атаке! Бу эмнең! Тилегиңе жеттиң! Баары сенин каалаганындай болот! Көзүңдү ачсаң атаке! Эч жакка барбайм!

Кумар үстөкө-бостоk чыңырып... атасы мемирей түшүп, кайра кирпигин серперине үмүттөнө, анын дале нуру суубаган жайык жүзүнө, коюу сакалына жашын жамгырлатууда. Ал чөгөлөй эңилип, атасынын жайык төшүнө жаагын сүйөп жүрөгүнүн кагышын тыңдоого алектенди. Бирок карт устаттын көөдөнү түбөлүк тынчтыкка ың-жыңсыз уюп калган эле. Бөлмөдөгү эки Ахмаддын бирөө — тулку боюн кере ойгонбос уйкуга баткандай тактада суналууда. А экинчиси гранит ташка айланып стол үстүндө сыймыктуу маңкаюуда. Атаганат, экөө тең үнсүз.

Стол үстүндөгү гранит бюст жарданган адамдарга акылмандын ойчул көзүнөн тигилип, байыркы Индиянын кереметтүү улуу устатынын, анын урпагы Ахмаддын окшоштугун гана эмес, өнөрүн, асыл адамгерчилигин, назик жанын кошо буктуруп калгандай мисирейүүдө.

КЕПИЛ

Тумагы, ага түспөлдөш илбесин жакасынын чангылдана бубактанганына, а түгүл — кирпик-кашына дагы жабышып кыроолоткон, кыштын күчүнө кыбасы кана, күрсүйө кийинген Мойдун небак тызылдап, чымырай ысыган жүзүн барган сайын муздак авага аймата тосуп... Оң солдо

доодолонгон күрөңдү ортосундагы чыйырды өрдөй, үч катар заңкайган имараттын ар бөлмөсүнүн терезелеринде жылдызданган жарыкты улап жай, рахаттанып кадамын чоюуда.

Чогуу эс алуучулардын сыртка сейилдеп кайткандарынын «бүгүнкү сууктун мизи күндүзү да кайтпады, кечкурун ого бетер ызылдады дегендери чын тура. Кыш ызгарын атайын эңсеп, жеринен жылуулана камынып чыккан бул адам кандайдыр денесин чыйралткан тунук, салкын илепке канып... арийне, дал ушул мелтиреген ак карлуу, токою дүпдүрөгөн орус кышына келгенине курсант. Токой демекчи, эртелеп ымырттанган түндүн койнунда уктабас сакчылардай дүпүйүп, түбөлүк кырчын келбетин суйсалтканын карачы. Ызгарлуу кыш көп эле жерлерде бар. Бирок, мындай түптүз өрөөндө жашаң токою боюн асманга ыргап, түбүндө аппак кар ширелген Россиянын кышынын көркүнө Мойдун көптөн бери куштар. А куштарлык өспүрүм чагында Москвада окуп жүргөнүндө козголгон. Кийин дыйканчылык изилдөө институтундагы кызмат жагдайына жараша отпускасынын көбүн кышка жуукка ыйгаштырат да, такай орус токоюна, Москванын айланасындагы эс алуу жайларына ашыгат. Ар качан көңүлү сергип кайтат. «Маданий иштерди уюштуруучудан эртең чаңгы-лыжа алып, элди туурап мелтиреген ак карда кулач уруп зымырап көрсөмбү. Буерде жаш-кары дебей жапырт чаңгы байланып кайкып жүргөн эле адам. Кимде ким шамдагай зууллдап, аязда денесин ысыта, көңүлүн кызыта жаштыкты айкындап, карылыкты кубалайм десе чаңгы тепсин деген чындыктан менин кур калууга кандай жөнүм бар» Кош кабат каалганы салмактуу жаба, килемдүү далисти аттаганында кийим чечүүчү жайдын күзөтүндөгү аял, жанындагы телефон бөлмөсүн көргөзө колун жаңсады.

— Трубканы эмеле койдум. Деги кайда жүрөсүз? Издебеген жерим калбады. Биллиард ойногондорго чуркап бардым. Телевизор көргөндөрдү аралай кыйкырдым. Жоксуз. Көрсө, элдин баары сууктан чочуп жылуу имараттан чыгышпаса, сиз «аяз атага» айланып «жыргап» жүрүпсүз да. — Бир аптадан бери чала моңол таанып калган балкайган аял безилдеп бүткөнчө Мойдун күнөөлүдөй үндөбөстөн сырт кийимдерин чечинип илди.

— Эми сиз эч жакка жылбай тиги жерге отуруңуз. Аябай кызарып чыгыпсыз. Деги бети-башыңызды тоңуткан жоксузбу? Сиз түштүктүн адамысыз. Биздин кыш менен этиеттеп ойноңуз. — Анан ал тегерек жапыс столчолор, диванлар, креслолор коюлган бурчту көрсөттү. — Сиз жы-

лынганча телефон кайта шаңгырагысы бардыр. Жарым саатта кайталагыла дедим:

Мойдун ааз жөнүндөгү тигинин аяганына мыйыгынан жымыйып, ооз учунан алкай, анын дайындаган жерине барып күтүп отурду. Ким болду экен аны издеген? Балким, жолдошторунан чыгар. Үйү менен кечээ эле сүйлөшпөдү беле! Сырттан ою оштонуп кирген эме кандайдыр сүйгүнчүктүү кабарды эңсей боолголоду. Айнектүү узун далистин килем жолунун өйүз-бүйүз жакасындагы кызыл-тазыл ачылган гүлзарлар аранжериясын аралап ары-бери өткөндөргө көз шооласын ээрчитип оюн алаксытууда... Телефондун шыңгыры угулганда атылып турду. Аңгыча тигил аял болук колтугун серпе чаңылдады.

— Келиңиз тез. Бактыңыз бар экен. Көп зарыктырган жок. — Учуп жетип алгач «Алло!» дегенинде эле аялынын тааныш доошун эшитти:

— Мойдун, мен эле. Шашылыш кабар айтууга туура келип калды. Сенин эс алууңду эч качан бузчу эмес элек. Өзүң, кандай кааласаң бир чечимге кел.

Мойдун ичиркене буулукту:

— Эмне, эмне?! Бала-бакыра аманбы, ачыгын айтчы?

Аялы мунун чочуй түшкөнүн сездиби, жумшарыңкы чоё сүйлөдү:

— Баарыбыз тынч, эс-сенбиз. Коркпо. Алиги Айбаш агай барго... Абалы кыйындап атат.

— Абалы кыйындап?

— Ооба. Эки жагынан тең айласы куруп атыр. Шашпай тыңда. Укканымды айтып берейин... Анда-санда «И-и» деген болбосо Мойдун өзүн келбээт кармоого тырышып, сөздү бөлбөй тыңшады.

Качан бөлмөсүнө киргенде гана кан тамырлары дүрдүгүп, көзү ымыр-чымыр дуулдап алдастады. Жарым жылдан бери илимий командировкада — бүткүл союздук жана украиналык дыйканчылык институттарда болду. Атактуу, табышкер селекционерлер менен эриш-аркак муюшуп... дагы жаңы асыл өстүрүүгө дилгирленип ой чабыты чалкып кайтты. Акыркы айында бир четинен эс алууга, экинчиден кесиптештери менен талаш-тартыштарга түшкөн маалыматтарын иреттөөгө, азырынча алдын ала тажрыйба майданындагы болочокку жаңы тукумду кыялында өндүрүп сынап, өзү менен өзү алпурушууга быякка атайылап жетпеди беле. Кантүү керек, жакынкы элестер бийлеп... санаасын сапырылтууда... Айбаш... бул наамды балким, балтыр бешик кезинде эненин алдейинен, атанын алаканына куштай кондуруп эркелеткенинен эшиткендир. ... а, мүмкүн

кийинчерээктир. Айтор, Айбаш улуулардын оозунан урмат менен айтылган эсине эрте түшкөн сыймыктуу ысымдын бири эле.

Ал эми Айбаш деген кишинин өзүн алгач экинчи сыныпты бүткөн жай, ыр, жомок китептерди шар окуп, үй тиричилигине кол кабыш тийгизип онго караганында гана көрдү. Жайлоо чатырап... Бетеге, гүл бурап... Төрт түлүк ыңкып куйрук, жалына май байлап кошкурук атса...

Малчылар кышкы жут, жазгы төл азабынан кутулуп... жаңылатып жайыт, конуш тандап, кымыс, жууратка карк толуп, шаңдуу бастырышкан маал. Күн да, кыска өмүрүндө куунай баштаган көпөлөк, ийнелик, чегирткелердин көңүлү үчүн жаркын, жылуу нурун төгүп... гүл, бүрүн жайнаткан жашаң өсүмдүктөрдүн жыпарын аңкыта чалкыган учур эле. Дал ошондой жай мээриминин чак түшүндө белестин нар жагындагы колоттогу жылкы айлынан дапыратып чаап жеткен чабаганчы, койчуларды дүрбөтө шашкалактатты:

— Бая биздин Айбаш келиптир. Зыңкыйып баскантурганы, олуттуу сүйлөгөнү, сыланып кийингени көздү тойгузат. Туулган жеримди, тууган элим силерди сагындым... Саламдашайын, жарпымды жазайын деп атайын чыгынып келдим... Улууларынын атын атап, таанып... кичүүрөктөрүн сураштырып жатыр. Чемодандарын ачып... кемпирлерге жүз ааркы, келин-кыздарга атыр, самын, аксакалдарга маки, мурутун бураган берендерге карта кагаз тартуулап... Жанында татынакай, ачык айрым колуктусу бар экен. Биз да жетине албай... О нечак окуу издеп кеткен бойдон кайрылбай жоголгон жетимдин омоктуу өкүмөт болгонуна, боор тартып жергесин издеп жеткенине той болбосо да, түлөө катары ноопас союп таштадык. Айылапа, кары-жаштар дебей чогуу чараан Айбашка учурашып, тойдон оозангыла!

Ошондо эне-аталарга кошулуп, тестиерлер да топурап, ээрдей белести жабыла жамырай ашып жөнөшкөн. Кайкынын аркы тайпаңына эңилип жылкы айлына чукулдаганда шар суунун жашыл кылаасындагы боз үйлөрдөн түтүн бургуйлап, жаш сорпо менен жаңы эттин жыты лепилдеген керимселге кошула каңылжарды өрдөп топук тарттырган. Жогорураак жашаң жантыктагы катар желелерде топойгон кулундарына байырлап ныксырай тойгон сары таман саан бээлер сынына чыга суйкала конуштун көркүн ачууда. Ата-энелерин бучкактаган койчу айлынын балдары үймөктөшкөн элге жеткенче антаңдап шашылгандарычы. Кымызга мантыгып ачык авада элкин жашап

күрсүйө кийине жер менен киндиктеш жаралгандай ныкотурган кара тору майланышкан малчылардын арасынан... томолой жетим калганында окуу издеп шаар кесип кеткен боюнча, балан жерде, түкүнчө кызматта иштеп жүрөт, кичинесинен дээринде бар неме эле, аман жүрсө адамга калкасы тийчү азамат болоор — дешип улуулар аңазалаганын кыйла эшиткен тестиер Мойдун, Айбашты алда кайдан эле таанып, көзүн айырбады. Өрдөк тумшук бозомук кепка, ага түздөш костюмчан, шыңга бойлуу кызматкер улам жаңы келгендерге элпек обдулуп көрүшүүдө. Мойдундун атасы менен бажыраңдап кучак жайып, мүрү тийгизе оңду-солду айкашып учурашты. Айбаштын тогологураак бетинин отун кызгылтым нур ажарлаткан, күлмүңдөгөн кара көздүү, калбыгыйраак эриндүү дидары, ага кынап койгонсуган сургулт таза кийми, а түгүл өрдөк тумшук калканчы узун кепкасы — койчу, бардык турпаты баланын кумарын ташытты. Айбаш атасы менен айкашып көрүшөөр замат, дал анын дилиндеги сүймөнчүктү туйгандай, ичке агыш манжаларын көйнөкчөн тестиердин ийнинен артылта, өзүнө жакындата тартып маңдайынан сүйдү:

— О-у, бул сиздин уулбу, Кулубек аке?

— Ооба, биздин туяк. Айбаш байкемдей шаарлап окуп, актуб болом дейт. — Кулубек быжыгыр кара сакалын тутамдамыш эте уулуна ыкласы түшкөн мейманга жарпы жазыла баржактады.

— Болсун, болсун! Мен кеткенде төрөлө элек эле. Туягыңыз чоңоюп, эр жетип калган тура. Канчанчыны бүттүң? — Айбаш эңкейип, боргулдана тердеген, атасына түспөлдөш борбогой уулдун уялыңкы, бирок да жылдыздуу жүзүнө ичи жылый карады. Анын үстүнө бул өз жанына тың Кулубектин ал кеткенче баласыз жүргөнүн, «туягым» деген аянычтуу да, топуктуу да сөзүн толкуп кабылдады.

Калк барктаган адамдын көпчүлүк көзүнчө эркелеткен жылуу мамлесине сүрдөгөн бала кыйлага телмирди. Акыры эркек таналык намысын ойлоп, «Кана, туягым, мени уят кылбай жооп бер» дегенсип атасынын да багжайып сыймыктана түшкөнүн байкап, Мойдун эрдемсий башын чулгуду.

— Үчүнчүгө мактоо кагазы менен көчтүм.

Отургандардын карысы, аппак сакалы төшүн жаба жайкалган Мамырбай абышка кырааттата доошун созду:

— Боосун бек кылсын Кулубектин туягынын, бо чыканактай карагым, «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Кожо жаш» казалдарын бардыгыбызды жырга-

тып... мукамдуу окуп берет дейсиң. Көзү жокто да алкайм ушул уулду.

— О-у, карыялардын зоогуна жараган азамат турбайсыңбы, үкөм. Мына муну эрмектеп таза авада көбүрөөк ойносоң, чыйрак өсөсүң. — Мойдунга Айбаш топтоголок, белинен татынакай кызыл сызыгы бар кол илеби менен алда кайда секирген топ тартуулады. Ага дейре Мойдундун курбулары уйдун жүнүнөн топ жасап ойношчу. Анын колуна тийген кооз десе кооз, элпек десе элпек, учкул топко, далай балдардын көзү өтө шыноорлошуп, жанынан чыкпай, ээси каалаган оболго көнүшүп, эки жаат бөлүнүп чардашкандары ай...

Айбаш менен алгач шонтүп таанышкан. Азыр ойлосо Айбаш ошондо отпускасын түгөл жайлоодо — айылдаштарынын арасында өткөзгөн экен. Анда аны Мойдундун атасы да меймандаган. Буту тамтуң баскан, тили жаңыдан бирденкелерди жөмөлөй баштаган, куурчак кебетелентип, алда немедей бирденкелерди кийгизген бир жашар кызы Садат Мойдунга бат үйүр алган. Канча жылдын жүзү дегенде самап келген жердешин жайлоодогулардын күндө бирөө чакырышып, а түгүл жакадагы активдер кезектешип камына чыгышып... ызаат көрсөтүштү. Мейман-ысманга барган учурларын да Айбаш байкеси менен жеңеси Сагыйпа кичинекей секелегин Мойдундун көзөмөлүнө калтыра башташты. Мойдун курчактай жеңил телик кызды көпөлөк кууп, гүл терип, козуга эпейте мингизип, сайдан кооз таштар тандай, алаксытып... өзү да черин жазчу...

Айбаштын аларга урук-журат жагынан жакындыктары караманча жок. Жалпы эле жердеш, суулаш дешпесе, башка атанын тукумдары. Кеңеш өкмөтүнүн алгачкы жылдарында ага-тууганларынын эшигин сагалап эптеп күн көргөн томолой жетим Айбаш ичкериден келген уполномочунду ээрчип окуу иликтеп кетиптир. Өкмөттүн камкордугу менен окуусун бүтүптүр. Адамкерчиликтүү, таалимдүү, жетилген азамат, өз жанын багуу гана эмес, элге жол көргөзүп, Кыргызстандын түштүгүнө кызмат өтөп көтөрүлүптүр... Деген доңшоорду айылдаштары үзүл-кезил угушат. Бирди жарымы кат алышып турат, атайлап изден барып сый урматын көргөндөрү да бар. Айбаштын кадыр-баркка жетишкенин айтып жомоктошот. Быяктагы жердеш журту «биздин уулубуз» дешип сыртынан дем байлашат... Кең жайлоого акыры арзып эс алууга келгенде туушкандары куштап күтүшөт. Айбаштын адамгерчилиги, акылы жетик, эл кызматындагы ишкер болуп өскөнүнө курсанттанышып, шаңдуу узатышкан.., Ошо боюнча ал кишини Мойдун кай-

да кетип, эмне болгонун билбей унуткарып бараткан. Гитлердик фашисттер менен кандуу салгылашта көп жоокерлердин бири катары курман таптыбы деп да ойлогон.

Мойдун жоого аттанган ата, агаларынын ордун жок тотпой, түйшүгүн көтөрүп дегендей кактоочуна тарта каагылганда, тактап айтканда, согуштун бүткөн жылында, өзүлөрүнүн жерине Айбаш Райондук аткаруу Комитетинин төрагалыгына кызматка чектелип келбеспи. Көрсө, Айбаш согуш башталар замат Мекенди коргоого жөнөптүр. Москванын алдындагы салгылаштан, кийинчерээк Польшанын жерин бошотууда эки мертебе жараланган соң, капитан наамында кайтыптыр. Менти тайыган ден соолугу чабалдап, авасы таза тоолу жерде оңолууга мүмкүн деген врачтардын кеңеши боюнча түштүктөн быякка сураныптыр.

Мойдун сегизинчиден кийин агрономдорду даярдоо курсун бүткөн. Колхоздун талаачылыгына эгедер болгонуна эки кар баскан учур. Кыш. Бир жагынан жер семиртүүгө кык, күлдү чаналап, арабалап аялдарга ташытып аянтка төктүрсө... экинчи жагынан карылар менен мектеп балдарын кампанын короосуна жабалактатып тукумдук эгинди сойлоктордон, үндөөдөн, чандан тазалатып... тыныгуу дегенди билбей кумарланып тескеп жүргөнүндө Райаткомдун жаңы төрагасы жергиликтүү жетекчилердин коштоосунда анын үстүнөн чыкты. Бу саам алигиндеги жайлоодогудай жер карап боргулданган жок. Үйүндө өз оокатына ээлик, сыртта минтип, эл башкарып жүргөн эме, согуштун каардуу кезеңинде окуп да, колхоз өнөктүгүнө тырмаландап кол кабыш этип да, эрке балалыкты унуткан Мойдун каадалуу жигит, болгондо да, актив катары тике басып барып чыйрак саламдашты:

— Айбаш байке, сак саламатсызбы?

Кара тончон, көрпө тумакчан күлмүндөгөн өспүрүмдүн ысык колун кысып, Айбаш негедир тилсиз дапдаарый телмирди. Анан көз ирмемде шарт обдулуп «тааныбай турат», пикирге такала тунжурай түшкөн уланды шырымалынын үстүнөн кийген күрөң булгаары пальтосунун боорун шуудурата кучагына тартып, далыга таптады:

— Эр жетет деген ушул. Бакисин жетекчилериңден уктум. Кулубек ага... атаң мыкты киши эле. Көптүн бири катары фашисттер менен кармашта эл үчүн курман болуптур. «Атан төө өлсө тайлак бар, кому жерде калбаска».

Атандын ордун сен баскан турбайсыңбы? Дагы жай маектешебиз. Районго барганында мага кызматтанбы, үйдөнбү сөзсүз изден жолуккунун. Жеңең, карындашың биле кел дешти. Жарайбы? Эми өнөктүгүң менен тааныштыр.

Көптөн бери улуунун жылуу мамилесинен коңултуктап өз бетинче чыйралган Мойдун колтугу толгондой шерденди. Атасы тирилип бооруна кыскандай, жалгызсыраган жанына сүрөө бергендей кубаттанды. Айбашка, жергиликтүү башкаруучуларына тукум тазалоо, семирткич төктүрүү жагдайын аралатып, тыпылдап жандуу түшүнүк берүүдө. Сыягы анын идиректүүлүгүнө (беркилер да айтса керек) Айбаштын пейли ого бетер жылыды окшойт.

— Апаңа салам дуба де. Бизди унутпагыныңа. Келгиниң,— деп эркелете мандайынан сылап коштошту, кетеринде. Мойдун кантсе да ордун басты деген менен атасы бардагыдай Айбаш байкесин үйүнө чакырып коноктой албаганына ичинен сабыла кабырылды.

«Жетимдин ал-жайын сураган адам атасын тирилткендей көрүнөт». Айбаш кезегинде өзүнүн башынан өткөндүктөнбү, же адамкерчилигиненби, мүмкүн баягында атасы барда таанып калгандыгынанбы Мойдунду райондон, колхоздон, жыйындардан көргөн сайын шартка жараша саламдашып, мээримин төгүп жүрдү. Мойдун анын үйүнө жалгыздап баргандан айбыгып, а дегенде күүлдөгөн өркөчтүү билермандары ээрчип баш бакты. Сагыйпа жеңеси, эт-бетинен кете үйрүлбөсө да, шандуу активдер менен бирге отургузуп, алардан колу, оозу бошой түшкөн ара чолодо «Качан колукту аласың? Али эртерээк го, же окуйсуңбу. Байкең булар, баарысы сени макташат. Ошондой бол, кагылайын» деп имерилди. Андан кийин жолу ачылып, буйдалбай кирүүгө көнүктү. Көпөлөк кууп, колуна куштай кондуруп ойноткон алиги куурчактай кичине Садат сексейип чоңоюп алыптыр. Портфель көтөрүп мектепте окуйт. Бир жолу дептерине сүрөт тартып берип... кымындайында көтөрүп алаксытканын эскертсе:

— Билем аны, апам айткан — деп, борсоюп көңүлүн жибитпедиби.

Алганы, бергени болбосо да Мойдун бул үй-бүлөнү бел тутуп... эгин талаасында тынымсыз термелген элге башкөз агрономдук ишине топук байлап... жетимдиктин томолойлугун, жабырын унуткарып баратты. Аны башкарманын орун басарлыгына көтөрүштү. Согуштун жарааты азаздап айыгып... дүкөндөргө кездемелер, үй тиричиликке керектүү буюм-теримдер түшүп, алык-салыктар азая, кошумча эмгек күнгө колхоздун кирешесине карай акчалай, өгиндей, мал түрүндө бөлүнө баштады. Алардын колхозу дурус чарбалардын бири. Согуштун катаал мезгилинде да кампадагы дандан табактап, чакалап үлөштүрүп, ачкачылыктын апаатынан элди аман асырашты. А түгүл коңшу

айылдардан ачкадан азып-тозгондордун кыйласы ушул элден жан сактады.

Көп ичинде Мойдундун да жону бүтөлдү. Көөнү козуп... айыл активдигине корстонуп жүрө бербей күчүн, жөндөмүн сынап айкындоону самады. Жаштыктын досу — үмүт, канаты келечек мүдөөсү го.

Айбаш дарыянын өйүз-бүйүзүндөгү райондун эли менен бүт бышыгып, чарба тагдырларына чечкиндүү киришип, урматка бөлөндү.

Анын мартабасы жогорулап, кадыр-баркынын арткан-нын өспүрүм Мойдун куюн тийгизбес аска зоодой калка тутту. Байкесинин иштегенине үчүнчү жаз толгондо Мойдун чыгып, кабинетине жалгыз суранып кирди.

Өспүрүмдүн ниетинде не бар, өз оозунан угайын деген пейилде Айбаш креслого толо балкайып момпойду.

Мойдун анын ушунчалык чатырап толуп кеткенин эми гана даана баамдады. Айылдык кээ карыялардан анын семиргенине сыймыктанган сөздөрдү эшиткен:

— Эли, жеринин тузу, суусу жакты деген ошол. Илгери манап, байлардан бөлөк ким мантайчы эле. Биздин Айбашка сыймык конуптур. Кут кылсын!

Улуулардын таалимине кулдук уруп тарбияланган улан, чын эле маңгыл кашка башын кырдырып, кызыл кочкул тарткан толук жүзүн болтойтуп, алигисиндегиден алда канча «чоцоё» түшкөнсүгөн кара көзүн бадырайтып, жайма жай бажырайган Айбаштын берекелүү кебетесине көңүл тоё тилсиз арбала түшкөнүн өзү да байкабады.

— Ко-ош Мойдун, кандайдыр маселе менен келген сыягың бар. Оюңдагыны тартынбай сүйлөй бер,— тигинден көпкө дарек чыкпаган соң Айбаш жашыл ырандуу китилинин илгичин күржүйгөн мойнунан чыгарып, салмактуу козголуп, нары капталындагы үкөкчөдөгү телефонду болук колтугуна көтөрө тегерете бурады:

— Женил тамак жасап койчу. Ооба. Эки кишилик — деп, балтырына чыңалып тартылган голифе шым, күрөң өтүгүн зыпыйта терезе жакка көз чаптыра эңкейимиш эте, кайра келип ордуна жайланышты. Кичинекей эле кыймылга ынтыгып, бат-бат күшүлдөп, кысылып дем ала, а тургай чакап да жиберди.

— Бу да оңбогон согуштун залдарынан. Жүрөк тамырларыман ок чарпып, өпкөнүн четин көзөп кеткен. Кээде буулуга токтоп, ава жетпей калат. Толуп кетишим да ушунун кесепетинен. Мынчалык жалгыздап кирчү эмес элең. Колхоз жумушу боюнчабы, же жеке сырлашууга ниеттендиңби мага.

— Жеке сыр эле, Айбаш байке...

— Анда түш да чукулдады. Ава жута жай басып барып үйдөн маектешели. Жарайбы?

Айбаш жанагысынан жеңил козголуп, балкая эшикти аттаганда, «Сизге ушундай турпат жарашат. Карыялардын дегени туура. Сиз жүрөк начарыраак, семиздик ошонун кесепетинен деп бекер наалыйсыз», күпүрдү күпуя күбүрөп Мойдун имараттан чыкканча соңунан, көчөнү аралаганда шердене жанданды.

* * *

«Атайылап сырдашкандагы акы бетим кайтса экен» деп дегдеген Мойдун убадалашкан күнүндө толук апта өткөндө кайрылып кирди. Айбаш балкая обдулуп, өз колу менен дааналай шашпай жазган такта барак кагазды калдыратып уландын колуна табыштады.

Мойдун балалык өмүрүндө далай сүйүнгөндүр. Бирок эминеге, качан, кандайча? Көбү унутулду.

Андагы балкыганын дал азыр орус токоюндагы дем алуу жайынын жарык бөлмөсүндө жалгыз оторулуп эсине удургута, жүрөгү чалпоолоно туйлады дейсиң... Ал өзү азыр Айбаштын ошондогу курагына жетсе да, анын бет мандайында калдырак такта кол жазмага арбала толкунданган жеткинчек абалына тартылды.

Ошо бадырайган адам сунган такта кагаздагы жазуу он сегизге жаңы толгон Мойдунду большевиктердин Бүткүл союздук Коммунисттик партиясынын катарына өтүүгө сунуш эткен кепилдиги эле. «Кепилдин кепини күйөт» деген кыргыздын эски сөзү да бар. Анда айрым арсыз адамдар башына кыйынчылык түшкөндө жан талашып ыймандуу бирөөнүн кепилдиги менен кирептердиктен кутулуп, кийин аны талаага отургузуп кеткени мыскылданат.

Андай учурунда жакшылыгын көргөн кишини унутуп, а тургай оңолуп алганда кайра ага таш ыргыткан эселектер аздап болсо да кездешет го.

Айбаш Султановдун бул кепилдиги турмуштун татаал дүйнөсүнүн дарбазасын жаңыдан ачууга кол сунган жаш уланга ак жол каалап, бактылуу сапарга атказган дасыккан устаттын адамдык асыл колдоосу эле. Мойдун кагаз эмес, өмүр бою жүрөгүнө от тамызган кут кармагансып, дилгирленип окуду. Бакисинен бир сүйлөм чекесинен тер нымшытып, көз нуруна чын эле шамдай жанып кайра-кайра арбады. Ал «Колхоздун уюштуруучулук, чарбалык өнөктүгүнө активдүү катышкан сезимдүү комсомолец Мой-

дун Кулубековду туулганынан бери, ак ниет ата-бабасынан тартып билем». Райондун жетекчилеринин бири жетимчеге тартынбай, «туулганынан бери, ак ниет ата-бабасынан тартып билем» деп партияга өтүүгө сөздүн төрөсүн тандап кепил кагазын карматса, кантип гана жүрөк туйлабасын. Ошондо Мойдун бактылуулардын, күчтүүлөрдүн катарына кошулганына эргип бир ооз болсо да сөз таап, аганын боюн чымыратты.

— Айбаш байке, сиздин ишенимди тирүү жүрсөм актаармын!

Айбаш ага ишеними гана түгүл ыраазылыгы арта эткел колун сунуп, Мойдундун иче шадыларын көпкө жумшак эркелете кыса баржактады:

— Эресеге жеткениң ушул. Элге өрнөктүү коммунисттердин катарына кирүүгө эс-акылың, даярдыгың, ишиң менен талпынганың жагат мага. Мындан аркы жолуң узак, татаал болоор. Таалайды моюбай аракеттенсең табасың. Мен сага ишенем, бөбөгүм!

* * *

Мына, орус токоюндагы түн ичинде, жарык балбылдаган жылуу бөлмөдө бирде басып, бирде столго өбөктөй, бирде диванга оонай Мойдун мындан канча жыл мурдакы, азыр кош азапка кайышкан адамдын ага көрсөткөн жакшылыгын, анын ким экендигин жүрөгүнө сактаган, карегине чапталган өчкүз сүрөттөр аркылуу жаңыланта аңтарып эскерип отурат.

Айбаш Султанов Мойдун үчүн бос улан чагында мына ушундай алгач кепилдикке алып, колдогон пири болгон. Өзүң торолуп, колуң жетиштүү тарткандан кийинки алака, катыш кимдер менен жүрбөйт. Анын көбү турмуштун агымы менен, даражасына жараша улана берчү жөрөлгө го. Жаш, чабал кезиңде улуунун көрсөткөн көмөгү, жетектеген акылы пайдага чечилсе, ал адам улукман катары көкөйүндөн чыкпай ардакталар...

Мойдун бүгүнкү күнгө чейин баскан өмүр жол аралыгындагы өйдөлөгөнүнүн баарын балапан чагында багытын туура далдаган «туулганынан бери билем» деген кепилдиктин шарапатынан деп ойлойт. Кезегинде кимдерге ким жол ачпайт. Кимдерге ким колдоо көргөзбөйт.

Кеп, адамдын адамдыгына, адал жүрөктүн парзына байланыштуу эмеспи.

* * *

Чалышынан суналган, куйрук-жалы сыйда жээрде кашка бышты айдың көлдө кумарлана сүзгөн чүрөктөй жеңжеңил ыргала суйдаң көкүл-жалын серпилте койкоңдой шайбырын чыгара, сылап-сыйпап жемден өксү қылбай куштап баккан үстүндөгү ээси — жаш жигиттин кыялын экиленте мүдөөсүн түшүнгөндөй терметип баратты.

Мойдун атасынан калган зымпоочтолгон ак канкы ээрди бапестеп, жүгөн, куюшкан, көмлдүрүк, тердиктерин жаңылантып, атка ээлик эр азаматтын жышаанын күтүүдө. Ээр токуму жарды, атты жоорутуп, кыйкайтып минген элеттик «куу токум» берен аталат. Колхоздун бакандай активине илинип, уноонун сындуусунан берилгенде сарамжалдуу апасы жетине албай тили менен да, колу менен да тескеп, уулун жасалгалаган. Иштин катуу-жумшагына каныгып, жемеге да, мактоого да, жүйөөгө да бышыгып келаткан Мойдун өркөчтүү активдерден мамилени гана үйрөнбөстөн, атты жайдыр-кыштыр кулпунтуп минүүдөн да кемсокпоого ынтызар.

Анын жан-дилин үрөп, бардык жагынан омоктуу башкаруучулукка машыгып баратканын баамдаган айылдаштары, айрым райондук уполномочендер, аны боз улан эмес эле жетилип калган азамат катары:

— Эми колукту ал. Качанкыга дейре эле апаңдын убалынан коркпой казан карматасың,— деп тооруша башташты.

Андай сөздү кулагы чалганда апасы ого бетер мейманларына жалынып жалбарып иет:

— Айланып садаган кетейиндер, ошентсеңер. Ыймандуу келин киргизип берсеңер. Жалгызыма жан жолдош таап берсеңер. Кудай тилегиңерге жеткирсин!

Мойдун өзүн эч ким басынтпай, айтканын макул таап, улуулар тең ата табакташ урматташканына, жамандык, жакшылыкта кеңешке кошушканына маашырланып, «колукту ал, өзүңчө келим-кетим жаса» дегендин чындыгына азгырылууда. «Балан мектепте түкүнчө дегендин бой жеткен кызы онунчу бүтүп атыптыр. Ошону көр. Сүйлөш». Жакын, алыс дебей ага жан тартып доңшугандар көбөйдү. Жалындуу жаштыктын зээри Мойдундун оюн, боюн балкытып ниеттештердин шыкагы менен коңшу айылдагы бирин, экин кыздарды да барып көрдү. Менменсинген улан кандайдыр кыялында жараткан керемет колуктуну табуунун көксөп, сөз ээрчитпей бастыра берди...

Фронттон кайткан жоокерден белекке алган офицер

сумкасын ээринин кашына ороп, ичиндеги китеп, дептерге көзүн жүгүртүп, купуя күбүрөп коёт. Теребелдеги тегиз богок байлап жапжашылынан ыргалган эгин, кызгылтым гүлүн ачкан беде, чартылдап күү чалган саратан чегирткелеринин тынымсыз доошу, астындагы аргымагынын жай терметиши Мойдундун азыркы көтөрүңкү көңүлүнө бап куюлушууда.

Ал райондун борборундагы орто мектепке сырттан акыркы экзамен тапшырууга жол тартууда. Согуштун апаатынан окуудан өксүп калган чоң кишилердин толук орто билимге ээ болууну каалап өзүнчө даярдангандары үчүн экстерно тапшырууга райондун борборундагы мектепке руксат этилген. Сырттан тапшырып жаткандардын көбү улгайган кызматкерлер, анын арасында Айбаш Султановдун жолдоштору, жооптуу жетекчилерден да бар. Жакында эле мектептен, курстан сабакты мыкты өздөштүргөн Мойдун баарынан жашы, тыңы экени алдын ала даярдык сабактардан байкалды.

Мойдундун экзаменден көңүлү ток. Кыйындарынан өткөн, акыркысы оңоюраак. Кантсе да жакшы даярданып баратыр. Анын ой, тилеги такай окуп онунчуну ийгиликтүү бүтүп аткан, турпаты, чыйрактыгы — койчу, баскан-тургаңы, сүйлөгөнү, баары жаккан Батыш аттуу кызга жолугуу.. А дегенде ысмын сурап тоорулса, түгөнгүр азоо тайдай үркүп алыстай баскан... Алгачкы экзамендин консультациясына алар менен сырттан тапшыруучулар кошо чакырылды.

Мойдун ушу кыздын көзүнө бир көрүнүп байкоо үмүтүндө мугалимге катары менен үч татаал суроо бере кайрылып... кенен жооп угуп, далайынын сообуна калды. Анан сырттагыларды коюп, такай бүтүп аткандарга кошулуп, алгачкы экзаменди тапшырып көрүүгө руксат алды. Экзаменден эдиреңдеген балдар, кыздардан мурда озунуп билеттеги негиздери гана эмес, жардамчы суроолорго да катырып жооп берди. Экзамен комиссиясы да анын даярдыгы мыкты улан экенине ишенип, «бешке» татыган баасын угузганда мактай чалып, кийинкилерин дагы кааласа чогуу тапшырууга мүмкүн дешти.

Алиги кыз бекер жигит эмес экенсиң дегенсип, экинчи кайрылганында кичине байырлап, суроосуна кыска жооп кайтарып узады. Үчүнчү жолу жолукканда озунган уландын шагын сындырбай жайдары учурашты. Атын атап, берки үзүлүп түшө имерилген уландан кайдан, ким экенин сурады, кийинки бир экзаменден Батыштын тигиле атаандашканы баамдалды. Жоопко даярданып отурушканда

Мойдундун дагы озунуп колун көтөрө койгонун байкап, Батыш ага кабагын чытып, кара көзүн мөтүрөйтүп, ак жака күрөң көйнөгүнүн белин түзөп жеңил обдулду:

— Кандай эле шашып турасыз, дайым. Бүгүн менден кийин чыкчы.

— Болуптур, кечиресиң,— Мойдун көтөргөн колун катып лып отурду. «Ох-о, акыры намысыңа тийген экемин. Оңор селки эмессиң. Баарынан ушу кыялың жакты, мага».

Комиссиядагы мугалимдери такай окуган алдыңкы бүтүрүүчүсүнүн «бүгүн келип төр мениki дебей жөн отур» кыялды сырттык Кулубековду тыйып, өкүм чыкканын жактагандай алдыртан жылмайышты. Батыштын такалбай чыкылдап чече сүйлөгөнүнө Мойдун жыргап, бажырая кирпик ирмебей эшитти. Качан белетин коюп, жөнөй бererде ага «азаматсың», а мугалимдерге «мен даяр» белгисин берип, колун көкөлөттү. Аны сергек кыз көз кыйыгынан илди.

Ар экзаменинин ийгилигине түнөк үйүндөгү Айбаш агасы, Сагыйпа жеңеси, Садат карындашы кошо кубанышып... Мойдунду ого бетер шердентүүдө. Эмки сыноого даярданып алардын оозгу терезесине жөлөнгөн Мойдун китеп баракtоодо Кан атлас көйнөгүн шудурата, карасур жазы жүзүнө күлкү ойнотуп Сагыйпа жеңеси божурай кирди:

— Апаң да айттырыптыр. Колхоздун билермандарына өзүң убада берипсиң. Тандаган кызың барбы? Мага көргөзбөйсүңбү?

Ыгын келтирип айталбай жүргөн жигит жеңесинин шыкагына жым дей түштү:

— Ба-ар, жеңеке, айтайынбы?

— Айт. Айта кой. Менден жашырып кимге айтмак элең.

— Онунчуну бүтүп аткан экзамендеш Батыш деген кыз бар...

— Баты-ш! — Сагыйпа кош алаканын бири-бирине тап артылта, моймолжуган каректеринен от чагылта ажарланды:

— Жубарымбегиң түшкүр-р... Деги анын чоо жайын, ата-жотосун билесиңби?

Мойдун жеңесинин кооптонуусуна таңыркай «Мага чоо жайынын кереги эмне» дегенди ичинен күрмөй, жалжылдады:

— Батыштын өзүн билем. Бизге кыздын өзү керек да, жеңе, чынбы?

Дымактуу кайнисинин ишенимдүү чыкчырылганынан жеңеси жалтайлай жайдактады:

— Батыш дал ойдогудай кыз! Деги сөз таштап... имерип көрдүңбү?

— Анча-мынча...

— Анча-мынча деген эмнеси! Дурустап эле сүйлөшпөй сүңбү? Ошент! Антпесең кыялдуу кыз жанына жуутабы.

— А дегенде чыкчырылып тескери басты.

— Анан?

— Анан... Кичине үйүр алгансып... кайрылсам элпек жооп берет, өзү менин жагдайыман сурамжылап калат.

— Бүттү анда, жубарымбек! — Сагыйпа дандуу жүгөрүдөй бадырайган алтын каптаткан мандай тишин жаркырата жумуру күмүш билериктүү колун серпти.— Жигит деген өжөр, тажаал болуш керек. Жуда катуулап качыр. Жарайбы?!

Аны курчута бүлөгөн жеңесин кубаттай Мойдун да ыржайды:

— Жарайт... — Көз ирмемде бирдеңкелерди эсине түшүрүп, капысынан улутунуп ийди.

— Ой жубарымбек, көйнөгүңдү уй жесин. Неге улутунуп бүркөлө түштүң?

— Кеп бар жеңе. Кыз чындасам менден качпас. Жана сиз чочулагандай атасы чоң дейт. Жетимди тоотобу...

Эмелеки шагдан Сагыйпа да эринин тиштене закымга үндөбөй, карганын шоодур канатындай кулпунган чачынан жылмышкан бир байлам кызгылт жоолугун оңдомуш эте сустайды:

— Байкеңе айтып көрөйүнчү. Кызматташтыктан тышкары, чакырыша коймой жолдоштук ынтымагыбыз бар. Балдарынын улуусу, Батышты атасы өтө жакшы көрөт. А сен кыздын көңүлүн өзүңө тарта бер... Азыркы ата-эне балдарынын тагдырына каршы чыкпас. Кеп сенин Батышка жагышында, жубарымбек.

Мойдун жеңесинин негедир тартына түшкөнүн абайлады. Кантсе да, жүрөгү эңсеген Батышка жолукпаса, жарылып кетчүдөй буулуга чыдамсызданды.

Короого байлаган жээрде кашкасын кечке тыныктырып, райаткомдун атчысына табыштайт. Анан төрт күн даярданып акыркы экзаменге барат. Ошол аралыкта азыр алардан кыйын эч ким жоктой дердеңдешкен мектеп бүтүрүүчүлөрүнө далай аралашаар. Батышка көшөрүп кездешип, жүрөк сырын айкындамайын, же кагуу жеп, же кылыктанып сөз ээрчиткенин укмайын жаны жай табуучудай эмес. Окууну бүтүштүн, кызга баарлашуунун шааниси ошондойбу. Бу саам атайылап жасана кийинген.

Заңгыраган мектептин ичин, айланасын ээн-эркин тай-

манбай шаңдуу аралаган бүтүрүүчүлөр. Алар ырдаса ырдап, чуркаса чуркап, күлсө күлүп, кубалаша оюн-чыны аралаш кумар чөрпү таркатууда... Он жылдык уясынан учаар маалы чукулдаганда чар тарапка канат сермеп бөлүнүүнүн кусасын сезгендей ого бетер шайырлыктары, эркеликтери арткан. Башка класстар бүт тараган. Ал эми сырттан экзамен берүүчүлөр чоочуркашып, адеп сактап жай майпайышат. Балдарга кошо тапшырышып батына түшкөн Мойдун, айрымдарынын жерий караганын көрмөксөнгө салып, китебин көтөрө топторун бузбай жолуккандарынан сабак жагынан ана-мунаны сурамыш этип, Батышты жалгыздата албай убара. Бөтөнчө шелпейген узун бойлуу сары чийкил баланын кызганып жанынан чыкпай шыноорлогону өттү. Анан калса, кызың кургур Мойдундун жүрөгүн козута, жайдаңдап өтө көңүлдүү. Шундай жагдайда бөлө тартпаса, окус мындан ары жолугууга мүмкүнчүлүк да табылбай калышы ыктымал.

Кыз кыялы менен дегендей, Батыш тиги классташ курбусунун кызганганын да, Мойдундун бучкактап сабылганын да байкап, мөмө жүзүнө куюлушкан кетирекей мурдун эдирейте кылчайды:

— Мойдун, дагы биринчи чыгасыңбы?

«Оңор кыз эмессиң. Жанаша басып тигинин да шагын сындырбай, сөз таштап, менин да көңүлүмдү таба билгениңе баракелде»,— Мойдун аз жерден кыйкырып жибере жаздады:

— Сенден талашпайм. Ракым этсең чыга берем... Батыш мүмкүн болсо, сени менен тактай турган эки суроом бар?

Митаам бийкеч тиги узун сарыга да көзүн сүзүмүш эте, жылмайды.

— Экзамен боюнчабы?

— Албетте.

— Анда сен бара тур,— Батыш жандаган баланын кыйылыңкы жактырбаганын билмексенге салып, Мойдунга жанаша, узун далисти өрдөй басышты. Бурчтагы жазы терезеге жеткенде кыз тык токтоду. Анын «айтпайсыңбы эми, болбосо басып кетем» деген текеберин түшүнүп, Мойдун негедир аптыга өрөпкүй, көзүн уяң кыбындатты. Батыш сургулт тор жемпирин төрсөйтө түрткөн төшүн керип, терезенин кырына чыканагын койду.

Мойдун коюу кашын дүгдүйгөн чачына кошчудай чекесин түрмөктөтө өйдө серпип, жаңы сургулт гимнастеркасынын курун оңдомуш эте күрсүндү:

— Батыш, аттестат алгандан кийин оюң кандай?

— Оюмбу?! — кыз сөз кыйыткан уланга карек отуп жаап, жыбыраган кирпик учунан көшүлдү. — Институтка баруу, окууну улантуу... Андан башка кандай ой болот? А сеникичи?

Капысынан куйруктуу сары жылдыз учуп өткөнсүп Мойдундун көзү жарк дей түштү. Анткени ал оюнда жок жаңылыкты, жандоону укту кыз оозунан.

— Меникиби? Мынча болду жашырбай айтайынбы?

Кыз кызыга, ичке кууш моюнун ийип, суналта өрүлгөн чачын кармалай чыңк этти:

— Айт.

— Айтсам эмесе... Үйлөнүү, өз бетимче турмуш күтүү.

Батыш борсулдап, ийнинен солкулдай күлдү дейсин:

— «Үйлөнүү... Өз бетимче турмуш күтүү...» Ой, кызыгың түш. Сен эмне, боз бала... Орунбасар башкарма болсоң эле, жетишип калдым деп турасыңбы? Анда неге убараланып экзамен тапшырасың... Кызык... «үйлөнүү...» хи... хи... хи. Кимге, качан?

Чын эле көзүнөн жаш чыкканча кыз Мойдунду шылдыңдап күлдү.

Улан мынча болду, баарын ачыкка салууга чыгынды.

— Жакшы көргөн кызга, быйыл...

Тили айталбай турса да көзү жайнап, бүт ички сезимин төгүп, кучагына тартууга обдулган Мойдундун бул ажарынан Батыш жалтанып саал кетенчиктеди:

— А жакшы көргөн кызың кайда?

— Ушерде,— деди Мойдун жаңкыдан ого бетер жооруй.

Батыштын үлбүрөгөн акжуумал тоголок дидары албырып, бөйтөгөй эриндери калтырагансып, зорго шыбыштады:

— Сен ушундай сөздөрдү да уялбай айтасыңбы. Үмүттү жаш илимди улайт. Сендей көпкөн боз улан үйлөнгөнгө шашат. Сүйлөшпөйм саа экинчи! — Батыш терс бурулуп эшикке атылды.

Мойдун асман жер кабышкансып, ал кандайдыр ысык вулкан массасынын отуна капталып чимирилип, бырындап өрттөлүп бараткансып эс-мас талмоорсуду. О, бир оокумда көзү, башы чымырап... терезенин тактасына өбөктөп жа падан жалгыз турганын байкап... силкинип алды да, аргасыз ыржайды...

* * *

Бүтүрүүчүлөрдүн тою да өттү. Аттестаттар да колго тийди. Мойдун канчалык имерилсе дагы Батыш буйт коюп качып, көргүсү келбейт. Кусалык, ыза уландын жанын

жабырлатып... ага андан бөлөк кыз затының эч кимиси жакпоочудай саруулаганы ай. «Жетим, чамаңа карап ышкыр» деген ипичке шыбыш супурасын суутуп, тилегин катыргансыды. Бирок, кандайдыр сыйкыр күч уландын сезимин удургута бороон чапкын сапыргандай бүлүк салып... көкөйүн кесе тунжураткан ичке шоокумду кайдадыр бырыксыта айдап, коңур, жай доошту чойду: «үмүтсүз шайтан гана. Сен адамдын уулусуң. Көздөгөнгө көшөргөн азамат жетет. Ал мүдөөңдөн танбай коё тур. Акылдашып, талпынып көр. Алдыңдагы миң ашуунун бирөөнү гана аштың. Жетимдикке сабылба. Сен эл көргөн баатыр жоокердин уулусуң. Атаң Кулубек тукумум деп сага көп демөөр кылчу. Сени атадан калган туяк катары калайыгың каниет байлайт. Бу адилет заманда жетимдердин Айбаш Султанов сыяктуу жетилгендери көп. Сенин алардан эмнең кем. Бир кызга чандырганыңа шунчалык мөгдөйсүңбү. Көтөр башыңды, жолуң болгур! Келме кезек дейт. Сенин кезегиң да айланып тиер. Ал кыз менен дагы жолугаарсың, байкашаарсың. Жакшы эле байырлашып калды эле. Байкоосуздан чочутуп албадыңбы? Чочуганын унутат, кыябын таап дагы кездешээрсиң. Маселе ошо кыябын табышта. Шашылбай дагы толгонуп, байка, карагым». Мөгдөгөн жетимчени минтип ким сооротту? Атасынын арбагыбы? Акылман карылардын насаатыбы. Балким, өзүнүн жан дүйнөсүнүн колдоочусу абийири, чалгын ою чыгаар.

Мойдун далай эле чарчап-чаалыгып, ач калып, жамачылуу кийим кийип, а түгүл кагуу, токмок деле жеп... согуш маалында оор түйшүккө жаш кабыргасы кайышып кыйла мүшкүлдү башынан өткөргөнсүбөдү беле... Жо-ок... анын баары кеп эмес тура. Жеңиш күлүп келип, турмуш оңолгондо кыйынчылыктын баары бат эле унутулду. Мына мындай сезим, жүрөк каалаган ырооң адегенде күлө бага жакындап, анан мазактап жер сүздүрүп качып кетсе, азаптын оору ушу белем. Азап... Ашыклыктын айынан акылынан алжып делбе таптанган, өмүрүн кыйган мырзалардын, мажнундардын, сулуулардын далайын казалдардан, китептерден окуган. Көрсө, каалаганына жетпеген дал өзүндөй жаш, соо туруп сары ооруга чалдыгат бейм. Канчалык өзүн алаксытайын, бардаштуу жүрөйүн деген менен мурдагы жаркын мүнөзү жоголуп, табити эч нерсеге тартпай чүнчүп баратты.

Күндөрдүн биринде Айбаш атайын чакыртканынан барса, күндуз кызматтан бошобосун, кечке маал үйүндө күтөөрүн буюрду. Ансыз деле уйгу-туйгу сезимге басылган уланга кечтин кириши тозоктой созулду.

— Оюмбу?! — кыз сөз кыйыткан уланга карек отуп жаап, жыбыраган кирпик учунан көшүлдү. — Институтка баруу, окууну улантуу... Андан башка кандай ой болот? А сеникичи?

Капысынан куйруктуу сары жылдыз учуп өткөнсүп Мойдундун көзү жарк дей түштү. Анткени ал оюнда жок жаңылыкты, жандоону укту кыз оозунан.

— Меникиби? Мынча болду жашырбай айтайынбы?

Кыз кызыга, ичке кууш моюнун ийип, суналта өрүлгөн чачын кармалай чыңк этти:

— Айт.

— Айтсам эмесе... Үйлөнүү, өз бетимче турмуш күтүү.

Батыш борсулдап, ийнинен солкулдай күлдү дейсиң:

— «Үйлөнүү... Өз бетимче турмуш күтүү...» Ой, кызыгың түш. Сен эмне, боз бала... Орунбасар башкарма болсоң эле, жетишип калдым деп турасыңбы? Анда неге убараланып экзамен тапшырасың... Кызык... «үйлөнүү...» хи... хи... хи. Кимге, качан?

Чын эле көзүнөн жаш чыкканча кыз Мойдунду шылдыңдап күлдү.

Улан мынча болду, баарын ачыкка салууга чыгынды.

— Жакшы көргөн кызга, быйыл...

Тили айталбай турса да көзү жайнап, бүт ички сезимин төгүп, кучагына тартууга обдулган Мойдундун бул ажарынан Батыш жалтанып саал кетенчиктеди:

— А жакшы көргөн кызың кайда?

— Ушерде,— деди Мойдун жаңкыдан ого бетер жооруурай.

Батыштын үлбүрөгөн акжуумал тоголок дидары албырып, бөйтөгөй эриндери калтырагансып, зорго шыбыштады:

— Сен ушундай сөздөрдү да уялбай айтасыңбы. Үмүттү жаш илимди улайт. Сендей көпкөн боз улан үйлөнгөнгө шашат. Сүйлөшпөйм саа экинчи! — Батыш терс бурулуп эшикке атылды.

Мойдун асман жер кабышкансып, ал кандайдыр ысык вулкан массасынын отуна капталып чимирилип, бырындап өрттөлүп бараткансып эс-мас талмоорсуду. О, бир оокумда көзү, башы чымырап... терезенин тактасына өбөктөп жа падан жалгыз турганын байкап... силкинип алды да, аргасыз ыржайды...

* * *

Бүтүрүүчүлөрдүн тою да өттү. Аттестаттар да колго тийди. Мойдун канчалык имерилсе дагы Батыш буйт коюп качып, көргүсү келбейт. Кусалык, ыза уландын жанын

жабырлатып... ага андан бөлөк кыз затынын эч кимиси жакпоочудай саруулаганы ай. «Жетим, чамаңа карап ышкыр» деген ипичке шыбыш супурасын суутуп, тилегин катыргансыды. Бирок, кандайдыр сыйкыр күч уландын сезимин удургута бороон чапкын сапыргандай бүлүк салып... көкөйүн кесе тунжураткан ичке шоокумду кайдадыр быряксыта айдап, коңур, жай доошту чойду: «үмүтсүз шайтан гана. Сен адамдын уулусуң. Көздөгөнгө көшөргөн азамат жетет. Ал мүдөөндөн танбай коё тур. Акылдашып, талпынып көр. Алдыңдагы миң ашуунун бирөөнү гана аштың. Жетимдикке сабылба. Сен эл көргөн баатыр жоокердин уулусуң. Атаң Кулубек тукумум деп сага көп демөөр кылчу. Сени атадан калган туяк катары калайыгың каниет байлайт. Бу адилет заманда жетимдердин Айбаш Султанов сыяктуу жетилгендери көп. Сенин алардан эмнең кем. Бир кызга чандырганыңа шунчалык мөгдөйсүңбү. Көтөр башыңды, жолуң болгур! Келме кезек дейт. Сенин кезегиң да айланып тиер. Ал кыз менен дагы жолугаарсың, байкашаарсың. Жакшы эле байырлашып калды эле. Байкоосуздан чочутуп албадыңбы? Чочуганын унутат, кыябын таап дагы кездешээрсиң. Маселе ошо кыябын табышта. Шашылбай дагы толгонуп, байка, карагым». Мөгдөгөн жетимчени минтип ким сооротту? Атасынын арбагыбы? Акылман карылардын насаатыбы. Балким, өзүнүн жан дүйнөсүнүн колдоочусу абийири, чалгын ою чыгаар.

Мойдун далай эле чарчап-чаалыгып, ач калып, жамачылуу кийим кийип, а түгүл кагуу, токмок деле жеп... согуш маалында оор түйшүккө жаш кабыргасы кайышып кыйла мүшкүлдү башынан өткөргөнсүбөдү беле... Жо-ок... анын баары кеп эмес тура. Жеңиш күлүп келип, турмуш оңолгондо кыйынчылыктын баары бат эле унутулду. Мына мындай сезим, жүрөк каалаган ырооң адегенде күлө бага жакындап, анан мазактап жер сүздүрүп качып кетсе, азаптын оору ушу белем. Азап... Ашыклыктын айынан акылынан алжып делбе таптанган, өмүрүн кыйган мырзалардын, мажнундардын, сулуулардын далайын казалдардан, китептерден окуган. Көрсө, каалаганына жетпеген дал өзүндөй жаш, соо туруп сары ооруга чалдыгат бейм. Канчалык өзүн алаксытайын, бардаштуу жүрөйүн деген менен мурдагы жаркын мүнөзү жоголуп, табити эч нерсеге тартпай чүнчүп баратты.

Күндөрдүн биринде Айбаш атайын чакыртканынан барса, күндүз кызматтан бошобосун, кечке маал үйүндө күтөөрүн буюрду. Ансыз деле уйгу-туйгу сезимге басылган уланга кечтин кириши тозоктой созулду.

Үй-бүлөнүн көнүмүшү божуру менен эчтекеден шек шооратсыз жаймажай кечки чай ичилип, дасторкон жыйналды. Төбөдөгү чачпактуу кызгылтым абажурдан балбылдаган жарыкты пааналап «эркекче сүйлөшүүгө» экөөнү калтырып, жеңеси менен карындашы башка бөлмөгө житишти.

Мына эми баштайбыз зыяпатта Айбаш, шапая түшкөн жетимченин сабыры суз ыраңына баятан карап отурганым жетишет дегендей күрсүндү:

— Сен менден сыр жашырбай, чынынды айт, макулбу?

Мойдун өзүн зордоп ууртунан мылжыйды:

— Сизден жашырчу сыр барбы менде?

Айбаш эткел манжаларын жай тыбыратып, үнүн назиктете созду:

— А сен Каримовдун кызы, аты ким эле?.. — атайын эле тигини сынап сөзгө тартты.

Мойдун колхозго байланыштуу бирдеңке сурайт деп боолгологон. Кантсе да, көкөйдөгү жаратты туюп, ага дава издеген дарыкердей жумшак ийите айтылган чакырыкка ий дебей унчукту:

— Батыш.

Айбаш эми болук жүзүнө күлкү чайып оңдоно отурду:

— Оп бал-ли! Батышты жакшы көргөнүң чынбы? Сыр деген ушул. Жашырбагының баатыр. Сенин менден жакын кишиң жок.

«Куураган жетимди ушинтип ачык сөзгө үндөп боор тарта, акыл кошчу адам бар экен э», Мойдун кубанганынан эчкирип ие жаздап, зыкый тиштенип кайраттанды. Айбаштын ажарлуу жүзүнө тике багалбай башын эңилте:

— Чын, байке,— деди.

Айбаш болкоюп сабырдуу көзүн ойго чөмүлтө, алкактуу сүрөттөгү офицерге (өзүнө) тунжурай тигилип акыл сурагансыды. Анан дандайып жүзүн инисине бурду:

— Сыр ачылды. Жеңең небак шыбыштаган. Мен өз оозуңдан укмакчы элем. Уктук, эмесе үкөм, иш мындай. Батышты биз да дурус билебиз. Окууда да, үйүндө да тың. Бирок ал ала качып алчу кыздан эмес. Ан үстүнө ата-энесинин, өзүнүн оюна күйөө деген түшө элек. Менимче дагы анын турмушка чыгышы али эрте. Атасы Каримов бардык баласынан ошонусун жакшы көрөт. Келечегине, адамгерчилигине ишенет.

Эмнелердин башын чаргытып атканына Мойдундун жагалдана баштаган жүрөгү кайрадан зырпылдап саруулатты. Айбаш да негедир өтө табышмактуу, каардуу сөздөн козгогондо мандайындагы үрөйү учкан жигит түгүл, өзү

деле кыйналгансып диванды эңшере оңдонуп чалкалай жөлөнду:

— Үтүрөйгөнүңдүн себеби табылды. Батыш сен үчүн эки илтик жакшылык кылуучу периштеге айланчудай. Ошол периштени чын берилип жактырсаң... Мен дагы ары калчап, бери калчап ойлонуп көрдүм... Менин оболума көнөсүң.

Демин кыстыра өрөпкүгөн санаасын бөксөртө Мойдун жеңил илеп тартып, Айбаштын нурданган берекелүү дидарына тайманбай карады:

— Көнөм, оболуңузга байке.

— Бүттү анда. Фрунзеге институттардын бирине окуугa камынгын. Өндүрүштүк стажың деги бар. Фронтовиктин уулусуң. Аттестатыңдагы баалар мыкты. Өтөөрүнө, окуп кетээриңе шек санабайм. Албетте, жалгыз стипендия менен шаарда жан сактоо кыйын. Колхозуңдан, өзүбүздөн анча-мынчалап көмөк уюштурабыз. Студент акчасы көп болсо, азгырылып кетиши да ыктымал. Аз-аздап кийим бүтүн, курсак ач калбагыдай, анда-санда кино, театрга жарагандай каражаттан өксүтпөөгө аракеттенебиз. Шаарда, илим учугун улап төрт-беш жыл жүргөнүңөрчө Батыш экөөң бири-бириңди сынашып байкагыла. Ыкыбалыңар эртерээк табышса, үйлөнтүп да коёбуз. Кол кармашып окуй бересиңер...

Мойдун бул жай мезелдеткен керемет насааттын ар сөзүн жайлоонун абасын дембе дем мантыга искеп аткансып, акылына сиңире кубаттана тыңдады. Чөгөлөп, Айбаш байкесинин тизесин кучактап алкыш, ыраазылыгын билдирсеби. Бирок, анын зарылчылыгы не. Антүүнү Айбаш да жактырбады. Баягыда Батыш да ачуусу менен «эстүү жаш илим эңсейт. Сендей көпкөндөр үйлөнүүгө шашат»» дебеди беле. Көкүрөгүн дагы бир зил ачууркантып жипкиртсе да, (ал апасын жалгыз таштоо кесепети эле) аны буерде козгоп отуруунун кажетсиздигин ойлоп, кандай гана болбосун, айныгыс антын бекемдөө үчүн шадылуу манжаларын арбайтып сунду:

— Акылыңызга кулдугум бар. Окуюн, байке.

Айбаш жумшак мыжыга, жигиттин убада колун назик силкти:

— «Жакшынын шарапаты» деген ушу. Каримовдун кызы махабатка да, жогорку илим жайына да үндөп... сага, балким баарыбызга эки илтик жакшылык ыроологон периштедей колдоор. Эми жолуң ачылсын укем, камын!

— Батышты ата-энеси эртелеп документтерин тапшырып, даярдана берүүгө Фрунзеге жөнөтүшүптүр. Артынан

жетип, дурустап окуп, көзүнө көрүп. — Табыш билгизбей бая эле кирип, жанына шыпоорлогон Сагыйпа жеңеси акырын шыбырады.

«Қап, баягыда мага таарынып, шылдыңдап... анан шаарга сызыптыр. Мен дагы бармай болдумду эптеп угузайын дебедим беле». Мойдун купуя тызылдап, кайра чыйралды. «Жеңем айткандай соңунан жетип... көзүнө көрүнө алаар бекемин. Айбаш байкем ушу жаз удаасы менен эки сапар пайгамбардай колдоду. «Эми жолуң ачылсын, укем, камын! — деди. — Қамынайын».

«...Эмки кеп ошо «камын» дегенде. Узак сапарга, тобокелге камын. Аракетиң акталып... абийир күтсөң го дурус. А окус... азгырмалуу турмуштун көп аласалмасынын бирине чалдыксаң, же анда, же мында жок арабөктө калба. Жалгыз энеңе да убал. Өзүң бил». — Тымызын ич күпүрү улам окторулуп, өзүнө-өзү каршылык толкунун ургулай алластоодо.

* * *

Мойдун бу капысынан кайдагы бир алыскы окууга камынуусу өзү алдын ала туйгандай апасын дүрбөлөңгө чырмады.

— Атаңдан болсо арга жок, көптүн бири катары кан жутуп ажырагам... Эми сен минтип эр жеттиң... үйдү ээнсиретпей, жоо огуна учкан шейит атаңдын ордун басып... Сапаамды тынчытып... Күндө бүгүн эртең... үйгө келин киргизет деп, териме батпай сүйүнүп отурганымда... жападан жалгыз жалдыратып таштап кетем дегениң эмнең каралдым. Ушул окуу эле жетпейби. Қиши кейиптенип, мыктылар менен табакташ болуп, тың оокат кыла баштабадың беле...

Апасынын безилдегени, өзүнчө чындыгы Мойдунду майыштырып, канчалык зээнин кейитсе да, зор максат, ыйык убада алга үндөп... энесин өөп, жыттагылап, эмнени көздөп, эмнени көксөгөнүн баяндап түшүндүрүүгө өттү.

Жаш адам чындап дегдесе, кандай күч токтотмок. Күн өткөн сайын, эл арасына уулунун жөнөрү, камылгасы күчөгөнү маалымдалып... Чакыргандар, келип-кеткендер арбыган соң... эне, кургур а дегендеги жаалынан кайтып, эртең эле бак-таалайды үйүнө толтурчудай жадырап көшөөргөн жалгызынын бактысын тилөөгө аргасызданды. Үйдүн куту эр бүлө деп ишенип көнгөн байкуш эне кайтадан эшик алдындагы ойноктогон ат байланган мамынын ээнсиреринен, заматта омоктуу алпештеген ээр токум кайра-

ан таңылып, салыкка илинээрин ойлонуп, каңырыгы түөйт.

Арга канча, ичинен букулдап, кайра уулун кан төгүлгөн огушка эмес, бейпилдик жышаанынын окуусуна жөнөтүп атканга топук кыла, эне өзүн жемелей, сыртынан зордоп олсо да күлүп-жайнап узаты. Таалай өзү күлүп коюн-колукка кире кетчү сыйкыр кут эмес. Аны аракет, азап, сыоо, чыдамкайлык менен издеш керектигин Мойдун улам бакыт өткөн сайын даана туюп, бел байлабадыбы.

* * *

Батышты Фрунзенин жашыл бактуу дүпүрөгөн көчөсүөн кыздар кошогунда сейилдеп жүргөнүн сыртынан чалыктырып, Мойдун көзү, жүрөгү алып учса да, бу саам колугуудан айбыкты. «Келипсиң, жүрүпсүң. Болуптур. Балким, экзаменден кулаган кыздардан таанышып, ала ачаарсың», деп басып кетиши да ыктымал. «Жетим кекил» дегендей алигидеги колукту алуу жөнүндөгү олдоондугунан кагуу жегендиги көкөйүндө эмеспи.

«Көрүп койсом көңүл ток. Ашыкпайын. Качан кирүү экзаменденинен өтүп илине алсам гана...» Көз кычыктарына ысык толкун тепсе да тиштенип кылчайып басып кетти. Кантсе да борбор шаардын абасын бирге искешип, үмүтөш талпынышканына каниет байлады. Качан гана кабылоо сыноосунун акыркысын мыкты тапшырганда, Мойдун өзүн-өзү бүлөй бу чечимге такалды:

«Эми жүзүм жарык. Жерисең да, качсаң да жолугам. Сенин тымызын үндөөң менен жаныңа, таалайды бирге издөөгө талпынганымды жардайм. Жолумду сенден бөгөп, токтотчу эч ким жок. Шаар баарыбызга орток».

Кыялы оштонгон жигит тоо желиндей жортуп Батышты көздөгө атырылды. Анын дилгирленгени алгачкы кубанычын ли мамилеси катуу аземдүү кызга сүйүнчүлөөдө. Медицималык институттун экзамен тапшырган жайларын, жатаканаларын түгөл аңтарды. Чубуруп кирип чыккан, топтошуп огула калышкан кыз, уландарга көзүн сатып алайды. Эч кимден Батышын таппады. Жедеп аргасы түгөнгөндө жашардын сүйүктүү жайы — «Ала-Тоонун» алдындагы кең аянтка кайрылып жетти. Дүкүйгөн эмин дарагынын көк тиреңдеген чачыктарынын көлөкөсүндөгү иймекей скамейкага шылкыйыңкы шалдайды. Баягында Батышты кыздар менен үшерден кинодон чыгып баратканда көргөн. Балким, дагы өтүп жүрбөсүн...

Эки колтугунан кандайдыр күчтүү манжалар аткып,

өйдө силкип тургузду. Кандим чөнтөкчү тентектер элейип оозун ачкан эмени аңдып отурушуп капысынан кол салышканы ушубу. Кармагыла деп бакырып ие жаздап башын бурса, баягы Батышты кызганган классташы — узун сары бала. Чачын үрпөйтүп, көйнөгүнүн жеңин чыканагына дейре шымалана түрүнө сүлкүлдөп, сулуу көздөрүн ойнокотту:

— Э, Мойдун, не куладыңбы. Шалкың бош...

Тигинин көтөрүлгөнсүп кырдуусунган ниетин канаттандыруу максатында үшкүрүмүш этти:

— Ош-шондой, дос-с... А өзүңкү жайында го...

Берки шыңга боюн ыргап, дал ушундай бекеммин, көрктүүмүн, күчтүүмүн белгисин жаңдап, кулачын үстүндөгү көйкөлгөн алп эмин дарагын көргөзө жайды:

— Албетте. Көрүп турбайсыңбы. Азыр автостанциядан Батыш Каримованы үйүнө жөнөттүм... Ал биринчи кезектегилер менен баарын «бешке» тапшырды. Чакыруу барганда биротоло окууга келет. А мен... бүрсүгүнү жөнөйм... А сенчи?

Текеберленип мактанган уланга, өзгөчө Батышты энчилеп мен жеңдим дегенсип керсейгенине Мойдундун кыжыры кайнаса да, издеген кызынын кабарын укканга санаасы тынчтанды.

— Мен азыр жөнөйм.

— Демек, кайра келбейм дечи.

— Ооба.

— Колхозунда күпүлдөп иштей бересиң да.

— Ошентем.

— Кош эмесе! — Узун сары керилип туруп арбайган узун шадыларын сунду. Анан атаандашын көмөлөтө тепкен балапан короозчо жонун дүпүйтүп бет мандайындагы чайхананы көздөй арышын керди.

Анкоо баланын бул мүнөзүнө Мойдун келекелүү жылмайды:

— Өңгө, өңгө... Сага жулдурбасмын... Дагы далай күрсүйүмүш этип, жол торгоорсуң. Канчалык бараандуу калдайсаң да сага баш ийкеп айланып өтүп кетүү колдон келээр. Эгерим, атаандашым сен эле болсоң, көрө жатаарбыз. Азырынча сен кожоңдоп мактана тур.

* * *

Институтка үйүр алуу, лекцияларга кунт коюп, маңызын башына, кагазына илип калуу, профессорлор сунуш эткен тиешелүү илимий окуу китептерин иликтөө, табуу,

курсташ жана да жатаканалаш балдарга таанышуу билгизбей Мойдундун кыйла убактысын уурдап өткөрүп ийиптир. Ара чолодо жаштар сейилдөөчү көрктүү көчөлөрдү, аянттарды, кино, театрлардын алдын сагалап, кокусунан жолугуп калууга, а кээде «Батыш өзү издеп келсе ээ» — үмүткө алданган улан, акыры түнүлгөндө, дем алыш күнү эртелеп, мединститутун кыздар жатаканасына жетти. Комендант биринчи курска жаңы кирген Керимованын кайсы бөлмөдө жатаарын тизмеден карап айтса да, эдиреңдеген уланды жибербеди:

— Күтүп тур ушундай, балким чыгып калаар. Болбосо, көргөн кыздардан айттырып ием. Кыз издеген сен эле дейсиңби балакай, менменсинген жигиттер топурап үзүлбөйт. Баарысын киргизе берсек, не деген тартип болот. Жер дешим дейсиң. Бир жолуккан соң шарттуу жерди, күндү, саатты белгилеп ошояктан көрүшүп жүргөндү үйрөн. Мында көп келе берсең кызыңа да, өзүңө да сөз тийиши мүмкүн...

Улгайыңкы комендант аял беркиге ыктуу насаатын мезилдетти. Аркы-терки чубаган кыздардан көзү өтүп бозоргон уланга боор ооруду окшойт, акыры өзү барып келди:

— Балакай, жөнө! Керимоваң эртелеп кезмет алууга «Чернышевкага» кетиптир.

Мойдун «Чернышевкасы» эмне дегенсип делдейип оозун ачты. Тиги түшүнө койду. Эски көк халатынын кең жеңин далпактатып, көгүлтүр көзүн күлмүңдөтө бырыштуу колун серпти:

— А-а балакай, сенден кызың сезимдүү окшойт. Республикалык Чернышевский атындагы китепкана бар. Жөнө, ошондон табасың.

Мойдун борбордук китепканага күндө эртең деп үлгүрбөй жүрдү эле. Такай кирүүгө билет алды. Студенттер залына, айткандай улам чыккандарды, орун бошотконлорду күтүп, жедеп зарыкканда кирсе... жыйылган калың китеп-журналдарды үнсүз аңтарып, бирденкелерди дептерине чиймелеп... узун столдо, сары чач кыздын жанында Батыш бөйтөйүп отур.

Ушу тапта кыйма-чийме китеп көтөргөндөрдүн шаңынан аны тургай, атасы келсе да байкачудай эмес. Барысы илимге арбашып, эч кимине жолтоосун тийгизбей ар бири өзүнчө тилсиз көз аркылуу сезимге сиңире шыгырашып отургандарга суктанды. Ошолордун катарына мына азыртан тартып өзү да кошуларына эрдемсий, ортодогу өткөөлдөн жай жылып Батышка жанашты. Дабыш, тааныш караан үңүлгөндө Батыш китеп ариптерине жабышкан коюу кир-

пиктерин зорго көтөрүп, уйкудан ойгонгон бөбөктөй эринин булк эттирди:

— Азыр. — Элпек козголуп, ак жака күрөң көйнөгүнүн кыпча белин түзөтүмүш эте бөйпөңдөп жөнөдү. Качан короонун ичиндеги, суу берметтерин көкөлөтө серпкен чакан фонтандын жанына жеткенде, соңунан энтиге арыштаган уланга бурула токтоду:

— Сен кайдан?

Мойдун эптигип, кыздын али сунулбаган чыпыйган колун кармалады:

— Деги аман барсыңбы? Бир көрүнбөй зар какшаттың го?

— Бүгүн жай, шыбырашып, тийишпей сүйлөшөт.

Райондук мектепти бүтүп аткандагы чыкчырылган чечкүндүү Батыштын борбордук институтка киргени уяң тарта мөтүрөйгөнү Мойдунду кыйла апкаарытты.

— Макул. Мен барына көнөм... Жолугуп... айыл чарба институтуна өткөнүмдү билдирейин дедим эле.

Батыш тигил үмүттөнгөндөй кутуктап ачык сүйүнбөгөн менен ичинен жылуу дем кым өткөнүн билгизбей, тотуга түшкөн уланга абадан искегенсип илеп тарта коймолжуду:

— Дем алышта «Чернышевкада» даярдануу сонун. Сенин эмне, кино, театрдан чолоң тийбейт го.

Кыздын кыя салдырганын аңдап, уландын жан жүрөгү жайыла жибий түштү.

— Өткөн дем алыштарда сени издеп көчөлөрдү сактабадымбы. Мындан ары эртелеп ушерден («Чернышевка» дегенди айтуудан көнбөгөн оозу кооптонду) эки орун алууга шашылбасам элеби...

Батыш секин гана кашын сүзө жылмайып назданды. Ошондон тартып экөөнүн жекшемби күндөрүндө жолугушчу жайы «Чернышевка» китепканасы.

Тилдер сайрашпаган, кучактар айкашпаган менен эки жаш кимиси мурдараак кирсе орун ээлешип... жанаша отурушуп дем, илеп аркылуу бири-биринен кубаттанып, жакындашуунун, сынашуунун моокуна канышууда. Окус кимдир бирөө кечиксе, ордуна китептер коюп, омсоңдошо, эшик тиктешип ойдогудай даярдана алышпай убара-чиркөө да тартышат.

Эки жаш тилсиз махабат күчүнүн сээри менен атаандаша, окуудан эриш-аркак ийгиликтерге жетишип... Эки жылды ачык сырдашпай өткөрүштү...

Батыштын өзүнөн бөлөк жакындарынын эч кимиси, айрыкча эне-атасы жаштыктын жаркын сезимине бериле баштаганын туюша элек.

Мойдундун ага, жеңе аталган ниеттештери экөөнүн дем алышты такай чогуу өткөрөөрүн угушуп, азырынча андан артык ынактыктын артыкбаштыгын териштирип, өзүлөрүнчө ток пейил.

Үчүнчү кышкы эс алууга барганда Айбаш, Сагыйпа экөө Мойдунду дасторкон жакасында ачык кеңешке чакырышты. Алардын иш жайы да өзгөргөн. Колхоздор бириктешип ири чарбага айланганда кыйла жооптуу кызматкерлердин катарында Айбаш Султанов да башкармалыкка шайланган. Батыштын атасы да башка районго которулган.

— Керимовдун кызы менен так убадалашып качан үйлөнөрүндү жайында чечип келгендей бол. — Айбаш көнүмүшүндөй токтоо буюрду. Ал эми жеңеси:

— Эне, атасына ушу баштан айтсын кызы. Алар такыр дарексиз. Кызыбыздын оюна окуудан бөлөк эчтеке түшө элек. Ушу боюнча жакшы бүтүп алса, күйөө деген толуп атпайбы. Жери, тарбиясы, келечеги дурус жигит буюрса эле болду,— деген энесинин оюн, кызын мактап отуруп далай уккам. Жубарымбек шашыл. Дагы бир чиренген азамат жула качпасын. Байкең экөөбүз Батышты келиндикке алсак дегенде ушунчалык үмүткөрлөнөбүз, окус бирөөгө тарттырсаң, баарыбыз бозала чаң жутабыз. Кеп сенде. Кызын макулдатып, өзүнө тартып бүтсөң, эне-атасы чычалап кайда барат,— деп Мойдундун жайбаракаттыгын жактырбай, анын жигиттик намысына тие, өзүлөрүнүн дагы үмүт, абийрин эскерте дурустап чыйралта тилин безеди.

Мойдун бул сапар агасы менен жеңесинен даана тапшырма жүктөнүп кайтты. Окуудагы зээндүүлүгү, коммунисттигин, коомдук ишке катышкандыгын, жетимдигин, жүрүм-турумунун адептүүлүгүн, койчу бардык жагын таразалап ишенсе керек, институттун илимий кеңеши Мойдун Кулубековго Лениндик стипендияны ыйгарышты. Муну укканда энесинен сүйүнүп дирилдеген кат келди... «Жетимдин колдоочусу өкмөткө миң ыраазымын. Каралдым, менден кам санаба. Белди бекем буунуп, оокатым тың. Колум жетиштүү тартты дейсиң; эки-үч айыңкын чогултуп, үстүңдү жаңырт, кардыңды токтоп жүр. Мындан да жакшы окусаң, мен ого бетер демдүү болом. Даражаң жогорулап, өкмөт көтөрмөлөгөнгө туугандарың жапырт сүйүнүп жатышат...»

Батышты «Чернышевканын» эшигинен күтүп өзү сүйүнчүлөдү. Ал «каракүл» жака пальточон, тыбыт жоолукчан, өтүкчөн торсоюп, ансыз да кыштын ызгаарынан ажарланган тоголок жүзүнө бажыракай көзүнөн күлкү жайната, беш салаа (өзү түйүп алган болуу керек) мээлейинен ысык алаканын сууруп, биринчи мертебе:

— Сен үчүн, сенин ийгилигиң үчүн курсантмын! Куттуктайм! — деп, кара пальто, өндөш тумакчан Мойдунга ийнин тийгизе эркелеп, кубанчын айкындады. Айбаш, Сагыйпа телефонго чакырып, үйүнөн шаңдуу куттукташты.

Айткандай өкмөттүн колдоосу, жакындарынын сүйүнүчү, институттагылардын ишеними, жылуу мамилеси жетимдин ого бетер күчүнө күч кошо, илимди терең өздөштүрүүгө шерденттти. Азга топук кылып, үнөмдөп өпчап оокатка көнгөн студент кызматтагыдай жогорулатылган стипендия алганда, колу кеңейгенсип заманасын алкай, бактысына балкыды.

Институттан шаардык, республикалык жаштардын, коомчулуктун жыйындарына өкүлчүлүккө жиберилип Мойдундун кыйла маселелерге көз карашы кеңее баштады. Профессорлордун багыты, жактоосу менен студентердин илимий коомунда доклад жасап да жагымдуу баага жетишти.

Айына бир-эки мертебе кино, театрларга Батышты чакырып, маданий эс алууга да мүмкүндүк, кынык тапты.

Адам, айрыкча жаш куракгагылар улам сезими терең деп, түшүнүгү арта баштаган соң, жалпы адамдык сапатты калыптоочу, байытуучу кошумча шарттарды туура, ылгап пайдалануугa убакыт таап көнүгө берет эмеспи. Анын сыңары эки жаш а дегендеги эки жыл бою институт, китепканадан чыкпаган, илимдин уузун оозанган мезгилдерине ыраазылыгын ыроолоп, эми аз-аздап өмүрдү, көңүлдү көрктөндүрүүчү маданий чөйрөлөргө аралашууда.

Жадыраган жаз жерди, табиятты чатыратып жашыл ыраңга, гүлзарга бөлөсө, ашынган жаштарыбыз үчүнчү курсту аяктап баратыр.

Жагалданган улан башынан ушул жакшылыкка сүрөгөн махабат парзынын ачыкка чыгуучу маалы да келгенин, Айбаштарга берген убадасынын добушу моюнуна тагылган жылаажындай шыңгыр этип тээ дилин козутуп эскерткенин жүзөгө ашырууга камынды.

Майдын аяк чени. Шаардын көчө жөөктөрү жашыл бариктерин жайкалтып бак-шактын, булуң-бурч аянттары, кызыл-тазыл назик жалбыракчаларынан жыпар чачып, ажайып аңкыткан гүлзардын кооздугуна кулпурган учур. Сабакка даярданган жаштар да, аба жутуп карт көңүлдү жубантууга небересин жетелеген пенсионерлер да калаанын ушундай көрктүү жайларын пааналап... Күндүзү денени чымыратып, кечкисин көйкөлткөн асман илебине кумарлары канышпайт.

Мойдун китепканадан Батышты узатып баратып, атайы-

лап маданий багын аралата жол баштады. Кечки керимселге гүлкайырлар экилене буруксуп, шоодураган алп даректардын серүүн лепилдеп, түптөрүндөгү скамейкаларда кыналышкан жаштар, кээси жүрөк сырларын тартышса, кээси тизелеринде жайылган китеп, дептерлерине үңүлө окуп, талкуулашууда, канчасы жөн эле башын сергите сейилдеп колтукташып жүрүшөт. Сабактар токтоп, сыноо, экзамендерге камынуу маалы. Эми оюндагыны чыгаруунун кыябы келгенин туюп, Мойдун бийик бактардын жалбырак арасынан жылт жанган шамдарды карамыш этип колдурады:

— Китепкананын ичи өтө ысып кетчү болду. Эртең биз деле буларчылап серүүн бак ичинде отуруп даярданалычы.

Батыш таң калыңкы мүнөз ойното, саамай чачын үлпүлдөтүп, жумуру моюнун бура ага тикирейди:

— Оюнуңбу, чыныңбы?

— Чыным. Буерге эмес. Башка, тынч бакка...

— Маселен?

— Карабакка.

Батыш электр жарыгына көзүн чагылта жылтылдатып топчудай саат байланган сол билегин көгүлтүр жибек көйнөгүнүн жеңинен кылтайта, сөөмөйүн кеседи:

— Карабакка?.. Көрө элекмин. Өтө чытырман, түнт дейт. Коркам...

Кыздын назданганы жигитке жакты:

— Үчүнчү курсту бүткөнчө айтылуу карабакты көрбөсөк шаардык интеллигент болгонубуз кайсы. Бизден кийинкилер келген эле жылы аралай-чаап, шарактап ойноп-күлүп сейилдеп жүрүшөт. Жанында мен да жүрсөм... эмнеден коркосуң.

Тигинин сөзүнүн кыябын байкап «барсамбы, барбасамбы» кыялды кыз кытыйып жоопсуз термелгенде, жигит дүгдүйгөн чачын салаалап, өжөрдөндү:

— Институт, жатакана, китепканадан карыш жылбаган коркок, уялчаак балалык кезден өтпөдүкпү... Быйыл андасанда театр, кинолорду үйрөндүк. Зыян таптыңбы, айтчы?

Кыз мөтүрөйгөн көзүн жума, Мойдунду дайым кызыктырган узун кирпиктерин жыбырата моймолжуп, башын чайкады.

— Парк деген деле ошондой эс алчу жай. Өзүбүзчө шар басчу убакыт жетти го. Эгер барбасаң таары-ы-нам, Батыш-ш... Чын эле... Акыры жигит улутунуп да ийди.

Батыш элпек имерилип, муңайган жигиттин каруусунан жеңил апчый, күлкү аралаш борсулдады:

— Таарынып... улутунуп деги кызыксың... Болуптурчу деги...

Эртеси чоң шашке ченде калаанын четиндеги карабакты өрдөштү Карабак. Атына жараша дүңгүрөп серүүндүгү жаштарга, бейиш жайын элестетти. Кучак жеткис эмин, кара жыгач, байтеректер көк мелжип, күн илебин жыш жайкалган көк чачыктары менен тосо, жийде, ит мурун, бөрү карагат, бүлдүркөн бадалдар али токойдун балдары сыяктуу коюн-колтуктарында жапыс бойтоюп гүл ачып, жыпарын себүүдө. Тушардан буралган шибердүү катыш чөп, кээ жерлерде жапырылып адамдар отурган жайды баяндайт. Арийне, бул күнөстүү өлкөнүн туландуу токой ичи да кургак келет. Каалаган адам кучагын жайып, дарак түбүнө жер мамыгын жазданып уктаса да эч ным өтпөйт.

Беркилер чукулдаганда шимүүр гүлүнөн апакай кош көпөлөк эбелектеп кууша кайкышты. Кумарлана жумшак жиреп, тыпыйган сургулт туфлийин щеткалатып ойноктогон Батыш, жигитин жеңден тарта токтотуп көпөлөктөргө татынакай кирпиктерин көтөрдү. «Кап, бекер чочуттук ээ. Жаныбарлар силер да жубуңар менен гүлгө чогуу конуп, чогуу калкып сайрандайт экенсиңер ээ. Сыягы бир-бириңерди жактырган досторсуңар го...»

Кетирекей мурунга, бөрсөйгөн эрин жарашып... нурлуу тоголок жүзгө, тегерек капкара көз, суналган кундуз кирпик куюлушуп, али из түшө элек дөңүрөк тарткан жазы маңдайды кашкайтып Шоодурай тыкыс сыланып желкесине түрмөктөлгөн чачы, тыкан денесине кыналган гүлдүү крепдешин көйнөкчөн, чыпыйган мүрүсүнө сенселип, койчу эч жанга окшошпогон, сүрөттөгүдөй көздү уялткан сулуу болбогон менен ыманы ысык татына заттын келбетин Мойдун биринчи көргөнсүп сугулуп... кумарланып... Кучагына кысып бетинен, эрининен аймалады.

Ашык жигит кандайдыр көптөн күткөн мөрөйү үстөм болгондой, жагалданды. Курбуларча кужурашып, чогуу отура, ынак мамилесин туйдурган менен минтип эркелүшүүгө жанына жуутпаган өктөм кыздын ар кандай жазасына кайыл Мойдун алда нелерди күттү. Кинодогу экилүү селкилердей бетине түкүрүп, чуу дедире алакан шилтеп, же эчкирип ыйлап качабы, баарына чыдоого чымырканды. Качанкыга дейре унчукпас дөлү ашык болмок. Оюнда бул жолу сөз менен түшүндүрмөк. Мындай эрин, кучак жалынынын капилеттен тутанышына өзү да ээлик боло албай албырбадыбы. Кызык... Батыш быйтыйган колдору менен жүзүн жаап, ысык чекесин анын төшүнө жөлөп билинер-билинбес дирилдегенсип толкууда. Жигиттин көзүнө жанда-

рындагы шиберден калкый бири-бирине сүйөнүшкөн назик гүлдөр чагылды. Батышта ый да, тил да, алакан да, качып жөнөмөй да жок. «Укмушуң кур, ушунчалык назик, жаракөр жан белең. Мен сени чалпоо, өктөм деп чочуп жүрбөдүм беле...» Жаштыктын сээрине эс-мас Мойдун жүзүн алаканы менен жаап, маңдайын жөлөй бойтойгон Батышына, чекесин тийгизе жүрөк тамырларын балкытып ысыткан жаракөрүнө эңилип, чачынан сылагылай, божурады:

— Жаро-кер-рим! Акылдан сезим күчтүүлүгүн айкындады. Сезим... Түшүнсөң... Ашыктык сезими... Өзүмө өзүм ээ боло албай... Эгер оройлук кетирсем жазала...

О, далайда Батыш отко какталгандай нурланып ажарланган дидарын далдоологон алаканынан бошото, дүрбөлөң менен кубанычка чалкыган каректерин уяң бакырайта мурда эч угуп көрбөгөн жумшак доошун дирилдетти:

— Эч уялбайт экенсиң ээ...

Ыргыштап таарынуунун, айып тагуунун ордуна эркелей наз көргөзгөн кыздын адамкерчилигине, берилгендигине чалкый Мойдун эдирендеди:

— Эмнеден? Сени жакшы көргөндүгүм үчүн уяламбы? Сүйгөндүгүм үчүн уяламбы? Уялып жүрүп канча убакыт өттү.

Келеаткандардын чөптү шилеген шуудуру, анан карааны чалдыкканда эки жаш кол кармаша нарылашты. Мойдун портфелине жука одеял сала чыккан. Аны жыты буруксуган жийде дарагынын түбүнө жайышып... анда-санда жымыя көз учкундарын ойнотуша, ар ким өз китеп, дептерлерин баракгамыш этишти. Мойдун ушундай жанаша отуруп ынактыкты айкындоону канчадан бери көксөгөнүн, сүйүү шертин ачык оозанып, өмүрлүк баш кошууга сунушун баяндады. Батыш тескери бурулуп, китебин баракгай, тилсиз термелди. Мүнөзү шар, чыйрак эмес беле? Бул неси? Унчукпаганы не? Күттү, күттү, жигиттин сабыры жетпеди. Батыштын койкойгон татына мойнунан колун арылта, төрсөйгөн төшүнөн сылай, бооруна тартты:

— Жалгыз өтүнүчүм... Сен жайкы каникулга барганда ата-энеңе билгиз. Быйыл болбосо да эмдиги жылдан баш кошууга тийишпиз. Макулбу?!

Батыш жигиттин колун силке, чарт имерилди. Эмелеки махабаттын ажарына балкыган тегерек көз чакырая, Мойдунду жалтанта тирмийди. Мына, кызың түшкүр, үч жыл мурда мектептен жекиргендиги чалпоолугуна окшошо түштү:

— Эми менин Мойдун деген жигитим бар деп эне-атама сүйүнчүлөөрүм эле калган тура. Тапкан экенсиң, же-

цил-желпи кызды. Быйыл да, эмдиги жылы да эмес, окуу-ну бүтмөйүн оюндан чыгар. Экинчи бүгүнкүдөй ээлебейсиң... Мени оболуна көнүп ээрчип жүрө берет дебегиниң...

Мойдун алда немеге таңыркагансып элейди. «Мына ушуну укмакмын, кычышкан кулагымдын кыбаасы канды. Бүгүнкү жеңишим жетишерлик... Батышымдын назиктигин, жаракөрлүгүн билдим. Ошо бойунча тынч коюп, акырындап жоошутуп дагы башка күндөрдө айтпай. Бекеринен жинине тийип, чалпоолугун карматып алдым ээ. Айып өзүмдө. «Ашыккан калат уятка» деген төгүнсүз сөз тура. Ачууланганда деле аша кеттиби? Жок. Ыймандуу тарбиялаган энеатасына «эрге тием» деп, чыгыштын абийирдүү кызы кантип айтсын. Бу жаатынан олдоксондук кетирдим. Үйлөнүүнү «окууну бүтмөйүн оюндан чыгар» деди. Демек, ниетинде мени жактыргандын, убакытты гана созуу зарылдыгын туйдурбадыбы. Мунусу жүйөлүү. Аспирантура, илимдин учугун улоо тууралуу тилегин да уккам. Аны көрө жатарбыз. Окууну бүтүүгө ашып кетсе эки жыл калды! Маселе Айбаш менен Сагыйпа жеңеге берген убадамдан чыгып отурбайбы. Аларга жакында жолугам. Эмне дейм... Сүйлөштүм. Антташтым. Баш кошууга макул. Бирок, кийин... Ал эми... эне, атасына кыз өзү айталбайт экен. Ошондуктан... ошондуктан... Мойдундун оюна ыктуу сунуш кылтыйды. Таарынса да, таштап кетпей, капысынан кабагын түйө түнөргөн жигитти «шүнтүп эсиңе кел» кыялда кирпик алдынан кылтыя сынай караган кызга, жигит манжаларын аткыта салмактуу термеди:

— А балким... баса... Айбаш байкем менен Сагыйпа жеңемди тааныйсың ээ.

Кыз кирпиктерин суналта, башын секин ийкеди:

— Тааныйм. Эмне экен?

— Сенин ата-энелериңе дос адамдар.

— Анчейин... кызматаш, тааныштар.

— Мейли, ошондой эле болсун. Алар жолугуп сүйлөшө алышабы?

— Өзүлөрү билет да.

— Анда сөздү ошолор козгошсун.

— Кайсы сөздү?

— Экөөбүздүн тагдырыбыз жөнүндөгү сөздү.

— Койсоңчу. Токтот дебедимби.

— Токтотпойм. Сен кичине сабыр этип угуп турчу. — Мойдун көзүндөгү чаары өчө баштаган Батышка колун боорупа басып ийиле кулдук урду. — Сен ойлонуп туруп, бүгүн эмес, качан ары калчап, бери калчап бир жыйынтыкка келгениңде жооп бер. Макулбу?

Батыш «айткын» белгисинде калыңча эриндерин соруп мисирейди.

Мойдун апчылаган манжаларын шарт жулка оңду-солго силкти:

— Анда эмесе мындай; «шибегени капка ката албайсың» дегендей... экөөбүздүн жакшы көрүшкөн мамилебизди жакындарыбыздан жашырганыбыз жеткен кокуйлукка жатат. Сен чыдап угуп бер. Акыры кыздын күйөөгө тиерин, уулдун колукту аларын алардын кимиси билбейт. Окус тымызын качып кетсең, ошондо бейпайга саласың өне, атаңды. Ошондуктан менин байкем менен жеңем эбин таап, силердикине барыппы, же шаардан жыйын-пыйындан жолугуппу, экөөбүздүн жактырышканыбызды айтышса, анан сенин ата-энеңден сөз чыгат. Же, такыр сени күйөөгө бербейбиз дешет. Же күйөө болчу баланы, мына мени сынап көрүшөт. Жактырышат, же чанышат. Чын айтамбы?

Жаңкы чычалактыгынан жумшарыңкы коймолжуй тарткан Батыш:

— Экзамендер бүтүп, каникулга барганча ойлонуп көрөйүн,— деди.

Одеялды өзүнө чактап, калындай бүктөй, эңкейип отуруп, сабагына чындап киришкен Батышты санаасы бөксөргөн Мойдун ийнинен сылай ыраазылыгын билдирди да, өзү обочороок күндүн нурлары элес-булас жымыңдаган бак түбүндөгү ыраңга кырдана сулады. Анын алдындагы сыноодон көңүлү жай. Ошондуктанбы, же бүгүнкү жолугуунун шарапатынанбы, жигиттин жүрөк делебеси алып уча ,чөнтөк дептеринин таза барагына, ошо делебенин учкундарын чүргөөгө далалаттанды. Төрт сөздүн башын кошуп, уйкаштыра албаган жаш болобу. Анын сыңары Мойдун, көкүрөгүндө күбүрөп, кайта-кайта чийип, сыза берип буларды курады:

Фрунзенин кара бак,
Кадыркеч менен аралап.
Баш кошсок деген тилекке,
Жетсек болду саламат.

Бак ичи жашаң буралып,
Басып жүрдүк кубанып.
Жыргап өмүр сүрөөрбүз,
Баш кошсок бакыт уланып.

Күлкүсүн берип жаштарга,
Күн калкып тийбейт, асмаида.
Керемет жай турбайбы,
Көңүл сырын ачканга.

Канча убакыт уурдалды, мүмкүн эт бышымча өткөндүр. Эптеп үч түрмөк ырды бак, махаббат туйгусу, келечек максаты айкындалган жорго сөздү ыйгаштырганына корстон, улам кайрып купуя окуп, жаңы бетке көчүрдү... Сабагына абдан берилип даярданган Батыштын көңүлүн алаксытпай кыйлага алектенди.

Күн бешимге таянып билинбей жылып баратыр. Кампая түштөнүшпөсө да бирдеме шамшуң этип алуулары керек. Анын сарамжалдуу ууру чөнтөгүндө сакталган пулу да бар. Мындай бурулушка чыгаар замат, комсомол көлүнө урунушат. Анан, быкырап сууга сүзчүлөр, күнгө какталчулар, кайыкка сейилдөөчүлөр... Жанында суусун, манту, самса, шишкебек даярдоочу ашкана бар. Ошого киришет. Анан кааласа, кайрылып келмей, болбосо шаарга, жатаканаларга, балким кино, театрлардын бирөөнө бармай... Ал ойго тутканталып камынганча Батыш китеп, кагаздарын редикулуна жайлап, одеялды тигинин портфелине салып, кетүүгө даяр чыпыйды.

Жанаша басып узай бергенде Мойдун чөнтөк дептерин кызга узатты:

— Окуп көрчү, бирдемелерди чиймеледим.

Батыш Мойдундун дайым сүймөнчүлүгүн арттырган татына кирпиктерин жыбырата жазуусун бат-бат көзү менен аймады:

— О, акындык өнөрүң да бар беле. Билбепмин.

— Жөн эле. Көңүл эрмеги. Кааласаң мындайды сен да жазасың.

— Менби... Болуптур анда. Шашпай жооп жазып берейин. — Батыш дептердин таза көчүрүлгөн барагын этиет тырс айрып, редикулуна сойлотту. — Канчалык мактасаң да, экинчи кара бакка келбейм. «Ай ушу кыз затынын мүнөз кубулткандары ай». Мойдун тамагына бирдеңке такала калгансып, чакап оңолду:

— Эмне, кара бак жакпай калдыбы?

Кыз андан эстүүсүнүп, калбат унчукту:

— Кеп анда эмес, бактын көркү, серүүндүгү керемет экен. Бирок, сен жакшы жагдайдан артыкча пайдаланып... Капарсыз көңүлдү эртелеп дүрбөтүп таштадың...

Мойдун жарпы жазыла каткырды:

— Анда мен эрдепмин. Ха-ха! Сенин көңүлүндү дүрбөтсөм, максатыма жеткеним. Дүрбөгөн көңүлдү зордоп басалбайсың. Ошондуктан...

Шоктонуп ойноктогон күлкүчү уланга Батыш таңыркай аңкоолонду.

— Эмне-е?..

— Мага жакын жүр. Айтканыма көн.

— Ох митаам десе,— кыз сааттуу билегин көтөрө, сөөмөйүн кезеди,— не выйдет.

Эки жаш күлкү аралаш жүрөк черлерин алгачкы мертебе ачыкка чыгара, темгилсиз көгүлтүр асмандан көшүлгөн күн илеби шоолалана чайыган серүүн бактын ичинен шаттуу суурулушту.

* * *

Кара бутасы жок кайсалгандар азбы. Эгер Айбаш болбогондо өз алдынча тың жетимче айылдан чыкпай активдин бири катары көр оокаттын камында термелеп жүрбөйт беле. Эгер Айбаш болбогондо ал үчүн илимдин ажайып дүйнөсү, болочоктун кең кучагына кумарланган дилгирлиги кулпуланган сандыктын капкагындай жабык боюнча калбайт беле.

Мойдун аң-сезими жетилген курагына кадам койгондон тартып өмүрүнүн бардык урунттуу бурулушунда кепил, опол тоодой жөлөк, акылман өнөк, пири, колдоочусу Айбаш Султановго дуушарланткан тагдырга курсант.

Азыр да жайкы дем алууга барган студентти Айбаш, аялы экөө зор милдетти аткарып, сапардан бактылуу кайткан жатындаш инидей жадырап, жайнап тосушту.

Керсары тарткан ыраңына энеси, жана айыл билермандары чоочуркагандай:

— Окуйм деп жатып, тамак ичпей бала бир ичегиге айланып, кулагынан күн көрүнө арыктаптыр. Кымыз, эттен өксүтпөй тамакты күчтүүлөп... Ат мингизип, таза аба жайлоого чыгарып ирдентпесек жарабайт,— дешип тамшанышпадыбы.

— Үкөм, өңүнөн азганың, саргарып отуруп илимди өздөштүргөнүң, уйкуну ченеп күн-түн тынбай мээңди иштеткениң. Шүнтүп жан азыгын жаш кезде тереңден үңүлө издеп, башка, сезимге жугузуп жыйнаган дурус. Жайлата чаалыкканыңды жазып кайтасың. Каникул, отпуска дегендер адамдын саламатчылыгын, ишкерлигин сактоо үчүн чыгарылган пайдалуу убакыт. Көздү жуумп кеткениңе жараша, ийгиликтүү окуганыңа кубанабыз... — Айбаш кадик интеллигенттик, акылман сөздөрү менен Мойдунду жубантты.

Күйөөсүнө атаандашкансып Сагыйпа жеңеси да балкайып толуптур. Анын жеңил кыймылына, жалпы эле мүчөсүнө, агыш, болук жүзүнө алтын иймек сөйкөдөн тартып, жумуру манчалардагы жумуру шакектер, кайырма жака жашыл кылторко көйнөккө чейин көрк бере жарашыгын

арттырууда. Гүлдүү пиалага кымыздан толтура жылдырып, стол мандайында көйкөлгөн жеңеси үстүнкү тишин жарк эттире эринин эпилдетти:

— Мага өңгөнү кой, Батыш менен ачык жооптошуп келдиңби! Ошону айтчы?

— Ха, хах! Мына жеңе деген. Туура... — Айбаш богогун титирете мантайган нурдуу жүзүнөн күлкү тайгылтты.

Бу санжыргалуу, жакын адамдарына Мойдун бар сырын түгөл төктү.

...Айбаш көзүн бажырайта момурай ойго чөмүлө кандайдыр жыйынтыкка келгенче Сагыйпа озунду:

— Жөрөлгөң дурус, жубарымбек кайним. «Кыз каадасы менен». Андан артык эмне демекчи. Көңүлү бар экен. Жетет. Батыштан руксат сурабай эле, энесине мен шыбыштаймын. А энеси атасына жеткирет. Шунетип экөөңдүн сырың ачылат да калат. Анан ыйлашса да, күлсө да акырындап чечилет. Баласына каршы чыккан ким бар, бу заманда. Маселе кандайча ыгын таап барышта. Илгеркидей биерде жашашканда эмне. Азыр эле жетпейт белем...

Жеңесинин шар кебине бою балкый муюп, Мойдун агасына алдыртадан кылыйды.

Аялынын бүтүмүн үй ээси кабылдайбы, жокпу? Педагог эмеспи, Сагыйпа кээ аялдардай ачууланып өктөм кыйкырбаганы менен жай, сүйө салдыра сүйлөп, үй ичин, келим-кетимин иреттүү күтүп, күйөөсүнүн ишенимине небак кирген. А түгүл кийинки жылдары Айбаштын салмактуу залкарлыгынан, колу коомдук, чарба ишинен бошобой, сырткы алыш-бериш, ички түйшүктүн бакисин тескеген оболуна койгондуктанбы, Сагыйпа бийликти каалагандай жүргүзгөнү Мойдунга маалим. Эрди-катындын эриш-аркак ынанымдуу, дал ушулардыкындай уруш-талашсыз ынтымактуу жашашы али бүлө күтө элек уланга өрнөктүү сезилет. Өзүнүн тирчилигин так ушулардыкындай орнотууну эңсейт.

Кымыздын күчүнөнбү, боргулданган чекесин жүзаарчысы менен сүртүнүп, кителинин боорун чече Айбаш көлкөйүп столду таяна козголду да, наркы беттеги килем каланган диванга келип, чалкалай комдонду. Анан баятан берки ички оюн ачык улагандай кобурады:

— Үч жыл сынашып, бири-бирин жактырышкан балдар эми эч айнышпайт. Кеп, Сагыйпа сен айткандай эне атасына кабарлоодо эле калыптыр. Кантип? Телефон аркылуу айтуу сыйлабастын иши. Жөндөп жөн барсаң, ал да олдоксон. Шылтоо табуу керек.

— Шылтоо,— Сагыйпа кычыктарына жеңил бырыштар созулган сурмалуу көзүн үлүрөйтө, жооп алчудай, балкайган билегиндеги билерик сымал боосу жумуру саатына карады. Анын дагы көшүлө түшкөнүн, экөө бирдей Мойдундун тагдырынын жакшылыгына жол издеп туюкка капталганын, кантсе да арга таап аянбастарын туюп... паспорт кабынан алигинде карабактан чыккан күнү түшкөн сүрөттү акырын жеңесине жылдырды.

Сагыйпа алакан отундай төрт чарчы кагазды алыстата, жакындата тигилип... Карегинен жанган сүйкүмдүү нурдуу жүзүнө жамырата, кашкайган тиштерине жеткире чайып, жука эриндерин чоё жылмайды:

— Чекчендеген эрке Батыш суйкайган кыз болгон тура. О-уу, биздин уул да керилип оңой эмес-с...— дабышсыз көзголуп, сүрөттү кармаган бойдон Айбаштын жанына барып кыпыйды.

— Карачы, ининг колуктусу менен сүрөткө түшүп... экөөбүзгө көргөзгөнү апкелген тура. Кана, сыначы келин баланды.

Аялынын бет мандайына далдай кармаган эки жаштын элесине Айбаш бажырая токтоо байырлап, ким болбосун ыйбаа менен мамиле жасоочу ыйманы ысык, ажарлуу дидарын Мойдунга бурду:

— Бактыңар ачылсын. Көздөгөн максатыңарга жеткиле.

Кымыздын күүсүнө кошул-ташыл тамылжыган уландын алкоого ого бетер нымшый башын эңилткенин, «рахмат байкелеп» тура калып жүгүнүп эпилдебеген токтоотугун жактыра, Айбаш аялына бажырайды:

— Мындан аркы маселе, жеңеси сенде эле калыптыр. Жуучу түшсөң да, иши кылып Керимовдордукуна барбаган болбойт. Балдарды бекер кыйнабай, азыр дешпесе да сийинкисине салака тийбегидей кулакдар кылганың жөн. Эстүү немелер өзүлөрү байкаштырып көрүшөөр. Мойдунду жетим дешсе, атасынын ордуна агасы мени кармашын. Тоюнун башында, милдет сабыты сен экөөбүздүн мойнубузда. Туурабы?

Сагыйпа сүрөттү көйнөгүн шуудурата төшүнө басып, таңкая күйөөсүнө бет бакты:

— Абдан туура. Бара-бара Мойдун да Садат карындашына ушу сендей агалык колдоосун көргөзөт. Аркаүйөк болот.

Айбашка да абдан жакты белем, баржактап колун шалады:

— Албетте, албетте. Аман болсун.

— Сөзсүз,— деди Мойдун чекесиндеги терин шыпыра. Ал бир четинен алдын ала эскерүү укканына, экинчиден анын болочогуна, алардын көзгө басаар кызына агалык камкордукту ишенгендиктерине жетине албай, кубанычы ташкындады. Атаганат, тез эле окууну бүтүп, үй-жай күтүп, бирөөлөргө калкасын тийгизгенге жараса ээ. Ал күн качан келет? О али узак. Ушул кең пейил адамдарга колунан сый көргөзүп төрүнө сайрандатып отургузаар бекен? Булар өзүлөрүн унутуп... студент Мойдундан эртеңки жакшылык өз баласына тиерин ыроолоп атышпайбы. «Келме кезек» дегендей, бүгүнкү студент да жигиттик кемелине жетип, мартабасы көтөрүлүп алардын адамкерчилигин актаар. «Көрүнгөн тоонун алыстыгы жок» дегендей анын адам болуучу кези да үлпүлдөп көрүнүп келатпайбы. Беш, он жыл аралыгы тирүүлүктө бат эле өтөт. Эх, өтсө экен. Жетимге жар болгон ак пейил адамдардын акы бетин кайтарганга жараар.

Аңгыча чачына бантик тагынган Садат кирди борсоюп. Ал Мойдунга уяң учурашты да, апасынан сүрөттү талашып жатып акыры алды.

Баятан сыртынан сөз копшолгон эрке секелектин, капысынан бул окуяга аралашканы дурус болду, эмне дээр экен — ниетте ата-энеси аяр акмалоодо. Мойдундан айбыкты окшойт. Жалгыз өзүлөрү отурганда чаңылдай секирип, сүрөттү булгалай кыйла тамаша салмак. Бир сүрөткө, бир Мойдунга мулундап, бантигин серең эттире башын чулгуду:

— Хе!.. Азамат, Мойдун байкем!

Беркилер бала немени уялтпоо үчүн зорго күлкүлөрүн тыйышты. Атасы эринин тиштей кылтыйса, апасы оозун алаканы менен басып, терилген суйдаң кашын, ылдый үрпөк чачын салаалап эңилген Мойдунга серпүүдө. Садат алардын түйшөлгөндөрүн байкамаксан апасына ийни менен ыкый, сүрөттөгү Батышка ничке сөөмөйүн иймеңдетти:

— Бу кыз менин жеңемби?

Баланын кээде минтип, чукугандай сүйлөгөнү ай. Сагыйпа оңдонуп, кызын маңдайынан сылагылай тизесине кондурду:

— Буюрса жеңең болот. Сен тааныйсыңбы?

Садат кайта-кайта тикирейип чала моңолдонду окшойт. Тепейген алаканын апасынын кулагына калкалай шыбырай, кайра өз кулагын тосуп апасынан дайынын так билгенде жарашыктуу гүлдүү көйнөгүнүн этегин дирилдете, кулачын жая тегеренди:

— Билем, билем! Мен үчүнчүдө экенде вожатыйым

болчу. Акылдуу, сопсонун! Батыш Керимова. Атасы анда бизде райкомдун биринчиси болчу. Азыр Ысык-Көлдө. Былтыр Чолпон-Атага барганда үйлөрүнө конуп өткөнбүз. Ошондо да көргөм. Мени эркелетип... «Анатомия» китебинин сүрөттөрүн көргөзгөн. Өзүндөй медициналык институтка кирип, врач бол деп сураган...

Кыздын божураганы беркилердин баятан баштаган баяндарын улап, ал түгүл такалган өткөөлдөн жол тапкандай жагымдуу жагдай туудурду.

— Ой, бо-ой кызым, сен Батышты аябай тааныйт турбайсыңбы,— атасы гүлдүү көйнөгүнүн жонунан артылган эки өрүм кыска чачын бириктире сылай, жонунан таптады. Анан желке чачынын түбүнөн жыттагылай:

— Сен мактаган Батыш Каримовага Мойдун байкең үйлөнсө, эң жакын, жеңеңди бийлей турган кайынсиңдиси сен болосуң. Үч жылдан кийин онунчуну бүтүп ошо жеңеңдин колуна барасың. Ал жардамдашып сени каалаган институтка өткөрөт.

— Чын эле... Байкемдер окууларын бүткөндө шаарда калышат ээ.

— Албетте, экөө тең аспирантурадан окушат.

Садат апасын кучактай, куулана Мойдунду карай чаңкылдады:

— Эх, ылайым шондой болсо экен. Анда мен жалгызсырабайт турбаймынбы. Батыш во! Жеңе болот,— бармагын кайкалатты.

Мойдун кичинесинен чоңуна чейин анын келечегин тилеген буларга эт жүрөгү эрий оолжуду. Өңгөсүнөн да шаарда жашап, аспирантурада калаарлыктарын озуна болжошуп, өзүлөрүнүн тагдырларын байланыштыра таттуу мүдөөлөрүн кошкондуктары эртеңкини кыскартып астына тартуулагандай толкун сээрине калкытты бейм.

Айбаш кош алаканын тизесине тап чаба, үйдөгүлөрдүн назарын бурду:

— Акыл табылды. Аны сексейген ананайыным тапты. Сен Сагыйпа, Керимовдордукуна баруучу шылтооң даяр.

Барысы тыным жасаган ага элейишти. «Кандайча?» Айбаш аялына ормойду:

— Сен көл жээгиндеги «Жети-Өгүзгөбү», «Чолпон-Атагабы» курорттордун бирине бараткан болуп, учураша өтүүгө былтыркыдай токтойсуң. Анан калганын аяшың менен өзүң бышасың.

Сагыйпа жарылып кетчүдөй шаңк каткырып, дагы эле астында сепейген кызын катуу, катуу жыттагылады:

— Ырас эле, секелегим, Керимовдордукуна курортко

баратып токтогонду сен эскертпединби. Болуптур. Ошентейин. Башынан катышыбыз бар. Шонтсе да машинаңды чуктап койсоң. Мен Керимовдун аялына телефон менен сүйлөшүп, үйлөрүндө бекен, отпускалап кетишери да мүмкүн, барарымды эскертейин.

Айбаш: маслет бүттү, ишиме жөнөдүм,— кейипте шляпасын кие камынды:

— Машина даяр болот. Калганын өзүң чуктай бер.

Садат атасынын боржогой колунан тарткылап:

— Кичине эле кое тур. Былтыркыдай мени кошо ала бар де. Мен жеңе болчу Батышты дагы бир көрүп, сынап келейин да. Макулбу?

Атасы кайрылып кызын маңдайынан чоп сүйдү:

— Жарайт. Апаңды макулдата бер.

— Апам эр болсо, көнбөй көрсүнчү.

Сагыйпа калп эле кычаанчтана доошун бийиктетти:

— И-и... атасы менен кызы, дагы ээнбаштанып атасыңарбы?

Кудага жуучу түшкөндө кыз-пыз деген барбайт. Обу жоктугуңарды койгула.

Атасы каалганы жаап, сыртка жөнөгөндө, Садат апасына чуркаган боюнча урган таштай кулачын жая жабышты:

— Ия, сен эмне дедиң?! Мени алпарбайсыңбы.

Энеси кызын боорына бекем басты:

— Кытыгылаба, секелегим. Апарам.

Садат чарчагансып, шалдайып столго колун жая коюкайды:

— Өх, десе! Бая эле ошентпейсиңби.

Мойдун эркелешип жарп жаза да билген булар менен кошо чалкыды. Арийне, мунун баары ага багышталган үмүт шаанисиго.

* * *

Сагыйпа телефон чалса Керимовдор үйлөрүндө жок.

— Эс алуудабы? Каякка кетишкен?— Өзүлөрү ким экендиктерин айтышып такып сурашкан соң, аяшынын бейтааныш синдиси, жездеси иштеп отурган кабинетинен жыгылып эс-учунан танганын, вертолет менен врачтар Фрунзеге алып кетишкенин билдирди.

Окуя кээде моминтип теңирден тескери айланат эмеспи. Кечээ эле жадырап... болочок келиндин эне-атасына барууга кубанычтуу бүтүм жасашкан эмелер а дегенде үрпүйө далдырашты. Бара-бара Керимовдун кан басымы-

нын жогору, жүрөк тамырларынын ооруга чалдыкканы көптөн бери илдети экенин, так ошонун саатынан буерден суранып, көл жээгиндеги райондордун бирине которулганын Айбаш аялы экөө кейип-кепчишти.

Ысыган илебине капилеттен борошо удургуй ичинен калтырак баскан Мойдун Батыштын «ооруканага бардым. Атамдын ден соолугу начарлап баратат. Жылына эки-үч мертебе дарылануруга жатчу болду. Кан басымы удургуп жогорулап кетет. Улам бир жерге сурангандан уялам. Деңиз деңгээлинен жапысыраак Чүй бооруна, балким Фрунзенин өзүнө которулсамбы дейт. Ошентсе кичине жеңилдеп, жакшы болор беле»— деп безилдегенин, кезегинде танасарына илбегенин эскере өтүндү. Көрсө, медицинадан кабардар Батыш алда нени сезип чочулап жүргөн турбайбы.

Мынчалык козголгон эмелер, Мойдундун да жылдызы учуп үтүрөйө түшкөнүнө бооролору ооруса керек.

— Азап, тарткылык дегендер таалай менен талаша такай жанаша жүрөт. Аргасыз жорук, шыноого шылтоо табылды. Фрунзе ким кимге жер ортосу. Жөн эле иштер боюнча жүргөн болуп... Керимовдун абалын сурап... Аял, балдары бүт үстүндө дейт... Ыгы келсе сөз катып, болбосо, көрүшүп келгиле. Женең кайним кошо барсын дейт. Каршы эмессиңби?— Айбаш иниси баш тартпасын билсе да кеңешке кошту.

Мойдун дагы эле залкар агасы анын түйшөлүүсүн жеңилдетүүгө ыгын келтиргенине, кантсе да кыйын учурда кур дегенде атасын сагалап саруулаган Батышына карабута болууга дилгирлене тамшанды:

— Сиздер ылайык тапсаңыздар барса барайын.

Мойдун жеңесине кошулуп жеңил машине менен таң заардан чыгып, Фрунзеге кеч бешимде келишти. Короо жайлуу, танышыныкына токтошту.

— Сыркоонун абалын күндүз сураган дурус. Бүгүн тынч өргүп, эртең менен ооруканаларды кыдыралы. — Жеңеси эт-бетинен кабылдашкан үй ээлеринин мөмө-чөмөсүн жайнаткан дасторконуна толукшуй жайланды.

Мойдун жылып сыртка суурулду. Жашыл бак кучагындагы аллеялардан чубаган ар уруу эл, суу себилген кашка жолдо тызылдаган түркүн машиналар, бурчтарда жер-жемиш, суусун саткандар, суу, телефон, газ түтүктөрүн жаңылап өткөзүү үчүн казылган түптүз аңчалар, крандар коркоюп, кыш, тактайлар үйүлгөн жаңы курулуштар... Койчу, шаар тиричилиги бүтүндөй ага көнүмүш, а түгүл жагымдуу, азыркы доордун кеңири адымынын элесин тартуулады. Айылдын тынчтыгы, абасынын тазалыгы, табий-

гаттын байыркы кооз келбетинде сакталышы, адамдардын баржактап меймандостугу өзүнчө керемет. Ал эми күн-түн тынымсыз жандуу күүлдөккө толгон миң сандаган кишилер тыкыс чокмороктошо жашап, иште, окууда, театрларда байырлашкан шаарда Мойдун негедир кыска гана мөөнөттүн аралыгында сагына түшкөнсүйт. Ага айыл да, шаар да кымбат, бири бабасы, экинчиси атасы сымал алдейлеген ардагы, сүйкүмдүү конушу. Айыл, шаар эриш-аркак байлык, кубат, көрк кошкон, ата баладай кол үзүшпөгөн, алака жасашкан бирин-бири улаган адамзаттын асыл тургун жайлары. Айыл баласы, илим эңсеп шаарды туракташына аз болсо да жытыга түшкөн. Бүгүн жетери менен минтип кумарлана көчөгө жортууда. Анын кыялына жакында жарыяланган жаш акындын «Курбума» деген ыр сабы уюлгуду:

Калдагай баш Калыбегим садагам,
Курбалымсың болочокту самаган.
Тоо койнунан томолонуп келсек да
Далай жолду чапчып өттүк арадан...

Ырас. Тоо койнунан өзү шекилденип далай боз улардар томолонуп борбор шаарларга, окууга самсышат. Кандайдыр, он-жыйырма жылдын аралыгында керемет өзгөрүлгөн өлкөсүнүн шаңы менен кошо илимий, коомдук, мамлекеттик таанымал ишмерлердин катарларына дейре өсүп жетилгендери бар. Алардын далайын Мойдун, анын жолдоштору сыртынан, өмүр баянынан билишсе да, идеал тутушуп, шер байлашат. Шаардын жайкы акшамындагы жылуу койнуна сүңгүп, таттуу кыялга жетеленген жигит меймапаканын аянтына урунганда тык токтоду. Неге, кайда чыккапын, күлүк ойго көйкөлүү эмес, кыйын абалдагы ашыгынын жайын билүүгө тийиш экендигин туюп, өзүн ичинен жекире, такси күтүп топтошкондорду айланып өтүп, меймашканапын мрамор түркүктүү заңкайган дарбазасына умтулду. Окус, Батыш, энеси, бөбөктөрү менен ушерге токтошпосун. Атасына ушундан барып атышкандыр. Сыягы, быякка бекер баспаптыр. Алар жок. Сейилде жүргөнсүп мейманканапы сагалап тоскону олдоксондук. Азыркы милдет ноокас «кайпатасынын» кайда жаткан дарегин билип, эртен мененки жеңесинин түйшүгүн жеңилдетүү. Кечки тунарыкка көшүлүп бараткан көчөлөрдө заматта электр шамдары балбылдап бактарды, жолду, асманды жаркытып ийди.

Мойдун борбордук ооруканалардын аянттарында кечки керимселге баскан тыныраак илдеттүүлөрдү аралап, күзөттөгүлөрдөн Керимовду сурамжылады. Акыры Саламат-

тыкты сактоо министерствосунун атайын поликлиникасында экенин, үстүндө аялы, балдары, жакындары кезмет менен турарын, врачтардын көзөмөлүндө өтө оор абалда, кыймылсыз жатканын эшитти.

Эртеси шаардын жемиш, мөмөлөрүнөн кошуп тамак-ашы менен жеңесин ооруканага шар ээрчитти. Киши кирүүгө тыюу салыныптыр. Алар алыстан атайылап келгендиктерин догуруна өтүнүшкөн соң, аялын чыгарууга көнүштү.

— Ракмат. Кур дегенде ошентиңиз,— Сагыйпа күзөтчүнүн анысына шүгүр деди. Мойдун кыпылдап кантер алапайын таппай, жеңесинин жанына шыноорлоду. «Кайын эненин» сүрү оңойбу. Ана, аппак халат жамынган, бир байлам гүлдүү күрөң жоолукчан, улуу гана дебесе куду Батышка окшош, анчейин толук эмес, кайгыга батса да өзүн сабырдуу кармаган кырктардагы өңү жылуу аял Мойдун көзүн албаган ачык терезеден улам жакындап далиске чыгып келди.

Сагыйпа жашы да курбалдаштай. Экөө шап кучакташа түшүштү, Мойдундун жүрөгү өрөпкүй кыйпычыктады. Сагыйпадан мурда озунуп, тигил аял чарчаңкы жүзүнөн үлбүрөй, бат-бат сүйлөдү:

— И... Кайдан билдиңер? Айбаш аяштын саламатчылыгы дуруспу? Сагыйпа, өзүң кадимкиңдейсиңби?

Мойдунга өңү гана түгүл, кичине карытмак коюу чыкканы дебесе, үнү да Батыштыкына окшош угулду. Анысы сыягы үстүнкү кашка тиштеринин жыш капталганынан го деп жоромолдоду.

Сагыйпа курбусунун колун коё бербей, муңайым кербезденди:

— Узак аяшты вертолет менен апкетишти. Сабийра үстүндө дегенди угуп, санаа чыдабай чаап келдик. Айбаштын колхоз ишинен чолосу тийбейт. Салам айтты.

— Ракмат. Мындайда кара-жоро деген да жакшы экен. Көп кишилер келип атышат. Адамды чыйралтат экен.

— Деги Узак аяштын абалы кандай. Киши киргизбейт дейт.

— Оор эле. Баягы давлениесинин сааты. Башындагы кан тамырлар жарылган дешеби. Сүйлөй албайт... Врачтар бардык аракетин жасап атышат. — Коюуланып жаш чайыган көз кычыгын жоолук учу менен сүрттү.

— Сабийра, сен кайраттуу жансың го, минткениң маа жакпайт. — Сагыйпа да өзүн араң токтотуп, тигинин ак халатынын бүчүсүн кармаламыш этти.

Сабийра сурдана мостойду:

— Сендей башынан билишкендерди көргөндө бошоп кетип атпаймынбы. Кайраттуу болбоско айлан канча. Тагдырдан ырайым күтүп зирилдеп турабыз.

— Ошентсең. Азыркы врачтар кыйын эмеспи. Жакшылыгына алгысы бардыр...

Сөзү түгөнгөнсүп, же атайынбы, Сагыйпа обочороок көлжөйгөн Мойдунга бурула, көзүн жаңсады:

— Бу бала кайним. Айыл чарба институтунун төртүнчү курсуна көчтү. Каникулда жүргөн жеринен ээрчите чыктым.

Мойдун ийилип амандашкан болду.

Уйку, эс алууну унутуп, чалажан кыйналган керсары Сабийра жай шыбыштады:

— Жакшы айланайын.

Ушул абалында бейтааныш балага анын «жакшы айланайын» деп алик алганы, кандайдыр белгисиз туйгу менен айтылган энелик мээримди багыштагандай дирилдетти. Жаки, унчукпай тим койсо да эркн эле. Негедир адамкерчиликтүү адам кыйын жагдайда да өзүн байкатат белем. Мойдунга Батышынын апасы Сабийра небактан тааныштай дидары жылуу учурады. Атаганат, кереметтүү жомоктогудай сыйкырлуу чөп таап, Керимовду эмдеп айыктырып мүңкүрөгөн «кайын энесин», Батышты, баарысын кубанычка бөлөсө ээ. Ошондо жапырт аны алкап, күйөө балага татыктуу экендиктерин айкындашпайт беле...

Сабийра анын жеңесин нарылатып ээрчите жөнөптүр. Дурус, акырын, оору күйөөсүн көргөзөйүн дегени го. Сыртка баса турууга кылчайса, каруусуна редикулин илип, бадал түбүнө жашынган бөжөктөй көзүн жалжылдатып Батыш бакка жөлөнүп үтүрөйүүдө. Ал бая эле келген. Эмне кабар угам — деп кирүүдөн зааркана бутун зорго шилтеп жакындай бергенде айнектүү каалгадан апасынын, дагы бир аялдын (анын Айбаш Султановдун жары, мугалим Сагыйпа эже экенин кийин тааныды), алардын жанында Мойдундун турганын чалдыктырып кетенчиктеген. Чү дегенде жүрөгү шуу дей, анан алардын жайма-жай маектешкенин, энесинин көзү кургак экенин баамдап тынчтанынкы тарткан. Деги Мойдун жеңеси экөө буерге кайдан пайда болушту. Апасы чакырттыбы? Неге? Экөөнүн мамилесинин эч шегин билишпейт. Өгүнү кара бакта Мойдун жеңе, агасы аркылуу айттырайын дегенинде, кийин жооп берүүгө чоюп, үйлөрүнө тараарда быйылча унчугушпасын, келеркиден айтышсын дебеди беле. Анан калса, ушундай учурда а тууралу кеп козгоого кантип диттери даасын. Бара-бара кыздын шектенүүсү, чочуганы таркап... эски таа-

ныштардын ыгыша божурашкандары, Мойдундун жүгүнө учурашып, ага апасынын бирденке деп оозун кыбыраткаңы, эки аяштын жанаша жыла жөнөгөнү, элендеген эмеге эш туудуруп, ага жакын адамдардын карааны жылуу учурады. Мына, Мойдун басты, аны көрдү. Баштагыдай бейкут кезде жарк этип чыкпайт беле. Муунун калтырак бийлеп, кыз бакка жөлөнө калды.

Анын абалын түшүнгөн Мойдун да тарткынчыктап, «сенин жапаңды кошо бөлүшкөнү келдим» ниетин билгизе, этиет жанына жетти да, эринин бүлк ирмеди:

— Батыш саламатсыңбы? Көп кейибе. Атаң айыгып кетээр.

Батыш башын чайкап, күлкүгө гана жаралгандай бакыраң көзүнөн мончок-мончок жашты серпти:

— Айыгарына ишенбейм... Инсульттун эң оор түрү. Кагылайын атакем, козголуп турса гана... Бат тескери бурулуп, редикулунан ак халатын суурду. Мойдун аны кийгизүүгө жардамдашты. Топусун кошо кийип, чыпыйган врач кыз көз жашын кургата сүртүп жигитине суз бөйтөйдү.

— Бир аз күнгө мында болосуңбу?

— Сөзсүз.

— Анда эртели-кеч ушул оорукананын айланасынан жолугалы. Жеңеңди да кетпей тур десең. Алар эски достор эмеспи...

Медицинадан кабары бар үйрөнчүк доктор кыз, алда не шумдукту сезгендей кайгынын канын жутуп атса да кайрат байлап, кадимки эр азаматтардай эскерткени Мойдунду калтаарытты.

— Жеңем кетпейт.

— Жарайт эмесе,— чапа-чак татынакай ак халат, аппак топучан, кадимки врач кейпинде чыпыя Батыш ооруканага, атасынын үстүнө жөнөдү.

Мурдараак көп эле оорулар катуу жыгылып, жаңы аспаптуу врачтардын, дарылардын жардамы аркасында сакайганын уккан Мойдун «кайнатасынын» айыгышына үмүткөр эле. Эми Батыштын ындынын өчүрө кайраттуу муңайганы анын да оюн ойрондотту. «Багы жокко дагы жок» деген менби. Жетимдигим жетет эле го. Эми күлүп-жайнап баралына толоордо, баш кошууга антташып, эки жылча калганда Батышымды да... каруу күчтөн кайта элек, эл кызматындагы атасынан ажыратасыңбы? «Кудайдын боору таш»— деп кыргыздар таамай айтышкан. Кур дегенде бирөөбүз аталуу жүрсөк эмне. Адамзаттын оюнан колунан укмуштар жаралып, ачылууда. Ооруну так кесер айыктыруу дабасы табылбайбы? Оору... оорунун да түрлөрү

арбын. Союп, кесип, жамап, дарылап канча илдеттерди айыктырууда докторлор.

А бу кишиники, Керимовдуку кызынын айтымына караганда инсульттун оор түрү... Мээге кан чуркаган, тамырлар жарылган, же үзүлгөн... Азыркы медицина мындай дартты айыктырууга дармансызбы. А мүмкүн... Кайдан... Медициналык илимди өздөштүргөн кара чечекей кызы тигинтип түңүлө жаздап отурган соң менин дөөдүрөгөнүмдөн не чыгат.

Аркы-терки көк мээ койдой ооруканынын оозун тегерене Мойдун түшкө дейре жеңеси чыкканча жүрдү. Көп күткөнүнө док артмак беле. Жеңесинин жүзүнөн эптеп шоорат билүүгө умтулду. Сагыйпанын токтоо мисирейиши, канча саат азап чеккендер менен бирге отуруп кыйналган орто саарлыкты гана баяндайт.

Бет мандай кош жөөктө жалбырактары күн илебин тоскон жашыл аллеяны өрдөй (айтмакчы Фрунзеде бакка чүмкөлбөгөн аллея жоктур) жөнөшкөндө гана, Сагыйпа андан оорулуунун абалын билүүгө кыйпычыктай жандаган кайнисине моюнун имере шыпшынды:

— Кайран киши, кайра келбейт го. Мага көзүн алайтып чала-була тааныгансыды. Кычкылтек менен араң жатат. Кыязы, кагылайын Батыш, эпилдеп врачтарга кошулуп кандай гана жан алакеттерди жасабай жатат. Бир жагынан кан алышса, экинчиден кан куюп, башына бирдемелер басып... Кычкылтек жаздыгын алмаштырып... Атасы ара-чолодо эс-мас көзүн ачканда кызын жалоороп карап, ыраазычылыгын билдиргенсийт. Ай, көпкө созулбас бекен. Байкуш Сабийра да үмүтсүз. Байкеңе телефон чалып, кулакдарланып, камынып тур дейли. Экөөбүздүн го колу-жолубуз бош, кетпейли балам. Мындайдагы эч көңүлдөн калбайт.

Мойдундун азыр колунан келери эмне. Оюндагысын окугандай жеңеси мезилдеди. Эртеден бери буулуккан Мойдун сөзгө аралашты:

— Батыш атасынан чочулаганын ачык айтты.

Жеңеси кулагын делдейте, сүйүнгөнсүдү:

— И-и... Сүйлөшкөн турбайсынарбы. Ырас болуптур. Кагылайын, өтө кичинесинен зээндүү, чыйрак эле. Врачтар да мактап атышат. Эртең эле кандим адис болуп чыгат. Окуусун бүтүп, турмушка чыкканынча атасы тура турбай, таалайынын тайкысын айтчы. Менин оюмча жубарымбек, энеси акылдуу неме, сени бекер ээрчите келбеген деп шектенип калгандай. Сөз арасында жакын кайниңби, окуусу кандай?— деп сурап да койду.

— Карачечекей кайним. Лениндик стипендиант, мүнөзүндүн салмактуулугун кошуп даңазаңды көтөрдүм... Кыябы Керимов аяш, врачтардын кийлигишүүсүнөн, дарынын күчүнөн эле кармалып тургандай...

Адамдын көзү жеткен иш акыры дал ошондой бүтөт экен да. Алар баргандын үчүнчү түнү Узак Керимов дүйнөдөн кайтты. Көздөрү жеткен врачтар соңку эки күндө жакындарын каалашынча киргизүүгө уруксат этишти. Үйбүлөсү, жакындары менен бирге Мойдун, үлгүрүп жетип келген Айбаш, Сагыйпа үстүндө турушуп, акыркы сапарына чогуу узатышты. Эртеси газеталарга өмүр баяны, сүрөтү менен, жетекчилер кол койгон некрологдор жайнады. Мойдун даңктуу кайынатасынын өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүндөгү элесин карегине түшүрүп калды.

Райондон, борбордон чогулган жолдоштору такай калк кызматында билимин, күчүн, жөндөмүн жумшаган адамды кадыр-барк менен, акыркы узак жолго машиналарды ээрчите, бирге узата сапарлашып, көл жээгине алпарышты. Салтанаттуу аза күтүү митингисине бүт эли-журту топтолуп, туулуп өскөн, эмгек сиңирген жеринин кучагына коюшту.

Тирүүсүндө абийирдүү жүргөн кишиге өлгөндөгү урмат, аны билген жакындарынын, өкмөттүн сыйы, элдин, анын ичинде үй-бүлөсүнүн, тирүүсүндө буюрбаган күйөө баласынын көңүлүнө бул улуу эскерүү топук байлатып көксөөсүн суутту.

* * *

Ошо бойдон Мойдун Батышка күзгү окуу башталганда хирургиялык клиникадан саксактап жолугуп... күнөөсүз күнөөлүдөй шалкысы бош учурашты. Алдейлеген атадан кол жуу Батышты убактылуу шаттыктан ажыраткан менен чыйралтып, торолтуп койгондой, мурдагыдай каякка, эмнеге басышка уялыңкы тартынбастан, ооруканадын багын өзү баштап аралап, жанындагы бөлпөйгөн жигитке астыртан мисирейди.

«Баштагы шоктугуңду не тыйганың белгилүү. Азыр адаттагыңдай барбаңдап опсуз сөз баштасаң, кансыраган кайгы тагы өчө элек алсыз жүрөк кайрадан бошобойт беле. Убакыт өтөөр. Кайгы да бөксөрүп баратат. Сенин эч айыбың жок. Кайран атамды тирүүсүндө экөөбүз кол кармашып кубантпай гана калган арманды айтчы. Сен, аганг, жеңең үчөөлөп узатыштың. Аза митингеси бүткөндө, атамдын денесин көргө бергенде, сен а дегендегилер менен

күрөктү колуна алып, борпураган жумшак топуракты кучуштап коштошо салгандардыкын жыйнады. Көз жашым көлдөгөн менин титиреген уучуман, атама акыркы арнаган топому да сен апарып мүрзөсүнө төктүң. Анан күрөктү челип, челип талыкпай күрөдүң. Анчалык берилип күргүштөп, топурак үйгөнүңдү, сенин кайсы бала экенинди көпчүлүк көрсө да, ким экенинди билишпеди. Сен буюрбаган кайнатаңдын парзынан кутулдуң. Арбагы ыраазы болсун... «Өлгөндүн артынан өлбөйт» ...анан «өлгөндүн өз шору» ...«жакшы атанын балдары арбагын сыйласаңар белди бекем бууп, баланчанын тукуму дегендей тың оокат кылып, жакшы окугула» деген кайрат сөздөрдү ушу кезге дейре улам тынымсыз катышкан жакшы саналаштар жапырт эскертишти. Анын баары чындык, туура акыл экен. Эки ай көксөп эчтеке таппаган соң, чымырканып, апам да жоолугун кайра буунуп бизге, балдарына огожо, кайрат берди. «Башыңарды көтөргүлө балдарым. Атаңар эми тирилип келбейт. Окууңарга камынгыла. Атаңардын арбагын сыйлап, апаңарды сыздатпайын десеңер өмшөйбөй, баштагыңардан тың жүргүлө, дурус окугула. Мен да термелеп өлбөс оокатка кириштим». Боору таш турмуш моминтип бизди сооротту. Сенин батына албай, үлүрөйүшүңдүн жөнү бар. Бирок, мен «эркелериң болбосо эмшеңдештен не пайда» дегендей чыйралып келдим. Эми ачык жолугушуп, сенин демиң менен тың жүрүшүм керек. Азыр мага сен гана жакын адамсың».

Тил унчукпаган менен саная далайларды түрмөктөп эскерте, буттар шилтелип, четирээк бак түбүндөгү калканчтуу сереге токтоп отурушту.

Мойдун да буерге жеткенчекти тил байлана жаңы жетим, санаалаш кызынын көңүлүн жубатаарлык сөз таппай, мууңгансып кысылганын эми араң, күрсүнө үшкүрүп чыгарды. Кыз мисирейгени менен ичинен буулугуп жигиттен ишаарат күткөндөй. Мойдун коюн чөнтөгүнөн мукабасы жалтырак калың кызыл блокнотту, автомат — калемучту сунду:

— Батыш... буга төртүнчү курстагы төл сөздөрүңдү, жаңы терминдеринди, ойлоруңду жазып жүр. Атайылап сага арнап...

Кичинекей ыроосу кыйын абалдан кыябын келтире кутказды белем. Батыш маалкатпай жигити сунган белекчени кармап, кыска гана:

— Ракмат,— деп автомат — калем сапты ийсеңдетип, Мойдундун колундагы газетанын четине сынап көрдү:

— О-у, жакшы жазат тура. Учу болотпу, же алтын-

бы?— Мойдунга анын бар келбетинен өзгөчө жаккан, жашка сугарылып ого бетер кундузданган кирпиктерин суналта мөтүрөйдү.

Мойдун колуктусунун кадимкидей жайдарылануусуна аракеттенгенин баамдап эт жүрөгү элжирей дирилдеди:

— Алтын десең алтын, болот десең болот. Негизгиси менин ыроом көңүлүңө жакса болду.

— Жа-г-а-ат...— Батыш чоё сүйлөп, блокнотту ачты. Татына кирпиктер Мойдунду кубанта кайрадан серпилди.

— О-у, баягы жапайы акындыгыңды карматып, ыр жазып ийгенсиң го. Кана...

Көптөн бери ыр окууну унуткан үн чу дегенде буулуга, анан чыңкылдап ыргактуу калкыды:

Турмуш чиркин боору таш,
Мен да калгам жетим жаш.
Ата салтын улантып,
Адам болгун асыл баш.
Келечек күтөт жадырап
Кеткен кайра табылбас.
Кайгы, муңду унутуп,
Кашкайып күлчү карындаш.

— О-у, менин жапан акыным десе,— Батыш блокнотту жайган калыбында, зордоп жылмайгансый жигиттин мүрүсүнө жаагын тийгизе кыйшайды.

Мойдун имерилип ыраазылыгын билдиртип эркелеген селкини бооруна бекем-бекем кысып, маңдайынан, эринен сүйө, түрмөктүү келептелген чачынан сылагылады.

Батыш канча күндөн берки жетимсиреген унуткара, аны алдейлөөчү адамы бар экенин, мындан ары түбөлүк кол кармашчу жары гана аны ушинтип эркелетип, сүйүп бөксөсүн толтураарын ойлоп, кынала бир пас отурганында эңшерип жула качкан таалайы кайрылып калкыгансыды.

— Апам сенин агаң менен жеңеңе абдан ыраазы. Кыркында дагы келишпедиби. Райондогу атамдын жолдош кызматчылары болуп, эстеликти кандай жасоо керектигин сүйлөшкөндө баарынан сенин агандын ою маанилүү чыгып, анын долбоорун колдошту. Эми заказ берилип жасалып жатат.

— Аны мага айтышкан.

— Андан бөлөк эчтеке дешпедиби?

Мойдун кыздын шектенгенин өз оозунан угууну каалап күлө бакты:

— Эмне дешмек эле, айтсаң?

Батыш тигинин ниетин боолголоп, баштагысындай мүнөз ойнотууга пейли чаппай, анысын ачыкка салды:

— Кырк күндөн соң чогулган жоро-жолдош атамды эскерип... Көксөөбүз сууп... Үшкүрүп отуруп калган бизге көңүл айтышып тараганда... Сенин туугандарың апама сен экөөбүздүн ыкыбалыбыздын жакындыгын шыбышташып... башынан катыш элек, эми боорлошуп куда сөөк бололу дешиптир. Апам балдар өзүлөрү табышса... силерден кол жуумак белем. Атаганат, атасы тирүүсүндө кызынын жайлуу жерге барарын угуп кеткенде эмне... Кайгы унутулсун. Балдар окуусун бүтсүн, иниңер менен биздин кыз чындап жакшы көрүшүп калса бөгөт болбойм,— дептир.

Мойдун сүйүнгөнүнөн кызды таптак көтөрүп, ааламдагы башка окуянын баарын унуткара, жалгыз гана бактылуу экөө барчылап барылдады:

— Кандай алтын адам эле апакең. Миң ыраазымын. Качандыр экөөбүздүн тагдыр улуулардын алкоосу менен көгөрөөрүнө ишенчү элем. Сенин быйыл коё тур дегенине карабай, жеңем силердикине кеңешке аттанган аткан. Аз мурдараак камынганда атакең да билип кетмек. Кантебиз. Арбагы колдосун! Эми сен мендиксиң, чынбы, чынбы!

Батыш башын ала кача, карегинен үмүт учкунун үрөй үлбүрөдү:

— Чы-ын... Бирок, сен ашыкпа-а...

Мойдун Батышты эми аныk түшүнгөнсүп жаркылдады:

— Ашыкпайм. Сенин оболуна көнөм.

Экөө ал күнү көпкө чогуу жүрүштү... Ошондон тартып... Убактыларына карай, институттарынанбы, жатакананын, же Батыш практикасын өтөгөн клиниканын жанынанбы жер болжошуп шар жолугууга көнүгүштү. А тургай үч-төрт күн көрүшпөсө сагынышып, дегдешкендеричи. Батыш акырындап кайгыдан арыла, студенттердин талаштартышына катыша, врачтык кесиптин алгачкы кол кабышына, илдеттүүлөрдүн диагнозун коюуга (хирургиялык бөлүмгө аныкталган) операцияларга катышып, ассистенттик милдетти аткарууга кызыгып кириштн. Идиректүү кыздын тайманбай дитин коюп, тез өздөштүрө баштаганын баамдаган жетекчи-хирург окуу жылынын экинчи жартысында өзүнүн көзөмөлү менен жеңил эсептелинген сокур ичегиге операция жасоого руксат этти.

Өмүрүндөгү эң оболку жооптуу ишеничти аткаруу — операцияга киришүү студентканы укмуш толкундатпадыбы. Анда-санда... «ашыкпа, кызым, туура»— деп шерденте, керек болсо өзү кийлигишүүгө жанында дайым даяр дасыккан профессор, Батыш оорунун сокур ичегисин кесип, жымыйта тигип операциялык столдон ордуна жаткырууга жеткиришкен соң:

— Куттуктайм кызым! Алгачкы операцияң дурус жасалды. Бир аз шашып калтаарыдың. Антүү баарыбыздан өткөн. Эми сени хирург болот деп айтууга толук акылуубуз — дегенде атасы тирилгендей, жок, арбагы колдоп кызын оор кесиптин ээси, адам катарына кошкондой көзү алачакмактап басарга жер таппаганычы.

Батыш көңүлүнө канат бүтүп, токтоосуз Мойдунуна, сүйгөн жигитин таап сүйүнчүлөөгө, кубанычын бөлүшүүгө, башка эч нерсени ойлонбой, эч кимди көргүсү, тааныгысы келбей шар атылды. Жигитин издемек түгүл демейде Мойдун барганда тартынып, кыйпычыктаган Батыш бу саам жандуу жөнөдү.

Жатаканасынан таппай, жаздыгынын астына кат калтырып, институтун аралады. Акыры парткомдун мүчөсү Мойдун Кулубековго кабинетте отурган жерине кирип барды. Капарсыз Мойдун бул эрдикке таңыркап, жүзү алоолонгон Батышын ордунан ыргып утурлады:

— Айтчы батыраак, ылайым маа келгениң ушул. Башыңа чөп сындырайын.

Кабинеттин сүрүнөнбү, айтор ким билет, Батыш, аптыга түшүп оңолду:

— Жаңылык... Сүйүнчү бересиң...

Алда неси деп жүрөгү үшүгөн Мойдун кош алаканынын отуна кыздын ысык, тепейген колун кысты:

— Болсун! Берейин, айтчы батыраак!

Батыш сол шадысы менен төшүн какты:

— Мен бүгүндөн баштап хирургмун! Операцияны ийгиликтүү жасадым. Профессор мактады.

— Балли, аз-замат! — Мойдун Батыштын тепейген менен күчтүү колун ого бетер ысыта, эркелете сылай ушалады. — Батыш-ш, сенин мунуң эрдик! Операцияны азыр бизге ишенбейт дечи элең го.

— Ырас. Али студент-практиканттарга эрте. Мага негедир карт профессор мөөнөтүнөн мурда ишеним көрсөттү. Мен аны уятка калтырбадым. Биздин группадагы балдар, кыздан да экөө бар, аябай ичтери күйдү десең. Мейли. Мен аларга жол ачып бердим. Жетекчи руксат этсе, алар да баштасын. Сен эмне... Качанкыга дейре отурасың?— Батыш узун столго, кыдырата отургучтар коюлган, сейф, телефон, китеп шкафтары какайган кең кабинетке чоочуркай карады.

— Бүгүн менин кабинетте отуруучу кезегим. Бир аздан кийин жумуш бүтөт. Анан чогуу сенин сүйүнчүңдү...

Аңгыча төрдөгү телефон шыңгырап, Мойдун аякка жүткүнгөндө:

— Мен вестибюлда күтөйүн сени. — Батыш каалганы түртүп сыртка сууруллу.

«Сүйүнчү. Бересиң... Сүйүнчү!» Мойдундун кулагына жылаажын доош дембе-дем шаңшып, каяккадыр үндөп аны сыйкырлап кеткенсип, телефондогу узак сөзгө тиешелүү жооп кайтарып бүтөөр замат эшикке атырылды. Кабинетте куу чирендей мамиле жасап, Батышын таарынтып койдубу. Сүйүнчү! Өтө зор кубанычты, өтө жакын киши-сине ишеним, ардак катары кабарлоочу рахат кумары го. Батыш өмүрүндөгү өз бетинче жетилген адамдык алгачкы ишмердигинин ийгилигин жалгыз гана ага сүйүнчүлөп жаркып кирбедиби. Ал кошо жалбырттай сүйүнгөнүнөн өзүн кайда батыраарын билбей карбаластап анысына баратпайбы. Кызмат учуру, кабинеттин ичи эки жаштын сүйүүсүн куттуктап шандуу, каткырып күлүп жайноого тардык кылдыбы. Жо-о... ар нерсенин өз орду, өз учуру бар. Жакшы эле баржактап колун кысты.

Ошо маалда кычагансып телефондун чырылдаганы өтпөдүбү. Чунак кыз, кичине аялдай турбай каякка сызды. Адептүү бүлөдө тарбияланган жан, жигитин тапканына, сүйүнчүсүн жардаганына, аны кошо кубантканына моокуму канып... Калганын өзү билсин, иш үстүнө бекер алаксытпайын дедиби.

Ылдыйкы катарга түшүп алактады. Кенен вестибюлдун бурчундагы сатылуучу китептерге көз чаптырымыш эте, көңүлү дегдей удургуп токтоналбай турган Батышына демиге жанашты:

— Жакшы китеп бар бекен?

Батыш кылчая жооп этти:

— Билбейм. Көргөн жокмун.

Мойдун шып колтуктан иле, билегиндеги «Жеңиш» саатына үңүлө дикилдеди:

— Али дүкөндөр жабыла элек. Ыкчамдайлы.

Институттун дарбазасын аттап көчөгө чыкканда, кынала кадамын шилтеген Батыш, жигитине таңыркагандай, анын жүрөгүн кубанта, ал сүйгөн кирпигин созолонтту:

— Кайсы дүкөн, эмне бар дүкөндө?

— Дүр дүйнөнүн баары бар. Сенин сүйүнчүңө, биринчи операцияны катыра жасап, хирург кесибиңе татыктуу болгонуна бир эскере жүргөндөй жакшы буюм сатып ыроолошум керек.

— Ош-шондойбу? Мен жөн эле сени биринчи жакшылыгыбызга сүйүнтөйүн дегем... — Батыш кирпигин жогору серпип, көзүн бажырайтты. — Ыроону кийин, иштеп... айлыкты көп тапканда жасаарсың. Бүгүн жакшы спек-

такль болсо театрлардын бирөөнө, же киного алпарсаң жетет.

Мойдун кытылдай эңкейип акырын кыздын чекесине чекесин тийгизди:

— Сен менин студенттердин байы, Лениндик стипендиант экенимди унуттуңбу. Айылдан чөнтөккө түшкөн тыйындарымдын үстүнө аз-аздап кошумчалап, экөөбүздүн жакшылыгыбызга ыроологон аманат бар. Ошондон кытыйбыз да, же кийимдик, же колуна, же кулагыңа салуучу жалтырактан бирдеңке алабыз.

— Кой, кой акеси. — Батыш эркелей алаканы менен Мойдундун жүзүн сылады,— аманатың кайда качмак эле. Сакталып тура турсун. Сен бүгүн менин өтүнүчүмдү аткар. Жарайбы?

Мойдун нааразыдай мулуюп, тигинин айтканынан кайтпай мурчуя тикирее түшкөнүнөн улам коюу үрпөк чачын дүпүрөйтө:

— Анда... бүгүн сеникин, эртең меникин аткаралы,— деди.

* * *

Закымдар саатка, күнгө, аптага, жылга ооп... ашыккандын да, жай, азга токтоттурууга ниттенгендердин да эркине баш ийбей, билинбей көз алдыдан агылып өткөн мезгил — бири-бирин эш тута, тилек санаасын кошо, турмуш түйшүгүн боюна, оюна сиңирип торолгон эки жетимди, канчалык узакка созулгандай акыйткан менен акыры эңсеген марага такалтты.

Уялышкан, сыр көрсөтүшкөн, сынашкан балалык чалпсолук кезектер узак сапар чеккен мээнеткеч жолоочунун артында жымырылган аралыктай элес-булас чагылбаса, унутулду да калды. Эми экөө тең кесипке эгедер, жаш адис. Убада, шерт ширелген болоттой уюп, тагдырлар жан жүрөк согуп турганда бөлүнгүс бир бүтүнгө — үй-бүлөлүк биримдикке айланарда... Канча дегдеткен керемет махаббат, мына, ачык кол карамаша айкындалып биротоло чечүүчү чегине урунганда, алар үчүн күтүлбөгөн сүрү, чие түйүндөрү арбып, негедир силке, токтото тарткандай кетенчиктете опкоолжутту.

Согуштун жаратынан толук айыгып, жаңы, болуп көрбөгөндөй бийиктикке шандуу канат сермеген Ата мекен, илимге дилгир, жөндөмдүү жаштарды жогорку окуу жайларын бүтөрү менен эле изилдөө жумуштарына, борборго калтырууну чечти. Алардын катарында Мойдун менен Батыш да илинди. Мойдун аспирантурага, өзү бүткөн айыл

сынтип жер каратпай, а дегенде алардын үйүнө жакшылык жышаан киргизип, атасы бардай тоюңарды өткөрөбүз. Анан биздикине Батышты биротоло келин катары апкелген соң, калганын өзүбүз билебиз. Жарайбы?

Мойдун кулагына сөз эмес кут тамгансып, тар кабинанын ичиндеги Батышын бооруна имере толкунданды:

— Жарайт жеңе! Сиздер эң туура чечипсиздер. Байкеме салам айтыңыз. Садатты күтөбүз.

* * *

Көнгөн маалында эртелеп ойгонсо дагы түнү санаасы сапырыктап жарытылуу уктабаган неме бүт денеси жанчылгандай талмоорсуп зорго турду. Ал жазы терезенин пардосун серпе, сыртка телмирди.

Бубак жамынган бутактар барпайып орус токоюнун көркүн гана эмес, күчүн айкындоодо. Кыш аязына моюбай дагы эле көк-жашыл көйкөлгөн орус токою жигиттин сезимине туруктуулукту, чыдамдуулукту баамдай дүпүйүүдө.

Мойдундун эсине Аалынын «Табийгаттан алсак кантет ибарат» деген ыр саптары калкыды.

Ал улам закымдар өткөн сайын өзүндөгү кечээ түнкү дүрбөлөңдү басаңдатып... кандайдыр чечкиндүүлүккө аз-аздап ыгып бараткансыды. Соңку, жетилген жылдарындагы кол үзбөгөн алакасын тогоштурганда дагы коммунисттердин катарына кепил болуп өткөзгөн адам кызматынан алынып, партиялык маселеси козголуп жатса... ага кошулташыл катуу ооруга карыштанса, ал кантүү керек? Алыста эс алуудамын деп сабылып кала береби? Башка түшкөндү көрөрсүз деген кайдыгер тобокелдикке салып өзүн сооротууга дити даабы?

Мына ушул маселе тынчтык бербей Мойдундун адамдык абийирин аңтарылта алдастатууда.

Чилденин таңы. Адам, айбанат, өсүмдүктүн жалпысына сыноо катары сырттагы кычыраган кыш Мойдундун эр жигиттик намысына тийип кайнама жарышка жаңсагансыйт.

Борошо, ызгаарды тоготпой, чаңгыл бубакка чулганса да бутактары сынып, чокусу жемирилген карт бай карагайды курчай, жазгы ыраңынан азбай, жапжашыл, жыпжылуу, жайкалган балатылар терезеге үңүлгөн Мойдунду дал өзүндөй туруктуулукка, жаш кезде берилген дилине чың болууга үндөп тымызын шыбыштагансыйт.

Чаалыкканын жазуучу даваны издеп, дал ошол кайраттуу жаратылышты пааналай сыртка жөнөдү. Аппак кар, сүрдүү токой кучагындагы чыйырда желип-жортуп

бат эле чыкыроон таза авадан жеңилдеп, чыйралып кайтты.

Жүрөк демин, акылын бийлеген дүрбөлөң анын жылуу бөлмөсүндөгү жарык терезенин түбүндөгү жазуу столуна өбөктөттү.

Түн бою чиелешкен жүйөлөр кагаз бетине жыбырап... Айбаш Султанов иштеген райондун партиялык комитетинин биринчи секретарына кайрылган каттын түрмөгүн чүргөөдө. Аны менен башынан тааныш немелер. Экен-токондо болсо да эриш-аркак босоголорун атташып, даамдашкан. Жолуккан сайын райондун абалы, чарба, маданий өсүшүндөгү жаңылыктар, келечеги жөнүндө пикирлешмей адаттары. Мойдун иштеген дыйканчылык илим-изилдөө институтунда өстүрүлгөн жаңы сорттогу эгин, чөптөрдүн тукумунан ошол тоолуу райондун аймагына тажрыйба жүргүзүлүп... иш жагдайынан да байланыштары бар. Анын үстүнө катчы Айбаш экөөнүн жакындыгын абдан сонун билет. Демек, анын кайрылуусу катчыга өөн учурабас. Катты өзү алыста дем алып жатканда Айбаш Султановго байланыштуу карбалас кабар укканын, анын канчалык анык, жалган экендигин ажырата албай тунжураганынан баштады... Балким, ага али түшүнүксүз, чарба ишинде Айбаш Султанов мүчүлүштөр, жаңылыштыктар кетиргендир. Ошондо да томолой жетимдиктен Совет өкмөтүнүн камкордугунун натыйжасында жетилген азыркы башкарманын өмүр жолундагы сиңирген эмгектерин жорутпады...

Албетте, кимде ким орой каталык кетирсе, мурда канчалык даңаза, урматка бөлөнгөнүнө карабастан айыптаалууга тийиш. Ошондо да жалпы шардан, кызуулук менен биротоло көмөлөтө сокпостон, терең талдап акыйкат жазага тартууларын өтүндү...

Авио катты почтага табыштаар замат санаасы азоолок бөксөргөндөй шопойду. Багышталган жетекчинин колуна тез эле тиет. Мунун кайрылуусун ал капарына илеби, жокпу? Мойдундун агасын коргоо багытындагы жүйөсү аны ынандыра алабы? Адамды, болгондо да көп жыл, жалпыга белгилүү эмгек өтөгөн кишини аксатуу оңой турбас!

Окус өкүм зордукка салышса айыптоочулардын өзү эртедир-кечтир эрдин тиштенип калпыстык кетиргендерине өкүнүүлөрү мүмкүн. Райондогу мыкты уюштуруучу дешип Айбаш Султановду улам арттагы чарбанын бирөөнүн өнөктүгүн жолго коюп, кирешесин өнүктүргөн соң, башкасына которо бермей өнөкөт табышкан. Мындан үч жыл мурда көшөрүп баш тартканына карабай тоо арасындагы эң четтеги начар үчүнчү колхозду ондоого жиберишкен...

Акыркы сапар кысым менен барган Айбаш жетекчи-

лерине өчөшүп анчалык демилгесиз көңүлкош иштедиби. Жо-ок. Мурда кыйылган менен бара-бара баштагысындай эле коммунисттик жоопкерчилигин сезип, бу саам да ишенимди актоого жан дилинен аракеттенип жүрбөдү беле.

Анан эмне? Чарчадыбы? Же табигаттын кырсыгына алдырдыбы...

Аралаш жүрбөгөн соң, Мойдун агасын эмнеден тайгылткандарына башы маң. Анан калса Айбаш сырттандыгына салдыбы, же чарба ишиндеги оңолуп кетчү жаңылыштыктардын бири дедиби, Мойдунга четин чыгарып да айтпаган. Балким, ал чын күнөөлүү болгондур. Бирок, күнөөнүн канча даражада экенин билбей алыстагы иниси күдүктөнүүдө. Баары бир анын ишинен каталык кетирген учурунда да ички дилинин адалдыгына ишенет. Балким, анын оорукчалдыгынын күчөшү күндөлүк жетекчилигин бошондоткондур. Мүмкүн, техника, жыл сайынкы илим менен куралданган жаңылык өсүштөн кечендегендир. Нетсе да Мойдун ал адамды жамандыкка кыюуга дити даабай калтарууда. Бул далаалатынан эмне чыгар экен? Кап, жакын турса, териштирип, кеңешип киришпейт беле?

Азырынча аба жол катнашы аркылуу каты чабагандап жете турсун. Кайрадан көңүлү тынчтанбай канча күткөнүнө кайыл телефон аркылуу дагы кабарлашты.

Жагдай ал ойлогондой чырдын жаңы башталышы эмес, кандайдыр жооптуу жыйынтыктан бүткөнү сымал. Телефондон андан артык эмнени билмекчи. Арийне, анын кечиккен далбасасы кимге керек? «Залкар кенебей алдырат». «Дөө энөө болот» деген эл макалы эсине кылтыйды. Чунак киши, мынчалык катуу согуларын күтпөгөн окшойт. Ансыз да алсырап жүргөн саламатчылыгы андай капилет соккуга туруштук бере албай алдастап жыгылган экен да.

Жамандык капысынан басат деген ушубу.

Телефондогу коркунучтуу кабарга пейли алымсынбай, жүрөгү ынабай Мойдун экинчи күнү эс алуусун жыйыштырып үйүнө жол тартты.

Үй. Жарым жылдык илимий изилдөөгө караганда, соңку күздөрдөгү ой толгоодон көбүрөөк каржалып кирген ээсин сагына күткөн үй-бүлөсү куштап жадырай курчаганда заматта бөксөөсү толчудай демденди. Алыста, жалгыз, «Кайда, канча жүрсө да бала-чакасын медер тутуп, алар деп жанын карч ура иштеген өмүрүнүн баалуулугун, керектигин дагы бир мертебе даана түшүнө, баржактай бооруна тартты. Ар кимине багышталган базарлыгы бар. Чемоданынын ачкычын жубайына табыштады.

Белгилүү хирург, балдарынын эпеси Батышы анчалык

бырыш жолотпой тотуккан дидарынан күйөөсүнө сабырлуу ажарлана, астына үй насибин жайнатып, аны шашылыш келтирген кабардан узакка шек чыгарбады. Качан сагынган атасынын эркелеткенине, белек-бечкегине курсанттанган балдарын түнкү уйкуга жаткырып, экөө ээндегенде гана Батыш кеп копшоду:

— Айбаш агай ооруканада. Кан басымы өтө жогорулап, эс-учунан алдастаганда жеткиришкен. Эртең менен кирип, өз оозунан тагын укпасаң, мага жетпеген сөздөр бардай.

Эртеси Мойдун эртелеп ооруканага барды. Белгилүү бөлмөнүн каалгасын өрөпкүй ырааттуу тыкылдатты.

— Урукса-ат,— калбет тааныш доошту ичкериден эшиткенде бүткөн бою чымырай шар баш бакты.

Олбурлуу жоон адам газетаны баракгап жаздыкка чыканактаган боюнча түктүү пижамачан койкасына кыйкая жатыптыр.

Айбаш окуган көз айнегин тунарта калдайган чачсыз башын көтөрүп дароо тааный лып комдоно отурду да, Мойдундан озуна кол сунду:

— Келип калдыңбы? Иштериң жакшыбы?

— Өзүңүз кандайсыз байке? — Мойдун үнү кардыга толкундап ийилди. Айбаш өңүнүн гана азыңкылыгы дебесе кадимкидей мантая:

— Жакшымын,— деди.

Ичинен кабырылган Мойдун бу бардаштуу сырттандыкка таңыркай топуктана түштү. Арыз-арманын бебиреп муңкантчу, сабыркап кирген инисин жабырлантчу түрү жок. Кош катар мүшкүлгө дуушарланганын билип, атайылап эс алуусун токтотуп келген жакынына «жакшымын» деш бардаштуулук эмегенде эмне.

Сыртынан кур жайкаган менен аны бул абалга жеткирген азаптуу дүмөктүн себебин билүүгө Мойдун чындап чыгынды:

— Деги байке, ал-жайыңызды толук түшүндүрүңүзчү. Чала-була уктум. Канчасы чын, канчасы жалганын билейин.

Айбаш көзүн ала кача энилген боюнча инисине үн катпады. Сураарын сурап агасынан жооп болбогон соң Мойдун кыйпычыктады. «Атаганат, өзү жазылмайын такыбай коё турбай. Дагы эле мени баласынтабы? Сырын жашырганыбы: «Кайда-ан... Залкарлыкка көнгөн адам болору болуп, боёсу канган ички жабырын кайрадан ырбатып алгысы келбей, согулган өзүн да, эпкин өткөндөн соң келген мени да аяп атканыбы».

лерине өчөшүп анчалык демилгесиз көңүлкош иштедиби. Жо-ок. Мурда кыйылган менен бара-бара баштагысындай эле коммунисттик жоопкерчилигин сезип, бу саам да ишенимди актоого жан дилинен аракеттенип жүрбөдү беле.

Анан эмне? Чарчадыбы? Же табигаттын кырсыгына алдырдыбы...

Аралаш жүрбөгөн соң, Мойдун агасын эмнеден тайгылткандарына башы маң. Анан калса Айбаш сырттандыгына салдыбы, же чарба ишиндеги оңолуп кетчү жаңылыштыктардын бири дедиби, Мойдунга четин чыгарып да айтпаган. Балким, ал чын күнөөлүү болгондур. Бирок, күнөөнүн канча даражада экенин билбей алыстагы иниси күдүктөнүүдө. Баары бир анын ишинен каталык кетирген учурунда да ички дилинин адалдыгына ишенет. Балким, анын оорукчалдыгынын күчөшү күндөлүк жетекчилигин бошондоткондур. Мүмкүн, техника, жыл сайынкы илим менен куралданган жаңылык өсүштөн кечендегендир. Нетсе да Мойдун ал адамды жамандыкка кыюуга дити даабай калтарууда. Бул далаалатынан эмне чыгар экен? Кап, жакын турса, териштирип, кеңешип киришпейт беле?

Азырынча аба жол катнашы аркылуу каты чабагандап жете турсун. Кайрадан көңүлү тынчтанбай канча күткөнүнө кайыл телефон аркылуу дагы кабарлашты.

Жагдай ал ойлогондой чырдын жаңы башталышы эмес, кандайдыр жооптуу жыйынтыктан бүткөнү сымал. Телефондон андан артык эмнени билмекчи. Арийне, анын кечиккен далбасасы кимге керек? «Залкар кенебей алдырат». «Дөө энөө болот» деген эл макалы эсине кылтыйды. Чунак киши, мынчалык катуу согуларын күтпөгөн окшойт. Ансыз да алсырап жүргөн саламатчылыгы андай капилет соккуга туруштук бере албай алдастап жыгылган экен да.

Жамандык капысынан басат деген ушубу.

Телефондогу коркунучтуу кабарга пейли алымсынбай, жүрөгү ынабай Мойдун экинчи күнү эс алуусун жыйыштырып үйүнө жол тартты.

Үй. Жарым жылдык илимий изилдөөгө караганда, соңку күздөрдөгү ой толгоодон көбүрөөк каржалып кирген ээсин сагына күткөн үй-бүлөсү куштап жадырай курчаганда заматта бөксөөсү толчудай демденди. Алыста, жалгыз, «Кайда, канча жүрсө да бала-чакасын медер тутуп, алар деп жанын карч ура иштеген өмүрүнүн баалуулугун, керектигин дагы бир мертебе даана түшүнө, баржактай бооруна тартты. Ар кимине багышталган базарлыгы бар. Чемоданынын ачкычын жубайына табыштады.

Белгилүү хирург, балдарынын эпеси Батышы анчалык

бырыш жолотпой тотуккан дидарынан күйөөсүнө сабырлуу ажарлана, астына үй насибин жайнатып, аны шашылыш келтирген кабардан узакка шек чыгарбады. Качан сагынган атасынын эркелеткенине, белек-бечкегине курсанттанган балдарын түнкү уйкуга жаткырып, экөө ээндегенде гана Батыш кеп копшоду:

— Айбаш агай ооруканада. Кан басымы өтө жогорулап, эс-учунан алдастаганда жеткиришкен. Эртең менен кирип, өз оозунан тагын укпасаң, мага жетпеген сөздөр бардай.

Эртеси Мойдун эртелеп ооруканага барды. Белгилүү бөлмөнүн каалгасын өрөпкүй ырааттуу тыкылдатты.

— Урукса-ат,— калбет тааныш доошту ичкериден эшиткенде бүткөн бою чымырай шар баш бакты.

Олбурлуу жоон адам газетаны баратап жаздыкка чыканактаган боюнча түктүү пижамачан койкасына кыйкая жатыптыр.

Айбаш окуган көз айнегин тунарта калдайган чачсыз башын көтөрүп дароо тааный лып комдоно отурду да, Мойдундан озуна кол сунду:

— Келип калдыңбы? Иштериң жакшыбы?

— Өзүңүз кандайсыз байке? — Мойдун үнү кардыга толкундап ийилди. Айбаш өңүнүн гана азыңкылыгы дебесе кадимкидей мантая:

— Жакшымын,— деди.

Ичинен кабырылган Мойдун бу бардаштуу сырттандыкка таңыркай топуктана түштү. Арыз-арманын бебиреп муңкантчу, сабыркап кирген инисин жабырлантчу түрү жок. Кош катар мүшкүлгө дуушарланганын билип, атайылап эс алуусун токтотуп келген жакынына «жакшымын» деш бардаштуулук эмегенде эмне.

Сыртынан кур жайкаган менен аны бул абалга жеткирген азаптуу дүмөктүн себебин билүүгө Мойдун чындап чыгынды:

— Деги байке, ал-жайыңызды толук түшүндүрүңүзчү. Чала-була уктум. Канчасы чын, канчасы жалганын билейин.

Айбаш көзүн ала кача энилген боюнча инисине үн катпады. Сураарын сурап агасынан жооп болбогон соң Мойдун кыйпычыктады. «Атаганат, өзү жазылмайын такыбай коё турбай. Дагы эле мени баласынтабы? Сырын жашырганыбы: «Кайда-ан... Залкарлыкка көнгөн адам болору болуп, боёсу канган ички жабырын кайрадан ырбатып алгысы келбей, согулган өзүн да, эпкин өткөндөн соң келген мени да аяп атканыбы».

Айласы курган Мойдун бош койканын жанындагы үкөкчөгө газетадан жая сала, апкелген жемиштерин койду.

Айбаш майпайып, жакындай жылды:

— Алыс жол баскан апелсинден ооз тиеличи. Адамга сый даамга насиптеш болуудан артык бакыт барбы.

Мойдун кабыгын ааркып жылдырган апелсинден Айбаш бат-бат бөртүп, тамшана сугуна берди. Аныи насип жөнүндөгү сөзүнөн Мойдун «мага эсенчиликтен өткөн байлык жок. Калганын азыр териштирбей коё тур» ишааратты аңдады. Базарлыгынан баш көтөрбөй, көңүлдөнүп жегени, аны урматтаганы, а түгүл келишин эңсеп күткөнү маалымдалды. Мейли жашы да, жолу да, ага жумшаган камкордугу да улуу адам өзү чечилсе айтаар. Болбосо жер тамырынан эл тамыры узун эмеспи. Бакисин угат. Кудуретине жараша Мойдун далаалатын жасайт.

Кыраакы адам инисинин коомайсына кандайдыр делебеси сууй түшкөнүн туйду. Арийне, ага эми иш өткөн соң баштан аяк медирөөнүн кереги не? Андагы тыткакташкан азаптуу кагылышууларды эскерүүнүн өзү да күндө кылт этип өйдөлөй көтөрүлүп, демин кыстыра жанын кыйнаган жүрөк кургур кайрадан кансыратаар. Өзүнүн кызы — Садаты баштаган, врачтардын чоңунан тартып баары бир үндөн — «эч толкундабаңыз. Келгендерди киргизбейбиз, өтө жакындарыңызга кыска жоп кайтарыңыз. Өткөндү эскербеңиз. Өлүм оозунан зорго кайттыңыз. Сизге жашоо керек. Режимди сактап тынч дарыланыңыз» — деп безилдешет. Туура. Эс-учун жогото алдастап кыйналганда «иштен алынганга, жазаланганга кайылмын. Чымындай жаным аман калар бекен» деп заруулаганын кантип унутат. Эми ошол тобосунан жангысы келбей турбайбы.

Башынан бу кишичелик куурал да, жыргал да өтө элек, толукшуган жаш азамат Мойдун аны этибарга албай, агасынын жазасын өзү тартчудай жаңыдан сабылып, түгөл билүүгө түйшөлүп отурбайбы. Жо... Айбаш кимге да болбосун берген убадасынан танган эмес. Бу саам, нечен ирет жаны үзүлүп кетчүдөй ымыр-чымыр жер астын-үстүн ала чакмактап... жарык дүйнө өчкөн шамдай көзүнө караңгыланганда өзүнө берген убадасын да бекем кармайт.

Эрини ширин апелсинден татканы менен кыялы чабагандап сыркоо Айбаш инисине алайды:

— Өтөөр иш өттү. Тагдырыма таарынбайм. Менимче туура эле жазалашты. Азыр эч кимге арыздангым келбейт. Сен да үкөм, мен тууралуу бирөөлөргө кайым айтпа, жаман көрүнбө. Кийин аман-соо сакайып кетсем акылдашарбыз.

Мойдун сөз кошууга эринин эптегенде, Айбаш акылдуу көзүн сурданта, саал толкундабыраак, бирок токтоо сөзүн улады:

— Сен мени туура түшүн. Сөзүмдү бөгөбө. Жооп айтпа. Мени өкмөт аябай алдейледи. Бир адамдын башына тиешелүү бакытты мелт-калт толтуруп берди. Сыягы менден да талап күтчү, жооп алчу мезгил жеткен окшойт. Туура эле чакырышты тартипке. Ишенчектик, байкоосуздук кылып мал, акча каражаттан шылуундарга көп чыгымдапмын. Алардын жалган эсебине азгырылыпмын. Аны алдын ала байкабай өзүмдөн кетти көп күнөө. Эч кимге таарынчым жок. Эми менден эчтеке сураба. Макулбу. Сыртымдан, Садат аркылуу баамдап, көп келбе. Макулбу.

Айбаш жумшак колун сунуп, инисин кетирүүгө мажбурлады.

Шумдугун кур. Шундай да тобокелчил, өзүн айыптаган адам болобу? — Мойдун күдүктөнүп оорукананын ичке далисин өрдөгөндө бет мандай оро-парадан жалаңкат ак кемсел, топучан шыңга Садат мойнуна тыңшагыч аспабын иле, тосо чыкты.

— Оо, байке! Көпкө отурдуңуздар сүйлөшүп... Атам а дегенде жаны кыйналганда сизди сурап атты. Азыр толкунданган жокпу?

Айбаштын аз сүйлөгөн абалын эми гана сезгендей Мойдун кайпактады:

— Жо-ок. Байкем өтө катуу жыгылган экен ээ. Ошондо эле жеңен экөөң мага кабарласаңар эмне. Мен эч нерседен шекшөөратсыз жүрбөдүмбү.

Садат Шакир деген илимпоз-фармоколог жигитке турмушка чыккан. Кыздуу да болушкан. Өзү терапевт. Атасын иштеген ооруканасына жаткызган да өзүдүр. Батыш экөө ынак. Үйлөнүү тоюн ата-энесин төрүнө отургузушуп Мойдун, жары экөө тейлеп өткөрүшкөн. Үймө-үй катыштары дурус. Эгер жай жолугушканда кенен маектешмек. Азыр Садат врачтык токтоолук менен акырын шыбырай, терезенин тактасына жөлөндү.

— Сизди атайлап шекшооратсыз кармадык. Ой. байке, биздин коркконубузду, убарабызды айтпаңыз. Акыбетибиз кайтып, аман апкалганыбызга сүйүндүк. Кызматы курусун. Аны укандырсыз. Азыр атама саламатчылык керек. Калганын кечинде сүйлөшөрбүз. Жеңем чакырды бизди.

— О, жакшы болгон тура. Барагой эми, пациенттерине.

Мойдун тээ бир кезде жайлоодо куурчактай көтөрүп эркелеткен карындашынын мынчалык чыйрак, ишкер адам болгонуна купулу толду.

Садат атасыныкындай жайык маңдайын жаркырата, бакыраң көзүн балбылдата, агасына изаат көрсөтө ийиле чегинди:

— Менин негизги пациентим эле атам. А кишиге узак маектешүү да, кубануу да, кейүү да зыян. Күндө эскерткенибиз ошол. Киши деле киргизбейбиз. Кан басымын чеңеп, дары-дармегин байкаштырайын.

Мойдун манчаларын эбелектете карындашына коштошо басты. Ал эми оюнда топуктуу адамдын жана анын карачечекей кызынын оорунун катуу учурундагы эч каршылыксыз айыпка макул болгон жоруктарына ынанбай, түпкү себебин иликтеп билмейин, жеке райондун жетекчисине эмес, республикалык уюмдарга кирип, Айбаш Султановдун жазасын жумшартмайын баары бир тынчтык албасын, а окус бейчеки кийлигишсе да, ан үчүн кагуу жеөгө кайыл экендигин бышыктап баратты.

АК ТАЙЛАК

Чоң ата келгенде

Осмон бойтойгон беш жашар бала. Ал эс тартканы шаардан чыга элек. Чоң эне, чоң атасы алыскы тоолордун арасындагы айылда жашайт.

Анда-санда гана куржун толтура дүйүм тамакты бышырып келип, балдарынын эсенчилигин билип, жаңы кийим кийинип, кайра бат эле кетип калышат. Бул жорук негедир Осмондун ичин ачыштырат. Бир жолу «чоң атам менен кошо кетем» — деп ээрчип ыйлап, жаңжал да салган. Кийинки келгенинде чоң атасы аны балдар бакчасына жеткирип коюп, «эртең чогуу жөнөйбүз» деп алдап кетип калган. Анда каардуу кыш мезгили эле. Мамасы менен папасы «жаз болгондо чоң атаңды чакыртып алабыз да, сени кошуп жиберебиз. Каймак, айран, жуурат чыгат, козу-улак, музоо менен ойнойсуң. Салкын абада жүрүп, монтоюп кыпкызыл болуп сергип келесиң» дешип бекем убада кылышкан. Мына, жаз эмес жай келди. Шаарда күн аябай ысык. Чоң атасынан али дарек жок. Осмон болсо түңүлө баштады. Ал түгүл чоң атасына таарынып да жүрдү. Ал эмне үчүн чоң атасыныкына барууну эңсейт?

Биринчиден: чоң атасы менен чоң энеси келген сайын жалынып-жалбарып чексиз эркелетишет. Айтканын эки дебей ою менен болушат. Өзүлөрү да Осмонго ар түрдүү

оюндун башын көрсөтүп эрмектешет. Мамасы менен папасынын тыюу салганынан калкалашып, «күл чачарың барбы деген ушул» дешип, ээн-жайкын коё беришип, үй-ичин чакчелекей түшүргөнүнө кубанышат. Ал эми Осмондун көп эле ойногусу келет.

Экинчиден: тоо-таштуу, аска-зоолуу, адыр-белестүү, карагай-черлүү, айбанаттуу, көгүлтүр көлдүү, мөлтүр булактуу кооз жаратылышка суктанат. Чоң атасы кышында келгенде, «боз ингеним ботолоду. Апаппак болгон татынакай тайлагың бар. Ошону, куйтунум, сага энчилеп койдум. Барып өзүңдүн тайлагыңды көрсөң болo», — деди. Андан бери бир далай күндөр өттү. Аппак тайлагы чоңоюп калгандыр... Дүйнө жүзүндө чоң атасы энчилеп берген аппак тайлагындай кооз, сонун эч нерсе жок чыгаар. Аппак тайлагы да ээси Осмонду сагынып жүргөндүр...

Күндөрдүн биринде папасы «Осмонду бир-эки айга алып кетиңиз»,— деп чоң атасына кат жиберип калды. Каттын аягындагы апакай баракка Осмондун беш манчасын бытыйтып тартып жиберди. Осмон аябай сүйүндү. Ошол эле күнү келип калгай эле деп, чоң атасын чыдамсыз дегдеди. Түн ичинде төшөгүнө жатканда да далайга чейин көзүн бакырайтып, «мына келип калат» менен уктаган жок. Эртеси, бүрсүгүнү, анын эртеси да күттү. Дагы эле чоң атасы келбеди. Күн сайын балдар бакчасынан тез кайтууга шашылат. Баары бир чоң атасы астынан тосуп чыкпайт.

— Калпычы. Катты жиберген жоксуң. Кана, чоң атам келгени? — деп колдорун тепендете шилтегилеп, тескери карап мурчуюп, папасына таарынчу болду. Күндөр өтө берди. Чоң атасынан дайын болбогондон кийин Осмон санаркап, куса болуп, ал гана эмес түңүлүп да калган эле... Бакчадагы курбуларына чоң атам келет деп жалганчы болду...

Эртең менен өзүнө чак тыпыйган кроватында шейшепти серпе тээп таштап уктап жаткан.

Чукуранып козголуп кетип бети-башын кандайдыр бир нерселер сайгылап, кыбыратып, кычыштырып жатканын сезди. Кулагынын ичинде түшүнүксүз кобур-собур үн колдурайт. «Түшүм» дедиби, уйку-соонун арасында жумулган кош кирпигин серпип ача салууга бардык күчү менен чымырканганча болбой, кандайдыр мээримдүү алак кылып жогору карай ыргытылгансыды. Жыгыль кансып, таянчык издей аптыгып, кокусунан көдөтүп ача коюп, кайра жумду. Көз кычыгынан алсыз шоола алдейлеп алып олтурган чоң а

гы көрө жүргөн көп түштүн биринде элестетип, кайрадан таттуу уйкуга алданып, шылкылдады.

— А-у, куйтунум! Сени алып кеткени келбедимби, ойгон... Чоң ата өөп-жыттагылап, туурасынан кучактаган бойдон отура калды.

Колдураган тааныш үн кулагына өтө даана шак этип, баятан бери беймаза кылып жаткан уйкуну биротоло кубалады. Бошураак жумулган мытырайган муштуму менен көзүн удаа-удаа укалап жиберди. Мына кызык, чоң атасынын колунда жүргөн экен да! Уйкусу умачтай ачылып, атасынын тизесине таканчыктап ордунан ыргып турду да, анын мойнуна асылып, быйтыйган алаканын тарак кылып, эми эле мөмө жүзүн сайгылаган чоң атасынын үксүйгөн сакал-мурутун, дембе-дем сылагылады. Жарпы жазылып, жагалданган чоң ата да айтарга сөз таппай кобурады:

— Сенин сагынганыңдан... куйтунум, чоң атаң айланып кетсин! Бытыйган колуңан тегеренейин!..

Осмон кубанганынан колун ары-бери кыйшайтып, чоң атасына кандайча жаракөрлөнөр айласын таппайт. Адегенде эле өзүнүн жакын досун сурайт.

— Ак тайлагым чоңойдубу?

Чуудалары сенселген, койкойгон тайлак болду. Сени көтөрүп чаап кете турган,— дейт чоң атасы, кызылдуу жүзүн күлүмсүрөтүп.

— Ай-ийий... Калпычы десе, менден кичүү туруп кантип жыксын... — дейт Осмон кымыз жыттанган чоң атасына ансайын ыктап, ичи-койнуна кирип.

— Ак тайлагым кимге окшош?

Чоң атасы небересинин суроосуна бырс күлүп жиберип, түшүндүрүүгө киришет.

— Коштуналардын аппак күрпүсү жүрбөйбү. Дал ошондой тартагай. Койкоюп мойну узун. Бакырайган чөйчөктөй капкара көзү да бар. Апаппак үлпүлдөгөн чуудасын айтсаңчы. Торсойгон кош өркөчтүү, кулагы тикчигий, куйругу кыска. Курсагы ачканда чопулдатып энесинин эмчегин эмет. Бартылдатып көбүргөн жейт дейсиң.

Осмондун күлкүгө толгон тегерек беттери ажарланып көздөрү бакырайып атасынын оозуна тигиле берет. Анан сүйүнгөнүнө чыдабай кыйкырып да ийди.

— Ай-ий. Сонун тура. Анан...

Атасы мукактана түшүп, сөзүн улайт:

— Балам, сенин тайлагыңа бар эмеспи... «Кудай тобо ушундай да сүттөй тайлак болот экен ээ» дешип көргөн элдин баары таң калышат. Энең кишинин көзү тийбесин

деп, куйругуна көз мончок тагып койгон. Аман эле болсун. Жакшы мал адамдын багына жараша туулат... Бөйтөйүп өзүнө окшош... — Осмон чоң атасынын узун сабак сөзүн көңүлдүү тыңшап олтурган. Негедир жапыс кабагын чытый койду:

— Ак тайлагым мени тааныйбы?

Чоң атасынын күлкү аралаган сакалынын учу дирилдеп, өтө элпек жооп кайтарды:

— Ананчы. Сен ээси болосуң, билдиңби. А ээсин тааныбаса, арам өлбөйбү.

Осмон кубанганынан бор-борс кыткылыктайт. Бир аз тыным өткөндөн кийин, тыпыйган алаканы менен чоң атасынын күмүштөй сакалын сылагылайт да:

— Эми алдатпайм... «Чоң атасыныкына жайлоого барат»,— деп папам мени кечээ бакчадан чакырып келген. Билесиңби, силердикинде эки ай жүрөм. Ай-ий, абдан көп. Эми мени таштабайсың, ээ. Алып кетесиң, ээ.

Чоң атасы небересин ийнине кондуруп оозгу үйдү бет алды.

— Куйтунум, сага мени калп кылып жаткан маман менен папаң. Бул жолу өзүлөрү алып кет деп чакырыптыр. Эми кыңк эте алышпайт. Тим эле чаң-тополоңун чыгарып жиберермин, билдиңби, куйтунум. Сөзсүз барасың. Жүрү куржундун килитин сөгөлү. Энең уулума деп бөйрөк, шыйрак, эжигей, курут салып жатат эле...

Осмон чоң атасынын мүрүсүндө жүрүп, папасы менен мамасына мактанычтуу алаканын тып-тып чапкылайт:

— Ак тайлагыма барам. Чоң атам экөөбүз бирпастан кийин кетебиз. Кантесиңер.

Жайлоо

Жайлоо! Осмон үчүн кандайдыр кереметтүү сөз эле. Алыстагы касиеттүү жерге жомоктогудай алптар, же болбосо өзүнүн чоң атасы сыяктуу кайраттуу гана кишилер бара алышат деп ойлочу. А эмичи... Кара боз атта алкынтып, атасына өңөртүп алып өзү келе жатат. Колхоз кыштагына чейин машина менен жетишкен. Андан бери жайлоону бет алып атчан жөнөшкөн. Мелтиреген саргыч ыраң эгин талаасынан өткөндө, эки жагы зоокалуу капчыгайды кудуп кириштн. Туш-тушунун баары карагай, кайың, арча, бадал. Жанга жагымдуу салкын чачкан жыпар жыт көңүлдү сергитет. Осмон кулуюп сөз чыгарбайт. Элендеп, кооздукка көз кумары канбай тиктей берет. Бир бутактан экинчисине учуп конуп жаткан

ар кыл кооз чымчыктар, кубулжутуп сайраган булбул үнү, акак таштарды күзгүдөй жалтыратып үстүнөн жайпап аккан мөлтүр суу, асманда абалап учуп, зооканын жыбыттарын көздөй эңиштеп сызган далдайган канаттуу куштар, темир така менен корумдарды бычыратып, ийрибуйру имерилиштердеги чоң таштардан каршы-терки жолду бөгөй жыгылган чириген устундардан мышыктай аттап өтүп, алчыланып жүрүп бараткан кара боз Осмондун балапан кыялын оштонтпой коёбу. Атка көнбөгөн шаардык уул атасы бооруна кыса кучактаганына карабастан, ээрдин кашын бекем тутамдап алган.

Аскасы бийик Ала-Тоо,
Жери сонун кыргыздын.
Берекелүү, меймандос,
Эли сонун кыргыздын —

деп атасынын колдурап ырдаганы, дал эле ошонун өзүн кайталаган укмуштуу жаңырык Осмонду таңдандырды.

— Бул эмне, ата,— деди Осмон шектүү.

Атасы небересинин кыйкырып көрүүсүн суранды. Осмон эрдемсип үнүнүн бардыгынча чаңырды:

— А-уу!

Анын артынан удаалаш «аа-у-у-уу» деген узакка созулган жаңырык заңылдады.

Осмон кулагын делдейтип тыңшап турду да:

— Таптым. Таптым. Музыка деген болот. Билесиңби,— деди атасына мактанычтуу. Чоң атасы небересинин сербейген көкүлүнөн жыттагылады.

— Э-эй, кичинекей айбаным, мына бул бет мандай кабышкан зооканын жаңырыгы эмеспи.

Осмон башын чулгуп такыр ынанбай койду.

Дагы нарылап бастыра түшкөндө четиндин, итмурундун, бөрү карагаттын шагы ийилген мончоктой мөлтүрөгөн аштары баланын көзүн кычыштырды. Кыйшайып колун созуп ат үстүнөн үзүп алууга да ниеттенип көрдү. Бирок аракети текке кетип жатты. Бири-бирин тиктешкен жалама асканын койнунан чыгышып, бадалдуу жашыл тоонун боорун кыялай өр тарта бастырышканда баланын көңүлү баштагыдан беш бетер жагалданды. Осмон кара боздун тизгинин кыпкызылынан чокмороктошкон чоң түп четиндин ашын көздөй ийе тартып, атасына жалооруду:

— Атаке, алат элем.

— Куп болот, куйтунум,— деп чоң ата лып атын токтотуп, баланы, куржунду жерге түшүрдү. Осмон чөп-чарга чалынып жыгылганына карабай чандаланган, четин-

дин мончокторуна барып асылды. Чоң ата аттын ооздугун чыгарып, отко койду. Куржундун килитин чечип, небересине конфет, алма алып берди да:

— Ушул четиндин түбүнөн кетпей ойноп тур. Мен тиги тескейден ышкын терип келейин. Макулбу,— деди.

Осмон жым дей түштү.

— Ай-ий... ышкынды жейм, ээ...

— Жесин деп терип келгени жатпаймбы. Суусунуң канат. Коркпойсуңбу? Чыныңды айт, куйтунум.

— Жо-ок,— деди Осмон күлмүндөп.

Чоң ата кемселинин эки өңүрүн белиндеги куруна аңтара кыстарып, арыштай басып, тез эле бет маңдайдагы тескейге таяна берди. Анан бадалдарды аралап көрүнбөй калды. Осмон чыны менен эле элеңдей баштады. Чоң атасын көрүп турганда эч сестенген эмес. Жогорураак боорго тырмышып чыгуу аракетин көздөдү. Анткени — чоң атамды көрөм деген ойго келди. Бет алдындагы кичинекей такыр дөбөчөдөн кош бутун көтөргөн сары күчүктөй болгон неме:

— Аңкыш, аңкыш,— деп ачуу, удаа-удаа кыйкырып теке маңдайынан чыга калса болорбу. Осмон бакырган бойдон атын карай текилдеди. Аюу, карышкырдын бири го деп коркту. Буту-бутуна тийбей, жыгылып-туруп кылчайып карабай озондоп, атакелеп жүрүп олтурду. Көздүн жашынын салаалап акканына эсеп жок. Баланын чыңырганын элдир-селдир эшиткен чоң атада жан калбады. Жылан чагып алдыбы, же атка тептирдиби деп чочулады. Тартаңдап анда-санда бир тийип, колуна азоолок ышкын тутамдап, тике ылдый чуркап жетип келсе, бала тыбырчылап, жер тепкилеп жатат. Оозунан көбүк агып, шайы ооп калган. Алаканына салып, өөп-жыттап көтөрө коюп, колуна ышкын карматып, эмне болгонун сурады. Өпкөсү көпкөн бала, алдын торгогон коркунучтуу жырткыч жөнүндө зорго божомолдоду.

Чоң ата алдап-соолап баланы сооротkон соң:

— Кантейин, үйдөн чыгарбай шаардык кылабыз деп жүрүп, мамаң менен папаңдын тарбиясы ушулбу. Коён жүрөгүм. Куйтунум, ал суур деген болот. Киши түгүл чычканга да тиш сала албайт,— деди.

А Осмон болсо:

— Ооба... сага... калпычы. Мен карышкырдан корктум... — деп атасын кекете соолуктаганын баспайт. Чоң атасы солкулдак ышкынды керте-керте сындырып, небересин кызыктырып жедирип отуруп, суусунун кандырды. Жогорулап ээрчитип, басып чачылган «мончокторун» те-

рип берди. Суурдун ийнинин оозундагы дөбөчөгө келип
— Жанагы карышкыр капыр ушундан чыктыбы,— деп сурады.

— Ооба,— деди Осмон солуктай түшүп терең улутунуп. Чоң ата ийиндин оозун дүк-дүк тээп, эңкее түшүп түпкөрү карай сөөмөйүн шилтеди.

— Жинди «карышкыр». Менин баламды коркуткусу бар. Эр болсоң үйүңдөн бери чыгып көрчү. Башынды жулуп алайын...

Осмон атасынын «баатырдыгына» борсулдап күлүп, жарпы жазыла түштү. Бирок үйүнө жашырынып корккон «карышкыр» менен атасынын көпкө эле текеберлешип турушу ага жаккан жок. Барып, кемселинин этегинен тартқылады:

— Жүрчү кетебиз. Ак тайлагыма качан жетебиз.

Чоң ата небересинин оболу менен болуп, шашып аттанып жөнөдү.

— Мына, аз калды,— деп улам бир белести көрсөтүп, көңүлүн улайт. Осмон чарчаңкырап калды. Түгөнбөгөн узак жолдон тажай баштады. «Качан эми... канакей» — деп улам-улам атасынын тынчын алды. Чоң атасы да кара бозду кош үзөнгүгө илинген буту менен капталга нык-кып, желдире-жорто ыкчамдатты. Ансайын Осмондун ичекарды эңшерилгенсип ооруксунуп, көзү чүңүрөйө түштү. Ийри-муйру созулган бийик ашуудан ашкандан кийин, жер такыр башка көрүнүшкө алмашкан. Карагай-чер турмак серейип чыккан тал да, оркойгон таш да көзгө чалдыкпайт. Жапырт жашыл ыраң жамынган жыбыт-жыбыт белес-кокту. Бетеге, доңуз сырты, козу кулак, кымыздык, көбүргөн аралашкан катыш чөптөрдүн арасында кылактаган ак жака көгүлтүр шимүүрлөр, барсайган таажылуу ачык сары улар гүлдөрү баланын кызыкчылыгын козутуп, өзүнө чакырат. Жайлоонун жыпар жели леп-леп кичинекей шаарлыктын кубакай бетин желпип өтөт. Эртеден бери ээрге арта салынып, саландап келатып талмоорсуган бутун жыйыштырып атасы туурасынан өңөрүп алган. Осмон көздөрүн бүтүйтүп, кооздукка момурап тигилип келатып, атасынын төшүнө башын жөлөп, уйкуга кеткен. Атасы кемселинин топчусун чыгарып, небересин куйтуйтуп бооруна кысып, атынын басыгын чамдатууда. Төрт түлүк мал жайылган белести, боз үйлөр шаңына чыгарган кокту-ларды аралап, өз үйүнө жетти. Чоң эне балпалактап небересин аттан уктаган боюнча кучактап алды да, өөп-жыттагылап:

— Торсокем, Чындыйган медерим, Чарчаган экенсиң,

ээ,— деп атыр себилген шаардык жаңы кийимчен небересин үйүнө көтөрүп кирип, жумшак төшөк үстүнө жаткызды.

— Уктай кой, кичинекей орусум. Эртеңден баштап чандаландап ойнуң канбайт.

Чоң ата атын байлап, куржун-кечесин түшүрүп болгон соң:

— Я кемпир, кудайдан корксоң куйтунумдун тайлагын байлап койсоң боло,— деди түйшөлүп.

Чоң атасынын үйүндө

Чоң ата менен чоң эне шаарга көнгөн кичинекей небереси беймаза кылып кайра качпагай эле деп чочулашты. Анткени — жайлоодо шаардагыдай балдар бакчасы, кино, театр, дүкөн кайдан болсун. Бүктөй салып жүктөп көчүп жүрмө боз үйдүн ичинде кроват, стол, электр, радио, аттуу жок эле. Кемпир-чалдын колунда баланы алдай турган жалгыз буюму он беш табагы менен кызыл патефону гана. Жер-жемиш, конфет, печенье өндүү балдардын сүйгөн тамагын мындан 35 километрдей алыс маданий борбордогу көчмө дүкөндөн гана барып алууга болот. Көнгөн жайларын эңсеп, ичкен тамак-ашын таап бер деп чырласа кантебиз — дешип абышка-кемпир өзүлөрүнчө кужулдашты. Экөө тең небересинин үстүнө үйрүлүп түшүшөт. Иши кылып, шаардык мейман — Осмондун кыйыгына калбасак экен дешет. Чоң эне берекелүү колундагы бар тамагын небересинин оозуна кармоого даяр. Чоң ата болсо, өзү баккан колхоз төөлөрүн тосмологондо кошо өңөрө барып, жердин сонунун көрсөтүүгө, жайлоодогу малчыларды аралатууга ниеттенет.

Эмки кеп Осмондо калды! Шаардык небере чоң эне түкшүмөлдөгөндөй беймаза салаар бекен же жокпу?

Кечээ керелди күнү кечке атка салактап өңөртүлүп келип чарчаган неме, эртеси жалган түшкө чейин уктады.

Осмон бир маалда көзүн ачса, өңүндө алгачкы ирет көрүп олтурган жомоктогудай сонун жайда. Шаарда ысыганынан жалантык шейшепти серпе тепкен Осмон — шайы жууркан ичинде. Өзүнө чакан кроваты жок болсо да, асты жумшак. Үй ичи салкын Адаттагыдай денеси нымшыбайт, кайра серүүн тартып жеңилденип калган. Көзүн ого бетер бакырайтып ачып, кыйлага айланасын байкады. Чатыраштай көзөнөк-көзөнөк кереге көздөрү, анын кайчы кулак баштарына жалгашып, шоодой болгон, сан жеткис ууктар асманга илинген тептегерек түндүктүн алка-

гындагы көзөнөкчөлөргө шыгырата ашталган. Түндүк жабуу кайра тартылуу эле. Осмон кичинекей чамгарактан асманды көрдү. Үй ичине жарыкты да, салкынды да ошол көгөргөн асман себелеп турду.

Тезек каланган коломтодогу тулгага асылган бөрсөйгөн чакан казандын жыгач капкагынын жылчыгынан билинер-билинбес буу көтөрүлгөнсүп, майлуу тамактын жыты келди. Осмон өз ичинен «беш бармак» деп болжоду.

Узакка мелтиреп жата албады. Чандаландап секирип тураары менен эки жактагы эмеректер баланын көңүлүн бурду. Эскирип калган, ар кыл түрдөлүп чырмалган чыгдандын ооз жагындагы керегеге илинген кулжа мүйүз тартып койкойгон оймо-чиймелүү кызгылтым көөкөргө жетип барды. Торсойгон боорун сөөмөйү менен түрткүлөдү эле, ичиндеги суюктук удургуп, чулк-чулк этти. Осмон кымылдай түштү. Керегенин көзөнөктөрүн тепкич кылып өйдөлөдү да, көөкөрдүн илинген кайыш боосунан чыгарып алууга тырмышты. Далайга алы жетпей тырмаландай берди.

Уйкусун бузбайын деп ары-бери басып, ийигин санына жанып коюп, төөнүн чуудасын созолонто ийрип, үйдүн сыртынан акмалап турган чоң эне небересинин небак ойгонуп убараланып жатканын көрүп жардамга келди:

— Өпкөмдү чабайын, торсокем, суусадыңбы, ыя? Түндө да бирдеме шам-шум этпей койдуң. Кардың ачты го я. Казанга эт салып койдум. Тыякта каймак бар. Талкан бар. Көмөч бар...

Чоң эне көөкөрдү кош колдоп жерге көтөрүп койду да, небересин астына кондуруп отура кетти:

— Кана, эми сурайынчы. Өпкөмдү чабайын торсокем, папаң менен мамаң демдүү-күүлүү жүрөбү? Сени бат эле келгин деп, кулагыңды чоюштубу, ыя?

Осмон чоң энесин карап «жок» дегендей башын чайкап, мулуң этип күлүп койду. Анан көөкөрдүн эки каптalындагы мүйүзчөсүн кармалап, соңуркады:

— Бу эмне? Айтсаң, энеке?

Чоң эне небересинин сербейген көкүлүнөн жыттагылай, ичинен кытылдап алды да:

— Эми кантейин, кичинекей орусчам. Бу көөкөр деген болот. Ичи толтура кымыз. Уулум ичсин деп үрөңбаранда чоң атаң жылкы пермасынан алып келбедиби. Кумшекер салып чайкап койгом. Орусчам, жанагы сенин папаң дал ушул көөкөр менен чоңойгон.

Осмон чоң энесинин астынан ыргып түштү:

— Билдим, билдим. Көп-көп ичем.

— Ошент, өпкөмдү чабайын. Кымыз ичсең чоң атандай кыпкызыл, балбан болосуң.

Осмон кубанганынан борс-борс каткырып жиберди.

Чоң эне чыны кабынан идиштерин алып, беш чыныга кымыз куюп кыдырата койду.

— Мынакей, торсокем. Мына бул үчөөнү уулум, келиним, өзүм үчүн мен ичем. Береги экөөнү чоң атаң, өзүң үчүн сен ичесиң.

— Ай-ийий кызык. Ак тайлагым үчүн да ичем.

Чоң эне санын тарс чаап, небересинин балалык кыялына кубанып, жоон таба албай:

— Биссимилла,— деп өзү четтеги чыныдагы кымызды шып жутуп жиберип берки чыныны небересине сунду. Осмон кетенчиктеп кабагын чытыды:

— Бетимди жууй элекмин, эмне? Самынымды, тиш жуугуч пастамды, щеткамды таап берчи.

Чоң эне болсо өз милдетин аткаргысы келди:

— А өпкөмдү чабайыным. Аныкорусча болгонуң ушул. Баланын бетин умай энеси уктап жатканда эле жууп коёт. Таптаза эле болуп турасың. Жана сенин папаң бар эмеспи, төшөгүндө жатып тамак жечү. Ме, курдегенде ооз тий, торсокем.

Осмон башын чулгуп, караманча болбой койгон соң, чоң эне кечээ өзүлөрү алып келген куржунду оодарып, сураган буюмдарын алып берип, бетин жуудуруш үчүн сыртка ээрчитип чыкты. Босогодон аттар менен эле ээнжайкын мелтиреген көк шиберди көрүп, Осмон майкетурсычан торсолоңдоп даң салып жүрүп кетти. Бети-колду жуучу жез аптабасын кармаган чоң эне чакырып токтото албады. Жайлоо канчалык бийик болгону менен анын көйкөлгөн шиберин аралаган бала күйүгөбү. Бет мандайындагы нар жон тарткан жашыл белесте кылактаган сары, көгүш гүлдөрдү алыстан көрүп, ошолорду көздөй чымылдады. Бирок, шыдыр өтүп кете албады. Анткени — белесченин түбүндөгү жайык сайды жайпап мөлтүрөп кашка суу агып жаткан эле. Осмон дароо ал кызыкчылыгынан баш тартты. Уучундагы самынын, өзүнө чак тиш жуугуч щеткасы менен пастасын суунун жээгиндеги жалпак апакай таштын үстүнө коюп, эңкейип мөлтүр суудан кош колдоп кочуштап мойну-башынан бери жууна баштады. Ал жышынып бүткөнчө чоң эне колуна сүлгү алып жалынып-жалбарып, жакын келип калды:

— Тазалыгыңдан, тарбияңдан, айланайын. Бул сенин калаан эмес. Тоо жери деген болот. Бирөөнүн көзүнө чалдыгасың, көп антпей жүрчү, торсокем. Шашпа орусчам, сени какмарлатып, көндүртпөсөм элеби... Болду эми, өпкөмдү чабайын. Жалдыратпай тамагынды иче кой. Атакең ак тайлагынды алып келип калат.

Энесинин акыркы сөзүн угар замат чала-була сүлгү менен сүртүнгөн болуп, чандаланган үйдү карай дыр койду. Небересинин буюм-теримин жыйнап чоң эне да артынан шашылды. Үйгө кирип барса, Осмондун көзү жайнап чанагынан чыгып, капшытка тура калды. Төрдөгү көлдөлөңдүн үстү көлдөгөн кымыз. Бөрээк четте кырданган дондош чыны. Жүк түбүндөгү айдөшкө көөкөрдүн капкагы ачылып, кымыз жылжып агууда. Чоң эне балпалактап төргө өтүп, чу дегенде көөкөрдү көтөрүп ала койду.

— Арам орусчам... коркпо, торсокем. Сени урсам колума шал тийсин. Акты төккөндө болчу эмес эле... Кудай өзү кечирсин...

Көлдөлөңдүн саксак көрпөлөрүнүн арасына житип кылкылдаган кымызды жерге агызбай дондош чыны менен үстөкө-бостоk сузуп, мискейге куюп тез эле тазалап жиберди да, көлдөлөңүн үйдүн сыртына жайып, колун жууп келди. Күнөөсүн толук сезген Осмон анча-мынча эсин жыйып алды. Чоң энесинен кандайча жаза аларына көзү жетпей, баягы капшыттан былк эте элек. Эгерде өз үйүндө ушундай олдоксондук кылса, мамасы аны небак бурчка чөгөлөтүп катырмак. Чоң энесинин күлүп киргенин көрүп, эрдемсиди да, кечирим сурады:

— Энеке, кечир. Экинчи минтпейм.

— Ок, арам орусчам, кыбыр этсе ушинттирип, мамандын үйрөткөнүбү. Аны барганда өзүнө айт. Сага кечирбегенде чокума кечиремби. Урбайм торсокем, келе кой, тамак ичели.

Түрдөмөл чыгданына баш багып, мөңкөндөп жатып, нан, каймак, курут алып чыкты. Чогун ичкерткен казанынын капкагын ачып, небак бышкан этин аралаштырып, бөйрөк-шыйракты табакка салды да, капкагын кайра жапты. Анткени — беш бармакты абышкасы келгенде чогуу жешмек. Анан жайдак калган шырдагынын үстүнө жүгүнөн курама төшөгүн жайып, небересин отургузду. Осмон али култуюп үндөбөйт. Чоң эне бөйрөгүнө чейин бөксөргөн көөкөрүн тизесине коюп чайкады. Жана небереси чыныларга куюлган кымызды ичпей дан салып жөнөгөн соң, өзү шыпкан идиштерин жыйнап күнгө жы-

лый турсун деп, түндүккө тушма-туш жүккө жөлөп кеткен. Осмон келип, чыныны алып, куюп ичем деп ниеттенип, толтура көөкөр кымызды эңкейткенде тең боло албай төгүп алып отурбайбы.

Нанды коё сала этти бурдап, анан каймактап илип жеп, куруттан кетип күтүрөтө чайнап, баш аламан күйшөгөн небересине чоң эне мелт-калт куюлган эки дондоштун бирин сунду да өзү шып жутуп ийди.

Осмон колуна кармаган боюнча ууртабай туруп күлмүндөдү:

— Кел, эне, кагыштырып ичели!

Чоң эне экинчи чынысын жакындатты:

— Ал эмнең, арам орусчам.

— Папамдар шампанды ушинтип ичишет. Сен билбейсиңби?!

Аңгыча алыстан заңкылдаган үн чыкты:

— О-уу, кемпир. Уулуңду алып чык!

Осмон чоң атасын таанып, анда-мында бир тийип чоң энеси козголгончо эшикке атып жөнөдү.

— Ак тайлагым! Ак тайлагым!

Жогору жактан желпилдеп желип, моюндары куркуйган, буттары тартайган, курсактары дардайган килейген төөлөр самсып келатышат. Карайт, карайт, аппак тайлагы көзүнө чалдыкпайт. Баарысы эле кара боз тарткан лакыйган чоң төөлөр. Неси болсо да ушулардын арасынан жашырынган жеринен табам го деп кыялданып типтике жирей чымылдады.

— Оо-уу, куйтуңум! Бас нары. Үйгө кир. Мына тайлагың. Азыр алып барам,— деген чоң атасынын үнүн улай делдейип башын жогору созуп, эң артта, адырдын боорундагы атчан атасын көрдү. Ал боз ингенди жетелеп алган. Бирде анын астын торгоп, бирде артта калып ойноп кетип, сүттөй болгон кичинекей тайлак келатат. Көзүнө чыны менен шумдуктуудай сонун учурады.

Атасынын «бас эле бас» дегенине болбой тике эле букулдап келаткан төөлөрдү жара качырып жөнөдү. Артынан «токто-о айланайындап» энесинин кыйкырыгы аянычтуу жаңырды. Осмон эч кимисине көңүл бурбады.

Кемпир-чал май кутурткан элкин төөлөр кибиреген баланы чарпып албагай эле деп чочулашкан. Чоң атасы боз ингендин буйласын серпип таштап өкүрөндөтүп чапкылап, энеси балпалактап чуркап жеткенче болбой бала дайынсыз төө арасына кудуду. Төөлөр канчалык зор, канчалык коркунучтуу болбосун эч сестенбеди. Бук этип коюп, куркулундап өтө берген төөлөрдү тайманбай ара-

лап кете берди. Ошентип, төөлөрдүн биринчи тобунан ажырай түшкөндө тайраландап келаткан жинди кара атандын астынан оро-пара чыга калып, «үркүтмөкчү болуп» он колун толгоп-толгон таш ыргыткан сымалданып сес көрсөтсө болобу. Жинди кара атан бармактай баладан коркпой калсын. Аны турушу менен бүкүлү илеп тартчудай оозун араандай ачып мойнун жер бетегедей ээнбаш баланы карай жакын созуп буф эттирип жинин бүрккөндө, баланын бети-башына бүт жаба берди. Осмон дардайган атандын капчыгайдай оозунан октой атылган жиндин илебинен сендиректей түшүп, такаанчыктап калганы менен, көзү ачышып, бети-башы таруудайдан бытырап учуп кеткендей карайлай түштү да, «атакелеп» бакырып-бакырып алды! Жерди-сууну аңтара ач кыйкырык салып, атынын оозун коё берген чоң ата чукул жетип калган:

— Ой, жинди, донуз! Баланы жедиң!

Сөгүп-сагып капталынан качырып, алда кайдан күүлөп келаткан чабындагы укуругу менен обдулуп, кара атанды чоку талаштыра каңк-каңк тартып-тартып алды. Жинди кара — буйт берип артына качып жөнөөнүн ордуна, тайрактап дал баланы тебелеп өткөндөй болду. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Чоң ата атынан ыргып түштү. Чоң эне «кокуйлап» алаканын шак коюп үстөмөнүнөн жыгылды.

* * *

Бүгүн үчүнчү күн... Осмон аруркап көзүн ачпайт... Чоң эне менен чоң атанын самандай өңү саргарып, ыймаңы кырк кез учкан. Ал түгүл жайлоодогу аймакташ— айыл-ападагылардан да күн сайын таң эртең самсып, баланын саламаттыгын сурагандары бүгүн араң басаңдады. Анткени эл — баланын өпкө-боору аман-эсен экенин, кудай жалгап жинди атандын таманынын чарпылган илебинен гана алда-кайда учуп эти ооруксунганын, бар болгону жүрөгү түшүп, аруркап калганын врачтан угушту. Ал эми Осмондун көзүнө өзүнө тааныш жаныбар, буюм кечелер да коркунучтуу болуп көрүнөт. Дайыма эле оозун араандай ачкан кара төө үстүнөн тепсеп тургансыйт. Өзү жумшак төшөккө эмес, кырдуу ташта жаткансыйт. Элирип тура калат, же бөйтөйгөн мөмө бетин албыртып жөөлүйт:

— Папаке-байым, жеп койду. Айда! Ак тайлагым качып кетти.

Чоң ата төшөгүнөн чып көтөрүп ала коюп:

— Ай-ай, кантесиң, куйтунум! Аччы көзүңдү,— деп жалынып-жалбарат. Төшөгүнө ороп, салкын абага алып чыгып, дөбөгө, шар суунун боюна барып олтурушат. Бир аз тынчтанып кайра эле элире баштайт. Күндүзү чырм этип сеп алганы менен, түндөсү таңды-таң атканча уйку бетин көрбөй элирип жөөлүйт. Чоң ата, чоң эне чычалаңы өксү кылбай от менен олтурушат. Кол кашыкка керегеге илинген куйруктан үзүп, коргошунга кошуп жалынга кактап көлкүлдөтүп эритип, калыпсыз жерге куюлган ийри-муйру эритиндини «жүрөк мончок» атап, небересинин мойнуна такты чоң энеси. Төртүнчү түн дегенде гана баланын жүзүндөгү жалын өчүп, тырп этпей тынч уктады. Абышка-кемпир да күдүндөшүп, жакаларын куушура кармашып «аллага миң мертебе тобо кылышты».

Ак тайлак

Осмон шапайып өндөн азып, көзү алайып, муун-жүүнү бошоп сакайды. Канткен менен шырп эткен дабыш чыкса элтеңдеп, ар кандай чоочун үнгө селт этип, оштонтуп муун-жүүнүн тез кубаттанткан — ак тайлагы. Ал дал ошол ак тайлагы үчүн гана көңүлдүү балдар бакчасы, кино-театрды таштап, алыс жол басып келбедиби.

Оорудан жеңилденип, түндө бут серппей уктаган бала, жалган түш ченде ирмейип баш көтөрдү. Үйдүн капшытынан:

«Бу-буу-лап», куду эмчектеги баладай чебеленген ичке үнгө жаргак кулагын делдейтти. Анын соңунан дагы бирөө:

«Ба-аа... ба-ааа... лап», мээримдүү баркырады.

Бул кош жаңырык биринен сала экинчиси саамдашып, бас менен тенор кошулуп ырдаган дуэттен бетер тыпымсыз кайталанды. Мындай жагымдуу жаңырыктарга, чоң атасы айткандай, «Коён жүрөк» кичинекей шаарлык бир четинен шектүү тикирейсе, экинчиден — дайынын билүүгө кызыкты.

Санаасы тынчтанган абышка адатынча үрөң-баранда аттанып кеткен. Чоң энеси акак ийигин созолонтуп, капталын жанып коюп адатындай эшикти түрүп таштап иреге олтурган.

Осмон төшөгүнөн туруп, илмеңдеп чалыштай тартып шашыла басып жөнөгөндө энеси карбаластап, түйдөгүн үзүп, ийигин ыргытып эбелектей небересин илип ала койду да, кемселине ороп, тизесине кондурду:

— Арам торсокем, орусчам, жаман кемпир-абышканын үрөйүн учуруп алдың, ээ. Өзүңдүн шоктугуңан көр. Биз эртеси абышка экөөбүз «сен-мен» дешип бир топ челиштик.

Осмон үлбүрөй түшкөн кубакай бетин жыйрылтымыш болуп, кашын түйдү:

— Энеке, тиги эшиктегилер эмне бакырышат.

— Я арам, боз инген менен сүт ботоңду айтасыңбы?

Дүңүнөн чала түшүнгөн Осмон башын ийкеди:

— Эми кантейин орусчам, ал сенин сүт ботоң апасына курсагым ачты деп жатпайбы. А апасы болсо: «Келе кой, эме кой»,— деп боздоп чакырганы ошол.

Осмон чоң энесинин сөзүн бөлүп күлмүндөдү:

— Менин ак тайлагым менен апасы экөөбү?

— Ооба, торсокем.

— Ай-ий, мен сагындым. А сен эмне тайлак дебейсиң. Ботонду билбейм мен.

Чоң эне эрдин шыпшынып жеңил улутунду:

— Атаны, торсокем-ая, эми кантем. Кайнатамдын атын айтсам, оозум жырылып калбайбы? Уктуңбу өпкөмду чабайыным. Эми мени такыбай жүр... Сүт ботоң «ээм айыкты» — деп ырдап жатат. Билдиңби.

Осмонго барыдан чоң энесинин сонку сөзү жакты. Кыйлага делдейип тыңшап турду да:

— Ай-ий, чын эле. Көргөзчү энеке? Апасы мени тебелебейби?

Ак тайлак үйдүн капшытындагы мамыда ноктолонуп байланган. Түрүлгөн эшиктен көрүнбөгөн себеби ошол. Сыртка көтөрүп чыгарып көрсөтөйүн десе, Осмон чаңырып болбоду. Энеси баягы ферманын самсыган төөлөрү небак жайытка, төрду өрдөп кеткенин айтса да ынанбады. Айла түгөнгөн соң, чыгдан жактагы, керегенин учундагы чийдин башынан кол салып, үзүк-туурдуктун жалгашкан жеринен коңул ачып, небересин шыкаалатты. Чоң энесинни айтканы калдетсиз чындык. Ак тайлагы эби-сыны жок дардайып, тизесине чуудалары саксайып, үстүндө эки шиш чокудай өркөчтөрү суналган чоң төөлөргө, айрыкча кара атанганга такыр эле окшобойт. Чыны менен өзү элестеткендей, чоң атасы сүрөттөп айткандай, бая күнү алыстан көрүп калганындай — таптатынакай, бойтоюп кипкичинекей, дал өзү сыяктуу бала. Өзүнүн алаканындай болгон тегерек, тыпыйган тапандарынан тартып, муштумдай өркөчтөрүнө чейин, шопойгон кыска куйругунан, үрпөйгөн кооз сызмадан нокто тагынган башына чейин үлпүлдөгөн апаппак тыбыт кийинген.

Эч жери булганбаган таптаза, жаде калса, бакырайып, көзү да окшош. Муунак-муунак кооз мамычага айлампач кылып кыска байланган ак тайлак токтоно албай тегеренип апасын карайт:

— Бу... бу... курсагым ачты... — дегенсип ыйлайт.

Баарыдан кызык, төш таянып жалгыз жүргөн апасы башын көтөрсө кадимки аялдардай онубураак калган кызыл жоолук салынып алгансыйт.

— Б... аа... б... аа, желинимди толгузуп алып барам... — дегенсип кайра бурулуп оттой кетет.

Осмон эмчек сураган кичинекей досунун тыным албай «буу», деп боздогонунун угуп, ал түгүл бакырайган көзүнөн аккан жашын көрүп, токтоно албады:

— Энеке, агытып ийчи. Эмчегин эмсин. Конфет жейби, кымыз ичеби, алып барып берейин.

Чоң эне бырс күлүп жиберип, небересин жерге түшүрдү.

— Эми кантем, арам торсойгон орусчам. Жүрөгүң дагы болк этип ыргып кетип жүрбөсүн. Же коркпойсуңбу?

Осмон керегенин көзүндөгү ботинкасын алып, чыпылда кие баштады:

— Эми коркпойм. Ак тайлак бөбөгүм да. Башыман аттаса да коркпойм.

— Азыр Осмон ак тайлагынын жанында. Көрө элегиндеги кереметтүүдөй элестетүүнүн баары чындыкка айланып олтурат. Сүйлөшүүнүн, жакындашуунун гана ыгын таппайт. Анткени — ак тайлагынын тили жок да. Канткени менен ээсин — досун тааныган сымалданды. Коёндой бөжөйүп тизесин бүгүп чөгүп берди. Койкойгон мойнун ылдый сунуп, коёндукундай жарык эрдин кыбыратып, Осмондун кийим-башынан жыттагылап учурашты. Осмон да тыпыйган алаканы менен бакыракай көзүн, жалпак мурдун, жарык эрдин сылагылап, бетин ыктатты. Тайлагынын түктүү жаагы Осмондун мөмө жүзүн ысытып, баркыттай сылап өттү. Осмон дароо ичке мойнунан кош колдоп кучактап ала койду. Мындай жорукка көнбөгөн ак тайлак «баа» этип эки-үч ирет башын чулгуп «уят эмеспи» дегенсиди. Бөбөгүн эрекелеткенсип өөп-жыттагылаган Осмонго бетме-бет бакырайган тайлагынын оозунан жип атылбастан бурк этип көбүргөндүн жакшынакай жыты келди. Осмон кубанганынан торс-торс жер тепкилеп, үнүн чыцк-чыцк чыгарды:

— Тайлагым, тайлагым көбүргөн терип жедирем. Билдицби?

Ак тайлак кыйкырык менен торсулдаган дабыштан чочуп тура качты. Осмон мойнунан артып салаалаган колу чыкпай, буту жерден ажырап селкинчек тээп калса болобу. Бирок бул жолу анчалык корккон жок. Өзүнөн кичүү болуп туруп кебелбей так көтөрүп кеткенине, бийиктигине танданды. Тайлагы мамыны тегерегенде көзү ымыр-чымыр, башы айланкөчөк болуп, буту саландап денеси ылдый тартып, салаалары жылмышып, жерге тарс бир тиеринде, чоң энеси илип жогору көтөрүп, колун тайлактын мойнунан чыгарып алды:

Осмон энесинин кучагынан сойлоп түшүп эрдемсий сүйлөдү:

— Ай-ий, энеке, ак тайлаагым, сонун тура. Менин тилимди алат. Болбосо тим эле...

* * *

Осмон менен ак тайлактын достугу ушинтип башталды. Боз инген күн сайын тайлагын имерчиктеп, үйдүн жанынан алыстабайт. Ак тайлактын оюнкарактыгын айтпа. Куду бала сыяктуу шок. Мындай кыял Осмондун ого бетер кызыкчылыгын арбытты. Сүт, кант, конфет, нан жедирем деп аракеттенип, эчтеке чыгара албай тажаганда ачууланып тим болгон. Эң акырында көбүргөндөн жулуп, алаканына салып келгенде, тайлагы адегенде бир-эки талын ирмеп көрүп, анан баарысын аймалаган. Ал тургай бүдүрөкөй тили менен алаканынын отун кычыштырып жалмалап да жиберген. Кайсы тамакты жакшы көрөөрүн жана кантип жедирээр ыкымын тапкан Осмон:

— Айрөк, айрөк, ак тайлак. Кичинекей бала болуп туруп, ачуу көбүргөн жейсиң. Билдим, билдим...

Торсолондоп чуркап, көбүргөндөн кош тутамын толтуруп алып жетип, ыкыс берип алыстан сунуп көрсө, тайлагы мойнун созуп колунан талашып ирмеди. Анан мамыдан бошотуп, өзү улам кылчактай басып, бурдатып коюп ээрчитип басты. Бара-бара көбүргөндү алыстан сунуп, чуркап жөнөдү. Ак тайлак тайраландап, бурчатпай соңунан куун жетип барат. Осмондун борсулдап кумары жазылганына ченем жок. Тутамындагы көбүргөнү ада болду, не кылар айласын таппай бет мандайындагы көбүргөндүү белесчени көздөй чымылдады. Ак тайлагым келбей коёбу деген шектенүүсү төгүндүккө чыкты. Ал деле секселеңдеп ээсинен калбады. Өр таянганда секселеңдеп түздөгүсүндөй катуу тайраланбай албады. Осмон

болсо, бир кыйла узап барып, боордогу шиберге оонай жыгылып, кур алаканын сунуп, тайлагын чакырды:

— Мо, мо! Жетпей калдыңбы. Келегой эс алалы. Күйүктүк... — Тайлагы сөзүн түшүнгөнсүп, тартайган узун шыйрагын солбуп азоолок тегеренип турду. Анан чөгөлөй чалкасынан торсоюп жаткан Осмонго ийри-муйру мойнун созду. «Эми жаныма күнгө боорун тосуп оонап жатат. Тыныгып алып жогорулайбыз. Көбүргөн жулуп берем. Өзүм да кучагымды толтуруп алып келем» деген ойго кетти. Бирок ак тайлак андан «көбүргөн кана дегендей» ишарат кылган эле. Эки астыңкы гана шыйрагын бүгүп, ээсинин маңдайын, көзүн, бетин күдүрөкөй күчтүү тили менен удаа-удаа жалмалап алды. Көбүргөндүү шор тили, бетин, бөтөнчө көзүн ачыштырып карайлатып жиберди. Осмон чыдай албай тыбырчылап төшкө тепкилеп ооз талаштыра муштагылады.

Тайлагы «бук» деп кыска бакырып алып, таарынган эмедей чыңк ылдыйды көздөй тартандап жөнөдү. Осмон ачышкан көздөрүн муштуму менен укалап, жеңи менен сүртүп жатып зорго караса, тайлагы ураткан таштай чамбирек атып олтуруп, түптүз ингенге жетти. Дароо эле энесинин колтугуна бөтөйүп кирип, чопулдатып мамасын эме баштады. Осмон ошону көрүп бөйтөйгөн кош эринин тамшантып, суусап кетти. Көбүргөндү дароо унутту:

— Көөкөрдөгү кымызыман ичем,— деп кыйкырып, бүдүр ташы жок мамык боордон узатасынан жатып алаасалып кулап жөнөдү.

1952

АТ ЖАЛЫНДА СЕКЕЛЕК

Батма арат кызы

Чоң шаарларда жашаган балдар жал-куйругун сеңселткен ай туяктуу, кылыч кулак кошкурган жылкыларды зоопарктардан гана көрүп сонуркашат. А тургай чапчып алабы, же тебелеп кетеби дешип алыстап чочулашат.

Ал эми ааламдын бир бурчунда кетирекей жети жашар кара тору кыз — Бадма килейген күлүк атты чамынтып минип, каалаганындай оболуна көндүрүп ойго, тоого аргыштатып... учкан куш, самолёт, автомобиль менен жарышып жүрөт.

Кантип эле жети жашар секелек ат жалында ойносун? Бул жомоктогу кереметтүү эр жүрөк кыз го? Ишенбейбиз деп таңыркаарсыңар.

Ооба, бул таңданарлык жорук. Бирок, Бадма силердей эле дал бүгүн китептин сүрөттөрүн карап, атасына ыр, жомок, окутат, радио тыңдайт. Мектепке барууга камынып дегдегеничи.

А чынында Бадманын жактырганы ат жалында, аба койнунда ойноп шамдагай жүрүү. Ээр үстүндө узак эрегишкен сапарга чыгуу.

Бадманын мингени көп жылкынын биринен бекен. Болгондо да байгеге чабылуучу бүт аймакка белгилүү өзүнүн айтылуу кула күлүгү. Ал каякта? Өзү кичине туруп күлүктүн кантип ээси болсун? Деги тулпарды кантип чабат? Аныгын билгиңер келсе мындайча...

Ата энчиси

Монгол жеринде ойку-кайкы адыр, белес, керме тоолор сансыз. Барыдан... асман менен бой жазышкан жайык кер өзөн талаасычы. Анын деңиздей толкуп уч кыйрына көз жетпеген тегиздигичи, Бадманын гүлдүү көйнөгүндөй кооздугучу.

Бадма мындан эки жыл мурда боз үйдө төрөлгөн. Боз үйдүн ички жасалгасы тамдагыдан кем бекен: килем, шырдак, радиоприемник, стол, кровать... Коломтодо түндүктөн найы сунулган темир меш.

А чар тарап бүт көзгө жылуу керемет: бетегеси буралган жайытта жылкы ыңкып, Бадма жактырып шимирген бал кымыз жыттанат.

Бадманын ата, энеси үйүр-үйүр коомдук жылкыны багышат. Атасынын аты — Бадмочер. Байыркы даңазалуу баатырлардын ысмы. А апасынын аты Аюуш. Бул да илгерки алптын, баатырдын татынакай, акылман жарларынын ысмы.

Демек, Бадма деген атты бекеринен коюшту дейсиңби. Бадма Бадмочердин, анан Аюуштун кызы да.

Керилген мейкинди мекендеген Аюуш менен Бадмочердин асыраганы түмөндөгөн камбар ата жаныбар: өз үйүрлөрүн тескеген айгырлар, суналган субайлар, балпайган саан бээлер, ойноок кулун, тайлар. Бадмадай бөбөктүн да, өзүлөрүндөй чондордун да суусунун кандырып, жарпын жаскан кымыз мол, аларда.

— Апа, сүт ичем — дейт Бадма. Сүт — кымыз сураганы.

Бадма атасына бөйтөйдү:

— Сүт берчи?

Атасы ага жетиналбай баржактады:

— Сүт берем торсогоюм. Сакаларынды неге чачтың?

Кеч курун. Кыштын чыкыроонунда малын тейлеп коюп, Бадмочер аялы экөө коломтодогу тезек доолдогон темир мешке алакандарын кактап отурушкан. Кичинекей Бадма төрдөгү аюу талпактын үстүндө ар кыл түстө боёлгон кийиктин оор сакаларын, карышкырдын сөлпү чүкөлөрүн чачып ойноодо. Анын тум-таң басайын деген маалы. Зериктиби, чүкөлөрүн туш-тушка шилтеп, бир колу менен шырдакты таяна, чабагандай атасына барды. Тончон күпчүйгөн атасынын белиндеги кайыш куруна кыстарылган өрмө камчыны булкулдатып атып акыры суурду. Атасы көрмөксөн машыркоодо.

Аюуш эрин жактырбаңкы көзүн сүздү:

— Кымындай немени тырмындатып чарчатпай эле камчыңды алып бербейсиңби?

Бадмочер отко мемирегенсип дулдуюп унчукпады. «Каралдым, керектүүсүн эмитен өзү алып чоңойсун» дегенин аялы башкача жоруду...

Колубузда медер туткан перзентибиз ушул. Мунубуз да али күмөндөр. Негедир Бадмочер экөөбүздүн балдарыбыз токтобойт. Буга дейре эки кызыбыз мерт тапты. Ошондон уламбы атасы Бадмама суз. Дардайган боз үйдүн төрүнөн тепеңдеп мага эмес, атасына жетсе... анан курундагы камчысын тырмышып атып зорго суурса, кур дегенде маңдайынан жыттап койсо боло. Деги эркек балага таш боор...

Аюуш купуя сөзүн күрмөп өзү бооруна кысып эркелетүүгө умтулганда Бадмасы камчыны минди да, канатын селпектеткен аккүпчө талпынды:

— Чү, чү, ата, ата,— деди таттуу тилин чулдуратып.

Бадмочер жетиналбай жалт бурулуп бөйтөгөй кызын жазы алаканына куштай кондуруп, үксөгөй мурутун жапырылта жайдактады:

— Аталаган үнүндөн... Чү, чү дединг ээ. Ат мингиң келеби каралдым. Уктуңбу апасы, көрдүңбү каралдымды. Эмине энчилесем...

— Бадмочер барпайып үй ичин кыдырата тегерене карап ылайыктуу буюм издегенсиди.

Капысынан оюндагысы орундалганына жарпы жазыла Аюуш көрпө ичтелген кымкап ичигинин өңүрүн силке турду:

— Кызың, ата чү, чү дебедиби. Өзүнө жашташ кула тайын энчиле.

— Кула тайдыбы. Туура айтасың. Анын көкүлүнө, Бадманын мойнуна бирдей көк мончок так. Бадмама ку-

ла тайды «ата, чү» деген үнүн укканымда энчиледим...— Бадмочер карбаластап шаша сүйлөп, кап-кара жүлжүк көзүнөн от чагылта ойноктотуп... жылуулап туш кийиз каланган, стол, радио, керебет коюлган боз үйүнүн ичинен дагы эле бир демени таппай убара.

Аялы анын минтип толкундаганына түшүнбөй, а түгүл колундагы кымындайын чамгарактан ыргытып ийчүдөй чочулап, атылып жетип Бадманы ала койду.

Бадмочер колундагы чымчыгы эне тууруна конгондо селт бурулуп казан-аякка тартылган чыгданды ачты. Керегеде илинген капталуу төө ширяси туурулган кичинекей ээрди сууруп, жеңи менен сүрттү. Кичинекей ээр. Алтын балык илген балыкчыдай ээрдин дуңгул кашынан силке мулундады. Боолору эскирсе да күмүш купалары дат баспай жылтылдаган көмөлдүрүк, куюшканды шалдыратып ылдый түшүрдү. Тыпыгый жалтыраган сары жез үзөнгүсүчү. Бу бала ээр канча адамды торолтподу. Бадмочер өзү, анын атасы... ушул кичинекей ээрди тайга кунанга токутуп минип чоңоюшкан. Кичинекей ээр үйдөгү ыйык мурас катары атадан балага өтүп сакталып келатат. Ушу кичинекей ээр Бадмочердин көзүнөн өз балалыгын монтоңдотуп чагылтып өттү. Аны этиет гана столдун үстүнө койду Татына ээрчени кармалаганында ого бетер боюн таштап колун эбелектете аталап жүткүнгөн Бадмасын аялынан кайта өз колуна кондуруп баржактады.

— Уулум жок деп муңканбайын. Ушул ээриңди, кула тайыңды минип, ата салтын улап чыйрак чоңой.

Ата кызын бапестеп ээрге мингизгенде эне кургур тегеренип дилдиреди:

— Ошент, ошент каралдым. Бооң бек, атка чыйрак, атаңа кубат бол.

Ээрге минип, мактанчыктуу коён тиштерин кетиреңдеткен кол башындай медерине үйрүлүп... бой жеткен кызына энчи бөлгөндөй күжүлдөштү.

Энчи. Наристе үн салып каалаганын жөмөп кумар тартканда эне, атанын анысына буюм, же мал энчилеши араттардын байыртан кунталган эл ырасмысы. Мына, бүгүн Бадма атасынан эрди, кула тайды энчисине шыйгарды. Жүрөгү үшүгөн Бадмочер энчисин эртелеп сурап алган перзентинин сербейип аман өсүшүн тилеп ичинен буралды. Аюуш кызына ээрине чак тепейген жаңы тердик, желдик, көрпөчө жасоонун камына кириштн.

Күндөр сыйкырдуу дөңгөлөктөй зыпылдап... малчыны кыш түйшүгүнөн, жаз азабынан арылтып экинчи жайдын

рахатына бөлөдү. Жай моңгол жерин туланга сеңселтип көрпөгө айланткан учур. Жылкычы Бадмочер жайыт тандап булактуу колотторго көчүп конуш жаңыртууда. Бадма көчтө кээде энесине, кээде атасына өңөртүп такай ат жалында. Ээрине үй ичинде минип, чү-чүлөп камчыланып жаны тынбайт.

Күндөрдүн биринде Бадмочер жайыттан үйрөткү кула кунанды кармап жүгөн катып үйүнүн алдындагы мамыга байлады. Сылап сыйпап тарап эттенген немени жайдак минип өзү аркы-терки текиренлетип желин чыгарды. Аюуш эринин ниетин боолголоп... кулундар менен көбүк талашып ичкен Бадмасын торсолондото жетелеп мамыга жеткирди.

— Кула кунан сеники. Кел, экөөндү тааныштырып коёюн. — Бадмочер кызын көтөрүп куланын селкилдеген көкүлүнө Бадманын кертилген кара чачы жапкан жумшак мандайын тийгизди: — Мына сенин ээң ушул Бадма. Сенин тулпарың ушул кула кашка. Таанышты̆нарбы. Бири-бириңерди талаага таштабай караштуу жүргүлө.

Аюуш куланын көкүлүнүн арасынан жибек боолу көк мончокту таап. Бадманын мойнундагы окшош мончокко тийгизди:

— Көрдүңөрбү, экөөндү тең оору-сыркоо, ит, куштан эсен жүргүлө деп ырымдагам.

— Алам! — Бадма бытыгый манжасын созгондо, эненси тиги мончокту куланын көкүлүнө кайра житкирип алаканын жайды:

— Аа жоголду.

Бала ынанып мончок талашуусун да тез унутту.

— Жаныбарым, жоош, бала мүнөз болгудай. Кана, ээсин үстүнө кондуралы. — Бадмочер Бадмасын кунандын жумшак жонуна эпейтип: — Мына мындан карма,— жалын кыркканда атайлап койгон бир тутам сексегей кылды кызынын бытыгый колуна апчытты. Кудай жалгап Бадма ыйлап качкан да, корккон да жок. Ата кесибин курсактан үйрөнгөнсүп, куланын жумшак жонуна бутун артып... жыгылбасын деп эки жактан алакан жайган эне-атасына манчаларын сербелендетти:

— Кет, кет, нары тур...

Беркилер куйтунун дымыгына курсаттана даяр саксактаныша оолакташты. Бадма жыгылчуудай кейиптенбейт. Кайыш өтүкчөсүн тепендетип тутам жалды аткыган боюнча:

— Чү, чү — дегеничи.

Азоолок оолактаганда кунан үстүндөгү женил ээсине

кыял көрсөтө соорусун бүлкүлдөтүп тегеренди эле Бадма кыйшайып булк этти. Аюуштун «ба» деген кыйкырыгына жарыша шамдагай Бадмочер баланы жерге тийгизбей топтой илди.

Дүрбөлөңгө капталган эне-ата кумсарган өндөрүн кайра калыбына келтиргенче... Бадма караманча эчтеке болбогонсуп:

— Чү, чү — лөп энесинин курут, момпосуй берип жоотконуна, көтөргөнүнө алданбай чырлады. Атасы өз атына өңөрсө да чирелене камчысын ыргытып, кунанды карай ооп үнүн баспай ыйлады.

Жедеп тажашканда кулага алиги кичинекей ээр-токумду токуп, жаздык бөктөрүп мингизишти. Ээрин кыш бою оюнчукка айлантып, желип-жортуп минип көнгөн Бадма эдиренден кунан үстүнөн түшсө эмне. Бадмочер менен Аюуш эки капталынан жандай басышып кунанды жай жетелешүүдө. Каралдысын кантээр экен деп кичине эле токтотушса, Бадма бакырып:

— Чү, чү,— деп теминет.

Эне-ата бирөө ондон, бири солдон канатын жазып анын оболуна көнүүдө. Ошентип Бадма эки жашында өз кунанына, өз ээрине минди.

Кунаны, ээри ага аябай жагып, эне-атасына өңөрткөндөн көрөк жалгыз минип жетелетип бастыргандын кынуусуна батты. Ананчы, бала кызык нерседен тажайбы... Бадманын отургучу — ээри. Велосипеди — кунаны болду.

Өз аты, өз ээри

Бадма өз аты, өз ээри менен ой-тоодо атасы баккан ортолук чарбанын жылкысына аралаш чоңоюуда. Жайыттан жайыт которуп сонундап көчүп мал өстүргөн араттын балдарынын бармактайынан ат миниши абалтан берки көнүмүш.

Менчик ээр-токумдуу, кула мингичтүү Бадма үчкө чыкканында салт бастырып желеге бээ тосконго жарады. Төртүнөн тартып атасын ээрчий куласын желдире-жорттура айылчылап, меймандан бооруна чалынган жоолугуна кешик, устукан орой келип энесин сүйүнтө баштады. Учу-кыйры түгөнбөс кер өзөндө атасына тизгин кагыштыра сапарчылоону Бадма абдан эңсейт. Анткени — атасы узун жолду кыскартып, кызыктуу жомокторду чубуртат. Бастырып бараткан жердин ар бурчугунун баянын, илгерки болумуштарды, баатыр кыздарды мезилдетет.

Бадма узун сабак сөзгө зериге баштаганда байыркылардын дастаны «Жаңгырдан» күпүлдөтүп үнүн созуп жамгырдай сабатат... Жаңгыр — өтө кызык. Монгол баатырларынын, алптарынын эрдиктерин, эл коргоп, жоого каршы чабуулдарын даңазалап, турмуштук даанышман кеңештер укмуштуудай сонун баяндалат эмеспи. Аны жаш, кары дебей угуудан тажабайт да. Окус жолдогу буйгуттардан кайберен, карышкыр, түлкү кездешсе жонундагы мылтыгын сундуруп тарс атат.

Болбосо Бадманы чылбырлай коштоп жапан айбандарды чымын-куюн жер түбүнө житире кубалашып моокун кандырат.

— Бу дүйнөдө адамдан күчтүү эч ким жок. Сендей кичинекей адамдан да лөкүйгөн көк жал карышкыр, мүйүзү бутактанып аркайган бугу качты. Көрдүңбү. Булардан сезденбей жүр,— деп атасы Бадманы шердентет.

Бадма атасынын мактоосуна эдиреңдеп:

— Өзүмө чак мылтык апер. Мен да атам,— дейт.

Атасы кызынын анткенине кудуңдап эптеп жооткотот:

— Кичине балдарга мылтык атууга уруксат эмес. Дагы чоңоё түш. Каруу-күчүң толсун. Ошондо мына муну тартуулайм. Болбосо жапжаңы мылтыкты менин мерген кызым бар деп өкүмөттөн сурап берем.

— О, калпычы, чоңойгондо өзүм деле албаймынбы. Кичинесин тап...

Бадмочер акыры шаарга барган бирөөдөн оюнчук мылтык алдырып кызынын көңүлүн араң жайлады.

Кула кунандан өтүп бышты, быштыдан өтүп асыйга толду. Жеңил ээси канчалык такай минсе да муюбай сынына чыгып ак буурул тартты. Бетегени жапырылта жаңаша чапканда жылкычы Бадмочердин тандап минген дулдулунан кээде аша чуркаганы байкалууда.

Баламдын бактысынадыр. Шыбагалаш энчиленген жаныбар чын эле күлүк болбосун,— Бадмочер купуя кумпуңдап, бир күнү өзү минип качанак кууду. Ойду, кырды жемирип желге жеткирбөөчүдөй безилдеген качанак субай бээге кула ат акыры бурчатпай жетип, Бадмочер укуруктап сабап отуруп титиретип кармады. Ошондо кулануын күлүктүгүнө чындап ынанды да күзгү чабышка таптоого кириштн. Анысын Бадма кайдан билсин. Кула аты мурункусундай жайытка ээн агытылбай, чидерленип, аркандалып үй жанында оттойт. Эртели-кеч атасы жем илет. Көбүрөөк сылап тарагылайт. Көкүлүн шүйүп Бадмага шалчалап мингизип, жылкы тоскондо да жай жү-

рүүсүн суранат. Неге? Кечкисин Бадманы жылкы жыюуга кошо ээрчитип куласын желе-жорттура жылбырска тер чачтырып... анан үйүнө түшкөндө тизгинин жалына каңтара, мамыга байлайт. Тээ таң сүргөндө байланууат азынап, жер чапчылап суулугун кемиргенде араң жайдактап отко коёт. Кула аттын ичи жарап бугудай шымаланып, Бадмага оозун тарттырбай ээлене баштады. Бир жолу Бадманын жедеп колу карышканда атасы алып учкан куланы айкайлап кубалап далайга зорго жанашып тизгиндеп токтотподубу.

— Кулага жин тийди, минбейм,— Бадма шолоктоп көз жашын чубурта атына таарынды. Атасы ага жым этти.

— Кызым, сага жоош, кичине кунан токуюн. Бул кула балээ басып ала качып кетсе, кара көзүбүз кашаят. Экинчи минбе.

Айткандай Бадмага оозу элпек тоголок кунан токулду. Бирок кула жайытка агытылбады. Аны кайдандыр бир сегиздеги дуңкуйган сары чийкил чоочун бала келип мине баштады.

— Бербейм, чоочун балага куламды,— деп Бадма жаңжал чыгарды.

— Күндүзүн откозуп, кеч курун мингизе таманын кызытып, түнкүсүн суутпасак бардык иш бузулат. — Атасы канчалык кайпактаса да Батма ынанбай кежирленди. Айласы түгөнгөндө атасы: — Болуптур, тилимди укпадыңбы, эмесе кеп мындай. Эгер куланы агытсак эле бар эмеспи, бугу, марал, кулжа, аркарларга кошулуп жапан болуп кетет. Анда куладан караманча айрылабыз. Ошентейинби? — Бадмочер чындап агытчудай токумун шыпырып, жүгөнгө колун артканда Бадма бакырды.

— Кой, агытпа-а! Кулам жапан болбосун! Бу балага жоошуттуруп бересиң ээ,— деп аргасыз көндү.

Тиги баланын аты Доржи. Күлүк чаап жүргөн чыйрак азамат. Доржинин алардын үйүнө эмнеге келгенин, неге өзүнүн ордуна куласын алкынтып мингенин Бадма али ачык биле элек. Бир күнү эртең менен Доржи Бадмага колун сунду:

— Амансыңбы сен мектепте окуйсуңбу?

Бадма үндөбөдү. Мектепке келеркиде араң барарын айткысы келбеди.

— А мен окуймун,— деди да Доржи улуусуна мактанычтуу желеде бээ саагандарды карай нары басты.

Казганактап ар кайсы айылдан эл дүрбөп, сууткан аттарын Бадмадан кырдуурак, Доржидей балдарга, бирин экин кыздарга мингизип чубагандар көбөйүүдө.

Бадмочер Доржиге Бадманын ээрин токуп, куланын куйругун ийленген жука кайыш менен зымпыйта чырмады. Көкүлүн бантик байланган кыздын чачындай селкилдете аппак чүпүрөктөп шүйүп... жем жыттатып мамыга кантарды.

Башта болбогон бул камынууга Бадма тикийип шектенди. Атасы сандыктан той кийимдерин алдырып жасанды. Сомонго аттанууга күжүлдөп тилегин кобурап айтып кирди.

— Мени да ала бар. Апамдын ээрин кунанга току,— деп Бадма жабышты.

Атасы менен апасы күңкүлдөшүп, акыры макул дегендей тынчытышты. Казан асышты. Жолго чыгаарда тоюнуп кетүүнү чечиштиби. Кула байгеге илинээр бекен дешип таштап төлгө тартышып божурашып отура эле бериштн. Бадма түн ортосуна дейре чоңдордун кажы-кужусуна кантип чыдайт. Канчалык уктабоого чымырканбасын чүкөлөрүн ойноп жатып, шырдакка тоголонгон боюнча көшүдү.

Атасы аны ойготпостон куланы Доржиге мингизип түн ката аттанып жөнөштү.

Бадма эртеси шашкеде көзүн ачса өзү үйдө жалгыз. Апасы желеде бээ саап жүрүптүр. Ызасына чыдабай бакырып, бакырып... жедеп өпкөсү көпкөндө солуп басылды.

— Шашпа, келерсиң. Ээрим менен атымды тартып алып, Доржинди кубалабасамбы...

Боруна кысып өөп-жыттагылаган апасына Бадма шишимек көздөрүн жылтыратып чүрмөйдү:

— Мага болушасың э, апа?

— Болушам.

— Атам мени жаман көрөт ээ?

Аюуш кызына тоңдосун сөөмөйүн зекиди:

— Антпе, садагам. Атаңдын сенден бөлөк кубаты жок. Сени аяп жатпайбы. Атаң сени жанындай көрөт.

Бадма апасына дагы таарынычтуу буйтуйду. Анын тилин угаар деги ким бар?

Саан бээлерди желеге тосуп, кулун эмизүүгө жардамдашып, кечке жол карады. Атасы келбеди. Эртеси дөбө кырларга чыгып акмалады. Алардын айлын карай ичтен бери жылган эч караан бүлбүлдөбөйт.

Таарынганын караманча унутуп, кайра атасына кусалыгы артты:

— Атакебайым, атакем. Эртерээк келсең экен. Сагындым.

Бадманын жедеп жолдон көзү акыйып... кабагын чы-

тый атасынан такыр ажыроочудай бозоруп улутунганычы. Кызынын минтип сабылганын баамдаган Аюуш үчүнчү күн өткөндө минтти:

— Атаң экөөбүздү чанып башка бирөөгө үйлөнгөн го. Же Доржини бала кылып алды бекен?

— Антпейт, антпейт. Келет, келет ээ? — Бадма апасынын балбыраган жеңинен жулкулдатты.

Апасы андан бетер сагынган, күткөн сымалданат. Чындап эле санаркамыш этип, бийик кырга ээрчитип чыкты. Көзүнө жылкы издөөчү эринин дүрбүсүн далдап көпкө алысты, алысты термеле мелтиреди. Бадма апасынын кызыл тукаба көйнөгүнүн этегине оронуп, кууш кара көзүн жылтыратып апасынын: баланча жерде эки атчан салып урдуруп келатыр. Барандуусу атаң, кичинеси Доржи деп айтарын күттү. Бирок апасы гүлдүү жоолук буунган башын тескери чайкады:

— Малдан бөлөк эчтеке илинбейт.

Бадма апасынын кара баракут топчулары кооз чолок жең чыптамасынан булкуп, дүрбүнү талашты:

— Өх, калпычы, берчи.

Энеси муңайым доошу менен анын коюу кара чачын аткымыш эте:

— Таптым. Атаң эгер сен урушпасаң таарынбасаң гана келет. Ошонундан чочуп кармалууда.

Зарыккан Бадма апасынын чыптамасына өңдөш өзүнүн кара макмал калың көйнөгүнүн этегин делдендете өтүгүнүн жулугун тып-тып тийиштире секирди:

— Макул, макул. Урушпайм. Таарынбайм. Болдубу. Эми келет ээ?..

Апасы аны так көтөрүп мойнунан, бетинен жыттагылады:

— Атакең сага таттуу белек-бечкек апкелет. Жолоочунун кечиккени олжого тунганы. Билдиңби?

— Билдим. Билдим. Азыр келеби, же эртеңби?

— Эртең,— деди апасы кызын жерге түшүрүп. Болжогондой Бадма эртеси ойгонсо... Керебеттин башында атасынын кийимдери, жаңы чаар ала баштык илинүү турат. Атасынын кителинин жакасына тумшугун катып жыттап, сагынычын таркаткансыды.

Алиги баштыкка кол салса кооз кагазга оролуу момпосуйлар, тегерек таттуу токочтор. Кызык, Апасы даана билген экен да.

— Ата-энеси кулундарды желеге байлап кайтканча базарлыктарды алмак-салмак аймай берди.

Атасынын муруту баштагысынан да кулагына жете

учкан карлыгачтын канатындай сулуу керилип, бети тамылжып, көзү күлкүлүү. Моюнунан бек кучактап сагынган кызын Бадмочер мындан беш жыл мурдагы кымындайында эркелеткендегидей жазы алаканына алдейлеп, түндүккө жеткизе удаа-удаа эргите ыргытты. Кызы таарынчысын, ачуусун жойгонун, аябай сагынганын апасы ага айтса керек.

— Сүйүнчү, кызым, сүйүнчү! Сенин кулаң сомондогу канча күлүктүн эң алдында келди. Бактыңа атың күлүк чыгып, бүт сомондун даңкын көтөрдү. Байге арбын тийди. Доржи чабандес, ак жолтой уул экен. Карачы, бир сыйра кийинттим.

Жакшы кабарга мулундаган Бадма, тун баласындай атасын бучкактай кирип, жанына шыноорлой жап-жаңы костюм, кепка, жылтылдаган ботинкачан борсойгон эки жаш улуу Доржиге ичи күйө, көзү тегерене карады:

— Мен деле чабат болчумун. Өз атымды чоочун балага мингизет. Бу кийимдерди мага эмне апкелбейсиң. Же Доржини бала кылып алдыңбы? — Бадма атасынын боорунан сайголонуп, Доржини какайган жаңы костюмунун жакасынан булкту:

— Чеч! Көрсөң муну! Сеники бекен. Менин атымдын байгеси. — Өз курагынан бойлуу Бадма сегиздеги чымыр, барынан анын атын чыгарган жеңиштүү Доржиге бой тиреше темтендетип, эркек балача кармашууга өттү.

Доржи кызга теңелбей, ан үстүнө эне-атасынан ыйбаа сактап көпкө унчукпады. Жок. Бадма анын башынан кепкасын жулуп ыргытты. Костюмунун топчуларын чыгарып жулкулдатты:

— Чеч дейм, чеч!

Оюна койсо тоноп алчудай. Доржи ызаланып тытмалаган кызды түртүп жиберди.

— Кыйын экенсиң атыңды өзүң чаап чыгарып албайсыңбы! Бекер кийипминби! — Доржи үнү буулугуп, кызынды тыйбайсыңбы дегенсип Бадмочерге балбылдай карап, эреркей көз жашын мөлт эттире тескери бурулду.

Бадмочер не дээрин билбей сендиректеп жыгылып кайра туруп Доржиге атырылган кызынын жолун торгой эки баланын ортосуна далдаалап тура калды.

Бадма Доржиге муштум кезей чаңылдап жулунду:

— Кет, жогол! Мындан кийин куламды өзүм эле чабам. Кет! Кет! Шүмшүк!

Доржи эшикти серпе таштап, булкунуп сыртка атылды. Анын сөккөнүбү, ыйлаганыбы, ачуу үнү барылдап алыстап житип баратты...

Бадма атасын колунан тарткылап:

— Чыкпа эшике, Чакырба! Доржи сенин балаң эмес! — деп өпкө өпкөсүнө батпай бышактоодо.

Бадмочер кичине кызынын чоң жаңжалына жооп таппоочудай тилсиз далдайып катты. Аюуш гана негедир жоолук учу менен көз кычыгын сүртүп дардайган кырма аякка сабадан кымыз куюп, ийилип сунду:

— Ме, Бадм, жутчу. Кызыңа да ичирчи. Баланын ызасы жаман. Алдыгыңдын ызакорлугу, эрегишчилдиги, көктүгү бар эмеспи... Дал өзүңдү айныбай тартыптыр. Кантелик, жалгыз немени көзүн карап эрке үйрөттүкпү... Өзүнөн улуу эркек балага жакалашса... уят, уят. Сени билбейм, менин өлбөгөн төрт шыйрагым калды. Бетим ий, бетим, уят, уят!

Бадмочер чөгөлөй отуруп, кымызды кылкылдата, ак суусунга малынган муртун тили менен аймай, аякты кызына тосуп күңгүрөндү:

— Уят эмес, Аюуш, бүгүндөн баштап кызымды уул деп эсептейм. Кездемелериңден Бадмама эркекче шым, күрмө тик. — Төрдөгү кол машинаны жаңдады. — А мен Бадмамдын чачын такырайта кырам. Уул эр азаматтын төбөсү даңгыл болот. Ыйлабайсыңбы?

— Ыйлабайм, уул болбодумбу. Уул ыйлабайт да,— деди Бадма.

Кызын жубантканга топуктанса да Бадмочердин санаасы тынчыбады. Арийне, атын жарыштан чыгарып, байге, атакка жеткирген баланын үйүнөн минтип кетиши оңой жосунбу? Доржинин эне-атасына кантип жүз багат.

Эл-журтка жаман аттуу айың тараар. «Балдар го балдар. Акыл-эстүү Бадмочер менен Аюуш кызын тыйып, же алдап-соолап элдештирип коюшпайбы» дешээр. Чунак Доржи оңой кежир өңдөнбөйт. Артына кылчайып да койбой текилдеген бойдон алда кайда узаптыр. Ээн талаа, эрме чөл, Каргадай түгөттү ит, куш жара тартып кетсе, Бадмочердин аты не болот?

Бу кооптонуусун кызына билгизбей аялына бээ саадырымыш этип, кеңешишти да, эки чаначка кымыз артынып Доржинин сонунан кууй бастырды. Аны учкаштырып, үйүнө сый, кешиги менен жеткирип таарынчысын жаспаса, наалаттан кутулбас. Бадмага кайсы бир айылга шашылыш кымыз жеткирүүгө тийиш экенин айтып карбаластады. Өзүнүн бүгүнкү үстөмдүгүнө эрдемсиген Бадма ага ишенди.

Эрегиш

Чоң ат чабышка дагы бир жыл бар. Толук бир жыл. Ызгаарчан кыш, мемирек жаз, чымырак жай өтүшү керек. О, ага дейре Бадма да жетиге чукулдайт. Ат чабышка алты жаштан онго чейинки гана чыйрак балдар, кыздар катышат. Бөбөктөргө ишенилген мындай ар-намыстуу зор байге өзүнүн гана Монголстанында экенин Бадма кайдан билсин. Ал бардык балдар ат минип чоңоюуга тийиш деп ойлойт. Ошондуктан дегдегени күч. Доржинин көзүнө көрүнүп өчүн кайтарса ээ...

Куласын эркин оттоого саяпкер атасы субай жылкыларга кошуп, агытып ийди. Али жаздан кармап күзгө чейин таптайт. Кызын да машыктырат. Бадма кыз гана бекен? Атасы айтканындай чачын устара менен кырды. Энеси эркекче шым, күрмө, тумак тигип кийгизди. Чымылдап мингич аттын кулагы менен тең ойноп, жылкы тосуп, тезек үйүп, суу ташып... өзү да уулдун түйшүгүнө көшөөрүп өттү.

Шашпа Доржи, сениби. Кула күлүгүн өзү чаап, байгесине сенден сонун кийинбесеби...

Түйшүктүү бүлөөгө мезгил тез алмашат го... Эңсеген жаз жымындады. Кулундар торолуп желеге байланганда... Бадмочер жайытта алты ай бою үстүнө токум салынбай элирген куласын кармады. Акырындап этин тартылтып суутуга өттү. Бадманын күдүндөгөнүн айтпагыла.

Зарыгып күтүнгөн Бадма Доржинин башка да бирөөнүн атын чабат дегенин укканда ого бетер ызалыгы, эрегиши артты.

— Болуптур, шүмшүк десе, сенден чыкпасам элеби. Кула атым чыгаар мени,— деп кекенүүдө. Куланын үстүнөн түшпөй атасына кошо суутушуп, тизгинди колуна орой, жаагы катуу немени бурган жагына моюн сундуруп көндүрүүдө. Дыр эттирип улам күн өткөн сайын узагыраак коё берип элиртип зорго токтотот. Жарышканы да, машыктырганы да атасы.

Айтор чоң күлүгүнө кичине ээрин токуп чабендестикке камынууда. Чарчадым, ала качтырдым, корком, дегенди ылайым унуткансып атасына эч даттанбайт. Баласынын намысы ушунчалык күч экенин атасы да байкоодо.

— Каралдым, аракетибиз текке кетпесе болгону.

Такай колдо, үстүндө шалча, ээр-токум, башында нокто, жүгөн, байланганы мамы, ченем менен оттоп, ченелүү жем жыттап, секелкке мингизип таптаткан куланын ичи

жарап... тоо, талаа мейкининде желден учкаяк атырылган кайберендей шымаланды. Куланы тээ алыстагы таза булактын мөлтүрүнөн эртели-кеч аз гана кылт эттирет, Бадмочер. Тренер балбанды даярдоо саяпкердин күлүк таптоосу кылдат түйшүк эмеспи.

Бадмочер күз чукулдаган сайын күндө күлүгүнүн жүнүн, басканын, кепшегенин, кейпин тескеп үстүндөгү Бадмасына терип, тепчип мезилдетет. Текенин терисинен былпылдата ийленген жаңы кош тизгинди түйүп, бура тартырып, ие имертип, тык токтоттуруп, оозу катуу куласын кичине кызынын оболуна көндүрүү аракетинде...

Сомондон негедир кабар угулбайт. Чапчу маал чукулдады. Күлүгү табына келип, кызынан артык дегдеген жылкычы жолду омсоңдоп качан түңүлгөн соң, чакырыксыз эле капысынан үстүнөн басып кошулууга бел байлады.

Бадмасынын такырайган башына бир байлам кызыл жоолук бууп, шым, көйнөктүн үстүнөн чолок жең жылуу желетки, жука өтүк кийгизип, элик сап камчысынын бүлдүргүсүн билегине оротуп, кадимки күлүк чапкычтын кейпинде жасады. Чак бала ээрин көрпөчөсүз жайдактап, кош басмайылды, чап олоңду бек тартып... куланын куйругун түйүп, көкүлүн шүйүп, жем баштык байлап, Бадмасына мингизип, өзү куржун толтура азык артынып алкынган дуңгул сары айгырды жапырылтып түн ката аттанды. Аюуш узак сапарга өзүнчө салт аттанган кызынын сол канжыгасына сүт себеледи.

— Ак жалгасын. Жолуң ачылсын, кетирекейим.

Бул эненин абалтан берки ырымы. Күн тумшугу жерге жарылганда сомонго жетишсе... Кыштак ичи деле, чети деле дүрбөгөн, күлүктөрдү суналта чабендес балдарга, кыздарга мингизип казганактаган атчандар...

Көрсө, сомондогу чабыш кечээ өтүп, андан тандалган күлүктөрдү аймактагы жарышка алпарууга, жалпы эле улуттук оюндун кызыгына батууга ышкыбоздор дүрдүгүп жатыптыр...

Ар кимиси өз арбайына алек. Майрамдык көңүлдөрү көтөрүңкү немелер Бадмочердин кечиккенине, ага кабарлабай калышканына бейкапар гана саламдашып тымпыйышты. Басмырт жылкычы ачууланса да ичинен тынып, аймактагы чабышка атын кошууга макулдашты да, тымызын кекенди:

— Шашпагыла, силерге көрүшчү жерден көрүшөм.

Жаш-кары дебей казганактап жол тартып шарактаган атчандардын тобунан четтей Бадмасына ат жалы-

нан суусун жуткуза, Бадмөчер ызалуу доошун дириддетти:

— Көрдүңбү, биздин келбешибизге, куланын чабылбашына сүйүнгөндөр да бар экен. Жаңылбасам, Доржи баланын намысын талашкандар кабарлатпай коюшканбы. Мейли, өтөөр иш өттү. Менин буларга коомдун жылкысын багып бергеним гана керек окшойт. Жайыттагы малчы элдин оюн-тамашасына катышып эмне кылат деп ойлошсо керек. Балам, иш оңуна салып байгеге илешсең, тетиги алдыдагы дүңкүйгөндөр өзүлөрү шашып жетишип куттукташып шыралга сурашаар. Топ күлүктүн шарданында кулаң элирип чуркайт. Оозун тартпай эркин коё бер. Ызы-чуу, кыйкырык-сүрөөн, даңкандан учкан, топо, таш атылып тиет. Кээде камчы шилтеп өткөн түгөттөр болот. Коркпо, баарына чыда, каралдым. Бутунду учкай тээп үзөңгүдөн чыгарба. Атыңдын чуркаганы катуу болгон менен үстү жумшак. Өз ээриң, кымындайыңдан көнбөдүңбү, антсе да, бек отура көр. Талыкшысаң ээриндин кашын кармап эңкейип ал. Жалынан тарап кыл чайна. Камчыны көп чаппа. Анда-санда гана жонго урбасаң, көбүнчө моюнга шилте. Ата-бабаңдын улуу монгол журтунун арбагы колдосун, сербейген жалгызым...

Бадма бойтоюп атасынын кооптонгон насаатын эсине түйгөнсүйт. Өзү андан жүрөгү декилдеп толкундайт. Алдыңкы саптагы он чакты сыртынан тоголок тарткан окшош атчандардын чок ортосунда топ жылдыздын ичиндеги айдай бөлүнүп... кара күлүктү суналта ойсоңдотуп, башын апакай чүпүрөк менен буунган Доржи баратыр. Ал анда-санда кылчайып көзүнөн кекээрин чача каарыйт. Кээде атасы байкабаганда сөөмөйүн силкилдетип Бадманы зекийт. Бетин чымчып эликтеп да коёт.

Бадма күчүнө чиреп мактанычтуу менменсинген Доржини такыр көргүсү келбей, куласынын дүкдүйгөн кыркма жалына көзүн эңилтти:

— Кула атым, ушу кутурган Доржиден кек алаар бекенбиз...

Жарыш

Адырдын тескей бети али көк жашаң жапырылат. Анда-мында сейрек гүлдөр кылактайт. Арийне, азыр чөп да, гүл да көрүнбөйт. Адыр боору толо аймактын ат чабуучу өндүрүнө чогулган атчан, төөчөн, өгүзчөн, машиналар үстүндөгү эл быкырайт. Атасы Бадманы түшүрүп, ээр-токумун ондоп токуду. Мына, аз убактан кийин майданга,

жарышка кызын аттантат. Кайра кубаныч менен тособу, же кайгы менен тособу көңүлү өрөпкүп деңдароолонуп барып кайраттанды. Качан басмайыл, чап олоңду бек тартып кызын ээрине так көтөрүп мингизгенде сыр бербей бардаштуу бажырайды:

— Каралдым, секелегим, аман барып, аман кел!

Бадма билегиндеги камчысын бүктөй зекиди:

— Эмне үчүн алдыга кел дебейсиң.

Өзүнөн белдүүсүнгөн кызынын дымагына жашыган көзүн көрсөтпөөгө, ат үстүндөгү секелегин кучактамыш этип бетин далдоолой күрүлдөдү:

— Чыгып эле келер күнүң кана, каралдым. Оозундун салуусу бардыр. Бактың ачылсын, каралдым! Кана, бастыр. Тиги ортого чыккан чабендестерге кошул.

Бадма атасынан бөлүндү. Дөбө таяна жайнаган көпчүлүк унааларынан окчундап топ-топ болуп орундарга жайгашууда.

Өңчөй куйрук, көкүлдөрү шүйүлгөн күлүктөрдүн үстүндөгү уул, кыздар сексейишип төмөндөгү түзөңгө каз катарлап чогулууда.

Бадма да аларга кошулду. Бирөө анын чыптамасынын бооруна, аркасына алакан отундай эсептүү чүпүрөк чаптады. Бу неси деп тегерене караса, өзүнө курбалдаш ат жалындагы мотуракайлардын баарына ошондой тегерек сан жабыштырылыптыр. Көбү эркек таналар. Анда-санда гана сербейип секелек. Калыстардын айрымдары алдыга баштап, калгандары жаш чабендестерди артынан түрө айдашып, күлүктөрдү коё берүүчү чекти карай жай желдире-жорто шаракташып дагы узак жол тартышты.

Калыстардын бирөө көзү бакырайган болук адам, Бадманы жандай желдирди:

— Кызым, сен коркпойсуңбу?

— Коркпойм. Бадмочер деген жылкычынын кызымын. Атам карап турат.

— О, жакшы. Канчадасың кызым?

— Жетидемин.

Катар эки-үч атчандан нары кара күлүгүнүн оозун тарта ойноктоткон Доржи беркилердин сүйлөшкөнүн тыңдап баратыптыр. Ал атайлап жылан боор өрмө камчысын асманга булгалактата кыйкырды:

— Аты Бадма. Урушчаак, эрке кыз. Мунун жонундагы катар саны да отуз тура. Эптеп отузунчу «байгеге» илинсе, атасы экөөнүн көксөсү сууйт. Былтыр астындагы кула атты мен чыгарып келгем. Көрөсүз, бу саам эки жүз аттын тезегин терип калат. Бадма чапканды билбейт.

Бадма муунгансып ысып-күйүп, тентек Доржинин шылдыңына кыжырланды. Бирок да жанындагы ат айдагыч калыс кишиден уялып үн каткан жок. Калыс Доржини жемелеп тыябы десе, ал да аны кубаттагансып мекиренди. Кызык. Чоң киши кызга тийишкен ээн баш баланы кой дебейби. Бадма куласынын тизгинин буруп, алардан алыстап сол канаттагы желпилдегендердин тобуна кошулду. Үзөнгү кагыша жай жүрүш менен көктө калкыган топ каркырадай калдайышып эпилдеткен атчандар чекке далайда жетишти. Демин, тилегин ичтерине кыстарышкан чабендес балдар кылкылдап сапка тизилүүдө. Калыстар алардан четтеп тартипти тезгөөгө өтүштү. Баш-учу алда кайда тизилген аттардын тумшуктарын кырка — теңдеп... бир маалда жапырт коё берүүчү эрежени кайталап түшүндүрүштү. Кыдырата шыгыраган чабендес бөбөктөрдүн жүрөктөрү чымырап, закым саатка созулгансып калыстардын өкүмүн күтүүдө...

Мына, күүлдөгөн: бир-р, эк-ки-и... ү-ү-үч! Буйрук жаңырганда... көктөн добул уруп, мөндүр бадыраткандай жерди дүңгүрөк силкинтип, сары туландар борпурап учуп, чаң ызгыды дейсиң... Учкаяк курч аттар алдыга атылыптыр. Кула алкынып бирөөнү жандай кыйып, бирөөнү жөөлөй сызып, куюндаган топ күлүктүн артында башын салып жапырылып баратты. Үстүндөгү Бадма мындай шумдукка биринчи аралашкандыктанбы, тизгинди жаза, чыпыйган ээрине кадалып, канатын солбуп асманда калкыган чымчыкка айлангансып, жок, солгун сүзгөн суу түбүндөгү балыктай эч нерсени сезбегенсип деми кысталып деңдароо.

Кула «мени оюма коё бер. Өзүм билем» дегенсип тири укмуштуудай атырыла аргыштоодо... атасы эскерткендей Бадманын бетине, бооруна даңкан урулуп, көзүнөн от чагылат. Төрт аяктуу чөмүч туяктарын күндү апчучудай суна, суна, куйрук-көкүлүн тутанган өрттөй дирилдетип, таноолорунан быр-быр бу булактата, жылкы эмес, жапайы арстандардай күрүлдөгөн жаныбарлардын далайын басып өтүүдө...

Күлүктөрдүн жонундагы чабендес кураташтары, Бадманын көзүнө чимирилген оюнчук кейптенип, улам бири артта сыдырылып калууда. Кулагына алда кандай ый, каткырык, кыйкырык, ыр сымалданган дооштор алмашылып зыңылдоодо. Демейдеги туланы жапырылган сургулт тааныш жер түктүү токой, көлкүгөн көл өндөнүп ар уруу өзгөрө кулпурат.

Бир маалда атынан ыргып томолонгон баладан кула

жалт бере буйтаганда Бадманын көзү чымырап, жүрөгү зырп этип... закымда астындагы унасынын аңырайган оюк кемерден түйүлүп өткөнүн байкады.

...Азоолок жалгыздап, көзүнө алда немедей салкын жел урунуп, түш сымал чырмалган окуядан арылып, уйкудан ойгонгонсуду. Астында дагы атасынан уккан жомоктогудай ооздорунан көбүк чачып, жер чапчылап канча күлүк биринен бири өтүүгө жан талашып эрүүдө.

— А-а мен чендебей калган турбайымбы. Атама, элге уят болдум ээ. Доржи эң алдыда го. Ал эми чындап эликтейт ээ... — Араң эсин жыйган Бадма эмшендеп бетин салаалаган жашка жууп... билегине оролгон элик сап камчысын бурай-бурай куласынын санына матырды. Кула ушуну гана эңсегенсип, каткан канатын эми жазгансып дүрүлдөдү. — Баары бир марага аз калды. Тигилер караандатпайт. — Алдыдагы андан-мындан учкан жылдыздай ызгыткан түз талаадагы күлүктөрдөн көзү өтөүн тарта Бадма өңүлдөдү. — Атаке-е, апаке-е кайдасыңар?.. Көп күлүктүн кыйласын бастым, далайына жете албоочудаймын. Алдыңкыларга эптеп жанашсам ээ. Жетпейм го...

Анын озондогонунда кимдин иши бар. Биринен бири өтүп өчөгүшкөндөрдүн бакиси ар кыл ойдо. Кээ тасыккан чабендестер куунап ырдап, кээси сөгүнүп, кээси топуктуу тиштенип атынын күчүн жер болжолуна абайлап чаап, кээси тилек тилеп безилдөөдө. А Бадма ызаланып ыйлодо, чала моңол үмүт үзбөөдө... Марага али жыйырма чакырымча бар экенин, жолдун үчтүн бирин гана басканын Бадма кайдан билсин. Ага күн батып, түн түшүп, таң аткансып... деги аттын үстүндө эрегишкендерге аралаша эрип келатканына далай жыл өткөндөй туюлууда. Дагы эле кула жанын таштай жапырылтып, далай күлүктөрдү артка саалтып, улам күчтөнө арыштоодо. Кап, канчасын басканынын эсебин Бадма билбейт да. Алдыңкылар даана көрүнүп суюлгансып баратыр. Деги канча күлүк чабылган. Кең кесир түз жайпаң тарыгансып, чымылдаган жарыш аттары түгөнбөйт.

— Чу, сыз, кула! Уяттан куткарар бекенсиң. Кагылайын кула-а... — Бадма жалбарып, камчысын кулатынын жонуна, моюнуна тыпылдатты. Күлүктүн күчүн арттыраар, канатын жастыраар сыйкыр камчыдабы деп демденди. Ырас эле дагы кыйласы сыдырылып кер талааны өкүттө чапчып артта тыбырап калууда...

Мына, секелектин көзүнө күнгө жылтылдап, бүркүттөй шукшурулган кара тулпар чагылды. Үстүндөгү чабен-

дестин тааныш куунак ыры кулагына шак угулду. Кадимки Доржи. Кара дулдулун бир да камчы шилтебей темининип коюп гана сабалатууда.

— О, куу түгөт десе, жеттимби сага! — Бадма алынын бардыгынча чаңылдады.

Капысынан укмуш кабар тыңдаган Доржи атынын оозун элпек бура, соңунда куюндай сапырылып чукулдаган Бадманын астын утурлады. Бул эмнеси? Бадма да куласынын тизгинин тартты, чиренди. Жок, Кула ага моюн сунбай ээликкенин жаспады.

— Ооба, эрке талтаң, сага жеткизем! — Доржи алдынан торгой тике качыра сабалатып, камчысын чимирип, куланы төшкө койдуруп өттү. Бадманын карегинен от чагылып, башы тыз, тыз зыңылдады. Кула мүдүрүлүп тоңко баш атчудай сендиректеп... кайра оңолду. Доржи алда кайда чымылдап озуптур.

Ээрден булгайып оңолгон жеңил Бадма оңдонуп минди да, эми ыйлабастан чындап ызырынды. Ээринин чактыгы, атасынын басмайыл менен чап олоңду бышактап бекем тарткандыгынан гана жыгылбай калбадыбы:

— Шүмшүк Доржи, сени элеби! Көрсөң карасанатайлыгын. Атайлап атымды жыгып, өзүмдү сабап, чыккың бар ээ...

Арттагы күлүктөрдүн жер солкулдаткан дүбүртү гана угулуп, түз мейкинден караандар үзүл-кезил гана бүлбүлдөөдө. Көнө түштүбү, же секелекти намысы эсине келтирдиби, Доржиден кантсе да кегин алууга өчөгүштү. Алдыда азырынча көзүнө чалдыкканы жалгыз ошо. Кара ат бирде жайлоонун үстүнөн калкып учкан самолеттой жаркылдайт. Бирде мергенден качкан маралдай туягы, жерге тийген тийбегени белгисиз атырылат. Үстүндөгү Доржи жолборсту кулактап минген шайтан сыяктанат. Анда-санда соңуна кылчайып, чукулдап келаткан кулачан Бадмага камчы кезеп, кыйкырып сөгүнөт. «Мага жетсең эле өлдүң» дегени.

Бадма андан канткенде өчүн алат! Уялбай эркек бала кызды камчы менен башка тартты ээ. Атын мүдүрүлттү ээ. Дүкүйгөн Доржиге Бадманын чабышса алы жетпейт. Ал ат чаап дасыккан кыйды түгөт. Кантсе да кегин кетирбөө керек. Кантип? Кең талааны кууруптуп күчтүү Доржи кара тулпары менен жол бербей акмалап, тосмолоп баратканын карасаң, «оңбогон Доржи, улуусуң, амалдуусуң да. Кантем...»

Бадма тууралата бурдура тизгин чоюп, камчыны удаамудаа күлүгүнүн соорусуна, шилисине туш келди солоду:

— Кана, жаныбарым, Кула кутказ мени Доржи балээден! Өзүң да кутул! Ал шүмшүк сени да, мени да мертинтет. Кула, Кула, уч, сыз жеткирбей өт!

Доржи жакты карабастан үстөккө-босток камчыны шыбоодо. Канча болду. Кайда баратат. Жан алакетке түшкөн Бадма бир окумда көзүн бардап алды жагын караса чөбү жапырылган талаа. Эч жан чалдыкпайт. Коркконунан «кайда, каякка адашып кеттим» деп алактады. Кылчайса, кара тулпар артына сая түшө күрүлдөп туяктарын желге чапчытууда. Доржи камчы эмес ага кылыч сундургансып, асманды кыя чабууда. Изине түшүп каракчы куугансып, Бадма кайтадан теминип-кагына камчысынын күчүнө жалынды:

— Элик камчым кутказ, кула экөөбүздү! Кутказ! — Камчы тып-тып куланын санына, моюнуна, кээде өзүнүн балтырына батууда...

Кулагына атасынын ач айкырыгы угулгансыды:

— Каралдым, кагылайыным, чап, түз, бол, ыкчамда-а!

Үнү гана түгүл карышкан колунан тизгинин бошотуп, атын суулуктан коштогонсуду. Кандайдыр атасынын деми жакындан сезилгенсиди.

— Чап кызым! Чап! Коё бер тизигинди узунураак! — Ар кай жерге саксактатып ала качкан, жыгылгандарды байкоого коюлган кишилер сүрөөгө алып кыйкырганын, марага чукулдаганын секелек эс мас ажырата албай баратты...

Атасы менен жортуулда, жылкы издеп жүргөнсүп, негедир серүүндөдү. Кез-кез жанагинтип жол саксактаган калыстардын сүрөөсүнө кезигет. Күчөнө камчы шилтейт. Бетин эрке жел энеси сымалданып аймалап... морин хуурдун сыбызгыган күүсүн кубулта тартып секелекти терметип, эркелете сүрөөгө алгансыйт...

Кулага канат бүтүп, анын үстүндө Бадма өзү асмандап сызып бараткансыйт. Ооба, жерди чарк айланып учкан Гагарин сымалданат. Гагариндей баатыр болбос! Ага куланы мингизгенде эмне. Бадма ага кыйылбай берет эле. Анткени, ал Доржи эмес, Гагарин да!...

Кайдан-айдан чыкканы белгисиз ызы-чуу, кыйкырык-сүрөөн теребелди силкинтти. Сууланган төшүн жел аргыга тосо оорлой секиндеп таскактаган куланы кайтадан чыйралта жапырылткан үстүндөгү Бадманы кино, сүрөт аспапчылардын жалт-жулт далдап чыкылдаткандары, секидегилердин кол, желек, тумак, кепка булгалашып:

— Куу-ких! Куу-ких! — деген кубаттоо жаңырыктары тосту.

Кимдир бирөө жанаша желдирип жетип тизгиндей Бадмага суроо жаадырды:

— Кантип алдыга чыктың?

— Мектепте окуйсуңбу?

— Эне-атаң ким?

— Атыңды ким таптаган?

Бадма солуп чаалыккан атынын жалынан сылап жооп кайтарып жатты. Көрсө бул киши кабарчымын, кабарчыга жоопту так айтуу керек дейт. — Сен аймактык чабыштан чыкканыңа ыраазысыңбы?

— Ыраазымын.

— Кула атыңды деги ким таптаган?

Бу суроого Бадма уялыңкы мукактанды. А дегенде атасы, анан оңбогон Доржи элестелди. Анын Куланы а деп тапташканы, чаап чыгарып келгени чын. Кантсе да Доржини азыр чоң жарыштан калтырбадыбы. Ал алигиче кара тулпары менен марага келе элек. Мейли. Чала. Чакыраңдап тыңдуусунганын койсун.

Бадма көптө араң эринин бүлкүлдөттү:

— Менин атымды атам менен апам тапташкан. Атам болсо атыккан уяач — саяпкер. Менин атакем Гагариндей. Апам Терешковадай...

Бадма уялып кетти да кылчая омсоңдоду. «Атам каякта жүрөт. Неге эмгиче жок».

— Абдан жакшы кызым экенсиң. Баш мөрөйгө ээ болдуң. Дагы айтарың барбы? — деди корреспондент.

— Дагы... Билбейм. Атам менен апамды жакшы көрөм.

Бадмочер жетип аларды жандай бастырды...

А атасы коштой таскактаткан кабарчыга угуза минтти:

Биздин Бадма ат жалында чоңойгон чыйрак чабандес. Бу саам жарышта чыгып келгенине себепкер, куланын а деп жыдысын ачкан Доржи. Аялым экөөбүздү коюп, Доржини мактасаңар. Мейли, бүгүн ал калды дейли. Арийне, келечекки мөрөй аныкы.

Баш байге

Бадма боз үй, ээн талаа — эрме чөл эмне экенин сонун билет. Эми ат чабыштан кийин, райондун борбору — сомонду, аймактык кыштакты көрдү. Бирок, кадимки чоң шаар деген кандай экенин байкай элек.

Радиодон далай уккан дечи. Улан-Батор менен Москвадан, София менен Новосибирскиден. Варшава менен Иркутскиден, Будапешт менен Улан-Удеден не бир түрлүү ыр, күүлөрдү, сөздөрдү тыңдабады. Мына ушулар-

дын баары атактуу шаарлар экенин сезип элестетсе да, шаар дегендин кандай болооруна али түкшүмөл.

— Бадма, сага бүгүнкү ат чабыштын баш байгесин тапшырабыз! — дешти.

Маранын секисине калк кайрадан кылкылдашты. Оркестр жыбылжытып күү кайра баштады. Бадма саяпкер атасы экөө атчан жанаша турушту.

— Ка-ап, буерде апаң болгондо эмне,— деди атасы.

Салтанаттын башкаруучусу середен аларга жакындап шаңдуу унчукту:

— Баш байге — медал, белек жана да биздин Монгол Эл Республикасынын борбору — Улан-Баторго жалпы элдик майрамга жиберүү!

Оркестр дагы күү чалды. Жапырт дуулдап алакандар чабылды. Бадма байге сыйын алып, атасын күдүңдөй карады:

— Жакшы болду ээ, атаке! Чын эле апам мында болгондо эмне!

Атасы унчукпады.

— Алиги кайда? — Бадма атасына кайрылды.

— Ким?

— Тиги, баягы Доржичи?

— Анын сага не кереги бар?

— М-мен ага... — Бадма уяң мукактанды,— мен ага «рахмат» айтсамбы дейм.

— Ошенте кой! — Атасы негедир нары бурула каргылданды,— сөзсүз ошент... сен кызым... Бадмочер мурутун бурагансыды. Бадма атасынын кылдуу жаагынан жылтылдап жаш кулаганын байкады:

— Атаке, сен неге ыйлайсың?!

— Ыйлаган жокмун, жөн эле... Бүгүн күн өтө жаркып тийди,— деди атасы.

Мектепке камынуун керек

Төрт күн тыныгышты. Бадма, атасы жана андан кийинки байгеге илингендердин кыйласы күлүктөрү менен Улан-Баторду, түп борборду карай эң зор улуттук майрамга сапарчылашты.

Куласын, атасынын сары айгырын үстүнө бийиктете тактайлар урулган машинага салышты. Бадмочер аттар менен сыртка, Бадма кабинага отурду.

— Кана баатыр жөнөйлүбү? — деди шофер.

Бадма башын чайкады:

— Мен баатыр эмесмин.

— А-а эркекче кийинген кыз турбайсыңбы! Билдим, билдим! Демек, баатыр кыз! — шофер да таң калыңкы күлүмсүрөдү.

Алар алга октолтуп жылышты. Бадма жаңылыктан жаңылыкка батууда. Машинага а деп түшкөнү ушул. Адам эмес аттарын машина тартып жөнөгөнүнө айран-таң. Аларды кылчайып айнектен карап келатат. Алгачкы, алыскы сапарчылоосу!

Терезеден адырлар, колоттор, өндүрлөр сыдырылып калкууда. Алдыда күн нуруна чагылган тасмадай асфальт жол мизилдейт.

А артта башка машинада кара тулпары менен Доржи келатат. Бадма ичинен кымылдайт. «Ал азыр да менин соңумдаа».

Шофер тегерек параны күржүйгөн колу менен жай гана айлантып, Бадманы тамашалуу сөзгө алаксытууда:

— Машинеде канча аттын күчү бар экенин билесиңби?

— Билбейм. — Бадма моюнуна алды.

— Бөлөктөрдүкү алтымыш, а мени ки алтымыш эки аттык.

— Эмне үчүн алтымыш эки?

— Силердин эки ат үстүндө келатпайбы, анан эки аттын күчү кошулбайбы? — деп шофер күлө бакты.

Аттарды го билет, аттын күчү дегенге Бадма караманча түшүнбөдү. — А алтымыш ат кайда?

Бадманын бу суроосуна шофер жай гана минтип жооп кайтарды: — Алтымышы тең менин моторумда жайылып жүрүшөт.

Эй, бир кызык шофер экен да!

— Сен шарда болдуң беле? — Бадмадан сурады.

— Жок. Болгон эмесмин. — Бадма чынын айтты.

— Улан — Баторду да көрө элексиңби?

— Көрө элекмин,— деди Бадма.

— Ай-ай? — таңдана өңгөчүн тартты шофер. — Баатыр кыз да сендей болобу? Мыкты жеткинчектердин бакиси, а тургай мендей улгайгандар да Улан-Батордо жашашат! Билесиңби, эмне үчүн?

— Эмне үчүн?

— Анткени бардык балдар аттын ордуна машина күтүшөт. Машина менен зимилдеген асфальт жолдо гана жүрөсүң. Мен да бир кезде бала болгондугум үчүн Улан-Батордо турам.

— А сизди жашаган жайыңыз кандай? — деп кызыкты Бадма.

— Жашаган жайым боз үй, бирок, бешинчи катарда.

— Кантип эле? Кандайча?

— Маселен, бир үйдү алалы ээ,— баянын улантты шофер. — Анын үстүнө дагы бирөөнү кондуралы, ага — үчүнчүнү, анан төртүнчүнү, акырында бешинчини. Ошентип, бешинчи үйдө, бешинчи катарда мен жашап турам. Шоферин түшкүр, өтө куудул адам тура! Жол зыпзып артка кайдадыр Доржи тарапка сабалап учууда.

Алдыда улам көптөгөн зор имараттар, заводдордун көк челген бийик морлору заңкаюуда.

Мына, Улан-Баторго жетишти. Укмуштуудай олчойгон таш там үйлөр. Түп түз көчөлөрү, бак-шактуу, гүлзарлуу жайык аянттар Бадманы таңдантууда. Үстү-үстүнө тизилген боз үйлөр эмес эле жаркыраган кооз имараттар Бадманын кумарлануусун ого бетер ташкындатты.

Улан-Батордун көчөлөрүндө ат көзгө чалдыкпайт. Аттардын күчүн ээлеген ар кыл машиналар, анда-санда өзүлөрү чылап үстүнө жылкы түшүргөндөр гана чымылдоодо.

Ушулар тууралу Бадма атасына сүйлөшүүнү эңсесе да, эч мүмкүн эмес. Кылчайып кыйкырса да атасы угабы аны.

— Сенин күлүгүң дагы Улан-Баторго биринчи жолу баратат го? — сурай кетти шофер.

— Ооба,— Бадма башын ийкеди.

— Атың дүр дүнүйө дүкөнүнө кирет, жактыргандарынын бакисин сатып алат,— деди шофер мулундап.

— Кантип?

— Кантип, билбейм... — шофер мукактанды. — Биринчи кабатына атың кирерин кирет. А экинчи, үчүнчү катарына... Кантээр экен сенин атың? Дүкөндүн тепкичтери атка тардык кылат...

Ох, бу шофер оңбогондой куудул экен да!

— Ошол дүр дүнүйө дүкөнүнө мына мен кирем,— деди Бадма тикиреңдеп,— Кула атыма керектүүнүн баарысын өзүм сатып берем. Аймактык жарышта мени чыгарып келген ушу кулам.

Шофер мунусун жактады:

— Туура!

Качан алар мейманкананын астына токтоп, аттарын машинадан түшүргөндө дүкөн жөнүндө Бадма атасына айтты эле ал көнбөдү. Бадмочер шофердун тамашасына ынанган кызын кучактап кобурады:

— Бадыш, сен экөөбүз дүкөнгө барабыз. Арийне кула атың үчүн эмес. Атың мыкты! Өзүң андан мыктысың! Жарыш деген да жакшы нерсе. Баш байге алганың азаматтыгың! Кантсе да Бадыш, биринчи сентябрга карата сага

атайын окуучулук кийим-кече, портфель, дагы... алабыз. Макулбу? Ат чабыш өз жолу менен, а мектепке камынуу керек!

Кула Доржинин атына жакындап кишенеп жиберди.

— Мына, көрдүңбү, кула да меникин чын деп жатат,— деди Бадмочер.

Доржинин аты андан кишенеп кулага жооп кайтарды.

Доржи кара күлүгүн чылбырдан силкти:

— Билесиңби, Бадма, экөөбүз бир мектептен окуйбуз. Сен мага ачууланганыңды кой! Чыгып кетти деп мен да таарынбайм...

— Мен дагы,— деди Бадма жумшарыңкы. — Атам айтты... жолдоштор жаңжалдашпай жүрүш керек. Намыстуу адам самаганына эртедир кечтир жетпей койбойт.

Бадмочер кызын жактады:

— Дайым ушундай болсоң сени абдан жакшы көрөм, кетирекейим! Апаң да сүйүнөт. Мектепке барганында да намысыңды ыйык тут!.. Такай намыстуу өс, каралдым!

Ырас! Бадмочердин айтканы калетсиз!

1967

МҮЙҮЗДҮҮ КОЗУ

Азиз

Азиз чабандын жалгыз уулу. Ал жайдыр-кыштыр асман мелжиген тоолордун арасындагы жайыттардан алыс чыга элек. Азиздин атасынын кайтарганы килейген ириктер. А апасы болсо, боз үйүнөн чыкпай күндүзү тамак-аш даярдап, кийим-кечени жамап-жаскап үй-тиричилигине алек. Кечкисин койлордун астын акмалап тосуп, түнкү короонун күзөтүнө жардамдашат. Атасы жайытта жүргөндө, кечке дейре уулун аябай сагынып калат. Келер замат Азизин күржүйгөн алаканына куштай кондуруп, өйдө-төмөн тоголотуп, алкымынан удаа-удаа жыттагылайт, анан топтой көкөлөтө ыргытып ойноо өнөкөтү.

— Кантесиң, жаш бала суудай. Окус жылмышып түшүп кетсе, айлабыз не болот,— деп аялы күйпөлөктөсө, ага болбой кайра ыргытат.

— Жалгыздын жаны бек болот. Ушу баштан катуу алып көндүргөнүбүз жакшы. Уулум жакында мага кошулуп кой кайтарышат!

Атасы Азиздин бат эле кадимки чабандай атты өзү

алкынта бастырып, сеңселген чөптөрдү аралатып жүрсө дейт.

А апасы атасына жабышкан уулун көшөөрүп ажыратат. Атасынан бөлүнгүсү келбей уулу ыйлайт. Азиз ансайын жарпын жазган атасынын мойнуна асылып, апасынан качат. Ананчы, Атасы аябагандай чоң, күчтүү, анын чапаны койдун жүнү, оттун түтүнү жыттанат... Ушинтип жанына ынак тарткан уулун атасы бир күнү эртең менен: — Жайытка ала кетем,— деди. Апасы чебелене баштады:

— Кой, антпе, уулуң али кичине. — Экөө кыжылдашып, акыры мындай чечишти: Азиз кимисинин чакырганына келсе, ошонусу алмай.

Азизди ортого коюшуп, эне-ата экөө бет мандай окчун олтурушту.

Апасы төшүн ачты. Кой десе болбой, унуткарып эме койчу апай мамасын көргөздү. Атасы тоголотуп, апчып, ыргытып ойноткон чорлуу колжогой колун жайды. Экөө тең жарыша үн салышты:

— Азиз, Азиз! Кел мага! Кел мага!..

Азиз адегенде апасын карап, мамасын көрдү да, бөйтөйгөн эриндерин чопулдатып ийди. Атасы шашкалактай, каркылдап катуу унчукту:

— Азиз, кел! Чу, чу! (Колдорун өйдө тарбандатып «чу, чу! ыргыт» деген Азиздин сөзүн кайталады.)

Азиз апасына текилдеди. Апасы мамасын көйнөгүнүн ичине катып, кабагын түйдү:

— О чоң торпок, уят эмеспи.

Азиз дароо бурулуп, кайра атасына чуркады. Араң турган атасы шып илип ийнине кондурду да, токулуу атын минип, Азизди өңөрүп жайылган койлорун көздөй бастырды:

— Уулума мал кайтарганды үйрөтөм. Карыганча эне-синин эмчегин ээмп, үйдө олтургану уят эмеспи.

Атасы уулу экөө жер жайнаган койду айдап, кожурашып узашты. Апасынын ичи күйүп, жалгызсырап араң калды:

— Кап, ак мамасын катпай эле сордурганымда эмне?..

Эне кургур чыдай албай, кумурага камкаймагын куюп, тасмалга нанын ороп, алардын артынан жөнөдү.

Азиз кой кайтара баштады

Бакисинен Азизге атасынын атка өңөрүп, кой кайтарганы жакты. Жерде кибиреп апасынын жанында жүргөн-

дө эч нерсени көрчү эмес тура. Эмичи... Эми атасынын ээгинин астынан, чапанынын боорунан бөдөнөдөй башын, кылтыйтып, залкайган аттын үстүндөгү көрпөчөлүү жумшак ээрде көкөлөөп бийик. Ат аны бешиктей термеп, канаттуу чымчыктай абада калкытып жүрөт. Демейдеги кичинекей бою бийик, көзү бакырайып чоңоё түшкөндөй. Те алыстан басып калчудай болуп көк тиреп, бери салаңдаган дүңкүгүй тоолор бет маңдайында даана, жакын. Тоонун өзүн кыркалай бастырганда таптакыр коркунучтуу эмес тура. Боору толо сеңселген чоң-чоң жашыл өсүмдүктөрдү карай Азиз кубанычтуу колун серендетти.

— Бак, бак... ээ!

Андагы ар кыл өсүмдүктөрдүн атын али ажыратып биле элек уулуна атасы:

— Карагай, кайың, арча, четин, табылгы, карагат, шилби,— деп өзү айтып, анан Азизин кайталатты. Азиз өсүмдүктөрдү айрып таанымак кайда, жаңы сөздү үйрөнгөнүнө кудуңдады. Тоонун чокусунан төмөн карай көбүк чача күр-шар атырылып түшкөн көк кашка шаркыратманы көргөзүп, Азиз:

— Суу, суу,— деп кыйкырды.

Атасы уулунун сербейген тармал көкүлүнөн жыттагылап:

— Шаркыратма,— деди.

Азиз таң калыңкы атасын боорго сүзгүлөдү:

— Шаркыратма? Суубу?

Атасы мурутун үлп эттире бырс күлдү:

— Ооба, Шаркыратма — суу. Карачы, тоодон шаркырап атылып жатпайбы, ошондуктан шар-кы-рат-ма дейт.

Азиз эми түшүндүм дегенсип:

— Шар-кы-рат-ма, шаркыратма — деп доошун созуп, ыр кылып алды. Үнү ат үстүнөн тоого жабыша жаңырык чакырып, обондуу чыкканга сүйүнүп чыңкылдап кыйкыра берди.

Күн сайын атасына өңөртүп жүрүп, Азиз айлана-чөйрөдөн көп нерсени көрүп, жаңы сөздөрдү үйрөнө, тилин, акыл-эсин байыта берди. Аны атасы кайдигер нерсе катарында капарына албады.

Азиз атасынан калгысы келбейт

Ошондон тартып Азиз атасын бучкактап кайда барса чогуу. Апасы аябай коңултуктап жүрүп араң көндү. Эр-

кек бала атасына жакын деген ошол. Эненин кичинекей каралдысына тарынчысы өтөбү. Кечкурун келер замат өөп, жыттагылап басып жыгылат. Бир жолу эртең менен уктатып алып калган. Азиз ойгонор замат атакелеп ыйлап качып, эңсесин кетирди. Апасы жалынды, алдына тамак жайнатты, көтөрүп чуркады, аны-муну айтып, алдап соолады. Баары бир Азиз чырланып басылбады. Апасы жинденип төпөштөп кирди. Азиз андан да коркпой, атасы кой жайган белести карап: — Мен атамын уулумун,— деп өпкөсү көөп солуктай берди.

— Бооруна келгир... атасаагын көр мунун.

Кечке дейре кандай алакеттен өткөзбөсүн, баласы түк басылбай, энени аябай беймазага батырды.

Мына ушундан кийин апасы Азизди эртелеп тургузуп, атасына кошуп берүүгө шашылчу болду.

— Атаң кетип баратат — десе, Азиз кандай уктап жатпасын, көзүн укалап ыргып турганычы.

Чоңойгонумду атама көргөзсөмбү

Азиз азыр баштагыдан алда канча чоңоюп, күчтөнүп калдым деген ойдо. Ананчы. Керелден кечке атасын учкаштырып, лүкүлдөгөн ириктерди каалаган жагына кайтарып жүрсө, ый-чыр дегенди караманча унутса, атасы айткандай, кадимки жигиттей болуп талаадан тамак ичсе; кээде карагайдын түбүнө көрпөчө жазданып уктаса; атасы билген сөздүн, жомоктун баарын үйрөнсө; ийнин жапкан катыш чөптү жиреп, чалынып жыгылса, кайра туруп бийик боордон атасы көргөзгөн ышкынды, кымыздык, козу кулакты үзүп жесе; асманда калдактаган бүркүттөн коркпосо, мунун баары чындап чоңойгондуктун белгиси эмеспи.

Мурда апасына көтөртүп айылчылагандан башканы билчү эмес да.

Жайылган койлорун саксактап, атасы экөө жашыл дөбөдө жомок айтышып отурушкан. Атты тушап отко коё беришкен.

— Жандыктар алыстап кеткен тура. Алдын тосолу.

— Мен... атаке, мен... — Азиз аял-буялга келбей зымырылды. «Мына чоңойгонумду атама көргөзбөсөмбү» деп ойлоп баратты. Анан калса, койлоруң түшкүр, жылдыздай чачырап аябай биринден алыс тараптыр.

— Кыр-оой, кыр-о-ой-лоп, эң алдыңкы боз ирикти карай текилдеп эле баратат.

Атасынын кубанганын коё кал. Сакал-мурутун желге таратып, уулунан көз айырбай жондо заңкаюуда:

— Каралдым, кол арага жарай баштаганың ушулбу. Жыгылбасаң экен. Атаң айлансын сенден...

Уулу атасынын жалынычын уккансып, бутү жерге тийбей шерденип, чымын-куюн. Ата уулунун ниетин түшүнгөнсүп, бактылуу бакжаюуда. Азиз о далайда тыным албай чымылдап олтуруп, ири алдыда бөлүнүп жол баштаган боз ирикке жетти. Боз ирик тай торпоктой даңкайып, өзүн бир короо койдун башчысындай сезген эме. Бала алда кайдан кыйкырып, аны бери карай имерүү үчүн аткан октой түз барса да, боз ирик такыр тоотпой маңкайып койду. Анан ичке эринин эбиретип чөп башын ирмеп кирди. Азиз:

— Бас, бас — деп, боз ирикти дүгдүйгөн жумшак жонунан болп, болп чапкылады. Ирик артына бурулбастан, «бала, кет нары» дегенсип башын чулгуп коюп, оттой берди. Азиз арданды. Кулачы жетпесе да боз ирикти мойнунан аткылады.

— Жүр быякка! — артына жетелемек болду. Кочушун толтура жумшак жүнүнөн тарткылады.

Боз ирик башын чулгуп, силкинип ийди. Азиз серпилип жыгылды. Бирок чеңгели ириктин моюн жүнүнө аткылган боюнча калды. Баятан бери ордунан жылбаган ирик селтеңдеп алга секирди. Азиз өчөшүп, колун бошотууну калабады. Семиз ириктин мойнуна асылып, кээде жерге сүйрөлүп, кээде жумшак капталга бултаалактап тийип, кыйлага дейре туткакташып барды. Мына күп жерге тийди. Олчойгон ирик шиш туягы менен катуу тепкендей болду, буту тызылдап ооруду. Кызуулуктан тура калды. Басам деди. Бирок дарманы келбей, зорго бирпаска таканчыктап турду. Көзүнөн от чагылышып, бир жагынан жаны ооруса, экинчиден, ызасы кайнап, чыңырып-чыңырып ийди:

— Жинди, жинди-и де-се-е! — Боз ирикти келтирип сөгөйүн деди эле, тили күрмөлбөй көңүлү караңгылап, мамык бетегеге шалак жыгылды.

Алыстан кашын какпай баамдаган атанын заманасы куурулганын айтпа: «Баламдын боорун эзе теппегей эле»,— деген коркунучтуу ой муздак куюндай зымырап, мээсин сыдырып өттү. Сакалын аткып, этек-жеңин дел-дектете анда-санда бир тийип, далпактап арыштады дейсиң. Заматта учуп жетсе... Көк шиберде уулу кыймылсыз сулоодо. Шымынын оң багелеги дал-далынан бөлүнгөн, бөрсөйгөн балтырын уюган кан жууп жатат. Куруган ата

көзүнөн жаш салаалатып, Азизин алаканына салып өйдө көтөрдү. Эңирейип четтей басып, кебелбей турган боз ирикти карай тап берип ызырынды:

— Ай сениби, бозоргон доңуз-з!

Жарааттын кесепети жана шарапаты

Боз ирик шылый тепкен балтыры балаалап, Азиз кыйла күндөн бери төшөктө. Эми жанында такай отурган апасы. Ал шар суунун боюндагы бака жалбыректан үзүп келип, уулунун күйүп-жанган балтырына тез-тез басууда.

— Атаңды аз ээрчи дедим, о чунагым — деп, тымызын жемелеп да коёт. Түрлөнтүп тамак даярдап, уулунун оозуна кармайт. Бирде куурдак, бирде манты жасайт. Беш бармак туурап, ой-боюна койбой алдырат. Суусунуна ынак сүттөн бөтөлкөгө куюп, булакка муздатып ичирет. Эне кургурга чогуу олтурса уулунун карааны тоодой. Жайытта мынчалык бапестелген ысык тамак ичмек кайда. Бирок сырттын сырттай өзүнчө ыракаты бар го. Азиз керелди күнү кечке кыймылсыз олтурганга, жатканга тажайт, а чынында атасына куса. Буту ооруксунса деле, баса албаса деле жайытка өңөртүп кеткиси келет. Боз ириктин шиш туягын таш менен сындыра чапкысы келет. Минтип күндүз көңүлү ачыкта ойлойт. Атасын күтөт. Апасы аптап-жиптеп ар уруу тамагына тойгузган соң, күн күңүрттөнүп кечтей баштаганда эти алоолонуп күйүп чыгат. Көзүнө ардеме-бирдеме, көбүнчө боз ирик көрүнүп, жөөлүп, таңды таң атканча чырлайт:

— Ата-ке-е, боз ирикти кой дечи, кар-ма-чы,— деп чочуп кыйкырат.

Көзүн ачса, атасы жалынып-жалбарып, көтөрүп олтурганы олтурган. Кечке күткөн атасына айтайын деген сөзү жаны кыйналганда аргасыз унутулат. Таңга жуук эти сууп уйкуга көшүлөт. Бир күнү, эртең менен атасы коюн айдабай, анын жаралуу бүтүн аарчып жанында олтурганын көрдү. Негедир атасынын кабагы салыңкы. Апасына бирдеңкелерди шыбыштап, козголмокчу болду. Азиз көзүн бардап ачып жиберди. Атасынын кемселинин этегинен кармоого колун созду:

— Сени менен кетем... алып бар.

— Макул, каралдым, макул,— деди атасы күлүмсүрөп. — Апасы, кийинт уулумду. Жөнөт уулум экөөбүздү.

Атасы адаттагыдай ээрге бутун арттырып өңөргөн жок. Антсе балтыры оорумак. Ээрдин кашына жаздыкты бокчо байлап, ошонун үстүнө туурасынан олтургузуп, боору-

на кучактап, койдун артынан эмес, аттын башын башка тарапка бурду. Койду апасы айдады жайытка.

— Кайда барабыз, ата? — деди Азиз.

Атасы уулунун көкүлүн мурду менен сүзгүлөп, жыттагылады:

— Айылга, уулум, айылга... — атын шыпылдата бастырып, аны-муну кобурап баратты. Таза абадан кана жутуп, атасына өңөртүп атчан бастыруу Азизге мурдагысындай эле көңүлдүү туюлду. Эти да ысыбады. Жарааты да ооруксунбады. Белестен белести ашып, биринен сала бири окчун конгон уйчу, жылкычы, койчу айылдарды аралап, кең жайлоону өрдөп аттын шайбырын чыгарып, алыстай бериштн.

Качан көгөргөн көлдүн жээгиндеги апаппак узун чатырларга жеткенде атасы аттын оозун тартты. Уулун туурасынан көтөрүп, шар четки чатырга баш бакты.

Мына кызык. Ал чатыр малчылардын дүкөнү экен. Азиздин көзү ар кыл дүйнөгө чачырап таңыркаганы бүткөнчө... кара мурут дүкөнчү сыр билги элпек киши экен. Тосмонун үстүнө ага чак чотурайган чийбаркыт костюмду көргөзө кармап, шып жая салды. Кайра тез гана бурулуп, тепейген сур батинкени да тып койду.

— Бакир аке,— деди дүкөнчү Азиздин атасына кайрылып. — Булар бөбөгүмө чак кийимдер. Шаардан самолет менен жаңы алып келдим.

Азиз өзүнө энчиленип тигилген кийимдей аларды жыйнап, бооруна кучактады.

— Ал, бөбөгүм, ала кой,— деди жакшы дүкөнчү анын маңдайынан сылай.

Атасы үндөбөй уулуна күлүмсүрөп, бет аарчысынын түйүлгөн учун чечип, калдайган акчаны дүкөнчүгө сунду:

— Эми бу бөбөгүңө эки айга кенен жетерлик таттуу-паттундан бер.

— Жарайт, жарайт. Идишиңиз да жок экен. Жеңеме мындай буюм керек. — Дүкөнчү боолуу баштыкты өйдө көтөрдү. Бакир башын ийкегенсиди. Дүкөнчү баштыкка кумшекер, таттуу токоч толтуруп, чабандын колуна берди.

Олжо-буйлага тунган Азизди атасы жанаша чатырга көтөрүп киргизди. Ал чатырдын ичинен кандайдыр жагымдуу жытка толгону, тазалыгы баланын куштарлыгын арттырды. Аларды дүкөнчүдөн элпек, башынан тарта аппак кийинген кыз мээримдүү тосуп алды. Азиз андан дүкөндөгүдөн да артык сонун нерселер алам го деп ойлоду. Стол үстүндөгү жаркыраган бөтөлкөлөр, челектерге көзү түштү. Атасы шыбырашып, кызга сүйлөшө койду да:

— Бу жаңы кийимдерин кийгизөлик ээ. Чечинсин ээ, эжеси,— деди. Аппак кыз Азизди этияттап көтөрүп, ак шейшептүү тактага жаткызды.

— Бакир аке, сиз чечинте турунуз, Мен жаралуу (?)-тун айыктыруучу жумшак, апай байпак кийгизе коёлу, анан бу костюмдарын кийгизебиз. Анчыча, ме, ойноп жата тур — деп жалтырак челекти Азизге карматты. Аппак кыздын доктур экенин Азиз эми араң билди. Доктур эжеси аны-муну айтып мактап алаксыта берип, жараатына дары жаап, даки менен зымпыйтып таңуулады. Азиз буту аз-аз ооруксунса да, чыдап берди, жакшынакай доктур эжеси мактап, айыктырганы жатса, ыйлаганы уят эмеспи.

— Аныk жигит турбайсыңбы. Эми басып кете бер — деп доктур эжеси колунан тартып тургузду. Качантан бери жер баспай жалкоотой, коркунчаак болгон жаралуу буту көпкө дейре жерге тийбей титиреди. Анан доктур эжеси кармап таканчыктатып жетелегенде, чын эле басып кетти. Ошерден жаңы кийимин кийинди. Доктур эжеси атасына даки, дары берип:

— Ар үч күндө которуп майлагыла, байлагыла. Эттүү, күчтүү тамак жараатты ырбатат, жаш баланын денесин ысытат. Мелүүн тамак, сүт, айран бергиле,— деди.

Бакир уулунун жараатынын балаалаган себебин, эттүү тамакка бордогон аялынын жоругун эми түшүнүп, ууртун тили менен бурай аймап алды. Азиз жаңы кийимчен торсоюп, чөнтөктөрүнө момпосуй, таттуу токочтон салып, култундап сылтый басып мамыны көздөй жол баштады. Ал жараатын унуткарды. Эгер боз ириктен жаралуу болбогондо, узун сапар чегип жайлоонун маданий борборуна айылчылап келет беле? Жаңы кийим саттырып киет беле? Ким билет?

Э, боз ирик багындыңбы!

Атасы Азизге күнүгө эле:

— Шашпа, боз ирик, сени уулума багынтып бербесемби, өчүн алдырбасамбы,— дей берди.

Азиз аны укkан сайын сүйүнүчү койнуна батпайт. Кылейген боз ирикти багынтып, өчүн алса кандай сонун! Бирок качан, кантип кегин колуна тийгизээрин билбейт. Ишенгени атасы гана.

— Балам, боз ириктен өчүндү алдыртам эми,— деди атасы жедеп жараты таксыз айыккандан кийин.

Азиз атасынын колундагы камчысын сууруп, бүктөй кармады:

— Урабыз, ээ?

Атасы уулуна түшүндүрө жай унчукту:

— Айбанды уруп кереги не? Бозоргон чочкого сенин ээси экенинди таанытабыз. Тилинди угуп, бас деген жагыңа бөжөндөп чуркап тургандай көндүрөбүз.

— Ай-ий десе... — Азиз чодурандап секирип, кыт-кыт күлдү.

Атасы сөөмөйүн кезеп, сүйлөдү:

— Азиз баатыр акеси, күлбөгүнүң. Боз ирик менен сен экөөлөп кармашабыз. Ошондо коркуп кача турган болсоң, чыныңды айт ушу баштан.

Азиз сумсая түштү. Калп айткан менен болобу, боз ирикти жолуктурганда жүрөгү шуулдап, четтей басат. Баягында «кармашам» деп балтырын жардырды. Эми кармашса башын жардырып жүрбөсүн?

Атасы аны сынап жооп күтүп, үндөбөй кылтыйып ууртунан жылмайды. Окус качса, айрөк, айрөк, эркек бала, уулум жандын коркогу деп, атасы дароо шылдыңдаганы турбайбы. Баса, «экөөлөп кармашабыз» дебедиби. Атасы аны боз ирикке тебелетпей калсын. Балбылдаган кара көзүн бат-бат ирмеп, бойтойгон колун сунду:

— Коркпойм. Кел, убадалашалы.

Атасынын сом темирдей катуу колун четинен апчып, мыкчыңдап, ысык алаканы менен күчүн көргөзүп бекембекем кысты.

— Сөз бүттү. Азамат убадасына бек болот. Жыгылсаң, этиң ооруса ыйлабайсың, баатыр акеси. Жүр эми.

Атасы жайылган жандыктарды аралай шар адымдады. Азиз жүрөгү опколжуп, үндөбөстөн артынан чуркады. Боз ирик менен кандай кармаш болот? Азырынча ага табышмак.

Алда кайдан таанымал боз ирикти атасы койлордун арасынан түптүз качырып барып, кармоого кулачын жайганда, тигил дыргаяк берип, туура жакка булт секирди. Түз качса, кубалап кармоого мүмкүн эле. Туурага булт өткенден күү менен жеткен заңкайган киши тез бурула албай, очорулуп күп жыгылды. Семиз ириктер ээсинин бул жоругуна кошкурук атып, туш-тушка жарыла удургуй үркту. Азиз же күлө албай, же ыйлай албай алайып туруп калды. Кудай жалгап атасы тез эле тура жөнөдү.

— Адам ээй. Баламды эмес, өзүмдү маскаралагысы бар ээ... Ай сени, бозоргон доңуз, майыңды көзүңдөн актырбасамбы,— кыйкырып сөгүп деле жүрөт, жайыттан сырттай качкан боз ирикти тарталандап кубалап деле жүрөт. Азиз алдын тосоюн деп чымылдап чуркагансыйт,

бирок атасы менен боз ирикке караандабай алда кайда калды. Атасы о далайда араң курбу ташка капталта кууп барып зорго кармады. Койдун качканы да укмуш тура. Боз ирике жеке Азиз эмес, эми атасынын өчөшкөнү күч.

— Ошондой тура тур, уулум. Мунун күчүн көрөйүн,— деп атасы уулуна кыйкырды да, боз ирикке бутун арта салып минди. Мына шумдугуң кур. Боз ирик кой эмес эле балээ окшойт. Бирок атасын жыкмак кайда. Сокондотуп дүңкүлүңдөп өңкүп, мөңкүп ийди. Үстүндөгү адамды жыга алган жок. Башындагы калпагын гана түшүрдү, анан жайылган ириктерди карай чочко текиреңдеп чуркады. Койдун үстүндө сакал-муруту саксайып, жылаң баш, моюн жүндөн кош колдоп апчып, буту жер чийип келаткан атасынын бул күтүлбөгөн жоругуна Азиздин боору эзиле кытылдап, басууга шайы жок.

Канткен менен кой жылкы эмес да. Үстүндөгү кишинин оордугу чарчаатты окшойт. Мөңкүгөнү гана түгүл, текиреңи да басылып, төрт туягын алмак-салмак солбуп, кылтың-култуң жорголой басты. Кой жоргонун үстүндөгү атасынын жайланганын айтпа. Моюн жүндөн аткыган колун жайып, уулуна мактанычтуу колдурап минтип ырдады:

Уулума боз ирикти мингизем,
Эсине абдан киргизем.

Ыры менен боз ирикти кылтылдатып келип, Азизди жерден илип артына учкаштырды:

— Бу доңузду жай кармап, саа мингизмекмин. Балам, териңди тескери сыйыртмак экемин да. Эми былк эткис эшектей кылып үйрөтөбүз.

Азиз эпейип, койдун жумшак соорусуна минер замат тыптып оңду-солду сооруга тепти.

— Э боз доңуз, чу, чу!

Боз ирик туяктарын шылкылдатып, кылтың-култуң жылды. Жеңил Азиз болк-солк эткен нык жүндөн оп түшүп кала жаздап, атасын бекем кучактап алды. Ээрчен атка мингенден жайдак кектүү касын багынтып миниш оңойбу. Азиз ылайым андан түшкүсү жок. Атасы эрегишкендей олчойгон бут менен олбуй-солбуй, боз ирикке тыным бербеди. Азиз анда:

— Чу, бас-бас. И багындыңбы, багындыңбы — деп кайра-кайра чаңкылдап, тепең-тепең сооруга тепкилөөдө.

Учкашкан ата-балага таңыркап, чөп үзбөй селтеңдей караган койлорду боз ирик илең-салаң аралап көпкө жүрдү. Акыры солуп, баспай тык токтоду. Демейде бапсайып, киргил тарткан уяң жүнү аппак булая бууланып, жылт-

жулт тер сыгылып чыга баштады. Атасы эми араң түшүп, уулун алдыга жылдыра мингизди.

— Багынат деген ушу, балам! Эми, буга такай минип жүргүн!

Ошондон тартып, Азиз менчик «аттуу» болду. Ал торсоюп, эртең менен короодон жайытка айдаганда боз ириктин үстүнө минип, жонунан бек мыкчып, бутун алдыңкы колтугуна кыпчып жөнөйт. Кечкисин жайыттан короого чейин минип барат. Боз ирик адегенде эсиргенинин сазайын тартып, кичинекей ээсине багынып, андан кийин баягыдай жыккан жок.

Бара-бара боз ирик Азизди үстүнө көтөрүп жүрүп оттоого көндү. Азиз ал оттогон учурда теминип, кагынбастан жөн гана оюна коюучу, же жонун сергитип, түшүп ойноп келүүчү. Азиздин боз ирикти жайлата минип жүргөндөгү чоң пайдасы бу болду. Атасы кээде жөө, кээде атчан кой минген уулун жандап:

— Бир, эки, үч, төрт, беш... — деп, жайылган жандыктын башын саната берди. Адегенде беш, ондон артык санатты билбеген Азиз күзүндө боз иригин минип аралай бастырып, колундагы чыбыкты селкилдетип түгөлдөп, беш жүз деген эсепти өз алдындагы иригин жонго чабуу менен бүтүүгө үйрөндү.

Ошентип жай да өттү.

Күзүндө ириктер даңкайып семиргенде атчан атасына кошулуп, боз иригин минип кылтылдата айдап барып, эт комбинатына өткөзүштү. Эң артында боз иригинен түшүрүп, килге тарттырганда Азиз атасына далдаланып, көз жашын токтото албады. Досунан ажыроо оңойбу! Аердегилердин баарысы тең башкарма, ферма башчысы, кабыл алуучулар мыкты семирткендиги үчүн атасын мактап жатышты. Атасы тигилерге угуза бак-бак сүйлөдү: «Ушу эмгектин теңи менин жардамчымкы! Кантет, кел уулум, мындай».

Тегерек калпакчан башкарма Азиздин боз иригин жакшы көрөрүн баамдаган окшойт. Жай басып келип, маңдайынан сылагылады:

— Бакир аке, эртенден калбай короолордон козу бөлүп алыңыз! Азиз иним мотурандаган козуларды жакшылап баксын, чоңойтсун. Сиздин бул уулуңуз малсар, аныя чабан тура!

Мүйүздүү көзү

Мына кызык! Азиз эне-атасы жанында турса дале жалгызсырай баштады. Вир үйгө кирет, бир эленден сыртка чыгат. Айлана жым-жырт. Короо ээн. Ал төрөлгөнү айбан да болсо быкылдаган жандыктарын арасында чоңойбодубу. Кээде тоо койнунда жалгыз үй олтурушканы менен, аларды дайыма тирүү жандар — койлор курчап турчу эле го. Малдын карааны адамга канчалык дем экенин эми түшүндү белем. Туткакташып жүрүп күндүн кандай чыгып, кандай батканын сездирбеген боз ириктин баркы да эми билинүүдө. Койлордун кепшегенин, мааранын, дүргүгөнүн укпай, түнкүсүн уктаганча аябай коңултуктоочу, ал түгүл чочулоочу да болду. Же үйгө, же сыртка батпай чепендеген уулун көрүп, өзү да эки күн тынч олтура албай, эриккен ата ар кайсы короодон отуздан, элүүдөн, ызы-чуу мааратып, козуларды бөлүп келе баштады:

— Мына, балам, буларды дурустап көздөйлү. Соңку жылдан эле борук, анан ирик болот. Санап өткөрүп ал. — Атасы козуларды көргөзүп, уулуна кенешти.

Азизге атасынын «санап өткөзүп ал» дегени аябай жакты. Топ-тобун бузбай үрпөйүңкү чокмороктошкон козуларын арасын чандаландап жирей басты. Колун тепендетип, бармак сөөмөйлөрүн ачып-жума санап кирди. Козулар баягы ириктериндей бышкырык атып, туш-туш тарапка аны жөөлөп үркпөдү. Чоң көздөрүн жалжылдатышып, Азизди тегеректей «ма», «ма-ма» лашып жүткүнүп турушту. Куду өзүндөй кичинекей козулардын ыйламсыраган үндөрү аянычтуу, кейиптери ага «энебизди таап бер, курсагыбыз ачты» дегендей туюлду.

Азиздин зээни кейип, эсебинен жаңылды. Жеңи менен көзүн сүртө четтей чуркап, үй жагына баркырады:

— Айдагыла жайытка. Козуларымдын курсагы ачты,— деди Азиз чаңкылдап.

Кайда басарын билбей телмирген козуларды үйдү бекитип ташташып, ата, апа, бала үчөөлөп көк жайытты көздөй сүрүштү. Козулардын баарысы тең эле кудум көкүлдүү бөбөктөй мотурайышып тармал. Көзгө татына. Бирок баары бир кылка эмес. Алардын ичинде жүндөрү узарып, борукка чамалаш эрте туулган дондоштор да бар. Ошо дондоштор жолду башташып оттоого кириштн. Аларга жетпей беш-алты кебээ козу бүжүрөп артта калышты. Же жакшылыктуу оттой алышпайт, же безилдеп үндөрүн басышпайт.

Азиз дал ошол кичинекей чабырлардын астын тосуп, бөлүп:

— Атаке-е, апаке-е, булар кичинекей экен. Алыс айдабайлычы. Мен багам! — деди.

Баласынын демилгеси атасынын курсанттыгын ташытты белем. Атайылап Азиздин жанына келип, мурутунан күлүмсүрөп, колжойгон колун сунду:

— Жарайт, уулум, жарайт. Тигилерди-и апаң экөөлөп, алмак-салмак кайтаралы. А булары, өзүнө окшогон кичинекейлерин сен жалгыз багасың. Бүгүн эле эмес, дайыма. Макулсуңбу?

Азиз атасынын сунулуу жазы алаканынын чок ортосун керилип туруп торс чапты:

— Макулмун. Мелдешелиби? Качпайсыңбы?

— Качпайм,— деди атасы эңкейип, уулунун маңдайынан сүйүп.

Убада, мелдеш оңойбу. Азиз ошондон бери кенже козуларын түнкүсүн гана короого кошпосо, күндүзү дайым бөлөк, үйдөн алыстатпай жаюуда. Кенжелеринин ичинен Азизге өтө жакканы — аппактыгы кардай, быжыгыр тармал козу. Азиз аны «Апакай» атады. Ал тигилерден ымаяны ысык, акылдуурак. Бүрдүү чөптөрдөн башын албай быйт-быйт ирмеп, тез өндөнө түштү. Азиз аны моюнунан кучактап, жонунан сылагылап:

— Апакай, Апакай, жүрү,— десе, ээрчип жөнөчү болду. Эми Азиз козуларды айдабастан алдыга өзү чуркайт: — Апакай, Апакай быякка... — Апакай ээсинин артынан топурандайт, калган козулар анын соңунан чубурушат. Акыры чөбү катыш, бүрлүү жайытка жетип токтошот. Апакай жол баштайт, чөптүн сонунун тандап жейт. Беркилер даамдуу отту көрбөй тебелей басканда, Апакай «мынакей, муну отто» дегенсип, чегинип чыга берет. Аны баамдаган Азиз:

— Азамат, Апакай, досторун жакшы көрөт — деп, ого бетер эркелетет.

Чабырлардын жалгыз бирөөнөн башкасы күн өткөн сайын торсоюшуп торолууда, семирүүдө. Ал Апакайга ыктаган менен деле дурусураак тоюна албай, ичи кабырылган, дүңкүйүп мүйүз чыгып келаткан боз козу. Бакиси тең токол. Ушул гана мүйүздүү. Неликтен ушунчалык арык. Же мүйүзүнүн саатынанбы?.. Ага Азиздин боору ачый баштады.

— Неге баары тыңыса, сен жүдөп баратасың? — деп, мүйүзүнөн кармаса, ал башын чулгуп кежирленди.

— Эх-ей,— деди Азиз бир нерсени эсине түшүрүп,—

сенин өңүң, кыялың боз иригиме окшошот да. Кантип семиртем ыя сени... Мүйүздүү козум жалгыз сен болсоң...

Азиз мүйүздүү боз козусун кантип тыңытуу жөнүндө атасына айтты. Атасы улагадагы буума капты көргөздү:

— Мында чабыр, ыландагандарга сактаган буудай акшагы бар. Ушундан бурдатчы.

Азиз акшактан калпагына үймөлөп, мүйүздүү козусунун тумшугуна каптаса, анысы ачууланып башын калжактата чайкады.

— Ай-рөк, ай-рөк, тамактын даамдуусун билбейт экенсиң — деп Азиз козусун мүйүзүнөн кармап оозуна бир чымчым акшакты зордоп куйду.

Акшак тилине барганда даамын билди окшойт, мүйүздүү козу быйтылдатып кепшеп кирбедиби.

Анан ээсинин калпагына өзү моюнун созуп ирмей баштады. Мүйүздүү козу калпагындагыны түгөтмөйүн, карыш жылбады. Айбанга колдон тамак жедирүү оңойбу.

— Ушундан тамак жеп, ичип көн, макулбу? — деп калпагын чөмкөрүп, булактан сузду.

Мүйүздүү козу чындап суусаса керек. Ээсинин эки четинен оозуна кармаган калпагынан сууну тынбастан шимирди.

— Апакай, Апакай, кел! — Азиз мүйүздүүнүн жанына олтуруп, алыстан чакырды. Апакай мурдагысындай шар томурандабастан жай каалгып илең-салаң туягын шилтеди. Кыязы, ээси бүгүн мүйүздүү козуну бапестегенге ичи тарый түшкөн окшойт. Анын артынан берки козулар дагы жай каалгышты. Азиз Апакайынын таарынганын туйбады. Апакай ныксырап сулаган мүйүздүү козуну шектүү жыттагылады. Аны туурап калгандары да мүйүздүү козуну туш-туштан жыттагылашты.

— Эх-е. Кеткиле. Тоюп жаткан арык мүйүздүүм тынч эс алсын. — Азиз колун серендетип Апакайын баш кылып кубалады. Алар нарылап, көнгөн чөбүн кырт-кырт оттоп киришти.

Ошонон кийин мүйүздүү козусу тигилерден бөлүнүп Азизди жалгыз ээлеп, анын калпагынан такай жем жеп жүрдү.

Апакай жолдоштору менен адеп кубаланган соң, өзүлөрүнчө алыс оттоого көнүштү.

Мүйүздүү боз чөп ирмебес болду. Азизди такай ээрчип, анын сүйгүнчүгүнө айланды. Жемдин күчү оңойбу, бат эле күрсүйүп семирди. Мүйүзү да оркоюп өсүүдө. Бир короо козудан мүйүздүү бир ошо болсо, ал артынан ээрчип, калпагынан тамак жесе, Азиз кантип кубанбасын,

Ал акшак эмес, колундагы нанын сунса да, мүйүздүүсү тамшанып жеп алчу болду. Азиз аны мүйүзүнөн кармап, өзүн тизеге нукутуп, дароо чалкасынан кетип ойногонду тапты. Өсүп келаткан жаш мүйүзү кычышабы же ээсинин көндүргөнүнөнбү, боз козу жыгач бадалды торс челип калат.

Азиз бир жолу мына буга таң калды. Мүйүздүүсүн ээрчитип козуларына келаткан. Капысынан күп эткен дабыш угуп, кайрылса... Мүйүздүүсү керилип туруп көгүлтүр козуну сүзүп жатыптыр. Ал козу айбат бере албай качып жөнөбөдүбү. Азиз Мүйүздүүсүнө маашыркаганын коё кал:

— Азамат, жарайсың. Сен булардын баарын багынтасың. Боз ириктен да күчтүү болосуң.

Азиз өзү дагы бир козуну кармап, Мүйүздүүсүнө чекесин тостура:

— Кел сүзүш,— деп жүткүнттү эле, Мүйүздүүсү ээсинин оюн түшүндү белем тарс эттире токол козуну алыс ыргыта челди.

— Ох-о, сүнөөнө-к, азамат! — Азиз ого бетер мактап, ого бетер барктап бакты. Атасы буума акшактын каптын түбүнө түшүп баратканынан улам:

— Ия балам, жемди бүт мүйүздүү козуңа жедирип бүтүрөсүңбү. Жандыктан ылаң чыкса, эмне берип багабыз. Токтот эми! — десе. Азиз эдиреңдеп башын чайкады:

— Эх-е, акшагыңарды аясаңар, мейлиңер. Өзүм ичкен тамагымды берем!..

Атасы уулуна көзүн аңтара тиктеди да, андан кийин такыр унчукпады.

Азиз көрүнгөн козуга тап берип:

— Сүзөөнөк, сүзөөнөк, качыр — десе, Мүйүздүүсү кээсин челип, кээсин жаный сүзүп четинен коркута баштады. Анын ар жолку «жеңишин» ээси жактыруунун үстүндө. Бара-бара андан барлык козу чочуй баштады. Мүйүздүү козу күн сайын өзүнүн күчү ташыганына корстон. Апакайды Азиздин көзүнчө карс эттире бир сүздү. Мүйүздүүгө теңеле алабы. Апакай четтей секирип. Азизге тигининди кой дегендей жалжылдай карады. Азиз азыр аны эмес, Мүйүздүүсүн эркелете мүйүзүнөн кармап турганын көрүп, нары кылчайбастан басып кетти. Мал да болсо мурда жакшы көргөн ээсине таарынды белем. Ошондон кийин Апакай короодогу чоң чабан кайтарган козуларга кошулуп, жайытка кетчү болду. Балким, мүйүздүү козуну Азизи сүздүрбөй кармап калса, же какыс-кукус кылса, Апакай антпес беле?

Аны Азиз сезип да койбоду. Калган козулар сүзөөнөккө жасакерленишип артынан сагалашат. Окус сүзсө «акырын, акеси» дегенсишип, капталдарын тосуп бөйпөндөп турууга көнүштү.

Азиздин жалгыз көрөр көзү Мүйүздүү боздун баскаңы да өзгөрүлдү. Дүгдүңдөп мүйүзүн кырданта, башын кыйшайта буруп жүрүүчү өнөкөт үйрөндү. Бордолгон жаш мал семирип, бат чоңоёт тура. Кышында дагдайып төшү чыгып, короодогу бардык козудан кырдуу көрүндү. Башка дондоштор жука беттерден кар түртүп, эптеп курсак тойгузуу алакетине түшсө, сүзөөнөк Азиздин жанында калып жем жейт. Эми козу эмес итти челип качыруудан тайманбайт.

Сүзөөнөк мүйүзүнөн айрылды

Күндөрдүн биринде Азиз сүзөөнөгүн жаматташ кокутдагы койчунукуна ээрчитип барды. Өзүнөн улуу Султан деген балага жолугуп:

— Мүйүздүү козуң барбы? Сүзүштүрөсүңбү? — деди, дондошун мүйүзүнөн кармап мактана.

Султан аны жактырбаңкы үнсүз башын чайкады. Азиз тигинин тоотпогонсуганына ызаланып кетти.

— Анда өзүңдү сүздүрөйүнбү? — деди Азиз эңиреңдеп. Султан күпчүйүп тончон, чокойчон эле. Ага ишенбей:

— Эр болсоң эле сүздүрүп көр,— деди.

— Анан ыйлабагыныңы! — Азиз согуш жарыялаган немече кыйкырып, мүйүздүү козусун жүткүнтө, Султанга тап берди:

— Качыр! Качыр!

Мүйүздүү дондош текчейип кетенчиктей түшүп, кериле секирип сүзгөндө эле Султан кар таянды:

— Карма! — деп бакырды ал, чындап коркконунан.

Азиз дондошун адатынча тутамдап карга матыган Султанга жанакыдай мактанычтуу элдирейди:

— Көрдүңбү! Ишендиңби!?

— Кыйын экенсиң,— деди Султан, сары тонунун жеңиндеги карын күбүй. — Эртең сүзөөнөгүңдү апкел. Менде да мүйүздүү бирөө бар. Атам жайытка айдап кетти. Эртең короого алып калайын. Сүзүштүрүп көрөлү. Мунуң кудай ургандай күчтүү экен! — деди.

Жеңиштүү Азиз, Султандан сөгүү эмес, мактоо уккансоң, макул болду. Сүзөөнөгүн аябай жемге тойгузду.

Эртеси атасы короодо жандыктарды айдаар замат Азиз сүзөөнөгүн ээрчитип, Султандын короосун беттеди.

Султан аны жарым жолдон тосуп алды. Мейманын балбаны экөөнү короосуна киргизип, илгичин илди да, наркы бастырманын түбүнөн чыгырык мүйүз ак кочкорду айдап чыкты. Азиз аны көрүп, дароо мүйүзүнө илип кетчүдөй кетенчиктеди:

— Алпар нары. Чоң кочкор тура. А мениқи кичине да, козу кочкор да.

Султан чуркап келип, Азизди колдон кысты:

— Коркпо, бул сүзбөйт. Карган эме!

Чын эле ак кочкор алар менен иши жоктой каалгый басып кетти:

Сүзүшүүнү каалабады.

— Чын эле сүзөнөөгүмө баары тең багынып келатпайбы. Бу карган эмени деле качырар,— деп ойлоду Азиз. Мүйүздүү боз дондошун бошотуп, адатынча ак кочкорду карай тап койду:

— Сүз! Качыр! Багынт!

Азиздин дондошу кочкорду боорго, жонго күрс-күрс чолуду. Кочкор адегенде этибар албады. Анан өтө ооруксунганда чыдабай кетти окшойт. Ачуулуу көздөрүн кызартып, жонун дүгдүйтүп чыгырык мүйүзүн тосо бурулду.

— И эми сүз! Багынт! — Азизге кошулуп Султан да мүйүздүү дондошту ыраак кетенчиктетип туруп көкүтүп тап беришти. Дондош ыракатан түйүлүп барып түпкүчтөй ийрилген карт мүйүзгө тикчигий мүйүзүн сайылта карс сүздү. Негедир карт кочкор менен жаш кочкорчо бөлүнүшө албай туткакташа түшүштү. Шиштигий жаш мүйүз ийрилген куу мүйүзгө илинип калыптыр. Карт кочкордун ачуусу анық келген экен. Балдар чырылдап жеткенче, кочкор сүзөөнөк дондошту мүйүзүнөн илген боюнча бутун жерге тийгизбей бултактата түпкүчтөй башын тыяк-быякка булкуп нарылай арыштай чуркады. Мына бир маалда боз козу күп эте алда кайда ыргып түштү. Азиз чымылдап жетсе, сүзөөнөк дондошунун башы кызыл жаян кан, эки мүйүзү тең түбүнөн омкорулуп түшүптүр. Султанды, анын кочкорун сөгүп жер тепкилеп ыйлап жиберди Азиз. Айлаң канча. Султан кочкорунун мүйүзүнө илинип шалдыраган морт мүйүздү Азиздин колуна берип, араң илкиген дондошун жетелешип короосунан узатты.

Уулу ыйлап барса, атасы кытылдап күлүп, мындай деди:

— Балам, чала болуптур. Сен аны чексиз эситрпединби. Дондошундун эртерээк мүйүзүнөн айрылганына сүйүн. Ал сенин өзүңдү сүзүп, мандемге учуратабы деп чоочучу

элем. Коё бер короого. Андан өлбөйт. Эми чырсыз тынч жүрө берет.

Апасы мүйүзүнөн айрылган боз доңдошту уулунун колунан бошотуп жетелеп барып короого кошсо, козулардын баары андан үркүп, жанына жолотпой качышты.

Азиз букулдап жедеп көз жашы кургаганда араң:

— Мен өзүм сүзгөнгө көндүрбөсөм, боз козум мүйүзүнөн ажырабайт эле. Чынбы, атаке,— деди солуктап.

Атасы уулунун ийининен таптады:

— Чын, кагылайын. Малды да эсирткен ээси болот. Эми колуң бошоду. Кошо кайтаруудан коркпосоң, жүрү. Жайыт жаңылайлы.

— Коркпойм! Мындан кийин козуну сүзөнөөк кылып үйрөтпөйм,— деди.

МҮЙҮЗҮНӨН АЙРЫЛГАН СҮЗӨНӨК

Кичинекей англис кызы
Виктория Смитке арнаймын

Бет ачар

Балдар бул чыгарманын кичинекей англис кызы Викторияга арналганына таң калбаңыздар. Анын жүйөсү бар. Чынын айтсам, төрт жашар Викториянын (кыргызчалатсак Жеңиш, Жеңишгүлдүн) талабы болбогондо «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөк» повести жазылмак да эмес.

Кээде адам баш тарталбай турган өтүнүч болот. Мына ошондой жагдайга мени кичинекей Виктория дуушарлантты.

1974-жылдын апрель айынын аяк ченинде «Мүйүздүү козу» китебин дүйнө элдеринин бир нече тилдеринде чыгарган «Прогресс» басмасынан төмөнкү мазмундагы катты алдым.

«...Урматтуу таксыр Бейшеналиев! Бизге «Мүйүздүү козу» китеби абдан жакты. Айрыкча мага өз мүйүзчөсүнөн айрылган козу өтө жакты. Сиз дагы көп, көп китеп жазарыңызга ишенем. Анткени «Мүйүздүү козу» мени өтө кызыктырды. Сиз ушу мүйүздүү козу жөнүндө дагы бир жаңы китеп жаза аласызбы? Китептеги сүрөттөр эң сонун экен. Эне-атасына айтып жаздырган Виктория Смит 4 жашта. Саут Кройдон, Англия».

Океандын нары жагынан кичинекей кыздын дилинен

жазылган күтүүсүз чакан кат адегенде мени аткаарытты. Анткени, бул саам китептин жакканы, кыргыз жергесинин, элинин элеси кызыктыргандыгы жөнүндөгү чет элдик окуучулардын мурдагы каттарынан бөлөкчөлөнүп, суроо-өтүнүч коюлуп келди.

Баарынан да каттын ээси нариете заттын шагын сындырууга дитим даабады. Дароо жооп кайтарууга да сөз таппадым. Кур дегенде жооткотуп кутулуш үчүн баланын кабагын чытытпоочу шылтоо издөө керек эле. Андай шылтоону да таба албадым.

Кайсы өлкөлүк, кайсы улуттан болбосун, бала — адал, назик зат. Аны калп айтып, же көңүлүн калтырып кутулуу уят. Менин оюмдан Викториянын дал өзүндөй кичинекей, назик катындагы «мүйүздүү козу жөнүндө дагы бир жаңы китеп жаза аласызбы?» деген өтүнүчү такыр чыкпай койду.

Убакты өтө берди. Башка чыгармачылык чүргөөлөргө көңүл чаппай, нариете окуучунун кыска, бирок маанилүү талабы сүрүп таштады.

Мындан он жыл мурун жаралган «Мүйүздүү козунун» жоомарт ээси кичинекей Азиздин камкордугу менен ирденип алгандан тартып ар кимди сүзө берип, акыры мүйүзсүз калгандан кийинки окуясын улай аламбы? Кандайча?

Төрт түлүк ыңкыган улуу тоо койнундагы жайлоолорду кыдырдым. Кадик чабандарга, мал чарба адистерине сырдаштым. Козу кочкордун сынган мүйүзүнүн кайрадан жетилип чыгуусу да, чыкпасы да ыктымал экен. Кеп анда эмес эле. Маселе — чыгарманын каармандынын ар-намысынын бекемдигине, кагылыштан жалкуу, же чыйралуусуна, турмуштун келме-кезек оомал-төкмөлдүгүнө жараша каймана мааниде, балдарга да, чоңдорго да таалим тарбиялык мазмуну «Мүйүзүү козудан» кем эмес чыгарма жазууда болучу.

Улам ой толгоо бекемделе берип, арадан төрт ай өткөндө Викторияга ал окуган мурдагы китептин каармандары мүйүзүнөн айрылган козу тууралу дагы бир китепче жаза аларлыгым жөнүндөгү, эгер ал ылайык көрсө, жазылуучу китепти ага арноо ниетимди билдирип жоop жөнөттүм. Виктория сүйүнүчтүү макулдугун кабарлады.

Ошондон тартып такай кат алышабыз. Былтыр кол койгонду, сүрөт чийгенди гана билген, быйыл бешке чыккан Виктория өз колу менен кат жаза баштады. Ал өзүнүн фото жана тарткан сүрөттөрүн жиберет. А дегендегидей мага «таксыр» дебестен «ага» деп кайрылат. Биздин Кыргызстанды, Фрунзени картадан карап табат. Педагог

эне-атасы, өз шаары, он эки жашар агасы Патрик жөнүндө жазат. Демек, Виктория өз өтүнүчү боюнча мен убада берген китепти күтүүдө.

Ал китепти далай толгонуулар, алакеттер менен жакында араң, эки жылдын тогошунда зорго аяктадым. Аны багышталган Викториядан мурда менин жердештерим сиздерге сунуш этүүдөмүн.

Бул балдар мүнөзүнө ылайык чакан чыгарма кандай таасир калтырганын, жаккан жана мүчүлүш жактарын жазып жиберүүнүздөрдү өтүнөм.

Автор.

Аяз баласы

Көрпө тон, көрпө тумак, кийиз чокойчон торсойгон Азиз... Бул кебетесине караганда ызгаардуу аппак теребел үчүн атайлап төрөлгөн аяз баласы дээрлик. А чынчынына келгенде деле Азиз аязды тоотор түрү жок. Анын мөтүрөйгөн оттуу көзүнөн, ысык дене, жылуу кийимчен албырган дидарынын илебинен кырчылдаган сууктун мизи даабай жалтанууда.

Кой короосунун эшик алды улам жаңы кардан күрөлө берип өзүнчө дөбөчөгө айланган. Азиз ошо күрөндү дөбөчөсүн тебелеп жонуна чыкты. Өзү, атасы, апасы үчөөлөп алмак-салмак чоң, орто, кичине күрөктөп челип ыргыткан эшик алдындагы кардан түзүлгөн күрөндү канчалык данкайымыш этсе да жапжапыз тура. «Заңкайган бийик нерселер мына булар» бет мандайындагы дүйнөнүн нары жагын калкалаган балык жон адырларга эдирейди. «Минтип бир атылым менен чокусун басмак түгүл, күн бою тырбаландап зорго адырдын жонуна жетээрсиң».

Баланын кареги эмелеки зордугуна машыркаган адырбелестери таканчыкка гана жарап, алардын тээ түпкүркү үстүнөн жогорулап асман чалкарына заңкая боюн созгон алп тоолорго, аска зоолорго күлмүң чагылышты.

«Бах! Бийиктен бийик. Зордон зор. Күрөндүдөн адыр зор. Адырдан тоо зор. Тоодон аска зоо зор. А зоодон ары эмне? Асман, Ай, жылдыз, Күн. Анан?...»

Азиз неге же адырдын, же тоонун, же зоонун, же ай, жылдыздын үстүнө чыкпастан бийиктиктин эң жапысында турганына коомайсына күрөндүнү кычырата тарс, тарс «жанча» тепти.

Тоо, ойдуң дебей жер үстү жапырт аппак карга, аязга тунган. Айланадагынын бакиси тээтиги олчойгон тоо-

лордон мынабу чатырлуу кызыл кыш кашарга чейин көздү чалкытып, жүрөктү опколжутуп барандуу, сүрдүү. А неге адам, бөтөнчө Азиз өзү кичине! Жо-ок. Адам атасы, апасы, өзү... асман жердегилердин бакисинен бийик, күчтүү. Ошон үчүн жер гана тургай тоону тебелеп, малды жайып жүрбөйбү. Азиз арбалган ойдон сээлдеп эмнеге чыгынганын эстеди.

Атасы бүгүнкүдөй борошосуз ачык күндөрдө шамал каккан туланду бетке койлорун жаят. Кашардагы чөп, жемге чабырлар гана коюлат. Аларды караса, арасында өз ынагы жок. Оттоп көнсүн деп атасы сүзөөнөгүн мүйүзүнөн ажырагандан бери көпчүлүк учурда жайытка кошуп кетчү болду.

Оңкойгон дүңгүл мүйүзчөнү жактырып жайыттан бөлгөнүн... жалаң жемге бордоп жанына ынак тарттырганын... а дегенде өз тизесин, калпагын сүздүрүп көндүргөнүн... Анан башка козуларга тап бердиргенин, бара-бара итти, кишини качырта кумарын ташкындаткан учурларын элестетти... Акыры Султандын карыган кочкорун беттештирип кызыл жаян башын кандатып омкорткон соң Азиздин ичи канчалык ачышса да, атасынын оболуна аргасыз көнбөдүбү. «Мейли. Уят, ыза кылды. Башка койлорго кошулуп оттогонду үйрөнсүн.» Кантсе да, күндөр өткөн сайын, «мүйүзсүзүнө» боор ооруп көрүүгө, үрпөк жонунан сылоого, кошо ээрчитип басууга кусаматы ашууда.

«Эми жөн кой. Өзүндү же башка бирөөбүздү сүзүп майып кылабы деп чочуучу элем. Тынч жайытка көнсүн» — деп короого кошкондогу атасынын айбатынан гана батына албай жүрбөйбү.

Баласынын санаркап чүнчүгөнүнө зээни кейиген апасы бүгүн аны жооткото минтти:

— Э, чунагым, бекер шашып койбодуңбу. Козуңдун башындагы дүңгүлү азыр боркемик морт болчу. Эмдиги жылдан катмак. Кадимки чыгырык мүйүзгө айланмак. Ошондо салсаң. Султандын карт кочкорун оңколотмок. Кур дегенде мүйүзүнөн ажырамак эмес.

Азиз бул чындыкка убагында акылы жетпегенине өкүнө, бөрсөйгөн эринин тиштенди. Кап, ошондо атасына же апасына кеңешсечи. Сөзсүз, «козуңдун мүйүзү морт. Азыр чоң кочкорго сүзүштүрбө» дешмек тура.

— Апа... анда күнөө мендеби... Ачык санаркай унчукту бала.

— Кой, уулум. Өтөөр иш өттү. Мен үйдү иреттеп чабырларга чыгайын. Сен атаңа бар.

Апасы дасторкон жыйнаштырымыш этип уулун узатты.

А Азиздин башы дуулдап, мындай пикирлер жыбырады. «Козум айыптуу эмессиң. Мүйүзүңөн, менин шашмалыгымдан ажырадың. Азыр мен сага жетем, көрөм. Көндүбү жайыттан оттогонго, жоксуңбу... Кечир мени...»

Мүйүзсүзүн кашардагы жемге калтырылган арык-туруктардан таппаган соң, атасын кароого жөнөөгө күрөндүгө көтөрүлүп табигат көркүнө азгырылып кетпедиби.

Атчан атасы, жайылган койлору демейдегидей бадырайып берки кыраандардан чалдыкпады. Сыягы катар жыбыттардын ички бооруна ыктап быгышкан окшойт.

Күрөндүнүн оң, сол тарабынан жарыша түшкөн жандыктар чубоочу чыйырлардан ача туяктардын бүгүнкү жаңы издерин улап жөнөөгө умтулганында чымкый аппак мелтир тынчтыкка тоңгон айлананы кандайдыр күрүлдөк дабыш титиретти.

Көктү жиреп каркыраган самолет болбосун. Жумшак чокойчон тегерене тыпылдай секирип, чалкалай темгилсиз асманды аймалады. Самолет түгүл демейде калкыган бүркүт, кузгун да көрүнбөйт. Ансайын алиги дүрүлдөк улам жакындап, тоо кышынын уюган тынчтыгын бузуп силкинткени күчөөдө.

Бул эбегейсиз сүрдүү күч кантсе да жерден, таман алдынан түрүлүп бери жылууда. Капилет күрүлдөккө Азиз элендеп, атасынын жайытын, мүйүзүнөн айрылган козусун унуткарып апкаарый да, таңыркай да каяктан угулуп, каяктан келетканын улай албай кулагын төшөп, теребелге көзүн жайнатканы качан.

Мына, жанараак эле булардан алп, булардан айбаттуу эчтеке жоктой тоо жаратылышына таңданган бала аларды дүрдүктүрө титиреткен сыйкыр, теке маңдайдагы колоттон түтүнүн буркулдатып суурулган трактор дуну көрбөспү. Ага чиркелген үйдөй жүктүн жылып келатканын, аны башкарган жалгыз гана тракторист жигит экенин тааныганда Азиз кубанганынан тумагын булгалай алдынан тосо чаңылдап чымылдады.

— Бай-ке! Бай-ке-е!

Тракторист артындагы сүйрөтмөдөгү үймөк чөп-жемдн даңкайтып кыштактан бери ийне учугундай созулган алардын кашарына келүүчү чыйырдан буйтап сонун карды буркулдата жөнөгөндө... бала да токтоно албай боюн күүлөгөн боюнча кээде тизеден кээде жамбаштан батып, кээде кулач ура кар сугунуп, күрткүгө матып... тигиге жетүүгө өжөрлөнүүдө.

Тракторист борсойгон баланын жан далбасасын, анын убараланып кыйналганын, окус мына жетем менен, окус

кандайдыр куласа майып болоорун, анда өз башы кирептер тартарын эскерип аны көздөй бурулду.

— О-у, азамат, токто ошерге! Мен азыр жетип барам! — деп тракторист заңкылдады. Бер жактан канчалык матыса да, ойнон көнгөн карын тоотпочудай Азиз эрдемсий чыңкылдады:

— Өзүм деле жетем. Қоё тур байке.

— Болуптур. Экөөөбүз тең илгерилей берели.

Қимисинин мурда жеткенин ким билет. Трактор да, бала да бирин-бири карай карды жиреп бетме-бет чукулдашты.

— Ох, азамат, чарчаган жоксуңбу? — Қарга көлбүсө да көжөрүп токтолбой умтулган, тумагы колунда тердеп буулаган балага тракторист сүймөнчүктүү колун жаңсады,— арттагы, чийнедеги жүккө жармаша аласыңбы.

— Жармашам, байке.

Акырындаткан тракторист кантээр экен қыялда кылчайса, көп күттүрбөй аппак тон, түздөш чокой, өндөш тумакчан бала тырмаландап жүктүн дал чокусунан көрүндү.

— О, байке. Муну кимдикине алпарасыз?

Атасыныкына окшогон кер мурут, майланышкан тракторист балага калп айта албай күлдүрттөдү:

— Султан дегенди билесиңби?

— Билем.

— Ошонун атасынын короосуна түшүрүүгө буюрду башкарма.

— А неге биздикине эмес...

Тракторист дароо жооп таппай мукактана түштү.

— Силердин жем, чөбүңөр көп. Атаң камдуу чабан. Эмки жолу апкелем.

Азиз тиги тракторист агайынын атасын мактай чалганына кубанды.

— Эмки жолубу! Анда качан? Чынбы?

— Чыпа-чын. Атаңа менден салам айт. Мурутчан тракторист десең эле билет.

— Макул, мен түшөйүнбү.

— Қааласаң кошо бар.

«Мен Султандыкына барбайм. Ал карт кочкоруна менин козумдун мүйүзүн омкорткон» деп айтууга Азиз оозун эптеп барып токтолду. Барсамбы, барбасамбы? Трактор сүйрөгөн заңкайган жүктүн чокусуна чыккан соң түшкүсү да келбеди. Өзүлөрүнүн жумурткадай тамы, ага улаш кызгылт короосу, короо ичинде чабырларга жем бөлүштүргөн апасы... а оң колоттун ички боорунда коюн жайган атасын көрдү. Алар неге жер силкинткен унаага минген

уулун карашпайт. Же аларга трактор, а балким, Султандын атасыныкына тартып бараткан жүк кызык эмес го. Карашса каралдысын таанышмак. Кыйкырсабы? Жо-о... Уят.

Анчыча кайдан-жайдан жеткенин ким билет, алиги Султан артылган каптарды апчый-чапчый эргип заматта жанына окторула жетти. Кыясы, Азиз алаксып келатканда, жүк үстүнөн аны алда кайдан таанып утурлаган белем. Тааныш трактористти унчукпоого жандаса керек.

— Ой, эргул, сен эмне, маа жем жеткирип келатасыңбы? Султан тегерек тебетейин кырданта, шырымал күрмө, шымчан күрсүйө Азизге каадалуу кишиче колун суна чөгөлөдү.

— Ооба. — Азиз анын муздак колун булка, жанына кынтайта тартты.

— Ох-е! Козундан өзүң күчтүү окшойсуң. Мүйүзүндөн ажыраган соң жөн жүргүн.

Султандын көтөрүлө чыкчырылганына Азиз ардана буулуга жүткүндү.

— Ия! Сен мактанба! Билесиңби. Менин козумдун сүт мүйүзү ката электе, сенин карт кочкоруңа бекер беттештиripмин.

— Эх-е, кыйын болсоң козу кочкоруңдун мүйүзүн кайра чыгарып, катканда апкел. Дагы кармаштырабыз... Жалка элек турбайсыңбы. — Султан аны эликтеген кейипте муздак туурук алаканын серпе, эң бийик капка жамбаштай чокчойду.

Дүкүлдөктөн даана укпаса да балдардын кыжы-кужусун жактырбаңкы алдыдан тракторист бакылдап, Азиздин сөзүн бузду.

— О-й бала корозчолор, үрпөндөшкөнүңөрдү токтоткула, болбосо экөөнөрдү...

...Султан «көрдүңбү, бас жаагынды» белгисинде тилин булгайтып, Азизге көзүн жүлжүйттү.

Азизге тракторист Султанга болушкандай туюлду. Антпесе, не ал жооп кайтарарда торгоп бакылдайт. Атасы коюн жайган колоттон анча узай элегинде, алая карап алды да, теминип тура кулачын күүлөп заңкайган жүк үстүнөн Азиз түйүлө секирди.

— Ой, Азиз кантесиң!? — Султан ыйламсырай чаңырды. Окус арка моюну омкорулса, ал кунуна калбайбы.

Султандын ач айкырыгынан чочуп, мурутчан тракторун катуу булка токтотуп, лап жерге түшө артка балпактады.

Баланын жеңилдиги кардын жумшактыгы сактаса керек... Оюлган карга оонап турган чаңгыл ала Азиз аман

соо чымылдап трактор менен чийненин изине салып узаптыр. Толук тракторист чуркаса да ага жете турган шекилденбейт. Жүк үстүндө үрпөйүп күнөөлүдөй көзүнө жаш кылгырган Султанга акырая кайра Азизге бурулду. Баланын атасы кур көрмөксөн сыртынан акмалап тургандай. Атынын башын бери буруп, баласын тосмолой бастырууга коктунун кырынан аңкайган чабанга, майлуу кол кабын булгалай тракторист дарылдады:

— О-ой Бакир! Уулуң жүрөктүү азамат экен!

Эх, курган мүйүзсүзүм

Азиз жайытка жетер замат чачырап жайылган койлорду четинен түрүлтө өрдөдү. Атасы анын ниетин боолголоп, оюна коюп кымыйды. Шамал каккан беттин кары жука экен. Кантсе да биринчи кар баскан мукур шыйрак жандыктар, туланды ачып жей албастан, сыртка кылтыйган шыбак баштарын ирмөөдө. Жайкы семиз кезиндегидей бышкырык атып дыр койбогон менен тынчтыгын бузуп тике жиреген балага жол бере кой ичи дүрдүгүүдө.

Азиз капарына эчтеке кирбөөчүдөй, эптүү эриндери тынбай сербейген чөптөрдү карга кошо аймаган күрпөндөрдөн көзү өтүп... Өзүнүн мүйүзсүз калган жаныбарын иликтөөдө. Атасы өткөн күздө карт соолуктарын этке өткөзүп, энелеринен бөлүнгөн мына бул козуларды албады беле. Булардын азыр жүндөрү жетилип, жондору дүгдүйө борукка айланган учуру. Бу мотурайган жандыктар эне сүттөрүн небак унутушуп, өз бетинче тоют аймап аймаңкасына тартып... айрыкча жайлоодон күзгү аңызга түшүрүп сонундатып оттоткон соң тез ирденишти. Мында жайылгандары өтө тыңдары. Алгачкы кыштан моюбай минтип от таап жеөгө жарамдуулары. Ал эми чабалдарын Азиздин дасыккан чабан атасы короосундагы жем-чөпкө жардамчысы апасынын көзөмөлүнө калтырат. Кышкысын дайыма чабырлардын милдет-сабаты апасынын мойнунда.

Азиз өзү быйыл кышы көбүнчө үйгө байырлап, апасына көмөктөшүүдө. Кааласа минтип атасына келмей. Атаганат, сүзөнөгүнүн мүйүзсүз калганы кендирин кесип отурбайбы, болбосо шунтип эшейип сабыры суз араламак беле. Козу баштагысындай мүйүзчөн догдондогондо, мынабу момоюшкан маңыроо боруктарды четинен челдирип, атасын кой-ай дедиртип көңүлү шагдан кудундамак. Ушуларга жашташ болсо да барына кырданып, сез көргөзүп, барынан күчтүү, айырмалана алчыланган козусу... мүйүзүн омкорткондо аргасыздан буларга кошулбадыбы. Ал

деги кайда житти? Мурда буларды тоотпой чыкчырылган эме, корунуп бир жакка качканбы? Же табасы канган эмелер жектеп четтете кууганбы? Айбандын мүнөзү оңой бекен. Атасы анттирбей калсын. Анан эмне бобереки быжырап оттогондордун арасынан чалдыкпайт. Азиз тайыз карды чокою менен шилей, туланды ачкан болуп... утуру жайылгандардын башка жагына адымдоодо. Аргасы түгөндү. Жайык белестин бетин бербей ыдырап жайылган беш жүздөй боруктун бирин койбой өңүнөн карап чыккансыды. Кантип тааныбай калсын. Буту да оорлоно солбуп чарчаганы андан... ички өкүттөсү мындан... баланын зээнин кейитип, «ушунун баарын кылган сен...» ниетте атасына букчуя имерилди. Атасы аны шылдыңдагансып, ооздугун чыгарган жоош атынын чөмүчтөй туягы менен карды шилей тээп, чыктуу туланды күртүлдөтө чайнаганына кумарлана, бубак баскан жазы көрпө жакалуу ичигинин этегин бүктөй чоң түп чийде күрсүйүп отурат. «Айрөк, козуңду таппай мыш болдуңбу. Эх-е, алың эле ушубу. Кыйынсынып четинен түрө аралайсың э. Баятан эле сурасаң көргөзүп бербейт белем. Кана, уялба эми» — дегенсип муз тоңгон мурутун жана, тери кол кабын булгады.

— Э, Азиз, жайыттагысы канча баш экен. Түгөлдөп чыктыңбы?

Атасынын калп эле билмексен тартып, сөздү башкадан чалганы Азиздин ого бетер жинин кайнатты. Үнүнүн бардыгынча баркылдады:

— Ат-аа, дейм! Менин козум кайда!?

Атасы этек-жеңин кагынып, отурган жапырак чийден обдулду. Эми чынын айтпаса баласы ыйлап ийчүдөй. Тоо кышынын, мал-жандын ээси — аяз атасындай калдая жылып колдурттады:

— Эп балам ая. Козуң комуран калсын... башынан жаман үйрөтүп... боберекилердей оттогонго көнсүн десем... кесирдүү кокуюң, мүйүзүнөн кагылгандан бери канча өттү. Аптага жакын... жарытылуу эчтеме ирмебей, ыландап калгандай...

Азиз атасына догурунчудай көрпө тонунун өңүрүн деддектете, кучагын жайды.

— Кайда-а!! Кана! Көргөзчү? Калп. Ыландабайт.

Атасы астын утурлап жакындап калган:

— Бырылдабачы деги. Аны качанкыга дейре жемге бордомокчубуз.

Азиз көзүнөн мончок жаш серпе, тикиреңдеди:

— Каякта дейм! Көргөз!?

Колуна алып, кучагына кысайын десе, коркута булт кой-

гон уулуна Бакир чабан оозундагы ысык илептен муздак аваны бууланта буркулдады:

— Жэ-э эми! Атаң мен аманмын го. От, жаман десе, тигине тетиги бадалдын түбүнө чөп-чар төшөп бөктүрүп койгом. Сүзөнөөк кылам деп жүрүп жаман үйрөткөн күнөө өзүндө.

Азиз дампаңдап аял-буялсыз жетсе... чын эле итмурун бадалынын түбүндөй мүйүзсүзү атайлап салынган чөпкө оонадоо. Маңыроо көзү үлүндөп, «сен мени ушул абалга жеткиздиң. Кош эми» дегенсийт. Бала козусун кучактай чөгөлөдү. Баягы кулпурган жүн куучуюп, жердеги талпак кебетеленет. Секирип ойноктогон козусу өлөсөлүү ичи кынжыйып, тартайган төрт шыйрагын тарталбай жерге боортоктоодо. Каны каткан боюнча омкорулган орду уркуйган козусунун чокусун сыйпалап, тизесине төшөй көтөрсө... демейде тентек албырган бакыраң көзү үлүндөп, кичинекей ээсине өтө аянычтуу тигилди.

— Эх, курган мүйүзсүзүм... сен ушинтип... — Азиз аңысы туйчудай купуя букулдап... чөптүн бүрдүүсүнөн тандап козусунун оозуна кармады. Козусу чөптү ирмей албай жыттамыш этип алы тайыган кишидей быш эте улутунгансыды. Ээси тыпыйган колу менен жаныбарынын муздак түктүү жаагын тырмалаңдап зорго ачып, алиги тоютту курч тишине тиштетти. Баары бир алсыз козу аны да чайноого дараметсизденди.

Баланын заманасы куурулуп, кантсе да досун үйүнө жеткирүүгө жандалбастап... Көтөрөйүн десе оор. Жетелеп жөнөөгө эптеп тургузуп таканчыктатса, баса албай тамтандап буттарын майтыйта бүрүшүп жыгылды. Азиз ачык шолоктогон бойдон, жанында турганын байкабай чабанды жардамга чакырды:

— Атаке-е, эптеп үйгө жеткизеличи.

Үйүр жаныбарына үйрүлүп түшкөн карагын, анын кучактап шолоктогонун, чөп жедирүүгө аракетин көрүп ансыз да боконо сөөгү болкулдаган бардаштуу ата, шек бербей турган. Анын санаасына кыргыздын абалтан берки «мал боор эт менен тең» деген сөзү түштү. Баласына кошулуп жашыса буларды кой-ай дечү ким? Кадимкисиндей кайраттуу доошун калкытты:

— Аттигиниң, минтерин кайдан билдим. Узун өзөк арам тура. Эртең менен тың эле баскансып келген. Деги күн сайын ичи кынжыйып баратканынан чоочудум эле, Кой, урушта туруш жок. Мен өңөрүп үйгө жеткирейин бул өлүмгө жетпегирди.

Бала текилдеп заматта ээрчен оттоп көнгөн атты мине

сала чаап жетти. «Өлүмгө жетпегир» оюн өйкөп өткөн сөздүн бышыгын билүүгө ашыкты:

— Атаке, козум өлөбү?

Атасы уулунун ээрден аттын соорусуна жылганын көрүп... «малды акмалай турабы десем, кошо барууну каалаган экен. Түшүрүп энесине табыштап кайра келем. Жандыктар алыска жайылып кеталбайт» дегенди ичинен күрмөп... Качан а дегенде козуну тарбайтып ээрге арта салып, анан өзү минип, өңөрө бастырганда Азиздин соболуна жооп кайтарды.

— Ким билет. Көзүн карачы өлүмтүк тартып... Оозу ачкадан карышыптыр. Болбосо, сен сугунткан чөптү чайноого жарабайт беле. Сербейтип тиштеген боюнча келатканын карачы. Буга апаң экөөң буламык, же атала чалып эптеп ичирип көргүлө. Мунуң балам, көгөргөн намыстуу берен окшойт.

Козу өңөргөн атасынын артындагы Азиз таңдана шыбыштады:

— Намыстуу дейсиңби? Кандайча.

Атасы уулун шерденте жай колдурады:

— Ооба. Намыстуу кочкорчо экен. Муну биз жазалап... көнгөн жеминен айырып, көп катары жерден чөп оттоп жан баксын дедик. Бул берен сырттандык кылып, азыр менин байкашымча... «Көндүргөн өзүңөр. Мен айыптуу эмес элем. Андай болсо, мен да өчөштүм. Бир тал чөп жебей чыдайм, же карышып өлөм», деп өжөрлөнгөн окшойт. Намыс деген ошол.

— Ий-а! Ыраспы! — Азиз атасы акыры чындап түшүнгөн намыстуу досуна кооптоно моюнун созду.

— Эми балам, бул эптеп мал болуп кетсе... деги жемден айырбайлычы.

Ат үстүндө атасы менен козусунун далдоосунда Азиз ортосаап опколжуду:

— Жарайт атаке. Деги мал болобу?

Атасы баланын илебин суута, бубактана үксүйгөн түлкү тумагын чайкады:

— Кудай билет. Тобокел дейли балам...

* * *

Атасы жеткизип кайтар замат Азиз апасын не гана алакетке түшүрбөдү.

— Апаке, козумду үйгө киргизеличи. Апаке, тездейличи... Уулунун безилдегени эненин да сай сөөгүн кайыштырып ийди.

— Эп боптурчу.какмар. Жансерек зүңкүйгөн эмең суукка туруштук бербептир да. Қана, көтөрүш эмесе...

Азиз тырбаландап арткы шыйрагынан көтөрө букчуңдап, таш көмүр илеби лапылдаткан топурак мештүү ысык үйдүн оозгу бөлмөсүнө оорулуу досун киргизди. Үй жылуулугунан серпилип тура качат үмүттө сүзөөнөгүнө караса, эшиктегиден ого бетер шалдырагансып көздөрүн тумандатып, буттарын тарбайтып кудуретсиздей. Жалпак табакка акшак сузуп келип, тыпыйган алаканына толтура жандыгынын эринине сүйкөдү:

— Ме, жей кой. Сүзөөнөгүм, ирденесиң. Жей кой, өлбөйсүң.

Баласынын кобуруна, жандыкка бөбөгүндөй жалбарганына эненин мээримдүү жүрөгү дирилдеди. Бирок да тиги араң жан айбандын кадимкисиндей эпилдете сугунмак турсун, акшакты ирмей албай, алсыз жыттап гана көңүлү айныгансып шылкыйганын көргөн эне, чоюн кашыкка суу жылытып, атала чалууга камынды. Бала аны байкабай чый-пыйы чыга бышактады:

— Апаке-е карачы!.. Жемди жей албай атат. Козум өлөбү. Жүн жоолугун далысына түшүрүп, көрпө ичтеп, өтек, боорун дагы көрпө менен кыйыган жашыл тукаба өпкө капчан, калың чыйбаркут көйнөкчөн апасы, меш үстүндөгү чоюн кашыгын аралаштыра уулун зекиди:

— Козум өлөт деп да бышактайт бекен. Анын ажалына мен кетет белем. Буйруксуз мал болсо айла канча. Мына, мен буламык жасап жатам. Жумшак, жылуу даам барса, өптеп татаар. Атаң айтпадыбы. Жаагы карышып калган тура. Қичине чыдасаң чунагым.

Атасынын да, апасынын да сүйлөгөндөрү ушул. Анын козусу өлсө, көп кырсыктын бири дегендей, анчейин кейиүүчү түрлөрү жоктой. Қыязы чоң кишилердин жаасы катуу болот шекилдүү. Азиз козусун жандантуучу сыйкыр күчтү апасынын буламыгынан күтүп, купуя: «жаныбарым, сүзөөнөгүм, айыга көр» дегенди кайра-кайра кайталай тилеп жанынан чыкпай отурду. Буламык кадимки бала жечүдөй бүдүрсүз, май кошулуп жуп-жумшак бууланып бышырылды. Апасы эми сууй түшсүн деп уулунун чыдамы жетпей турганын байкамаксанга салды. Убакыт созулган сайын козусунун шайы кеткенсип өзөгүнө тез буламык барбаса үзүлүп кетеби деген коопсунуу Азизди чочулатууда. Аны апасы сезбейби. Кебелбеген апасына чычкалактап буламыкты өзү жечүдөй тамшанды.

— Болчу апаке-е, берчи байкушума тезирээк буламыгыңан.

— Э, чунагым ая, мыначы деги! — апасы буламыктын үстүнкү четинен туурук сөөмөйүнө калпып күч менен козунун карышкан жаагын ачып тилине жылуу тамакты сүрттү.

— Биссимилла. Аш болсун кургур.

— Дагы, дагы апаке! — Азиз буламыкты кармап апасын шаштырды.

Апасы козунун нечен күндөн бери даам татпаган муздаңкы тили улам жылымтык тартып даамдуу жумшак ашка тамшана баштаган сайын дембе-дем, ымыркай бөбөктүн ууртуна сүйкөгөнсүп буламыктан татканта берди. Азиздин түктүйүңкү жүзүн күлкү чайып томсоруңку карала көзүн үмүт нуру кайтадан шоктонтту:

— Апаке-е, буламыгыңдан дагы арбын жасай көр.

Айбан болсо да ынагына жан тартып күйүп быша торсойгон чаар көйнөк кабыма чыптама, шымчан уулун апасы бооруна тартты:

— Музоочугум эми ыйыңды тыя тур. Текебердүү кокуюндун таңдайы жылыгансыды. Өзөгүнө даамдуу аш барса... Буюрса мунуң өлүмдөн калар.

Азиз апасынын мээримдүү кучагынан атыла қыйкырды:

— Эх, курган мүйүзсүзүм!

Мал доктурунун сыйкыры

Қапысынан кирип, кандайдыр карбаластап салам айткан мал доктуруна Азиз апасы экөө тең таңыркай элейишти. Көрсө, алиги мурут трактористтен атасы тез жардамга чакыртыптыр. Ал апасынын төркү үйгө өтүп, чай-пай ичип жайланышкандан кийин көрөрсүң козуну дегенине көнбөдү. Буердеги элеттиктерге анчейин окшобогон куба жүлүн жигит, пальтосун, тумагын тамдын боорундагы казыкчага илип, жаланкат аппак чапанын, топусун кийинди. Азизге оюнчук сымалданган доктордук аспаптарын кол чемоданынан суурду... бирде мүйүзсүздүн колтук, кабырга жүндөрүн ача, тегерек кутучасын басып, түтүкчөсүн кулагына тыңдаса... бирде бетинде сымап мончок ойноктогон кан илебин ченегичин сойлотот. Арийне, андай аспап, апасынын сандыгында да бар. Кээде Азиздин эти ысып, чыргыйлаганда апасы колтугуна кыстарып, оо қыйлада араң алып: «отуз сегиз», «отуз тогуз» деген сандарды кобурайт:

— Суук тийиптир. Эки, үч күн сыртка чыкпай, жаш сорпо ичип терден тынч жатасың. Анан дан салып кете бересиң деп таптап төшөккө оройт.

Айткандай үч, төрт күндө оюн салып, эригип эшикке атылат. Сыягы сымаптуу аспаптын дабасы күч белем. Доктор байкеси козусун да шүнтүп эмдемей болду. Демек, сөзсүз сакайтат. Ана, ак кийимчен табып, оору жандыктын ичин сыйпагылап ары көлбүттү, бери көлбүттү.

— Өпкө, жүрөгү таза. Демек, суукка алдырбаган. Башка илдети деле жок. Муну эмне, катуу жыгып... же бир нече күн камап койгонсуңарбы?

Доктурдун бу тике суроосуна Азиздин апасы чочуп, колун серпти:

— Жок, ботом. Ээн элкин эле жайытта жүргөн.

Аппак, келбеттүү доктор ага ишенбөчүдөй тикирейди:

— Жашырбаңыз жеңе, анда эмне...

Доктор мукактанганда Азиз «анда эмне мүйүзү омкорулган» деп айтат пейилде кыйпычыктады.

А доктор болсо сөзүн башкача улады:

— Ичегисинде эчтеке жок. Караманча ачка. Мунун илдети ачкалык.

Ал дароо козунун жаагын ачты.

— Буламык жалаткан турбайсыңарбы?..

Уурусун карматкан эмедей эне-бала үнсүз тунжурашты. Тынымдан соң доктор жигит карлыгачтын канатындай керилген кашын серпе жылмайды:

— Мунуңар эң туура. Ким айтты силерди минткиле деп...

Үйдүн байбичеси уялыңкы да, кубаныңкы да тамылжый тегерек кызгылт жүзүн нурдантты:

— Биздин кожоюн малга чала-була доктур. Ачкасынан карышып жыгылды. Жылуу атала татканткыла дегенинен...

Кийми, дидары, аспаптары, кыймылы, сөзү — баары Азизге сүрдүү көрүнгөн жигит негедир ууртунан бырс этти:

— Азамат, эң туура иштегенсиздер. Хазыр мен... Кочкордун денесин ысытып жайылта турган укол берем. А силер үч сааттан кийин дагы бир жолу өтө көп эмес, өтө аз эмес ботко жегизгиле. Түнкүсүн ушул бурчка калтырып, тиги тактай менен тосуп койгула. Эртең менен келем.

— Рахмат айланайын. Айтканыңды жасайбыз,— деди эмеси эпилдеп. Батына албай сагалаган Азиз, акыры чымырканды:

— Доктур байке, козум мал болобу?

Доктор баланын бытыйган ысык колун шадылуу алаканына уучтай эркелете жумшак унчукту:

— Козуң айыгар. Калганын эртең кабилешебиз.

Азиз сүйүнгөнүнөн:

— Бал-и-и! доктур байке! — деп бакырып ийип, уялганынан оозун алаканы менен басты.

— Атың ким?

Доктор дандуу тиштерин кашкайтып күлгөн калыбында ийилип маңдайынан сылады:

— Азиз.

— Азиз, анда эртең көрүшкөнчө,— салалуу кооз мээлейчен колун тыбыратып узаган доктур Азизге кандайдыр аракети, кийими, сөзү буердегилерден айырмалуу өзгөчө адамдай туюлду. Ага оболу сүрдүү кирип, кетеринде күлүп, а тургай эркелетип чыкканы жакты.

Дале талмоорсуп жатса да, үрпөк жүнү жазылып, кайра тартыла дем алганы ачык сезилип жандана баштаган козусун тыңшап, сылагылап, ээси түн бою саксактап жанынан кетпөөгө ниеттенди. Аны эне-атасы оболуна коюшту. Тилсиз досунун кабыккан денеси жайылып, демин терең тартканына кубана, жантайып отурган боюнча аздан талмоорсуй берип, акыры Азиз уйкуга көшүлдү.

Эртеси бака-шака бажылдашкан сөздөрдү укпаганда дагы канчага таттуу уйкуга мемиремек. Кызык. Таң небак аткан экен да. Түндө козусун имерчиктеп отурбады беле. Төшөккө апасы жаткызган экен да. Кимдер булар? Эне, атасынын таанымал үндөрүнө кыпчылган, а түгүл аларга үстөмдүгүн көргөзгөн чоочун доошту кулагы эшитип... дароо ыргып туруудан тартынчыктады. Кантсе да ким экенин көрсүн да. Акырын жаздыгына кырданымыш этип көзүн ачса... жылуу мештин түбүндөгү көлдөлөңдө үчөө: атасы жылаң баш, маңгыл чекесин кашкайтып: апасы бир байлам гүлдүү жоолугун ээгине чалып... анан толкундуу тармал чачын уюлгутуп, кара костюмчан бирөө... Бу ким? Өңү чала моңгол тааныштай. Кайдан көрдү эле. О, ак кебин чечкен кечеки доктур байкеси тура, Алдыларында мис табакта буулганган жаркөп, кооз пиалаларда сорпо, коондун тилиминдей татына тууралган көмөч нан. Лапылдаган мештин жанындагы шырдакта жай баракат ырахаттанып тамактанып отурушканын кара. Азиз шилекейин жутуп, тамшана башын көтөрө койду. Аны үчөө тең дароо көрүштү. Ата-энесинен мурда доктур, кубакай жүзүнө жарашкан калың кашын жыйра, дуудар башын экчей обдулду:

— Азиз сүйүнчү! Козуң айыкты.

Аны коштой атасы мурутун калкайта бажырайса, апасы кызылдуу толук жүзүн ажарлантты.

Күн небак көтөрүлүп, жердеги ак кар, көк музга карабай чаңкайган муздак аваны жиреп жаркын шооласын Азиз түбүндө жаткан кош терезеден чачыратууда. Жайла-

нышып олтургандарына караганда үй ээлери мүйүзсүзүнүн баянын докторго түгөл чечмелешкен окшойт. Азиз майка, трусычан, жылаң аяк чодуранда, тигилерди кайып өтүп, кийиз капталган эшикти дүк тээп, оозгу бөлмөгө атырылды.

— Суук өтпөйбү. Кийинип чык десеңер боло. — Доктур чабан менен аялына баланы аяганын билгизди. Берки экөө анын түйшөлүшүнө кылча камырабады. Бакир кер муртун тил учу менен жаный кайнар көзүн кылгыртты:

— Э, доктур иним, койчунун баласы ысылы-суугунду тоотпойт. Көнгөн. Анда-санда шаарда болуп калам. Тактайды жыланайлак басса, же терезе ачылып калса айрым балдар ооруп калышат экен. Тобо, ачык абага чыгарбай думбалап өтө назик көндүрүшөт экен да. А биздин уулдан чочуба. Ушу бойдон сырттагы карды да аралай чуркап келет. Тирилген козусун көрүп, жарпын жазып алсын. Хаха-ха!

Айткандай тосулган тактайдан жону даана көрүнүп, бурчта таканчыктап турган козусу эшикти дүп жаап энтеленгеген ээсин көргөндө, борсойгон башын көтөрө:

— М-ээ,— деп маарап ийди.

Азизге ал салам айткандай, ыраазылыгын билдиргендей туюлду.

— Алеки салам! — Азиз козусуна артыла моюнунан кучактап, божурады:

— Мал болдуң. Өлбөй калдың. Эми экөөбүз кайрадан мыкты достошобуз э, чынбы?

Апасы кийим-кечегин көтөрө чыгып жуунтууга камынбаганда, атасы айткандай ысылы-суукту сезбей дагы кыйлага козусу менен маектешмек беле. Качан Азиз да эртең мененки насиптен татып... баары жайланышканда доктор агайы ага бажырайды:

— Козундун тарыхын бүт уктум. Ирденгенче дагы үч күн далиске байлап, боткодон кургак жемге өткөр. Анан короодогу чөнөккө киргиз. Жем жеген мал суукту тоотпойт. Тондуу кочкорчоңдун ачык авада жүргөнү жөн. Башынан өркө көндүрүпсүң. Быйыл кыш жем менен багып чык. Атаң, апаң башка койлорубузга жетпейт деп адыраны аяшат окшойт. Мен жеткирип берем. Козуңа жазга жетерлик адыраны.

Азиз кубаныч демине чымырап тер чачкан чекесин кашынды. Атасы жетине албай күрсүлдөдү:

— Ой, оозундан аалат, ракмат байке дебейсиңби.

Азиз жер карай кулун үнүн дирилдетти:

— Р-ракмат байке! — Анан бир пас тыным жасап, ба-

шын көтөрө бойтойду. — Доктур байке, козума кайра мүйүз чыгарып бере аласызбы? — Баланын чукугандай талабына үчөө элее түшүштү. Чоңдордун тунжураганы, асыресе атасы менен доктурдун кирпик ымдаша жандашып... каалганы ача таштай, оозгу бөлмөдөгү козуга барышканы... Анын башын, омкорулган мүйүздүн ордун сыйпалашып шектүү шыбырашканы Азизди түшүнбөгөндөй итатайын тутултту:

— Доктур байке, мени уят кылды мурдагы морт мүйүз. — Бала козусунун төбөсүнө үңүлүшкөн эки эркектин жанына барып торсойду.

— Хэ, Азиз, уят кылды дечи... Султандын кочкорунукундай чыгырык мүйүз эми чыкпайт. Кантебиз. — Доктур күлүмсүрөй колун жайды. Атасы туура дегенсип шаа мурутун шоодурата, көзүн жүлжүйттү. Азиз улуулар аны баласынтып сынап, шылдыңдап атат деп боолголоду. Болбосо неге жылмайышат.

— Ики. Калп айтасыңар. Чоң мүйүз сынса чыкпайт. Козунун бала мүйүзү омкорулса чыгат... — Азиз «апам айткан» дегенди күрмөөрдө энесинин эринин тиштеп, көзүн чакырайтканы аны дароо сөзүн чарт үздүрүп токтотту.

Доктор башын чайкады:

— Бала мүйүз. Сөзүн кара. Бала мүйүз түбүнөн өсүүгө мүмкүн. Бирок ага ишенүүгө да жарабайт...

Азиз доктордун жоон санынан кучактады:

— Доктур байке... Мүмкүн дединиз. Өстүрүп бериңиз мүйүзүн. Болбосо кетирбейм, коё бербейм.

Мындай тетик баланын көөнүн ким деген калтырат. Жалгыз медеринин минтип, медирегенине ата, энеси бир четинен жетине албай курсанттанышса, экинчиден доктор көкөйүн кеспей, эптеп жооткотуп кутулса деп кыпылдашты.

Доктор да ошондой ойго чырмалганбы о кыйлада, улам чымырата кучактаган музоочукту ийиле далыга таптады: — жарайт, Азиз. Мен колумдан келишинче омкорулган мүйүздүн түбүнөн өскүдөй дарылап, укол куюп аракеттенип көрөйүн. — Азиз кучагын бошотуп, тыпылдатып алаканын чапкылады:

— Бал-ли, доктур байке!

Эне, атасы да уулун коштоп колдорун жанышты. Чабандын бүлөөсүнүн жалпы тилеги экенин баамдаган ветеринар тамаша деп баштап чындыкка байланган жоопкерчиликти эми гана сезип... төркү үйгө аларды коштой басты.

— Азиз, бала кочкорундун мүйүзү омкорулбаптыр, а сыныптыр. Жетилүүсү ыктымал. Аракеттенип көрөлү дебедимби. Ушул жердин чөбүнүн көбү дары. Момуя деген тоодогу бардык дары чөптөрдүн уюткусу. Жемге кошуп мо-

муя берсек, сыныk мүйүздүн өсүүсү ыктымал. Сен, Азиз, атаңа момуя таптыр.

Азиз дароо атасын жеңинен булкту:

— Таптырам.

— Ой озундан алат, ал менин колуман келбейт. — Атасы шашкалактап «мени уят кылба» белгисинде докторго ормойду.

— Неге? — Азиз ишенбей атасына таарынычтуу тикирейди.

— Момуя деген дарыны бүркүт уялаган жалама аскадан алат дейт.

Атасынын кендирин кесе сүйлөгөнүнө Азиздин деми суубай, бир жылмайган докторду, бир түнөргөн атасына окшош бадыракай көзүн жайната чыкчырылды:

— Ошол асканы көргөз. Сен корксоң мен чыгам.

Атасы кой, же макул дээрин билбей термеле түшкөндө доктор баланы так көтөрдү:

— О-и жигит! Атандан жүрөктүү турбайсыңбы. Мейли атаң корксо, момуяны мен табам.

Азиз ыпысык колу менен доктурду моюнунан кучактап, кырылган сакалынын кычыштырганына карабай жазы бетине мөмө жүзүн ныгыра басты:

— Бал-ли-и. доктор байке!

* * *

Доктор убадага бекем адам окшойт. Азиздердикине күндө айланчыктайт... Мүйүзсүзүнүн акшагына талкаланган момуя кошуп жедирет, анда-санда уколун да саят. А түгүл, бой неме бара-бара алардыкына түнөй жатууга өттү. Анысы бакисине, айрыкча Азизге жакты, «доктур байкелеп» артынан бучкактап үйүр тартканычы.

Чыдамсыз дегдеген Азиз күндөрдүн биринде чымырканып такыды.

— Доктур байке, дарылап эле атасыз, мумуяңызды сугунтуп эле атасыз. Мүйүз кана өскөнү.

— Момуя сыйкырдуу дары. Ашыкпа, окус күчү жетпей калса таарынба,— деди доктор калбет гана.

Азиз мурчундай үтүрөйдү.

— Аный таарынам эле. Султанга жолугуп... сүзөөнөгүмө мүйүз чыгат. Сенин карт кочкоруна кайра челиштирем дебедимби сизге ишенип...

Доктор узакка көзүн сүзүлтө ойлонуп, күңгүрөндү:

— Андай болсо иш кыйын экен. Сени Султанга уят

кылбаска далалаттанайын. Умут, ишеним, аракет оңунан чыкса кана...

— Доктур байке, момуя жедиресиз, ийне саясыз, доктурлугуңуздун сыйкыры кантип козунун сынган мүйүзүн өстүрбөсүн.

— Ия! — Доктур божураган балага пейли элжирей, өзү айткан «момуя сыйкырлуу дары» дегенди бурмалап «доктурлугуңуздун сыйкыры» дегенге которо койгонуна, а балким, «сыйкыр» деген сөздү ал алгачкы эшиткенин, аны туура колдонгонун боолголой, тоо баласынын сергектигине көңүлү чалкый тамылжыды.

— Азиздай, чандаңдаган музоочук! Ошо доктурлуктун сыйкырына сыйынып козуңду дарылап атпайбызбы. Экөөбүздүн, эне-атаңдын, барыбызды тилегибиз ишке ашуусу ыктымал.

— Оозуңузга май байке! — Азиз, атасындай боюн сала элжиреген, балким ушундай бала күтүүнү эңсеген доктордун моюнуна асылды. Доктор аны лып иле көтөргөн боюнча жай кобурады:

— Окус, козуңа анчейин дуңгул эмес, ийри-муйру тукул мүйүз өссө, сен баары бир Султандын чыгырык мүйүзүнө челиштиресиңби?

Доктордун боорундагы Азиз атчан жүргөнсүп темине эдиренделеди:

— Ананчы! Сыйкырыңызды көргөзүңүз доктор байке!

Чабан ата жана боз торгой

— «Жамандыкты амандык жеңет» деген ата бабаңдын макалы туура. Карачы, өлүм оозуна барып кайткан козуң кадимкисиндей минтип... — Бала кочкорун ээрчитип жайытка келген уулуна Бакир насаат айтууга пейилденди. Баягы кышта ак карга тунуп, канаттуудан бөлөк эч ким кайкып өтпөстөй сүрдүү дүгдүйгөн адыр жондору, жайпак беттери чабандын жаздоо жайытына айланган маал. Кардын нымын боюна сиңире, күн нурун илеп тарта жаз кучагына балкый мандалак гүлдөрүнө жандыктын жагымдуу оту—текей аралаш жыттуу шыбак бүрүнө адыр-белес жапырт көйкөлүп аңкыйт дейсиң. Кең-кесири көлпүгө жайылган боруктарын акмалаган чабан, жыпарын да чача кызыл-тазыл гүл бураган назик кооздугун да жайкалта, жылына бир кайталанып келүүчү жаратылыштын жаштыгына кумарлана, жанында ак калпак, көк көйнөк, боз шым, батинкечен мөтүрөйгөн уулуна оолжуй балкайды.

Анын кыялында «адамзатынын жаштыгы уулум сенде,

Айланадагы кылактаган гүл, жашаң бүр мына бул адыр бетин кандай жашартса, сен мени ошондой жашартып, кубаттантып турганыңды билесиңби. Аман чоңойсоң, тоо аймагынын, эли-жериңдин сырын менден терең талдаарсың. Бармактайындан атаңды бучкактап... козу кочкорду бапестеп бакканга жараган медерим, кемелиңе толгондо калайык жүгүн көтөрүүгө жарарсың. Койчунун баласынын тагдырына койчулукту эле жазган эместир. Көзүмдүн тирүүсүндө каалаганыңча, канатыңдын серпими жеткенче көтөрмөлөйм, окутам. Койчудан чыккан тукум дедирип... а балким, журт арбагын көтөргөн азамат болоорсуң...» Бырышпас да, кирдебес күрөң чийбаркут көйнөк, шымчан атасы өзүнүкүнө окшош ак калпагын шаңкайтып, жарташка жамбаштап отурган калыбында жылда жаздап, кыштап жүргөн адырын эми гана көргөнсүп, таңыркай, узак термелгенине Азиздин сабыры жетпеди. Неге козусу тууралу сөз баштап, чорт үздү? Аңгыча бет мандайындагы ымыркайдын эрининдей бөрсөйгөн кызгылт мандалак гүлүнүн башы сеңселе, түбүндөгү жашыл шыбак арасы бураң серпилди. Бу неси дегенче муштумдай боз торгой бир эте көккө жеңил калкып дал төбөсүнө токтоп, канатын эбелектете бийлеп кирди. Укмушуң кур, бала ага таңыркай оозун ача, көзүн жайнатты. Сыйкыр деген ушу боз торгойдо го. Кааласа жерде текилдейт, кааласа минтип көктө сызгырылат. Анын аземи канатында. Атаганат, ошндой канатты Азизге да берсе гана. Торгой эбелектеп, эрип бийлегени аз келгенсип ,укмуштуудай шыңгыр доош созуп эт жүрөктү элжирете сайроого өттү дейсиң... Мындай авазды Азиз кээде радиодон ырчылардын көмөкөйүнөн, комузчу, кыякчылардын күү кайрыктарынан, кээде тоо шаркыратмаларынын каткырыгынан, кээде атасына өңөртүп токой аралай кой кайтарып жүргөндө булбул деген чымчыктын таңшыганынан эшиткендир. Бары бир бул торгойдой миң кубулткан назик сыбызгы овонду эч ким созо албас. Кулагына, жүрөгүнө бал куйган асмандагы торгой сайраганынын кереметине ал гана тамылжыбастан, атасы да кулагын төшөп талыгандай. Ана, бийчи торгой урган таштай типтике дагы көккө өйдө сүңгүп кипкичине көпөлөккө айланып, бийиктеп барып дагы токтоло эбелектей бийлеп, үн шекерин төктү дейсиң... Көк теңири кудуган кереметке кадалып небак калпагы жерге түшкөн жеке Азиз атасы экөө эмес, жайылган жандыктар да, оттогонду токтотуп жаныңдагы кочкорчосу андан бетер элейип кымындай чымчыктын коюну кең асман атаны, төшү түктүү жер энени толкутуп терметкен жаракөр чулдуруна уюгансыйт. Түнөк, ти-

ричилик жайы адыр белес, анын бетиндеги ар кыл жашаң өсүмдүк дагы ободо безеленген торгойдун сыбызгысына жайкала буралып жүгүнгөнсүйт.

Көңүлү оштонгон бала адыр булбулу дагы көзгө илешпей нокот, анан үтүрдөй жогорулай атылып сайраганы алыстай баштаганда, бир чымчым шыбак үзүп, мурдуна жыттай ормойгон атасына кайрылды:

— Атаке, айтчы. Торгой экөөбүздүн төбөбүзгө чыгып не деп бийледи? Не деп сайрады?

Баланын суроосу дайыма кызык, капысынан чоң адамды да аптыктырат эмеспи. Ансыгандай Бакир демин жыя өрөпкүй, калп эле мурутун чыйралтымыш эте күрсүндү:

— Эх, торгоюм...

Азиз көзүн кыбыңдатты:

— Эмне дединң?

Атасы кур алаксытымыш эте, кулачын кере астындагы жарчык ташка ондоно отурду:

— Жөн эле... оозума келгенди дөөрүп койдум. Мурдуңдан аалат, торгой не деп сайраганын айтып берейинби саа.

— И...кырдырган дандагай жылаң башын ийкеди Азиз. Атасы байыркынын жомокчусундай эки санын мыкчый таяна, жанараак оюнда уялаган таттуу тилегине балкыган сымбатында, жерде кырданган калпагына карабай, угууга ынтаасын койгон торсогоюна моюнун созо бадырайды:

— Қасиеттүү боз торгой как экөөбүздүн, ата, баланын жанынан учту, чынбы?

— Чын.

— И де эмесе. Как экөөбүздүн, ата, баланын төбөсүнө калкып канатын дирилдете зикирин чалып бийледи, тилин безеп мукам сайрады. Чынбы?

— Чын. Чын!

— И... эми шашпа уулум. Эмне деп бийледи, эмне деп сайрады? Кеп ушунда. Сен ошону билгиң келет, ыраспы?

— Ырас, ырас! Айтпайсыңбы маалкатпай.

Чыдамсызданган уулун атасы букчуңдаганына карабай, көтөрүп, тизесине — тынч отуруп ук — деп жайлуу коңдурду да, теребелдеги көңүлдү оштонткон жаз жытына кошо уулунун моюн, бетин кычыштыра бала жытына каниеттене муруттуу таноосунан илеп тартып сөзүн улады:

— Қасиеттүү боз торгой минтип таңшыды. Ата менен бала жаздын жадыраган күнүндө кыштан жакшылап баккан жандыктарын мен мекендеген гүл, шыбак бураган күнөстүү тайпак жонго жайып чыгыпсыңар. Азырынча башка малчылардай эле төмөнкү беттерге, күңгөй бооpлорго оттотсоңор болмок. Мейли, бийиктеп чыкканыңарга, сонунда-

тып оттотконунарга каршы болууга кудуретим жетпейт. Бирок ата, бала, силерге айтаар бир сырым бар. Ошону угуп түшүнөсүңбү, жокпу. Менин санаамды бүлүнткөн ошо жашыруун сыр.

Бакир уулун кантер экен ниетте тыным жасады. Демин чыгарбай муюп тыңдаган Азиз чиренип, атасын төшкө акырын сүзгүлөдү:

— Бол эми торгойдун ошо сырын айтпайсыңбы. Такыр токтобо дейм.

— Болуптур мурдунду урайын, токтотбоюн эмесе... — Бакир жаңы жомогунун өзүнүн мүдөөсүнө ылайык көкүл алдынан куюлушуп чыкканына маашыркай, баш көтөрбөй жашаң тоютка көлпүгөн жандыктарына көңүлү тына, кадимки манасчы сымалдана доошун каргытты.

— Курган торгойдун бизге, ушердеги не дүйүм өсүмдүк, жан-жаныбарларга безеленген сыры мындай. Текей гүлүнө оролгон калың шыбак түбүндө, ат туягындай тегерек ою жер бар. Абалап учуп чалгыным жеткен теребелден чөптүн жуп-жумшак тыпырын, жүн-тыбыттын кыпынын тиштеп жеткизип дал ошо туяк оюкка мамык уя жасагам. Жаз алды менен эртелеп, тескей беттердин кары ала телектенип кетелекте, бул күнгөй чокуга мал-жан келгенче озунуп, зор үмүт менен тукумунду өстүрүүгө ошо жылуу жумшак уяма жумурткалар туугам. Жан жүрөгүмдүн ысык табым үрөп, басып жатып жакында балапандарымды чыгардым. Аларым азыр сары ооз, кызыл эт. Жакында темир канат болот. Анан канаты жетилип өзүнчө текилдеп чуркап, серпилип учат. Менин душмандарым көп. Жер асты жылып ысып, ийинден жылан сойлоп жеткенче эртелеп балапандарымды учурууга шашылам. Аным ал. Эми сен чабан, эстүү жансың. Сары ооз балапандарымды койлоруна тебелетпе. Уулуң тентектик кылып таш менен жалпайта чаппасын. Сен жанындагы козу кочкорун ээрчиткен баланды канчалык жакшы көрсөң, мен балапандарымды ошондой бел тутам. Чүрпөлөрүмдүн канатын жетилтип, жер-асман душмандарынан жашынганды да, учканды да, сайраганды да үйрөтсөм тилегиме жеткеним. А сен уулуна мал кайтарганды, сөз төркүнүн, жаратылыш сырын үйрөт, окут, убайын көр. Канаттуудан мен, адамдан сен, балапандарым менен балаң кошмо катар достошолу. Барыбызга тынчтык, жыргал, тирлик керек. Мен да, сен да тукумубузду канаттууга актырбай, туяктууга тептирбей, бейкут өстүрөлү. Сен мындан кийин ушундайлата жайганында саал алысыраак оттот малыңды. Күндө өзүң көргөн уямды акмалап көз сала жүр кең пейил, акылман

адам. А мен күндө кайкып көкөлөй үстүнө атылып, эбелөктеп бийлейм, сыбызгып таңшып берем. Менин балапандарым учканга жараганда сенин койлоруңдун үстүнө кондуруп ойнотом. Ошондо тентегиң тоголото урбасын. Антташкан достугун унутпасын. Анан сен да төр жайлоолоп көчөсүң. Менин балапандарымдын да чалгыны жетилип, өз бет алдынча сызат. Сенин уулуңдун кочкорчосунун да мүйүзү кылтыйып өсөт...

Баятан жомогу же чыны экенин ажырата албай мемиреп коюуланган Азиз атасынын тер жыттанган калпагын сүзүп жерге түшүрдү:

— Торгой кантип кишидей акылдуу болсун. Макул балапандарына достошоюн. Тийбейм. Уясын көргөз. Койду бастырбай кайтарайын. Анан... менин козумдун мүйүзү кылтыят дегени чынбы? Же өзүң коштуңбу.

— Чыгат, чын, ишенбесең анда токтоттум. — Атасы тарынычтуу демин ичине тартты.

— Ишенем, ишенем. Айтсаң, дагы эмне деп сайрады? — Азиз жерден эңкейип илип, атасынын калпагын оңдоп кийгизди. Өзүнүкүн алган жок. Ал атасы тасырайта кырган башын жазгы керимсээлге тосууну каалады. Атасынын кажардуу тизесине оңдонуп, жайлана отурду:

— Карачы, торгой кайра ылдыйлады. Дагы чулдурай баштады. Эмне деп атат?

Атасы калп эле көрмөксөн этип, моюнундагы артылуу дүрбүсүн көзүнө далдап, оо бир оокумда колдойгон алаканын жая таштады:

— Азыр аземдүү боз торгой балапандарын карап, ошолорго бешик ырын ырдап келатат. Байкадыңбы, өйдөлөсө да, ылдыйласа да түптүз бир сызыктан жылган жок. Демек, такай уясынын үстүнөн кетпеди. Канаттуунун көзү кичине болгон менен көрөгөч, алыстан даана көрөт. Касиеттүү торгойдун көмөкөйү безеленсе, көзү балдарында: Эми балапандарына коркпогула, мени күтүп тынч жата бергиле. Силерге адамдан дос таптым. Аман-эсен менин ырыма көшүлүп чоңоёсуңар, жетилесиңер. Асман-жерди термелткен менин сыйкырдуу обонумду силер да үйрөнөсүңөр. Эмдиги жазда ушул аймактын ээлери, мобу атабаланын эт-жүрөгүн элжиретип кумарын таркатасыңар... — деп жатат, түүшндүңбү оозуңду урайын.

— Түшүндүм.

— Анда эмесе жүрү. Койлорду нары түрүп кичине алыстайлы.

Канаты да, көмөкөйү да талыды касиеттүү боз чымчыктын. — Уулун а дегенде кош колдой этиет жерге түшүрүп,

чабан өзү обдулду. — О, касиеттүү торгоюм, балдарыңды ырыңа көшүлтсөң да сагынып бүтүштү. Кел, эми бат, томуктай бою, тоодой ою бар жаныбар.

Атасын ээрчий Азиз, аны бучкактай козусу дөгдөндөдү. Азиздин көзү дале алиги эбелектеген торгойдо. Айткандай алар кичине алыстаганда эле типтик сайылып, калың шыбакка түштү. Атасы чын эле торгойдун тилин билеби? Такып тактоого дити даабады. Эгер билбеген болсо, жанагинтип, ийип угуп... туура жоруп жомоктоп, кереметтентип баяндап бере алмак беле. Деги Азиздин атасы билбеген эмне дүйнөдө бар? Малдын оорусун да өзү дарылайт: ар бир койдун кыялын билет, өңүнөн тааныйт. Конуш, жайыт, кыш, жаз, тоо, өрөөн сырын эч кимден сурабайт. Арийне, бардык балдардын эле атасы ушундайбы, же Азиздин атасы өзгөчөбү.

Туулган күн

Кечээкиден бүгүнкүң, бүгүнкүндөн эртеңкиң кызык деген туура. Азиз али алтыга толсо да далай өкүнүп, далай кубанган учурлары өттү го. Арийне, бүгүнкүдөй жарпы жазылды бекен. Ошонун баарын ойлоп тапкан, шаардык жышанды колдонгон доктур байкеси. Көчүп-конуп мал артында жүргөн атасынын эсине түшпөгөн жорукту баштабадыбы. А дегенде улуулар да, Азиз да өзү деле анчеейин маани бербеди. Мал доктор Сман эне-атасы менен кандайдыр өнөктүк жөнүндө купуя күпүлдөштү. Анан балага угуза тигилерге тапшырма берди.

— Жаңы журтка барганда кичинекей той жасайсыңар. Мен бирин-экин киши чакырам. Силер сыйыңарды гана көргөзгүлө. Калганын өзүм башкарам.

Тескей бети дүңгүрөгөн карагай чер, күңгөйү ышкын, кымыздык, көбүргөн, козу кулак, шимүүрү буралган не дүйүм катыш чөп, таманында күпүлдөп тоо суусу атырылган «Топу таш» деген капчыгайдын ыктоосундагы кенже жайлоолордо отурушкан. Жайлоодогу адыр отуна муундаган боруктар мотурандап абасы салкын,, оту ширелүү жайытты өрдөгөндө ого бетер ирдене түшүшкөн. Алардын ичинен өтө айрымалуу, жемге даңкайган, жайылса жайылып, жайылбаса ээсин ээрчиген Азиздин сүзөнөөгү.

Малды жакшы баккан чабанды ким гана урматтабайт. Мал доктор Сман кечээ таң заардан Азиз уйкуда жатканда жүк ташыгыч машинаны айдатып келиптир. Боз үйдү чечтирип, таңылчактардын ортосуна Азизди төшөгү менен

жаткырыптыр. Сүзөнөгүн машинага кошо салып терметкен боюнча төр жайлоого жеткизиптир.

Мына, азыркы конуш чалкыган көгүлтүр тоо көлүнүн кылаасында. Тушардан бетегеси буралган көк жайыкта. Бу журтка конушпаса да былтыр, мурдагы жылы удаа атасы өңөрүп келгени, аны шиберге оюн-чындан ары бери оонатып... көлгө таасим эте ийилгени, кобураганы эсинде.

— Касиетиңден кагылайын көлүм. Өзүң берген куланчагымды апкелдим. Өзүңдөй өмүрлүү, кирсиз өссүн. Батаңды бер. — Атасы көпкө телмире, качан көл шарп-шурп толкуй түрүлгөндө гана көксөсү сууп кайра аттануучу.

Азиз кочкорун бучкактатып кылаадагы дөңгүл саздарды жарыша соксоңдой атташып көлдү беттешти. Көл. Тоо. таш, өсүмдүккө окшобогон жаратылыштын мөлмөл көлкүгөн өзгөчө керемети белем. Үстүндө көк асман, астында чалкыган көгүлтүр көл, ортосунда өзү, тилсиз досу менен турганы Азизди кандайдыр ажайып дүйнөдөй маашыркатты. Ана, толкунду жирей каз, өрдөк калкый сүзсө, чулдуктар канаттарын чаап көк менен көлдүн элчисиндей сайрандоодо. Майда корумдуу жээктин күзгүдөй тунук суусунан чабагандап сүзгөн балыктар жайыттагы койдон да көп өндөнөт. Тамаша. Жер үстүн ээлеген мал болсо, көл түбүнүн ээси балыкпы? Азиз көл кылаасынан мооку канып кайтты. Бел ашып чаалыккан боруктар төр жайлоонун мамык бетегесине оонап, серүүн илебине жыргап жуушоодо.

Ата-энеси мейман камында. Аларды көрүп Азиз да токтоно албады. Газ билигин алоолонто казанга май боорсок бышырган апасына табагын, депкирин колмо колдошо көмөктөштү. Атасы сыртка кемеге жасап керчөө, шыйрак, баш куйкалоого кириштти.

— Эп, байбиче, шылтоого шыноо. Кибиреген козуларды кыштан аман асырап чыгып... Минтип чоң жайлоого күлүп-жайнап жеткендигибиз үчүн да той өткөрбөйбүзбү. Смандын кимди чакырып, не дээрин да көрөлү. — Бакир эшиги түрүлүү, каалгасы ачык, буруксуп май жыттанган боз үйдүн ичиндеги аялына жайдарыланды. Биринин оболуна экинчиси көнүп, жайдыр-кыштыр жалгыз үй малга аралаш жүргөн жубайлар бу саам өзгөчө эриш-аркак, мээримдүү.

— Ооба десең. Деги кең жайлоого чыгып элге кошулганда анда-санда чакырып тамак бере жүргөн жакшы эмей. Анан тиги музоочугуң да боорун көтөрүп келатат...— Апасы Азизге тиешелүү дагы бирдемелерди козгой турган болгондо, жоргосун бөжүтүп Сман капшыттан суурулду.

Азиз боорсок чыгарышкан табагын апасына кармата эшикке атырылып, эки чанач кымыз артынган, канжыгасында дагы түйүнчөгү бар доктур байкесинин атын суулуктай түшүрүүгө умтулду. Аңгыча жардамга атасы да обдулду.

Канча өткөнүн Азиз кайдан билсин. Чынжырлуу саат атасынын төш чөнтөгүндө. Апасы экөө күндү болжоп... кээде гана үй ээсинен сурабаса, көбүнчө керегеде илинүү «Спидоланы» койгондо угушат. Жайлоо күнү чокусун түбөлүк ак мөңгүгө шаңкайткан аска зоодон бери калкып... асмандан куюлуп түшкөнсүп көлкүгөн көл бетин ого бетер эритчүдөй нурга чалкытты.

Анда-мында саргыч, көгүш гүл чечектерин сеңселткен жашыл майкан кылаа теребелин мемирете бат эле жалган түш чукулдады.

Доктор байкеси аябагандай эптүү неме экен. Апасынын кой, өзүм эле иреттейм. Биздин элет эркектери казан-аякка аралашпайт — дегенин тоотпой, боз үйдүн капталындагы жайык дөңгө шырдакты, анын үстүнө көлдөлөң, көрпөчөнү иреттүү жайды. Анан апасы жаңы дасторконго боорсок төксө, ал өз баштыгынан кооз кагазга оролгон момпосуйларды, айнек челектерден туздалган бадыран, помидорлорду табак-табакка бөлүп ыкташтырып коюштурду. Куйкумдуу ысылыктарды атасы белендеди.

Мурдатан макулдугун беришкен эмелер кимдерди чакырганын сурашпаса да, Сман өзү озуна билек саатына карады:

— Эми бир сааттын аралыгында... Туура түштөнүү маалында Азиз экөөбүздүн меймандарыбыз келишет. Көп эмес. Мында төртөөбүз. Азиздин бала кочкору менен бешөөбүз. Алар үчөө. Барыбыз сегиз башпыз. Менимче, тамак-аш, суусун кенен-кесири жетет.

Азиз доктор байкесинин экөөбүздүн меймандарыбыз дегенине күпшундады. Үч мейман... Ким болду экен? Сурасыңбы? Жо-ок, ал эмес, ата-энеси такыбады, уят. Кыябы, мунун баары ал төрөлгөн журтка көчүп келишке, балким анын туулган күнүнө тиешелүү сыяктанат. Азиз так ажыратпаган менен эл көл жакалай жайлоого көчкөн дал бүгүн ушу журтта мындан алты жыл мурда туулганын атасы дайыма апкелип шиберине оонатып жүргөнүн билет. Бу саам доктор байкесинин шаардыктарча өткөрөлү деп ата-апасына масилеттешкенин кулагы чалган. Ошон үчүнбү, же чоңоюп калды дегениби, атасы жылдакыдай колу-бутунан кармай эски конушка оодара оонаткан жок. Мейли. Анысы кайра жакшы. Бары бир, алар мейман ка-

мына алаксып атышканда, козусу менен сүзүшүп ойномуш этип, өзү эле оонап алган. Ананчы, атасы былтыр баласына «бойго жеткенде да, а түгүл карыганда да толукшуган жайлоодогу көл жээгинде төрөлгөн журтуңун шиберине келип жүр. Оонап отуруп кайт. Ошентсең узак өмүр сүрөсүң, самаганыңа жетесиң» деген. А Азиздин көп, көп... жашагысы, дүйнөнү чарк айланып көргүсү, атасын, апасын баккысы келет. Мындай бир жагынан көл чалкып, экинчиден күн жаркып, гүл бурап, көпөлөк калкыган сонун жерге оонаш ыракат да. О, бир саат деген узак немеби? — Азиз көлдөлөңгө майпайып гүлдүү чыныдагы кымыздан жутуп, кылаада жуушаган коюна көз чаптыра мелтиреген атасын тебелей анын чөнтөгүнөн алакандай тегерек саатын суурду. Жебеси араң калкыйт. Канча калды деп тактоодон арданды. Кап, меймандар кеткенде, атасынан сааттын жүрүшүн билип албаса элеби. Дасторкон четиндеги пиаладагы мелт-калт кымызды чөгөлөй отуруп дем албай сокту. Доктур байкеси акырын жылдырган конфеталарды апчый нарылады.

— Ким болду экен меймандар. Ким болду экен? — Момпосуйду капшыра чайнап ичинен кайыра булдуруктай оромпой тээп ойсоктоду. Бат эле ал эрмеги да бүттү. Чар тарабын элендей караса тээ алыста кайып коронгдогон атгандардан бөлөк алардыкына тик бастырган чалдыкпады. Эриккениненби, же жөн кусасы кайнадыбы, жумшак шиберге удаа-мудаа тоңкобаш атып... серпилип турарында күчтүү жазы алакан көзүн басты өзүнө тартты. Бакыргыдай кыз беле. Азиздин эр-намысы оңой бекен. Булкунса чыкчудай эмес. Караңгыга чүмкөгөн катуу алаканды сыйпап көрдү. Атасына окшобойт. Аныкы коржойгон ысылысуукка кесилген туурук кол. Негедир шадылары ичке, жумшак, бирок карылуу.

— А билдим, доктор байкем турбайсыңбы? — деп кыйкырганына үндөбөй моюнуна, анан колдорун кере, лыплып кийим кийгизди. Эми коё берет дегенче болбой, дагы бирөө жармаша чап көтөрүп эскисин чечип, жаңы шуудураган шым кийгизишти.

— Ой доктур байке, атаке, коё бергиле.

— Мына азыр. Кел, бүтө коюлу.

Бутунан атасы, колунан доктур байкеси — экөө селкинчек тептиргендей чөбү тушардан сеңселген эски журтка өйдө-төмөн оонатышты. Жаңы кийимдин жытынан жана эле билген жеңил десе жеңил, жумшак десе жумшак көк тор күрмө, шым үстүнө капталыптыр. Сман баланы тыпыйган колунан кыса, өйдө тургузду:

— Сени, Азиз тай, туулган күнүң менен куттуктайм! Акыл-эстүү, жакшы адам бол!...

Дагы бир топ көзүн чымыраткан ысык, чоң сөздөрдү жобурады. Кабагы жаркып кубанган атасы уулунун үстүндөгүлөрдү ондой сылагылады.

— Башыңды куттуктап доктур байкең кийгизди. Биз көчмөн чабандык кылып сенин туулган күнүңдү билсек да эч өткөрчү эмеспиз. Мен ыңаалап түшкөн журтуңа келбүткөндү гана билчүмүн. Ракмат айт байкеңе.

Азиз чапчак, шыпыйган жасалгасы менен дуу коюп жөнөчүдөй чыкчырыла башын чулгуй чаңылдады:

— Ракмат, доктур байке!

Сман жарпы жазылган балага жайдары жылмайды:

— Кочкоруң тилиңди алабы?

— Алат, доктур байке.

— Анда чакырчы.

Азиз эдирендеп «кайдасың» кыялда согончогун көтөрө карек учкунунан издеди. Анысы чарчаганынан топ тобу менен жуушаган туугандарын жактырбагандай аралай басып, кээсине тап берип, ордунан тургуза тынчын алып, кой ичинде жүрүптүр.

— Сүзөөнөк! Сүзөөнөк! Кел жемге! Кел! Жемге кел!

Анысы «ай, коё турбайсыңбы» дегенсип тоорула, кечеңдеп... Ээсинин зекий, кайра-кайра чакырганына зорго моюн суна жон, куйругун догдондото ормоюп бериледи.

— Ох-о! Бордоп баккандын пайдасы ушул. Күздө куутка кошсок жарайт. — Мүйүзү гана тукул, ийрирээк өстү. Мейли,— макоо көзүнөн от кайнап ээсинин жаңы кийимин жеригендей, чыйрыйттай үстүнкү эринин көтөрө жыттамыш эткен кочкорчого Сман сүймөнчүктүү тигилди.

— Экинчи мүйүз мындан артык чыкпайт. А да сенин аракетиң, дарылооң менен уркуйдубу дейм. Азиз мунун дале сүздүрүп жаман ээликтирди. Экөөң тилимди алсаңар бычып, борукка айлантып таштасамбы,— деди чабан бир карышча ийрекей немесин шаа мүйүздөн бетер шаңданта сылап сыйпалаган уулуна тийиштире.

Ошо экинчи чыккан тукул мүйүздү мактаныч күткөн уулу катуулугун, күчтүүлүгүн байкагыла дегенсип кайта-кайта булка атасына тырчыды:

— Ики, көрсөң муну. Султандын өлөсөлүү картынан өчүн алдырбай туруп бычтырбайм.

Атасы тайсалдай мурутунан жылмайды:

— Ошого жарайбы деги.

Сман колуна маш тийгендей алаканын тап чаба, беркилердин көңүлүн өзүнө бурду:

— Анда... Султандын кочкорун мен да көрдүм. Азырынча арык. Күзгү семиргенине карабай азыр беттештирсең кантет.

— Доктур байке, бу каттыбы. — Азиз алигиче коё бербеген тукул мүйүздү көргөздү. Мал доктур дары, момуя аралаш жем берип үйүр алдырган кочкорчого чукул жетип мүйүзгө дүң-дүң черткиледи:

— Бул эми бор кемик эмес, кадимки катуу мүйүз. Күчтүү, сынбайт да омкорулбайт. Бакир аке айткандай мындан ары өспөйт да.

— Анда доктур байке, челиштирем. Качан баралы. — Азиздин алигиче өчпөгөн атаандаштык кумары кысый шашкалактады. Сман боз үйдүн арткы далдоосуна кылчая карап, эрдин жая күлүп ийди:

— Биз барбайбыз. Бирпаста өзүлөрү ушерде болушат.

Баласы түгүл, атасы да мал докторунун бүгүнкү жоругуна айран таңдана делдейишти. Көп өтпөй баарысы тең үй далдоосунан чукулдаган эки атчанды даана таанышты. Алдындагы сары жоргочон быжыгыр кара сакал, тегерек тебетей, мыкты чабандын бири Ашым. Анын катарында тору тайчан, кепкечен, тепейген уулу Султан. Экөө ортосуна алып, алиги чыгырык мүйүз ак кочкорду чын эле айдап келатышат.

— Атаганат, шашылып койгон экенсиң. Биз го биз. Музоочук ызаланып калабы деп чочуйм. — Бакир сол мурутун тили менен аймай Сманга шыбырады.

Азиздин тентек каны удургуй жүрөгү акылдап демин кыстырды. Анын көзү түпкүч мүйүзүн калдайта алыстан далдап атайылап камына, жай калкыган ак кочкорго кадалды. «Көрдүңбү, тиги дөөнү» ишааратгай колтугундагы сүзөөнөгүн ныкыды. Анысы да чекчейип жыйрыла түшкөнсүдү.

Ата, баланын кооптонгон турпатын баамдаган Сман экөөнө бирдей угуза шыбыштады:

— Менин аракетим да Азиздин намысы үчүн. Карт кочкордун кирээр маалына жеткизбесин. Анда ал эч кимден жеңилбейт. Азыр бейкапар, арык убагы. Бир беттештирип көрөлү. Тобокел. Азиздин кочкору жеңбесе алдырбайт. Кур дегенде тең таймашат. Мүйүзүн омкортпойт. Карт кочкор азыр сүзүшкө зордосо да түшпөйт. Эти ооруксунуп жаны кашайса, шамыян кайтараар. Бирок көмөлөнтө албас. Мен малдын доктурумун го.

Ата-бала бул сооротушка анчейин деле ынанбай дандарышты. Сман тигилерди утурлай басты.

— А-а, келгиле меймандар-р, кечиктиңиздер го.

Көрсө, Смандын үч мейманды күттүрүп, топурап даярдантканы Султан, атасы, кочкору тура. Азиз ичинен доктур байкесин жактырбаңкы күбүрөдү.

— Деги кокуй киши экен. Дүрбөтүп, зарылткандары ушубу. — Султандын атасы сөзгө кыйын деп уккан. Айткандай атын алууга үлгүргөн Сманга тийишти:

— Сен доктур иним, бизди тойго эмес эле, кочкор сүзүшкө чакыргансың го.

Сман да оңой көрүнбөйт. Апкарыбай талтөөндөй жооп айтты.

— Кочкоруңузду соолуктардан бөлүп, кочкорчунун айлына кошкону чыккансыз. А бул үйгө тойго чакырылганыңызга ишене бериңиз. Мына, дасторкон жайылуу, тамак асылуу.

— Жыгылдым. Жыгылдым иним. Деги Азиз уулумдун кочкорун кармап турганынан чочудум. — Ашым балпайган быжыгыр сакалын экчей бакылдады.

— Азиз бала кочкорун менин чыгырык мүйүзүмдөн коркконунан кармап турат. Эр болсо сүзүштүрүп көрсүн,— Султан атасынан аша чаап чындап эле демитти.

Тигилердин кыйынсынганына жыгылыштуудай өзүнүн ата-энесинин унчукпай кылтыйышкандары Азиздин кыжырын кайнатты:

— Коркпойм, этпейм. Сүзүштүрөм.

Азизден кырдуурак чулу кара жалпак Султан атасына алайды.

— Айтпадым беле. Азиз кекенип жүрөт деп, кармайынбы.

Ашым сакалын сылагылай, беркилерди карап, ичинен бүлкүлдөп жасалма кытылдады:

— Балдардын тамашасына батып, анан дасторконго отурбайлыбы.

Мейман ээлери бар-жок дебестен көшүлө унчугушпады. Ашым үстөмдүктү жүргүзө, экөө бет мандай кочкорлорун кармап, мыкчыйган таначарларга бурулду:

— Эй, уулдарым! Биз да бала болгонбуз. Далай кочкорлордун баштарын каңгыратканбыз. Мүйүздөрүн сындырганбыз. Мынча тирешип калдыңар көксөңөрдү суутуп оболуңарга койбосок жарабас-с. Деги аталарыңар Бакир экөөбүздү сүзүштүрбөй аясаңар болду. Кочкорлор сүзүшө берсин. Козу кезинде жүрөгү өлгөн Азиздин кочкорчосу мулуйган мүйүзү менен кантээр экен. Кана, тобокел, коё бергиле. Оомийин! — Балбандарды күрөшкө салаардагы элдик салтты улап, Ашым багжая алаканын сермеди. «Руксат, баштагыла» белгисинде беркилер да алакан жайышты.

Ашым негедир бейкапар көлкөйдү. Бакир аялы экөө

баласынын кышы бою көкөйүнө түйүп камынганын эскеришип, саруулап үрпөйүштү. Султандын карт кочкору жүнү үксүйүп, мүйүзү калдайып барандуу, сүрдүү. Басканы да калбээт. Кантишээр экен. Ызалуу баласынын шагы дагы сынмакчыбы?

Кадимки мелдеш майданындагыдай, оюндун башталышына өрөпкүй чоңдор жарданышты. Эки саяпкер бала кочкорлорун таптай кармап, бирин-бири тиктеше, калыстын «коё бер!» буйругун күтүштү. Калыстык Сманга ылайыктуу. Негедир балдарга кийлигишпөө ниетинде ал дагы тымпыюуда.

— Кана, баштайсыңбы? — деди Азиз чыдамсызданып.

— Сен башта! — Султан башын жерге эңилткен кочкорун моюнга таптады.

— Жок, сен башта. Былтыр сеники жеңген.

— Хэ, азыр да жеңет.

— Башта!

— Меники а деп колӊ салганды билбейт. Катылгандын гана катыгын берет. Сүздүрүп көндүргөн сен башта.

— Эх, митаам, болуптур эмесе! — Тыгырыгынан тартып кежирленгендей да, кекенгендей да муруӊку жана алдыдагы кармаштын азабын туйгандай текчендей адымдаган тукул мүйүзүн Азиз атаандашына бетме-бет түз жетеледи.

«Сен жерди тиктебей, даана карап, чыгырык мүйүздү тос. Былтыр кабырганды кайыштыра сүзүп, жинине тийип, акыры мүйүзүн омкортуп, башын кандаган бала душманың дагы өч алууга келатат. Көтөр башыңды!» Купуя күбүрөп, Султан кош колдоп ак кочкорунун башын көтөрдү.

Ортого бир жарым кездей аралык калганда, Азиз тык токтоду да «балбанын» коё берип бакырды.

— Кана, сүзөөнөгүм, качыр! Качыр!

Дүӊгүл былтыркысындай тике түйүлбөстөн артка кетенчиктей тыкчырылып, бирок дароо тарс тийбей байкашып көрүүгө амал ойлогондой токтоло атырылып качыра берди. Имериле ээсин жандай бурулган карт кочкорду моюн түпкө талаштыра сүзгөндө, ал сүрдүгүп Султанга мүйүзүн жанып күп тийди. Капысынан сокку жеп, алда кайда сендиректеп барып оңолгон Султан, дагы сүзбөсүн жан алакетте анталандап нары качты. Атасы баштап беркилер жапырт кыраан каткы шаракташты. Азиз алда канча күчтөнүп калган тукулуна ыраазылыгы артты.

— Качыр! Сүз! Сүз! — дембе-дем жандай кол шилтеди. Калыбет карт кочкорду аял-буялга келтирбей жаш кочкор моюн, карчыт талаштыра удаа-удаа майыштыра

сүзүп шайын оодарды. — Атакөрү, каргандын иши карган экен да. Камырабайт, же алы кеткенби. Бала кочкордун жүрөгү өлбөптүр. Семиз мал эле күчтүүлүк кылат. — Ашым баласын, башкаларды да жооткото жайкады. Уулу ага ынанбады:

— Ак кочкордун сырын мен билем, ата. Жаны кашая элек. Мына, эми мүйүзүн тосту. Азиздин кочкору секирип сүзүп көрсүнчү. Былтыркыдай илип алып, алда кайда кан жалата ыргытат.

— Ия, ошондойбу?! — Атасы карт кочкорунун көздөрүн кутурткандай акырайта ызырынып, бар күчүн үрөгөндөй жонун жыйрылта үксөйүп, уюлгуган мүйүзүн таптап акыркы салгылашка шымаланганын байкады. Уулу дегениндей сырын билет экен да. Кана, кандайча бала кочкорду мүйүзүнөн иле, асманды айланта бултактата серпер экен?

Бакир, аялы, Смандар андан бетер кабелтең карт кочкордун жанагы бойдон көмөлөнбөй, минтип кажардуу айбаттанганынан чочулашты.

Азиздин бала кочкору карек ирмебей, көзүн чанагынан чыгара тостойтуп, тигиникинен бир серпим бийик дагдайган төшүн керип ыкчам, солк-солк дем ала, мукур мүйүзүн тикчийтип душманын аңдууда. Азиз анын «баякыдай тик секирип үлүктөй кайрылган мүйүзгө сайылып бербейм. Өзү качырсын» пейилин аңдап, сүзүүгө буйрук бербей тиштенүүдө.

Балким, акыры амал сактай тиктешкен кастар айбан болсо да сырларын байкашты окшойт. Эти ооруксунуп кекенген ак кочкор дүрүлдөй атырылып, уюлгуган дүпөкө тикирейген мүйүзчөнү ороп, алигисиндей маскара кылууга далдап качырды. Өңгөсүн ким билет, Азиз карегинен от чагылта кирпигин ирмеп ийгенсиди. Кимди ким көрсүн, букчуюп аңдып турган Азиздин кочкору да өзүнчө далдаган белем. Карс-курс эле дей түштү. Чоң мүйүзгө кичине мүйүз илиндиби, оролдубу. «Козусу» тарбаландап көктө жүрөбү, же карс эткенде мүйүзүнөн ажырап, алда кайда суладыбы. Азиз закымда алаканы менен көзүн жанып бакырайды. Түпөк мүйүз ак кочкор очорулуп араң турууда. А өзүнүкү бүт денеси ынтыга солкулдап, ого бетер өчөшкөнү күчөп чукул беттей арбашып калыптыр. Көрсө былтыркыдан жалкып, амал күткөн «козусу» ак кочкордун мүйүзүнүн уюлуна эмес, эңкейибирээк түбүнө, мандайын каңгыта челген экен.

Адамдын гана азаматтары эмес, айбандын эр жүрөк кочкорлору да күч салышканда сырттандык намыстарын алдырбоого кайраттана кармашат тура.

Азиздин тукул мүйүзү эми бир качырса эле, Султандын ак кочкорун көмөлөтө жыкчудай одурая жаалдуу. Карт кочкор арткы шыйрактары бүгүлө очорулса да күчү, сыймыгы болгон чыгырыгын улам жогору калдактата кежигесин көтөрүп, маңдайындагы бала тентектин күрсүйгөн күчтүү тукул мүйүзү а дегендегидей көк желке, моюн түп талаштыра капысынан көмөлөтө сүзбөсүн деп саксактоодо. Жаныбар намысын бербей, мүйүзүн өйдө каржайтып былтыркы алсыз, быйыл күчтөнгөн душманынын соккусуна көзүн ирмебей бөгөт тосуп, акыркы демине чейин чыдоочудай.

Чаалыкканына карабай өчөгүшкөн жаныбарларды ойлоруна койсо, бирин майып кылмайын ажырашып басчудай кебетеленбейт. Канчалык мүйүзү, эр намысын түшүргүлөрү келбесе да, күч каякка оодук экени жарданган адамдардын ким кимине маалимденди. Кеп алардын эстүүлүгүндө, ээлигинде калгансыйт. Алар үнсүз бирин-бири караша ар кимиси эрегишкен жаныбарларды аяшкан ниеттерин байкашты.

Сман алдыга бөлүнүп чыгып, өз-өз кочкорлорунун жанында серейген балдарга кулачын жайды:

— Рахмат тамашаңарга. Эми кочкорлоруңарды ажырата бөлгүлө. — Анан чоңдорго бурулду:

— «Күч атасын тааныбайт» деген ушул. Эми Азиздин туулган. күнүнө багышталган тойго отургула.

Султан ак кочкорун жөлөп тургузууга жармашса, Азиз колун серпти:

— Шашпа!

Султандын атасы, көптү көргөн акылдуу Ашым баланын ниетин боолголоп, көксөөсүн суута, сакалын бажырайта күлдү:

— Азиз уулум, өткөндө Султандын карт кочкору жеңсе, бу жолу сенин бала кочкоруң жеңди. Бир: бир эсебинде экөөң паймапай болдуң. Кана, эми кочкоруңарды бөлүп, эки саяпкер кучакташып койгула.

Азиз эми гана муратына жеткендей, алгач атыла умтулуп, Султандын кепкасын сүзгүлөй түшүрө, кыса-кыса чандаландай салмактуу немени эргите көтөрдү.

Ондоно түшүп Султан аны таптак өйдө эргитти.

Чоңдор тапылдата алакан жаныштты.

— Мына эми достоштунар. Тоюң кут болсун, ананайын. Султан сага тай энчилейт. Намыстуу азамат болосуң. — Ашым жумшак сакалын төшөй Азиздин маңдайынан сүйдү. Ээлерин көрүп, арбашкан кочкорлор да бөлүнө басышты.

АҢГЕМЕЛЕР

ТООДОГУ ТООРУШ

Көккө тирешкен Улуу Тоонун койнундагы жумушчулардын шаарчасы. Ал төбөсүнөн асманга, теребелинеп тоого курчалып... заңгыраган үйдүн ичиндеги ар кай жерге аземделип коюлган асыл буюмдар сыяктуу.

Бөлөк шаарларда көчөлөр болсо, мунуку — аянтчалар.

Шаарчанын борбору кууш капчыгайдагы асканы тепкилеп аккан шар суунун боюндагы № 1 аянт. Өзөндөн өйдө карай чокмороктошуп үйүлгөн дөбө, секи, адыр, белес, чоку, ашуулар — алп тоонун тулкусу. Ошолордун ар биринин жайпак, жантык боорлорунда эки-үч кабат таш үйлөр... Алардын ар кайсынысы баланчанчы, түкүнчөнчү аянт делинет.

Кырк жетинчи аянт ошончолук жогорку белеске орногондуктан, акыркы «чеп» аталат. Ойдон орто бөксөлөрдөгү аянттарды тепчий жумушчуларды үйлөрүнө жеткирип өрдөгөн автобус кышылдап араң жөрмөлөп акыркы токтоочу жер да ошо.

Дал ушул эң өйдөкү аянттагы четки тамдан таң-ата ак калпакчан эркек эшикке кылайды. Анын соңунан көк жоолукчан аял, кепкачан бала удаалаш суурулду. Үйдүн астындагы тепейген таш кепеден алиги эркек ала бөйрөк кара уйду мүйүзүнө байланган көтөрмөдөн жетелеп чыкты. Аял уйду чыбык менен жаңсай өзүнчө кобурай басты:

— Мамат, уйду айдабай эле койсоң боло? Кыштын алтай оорсок сап, өзүбүз деле оңуп, коңшуларга да сатып... Ала бөйрөктүн сүтүнүн убайын көрдүк. Атаганат ая, эми багуусу кыйындады... Болбогондо... Деги аман-соосунда үйчу досуңа табыштаганыбыз оңбу ия, Мамат? — деп аялы ичи ачышканын айкындай ала бөйрөктүн жонун сылап эрине жакындады: — Деле жайытка чыгарбай, чөптү өзүм эле оруп, жулуп келип, тойгузуп турат элем...

Мамат үн катпай адымдоодо. Уйду жайлоого жеткирүүгө макулдашышпады беле. Аялы кайрадан айнып оюндагысын безилдөөдө.

Жайкы каникулга тараган Сабыр алардын соңунда ылең-салаң. Качан сокур том жыландай сойлогон тик жонду таянганда Мамат токтоду да, ала бөйрөктүн мүйүзүнө жибин шашпай түрдү. Чөкө таандын канатындай калдайган мурутун оңго, анан солго булка колун өйдө көтөрдү:

— Уулум, көзүндү ач!

Сабыр күркүрөгөн дооштон селт эте, атасынын күржүйгөн бүкүр манжаларын тиктей, сөзүн тыңшады:

— Тэ-э-тиги бийик чокуну ашсаң эле... Жайык бет жайлоо. Жайылган мал. Малчылардын үйлөрү. Асан аяш атаң былтыр экөөбүз барган журтунда чыгар. Жолуккан малчынын четинен сурасаң айтып берет. Табасың ээ? — Сабыр чынында эле уйку-соонун ортосунда илкип келаткан. Ичинен тарынычтуу кыйылып турса да атасына каяша айталбай, эринин түтүктөй чормойтуп бурк этти:

— Табам!

Уулунун нааразылыгын айкындаган кебетесине, сөзүнө энеси негедир жым дей түштү. Айша баласын кучагына тарта, ага акылдашкансып жай кобурады:

— Жалгыз коркуп атасың бейм, каралдым. Бир ай чамасында атаң эс алууга чыгат. Ошондо чогуу айдаганыңар дурус го ээ. Деги чынынды айтчы?

Мамат аялына акырая карап доошун бийик созду:

— Кой, ко-ой, Айша, саатынды! Уулумду эркек тана дейт. Сабырдай кезимде түн ичинде жалгыз жылкы кайтарчумун. Кеч кире жетет. Аяш атасыныкына жүрүп, кымыз, айран ичип дегендей жайлоодо сергип келсин. Жөнө уулум! Кана, ала бөйрөк, башта жолду! — уйду алаканы менен тап сооруга чаап, өр изге салды.

Айша мунайым күлгөнсүдү. «Сабырдай чагымда...» Жашы араң сегизде. Күйөөсүн айныта албасына көзү жетип, чырлашпады. Ан үстүнө ичинен макул тапты. Уулу ушу таптан кагылып, эр түйшүгүнө көнгөнү жакшы. Энелик мээрими гана аяп турбайбы.

Сабыр атасынын айтканынан кайтпасын билчү. Курулай күттүрүп тил укпас үчүн, апасынын колундагы чыбыкты жулуп алып, букчундап уйдун соңунан жөнөдү.

Кылчайып караса, апасы көзүн ымдап чакырчудай, атасы «о жаман арам» деп жекирчүдөй. Апасын кубантып, атасын таарынтканда табары эмне?

«Артка ылайым кылчайбай калайын. Неге апам аяйт, а атам мага дайыма катуу. Кур дегенде окуудан тараган соң беш күн тың ойнотподу. Бүгүн туура бешинчи күн. Анын кыялын биле-ем. Мени жакшы көрбөйбү? Жакшы көрөт. Жанындай көрөт. Эркек баланын чыйрагы жакшы

дейт. Қа-ап! Менин бүгүнкү ойлогондорум сонун эле го: Борборго, № 1 аянтка түшмөкмүн. Кечинде апам тыйын берген. А дегенде киного кирмекмин. Балмуздактан жеп, газдуу суудан шимирип суусунумду кандырмакмын... Анан балдар менен сууга чөмүлүп, балыктай сүзмөкмүн. А кеч курун стадионго бармакмын. Ай, атам, ай... Мектептен тараганда беш күн толук сеп алдырбай айдадың да... Балээ баскан уй, сен болбогондо бу маалда жыргап уктап жатмакмын. Анан... Жогортон таш куланып бутунду сындырса экен... Тигилер үйгө жеткенче артынан кыйкырып токтотоюн. Атам сени айыктырып жатсын. А мен ээн жайкын оюнума дан салайын дейсиң...» — Бала элендеп боорго көзүн чачыратса, өзүнөн өзү кулап түшчү таш чалдыкпайт. Жаман ой курусун. Сабыр заматта ичиркене, башын чайкады.

— Кой, таш кулаба. Анда апам ыйлайт, сүтсүз калабыз.

Улам өйдөлөгөн сайын чыйырдын жээгиндеги чөп коюуланып, кээде баланын башын көргөзбөй көмүүдө. Уй жашанды ороктой аймап баратат.

Тоо. Тоонун артында тоо. Улам нары жагындагысы бийик. Атасы көргөзгөн тэ-тетиги чоку жакындай бадырайган менен мына жеттим деген сайын дагы эле алыс.

Күн жалынын чачып, асмандан берилеп түшүп келат-кансыйт. Сабыр боргулданып терге чөмүлдү. Күрмөсүн сыйрып ийине арта ыргытты. Чатыраш көйнөгүнүн жакасынын топчулуктарын бүт чыгарып желпингеничи. Денесиндеги ысыктык желге суубай, кайра бууланууда. Маңдайынан аккан тер сыгылып кирип көзүн ачыштырууда. Ботинкасын чечип, боосунан байлаштыра, күрмөсүнүн үстүнө ийнине арта салды.

Торгойбу, каракачпы, айтор таранчыдан чоңураак боз чымчык уйдун мүйүзүнө, андан жонуна конуп ойноктоп жорголой баштады.

Сабыр ага сонуркап, капалыгын, будаланганын унуткара эринин чормойтуп ышкырып көрсө... чымчык чочубады. Уйдун жонуна алда немени чокугансып, бала ышкырса, берилеп, токтосо, нарылай койкоктоп, уйду минген боюнча, эрмек болуп бара берди.

Кайдан-айдан экенин ким билсин, Сабырдын башынан шуулдаган шоокум кайып, көз ирмемде канаты кылычтай учтуу неме арбайган көк тырмагын сунуп, эмелеки куунак чымчыкты чырылдатып илип учту.

— Ташта-а, акмак!!! — Бала үнүнүн жетишинче баркырады. — Аны тоонун жапан жырткычы — жагалмай тоотобу? Зыпылдап көздөн кайым төндү.

Сабыр кайрадан, баштагысынан беш бетер тунжурады. Жоон сандары чымырап, буту оор тарта өйдөдө кыскара түшкөнсүп, зорго шилтелүүдө.

Ала бөйрөк кең жайлоого беттегенин сезгенсип, жолдон чыкпай туяктарын шылк-шулк таштап басыгын тездетүүдө.

Сабыр уйдун күчтүүлүгүнө көз арта, чачпактуу куйругунан кармап сүйөнсө, жеңилдене түштү. «Мына кызык... Баятан минтпей неге чарчадым. Күчтүү мал эмессиңби, мени оордобо. Сени эс алдырууга атайын айдап баратпаймынбы. Ошону билсең...»

Уй ага муюгансып жыла берди. Кичине болсо да адам өзүн азаптан кутказуунун амалын издейт го. Сабырдын тери кургагансып, көңүлү сергилең тартты. Акыры атасы көргөзгөн тоого жармашты белем. Уйду жамбашка жансады эле, буйт коюп, эки ача издин оң жагына имерилип шөмүрөңдөдү.

Көчмөн элдин төтө жолу эми жапалак арча, карагат, шилби, четин, бадалдар, борчук таштарды аралап төө мойнундай ийри-буйру созулду...

Бет маңдайында жалама аска тосулду. Анын боорунан эриген болоттой күнгө чагылыша, күр-шар түрмөктөлө ылдый атырылган шаркыратманы көргөндө уй ого бетер өкүрөңдөдү. Суусап таңдайы каткан Сабыр андан сүйүнүп кыйкырды:

— Өш! Өш! Тезде, ала бөйрөк!

Баланын үнүн зоока жаңыра кайталады. Сабыр шууллдаган шаркыратмага көзү өтүп суусунун аябай кандыруугa ашыгып тамшанды. «Кымыздай даамдуусуң, муздаксың ээ». Арчанын түбүндөгү жазы таштын үстүндө бейтааныш жигит отурат. Андан уялганынан чаңкаганын да унутту. Бейтаанышка ушу кейпи менен жолукканы кандай. Жыланайлак, кемсел ботинкасы ийнинде артылуу. Өзү оорулуу, алсыз адамдан бетер уйдун куйругуна сүйрөлүүдө. Уятуят. тигил аны алдыртан абайлоодо. Ооба. Сабырды күлүмсүрөй карап, сүрөт аспабын далдады... Азыр тартат ээ. Тартты. Сабырдын ушундай кейпи курган чабал абалын көргөндөр эмне дейт? Шылдыңдашат. Жарабайт. Башкараак түшөйүн. Кийинип, ондоноюн. Жуунайын. Суусунумду кошо кандырайын. Уюмду да сугарайын. Анан сүрөтүңө бакыйып туруп берейин...

Сабыр жонундагыларды ыргытып, шар сууга чөгөлөй ууртап-татып башын көтөрө кылкылдатканча шайыр жигит негедир башка нерселерге сүрөт аспабын чык эттирет да, кагазга бирдеңкелерди чиймелейт. Жок, анысы жөн

кагазга окшобойт. Кадимки карта. Кичинелиги гана дебесе, куду мектебиндеги картанын өзүндөй.

Тамашаң түшкүр, бу шайыр жигит неге минтип мушакаттанат? Анын калеми ылдый кулады. Эңкейип алам дегенде койнунан кararган бир деме түшүп кетти. Жигит анысын тез апчып, кайтадан койнуна солоду. Сабыр даана байкап калды. Тапанча. Кинодон далай учуратып жүрбөйбү. Жүрөгү шуулдап корко баштады. Кыйкырайын десе деле дарманы жоктой. Ан үстүнө аны угуучу ким? А балким бекер эле коркпосун. Шайыр жигит өз шаарчасынын инженери чыгаар. Аный, инженерлер тапанча алышпайт да. Милиционерлер койнуна катпастан курунан өткөрүп жамбашына тагынышат. Жок. Бу чоочун бирөө. Мына ушул оюнан улам Сабырды ого бетер коркунуч басты. Ую мурдун көтөрө акырын мөөрөп, жүрү алдыга дегенсип башын чулгуду. Сабыр аргасыз уюна бурулуп, алиги жигитке көз чаптырса көздөн кайым житиптир. А мүмкүн таш — маштын уурчугуна далдаланып, уйду алып кетүү үчүн мага кол салууга камынгандыр? Антпесе неге жашынсын?

Токтоосуздан чымылдасамбы, ошентейин. А уйчу? Уйду коюп өзүңдү ойлосоңчу. Тиги тапанчачан экен, кыясы ууру, каракчы го. Ал аябайт. Тезинен үйгө жетип айтыш керек.

...Кандай күч аны түрткөнү белгисиз. Шарт бурулду да, уйду таштаган боюнча ылдый карай анда-санда бир тийип чимирилди.

Учуп-күйүп үйүнө алеки-саатта эле жеткенсиди. Анын түрүн байкаган апасы ордунан атып, коопсуна кыйкырды:

— Не болду ботом!?

Сабыр аптыгып тили байлангансып сүйлөй алсачы. Апасы андан дапдаарып уулун бооруна тартты. Сабыр ошондо араң зорго булдурады.

— К-ки-ш-ши. Чо-очун...

Апасы чоочун киши уюн айдап жоготкон экен деп үн тарта озондоду.

— А-а... кокуй, айтпадым беле жалгыз жибербе деп, а...

Айша наалып үнүн баспай, уулун дегдендете колунан сүйрөгөн боюнча автобуска түшүштү. Элден өзгөчө туталанган экөө гана. Энеси менен баласы. Заводго жетишти. Маматты тез чакырып беришти. Мамат шүмүрөйүп ыйлаган аялы менен баласын көрүп өңү кумсарды.

Ал жумуш кийимчен мурдагысынан башкача үксөйүп, колдурады: — Не болду?

— Уйду ууруга алдырыппыз. Айтпадым беле, жалгыз

жибербе деп... — Аялынын табалагансып безилдегенин укпамыш этип, Мамат уулуна шектүү ормойду. Бу чөлкөмдө андай жорук жок эле го. — Балпая басып Сабырга жакындады. — Кана чыныңды айтчы уулум. Не болду? — Атасынын калбеттиги уулун да чыйралтты.

— Чоочун киши... — Сабыр сөзүн энтиге баштап, баарысын атасына божурады... Атасы мурутун апчый бурап, ачуулу жана кооптуу күрүлдөдү:

— Чоочун дейсиң ээ? Андай болууга да мүмкүн. Шаркыратмага адашып барган турбайсыңбы? — Атасы жубайы менен уулун үйгө кеткиле деп өзү текилдеп арышын керди. Ылайым минтип чуркачу эмес. Бул эмнеси? Үйду издеп тоо таянбастан заводду карай дугдундады. Кызык, неге? Анын жандырмак жообун кечке дейре күтүүгө туура келди.

Атасы үйдү аттаганда эле сүйлөп кирди:

— Ээ уулум, жанакы сен көргөн киши кармалды.

Атасынын каргыл үнүнөн кубанганы байкалды. Сабыр таңыркады. Эмне үчүн? Балким, чоочун киши үйду алыс айдап кете алган эмес го? Жок. Кеп башкада. Үй жайында. Жайлоонун жайытында көлпүгүүдө. Атасынын сүйүнгөнү Сабыр шпионду кармоого жардамдашыптыр. Сабыр ууру, каракчыбы деп корккон чоочун киши шпион тура. Айырмасы не, бары бир жат киши.

— Шпион бекен? — Энеси бул сөздү укканда таңыркай кыйкырып, Сабырды көкүрөгүнө кысты.

— Мындан кийин тимеле кыямат түшсө да, тоого жалгыз жибербей калайын.

— А Сабыр өзүнчө минтип ойлоду. Эгер атасы жумшаса сөзсүз барат. Ал эркек тана — уул эмеспи.

Бая чоочун кишиге кабылганда, кантип алдастаганын Сабыр эскергиси келбеди. Корккону чын. Анткени — али кичине, борбую толо элек. Чоңойгондо эч качан, эч нерседен коркпогон азамат болот.

1962

АЛА-ТООНУН АЖАРЫ

Кыр кырларда, кайындардын бетинде,
Тамга жокпу кыргыз балта чаппаган.
Өзөндөрдө, жылгаларда, сайларда,
Кыргыз жокпу кыргын болуп жатпаган.
Дайраларда, булактардын көзүндө,
Тамчы жокпу кыргыз жашы акпаган

— элдин акылынан сыгылган мына ушундай зарында кылымдар жакырчылыктын кыйноосун тартып, караңгы-

чылыктын азабын чеккен кыргыздардын өмүрү, тарыхы баяндалган. Ооба. Ала-Тоого (Тянь-Шань тоолоруна) Улуу Октябрдын нуру жаңы турмуштун демин сепкенче элибиз миңдеген жылдар бою онтоп келбедиби.

Достук колун сунган орус, жана башка Совет өлкөсүндөгү коңшулардын көмөгү, сүйөнүч-таянычы менен Кыргызстан таалайын тапты. Ынтымак, ырыска бөлөндү. «Дарактын көркү мөмөдө» дегендей өлкөнүн көркү, элдин көркү адамдарында. Элибиздин ажарын ачкан эки өкүлү жөнүндө сөз козгомокчумун. Анткени — алардын өмүрү, тагдыры, күрөш, таалай жолу аркылуу азыркы Кыргызстандын шаңын көрүүгө болот. Биздин бүгүнкү учурубуздун эң асыл сапаттарын, бийиктигин чагылткан бул кайсы өкүлдөрүбүз дээрсиздер. Экөө тең сиздерге белгилүү.

Бири — ата-жотосу адам санынан чыгарылып, кордолуп, эзилгендердин тукуму, жумгалдык даңктуу чабан, Социалисттик Эмгектин Баатыры Рахматалы Сартбаев.

Экинчиси — Рахматалынын бабаларынан айырмасыз эптеп күн көргөн жардынын тукуму, азыр Кыргыз ССРинин эл акыны, академик Аалы Токомбаев.

Экөө тең — караңгы, эрксиз малчынын мурасчысы болсо да, азыр эмгектик кесибинин жана коомдук абалынын айырмалуулугуна карабастан, ардактуу, даңктуу адамдар.

Алтымыштагы Аалыны да, отуздагы Рахматалыны да кайдан көрбөсүн, кайдан жолуктурбасын улуу, кичүү дебей, урматташат. Анткени — экөө тең эмгегинен баар тапкан, талыкпай изденген ак ниет адамдар.

Өзүнө окшош миңдеген кыргыздар сыяктуу Рахматалынын эскинин каргашалуу нугун бузуп, жаңы даңгыр жолго — өздөштүрүүчү, өркүндөтүүчү, өрнөктүү жолго түшүшү оңой-олтоң келе койгон жок. Бабалары, атасы — Сартбай байлардын малын багып, оту менен кирип, күлү менен чыкса да, чекесин тердетип ашка, жонун бүтөтүп кийимге, өз алдынча унаага, союшка жетпеген.

Сартбай өз тукумун да ата-бабаларынан артып түшпөйт деп ойлогон... Советтик бийлик улгайган Сартбайды, анын уулун жердин, малдын, эркиндиктин ээси кылды. Мурда адамдын кеми деп эсептелген малчы, азыр даңк, урматка бөлөнгөн кезде ата кесибинен айныбайм деп чечти Рахматалы. Атасына азап гана жүктөгөн малчынын эмгеги, ага керемет, кубанычты, күжүрмөн кайраттуулукту, талыкпас ишмердүүлүктү, бүткүл элдик атак-даңкты, сыймыкты ыроолоду.

Анын аяздуу кыштагы, ажарлуу жайдагы тынымсыз

аракети кара жемсөө, сараң байга эмес, жалпы элге жумшалганына сыймыктанып, жүрөгүн рахат толкуну чексиз шердентип, жоопкерчиликти, изденүүнү күчөтүп, ийгилигин, табылгасын бекемдөөдө.

Рахматалы бакты-таалайын, күчү, көркү, жөндөмдүүлүгү ушул гана чабандык эмгекке байланыштуу, тоо койнунда экенин билет. Ошондуктан, балапан чагынан өздөштүргөн чабандыкты эч кандай башка кесипке алмашууну каалабайт.

Жыйырма жылдын ичинде ал өлкөгө тапшырган эт менен жүндүн салмагы оор, өстүргөн төлдүн саны көп!

Талыкпаган тоолук азаматтын эмгек каармандыгын даңазалап, көкүрөгүндө баатырлыктын Алтын жылдызы жаркырайт.

Өмүрү жаш, өрнөгү арбын Рахматалы чабан, коён жатагынан бери тааныш тоо жайыттарында, чыйырларда жайы, кышы дебей күндү кечкиртип, таңды аттырууда. Анын басаар жолу улам кеңейип, уч-кыйырсыз улана бермекчи.

Рахматалы Сартбаев жүрөк күүсүн, көңүл черин кубулжуган элдик ырлар менен таркатат. Эл анын бул шайырлыгын да жактырышат. Ал жеке гана өзүн алаксытып кой четинде, тоодо гана ырдабайт. Райондук маданият үйүндө, республиканын театрларынын сахнасында далай алакандарды кызытып, ысытып чаптырган. Москвадагы жаштардын бүткүл дүйнөлүк алтынчы фестивалына катышкан.

Ошондо кайсы бир буржуазиялык өлкөлөрдүн жаштары ак калпак, кемер курчанган Рахматалынын баркут кемселинин төшүндөгү Алтын жылдызын, Ленин орденин кармалашып шектүү баш чайкашкан. «Бул койчу эмес, артистте болуу керек. Жасалма, саясат үчүн гана. Ошондойбу...»

Жыйырма үчтөгү Рахматалы аларга мыскылдуу жылмайып, туулуп өскөн мекени Тянь-Шанга келип, өз көздөрү менен көрүүгө чакырган. Балким, ошондо ишенишээр. Оторун жайып жүргөндө жолугушса, баары бир шектенишмек. «Мүмкүн эмес, чабан мындай болбойт, артист...» Үйүнө барышмак. Таза, иреттүү; кең-кесири. Оокат, эмерек азыркы шартка ылайыктуу, жеткилең. Ошого карабастан, буржуазиялык мырзалар баякы сөздөрүн күңкүлдөшүп, кооптуу ийин куушурушмак.

Мейли, Рахматалыны өз эли, өлкөсү даана билет, ишенет, урматтайт. Ал көргөзмө үчүн иштеп, жашап, ырдап жүргөн жери жок. Күндөлүк көнүмүш турмушу, турпаты ушул.

Элден алган, элге арналган өмүр, шык, адат азыркы социалисттик шартта мына ушундай.

Жаңы турмуштун бактысы, Ала тоонун бүгүнкү ажары дал ушинтип ачылууда, көрктөнүүдө. Доордун талабына, шаңына жараша жашай, иштей билгендиги үчүн, карапайым чабан (андайлар бизде аз эмес) калайыктын кадырлоосуна жетти.

Рахматалы Сартбаевди бүткүл республикабыздын эмгекчилери зоотехникалык орто билимдүү, Социалисттик Эмгектин баатыр чабаны, Советтер өлкөсүнүн жогорку органына эки мертебе депутаттыкка шайланган, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү катары таанышат.

Эми Аалы жөнүндө.

Терезеден буурул таңдын шооласы кылайды. Ал мөңгүлүү Ала-Тоонун кучагынан ойгонуп, өндүрдү карай боюн созо, жарыкты улам кеңири каптатып, жаңы эмгекчи күндү тартуулоодо.

Чыгыштан жаркыраган нур менен жарыша, улгайган адам столунан калбээт козголду. Анын нооча, болук денесинен, жазы аксаргыл ойлуу жүзүнөн, бырыштуу бийик кабагынан уйкусуз түндөгү чарчаңкырагандык да, жердеги тиричиликти жаңылантып, жандандырган таңдан чыйралгандык да байкалат.

Аалы жайык терезесине жай кадамдап жетип, шторун серпти. Анын али курчтугу кайта элек бажыракай көзүнө тунук айнектен эң сүйкүмдүү көрүнүштөр тартылды.

Жаштыгына да, өркүндөп өсүп бараткanына да, өмүрлөш, тагдырлаш шаарына, жергесине, түбөлүк мөңгү чалган аска тоолоруна ак аралаган коңур чачын удургута, башын ийкегилеп угулаар угулбас өзүнчө кобурады:

Салам, атсалоом алейкум...

Анан көпкө кирпик какпай заңкайып тура берди. Таң заарынан анын ой, кыялы эмнелерге чабыттады? Эмнелерди чабыттады? Эмнелерди эскерүүдө? Бул термелип тигилиштин сыры мындайча. Ушул аймактын күбөлүгү менен карыя акын башынан далай окуяларды өткөрбөдүбү. Анын ой-санаасы тагыдырлаш эли, журту жөнүндө. Ооба, элдик акындын өмүрүнүн ар кырдалы эл таалайы, эл түйшүгү, эл эмгеги менен тыгыз байланыштуу. Мына ошол өз көзү менен көрүп, өз өмүрүн арнап, ысыгына балкып, суугуна тоңуп келаткан элинин тагдыры көзүнөн чубурууда...

Мындан жарым кылым мурда чөптөн жапыс уйпаланып, тебеленген кыргыз эли, азыр канатын шандуу серпип алыска атып чыкпадыбы.

Мынабу залкар тоолордун эркин ээси, койнундагы кенин аңтарып, атырылган дайра, сууларын жүгөндөп, колот-жыбытын малга ыңкытып, өрөөндөрдү шаар, бак-дарак, эгин, гүлгө айлантып жатпайбы...

Кыргыздар алп кулачын ааламга тааныта жайган мезгил ушул эмеспи. Кыргыз жергеси болуп көрбөгөн жаңы пейзажга, көрккө шаңданган учур ушул эмеспи. Чарбадагы жаңылык тармактарды санап көрүүнүн өзү эле сонун далил болоор.

Кыргызстандын өзүнүн өнөр жайы, алдыңкы техника менен жабдылган айыл чарбасы, илими, маданияты, аларды башкарган мыкты адистери өсүп чыкты...

Республикабызда жалгыз гана ири өндүрүш жайларынын алты жүздөн ашуун ишканалары иштейт! Алар чыгарган өнөр жай машиналары, тетиктери, буюмдары океандарды жана деңиздерди аттап өтүп, элүүгө жакын чет мамлекеттерге экспорттолуп, жер жүзүндөгү бардык континенттердин адамдарына Советтик Кыргызстандын жетишкендигинин салтанатын айкындоодо.

Кыргыз тоолорунун койну электр отторунун жылдыздарына толду. Пахтанын түшүмдүүлүгү боюнча Кыргызстан ааламдагы бардык өлкөлөрдүн алдына чыкты. Кант кызылчасынын асылдуулугу жагынан Советтер Союзунда биринчилик орунда. Койлордун саны боюнча СССРде үчүнчү орунду ээлейт.

Радио менен теле көргөзүү, китеп, журнал, газета, театр, кино, клуб, китепканалар көчмөндөрдүн күндөлүк турмуштук адиетине айланды.. Эки миң мектеп, элүү миң студент. Илимдер Академиясы. Жазуучулар, сүрөтчүлөр, композиторлор, артисттер...

Дал ушулар мурда жалпы элдик жазуусу болбогон бүгүнкү Кыргызстандын жүзү, өмүрү! А келечегичи!

Кыргызстаным! Совет бийлигинин элүү жылдыгында жомоктон өтө кереметтүү өзгөрдүң! Кыргызстаным...

Элиңдин кары тарыхында саамалык катары өз тилиңде газетаңдын жарык көргөнү, ага элиң «Эркин Тоо» деп ат койгону эсиндедир.

Ооба, ал тарыхый күн жөнүндө Аалы Токомбаевдин да бөтөнчө эскерээр жөнү бар.

«Эркин Тоонун» эне тилинде алгач көз жарганында акындын «Октябрдын келген кези» деген ыры кошо оозана чыккан.

Биринчи басма сөз менен бирге кадамын арыштуу шилтеп келаткан, азыр ар бир үйдүн текчесинде бапестелген далай китептердин автору эл акыны, академик Аалы То-

комбаевдин чыгармаларын Советтер Союзунун көп улуттуу элдери жана чет өлкөлүк окуучулар кызыгып окушат.

Караңгы көчмөн малчынын тукуму, өзү да бала кезинде ошолордун бири болгон Аалы Токомбаев элинин өмүрүндөгү жаңы чыйырды — жазуучулук кесипти өздөштүрдү, өнүктүрүүдө. Ал чыйыр эми даңгыр, кеңири, айкын жолго айланып уланууда. Кыргызстанда жүздөн ашык жазуучу бар. Аалы Токомбаев алардын атактуу машыккан зергер устаты, аксакалы. Аалы жөнүндө, анын жана биздин элибиз туурасында дагы эмнелерди айтканыбыз ылайык? Арийне, муну көңүлгө алсак.

Жакында биздин республикабызга даниялык белгилүү жазуучу Ханс Шерфик саякатка келип кеткен. Ал «Туулган күн» деген макаласын «Правда» газетасына жарыялап, Кыргызстан, Аалы Токомбаевге байланыштуу мындайча жазат:

«Мен өткөн жылы Кыргыз ССРине барганымда, кыргыз адабиятынын атасы деп атаарлык адам, акын Аалы Токомбаев менен таанышуу урматына бөлөндүм,— деп улантат Х. Шерфик. — Бул 1924-жылдын 7-ноябрында «Эркин Тоонун» биринчи саны чыкканда болгон. Ага дейре кыргыз тилинде басма сөз жок эле. Акын Аалы 1904-жылы туулганын билет. Бирок да көчмөн эл календарлык эсептөөнү анчалык капарга алышпаган. Мына ошондуктан ал өзүнүн туулган айын да, күнүн да билбейт. Өзүнүн туулган күнүм деп 7-ноябрды тандап алган.

Мен Кыргызстандан туулган күндөрү 7-ноябрга дуушар келгендердин кыйласына жолуктум. Бул күн — орто азиялык өлкөлөрдүн өмүр тиричилигинин башталган күнү, алардын бүгүнкү маданияты өнүккөн батыш европалык өлкөлөрдүн маданиятынан кылча калышпайт. Татынакай борбору Фрунзеде Копенгагендегидей эле маданий мекемелер иштейт: китепканалар, мектептер, театрлар, опера, музейлер, сүрөт Академиясы, университет, илимдер Академиясы, илимий-изилдөө институттары, алардын жетекчилери жана адистири кыргыздар.

Кыска тарыхый мезгилдин ичинде Кыргызстандагы тез өзгөрүүлөр ушунчалык таң каларлык, тим эле керемет деп айтарлык. Россияда ишке ашкан революция жердин жүзүнөн жексенделип, тукум курут болууга жакындаган Азиянын түпкүрүндөгү кичинекей элге жаңы турмуш берген».

Биз бул кереметке күн сайын дем алган аба сыяктуу эле көнүп калганбыз. Албетте, абасыз жашоо мүмкүн болбогон сыяктуу биз ал кереметсиз жашай да албаспыз.

Анткени — эркиндик, тендиктин кереметине күчтөнгөн эл, кайтадан кул, кор күнүнө эч түшпөйт!

Ала-Тоонун ажарын ачкан Улуу Октябрдын жарым кылымдык салтанатына ар эмгекчи өз иш майданынан, ак ниетинен белеги, кубаныч толкуну менен бармакчы!

1967

БАЙЫРКЫ ЖАНА ЖАШАРГАН ӨЛКӨ

(Жазуучунун саякат дептерчесинен)

Монголиянын байыркы өлкө экени кимге белгисиз! Ал эми анын жаңыланып, жашарып баратканын жергесин аралаганда гана кадимкидей туясың. Айрыкча: туланы буралган мал киндиктүү мейкинине көз кумарынды тойгуза караганында; малчы араттын бос үйүндө олтуруп, сүттөгөн ысык чайынан кана ууртаганында; шаардыктар менен бирге борбордук аянттагы Монгол революциясынын көсөмү Сухэ-Батордун эстелигине ашыга караганында; өнөр-жай шаары Дархандын жаш жумушчу жигиттери менен кыздарынын, Улан-Батордун фабрикаларындагы, комбинаттарындагы уздарынын жоодураган көз нурларына, ысык кол кысууларына жылынганда; опералык театрдан жүрөгүндү балкытып, толкуткан байыркы Морин-хуурдун сыбызгыган жана азыркы күчү-шаңы ташкындаган симфониялык оркестрдин шаңдуу доошуна термелгенде; университеттин, Илимдер академиясынын илимпоздоруна, жазуучуларга, журналисттерге, сүрөтчүлөргө, мамлекеттик китепкананын, музейлердин кызматкерлерине, спорт дворецинен улуттук күрөштүн алптарына эзелки таанышындай жаадырай жолугушуп, ачык айрым маектешкенинде бүгүнкү доорго таандык жаңы кереметтердин дүйнөсүнө чалкыйсың.

Мына буларды биз жакында айтылуу Монгол жергесинде достук саякат сапарын чеккен учурубузда, анын ачык контрасттуу келбетин таанышканда баамдадык.

«Миң ирет укканыңдан бир ирет көргөнүң артык» деген элдин акылман сөзү калетсиз. Абалтан атак дайыны ааламга таанымал Монголстан жөнүндө мурдагы эшиткендерибизден, окугандарыбыздан өз көзүбүз менен аралап көргөндөрүбүз алда канча кызыктуу, толук элес берди.

Көп өлкөлөрдүн байыркысын окуу китептерден, илимий изилдөөлөрдөн, музей экспонанттарынан гана билебиз.

Арийне, Монголияның байыркысы да (айрым көрүнүш-

төрү аркылуу) азыркысы да күнү бүгүнкүдөй аралаш оокат-тиричилигинде, үрп-адатында аралаш жашаганы айкын байкалат. Адам баласынын өтө илгеркиси менен өнүккөн XX кылымдын бүгүнкүсүн жанаша, жарыша чагылткан эл дүйнө жүзүндө чанда.

Көчмөн турмуш, феодалдык ички кагылыштар, майда, чоң жортуулдар, акыркы кылымдардагы манжурлардын үстөмдүгү элди чачындылантып, жайдактатып, арытып, карытып дегендей, эңсесин кетирген.

Эл деген эл да. Ошондой тынчсыз, эрксиз өмүрүндө дагы зергерлери менен уздарынын металл, булгаары, таш, чүпүрөк, жыгачка түшүргөн оймо-чийме, басма чеберчиликтерин, моринхуурдун сыбызгыган күүлөрүн, жез таңдай нускоочуларынын дастандарын, ырларын улап, көзүнүн карегиндей сактап келди. Баарынан кымбаты — эл өзүнүн улуттук сыймыгын жоготподу.

Тарыхый окуяларга, маданий мурастарга бай Монголдор чыныгы жаштыгын, өркөнүн 1921-жылдагы Элдик Революциянын жеңишинен кийин гана баштады.

Адам баласынын байыркы кесибинин, жашоо тиричилигинин айрым көрүнүштөрүнүн жана техника кылымынын акыркы жетишкендигинин үлгүлөрүнүн жанаша жашашын дал бүгүнкү социалисттик Монголиянын керемети катары баалоого болот.

Эгер ал кереметтин аралыгын жана көлөмүн калк турмушундагы эң башкы маселе — турак жайдын көрүнүшү менен ченесек, элеси даана тартылар. Кайсы гана шаарында болбосун, мейли аймактардын борборунда, а түгүл курулуш стилинин эң кийинки калыбында салынган түз, эндүү көчөлөрдөгү көп кабат үйлөрү шандуу көкөлөгөн Улан-Батордун кайсы бир кычыктарында, чет жакаларында курчалган коргончолордун ичинде топтошуп конгон боз үйлөрдүн кышкы айылдарын көрөсүң. Түндүктөрдөн койкойгон найдан түтүн бургуйлаткан үйлөр байыркы турак жайды, анын жанында асмандаган бышык кыш, темирбетон, айнектен курулган имараттар азыркы жайлуу, жаркын жашоо шартын айкындайт.

Же болбосо, адамдын байыркы жана эмки кесиби монголиялык чындыкта тизгиндеш жашаганынын кайсы бир мисалдарына буруу кызыктуу...

Кара сурунан шымаланган учкуч жигиттер, мөтүрөйгөн кара көз стюардесса кыздар абаны жарып, турбовинттүү учкул самолёттордо эл аралык жана ички маршруттар боюнча жүргүнчүлөрдү самаган сапарларына жеткирип жүрүшсө... Ошол эле учурда Баян-Үлгү аймагында кыраан

куштарды таптап, илбесиндерге агытып, аңчылыктын байыркы салттуу кумарына кадимкидей канышууда...

Жалтыраган асфальт жолдордо биринчиликти талашып, зыпылдап учкан мотоцикл жана велосипед мингендердин жарышы монгол жеринде сейрек эмес. Ал эми мамлекеттик байгеге чабылган жүздөгөн күлүктөрдү марадан тосуп, күүлдөп толкуган улуттук спорттун күйөрмандарынын шаңы укмуш. Кандим саяпкерлер таптаган күлүктөрдү кунан, бышты, азыйлата бөлүп, 7—10 жашар балдар, кыздарды тепейген чак ээрлерге мингизип, отуз-кырк чакырым жерден жүздөп, миндеп коё беришет. Ат жалында машыккан чыйрак бөбөктөр куйругу түйүлүп, көкүлү шүйүлгөн күлүктөрүн жылдын ар мезгилдеринде, улуттук майрам учурларында чабышат. Дал ошондой жакындагы чоң чабыштардын биринде мамлекеттик экинчи байгегени аймакта күлүгүн мине келген сегиз жашар секелек кыз Метмар алды.

Монголиянын өнөр жай шаары Дарханда жүргөн кезибизде дагы бир кызык окуяга күбө болдук. Январдын орто чени эле. Сууктун катуулугун ушундан билиниз, кружкадан суу серпсең жерге түшпөй тоңот. Мурдатан атайылап белгиленген күн экен. Партиялык, советтик, чарбалык, инженер-техникалык, аскер кызматчылары жапырт мылтык асынышып, жылуу кийинишип белгиленген жерге чогулушуп, машиначан шаардын сыртына жөнөштү. Алар уюшкан түрдө карышкырга ууга аттанышты. Алдыга куугунчулары менен көзгө атар мергендери түшүштү. Мал, кайберен киндиктүү монголиянын туланы буралган адыр, жыбыттарында ээн элкин жойлоп, такай кооп туудурган жырткыч бөрүгө ууга кышкысын атайылап күн чектешип, өлкөнүн шаарлары менен аймактарында жалпы аттануу көп жылдан берки салтка айланыптыр. Бу жерде Монголиянын элдин башына карата малдын саны боюнча дүйнөдө биринчи орунда турганын эскере кетели.

Мындай чаранын пайдага чечилгени, карышкырлардын тукуму азайып келатканы, талаа түздөгү малчы араттардын көңүлүн тынчтытып, кубантууда. Мергенчиликтин бул түрүн сыртынан алып караганда гана байыркы дөөгө мүмкүн. А чындыгында, массалулугу, уюшкандыгы, куралдангандыгы, күчү жагынан алганда караманча жаңы, шаар менен айылдын, жумушчулар менен малчылардын бир максаттуу достугунун шартында гана жаралган жакшы жышаан.

Бул контрастуу, таң каларлык өнүгүү, Монгол Эл Республикасында жаңынын жеңишинин шаңдуу арымы, ай-

рым байыркы көчмөн тиричилик шартынын азыркы оту-рукташып жашоого ылайыктанып өзгөрүшү менен айкалышкан.

Биз Монголияга кыш чилдесинин толгон убагында бардык. Суук тутумдаш сибирдикинен кем сокпойт. Чар тарабында дээрлик, шаарларында да, аймактарында жука кар мелтирейт. Булутсуз чаңкайган асмандан көшүлгөн аба дайыма таза, кургак. Ошондуктанбы, ден соолугуңа даба такай эликсир искегенсип, чың чыйрак жүрөсүң.

Чолуп, жоруптан болсо да окуучулардын көңүлүн Монгол турмушунун мындайча маанилүү жактарына буруунуу ылайык дейбиз: шаар менен айыл; бириккен чарба; жапайы жана жаңы пейзаж; советтик-монголдук улуу достуктун илеби.

Өз өлкөсүнүн борборун бекеринен Кызыл-Батыр (Улан-Батор) аташпаган. Бул шаар монгол революциясынын бешиги. Дал ошерден элдик революциянын көсөмү, МНРП-нын жана элдик мамлекеттин негиздөөчүсү Сухэ-Батордун асман жерди силкинткен жардыгы бүт араттарга, ааламга угулган. Дал ошерден ал дүйнө жүзүндөгү биринчи социалисттик мамлекеттин кеменгери улуу Ленинге достук колун сунган. Сухэ-Батордун Москвага барышы, эки залкар адамдын — Ленин менен Сухэ-Батордун жолугушуусу Совет, Монгол элдеринин түбөлүк достугунун урагыс негизин уютушкан. Дал ушу шаар өлкөнүн мамлекеттик жана маданий борборуна, бүткүл монголдордун сыймыгына айланды.

Улан-Батордун ушу таптагы турпаты, анын тынымсыз курулуп, кеңейип баратышы, жер жүзүндөгү кыйла мамлекеттердин жүзүн айкындоочу борбор шаарлар менен көрк салышат десек жаңылышпайбыз. Анын жаш даректар алкактаган кең кесири, түптүз жайкалган көчөлөрү, бульварлары, шаңдуу, жандуу борбордук аянты тыштан баргандардын көз кумарын оштонтот. Кай тарабына кылчайсаң да мамлекеттик жана маданий мекемелердин көп кабаттуу жаркыраган имараттары, турак жай үйлөр, өндүрүш жайларынын ишканалары. Шаардын как ортосунан кашкайып өткөн эң кооз магистралды монголдор «Тынчтык проспектиси» деп аташкан. Эл аралык мааниси жагынан Улан-Батор жер шарындагы борборлордун эч кимисинен кем калышпайт. Ага ааламдын ар кай жак булуң-бурчунан меймандар, дипломаттар, туристтер, ишкер чөйрөнүн өкүлдөрү агылып келип кетүүдө. Андан ар түрлүү өлкөлөрдүн элчилеринин имараттарын көрөсүң. Көлөм жана маани жагынан экинчи шаар төгүнүнөн Уста (Дархан)

аталбайт. Ал чындыгында эле өлкөнүн өнөр жай борбору. Андан Монголиянын учу-кыйырсыз мелтиреген талаалары-нын, бөксөлөрүнүн чар тарабын аралап, бийик вольттуу электр мунаралары тартылган. Советтер Союзу куруп берген атактуу Дархан ТЭЦи шаарларды, аймактарды, айылдарды, электр тогу менен камсыз кылат. Ал электростанцияны отун менен Дархандын жанындагы Шарынгол кенинин көмүрчүлөрү жабдыйт.

Станциянын кубаттуу күчү: цемент, темир-бетон, целикат-кыш, асфальт, кычкылтек заводдорун күжүлдөтүп иштетүүдө. ТЭЦ толук эксплуатацияга берилгенде Дархан-Селенги экономикалык зонасынын келечекки көп тармактуу энергетикалык чың базасы түзүлөт. Анда ТЭЦ поезддерди жүргүзүп, өнөр жайларга жана турак үйлөргө жылуулук берет.

Кечөөнкү эле малчылар, солдаттар, окуучулар бүгүн жаңы кесипти — техниканы башкарууну өздөштүрүшүп, өлкөнүн сыймыгын арттырган жумушчу табын түзүштү. Энергетиктерди тарбиялоо жана өстүрүүдөгү жагдай тууралу партиянын Дархан шаардык комитетинин секретары Цэрэндорж бизге мындайча баяндады:

— ТЭЦти курууда минден ашуун советтик жумушчулар, инженерлер жана техниктер иштешти. Алар станцияны мөөнөтүндө жана жакшылап курууну гана көздөбөстөн, биздин улуттук энергетикалык кадрларыбызды түптүз иш үстүнөн машыктырып даярдоо максатын коюшкан. Ар бир советтик специалист монгол жолдошторун шакирттикке алып, алар өндүрүштүн бардык ыкмаларын толук өздөштүргөнгө дейре чогуу иштешти. Азыр көп азаматтарыбыз машыккан устаттар, жаңы үлгүдөгү автоматика менен энергетиканын күчтүү агрегаттарында өз бет алдынча эмгек вахтасында турушат. Демек, ТЭЦ биз үчүн социализмди куруунун чечүүчү базасы гана болбостон, жогорку квалификациялуу кадрларды тарбиялоонун устаканасы да болду.

Биз аралап көргөн Улан-Батор менен Дархан космос кылымынын ылдамдыгы боюнча тез өнүгүп, өсүп баткан шаарлар. Алар — элдик республиканын башка аймактык шаарлары менен кыштактарына үлгү, өрнөк!

Шаарлардын ылдам өнүгүшү, андагы калктардын маданий, тиричилик деңгелдеринин жогорулашы айылдардын өсүшүнө, өзгөрүшүнө он таасирин тийгизүүдө. Боз үйлөрдүн жанаша конгон үчөө-төртөөнөн тартып жүздөгөндөрүн айыл дешет экен. (Айыл — мурдагы көчмөн турмушубуздун окшош жалпылыгын эске салды). Андай айылдарга

малчылардын кыштоолорунан, айыл чарба бирикмелеринен, аймактар менен шаарлардан жолуктук.

Бул жерден биз боз үйлөрдүн эски түрү, андагы жашоо тиричиликтин жаңы мазмунун айта кетүүнү ылайык ойлойбуз. Ар кай жердеги, ар кыл кесиптеги үч түрлүү адамдын боз үйлөрүндө мейманда болдук.

Монгол жолдоштордун азыркы жашоого ылайыктантып бардык үйлөрдү кайрадан жабдуу өнөктүгүн ырааттуу жүргүзгөнүнө ишендик.

Жогоруда үч башка адамдын үйүнүн төрүндө сыйлуу мейманда болгонубузду айттык. Алар: Улан-Батордон анчалык алыс эмес жердеги жазуучунун энесинин, Дархандын четиндеги байланыш кызматкеринин, жана алыскы Баянцаган Сомонундагы (районундагы) малчынын боз үйлөрү.

Ошол үйлөрдүн бардыгынын жасалгасы — мебелдери (байланыш кызматкеринин үйүндөгү телефондон башкасы) бирдей, окшош. Адетте ичтери кең, болжол менен жыйырма чарчы метрден кем эмес, биздеги алты-сегиз канаттуу өргөлөрдөй. Сыртынан тегерете жарым кезче такта казыктар менен кашааланып жумшак топо, же кык төгүлгөн. (Сыягы мал жөөлөбөс, ан үстүнө кышкы жылуулук үчүн ошентишсе керек). Кире беришинде тактайдан веранда сыяктуу далисче. Боз үйдүн асты тактай-килем, шырдак, кийиз, таар менен жыш, калың жабылган. Үзүк, туурдук үч кабат: кийиз ортосунда, тышынан жана ичинен аппак брезент тартылган. Уук, кереғелери жазы. Ички кереге килем, таар, туш кийиз сымал саймаларга чулганган. Эки-үчтөн никелдеген керебеттер көшөгөчөлөр менен төр талаша кереге түптөтө коюлган. Ирегеде кол жуугуч. Алардын ортолорунда, четтеринде чыгыштын чыгарак, мүйүз оймолору өчкүз сырлар менен кооздолгон кийим, идиш буюм-терим салуучу укөктөр, сандыктар. Алардын үстүндө радиоприемник, үй-бүлө сүрөттөрүнүн алкактары, оюнчуктар, сувенирлер... Чок ортосунда темир меш, алардын оймо көздөрүндө чайнек, казан. Кериней жазы түндүктүн темир менен курчалган көзүнөн өткөрүлгөн. (Түндүктүн калган көздөрү айнектелген.) Түнкүсүн электр шамдары жаркырап күйүп турат.

Мына ушундай үйдө кыштын аязында да араттар жайлуу жашоодо. Жасалганын, айрыкча мебелдердин окшоштугу Монголияда атайын жүргүзүлгөн боз үйлөрдү азыркы жашоонун жана жылдын бардык шартына ылайыктантып кайра жабдуу (реконструкциялоо) өнөктүгүнүн натыйжасы. Боз үйлөрдү кайрадан өзгөртүп жабдуу башта-

гы көчмөндөрдүн тиричилигин, алардын кулк-мүнөзүн өзгөртүүгө шарт түзгөн. Боз үйдүн бүт эмеректери атайын коомдук артелдерде жасалып, дүкөндөрдө сатылып тургандын көрдүк. Ооба, жаңы турмушту куруп жаткан аратардын психологиясы да кайрадан жаңыланып, доордун талабына жараша өзгөрүүдө.

Айыл чарбасындагы монголдорго техника жардамга келди. Анын күчү менен ээн талаалар өздөштүрүлүүдө, кайшыган жерлерге суу чыгарылууда. Мурда жапайы тулаң баскан өрөөндөр, эми эгинге ыргалат. Өлкө кылымдар бою элдин данга жарыбай эңсеген талабын ушу тапта өз түшүмүнүн эсебинен канаттандырууда.

Түзүлгөн госхоздор менен айыл чарба бирикмелери чыңалууда. Алардын борбордук конуштары чоң кыштактардын келбетин жамынууда.

Агротехникалык жумуштардын басымдуу көпчүлүгү механизациялаштырылган. Жашылча, жер жемиштери өстүрүлүүдө. Атактуу окумуштуу, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Шагдар монголияда алгачкы ирет алма өстүрүп, түшүмүн алууга жетишти.

Айыл чарба бирикмесинин кандайча уюшулуп, чыңдалып бараткандыгы тууралу Баянцаган районунун жана да «Өрнөх өмь ярал» («Өрнөктүү турмуш») бирикмесинин партиялык комитетинин секретары Бадымочерден ага борбордук конуш жайдан жолукканыбызда, үйүндө мейманда болгонубузда, кыштоодогу малчылардын айылдарына бирге барганыбызда, мейманкананын жылуу, жайлуу номеринде маектешкенибизде аябай кана уктук.

Бадымочер — баштагы жоокер. Монголиянын Элдик Революциячыл Партиясынын катарына өткөнүнө отуз жылча болду. 1954-жылдан бери ушул ири чарбанын саясий жетекчиси. Жашы элүүгө чыга элек. Бирок, жүзүндө, сүйлөгөнүндө, баскан турганында жашоонун кадырын түшүнгөн акылмандуулук, саясий кылдаттык жана сабырдуулук сезилет.

Өзүнүн катышуусу менен, өз көз алдында өскөн чарба жөнүндө Бадымочер сараң, бирок да кандайдыр бир жылуу сезим менен баяндайт:

Бирикме 1956-жылы он алты түтүндөн куралган. А кезде коомдук чарбабызда үч миң баш гана малыбыз бар эле. Сомондун борборунда азоолок жыгач тамдар туруучу. Контора менен мектепти боз үйлөргө жайгаштырганбыз. Азыр караманча башкача. Чарбабызда төрт жүз түтүн, 1700 жан бар. Коомдук үйлөрдө, оторлордо алтымыш тогуз миң төрт түлүк мал жайылууда. Бирикменин

мүчөлөрүнүн, сомондун жумушчуларынын менчигинде он сегиз миң мал бар. Жалпысы биздеги малдын саны сексен сегиз миң баш.

Бириктешкенден кийин мамлекеттин жардамы аркасында дароо курулуш жумуштарына кириштик. Өзүңүздөр көрүңүздөр. Дизелдүү электростанциябыз, 300 орундуу клубубуз окуу залы, китепканасы менен; мейманканабыз, ашканабыз, балдар бакчабыз, автогаражыбыз, байланыш жана радио бөлүмүбүз, тез жардам машиналуу медициналык пунктубуз, дүкөнүбүз, мончобуз, чач тарачыбыз, сүрөткана-быз, мектебибиз, коомдук мекемелерибиз, турак жай үйлөрүбүз курулду, дагы курабыз.

— Үчүнчү беш жылдыкта малдын санын дагы жыйырма миңге көбөйтөбүз. Мал чарбачылыгы боюнча аймакта алдыңкы орундардын биринде-биз. Дан эгиндерин сегиз жүз гектар жерге айдайбыз. Өткөн жылдагы жылдык киреше-биз эки миллион төгөрөккө жетти.

Биздин чарбабызда сегиз специалист жогорку билимдүү, алар: медициналык, ветеринардык врачтар, зоотехник, экономист, агроном жана мугалимдер. Кышкы жана жайкы мал жайыттарга сексен кудук казып, аларды ар кандай кырсыктан сактоо үчүн үстү жабык коргончолор менен тосконбуз...

МНРда жыл санап курулуш жумуштарынын темпи тездөөдө, кулачы кеңейүүдө. Шаарлар менен кыштактар бир жагынан көркүнө келтирилип жатса, экинчи жагынан жаңылары курулууда. Ошентип, эл турмушунун экономикалык жана психологиялык тулкусу гана өзгөрбөстөн, монгол мейкиндигинин пейзажы да жаңылануууда. Өлкөнүн кайсы гана тарабына жөнөбөгүн, адырлар менен өрөөндөрдү курчап асфальт жолу кашкайып учун таптырбай уланууда. Аны жээктей бүт өлкөнү шакектөөчү жогорку вольттуу электр сызыгынын мунарлары заңкаюуда.

Жолоочулап баратканында жука карга чыкталып, туланы тушардан буралган жапырт жайыттуу жерлерге, аны элире оттоп түмөндөп жайылган төрт түлүккө көзүң төёт. Жумуру тарткан жондорун бүлкүлдөтүп, асылданып бараткан жапкак куйрук меринос койлор, кырккан жалдарын дүкдүйтүп, сеңселген куйруктарын сапырылткан тоголок оюнкарак жылкылар, шаа мүйүз топоздор менен калбээт уйлар, өркөчтөрүн тикчийтип, чуудаларын жайкалткан төөлөр кыштын катуусунда да кол карабай жердин март шартына магдырап, окчун-окчун топ-тобу менен жайылып жүрөт.

Бул чексиз байлыктын ээси араттар чокунун башынан

кыштан семиз чыга турган малдарына рахаттана, бөрү, каскактап көзөмөлдөп турушат.

Капысынан жолдун бурулушундагы ыктоо буйгуттан аппак боз үйлөрдүн кичи айылы, айланта коргон ичиндеги жыйылган чөп, тракторлор, чөп чапкычтар, грейдерлер, кудук казуучу, жүк ташуучу машиналар, бензин колонкалары көзгө урунат. Бул техниканын ээси ошол чөйрөнү тейлөөчү машино-мал чарба станциясы. (МЖС) Бөксө тоолор менен мелтиреген түзөңдүн өйдөшүндө МЖС жаңы төрөлгөн пейзаж катары өтө шаңдуу көрк кошкон.

Каякка гана барбайлы, кимдерге гана жолукпайлы, такай барлык учурда советтик адамдарга багышталган жүрөктү чымыраткан жылуулукту, көңүлдү эргиткен достуктун мээримин сездик. Монгол достор бөтөнчө мына муну баса сүйлөшөт:

— Социализмди куруудагы советтик Орто Азия республикаларынын тажрыйбасы биз үчүн өтө таалимдүү өрнөк. Биз куду сиздердин жолду жолдоп, кыргыз, казак, өзбек, тажиктер сыяктуу азаптуу капитализм түзүлүшүн аттап өтүп, феодализмден социализмге секирик жасадык.

Улуу Ленин менен Сухэ-Батор адамзаттын жаңы доорунун таңында бирге себишкен достуктун үрөөнү терең тамырланып, мөмөсү, жемиши көрктөнүп өскөн учур.

Өнөр жай мекемелеринде, аймактарда биздин көңүлүбүздү алда кайдан эле кызыл чүпүрөктөргө бадырайта жазылган — «Октябрдын 50 жылдыгын татыктуу белектер менен тособуз!» деген ураандар өзүнө буруп толкундатканын жашыруу мүмкүн эмес. Таң эртелеп жаңы газеталардын бетин ачканында «Унэн» («Правда») тартып, бардыгынан тең алгачкы саламы — «Октябрь революциясынын 50 жылдыгына карата» деген рубрика.

Баянцаган сомонунда жүргөн чагыбызда Бадымочер бизди мектепке ээрчитип келип, капысынан эле төртүнчү класстын сабагына киргизди. Тарых сабагы жүрүп жатыптыр. Доскадан «Октябрь революциясы 1917—1967-жж» деген жазууну окудук. Көрсө, мугалим Самбуу муну жаңыдан гана жазып бүтүп, Октябрь революциясы адамзатка, анын ичинде араттарга да эркиндиктин, бактылуу турмуштун эшигин кандайча ачкандыгын балдарга түшүндүрүп жатыптыр.

Мына ушундай жүрөгүңдү толкуткан жолугушуулардан улам ичиңен адамдык каниет байлап, социализмдин биринчи өлкөсүнүн гражданини болгондугуңа, булардай чыныгы досторундун бардыгына сыймыктанасың!

— Кадырлуу советтик достор! — дешет монгол жолдош-

торубуз. — Улуу октябрдын 50 жылдыгы сиздер менен жана жалпы социалисттик досчулуктун өлкөлөрү менен бирге биз да шандуу майрамдайбыз!

Туура! Октябрдын жеңиши — бүткүл дүйнөнүн жаштыгы жана келечеги! Анын даңктуу жарым кылымдык юбилейин жер жүзүндөгү бүткүл ак ниет адамзат менен бирге майрамдайбыз!

1967

МОНГОЛ ЖАЗУУЧУЛАРЫНДА

Коңшу жана алыскы ниеттеш өлкөлөрдүн элдеринин арасында достуктун, алыш-коруш байланыштын, көмөктөшүүнүн жолдору ар-тараптан изилденип, кеңип бараткан учур.

Өткөн жылдын ноябрь айында жазуучулар: Даржаа, Сандагаалардын катышуусу менен Кыргызстанда Монгол адабиятынын апталыгы өткөн. Ошол эле мезгилде кыргыз адабиятынын апталыгы Монголияда белгиленген.

Жакында кыргыз жазуучуларынын өкүлдөрү — Саткын Сасыкбаев экөөбүз меймандос Монголияда болдук.

Тарыхый окуяларга, маданий мурастарга бай бул өлкөнүн байыркы элдик адабияты, бөтөнчө 1921-жылдагы революциядан кийинки жалпы элге таандык социалисттик реализм методун медер тутуп, дүркүрөп өнүгүү жолуна түшкөн азыркы адабияты менен аздыр-көптүр кабардар элек.

Жазуучулар менен официалдуу үч мертебе жолугуштук. Адеп жеткен күнү монгол жазуучулар союзунун башчылары: С. Удвал, Ч. Чимид менен пикирлештик. С. Удвал көптөн бери жазуучулар союзунун жетекчиси, монгол Элдик Республикасынын белгилүү коомдук ишмери. Прозаик. Тегерек кызылдуу жүзүнөн жылмайып, бакыракай көзүнөн уяң карап, төбөсүнө кынаптай оролгон капкара коюу чачын зымпыйтып энелик да, жазуучулук да, ишмерлик да мүнөзүн айкалыштырып, шамдагай, тамаша аралаштыра сүйлөп отурду.

Анын орун басары Ч. Чимид кыркка жаңыдан чыккан, болук, токтоо, орусча так сүйлөгөн жигит. Ал поэт, прозаик, драматург, котормочу, МНРдын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.

Экөө тең биздин жазуучулардын чыгармалары, айрымдарынын өзүлөрү менен тааныш. Бат эле үйүр алышып, эски досторчо эркин сүйлөшүүгө өттүк.

С. Удвал 1954-жылы күз айларында аялдардын Бүткүл дүйнөлүк фестивалынын катышуучулары менен гүл, мөмө-жемиши чачылган, бак-даракка оролгон Фрунзеде, көйкөлгөн көгүлтүр Ысык-Көлдө, меймандос кыргыз жергесинде болгон.

Ч. Чимид Каирде өткөн Азия, Африка жазуучуларынын жыйынында Аалы Токомбаев менен бирге өткөргөн ажарлуу күндөрүн толкунданып эскерет. Ал Чыңгыз Айтматов, Насирдин Байтемиров жана башка кыргыз жазуучуларына Москвадан кездешкендерин, алардын чыгармачылык жаңылыктарын, саламатчылыктарын сурамжылайт.

Андан ары жалпы жазуучулардын, адабияттын тагдырына байланыштуу маселелер боюнча алмак-салмак ой бөлүштүк. Аларда жүздөн ашуун жазуучулар союзунун мүчөсү бар. Көпчүлүгү коомдук, илимий мекемелерде, редакцияларда иштешет.

Советтик окуучуларга белгилүү «Алтайда», «Тунук Тамир», романдарынын автору, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Ч. Лодойдамба Маданият министринин орун басары, жаңы монгол адабиятынын баштоочуларынын бири, академик, лауреат. Ц. Дамдинсурен илимдер академиясында, Э, Оюун драма театрынын көркөм жетекчиси, Ж. Шагдар жеткинчектердин газетасы «Пионери унэн» («Пионерская правда») газетасынын жана балдар журналынын редактору, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты айтылуу «Сухэ-Батор жөнүндө ыр» поэмасынын автору П. Гайтав жогорку эле пионер газетасы менен журналынын редакторунун орун басары болуп иштейт.

Таанылган көркөм сөз чеберлеринин бир тобу, профессионал жазуучу катарында мамлекеттен атайын чектелгең айлык менен эркин чыгармачылык кесипте.

Жазуучулар Союзунун айына чыгуучу «Жалын» аттуу журналы, аптасына чыгуучу «Адабият жана өнөр» газетасы бар. Чет элдик жазуучулардын чыгармаларын орус, англис, кытай, немис тилдеринен түп нускалары боюнча которушат.

Быйыл монгол жазуучулары зор окуяга, кезектеги съездине кызуу даярданып жатышыптыр. Съездде башкы көңүл социалисттик коомдун жаңы адамдарын тарбиялоодогу адабияттын таасири жана милдеттерине бурулмакчы. Дал ушул жагдайда МНРПнын он бешинчи съезди жазуучулардын алдына зор ишеним, орчундуу милдеттерди койгон. Партиянын Программалык көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алып, жазуучулар өз курултайында ийгиликтер менен кемчиликтерди, изденүүлөр менен мүдүрүлүү-

лөрдү, чыңалуу менен проблемаларды ачык сүйлөшөбүз дешет.

Биздин мейманда жүргөнүбүзгө байланыштуу «УНЭН» («Правда») баштаган борбордук газеталар айрым чыгармаларыбызды жарыялашты.

Даңктуу жаңы өнөр жай шаары Дарханга, борбордук аймактын эң алыскы «Өрнөктүү турмуш» айыл чарба бирикмесине барып кайткандан кийин бизди кыргыз совет адабиятынын кечесине катышууга чакырышты. Бул дайыма эсте каларлык жолугушуу болду.

Бу сапар монгол жолдоштор гүлдөгөн советтик Кыргызстан, анын адабияты жөнүндө сүйлөшүп, ырлар окушуп кезметти музыкага алмашты. Мөтүрөйгөн жаштар шоодурап ортодогу зимилдеген ачыкка бийлей башташты.

Бий басылып жаштар орундарына жайланышкандан кийин бизге сөз берилди. Биз Монголия, аны аралап көргөндөгү унутулгус элестер, советтик — монголдук достуктун ар убакта, ар жерде сезилип турган ысык илеби жөнүндө айттык.

Созолонгон үн сахнадан жаңырды. Андан соң бизде мейманда болгон Д. Даржаа Кыргызстан тууралуу толкунданып элестүү сөздөрүн чубуртуп, «Кыргыз чабанын боз үйүндө», «Ачык күн» деген ырларын окуду.

Кайрадан бий чайкалды. Ошентип ар сөздөн кийин фабрика жаштары кубулжуган ыры же элпек жаркын бийлери менен коштоп, кечеге кандайдыр канат бүткөрүп жаткансыды. Монгол жазуучулары шаңдуу жаштары менен кезмет алмашып, биринен сала бири көтөрүлүүдө. Белгилүү акын Ц. Цеденжаб Токтогулга арналган өзүнүн ырын жай тизмектетсе, жаңы эле адабий сыйлыгын алган жаш, келбеттүү Д. Мягмар Токтогулдун «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулдусун» монголчо жаңыртты.

Ч. Чимид экинчи жолу чөнтөк дептерчесин сууруп чыкты. Ал а дегенде биздин өлкө, адабиятыбызга байланыштуу сүйлөгөн. Тынчтыкка багышталган «Бул күндөрдө» деген публицистикалык көлөмдүү ырын күчтүү, бийик үнүн чабыттата, ыргагын коштоп колун серпе окуду. Залдагылар дүрүлдөп олтурганына карабай, кайрадан тургузду. Чимид экинчи «Эне жүрөгү» деген ырын тартуулап араң «кутулду».

Жаштардын бийи, таңшыган үнү улана берди. Кыргыз адабиятынын монгол жеринде достукка, шаттыкка, жалынга бөлөнүп, катышкан өкүлдөрүнүн сыймыктануусун ташкындатты.

Улан-Батор-Фрунзе 1967

ИНДИЯ САПАРЫ

(жазуучунун чөнтөк дептерчесинен)

1. Аттангандагы ой толгоолор

Чет өлкөнү аралаганында көргөнүндү көңүлүнө түйүүнү, уккан билгениңдин уюткусун оюна чөгөрүүнү, аларды сени сапарга аттанткан элиңе жеткирүүнү — мойнундагы парс катары туясың. Биз да жакында Индияга барганыбызда ошол сезимдин кулдугунда болдук.

Индустанга баштаган тарых, басма сөз, кино, ыр-бийи аркылуу кабардардыгыбыз анчейин гана сезимде калкып, «миң эшиткенден көрөк, бир ирет көргөнүң артык» деген чындыкка багындык.

Октябрдын аяккы күндөрү. Москвада жалпы элдик салтанат — Комсомолдун элүү жылдыгынын шаңы, кооздук өкүмү. Космонавт Береговой асманга чабыттады, сапары байсалдуу болуп, даңктуу жерибизге аман-соо консун деген тилекти ар кимден угасың. Шаар сырты, токой түптөрүн аппак кар ширеп, суук тарткан. Кечке маал. Шереметьево эл аралык аэропортуна жылуу кийимчен келгенбиз...

Азыркы жүргүнчүлөр ташуучу эң зор аба лайнери «Ил —62» ичи толо адамды жайлуу батырып, асман мейкиндигине атылды.

Тунук терезеден теребелге көз жүгүртүп, жерден тыптынч көтөрүлүүдөбүз. Корабль канчалык чоң болсо, ошончолук ички тынч. Мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ыйык борборубузду дал үстүнөн карап, сыймыктанып өтүүгө ашыктык. Түнкү Москва: бермет, бриллиант тагынган сулуудай миң түрлөнүп ажарланып кулпунат. Оттон бүткөн, жалын денелүү жаркын шаар белең — Москвам. Ооба, сенин жарыгың, кубатың — мекениндеги бардык элиңе, бизге окшогон сапар тарткандарыңа да түгөнгүс дем...

— Байыркы Индус жергесин.

Көргүсү кимдин келбесин,— деген ой көөдөндө күбүрөйт. Учу-кыйырсыз көк деңизине кудуганда адам, өзү менен өзү ой чалгынына термеле, рахат мээримине тартылат тура.

...Жер көрүү, эл аралоо көңүлдү, көздү байытуу дегенге жатат. Мындай жакшы мүмкүнчүлүктү достук жагдайындагы жолугушуулар менен айкалыштырууга тийишпиз.

Жанаша креслодогу Калдыбай Сатаров менден бетер толкундап да, түйшөлүп да ишенимдүү көзүн ажарлантат. Экөөбүз тең коңшу өлкөгө биринчи мертебе баратабыз. Индияда бизге дейре бир нече жолдоштордун болгонун билебиз. Индиядан да бизге мейманга келгендер аз эмес. Эриш-аркак достук катнаш, кызматташтык, эки мамлекеттин ортосунда барган сайын чыңалууда.

Өткөн айдын башында бизде, Советтик — Индиялык достук коомунун бөлүмү уюшулган. Уюштуруу салтанатына Бихар штатынын Индиялык — Советтик достук коомунун жетекчи ишмерлери катышкан. Бул коом советтик, индиялык элдердин ортосундагы маданий байланышты өркүндөтүүгө чакырылган. Ар бир союздук республика Индиянын бирден штаттары менен достук байланышты түзүшкөн. Биздин байланыш Бихар штаты менен. Бихарлык достор жарым ай бою республикабыздын эл чарбасы, маданияты, эмгекчилердин турмушу менен кеңири таанышып, достук дилден ыраазылыгын айкындап кайтышкан. Республикабыздын аймагы Бихарлык мейман-дар менен чогуу аралаган учурлар эсте калкыйт. Индиялык — Советтик маданий коомунун Бихар штатынын Генерал секретары профессор Сант Лал Сингх биздин элдин турмушуна өтө кунттанып кызыккан. Мейли өнөр жай ишканаларында, мейли маданий, илимий жайларында, мейли айылдык чарбаларда болбосун назарлана карап, терип-тепчип сурамжылаган, чөнтөк дептерине тизмелеп жаза берген. Бөтөнчө кийинки жылдардагы партиябыздын жаңы жүргүзгөн эмгекти пландаштыруу чаралары, анын артыкчылыгы — саясий илимдердин профессору мейманыбызды такай, башкы бутактанган суроолорунан болгон.

Албетте, мындай суроолорго чарба, мекеме жетекчилери узун сабак жооптору менен убакытты көп алып, диалогго катышпагандардын кыйласын талыкшыткан. Профессор Сингх неге эле мынчалык үңүп такыйт. Сыягы өзүнүн илимий максаты үчүн го? деген түшөмөлгө да термелгенбиз. Качан биз Индияны карай жол тартканда Синт Лал Сингхге жолугаарыбызды, анын Кыргызстан жөнүндөгү ойлорун өз жеринде угуп, сезерибизди, аны менен жолдо ангемелешүүдө, мейман дасторконунда бирге отурганда кыйла кыргызча — хинди, урдуча жалпы окшош сөздөрдү таап, кубанып кайталаганыбызды элестетебиз.

Алдын ала озунуп айтып коёлу. Ал аны аник достук дилден жасаганын бизден көптү терең билип, өз элине сүйкүмдүү жеткизгенинин күбөсү болдук.

Экинчи мейманыбыз Бридж Кишор Просад дайыма жайдары, ыктуу учурда жагалданып ырдай да коюучу. Ал, айрыкча Индияга тээ илгери алгач саякат жасаган россиялык Афанасий Никитиндин коштошорундагы атын өзүнчө орусчалап Валя деп коюп алган Индус кызына кайрылып «Кош бол, Валя!» деген ырын, азыркы индус жаштарынын Вьетнамдын эркиндигин, тынчтыгын жактаган жаңы хору «Эй, Вьетнам!» дегенди аткаргандагы кербез доошу кулакка кадимкидей жаңырып кайталанат.

Демек, биз жарым айлап Кыргызстандын эли, чарбасы, маданияты, табигаты менен тааныштырып чогуу жүргөн досторубузга да жолугабыз.

Баса, советтик — индиялык маданий достук коомунун Кыргыз бөлүмүнүн башкармасынын төрагалыгына шайланган, жеңил өнөр жай министри Калдыбай Сатаров экөөбүздүн кызматташтык байланыш боюнча да ал досторго жолугуу жөнүбүз бар.

Кыргызстан — Бихар, Бихар — Кыргызстан достугу, Достук коомунун алгачкы делегациялары. Байланышты өркүндөтүүнүн алгачкы кадамдары. Эки өлкөнүн эли бири-бири жөнүндөгү чындыкты айкын, көбүрөөк билүүнү, кеңири маалымат алууну, достукта, тынчтыкта жардамдаш жашоону каалашат.

Азыркы доор достук, байланыш дегендин чыныгы ажарын ачууда. Мамлекет менен мамлекет, уюм менен уюм, адам менен адам ортосундагы катнаш, эриш-аркак мамиле, кызматташтык мурда бүгүнкүдөй эч болуп көрбөгөн.

Азыркы доор жердин алыстыгы, жолдун узундугу деген тоскоолду да жоюп баратат. Россия, Орто Азия, Афганистан, Гималай тоолорун жакалап жүз алтымыштан ашуун кишини, канча жүктү термелбей батырып тыптынч сызган алп «Ил — 62» 5200 чакырым жолду беш сааттан ашыгыраак сыдырып, Делиге конду.

Сапарга чыгуу салтанат,
Санаа чериң таркалат.
Ашыгып кетип барабыз,
Ата-журтту аркалап.

2. *Индустан жергесинде*

Жердеги түн көлөкөсү арыла электей. Электр шамдары жалтылдайт. Дели аэропорту «Палам». Али күндөн дарексиз заар маалынын керимсел сыдырымы, көктөгөн кара жердин жылуулугу, селде, үлпүлдөк жоолук, ак чаң-

гыл жайкы кийимчен адамдардын кыйма-чийме кыймылы алгач Индус жергесинин келбетин тартуулады.

Чыгыштын байыркы караван сарайларын элестеткен бир кабат чоң аэропорттун кеңири залында Советтик элчиликтин кызматчыларынын коштоосунда киргенибизде ИСКОнун (Индо-Советтик маданий коомунун) жетекчи ишмерлери келгенибизди куттукташты. Шыңга боюна жарашыктуу үлпүлдөк жоолук, жибек кездемеге чулганган улуттук сары-көйнөкчөн аял биздин моюнубузга көкүрөктү жаба сеңселген гирлянд гүлдөрдүн шурусун такты. Индустардын меймандарды тосуудагы бул салты аалам элине маалим го. Гүл шурусу кызыл-тазылынан, укмуштуудай чебердик, кооздук менен өрүлгөн. Анын сеңселип деле мейман мойнуна өсүп тургансыган назиктиги, аңкыган жыпары гана таман баскан байыркы өлкөнүн дос пейилин айкындап, көңүлүндү кызытат.

Антип-минтип аэропорттон жөнөгөнчө жер койну жарылып таң кылаюуда. Сага бейтааныш дүйнө көз алдында...

Бат эле жаңы Делини араладык. Бак-шактуу, шибердүү көк жашыл шаар. А деп көргөн адамга Крым, Кара деңиз жээгиндеги түштүк шаарларыбызга окшошот.

Көлөкөлүү залкар даректардын, бактардын кучагында, сансыз жумуру түркүктөр (колонналар) курчаган шакек сыяктанып тегерек тарткан кызгылтым зор имарат заңкаят. Ал индиялык парламенттин жайы. Ага жанаша ийилинки имериле курулган пасыраак өкмөттүк имараттар.

Кичине дагы нарылай түшкөндө президенттин сарайы, эби-сыны артык даңкаят. Сарай «Н» тамгасынын порумунда. Түндүккө карай созулган эки канатынын ортосу төбөсү тегерек купалуу кабылдоо мрамор залы аркылуу кошулган.

Биз менен бараткан жолдош машинаны азыраак абайлатып, сыртынан болсо да, бизге президенттин сарайы жагдайында кыскача түшүнүк берүүдө.

Сарайда үч жүздөн артык бөлмө, көпчүлүгү көркөм сүрөттөргө кооздолгон. Негизги бөлүгүндө өкмөттүк мекемелер.

Сарайдын сырты дээрлик гүл чарбактуу бакка чыгуучу балкондор, верандалар. Бу бакта бүт Индия аймагындагы өсүүчү кооз өсүмдүктөр бар. Чет өлкөлүк мамлекеттик ишмерлердин, дипломаттардын урматына президент уюштуруучу салтанаттуу кабыл алуулар ушул бакта өтөт. Кызыл таштан курулган бул имарат бүтүндөй Индиялык

үлгүдө күндүн табы менен жаандан сактоочу балык канатталган калканычтарга жабдылган. Сарайдан бир жарым чакырым алыстыкта бийиктиги отуз метр мала кызгылтым таштан салынган, биздеги тирумфалдык аркалар сымалданган Индиянын дарбазасы заңкаят...

Дүйнө жүзүндөгү ар мамлекеттин элчилигинин ар кандай көлөмдө, ар кандай табитте, үстүндө улуттук туулары желбирттенген үйлөрүн тизмектенткен кең көчөнү өрдөп өкүлдөр жашаган жайга токтодук. Көчөлөр жакасындагы жашыл майкан аянттарда жаңы эле уйкудан ойгонуп талыкшыганын жазууга гимнастика ойногон жаш жигиттерди байкадык. Али эрте. Салкыныраак да. Калдыбай экөөбүздү жасалгалуу ээн көмүткө орноштурушту. Онго дейре эс алууга тийиш болдук. Сыягы бүгүн эле сапар чегет окшойбуз. Ошондуктан Индиядагы советтик өкүлдөр отелге эмес, өзүлөрүнө алып келишиптир.

Уктап деле жарытпадык. Кандайдыр үзүл-кесил кыйкырыктар, канаттуулар үндөрү тынчытпады. Көрсө, азан чакыргансып бийик добуш салгандар өз эмгегин, майда барат устатчылыгын сунуш этип жар салгандар экен. Ал эми күн менен кошо тилин бүлөгөн тоту куш тукумундагы, сай сагызган сымал кооз канаттуулар Индияда сансыз.

Дымыган ысык илеп. Көмүттүн төбөсүндө эки канат фен-вентилятор салкын жел үйлөп калдактоодо. Асты жылма таш мрамор. Кийин кайсы гана катарда болбосун — мейманканадан тартып бардык эле адам жашоочу, иштөөчү жайдын асты таштан уютуларын билдик. Жер шарты, тазалыктын, ысыктыктын талабы боюнча үйдүн таманына жиксиз таш уютуш Индияда кылымдардан берки көнүмүш.

Мына, жаңы Делини жумуш күнү кызыганда араладык. Күн чымырап табигат жайкалып биздеги июнь айындай. Азыр аларда кыш. Ноябрь-февраль жаан-чачынсыз, күндүн табы басаңдаган жылдын эң сонун маалы дешет. Жайкы костюмчан, жеңилденип чыктык.

Жаңы Делинин көчөлөрү көк жашыл, жолдору кенен, түпсүз. Ар кыл жеңил, оор машиналар зып-зып. Велосипедчилер өтө арбын. Көчө боюндагы көк мейкинге топтошуп карта чабышкан эркектер. Түндөп салкында иштешкендиктен чарчагандыгынанбы, даректардын түбүндө суналып уйкуга киргендер. Жапыз, арык аттарды шөмүрөңдөтүп, резина дөңгөлөк араба үстүндө үймөлөктөшкөндөр. Өркөчтүү каржайган чоң өгүздөргө жүктүү арабаны жай жылдыргандар. Жылуу жемпер, тар багалек шымчан, транзистордон обон, күү жаңырта жай баракат

баскан модалуу уландар. Жылтыр түстүү кездемелерди оронуп кийген шыңга бийкечтер, артында киши түшүүчү чүмбөттүү велорикшалар...

СССРдин элчилигиндеги жолдоштор биздин эң ыңгайгайлуу учурда келгендигибизди, жакында бүткүл Индия боюнча индиялык-советтик достуктун жумалыгы белгиленерин, ал Улуу Октябрдын 51 жылдыгына карата арналганын айтышты.

Индияга келген меймандар башка кайсы гана штаттарды көздөбөсүн атактуу Тадж-Махалга барбай кете албайт. Тадж-Махал Агра деген шаарда. Биз да түштөн кийин Агра шаарына жөнөдүк. Агра Делиден эки жүз чакырымдан алысыраак түштүк тарапта.

Агра XVI—XVII кылымдарда Улуу Моголдордун империясынын борбору болгон. Бул шаарда эң мыкты курулуш эстеликтери арбын. Алардын ичинен ааламга өтө белгилүүсү Тадж-Махал менен шах Акбардын күмбөзү.

Индия дүйнөлүк маданиятка, илимге кыйла үлүшүн кошкон байыркы өлкө экенин ким билбейт. Алсак... сан эсеби Индиядан башталган. Алгебранын, геометриянын, тригонометриянын негизин Индиялык окумуштуулар салган. «Махабхарата» менен «Рамаяна» Индия адабиятынын илгертен ааламга белгилүү эпикалык дастандары.

Чебер сүрөтчүлөр менен архитекторлор, зергерлер менен уздар Индияны «Сонундардын өлкөсү» атантып даңтаган.

Индустан эли өзүнүн тарыхый өсүш жолунда далай ойку-кайкы туюктарга капталды. Бу жерге тоолорду ашып, дарыя, деңиздерди өрдөп, берекелүү өрөөндөрүн таптап баскынчылар менен колонизаторлор алмак-салмак өкүмүн жүргүздү. Баарынан да индустан элин эки жүз жылдан ашуун убакыт мууntкан англиялык колонизаторлордун үстөмдүгү болду. Англичандар Индиянын байлыгын, мүлкүн өзүлөрүнө ташышып, жергиликтүү элди азаптуу ач, жылаңачтык, теңсиздик, каранғычылыкта кармап, бирин-бирине жек көргөзүүчү жүзү каралык саясатын жүргүздү. Индиянын эли революциялык толкундун күчүн жыйнап англиялык талоончуларды жергесинен шыпыра серпип, өз бет алдынча өнүгүүнүн жолуна түшкөнүнө жыйырма жылдан ашты.

Бул жалпыга белгилүү чындыкты эскерип жатканыбыздын себеби, колонизаторлордун кылымдаган эзүүсүнүн тагы, «мурасы» элдин көкөйүнөн да кетпей, турмуш абалында салдарын тийгизип жатканы байкалат. Эски Дели балапан кезде уккан жомоктогудай кыжы-кыйма,

ар уруу тил, ар кыл кийимчен адамдар, бүт бир капталы ачык дүкөндөр, устаканалар, ашканалар, тар көчөдө автомашиналардын арабалардын, жөөлөрдүн, жол талашкан күү-шаасы толо, байыркы чыгыш шаары.

Делинин чет жагында өнөр жай ишканалары жүргүнчүнүн көзүн өзүнө бурат.

Кыштактуу, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерди сыдырып, өзүбүзгө көнүмүш «Волгада» шофер индус жигиттен башка үчөөбүз баратабыз. Жол узак. Эл турмушуна, табигатка арбалуу чоочун жолоочунун кумары го. Бир кездеги мектеп, китеп, кино аркылуу билгендерин жандаңып көзүнө тирилет. Тропикалык өсүмдүктөр. Манго дарагы дүгдүйүп биздин байтеректерден да барандуу жол бойлой жашыл бариктерин сеңселтет. Манго. Мангонун ширелүү чыгын (согун) консерва челектеринен стакандарга куюп, быякка жөнөөрдө эле «Россия» мейманканасынын буфеттеринен ичкендерибизди эстедик. Чатырлуу пальмалар, банан, бамбук даректары... Дагы атын ажырата тааныбаган бак-шактар энсиз асфальт жолдун өйүз-бүйүзүндө жайкалат.

Кант тростниктери — калың чыккан камыштай шоодурайт. Кандайдыр бадал сыяктанып жалбырак таштаган буурчактын өзгөчө түрлөрү жапжашыл ыргалат. Кадимки эле биздеги чийдин дөө тукуму Индияда өсөт белем. Мындагы чий чачык таштап упузун, тал чыбыктай солкулдайт. Дарак бутактарында үн салып учуп-конгон кичине тоту куштар, ал эми андан араак талаада узун бут шымаланган төө куштар, канаттарын кол чатырдай кулпунта серпе таштап, сулуулугуна корооздонуп тегеренген павлиндер. Тарп талап, коржолондоп үймөктөгөн жорулар. Жер түптүз, мелтиреген өрөөн. Канатташ аянтта түрлүү көрүнүш. Бир чөнөктө көгөрүп эгин жайкалса, экинчисинде кыярып бышууга чукулдаган, үчүнчү чөнөктө жаңыдан эле жыйналган боз анызда буйвол чегип, буурусун менен кош айдап жүргөн дыйкан. Жылына эки-үч жолу түшүм алынаар жөнү ушундайча тура. Ондогон чакырымдарды басканда деңиздеги жалгыз кайыктай бирди жарым жеңил трактор ду чалдыктырасың. Бүгүн сейрек, эртең көбөйүүчү техника жердин катмарын терең аңтарып, индус дыйкандарынын кетмен, күрөк, орок, буурусун, соко менен тытмалаган түйшүгүн жеңилдентип, түшүмүн арттыраары шексиз.

Төбөсү жалпак кыштак үйлөрүнүн четиндеги көлмөлөрдө жапырайган мүйүздөрүн, тумшуктарын гана чыгарып буйволдор чөгүп жатат. Кулактары упузун тартагай эчкилер, өркөчтүү уйлар жайылууда.

Кээде жолго түшүп, көбүн эсе бактардын бутагында үнкүйгөн маймылдар.

Үртүктөгөн төө мингендердин тобу жол четтей токтоп турушат. Ат, өгүз арабалар, кооз автобустар, жүк машиналар тынымсыз агылууда. Жолдун таманына ноктологон гималай аюусун жетелеген москоол индус пайда болду. Ал кичине аялдап токтой калган жүргүнчүлөргө күрөң аюусун бийлетип зоок түзүп, колун жайды. А көрүүчүлөр ага тыйын-тыпыр таштоо керек. Бул да бакма айбанынын шарапаты менен жол кезип жан багуунун бир түрү...

Эли, кыймылы коюу шаарды аралаганда күн кечтеди. Эңсеген Аграга кирдик. Күңүрт шамдуу тар көчөлөрдө дүр дүңүйөсүн жайнаткан ачык дүкөндөр. Отелге орноштук да, мынчалык арзып келген соң, Тадж-Махалды көздөй ашыктык.

— Айдын толугу болсо бир жөн эле. Мейлиңиздер. Бары бир эртең менен чындап даанасын көрөбүз,— деди тилмеч жолдошубуз биздин назарды кыйбай.

— Азыр сыртынан эле сөөлөтүн көрүп кайталы,— дедик Калдыбай экөөбүз.

Өйүз-бүйүзү гүлдүү тилкени, дүкөнчөлөрдүн катарларын аралап, кең аянтка токтоор замат, бизден мурда озунуп өлпек жигит каалганы ача салды. Котологон машиналар, таш шатылуу асмандаган тегерек алкак дарбазаны (арканы) карай көтөрүлгөн эл. Кийим, баскан-тургандарына караганда бизге окшоп ааламдын ар кайсы бурчунан келгендер. Ай жартыланып күңүрт. Электр шамын атайылап киргизишкен эмес окшойт. Оозгу дарбаза кейиптенген (түнү бизге ошондой туюлду) кең имараттан өтүп, мөлтүр суунун жээгиндеги такта таштарды басып, жасмин, назик гүл жыттарына көңүлдү сергиткен өсүмдүктөрдүн кыркасын түптөгөнүбүздө, теке бет маңдайыбызда далай сүрөттөрү аркылуу кереметтүү Тадж-Махал күмбөзү шаңкайды. Ал кандайдыр мөлтүр көгүлтүр өңдөндү. Анын тегерек тарткан кооз терезелери, эшиги, мамылары, купалары, айланта бийик көтөрүлгөн жаркын таманы, ички чок ортосунда үлпүлдөп күйгөн жарык укмуштуу жомок дүйнөсүн элестетип, көздү, көңүлдү арбады.

Карап, карап көз мооку тойбой кайра артка бурулдук. Ичине эртең күндүз киребиз.

Чыксак, оозгу имараттын тектиринде шыгыраган өспүрүм жаштар. Башка шаардан экскурсияга келген студенттер экен. Алар мында түн күзөтүп, эртең Тадж-Махалды көрүп кайтышат...

Тадж-Махалды бир көрүп кетүү Индиялыктардын асыл

мүдөөлөрүнүн бири. Адам колунун бул укмуштуу чеберчилигине меке сыяктуу эле сыйынууга өлкөнүн булуң-бурчунан далайлар эңсеп келишет.

Ой түнкү сөөлөтүн көргөн Тадж-Махалдын туткунунда. Анын аныктөңүн, чылкай апакай мрамордон (акактан) курулганын, миллиондорду суктандырып кылымдар бою сактаган сулуулугун эртеси даана байкадык. Түнү мөл көгүлтүр тартканы, булутсуз көк асман менен астындагы күзгүдөй сүрөтүн чагылткан мөлтүр көлдүн айланасындагы жашыл ыраңдын чагылышынан деп болжодук.

Тадж-Махал дүйнөдөгү теңдешсиз адамзат чеберчилигинин үлгүсү.

Анын келбетин, баркын, сыймыгын арттыруу үчүн атайылап жердин коозу, ыңгайлуусу тандалыптыр. Кире бериш түштүгүндө, батыш, чыгыш тарабында анын сакчылыгында тургансыган кыпкызыл таштан курулган купалуу, түркүктүү сүрдүү имарат-мунаралар. Астында кирип, чыгуучулардын рахатын арттырган жасалма күзгү көл, артында — түндүк тарапта мелтилдеп имериле аккан Жамна дарыясы. Аны курчаган мунаралардан бери карай эң сонун пландаштырылган парк, кең-кесири аянт, көрктүү өсүмдүктөргө, жер килемине бай.

Мына ушул керемет пейзаждын кучагында, чок орто ченинде бир жеринде калы жок апакай сулуу, тепкичинен, түркүк, купаларына дейре чылгый акактан (аппак мрамордон) бүткөн Тадж-Махал чаңкаят. Аны Жахан шах көрөр көз аялы Мумтаздын сөөгүн койдурууга багыштап, акактын эң асылдарынан тандатып курдурган. Кийин ага жанаша өзү көмүлгөн. Байыркынын шахтары, падышалары өз сөөлөтүн, бийлигин даңктоо үчүн жакшы көргөн жакындарына (жары, уулу, кызы, ата-энесине) багыштап имарат салдырышкан.

Тадж-Махалды курууда он жети жыл такай күн сайын жыйырма миң колунан көөр төгүлгөн чеберлер иштешкен анын бийиктиги таманынан купанын үстүндөгү шиштерге чейин 75 метр.

Мына, күндүзү күндүн нуруна чайынып кылайган бүдүрү жок жыпжылма куюлушкан залкар рабат асылдыгын арттыра апакай кулпурат дейсиң — астындагы узун тилке күзгү көлгө да бүт бойдон чагылышат.

Индиялык акындар бу күмбөздү бекеринен «таштан бүткөн дастан» аташпаганына кумарлана тиктейсиң. Деңиз толкундагы жалгыз ак куу сыяктанып, жеңил термелип тургансыйт. Окус сен чукулдаганда канатын сермеп көккө көтөрүлүп сызбасын деп делөөрүйсүң.

Агылган жаш-кары дебей бийик пайдубалдуу серенин түпкү тепкичине жеткенде буттарын чечип, же сыртынан таза өтүк кап кийип көтөрүлүүдө.

Анын сыры жеке тазалык үчүн гана эмес, ыйык деген жайды дабышсыз аралоо үчүн да жасалганын боолголодук. Окус ушунча киши такылдаган туфличен араласа, шаңгырап жаңырып тынчты алгыдай. Селдечен илберинки абышкалар жол көргөзүп, Тадж-Махалдын баянынан улап жандай лепилдешет. Үстү бийик, ичи кең залдын ортосунда жанаша билинер-билинбес оймо-чиймелерге кооздолгон эки бирдей аппак мрамор дөбөчө бейит. Биринде шах Жахан, экинчисинде анын жары көмүлгөн. Такай кароолдо тургансыган карыялардын бири колундагы фонаригин бейиттин боорундагы оюуларына такай күйгүзө бизге ишараттады. Карасак чийүүлөр, таңдайлашкан тирүү гүлдөр кыпкызыл, жапжашыл ажарланат... Баракелде, адам колунун табышмактуу чеберчилигине!

Күмбөздүн жогорку алкактарындагы кына боёктор менен акакты оймологон арабча жазуулар күнү бүгүнкүдөй бадыраят. Карыялар бизге кырааттап окуйт. Алардын мукам үнүн асыл таштан уюган имарат кубулжута жаңыртат. Нарылап бейиттүү залдан өтүп, чыгыштын тегерек тарткан ачык кең терезелүү бөлмөлөрүн аралайбыз. Бөлмөлөрдүн ичи бирдей.... Алардан чыксаң айланта жумуру акак түркүктөр, жүздөгөн кишилер отуруп эс алуучу, зыярат жасоочу секи серелер. Батыш тарабы али көлөкө. Жамна дарыясы мелтилдеп салкын илеби ургансыйт. Чыгыш жагында күн чымырайт. Түш ооганда аягы салкын болот...

Биз сырткы табигат менен куюлушкан бийик пайдубалдын сересинде ачык бөлмөлөрдү кыдырып жүргөндө тынып, тынып узакка кубулган жаңырыктарды уктук. Улам кийинки киргендерге алиги карыялар ар башка доош салып, касиеттүү асыл ташты «ырдатып» жатканын туясың. Мындай түгөл ак мрамордон жиксиз жасалган имарат дүйнөдө ушу канадыр дешет индустандыктар.

Аралап көргөндөргө өзүнөн өзү күү чалып, ырдап, сулуулугу менен кылымдарды жашартып, төгөрөктүн төрт бурчунун өкүлдөрүн тынымсыз кумарланткан Тадж-Махалды өз көзүң менен көргөнүндө, анын сөөлөтүн өмүр бою унутпагандайсың.

Кийин башка шаарлардан тарыхый, турмуштук мааниси зор болгон далай байыркынын курулуш жайларын көрдүк. Бирок Тадж-Махал эч теңдешсиз...

3. Достуктун жумалыгы

Бүгүн ноябрдын жаңырган күнү. Индиядагы чоң штаттардын бири элүү миллион калкы бар Бихар штатына толук бир аптага жөнөөдөбүз. Бихарда кыйла өнөр жай ишканалары бар. Алардын ичинен Анч шаарындагы оор машина куруу заводу, Баранаудеги нефть иштетип чыгаруучу завод, Бухародогу металлургиялык завод, Патратудагы электростанция биздин жардам аркылуу курулууда...

Ал эми Бихардагы Индиялык — Советтик достук коому эң мурда түзүлгөндөрдөн. Анын ар кайсы шаарларда, айылдык жерлерде сексен бөлүмү иштейт. Коомдун жетекчилигинде Нагишор Просад, Шекер Ган Гули, Сант Лал Сингге окшогон таасирдүү ишмерлер бар.

Жалпы Индиялык Коммунисттик партиясынын акыркы съезди Бихардын борбору Патна шаарында өткөн. КПССтин делегациясынын мүчөсү катары Кыргызстандын Компартиясынын өкүлү да катышкан.

Бихар саясий ишмерлердин, окумуштуулардын, чыгармачылык чеберлердин, окуу жана сыйынуучу диний жайлардын байыртан бери белгилүү уясы катары маалим. Патна кезегинде жалпы өлкөлүк борборго да айланган. Ошону менен катар Бихар элдин тиричилиги жагынан жарды штаттардын бири.

Булар Бихар жөнүндөгү жалпы маалыматыбыз.

Таң эртелеп француз самолётуна түшүп Патнаны карай асманга көтөрүлдүк. «Пэтриот» деген англис тилиндеги жергиликтүү газетанын бүгүнкү санынан Бихардын Гаи аймагында ачкадан үч киши өлгөнү, жүз жерсиз дыйкандын абалы ачкачылыкка каптalганы жазылыптыр. Андан мурдараак кай бир жерде холера оорусу чыкканын, ага жергиликтүү өкмөт тез эмдөөчү чараларды көрүп жатканын окуганбыз. Ачкачылык, апаатка учуратуучу холера, чечек деген зыяндуу дарттар биздин элибиздин түшүнүгүнөн алда качан унутулганын ойлоп ичинен топуктанасың.

Бул чакан самолёт анчалык бийик учпаса керек. Булутсуз көк асманда, түз өрөөндүн үстүнөн жапыз калкып астыбыз даана көрүнүүдө. Жер текши, шахмат тактасы сымал. Бир чөнөгү жашыл, бир чөнөгү саргыч, бир чөнөгү боз. Үрпөйгөн бак-дарак. Чачыраган шаар, кыштактар. Чийимдей түз жол. Көк кашка сызма канал. Ылайлуу дайра ийрилип, жайылып агууда. Айтылуу Ганг түздүгү. Азиянын мелтиреген чоң түздүгүнүн бири. Адам колу бул өнүмдүү жагдайлуу жерди канчалык тытмаласа да, али анын асылына тегиз марый электей...

Кыял чабыты көздү алаксытып чөнтөк дептерге көмөкчү саптардын түрмөгүн нукулатат.

Сан салтанат жер асманда ойнодум,
Адаммын да бактыга али тойбодум.
Көп билгенсийм, көрө элегим дагы арбын,
Эми жетти канат сермээр болжолум.

Мен мекенге карыздармын — берермин.
Канча алсам, андан ашык төлөрмүн.
Кимди көрсөм, кайда жүрсөм элесин,
Карегиме чагылдырып келермин.

Мен мекенге карыздармын — кайтарам,
Досту колдоп, кастын мизин майтарам.
Кайда болсом, ак, карасын айкындап,
Ата журтка акыйкаттап айта алам.

Кечээки айрым окуялардын илеби азыркы зериккенди сүрүп көңүлдү жылытат...

...Аградан кайра тартып келатып Скандрабаддагы Акбардын күмбөсү деп аталган эски рабаттардын шаарына токтодук. Кийин суунун такыктыгынан жаңы шаар катары анчалык өнүкпөй калган имиш. Кызыл таштан бетме-бет курулган олчойгон имараттар. Акбар падышанын жашаган үйү, намаз окуп, зыярат кылуучу мечити, өкүмүн жүргүзүүчү, анан укум-тукуму менен көмүлгөн күмбөз имараттары... маймылдар, тыйын чычкан, келестер, чымчыктар мекендеген эски даректардын кучагында. Башында чачысы сексейген, боору муунак-муунак шакекче упузун, өзүнчө өтө кооз пальмалар, карга, сай сагызган өндөнгөн канаттуулар. Наркы сууга чаңкагансыган эски даректын боорунда ийреленде жылан...

— Күмбөздүн ичиндеги мрамор бейиттер Акбардын өзүнүкү, уулдарыныкы, кыздарыныкы.

Акбардын мечитинин астындагы жүргүнчүлөр токтоп жөнөөчү аянттагы илмейген арык, жыртык кийимчен бөбөктөрдүн сагалап, кол созуп кайыр сураган мундуу доошу чучукка жетип жаныңды кейитет. Күнөөсүз ананайындардын карып үнү алигиче кулактан кетпейт. Аларды тилемчиликке түрткөн жан сактоонун запкысы.

Индиянын коомчулугу элди ачарчылыктан куткаруу чарасын бирден бир башкы маселелердин катарында ачык коюп, далалат жасоодо.

Айтмакчы, Индияда 6—14 жашар балдардын алтымыш проценти мектептерде окушат. Милдеттүү түрдө башталгыч билим алуу көпчүлүк штаттарда жүзөгө ашылууда. Өлкөдө беш жүз миң мектеп, 62 университет иштейт.

Ошого карабастан мектептерге тартылбаган кырк процент балдардын «окуусу» жан багуу үчүн жаштайынан термелеп эмгекке көнүгүү. Айла түгөнгөндө кээ бири жанагынтып кайырчылыкка дуушарланышат.

Акбардын күмбөзүнөн узап кан жолго түшөөрүбүздө бажырайган көк ала сакал москоол карыя кулач жеткиз килейген питонду белинен оролтуп өз төбөсүнөн алда канча бийик башын соймоңдотуп туруптур. Аны тегеректеген эл.

Биздин сапарлаш жолдошубуз өзү бир кезде, жаңыдан Индияга келген учурунда ушундай питон жылаанын белине оротуп сүрөткө түшкөнүн, анын муздактыгын, кабыргаларын капшырып ооруксута кысканын айтып, бизди да байкап көргүлө деди.

Калдыбай караманча болбой койду. Анын кескелдирик, чычкан, курт-кумурскадан чындап эле жийиркенип чочуурун кийинчерээк билдим.

Килейген жыланды арбап багынтып, анын адамды кучактап сүрөткө түшкөн (көбүнчө чет элдиктер менен) «өнөрү» аркылуу пайда табат экен, келбеттүү, москоол ээси.

Г. Береговой аман-эсен жерибизге конуптур. Даңктуу өлкөбүздүн дагы бир жеңиши! Ал кабарга биз менен кошо индус достордун сүйүнгөнүнө куштарландык.

Кечкисин Делидеги Советтик Индиялык достуктун үйүндө Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 51 жылдыгына карата эки өлкөнүн достугунун жумалыгынын ачылышына байланыштуу кече шаңдуу өттү.

Андагы Индиянын мамлекеттик, саясий, коомдук ишмерлеринин жалындуу достук сөздөрү, жыкжыйма залдагылардын Совет өлкөсүнүн өкүлдөрүн кызуу тосуп, кунт коюп угуулары Делидеги борбордук кеченин маанилүүлүгүн айкындады.

Лакнау, Минареске токтодук. Жерде айып жок. Чөөт, чөөт ар дыйкандын жери. Бири жашылдана нурланса, экинчиси жарыбаган ала чокул такыр. Жеринин келбети жакшы эле. Бирок элди тойгуза албай жатат. Анткени — кол менен атам заманындагы алсыз курал аркылуу тырмалоо жарытпайт да. Сугат тармактарын көбөйтүп, семирткич заттарды пайдаланып, майын чыгара иштетиш үчүн техниканын күчү, арымдуу жаңы курал керек эмеспи.

Аялдар бышкан күрүчтүн түптөрүнө эпейишип отуруп, мангелдеп оруп, тестелеп боолап жатышат.

Жарды дыйкандардын токол жапыз үйлөрү, короочо, кепелери алардан окчун бай жер ээлеринин тегеретеси гүл бакча, бак-даракту, эгин жайлуу, жайылган малдуу аянт-

тардын кучагында үстү черепицаланып жабылган, заңкайган үйлөр да бар.

Али да экономикалык теңсиздик, жанаша жашаган байлар менен жакырлардын айырмасы ачыктан-ачык айырмаланып көзгө урунат.

Ганга дарыясы түзөндө мелт-калт көлпүп агууда. Анын агымы да, жээги да түрдүү. Кадимки биздин Волгадагыдай кемелер жиреодо. Жээги аппак чопо, кум. Кээде жайык, аралдуу салаа, салаа, кээде мелтилдеп бир кол. Жакасында бай даректар. Ташыганда нугунан ашып жайпаган топо, кумга оронгон өндүрлөр, кемелер... Биз сыдырып учкан жүздөгөн чакырым түзөндө Ганга ийрилип төө моюнданып агат экен.

Быякта дарыя кесип өткөндүктөнбү, суу жетиштүүдөй. Каналдар, арыктар тармагы тарам, тарам. Кыштак жашыл. Төрт саат бою Ганг түздүгүн сыдырып жапыз учтук. Бир да тоо көрүнбөдү.

Бихар штатынын борбору Патнага кондук. Штаттын достук коомунун жетекчилери, анын ичинде алиги биздин эки досубуз тосуп алышты. Экөө тең тааныш өндөрүнөн күлүмсүрөп, бизге келгендегиден караманча айырмалуу улуттук аппак көйнөк, дамбалчан. Просаддын татынакай жубайы Урмила — аялдар комитетинин жетекчилеринин бири — бизге эски аяшындай учурашып, салттуу гирляны такты.

Аты бизге башынан белгилүү, англиялык колонизаторлордун бийлигинин тушунда далай жыл набакта отурган, белгилүү саясий, коомдук ишмер, Бихар штатындагы ИСКОнун генерал секретары Шекер Ган Гули ыймаңы ысык, кыраакылыгы да, сабырдуулугу да, илбериңкилиги да куюлушкан, сөзү орундуу адам экен. Ал машинага биз менен бирге отуруп, штаттын ал жайы, биздин негизги маршрутубуз тууралу маек жасап барды.

Азыр Бихар штатынын жергиликтүү өкмөтү жок. Өткөн шайлоодо көп партиянын ар кимиси жетектөөчү ролго жетпеген. Түз Борбордук өкмөткө, Делиге баш иет. Али шайлоо боло элек.

«Бихардын» теги байыркы Индиялык «Вихара» — буддалык — «монастырь» деген түшүнүктөн чыккан. Илгери бир замандарда бул жер бүткүл Индиянын маданий жана саясий борбору болгон. Бихардын байыркы борбор шаары бир нече кылымдар бою өнүккөн дүйнөнүн тагдырына кийинки Рим сыяктуу эле таасирин тийгизип турган.

Будда жана Индиянын атактуу башкаруучуларынын үчөө — Чандарагупта Маурья, Ашока, Шер-шак өз өмүр-

лөрүнүн кыйласын, бийлигин ушу аймакта өткөрүшкөн. Тарых, археологияга кызыккан адамдарга Бихар штаты реликвиянын укмуштуудай казынасы катары эсептелет.

Алда канча кийин дал ушу Бихарда бүткүл индиялык улуттук кыймылга түрткү берген далай окуялар башталган. Индиядагы боштондук кыймылдын көсөмү Ганди өзүнүн белгилүү социалдык жана саясий экспериментгерин дал ушу жерде жүргүзгөн. Индия боштондукту алган соң, миллиондогон элдин турмуш тиричилигин жакшыртуу боюнча айрым чаралар жүзөгө ашырылган.

Штаттын географиясы да өзүнчө айырмалуу. Түндүгү жапырт түзөң, жери семиз. Анткени Сарайю, Гандаку, атактуу Ганга дарыялары кесип өтөт. Ганганын кеңири агымына пароходдор жүрүп штаттын экономикасына пайдасы көп.

Түштүгү түзөңү адыр, тоо менен айкалышып жыш токойлуу. Курулуш, кагаз, картон материалдарын көп берет. Жаныбарлар дүйнөсү андан бай. Жолборс, илбирс, аюу, бугулардын түрлөрү жунглиде арбын.

Бихарда жер кен байлыгы да дурус. Жалпы индиялык таш көмүрдүн арбын запасы, темир кени, слюда, марганец, асбест, сланец селитра, акиташтын кени белгилүү...

Патна Бихар штатынын 1912-жылдан тартып борбор шаары. Анын байыркы аты «Гүлдөрдүн шаары» делип биздин эрага чейинки алтынчы кылымда курулган. Ганга менен Сона дарыясынын куймасына жакын болуп, батыш менен чыгыштан өткөн кургактык жана суу соода жолуна бийлик өкүмүн жүргүзүп тез өрчүгөн...

Патнанын чет жакалары дагы эле эскинин өзгөрүлбөгөн көрүнүшүн тартууласа да, борбордук көчөлөрү түз, кенен келип, айрым имараттары айнек, темир — бетондолуп курулган шаңдуулугу, бийиктигинен гана эмес, байыркы архитектуранын эстетикалык көркү таңдайлашып келишимдүү пайдаланганы менен ыкчам өнүккөн жаңы шаарды элестетет. Музейлер, окуу жайлары, дүкөндөр, ишканалар көрктөнткөн Патнада советтик — индиялык достук-жумалыгына арналган кыйла митингилерде, жолугушууларда, өндүрүш, окуу, маданий жайларында болдук. Алардын баарын санап отуруунун кажети да жоктур. Айрым мүнөздүүлөрүнө гана токтололу.

Патнадагы алгачкы митинг кечинде эл жык толгон кеңири залда башталды. Келгендер негизинен саясий, коомдук, илимий, маданий ишмерлер, жумушчулар, жаштардын өкүлдөрү.

Делиден да байкабадыкпы. Жалпы эле Индияда айрыкча дос өлкөлөр ортосундагы маанилүү окуяга байланыштуу өткөрүлүүчү митингени уюштуруучулардан тартып катышуучуларга чейин мыкты даярдык, чын ыкластуулук, толкунданган зор жоопкерчилик менен өткөрөрүн сапарыбыздын акыр аягына дейре такай сездик.

Президиумду, меймандарды, трибунага көтөрүлгөн чечендерди дүркүрөгөн кол чабуу менен тосуп, таамай, жагымдуу сөздөрдү кубаттап, куттуктап узатышат.

Президиум жайгашкан сахнанын түпкү бетинде учтуу — СССРдын, Кыргыз ССРинин, Индиянын мамлекеттик туулары кериле тартылган. Мына ушунун өзү эле жаңаша жашаган достуктун ыйыктыгын баяндап турбайбы. Залдагылардын көздөрү чачырап, революциялык кызыл туулардын сырын окуп жатышкансыйт. Советтик—индиялык достуктун жумалыгына арналган митингени нооча, сабаттуу карыя, белгилүү ишмерлер кийүүчү тик жакалуу ак костюм, кеме порумундагы топучан ИСКОнун Бихар штатынын президенти Нигашор Просад ачты.

Ал өзүнүн сөзүндө мындай деди:

— Кыргыз эли байыркы элдердин бири. Бирок анын бактысы Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынан кийин гана ачылды. Биз Советтик Кыргызстан менен достукту чыңдоого жана өнүктүрүүгө даярбыз. Азыр бүткүл Индияда Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын элүү бир жылдыгына байланыштуу достуктун жумалыгы өтүүдө. Бул Индия журтчулугунун Советтер өлкөсүнүн элдерине карата достугунун чыныгы актысы болуп эсептелет.

Трибунага Индиянын Коммунисттик партиясынын Борбордук жетекчилигинин секретариатынын мүчөсү Жолдендра Шерма чыкты. Ага сөз берилгенде залдагылар да дүркүрөтүп алакан кызытышып кунттанышты. Жолдош Жолдендра Шерма эч кагазсыз толкундуу доошу, маанилүү сөзү, ыктуу учурда кол жаңсоосу менен угуучуларды дээрлик арбап сүйлөдү:

— Улуу Октябрь Революциясы, Советтер Союзу — биздин өмүр сүрүүбүздүн жана бардык эзилген, эзүүдөн кутулуп жаткан элдердин үлгүсү, өрнөгү. Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын үлгүсүн пайдаланып, душмандарыбыз менен аёосуз күрөшө алдык, ошонун натыйжасында англиялык колонизаторлорду кууп жоготтук. Далай азаптарды кыйынчылыктарды тартып, түрмөлөрдө отурсак да кайрат, ишенимибиз сынбады, анткени — бизди 1917-жылдын Октябрындагы Россияда жеңген улуу жеңиштин туусу шыктандырып турду.

Индиядагы СССРдин көмөгү менен курулуп жаткан ири өндүрүш жайлары өлкөнү индустриялаштырууга, жумушчуларды көбүрөөк тартып Индия элин жумушсуздуктан куткарууга шарт түзүүдө. Калайык заводдорго дилгирленип барып советтик адистер менен колмо кол иштеп жатышат.

Бул чыныгы достук жардам. Советтер Союзу менен биздин достугубузду эч ким буза албайт.

Андан ары жалпы эл аралык маселелерге өтүп Америкалык империалисттердин Вьетнамдагы каракчылык саясатын, Израилдин Араб өлкөлөрүнө баскынчылыгын айыптады.

Зал аны толук колдоп, улам кол чаап угушту.

Эки өлкөнүн ортосундагы маданий байланыш, достук, совет мамлекетинин тынчтык саясаты. Кыргызстандын кийинки элүү жыл ичиндеги кереметтүү секирик жасап өсүшү жагдайындагы К. Сатаров экөөбүздүн кыскача баян, жалпы эле биздин улуу мекенге, советтик адамга болгон сый өтө кызыгуу туудурарын ошондо да, кийин да дайыма сездик.

Бизде мейманда болгон профессор Сант Лал Сингх чындап толкунданып отурду. Ага аяк ченде сөз берилди. Убакыттын тарлыгы, небак белгиленген саат бүтүп, атайын концертке даяр шайырлардын күтүүсү шаштырды окшойт. Сант Лал Сингх өтө кыска, бирок залды дүркүрөтүп, бизди да кубантып, буларды айтты:

— Биз жакында Советтер өлкөсүндө. Кыргызстанда болгонубузда алардын кандайча бактылуу жашаарын, алп кадамдуу эбегейсиз прогресске жетишкендигин көрдүк. Индия элине карата жылуу достук сезимди ар кадам сайын көрүп, туйдук, кубандык.

Анын бизден кайтаар замат эки жолу митинг уюштуруп, советтик турмуш, Кыргызстан жөнүндө көрбөгөндөрдү мүлдө таңгалдырып кеңири лекциялар жасаганын эшиткенбиз. Ал эми Бридж Кишор Просад өз пикирин «Жанашакты» газетасына жарыялаптыр.

Сант Лал Сингх жагдайдын шартына баш ийип, бардык оюндагысын айта албай калганына азоолок камыккандай, биздин кол кысуубузга кыйпычыктап көзүнөн күлмүңдөп тим болду. Ал соңку күнү өзү иштеген университеттеги митингиде кызуу кубаттоолор менен чери жазыла сүйлөдү:

— Кыргызстанда болгонумда кыргыз элинин кандайча жашаганын, таңгаларлык прогресске жетишкенин көрдүм. Индиядагы көпчүлүк адамдар сыяктуу эле мен да Кыр-

гызстан жөнүндө анчейин деле жарытылуу бүлүүчү эмес-мин. Аяктын эли илгеркисиндей эле көчмөн деп ойлоочумун. А чынында Кыргызстан Советтер өлкөсүнүн эң өнүккөн аймагынан экен. Фрунзе — гүлдөгөн сонун шаар, көчөлөрү кең-кесири, түптүз, жашыл бакка чулганган, таза, жыш электрлештирилген. Кимди гана кезиктирбегинин, баары жакшы кийинген, көңүлдөрү куунак. Мурда аларда индустрия караманча болбосо да азыр сөздүн толук маанисинде индустриянын республикасы, машинанын республикасы.

Кыргызстанда жумуштун бардык тармагы механизациялаштырылган. Айыл чарбасы андан бетер дүркүрөп өсүүдө. Жадегенде пахта да машина менен терилет. Кыргыз эли бактылуу эл. Өзүлөрү колуна алып башкара алган эркиндик сонун тура? Кыргызстанда жумушсуздук деген караманча жок. Бакиси шыктанып иштеп жүрүшөт. Башка өлкөлөрдөн алардын өрнөгүн алууга келгендердин суроосуна кимиси болбосун тартынбай жооп беришет. Алар өтө меймандос. Берекелүү дасторконун көргөндө эле пейилиң тоёт.

Совет элинин майрамын биз Индияда, жеке эле биз эмес, Совет элиндей жашагысы келген дүйнө жүзүндөгү бүт эмгекчилер кызуу белгилешет. Советтик коом-достуктун коому, прогресстин коому. Советтик адамдар бизге ак ниеттүү достугун дайыма ачык айкындашты...

ИСКОнун Бихар штатындагы генерал секретары, профессор Сант Лал Сингх ушул маанидеги баянын кийинчерээк бизди коштоп башка шаарларга барганында да көп сандаган эл чогулган митингилерде толуктап айтып, эл жарпын жазып жүрдү.

Мына ошондо анын Кыргызстанда жүргөнүндөгү такып сураганынын себебин түшүндүк.

Арийне, кайсы шаарда, кайсы жерде өтпөсүн көпчүлүк учурда ар митингенин соңунда концерттер берилет. Индиянын ыры, музыкасы бийи кимдердин гана жүрөгүн сабылтып, моокун кандырбайт. А өзүлөрү балдарынан тартып, карыларына дейре канчага созулса да, термелбей угуп, көрүп, зоок-кечени өтө барктап түшүнгөн ыр, күү жандуу экендиктерин бардык учурда байкадык.

Биз көбүнчө Индиянын ыр, күүсүнүн мундуу ыргактарын, туткунга, азапка чырмалган назик денени ийлеген бийлерин оор турмуштун запкысын чагылткан азем чеберчилик деп түшүнчүбүз. Туура. Турмуштук мундан Индия эли азыр да толук арыла элек. Аны элестеткен ыр, күү бийди биз да жергесинен уктук, көрдүк.

Бирок да элдик искусствого шаңдуулук, күрөш, жеңиш, бактылуу келечекти айкындаган ыргактар кирүүдө.

Мына ошол эле Патнадагы жалпы шаардык митингдеги концертке кайрылалы. «Адамга, эмгекке даңк» деген мөлтүр жаштардын шаңдуу хору менен башталды. Бул хордон адамдын, эмгектин турмушту, коомду түп тамырынан өзгөртө алуучу күчү даңкталып, эч кандай муң, мүңкүрөө, алсыздык мотиви сезилбейт.

«Совет — Индия достугу» деген тематикасы гана түгүл маниси жаңы, назик денелердин бийи созолонду.

Айтмакчы, коммунисттердин, прогрессивдүү ишмерлердин бой тарткан балдарынан артисттердин ассоциациясынын элдик коомун түзүп, калкка, жумушчуларга, студенттерге оюн-зоок көрсөтүшөт экен.

Эки кыз колу, буттарынан өйдө билерик, шакектерди жалтылдатып, шалдырттатып, жалбырттап, тири укмуштуудай жаш денелер ийилип-чоюлуп, кереметтүү кыймылдар менен Индиянын классикалык бийин эритүүдө. Зал дүркүрөтүп алкап узатканда Бирдж Кишор Просаддын жаадырап кубанганын, бийчинин бирөө анын кызы — Сема — экинчиси Бихар компартиясынын секретарынын кызы Зика экенин билдик.

Ал эки кыз кийин да башка бийлер менен чыгышты. Экөө тең студентка. Быйыл жайдагы Софиядагы жаштар менен студенттердин бүткүл дүйнөлүк IX фестивалына барышып, лауреаттыкка татыктуу болушкан.

Б. К. Просаддын уулу Раби да кыяк тартып, ырдагандарды коштоп концертке катышты. Раби техникалык окуу жайынын студенти.

Просад өзү талантка шыктуу неме балдарына экинчи өнөр үйрөтүптүр. Анын бизге келгендеги шайырлыгы, балдары, өзү, бүлөөсү жөнүндөгү айткандары эске түштү.

Өзү жаш чагында ыр жазчу экен. Жазуучулук эмгек, калем акы менен жан сактай албоонун коркунучунан чочулап, адвокаттык кесипти өздөштүргөн. Шык, талант деген адам кандай кесипте, абалда жүрбөсүн дайыма черин козгоп туруучу өчпөс касиет го. Өз өнөрүн өнүктүрө албай калган соң, балдарына устат музыканттарды жалдап үйрөткөн. Эми коомдук жайларда, коллективде балдарынын чыгармачылык жөндөмүн такшалтууда. Он алты жашар Раби атасынын менчик машинасы менен бизди мейманканага жеткирип келатып, орус тилин окуу курсунда катышып жатканын, кийин жакшы өздөштүргөндө СССРдин техникалык институттарынын биринде окууну эңсегенин айтып, адресин орусча бизге жазып берген.

Ал достун үйүндө мейманда болгонубузда улуу кызы Пушпа иниси Рабинин кыягынын коштоосунда созолонтуп казал ырдаганда, анан Сема, Раби үчөө концерт уюштургандa аябай жарпыбыз жазылган.

Ошол жакшынакай ишкер үй-бүлөдөн, Просаддын өмүр жолунан улам, эгер ойдогудай аткара алсам «Балдарым болсун өнөрлүү» деген саясий-психологиялык аңгеме жазууну көксөгөнүмдү, ал тууралуу азыр да толгонуп жүргөнүмдү, мүмкүн качандыр бир ишке ашырармын деген үмүтүмдү окуучуларга сыр катары тартуулай кетким келет. Саясий маанидеги чыгарма демекчи «Вьетнам» деген хорду бүт индияда ырдашат. А тургай быйыл Софияда өткөн фестивалда жалпы индиялык жаштар аткарышкан. Анын автору Бихардык хинди акыны Раам Шендр Брадуаж менен да тааныштык. Ал бизге ошол бир эле ыры өзүнчө индиядагы бардык тилдерге жана англисче которулуп басылган китебин тартуулады. Ал бир ырдан китеп беттери айнектей калың кагазга басылган. Индиялык делегация аны Софияда Вьетнам жаштарынын делегациясына тартуулаган.

Вьетнам элинин эркиндигин жактаган, америкалыктардын каракчылыгын каргаган бул хорду мөмө жүздөр сурданып, кубаттуу доошторду созгондо залдагылар ар түрмөк (куплет) сайын жаңырта кол чаап кубатташты. «Вьетнам! Вьетнам!» бүткүл индия элинин достукту, тынчтыкты жактоочу үнү сыяктуу жаңырат. Ан үстүнө бул Просад аркылуу бизге Кыргызстандан таанып эле.

Жазуучуларга атайлап эки мертебе жолуктук. Патнада жазуучулар ИСКОнун үйүндө чогулушуптур. Индиядагы калемдеш кесиптештер менен суроо-жооп иретинде кызыктуу аңгемелештик. Алар советтик жазуучулардын турмуш шартына, коомдук абалына, жалпы элибиздин сабаттуулугуна байланыштуу окуучулардын санынын көптүгүнө, активдүүлүгүнө өтө кызыгышты. Алардын жердеши Санс Кританиянын «Волгадан Гангага чейин» деген романы Р. Тагордун, К. Чандранын жана башка индия жазуучуларынын чыгармалары бизде белгилүү экенин укканда чындап кубанышты.

Чогулгандардын ичинен айрымдарынын чыгармалары орус тилине которулуптур.

— Кайсы тилде жазасыз,— деп сурашты. Батыштын чуулгандуу ушагын көбүрөөк окуган бирөө Даниэл, Тарзес өңдөнгөн суук тумшук, чыккынчы жазмачы сөрөйлөр жөнүндө сурады.

— Алардын кайсы «белгилүү классикалык» чыгарма-

ларын окудунуз? — десек мукактанып эч жооп айта албады. Даниэл, Тарзес өндүү жазуучу сөрөйлөр алсыздыгынан мекенин ушактаган бирдеңкелерди жазымыш этип, биздин идеологиялык душмандарыбыздан мактоо угуу аракетинин ойрон болгонун көбү билишет да экен. Бизден дагы бир мертебе укканда ар кандай чыккынчылыктын арсыз жана өмүрсүз экендигине наалат айтышты.

Прогрессивдүү жазуучулар тобунун жетекчиси, акын Канияжи сөз сүйлөп, акырында бир барак калдырак кагазды бетине кармап, кадимки казалчыдай үн салып окуду да, аны бизге сунду. Бар болгону бир сабак, хинди, аягында англис тилине которулуп машинкаланган ыр экен. Ал Октябрдын 51 жылдыгына арналыптыр. Анын мааниси мындайча:

Достуктун жаңы коомун ачкан Улуу Советтик Революцияны куттуктап кол чабабыз, анткени — ал чаңкаган жерге жааган жазгы жамгырдай, эл өмүрүн жашартты, анткени — ал эзилген адамзатка жеңиштин жалынын берди.

Акын Канияжыга дагы бир жолу компартиянын органы болгон, «Жанашакты» газетасынын редакциясындагы жездешүүдө көрүштүк. Баш редактор Д. Даспи «Биздин газета Советтер Союзу менен индиянын достугу үчүн күрөшкөн газета»,— деди. Экинчи жолу Гои шаарында Шамс деген жазуучунун үйүнө чакырылдык. Шаардын орто ченинен өрдөгөн тынч буйгуттагы Шамстын менчик үйүнүн экинчи кабатындагы кең иш кабинетинде маектештик. Китеп текчелери, газета, журнал столчолору, диван, креслолор. Топучан, болук, нооча бойлуу аппак муруттуу Шамстын келбети, мамилеси, сүйлөгөн сөзү өтө салабаттуу да, карапайым да чыгыштын салттуу акылман карыясы.

Өзүнүн улуулугун, үйдүн ээси экендигин артыкбаш сездирбеш үчүн сөздү шыңга жигит Али Музафарга узатты. Аны урду тилинде жазган сынчы, кандайдыр бир кинокампаниянын жетекчиси, жакында чыккан «Кель» кинофильминин директору, Радж Гапурдун досу деп тааныштырды. Анын сынчылык жана кино ишмер катары баркы дурус болсо керек. Отурган жазуучулардын башкалары да Али Музафарга урмат көрсөтө ийменгендигин баамдатышты. Али Музафар сөзгө да, ишке да шайдоот көрүнөт. Столчодогу бокалдарга кока — Хол суусундук ичимдигинен куюп, үй-ээсинин ал жайынан баяндады. Шамс карыя акын. Сексендин сегизинде, урдуча ыр, казал жазат. Андан сырткары басма ээси. Биздин астыбызга араб тамгасындагы эки түрлүү газета жайылды. Бири «Хамзар» наамдуу газета, экинчиси көлөмү чакан, бирок көп баректуу апталык сатиралык

газета «Лал мирч» (кызыл мурч) аталат. Бул экөөнү тең Шамс кары кырк жылдан бери чыгарып келатат. Анын «Хамзари» менен «Лал Мирчин» чет өлкөлөрдө батышта да, чыгышта да жазылып алган окуучулар бар.

Эриш-аркак маектешип отуруп кыргыз, жалпы эле түрк тукумундагы тилдер менен урду, хинди тилдериндеги кыйла окшош сөздөрдү кайталап, тактап, кээде күлүп курсанттыкты да ташыттык. Маселен: айрым тыбыштык гана өзгөрүүлөр болбосо, бул сөздөр тилмечсиз түшүнүктүү: кагаз, калем, мектеп, азиз досто (достор) дүкөн, дүкөндөр (дүкөнчөлөр), оромол (жүз аарчы), дасторкон, шекер (кант, шекер) пайда, жаныбар, даанышман, дос, душман, таяр (даяр) майдан (аянт) Ганди майданы деген жыйын өткөрчү аянт (бар экен) Мехман (мейман), айнек (көзайнек) заман, маалим, агер (эгерф), мүмкүн, интизар, маселен, ыктыяр, махаббат, дарыя, дарк (дарак), мирч (мурч), шорбо (шорпо), зодок, бегиш (бейиш), асман (асман мени, асман мени болбосо да асман мени деген ырды уктук). Зулум, казал. Курбан (курмандык) ажайыпкана (Музей), Сафар (сапар) устат, шекирт, жава (аба, бурана, фарс (парс) шагар (шаар), кина (шүнө) топу, медресе, мечит, такта (тактай), саясий, тарыхый, дарбыз, гүл, дүнүйө булбул, хабар (кабар), дил (жан), пиала, дурус, максат, тагдыр, адам, маселе (маселе — проблема), жар — дос, собол, (собол, суроо), жыяз ж. б. ушул сыяктуулар... Албетте далай сөздөр бизге да, аларга да араб тили аркылуу кирген болуу керек. Кантсе да биздин тилчилерибиздин кызыга турган жөнү бардай. Шамси карыя жукараак китепчени баратап, кайра жапты да, ыр окуп берүүсүн сунуш эткенде баарыбыз көңүл бурдук. Биз ырдап жибереби дедик. Жок мурутун чачырата, көзүн сүзүлтүп берилип кыраатгап окуду. Анын ар сабагын беркилер бау, бау (бах, бали) коштоп кыйкырып турушту. Тилмеч бизге бир гана сабынын маанисин толук жеткизди.

«Эгер силер адамзат үчүн пайдалуу эмгек синирсенер ошол калат артыңарда...»

Көп жашап, көптү көргөн карынын насаат түрүндөгү ырынын сомосун аңдадык. Бизге баарыдан акындын эрип, берилип кырааттап окуганы жакты.

Али Музафар согушка каршы кинофильм үчүн жазылып ырдалган Бомбейде жашаган акын, досу Сахир Людянвинин ырын окуду.

Акындар чогулганда ыр окушуу жакшы салт го. Бизден да ыр окууну, кыргыздын үн ыргагын угууну сурашты. Калдыбай кечээ Ражгирден быякка келатканда узак жол-

догу көңүл эрмеги үчүн чүргөгөн «ырчы индус кызына» деген ди окуп бериңиз деп калды. Окудук:

Боздодуң селки боздодуң,
Боконо жүлүн козгодуң.
Капкара коймол муңдуу көз,
Капаста булбул окшодуң.

Индустун кызы татына,
Ийменип туруп кашымда.
Ийилип бийлеп жөнөйсүң,
Ирмелбей кирпик атыла.

Обонуң менен кыймылың,
Эскертет элдин, ый-муңун.
Келечек жыргал күндү айткан.
Кереметтүү сыр муңуң.

Мукамдуу назик үнүң ай,
Перилер сыңдуу түрүң ай.
Мөмөдөй жүзүң жаркытып,
Мөлтүрөп күлүп жүрүң ай.

Ырлар окулуп бүткөн соң, сейилдеп ачык кең балконго чыктык. Күн чымырап Делиден алда канча ысык. Делиде июнь десек, быякта июль сыяктуу. Кырка бөлмөлөрдүн эшиктери ачык. Жатаканасы, мейман үйү, кабинети мыкты мебелдер менен жасалгаланган. Карыя акын биздин мейман көмүтүнө чакырды. Дубалда орто жашаган интеллигент үч эркектин илинген портреттери. Биз Шамстын өзүбү десек, бири чоң атасы, экинчиси атасы, үчүнчүсү өзү экен. Бир куракташ кездеринен үч муун ата-жотосун атайлап тарттырган окшойт. Аңгыча илбериңки кызматкер жигиттер кең стол үстүн улуттук даамга толтуруп жиберишти. Карыя бизди дасторконго чакырды.

Айтмакчы, Индияда мейманды үйгө чакыруу салт окшойт. Мындан да көбүрөөк киши менен бизди өзүнүн чарбактуу кең короо жайында Патнада ИСКОнун президенти Нигошор Просад да кабыл алган...

Бихар штатынын түндүгүн да, түштүгүн да аралап өзүнчө бир кооз, айырмалуу географиясы менен дагы тааныштык. Түндүгү түзөң келип, үч дарыя — Сарайю, Гандаху, өзгөчө Ганга өрдөп аккандыктан жери ыраңдуу Дели — Агра аралындагы биз кеңири топтолгон жаратылыш көркүнө буер деле негизинен окшош болгон менен, даректар, өсүмдүктөр байыраак, өскүлөңүрөөк.

Ганга бул аймакта толуп ташып кең агат экен. Кадимки эле жүк, жүргүнчү ташуучу пароходдор жүрүп, штаттын экономикасына зор салымын киргизүүдө. Санс Критяния айткандай кээде Волга да көзүңө элестей түшөт.

Ганганы Патнанын жанынан пароходдор токтоочу, жүрүүчү пристандан жай көпкө караганбыз. Анан Барнау шаарына кире бериштеги 1953-жылы курулган Мухама аталган машина, жөө жолдору катташ зор көпүрөдөн ары-бери өткөнүбүздө, бул улуу дарыянын индиялыктар үчүн ыйыктыгын өз көзүбүз менен көрдүк. Жай, мелтилдеп аккан Ганганын көпүрөдөн анчейин алыс эмес түндүк жээгинде быкылдаган чатырчалар. Тайыз четтеринде кийимчен гана буту, колун малып сыйынган миң сан адам. Дал ошол жерди карай өйүз-бүйүздөн, канча чакырымдап жол басып машиначан, арабачан, жөө самсыгандар. Булардын баары ыйык Гангага сыйынууга келишет. Оорусу катууларды туугандары атайылап жеткиришет. Окус Ганганын боюна жетип көз жумушса бейишке чыкканы. Аерде сөөктү эрттөөчү жайлар бар. Сөөк өрттөлүп, күлү Гангага сапырылса бул өтө бактылуу өлүк.

Шаардык достук коомунун уюштурулган митингисине катыштык. Нефть боюнча адис Гиль Советтер Союзунда стажировкада болгон. Ал орусча жакшы сүйлөйт. Митингеде ындай деди.

— Советтер Союзунда болгонумда чыныгы чоң адамды, турмуштун ээси болгон, анык эркиндикке чыккан адамды көрдүм. Дал ушунун өзү Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын натыйжасы. Азыр Совет эли бизге бардык жагынан жардам берүүдө.

Бихардагы ИСКОнун авторитеттүүлүгүн бардык учурда, бардык жерде сездик. Шаарлардагы, кыштактардагы активисттери саясий, коомдук ишмерлер, илимдин, искусствонун, жумушчу, дыйкандардын абийирдүү өкүлдөрү. Митингиге, кечеге кары-жашы дебей эл бардык жерде көп чогулушту. Советтер Союзу жөнүндө көбүрөөк чындыкты билгилери, Советтик адамдарга жолуккулары келишет.

Бихар штатында толук бир апта болгон убактыбызда Кыргызстандын достук коомунун делегациясы жыйырмадай митингиге катыштык. Индиялык-советтик маданий коомунун жер-жердеги жетекчилерине, коомчулуктун өкүлдөрүнө жолугуштук. Индиянын коомчулугуна, эмгекчилерине Совет мамлекетинин тынчтыкты каалаган саясаты, коммунизмди куруудагы кыргыз элинин ийгиликтери жөнүндө айтып бердик. Бихар штаты менен Кыргызстандын достук коомунун ортосундагы маданий байланышты мындан ары өркүндөтүү жагдайында пикирлер алмаштык. Достуктун жолунун учу-кыйры чексиз. Ал совет, индия калктарынын ортосунда төшөлө, улана берсин!

МАЗМУНУ

АМАНАТ 3
Жайкы сейил 3
Жылкының куту 10
Қырсык 16
Кулунунан ажыраган бээ 19
Алтынай 29
Таарыныч 36
Коргулдагы бейит 39
Чабаганчы 46
Өнөрдүн шарапаты 51
Борбор шаарда 62
Жүрөктөр арбашканда 65
Дагы бир кызыктуу түн 72
Карыган эненин ыры 79
Бакирдин ыры 82
Чындыкка алгачкы арым 86
Кайра үйүнө кайтканда 96
Мусанын мүрзөсүндө 99
КАРЛЫГАЧ 104
СОЛДАТ МАХАБАТЫ 144
ТАЛАНТ КУНАРЫ 202
КЕПИЛ 274
АК ТАЙЛАК 334
Чоң ата келгенде 334
Жайлоо 337
Чоң атасынын үйүндө 341
Ак тайлак 347
АТ ЖАЛЫНДА СЕКЕЛЕК 351
Батма арат кызы 351
Ата энчиси 352
Өз аты, өз эери 356
Эрегиш 363
Жарыш 365
Баш байге 371
Мектепке камынуун керек 372
МҮЙҮЗДҮҮ КОЗУ 375
Азиз 375
Азиз кой кайтара баштады 376
Азиз атасынан калгысы келбейт 377
Чоңойгонумду атама көргөзсөмбү 378
Жарааттын кесепети жана шарапаты 380
Э, боз ирик багындыңбы! 382
Мүйүздүү козу 386
Сүзөнөк мүйүзүнөн айрылды 390
МҮЙҮЗҮНӨН АЙРЫЛГАН СҮЗӨНӨӨК 392
ТООДОГУ ТООРУШ 425
АЛА-ТООНУН АЖАРЫ 430
БАЙЫРКЫ ЖАНА ЖАШАРГАН ӨЛКӨ 436
МОНГОЛ ЖАЗУУЧУЛАРЫНДА 445
ИНДИЯ САПАРЫ 448

